АМАНТУР АКМАТАЛИЕВ

# КЫРГЫЗДЫН УЗ-УСТАЛАРЫ



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК «АКЫЛ» КОНЦЕРНИ

КЫРГЫЗ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫНЫН
БАШКЫ РЕДАКТОРУ А. КАРЫПКУЛОВ

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ

И. Т. Айтматов, Ж. Акималиев, Ж. А. Акинеев, А. Бакиров, З. Бейшеев (жооптуу катчы), Э. Ж. Бейшембиев, И. Бекбоев, С. С. Данияров, С. Жигитов, Ж. Жээнбаев, О. Ибраимов, М. Иманалиев, А. Ч. Какеев, Т. Койчуев, К. Молдобасанов, А. М. Муралиев, А. Мурзалиев, К. К. Нанаев, О. Нарбеков, Б. Ө. Орузбаева, С. Ж. Токтомушев, Ю. Ж. Тойчубеков, А. Эркебаев.

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

С. Чокморов (төрага), С. Ж. Балбакова (орун басар), Т. Баялиева, З. Бейшеев, Ы. Кадыров, С. Макашев, Ш. Мамбетаипова, Ч. Өмүралиев, Д. Сартбаева, Ж. Т. Үмөталиева, Ж. Үмөтов.

КЫРГЫЗ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫНЫН БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ

АМАНТУР АКМАТАЛИЕВ

# КЫРГЫЗДЫН УЗ-УСТАЛАРЫ

## АНТОЛОГИЯ







БИШКЕК 1997

ББК 92
А—40

**Акматалиев А.**
А—40 **Кыргыздын уз-усталары:** Антология/Башкы ред. А. Карышкулов; сүрөтчүлөрү Д. Чочунбаева, Г. В. Половникова. — Б.: КЭнин Башкы редакциясы, 1997, — 240 б.
ISBN 5—89750—080—0

Бул антологияга белгилүү кыргыз кол өнөрчүлөрү тууралуу энциклопедиялык ыкмада жазылган макалалар алфавиттик тартипте жайгаштырылып, 400дөн ашуун уз-усталардын жекече узануу-узданууу ыкмалары баяндалды. Алар көптөгөн сүрөт материалдар менен коштолду. Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

А $\frac{5001000000—08}{454(11) — 97}$ ББК 92

ISBN 5—89750—080—0 © Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1997

## БАШ СӨЗ

Көптөгөн кылымдар бою көчмөндүк турмушта жашаган кыргыз эли бүтүндөй тарыхын, маданиятын муундан муунга руханий мурас катары оозеки сакталган «Манасына», кубанычын да, кайгысын да батырган комузуна, бүктөп койсо бир төөлүк жүк, тигип койсо сыймыктанаар мүлкү, турагы болгон боз үйүнө, анын ички жасалгаларына, философиялык ой жүгүртүүлөрүн камтыган оюм-чийимдерине, зер буюмдарына, саймасына, кийим-кечесине ж. б. батырган. Жашынан жүк түбүнө отургузуп кыздарына ийне карматкан, уулдарына камчы жасатып, ар өнөргө машыктырган. Балага тартүрткү берип, кол лант шыбаасын даарытууга түрткү берип, кол өнөрчүлүккө ышкысын арттырган. Улуу муундагы усталар жана уздар улам кийинкилери үчүн өзүнчө үйрөнүп калуунун мектеби болуп, бул жөрөлгө колдон колго өткөн. Ошентип, эчендеген кылымдарды карытып, атадан уулга, энеден кызга, кайын энеден келинге таберик катары өтүп, муундан муунга аздектелип келе жаткан кыргыз көркөм кол өнөрчүлүгү өтө байлыгы жана ар түрдүүлүгү менен айырмаланып, салттуу дагы, наркуу дагы чыныгы улут маданиятына, кыргыз элинин төл дөөлөтүнө айланган.

Алгач кыргыздардын күнүмдүк тиричилик өткөрүүгө болгон муктаждыгы жашоо ыңгайына жараша ар кандай буюм-тайымдарды жасоого мажбурлаган. Кадыресе зарылчылдыктан жаралган мындай буюмдар бара-бара көркөм өнөр деңгээлине чейин көтөрүлгөн.

Кыргыз элинин кол өнөрчүлөрүнүн колунан жаралган буюм-тайымдар кадимки эле күнүмдүк турмуш-тиричиликке колдонулган жөнөкөйлүгү, жупунулугу, ошол эле учурда эркин чыгармачылык менен тыгыз байланышта болуп ой өрүштөрүнүн кеңендиги, бийиктиги, тунуктугу, башка элдерге жана өсүп келе жаткан муундарга эстетикалык татымынын күчтүүлүгү менен айырмаланат. Кадыресе адамга анча керексиздей, жөнөкөй эле көрүнгөн материалдын эмнеге жарамдуулугун баамдоо, кандай материалдан кандай буюмду жасоого боло тургандыгын аныктоо, материалдарды көркөм иштетүү ыкмаларын билүү сыяктуу узусталардын билги-буюмдары кийинки муундарга эмгектик тарбия берүүдө да баалуу. Алсак, кыргыз боз үйүнүн өзү эле анын турак жайлык маанисин эсепке албаганда да эмне деген архитектура да, эмне деген математика!?

Кыргыз оюмдарына байыркы чыгыш философиясынын динамикалык модели келтирилип, орнаменттик сюжеттер менен баяндалган белгилүү бир философиялык түшүнүк камтылганы айкын. Шырдактагы, ала кийиздеги оюмду, туш кийиздеги сайманы, зер буюмдардагы оюм-чийимдерди чечмелесе, анын маңызынан өзүнчө эле бир чоң философиялык

ойду окууга болору жашырын эмес. Ал түгүл элибиздин карапачылык өнөрү менен чий буюмдарын, таш чегүүчүлүгү менен кайышчылыгын, мүйүзчүлүгү менен шири идиштерин эле алсак, алар көөнөрбөс үлгүгө айланып, тарых, сүрөт жана этнографиялык музейлердин баалуу экспонаттарынан болуп келе жатат.

Кыргыз элинин бул материалдык маданияты эчактан эле көптөгөн элдердин көңүлүн буруп келген жана ушул мезгилге чейин эч кимди кайдыгер калтыра элек. Совет мезгилинде эле М. В. Рындин, А. Н. Бернштам, К. Антипина жана башкалар кыргыз кол өнөрчүлүгүн изилдөөгө кыйла өмүрлөрүн арнашкан. Элдик көркөм кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү, көргөзмө, кароо-сынактарды уюштуруу жөнүндө Өкмөттүн көптөгөн токтомдору чыккан. Кезегинде (1975—82-жылдары) Кыргыз Республикасынын аймагына 14 курдай экспедиция уюштурулуп, жүздөгөн чеберлердин узануучулук ыкмалары иликтенген. Ошого карабастан кийинки кылымда, айрыкча совет мезгилинде Батыштык цивилизациянын жашоо ыңгайына жетеленүүнүн кесепетинен ата-бабаларыбыздын бул мурасын аздектеп күтүп алуу солгундап, кыйла бөксөргөн, тозгон. Бүгүнкү күндө бүтүндөй өмүрүн атайын арнап зергер, өрүмчү, кайыкчы, кайышчы, көөкөрчү, мүйүзчү, жыгаччы, кырмачы аталып узанган усталарды же оймочу, саймачы, чырмакчы, килем токуучу, өрмөк согуучу, түймөчү, бычмачы-тикмечи, кыскача айтканда, узданган кайкач бармак, жез оймок уз-усталарды табуунун өзү кыйындап баратат. Ал түгүл кийинки мезгилде дээринде шыгы бар, буюмга жарактуу материалды көргөндө ышкысы тынчытпагандар да ара-чолодо, кол бошто, өшол буюм-кече керек болуп калганда гана кармоолору адатка айланууда. Мындай тийди-качтылыктын акыры элдик өнөрдүн беделине шек келтирээри анык.

Көркөм кол өнөрчүлүктүн сырларын таасын билген уздар жана усталардын катары барган сайын суюлууда. Кезегинде калың элдин дүйнөдө турган кереметтүү усталардын көпчүлүгүнүн бүгүн өздөрүнө тең келээр, оозго алар, көзгө толумдуу шакирттеринин жоктугу өкүндүрбөй койбойт. Ал түгүл айрым уз-усталардын атыжөнү, алар кармаган буюмдар орду-түбү менен жоголуп, кээлери таптакыр унутулуп кетти. Анан калса акыркы жылдары кол өнөрчүлөрдүн буюмдары бүткөн көркөм чыгарма катары каралбастан, улуттук маданий дөөлөт катары бааланбастан, көбүнчө тек гана кооз товар катары баалануууда.

Мына ушундай улуттук уңгулуу өнөр ээлерин изилдөөдө, уникалдуу улуттук маданиятыбыздын асыл мурастарын жыйноодо, көп жылдар бою бөксөрбөгөн кенемтесин толтурууда Акматалиев Амантур Сейтаалы уулу атан төгөй эмгек сиңирүүдө. Мурдагы изилдөөчүлөр илимий таанып билүүчүлүккө көбүрөөк басым жасашса, А. Акматалиев негизинен ар өнөрдүн практикалык жагына ык коюуда. Ал кыргыз кол өнөрүн түркүмдөргө бөлүп (классификациялап), ар бир түрүнүн айырмачылыктарын, ич ара катыштарын, уз-усталардын буюм-тайымдарды кармоодогу бири-биринен айырмаланган бөтөнчөлүктөрүн биринчи ирээт ырааттуу изилдеди. Жүздөгөн кол өнөрчүлөрдүн ар биринин жекече узануу, узданую ыкмаларын иликтеди. Салттуу буюмдардын жасалуу ыкмаларын майда баратына чейин тактады, бүгүнкү шартка жараша аларды колдонуу-жасалгалоо жагдайына айрыкча назар таштады. Кол өнөрчүлөрдү уз, устага бөлүп, анын ичинен узчулукка таандык: оймочулук, саймачылык, чырмачылык, түймөчүлүк, токуучулук, өрмөчүлүк, бычмачылык-тикмечилик, куракчылык, килемчилик, кийизчилик; устачылыкка таандык: зергерчилик, темирчилик, кайыкчылык, өрүмчүлүк, жыгаччылык, мүйүзчүлүк, теричилик, таш чегүүчүлүк, көнчүлүк сыяктуу өнөрлөрдүн бири биринен ажырымын дааналап, ар бир салаасын тыкыр иликтеди. Аруу буюмдун аруулугун дааналады. Натыйжада, ага көркөм өнөр таануучу деген атты эл өзү ыйгарды. Тагыраак айтканда А. Акматалиев журналист Чоюн Өмүраалы уулу айткандай «бир адамдын эмес бүтүндөй институттун аткара турган ишин» аткарды. Кол өнөрчүлүктөгү ар өнөрдү салаалантып гана чечмелөө менен чектелбестен, кыргыз элинин көөнөрбөс кол өнөрчүлүгүн далазалап, элдик салттуу искусствонун этнографиясына, элдик тилдин колоритин сактоо менен анын терминдерине да астейдил мамиле жасады. Автор элдик өнөрдүн салттуулугун жана нукуралыгын сактоо, унутулган түрлөрүн калыбына келтирүү, айрымдарына жаңыча түр берип кайра жаратуу, келечек муундарга мурас, таберик, керез, нуска катары калтыруу талабын көздөдү.

Айтор,— колуңуздардагы китеп А. Акматалиевдин акыркы чейрек кылымдагы кажыбас кайратынын, республиканын айыл-кыштактарын кыдырган дервиштик талыбас эмгегинин натыйжасы. Бул кыргыз тилинде түзүлгөн тунгуч антология. Ырас, бул мезгилге чейин поэзия, педагогика ж. б. боюнча антологиялар түзүлгөн. Бирок, көркөм кол өнөрчүлүк боюнча түзүлгөн мындай антология дегеле дүйнөлүк тажрыйбада алгачкы ирет даярдалгандыгын айта кеткенибиз акыйкаттык болор.

Антологияга 400дөн ашуун чыгаан жана эл оозуна алынган уз-усталардын портреттик тар-

жымалардары популярдуу түрдө эркин жазылды. Эл оозунда алигиче айтылып, эбак көзү өткөн чеберинен тартып азыркы мезгилде өнөрдүн азгырыгына арбалган жаштарга чейинки кол өнөрчүлөр жөнүндө жыйынтыкталган кыскача маалыматтар топтолду. Алардын узануу-узданүу ыкмаларынын өзгөчөлүктөрү белгиленип, буюм-үлгүлөрү иликтенди, бул жагдайдагы улуттук тажрыйба, түшүнүктөр конкреттештирилди. Алар антологиянын түзүлүшүн эске алуу менен мүмкүн болушунча энциклопедиялык ыкмага келтирилди. Ошондой болсо да, автордун подчеркине, жазуу ыкмасына, колдонулган көркөм каражаттарына доо кеткен жок. Бул китеп аркылуу кыргыз элинин менталитетин, маданий-көркөм кыялдануусунун пайдубалын, нарк-дөөлөтүн, көз караштарын баамдоого болот. Айтор, антологиянын элге аткараар милдети алдыда. Бул эмгек республиканын маданиятынын өнүгүшүнө гана салым кошпостон бүгүнкүдөн эртең баалуу болорунда шек жок.

**Ысмайыл КАДЫРОВ**
Китептин редактору,
Кыргыз Республикасынын маданиятына
эмгек сиңирген ишмер



## АКМАТАЛИЕВ АМАНТУР СЕЙТААЛЫ УУЛУ

Көркөм өнөр таануучу, этнограф. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер (1992). 1934-ж. Нарын районундагы Жерге-Тал өрөөнүнүн Бөрүлүү кыштоосунда төрөлгөн. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин Нарын, Кочкор балдар үйүндө тарбияланган. 1951-ж. Нарын педагогика окуу жайын, 1954-ж. Нарындагы Мугалимдер институтун, 1966-ж. Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология факультетинин журналистика бөлүмүн бүтүргөн. 1954—72-ж. Лейлек районундагы «Искра», Калинин атындагы жети жылдык мектептеринде мугалим, директор, Нарын районунун Лакол, Жер-Көчкү мектептеринде мугалим, «Советтик Кыргызстан» гезитинде адабий кызматкер, бөлүм башчы, Нарын районунун «Коммунисттик эмгек» көп нускалуу гезитинде редактор, 1972—93-ж. Кыргызстан жергиликтүү өнөр жайынын Борбордук конструктордук-техникалык бюросунун Борбордук көркөм эксперимент лабораториясында инженер (аны уюштуруучулардын бири), «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинде, Кыргыз эл чеберлер союзунда өнөр таануучу болуп иштеген. 1993-жылдан «Манас—1000» мамлекеттик дирекциясында этнография боюнча башкы адис. Кыргыз Республикасынын сүрөтчүлөр союзунун (1988), Кыргыз эл чеберлер союзунун жана Башкармасынын Президиумунун мүчөсү, журналист. Көп жылдардан бери теленин «Эл чыгармачылыгы», гезит-журналдардын «Эл ичи — өнөр кенчи», радионун «Маданий турмуш» деген рубрикаларын алып барат. Кыргыз Республикасынын аймагында 14 курдай экспедиция уюштурууга жандуу катышып, жүздөгөн чеберлерди таап, алардын жекече узануу-уздануу ыкмаларын кагазга түшүргөн. Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын отличниги. Көркөм кол өнөрчүлүктү ийне-жибине чейин билген чоң адис. Кыргыз кол өнөрчүлүгүн изилдөө, иликтөө, аны жалпы журтка тааныштыруу, өнүктүрүү боюнча эмгеги зор. «Манас-1000» юбилейлик медалы менен сыйланган.

**ЭМГЕКТЕРИ:** Кыргызстан кол өнөрчүлөрү. — Фр.: 1975; Элдик оймочулук. — Фр.: 1980; Боз үй. — Фр.: 1982; Жасалга өнөр чеберлери. — Фр.: 1982; Көркөм кол өнөрчүлүк. — Фр.: 1984; Жыгаччылык. — Фр.: 1985; Кыргыздын улуттук кийимдери. — Фр.: 1988; Кыргыздын колдонмо-жасалга өнөрү. — Фр.: 1989; Усталар жана уздар. — Фр.: 1990; Серия: «Зергерчилик, темирчилик, мүйүзчүлүк», «Ат жабдыктары жана тери буюмдары», «Жыгаччылык жана элдик аваздык аспаптар», «Кийизчилик, чий чырмачылык, эшмечилик, куракчылык», «Саймачылык», «Элдик кийим кечектер», «Өрмөкчүлүк жана токуучулук». — Кант: 1990; Ак өргөө. — Б.: 1991; Баба салты, эне адеби. — Б.: 1993; Кыргыздын кол өнөрчүлүгү (колдонмо). — Б.: 1996; «Көркөм оюмдар», «Садыбакас оюмдар» (альбом, баш сөз). КСЭнин 6 томунун, «Үй тиричилигинин кыскача энциклопедиясынын», «Манас» энциклопедиясынын авторлорунун бири.

## ААЛЫБАЙ УУЛУ БЕШКҮРӨҢ

Уста. 1924-ж. Кочкор районундагы Комсомол айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Мүнүшкөр, уста катары кыргыз адабияты менен искусствосунун 1958-ж. Москвада өткөн II декадасынын катышуучусу. Ат жабдыктарын кармоо ыкмалары башкалардан анча айырмаланбаган менен ал кара темирдин уузун айлакер билет, азуулуу капкан жасоонун чыгааны. Капкан чарасынын жумурусун 0,2 *дм* тереңдикте иет да, капкандын серперине 7 *смдей* жука темирден өз өлчөмүндө алат. Жаагын жарым болоттон тандайт. Негизи буюмдун тээги жыгачтан жасалат, бирок түшкөн жырткыч чайнап коё тургандыктан, уста аны темирден жасайт. Аны ысытып иет да, өлчөмүндөгү курч темирден кесип жаакка бекитет. Капкан чабылганда тизе бою (жарым метр) өйдө секирет.



## АБАКИРОВА РАБИЯ

Өрмөкчү. 1945-ж. Кочкор районундагы Кум-Дөбө айылында төрөлгөн. Дүкөнчү, саанчы болуп эмгектенген. 1985-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинин Кочкордогу чеберканасынын үйдөн узданууучусу. Кайын энеси Коңурбай келини Зулайканын нускасын алган. Ал 80 кулач аркан эшкен, 20 кулач өрмөк куруп, бир эле өрмөктөгү эриште ондогон терме көчөттөрүн жараткан чыгаан уздардан болгон. Рабия узчулукту бычмачылыктан баштап, кийинчерээк өрмөкчүлүккө, шырдакчылыкка назар таштаган. Ал сызма согуунун чебери, аны күзүктөөдө жарым-жартылай көркөм көчөт түшүрөт. 19 жуп жипти эриш кылып алып жараткан коoздуктарынын четине «чагармак көчөтүн» салат. Ага 7 жип алынат. Уз жасаган буюмдарына «жолборс тырмак оюмун» жүз ачаар кооздук катары карайт.

Ал кийиз буюмдарын да арбын кармайт. Кочкор өрөөнүнө таандык жалпы оюмду негиз кылып, «мүйүз оюмдарын» борбордук оюмга, «жолборс тырмак оюмун», «бадам оюмун», «жарым кыял оюмун» жээк оюмуна түшүрөт. Эки шырдактык кийизди беттей оюп алат. Жашыл, кызыл боёкторду арбын пайдаланат. Рабия шырдактарын эндүү жасап, көркөм оюмдарды үзүл-кесилсиз алып эки жеринен «аламыч» түшүрөт. Нускасын үй-бүлөсүнө берүүдө. Кыздары — Бактыгүл, Чынаркүл, Гүлзат, Жаңыл, Жылдыз, келини — Жумалиева Айгүл өрмөк согот, терме терет. Ала кийиз, шырдакка көркөм оюмдарды кыйыштырат. Курак буюмдарын да жасашат. Уз азыр Кочкор районундагы Чекилдек айылында жашайт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, карoo-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык карoo-сынагы». Терме таар буюмдары жана курак көлдөлөңдөрү үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин, Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамоталары;

1990-ж. «Нооруз» майрамына карата «Элдик чеберлердин карoo-сынагы». Боз үйү үчүн Биринчи даражадагы диплом.

## АБДИРАШИТОВ ТЕМИРКАН

Ат жабдыктарынын чебери. 1968-ж. Кемин районундагы Жол-Булак айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Он жылдан бери устакерчиликти туруктуу кесип тутат. Ал чоң аталары Өмүрзак уулу Мажит зергердин, анын байбичеси Зарыл өрүмчүнүн, жездеси, Исраилов Исланбек устанын таасирин жана нускаларын алган.

Темиркан ат жабдыктарын түгөлү менен кармайт. Ээрди талдан, теректен тандайт. Кыйып келген жердик жыгач жарылып кетпеши үчүн эки учуна уйдун жаңы жампасын сыйпап, көлөкө жайда кургатып, туюк чабат. Ал жүгөн, кө-

мөлдүрүк, басмайыл («каз таңдай өрүм» аралаш), куюшкан жасоодо ак кайышты булгаарыга беттей чийдей кайыш өзөк коюп, кол кайык аркылуу жүзгө ашырат. Ага чабылган шөкөттөрү нускоочусу Исланбек устаңыкына үндөшөт. Камчы жасоодо көбүнчө «жылан боор өрүмүн», «терме өрүмүн» 8—10—12—14—16 тал көк аркылуу өрөт. Көбүнчө торпоктун терисин сууга бастырса же кленкага оросо 3—4 күндө чылгый теринин жүнү жыдыйт. Аны көлөкөлүү түз жерге керип кургатат. Нымдуу турушу үчүн кийиз астына бастырат. Четинен тиле баштайт. Темиркандын өнөктөшү Акматов Айбек (1970-ж. Сокулук районундагы Кызыл-Туу айылында төрөлгөн) бүтүндөй ат жабдыктарына узануну үйрөнүп чыккан.

## АБДУЛЛАЕВА АРЗЫКАН

(туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Кийиз буюмдарынын чебери. Аксы районундагы Караван айылында жашаган. Ал көбүнчө шырдамал жасап, айыл ичинде оймочу катары белгилүү болгон. Мында уз буюм жээгине шырдак оюмдарын «жарым кыял оюмунан» төптөштүрө берип, ортолук оюму ак милте менен «ит куйрук оюму» чагарактала түшүп, табакчалардын төрт бурчунан «ачкыч оюмунун» алдынан «карга тырмак оюму» «чагарак оюму» менен биригип, анын жарымы колтук оюму болуп көрүнүп, ал табакчаларды «ит куйрук оюму» кашкайта бөлүп турат. Кийизи койдун күзгү кылчык кара жүнүнөн калың уютулуп, узак убакыт урунууда бышык болгон.

## АБДЫБЕКОВА РАБИЯ

Уз. 1920-ж. Тоң районундагы Ак-Терек айылында төрөлгөн. Салттуу өнөрчүлүгү бычмачылык-тикмечилик жана саймачылык боюнча бааланат. Ал эндик жасоо, шакар кайнатуу, терини колдо иштетүү, ышкын түптөө, кийиз боёо, жошо жасоо боюнча айлакер уздардан аталат. Анын ичинен тон, ичик, өпкө кап жасоо ыкмалары үлгү болот. Жаңы союлган койдун терисин жайып, бир аз кургатып, чалгы менен челдейт. Ашатуу үчүн айран, жарма, улпак кошуп, ага туз салат. Жайып кургатып, анан сууга жүн жаккы бетин самындап жууйт. Эки адам бучкагынан кармап силкет. Илип кургатат. Өңдөө алдында чийге (көбүнчө оролгон чийге), таарга, кийизге омоктуу кылып терини таңат. Бор сээп улам кырат. Уз борду Ак-Теректин боз чаптарынан казып келип, аны койдун коргоолунун коруна көөмп бышырганда ал аппак болуп упурайт (чийки кезинде бор





тиш-тиш көк жалтаң болот). Боёо үчүн ышкын түптү кеч күздө тоодон казып келет. Кабыгын кырып, кертип-кертип сергектей кургатат. Аны жыгач сокуга жанчат. Анан теринин бетин жибитип, ага чыланган ышкын түптү текшилеп жабат. Ороп коёт. Боёк бир топ күндө сиңет. Тери бетин кырып, кургатып, жылаңаяк тебелетет, ийлейт, бурап-толгоп тартат, тиштетет. Анан бычып тиге баштайт.

Рабиянын уютулган кийизди боё ыкмасында да өз алдынчалыктар бар. Ал чие деген кызыл чөптүн тамырын кайнатып боёк жасайт. (Мындай өсүмдүк Тоң, Жети-Өгүз аймактарында арбын өсөт). Уз жапайы карагаттын кабыгын кургатып, кайнатып сары боёк жаратат. Муну менен чебер жүн ж. б-ларды боёгон. Ал ышкын түптү да жүн боёк кылат. Боёктун корушун уз таасын туя билет. Уздун шырдактарында «мүйүз оюмдары» басымдуу түшөт да «аламычсыз» борбордук оюм менен жээк оюм жалпы оюмда берилет. Уз азыр Жети-Өгүз районундагы Чоң-Жаргылчак айылында жашайт. Өмүрдөшү Шакир жыгаччы. Сүрөттө Абдыбекова Р. шакирти менен.

## АБДЫГАЗЫ КЕЛИНИ АПАЛ

Саймачы жана өрмөкчү. 1926-ж. Кочкор районундагы Кара-Коо айылында төрөлгөн. Кырк жылдай Кара-Кужурдун Лаколунда чабан болгон. Анын чеберканасында айылдашы, уз Ызаат байбиченин таасири бар. Илме, ийне саймалары тең аткарылган буюмдарына түшкөн көчөттөрүнүн ар бир табакчаларында (үй) «мүйүз оюмунун», «ит куйрук оюмунун», «кыял оюмунун», «карга тырмак оюмунун» сайманын табиятына коошкондой ичке алган элементтери арбын жолугат. Андай көркөм каражаттар өзү тандап алган чөп, гүл, бак-дарак, мөмө-жемиштердин символдошкон түрлөрүнө ич ара коздук катышты уз сезимтал айкалыштырат.

Апалдын өрмөкчүлүгүндө терип согуудагы түшүрүлгөн түрлөрү чыгдан чийге, канат чийге, эшик чийге берилген көркөмдүктөрдөн анча айырмаланбаганы менен бир аз өзгөчөлөнүп алты-сегиз «мүйүз оюмдарынын» өз өзүнчө жаралган табакчаларында кош тумарча түшөт. Аймактык уздардын үлгү бетине жараткан кооздуктарынан аз гана бурулуш жасаганы анын түстү сарысаптаганынан да баамдалат. Негизи уз «чымын канат көчөтүн», «тумарча көчөтүн», «омуртка көчөтүн», «чагармак көчөтүн», «жарым чагармак көчөтүн», «бото моюн көчөтүн» кызыл-көк өңдө берүүгө куштар.

Кызы Жүрсүн эне өнөрүн улантууда.



## АБДЫКЕРИМОВА МУСИРАТ

Өрмөкчү. 1938-ж. Кара-Кулжа районундагы Ой-Тал айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Узга кайын энеси Салыйкан кажары согууну үйрөтөт. Ал терменин «беш илик көчөтүн», «үзөңгү илик көчөтүн», «тумарча көчөтүн», «кол салык көчөтүн», «жээкче көчөтүн» так түшүрө алат.

Мусират үзүк боого, туурдук боого, кереге таңууга «кош чагармак көчөтүн» түшүрүүгө 26 тал (13+13) жип алат. Ал төрт өңдөн турат. Адегенде карадан «жээк» алып, анан ак-карадан «чычкан изи» көчөтүн түшүрүп, кара же кызыл эки же төрт тал жипти «тап» бердирет. Анан көркөм көчөттөрдү терет. Эгер тал жиптер кызыл-көк болсо, адегенде анын кызылынан төрт-төрт талдан, кийин көгүнөн төрт тал терилип, анан кызылдан төртөө дагы терилгенден кийин көгүнөн экөө, кызылынан экөө терилип, «чагармактын сыңары» пайда болот. Эми «чагармактын төңөлөгүн» чыгарууда адегенде көктөн экөө, анан кызылдан экөө, көктөн үчөө, кызылдан экөө, кайра көктөн төртөө, кызылдан төртөө чалынат. Калкытма үчүн анын экинчи тарабында бул кайталанат.

Уз ээр жапкычты согууда ак жип менен кызыл жипти териш үчүн абалы ак жиптен түр чы-

гара баштаганда кызыл жиптер эндей калып, алдына калкый берет. Ал жиптин түрү бүткөндөн кийин, тескерисинче, кызыл жип үстүнө терилип келет. Бир кызылы алдына түшүп, анан экинчи, үчүнчү, төртүнчү кызыл талдан кийин кайра бир ак тал терилет да, бул жол улам-улам алмашып турат.



## АБДЫЛДАБЕКОВА АНИПА НИЯЗ КЫЗЫ

Уз. 1942-ж. Жумгал районунун Таш-Дөбө кыштагында төрөлгөн. 1967-ж. Каракол мамлекеттик педагогикалык институтун бүтүргөн. 1967—69-жылдары Тогуз-Торо районунун Арал орто мектебинде мугалим болуп иштеген. «Кыялдын» эксперименттик өнөрканасында узданат.

Анипа чий чырмайт, териге, кийизге, тукабага, ноотуга сайма түшүрүшөт. Аяк кап, секичек, чыны кап, кайчы кап, туткуч сыяктуу буюмтайымдарды ийине келтире жасап, соодасатыкка чыгарууда. Уз негизинен элдик көркөм салттарды ыйык тутат. Элдик кооз оюм-көчөттөрдү, түс-өңдөрүн көбүрөөк пайдаланууга аракеттенет. Буюмдук үлгүнүн жердигине маани берет. Узчулукту кесипчилик көркөм өнөр менен айкалыштырып, бүгүнкү табитке жакындаштырууга аракеттенет. Уз боёк тандоодо өтө билгич. Ал өтө кескин, бири биринен чаңкайып, алыстан ажырап турган түстөрдү (жашылкөк, сары-кара, кызыл-көк д. у. с.) азыраак алат. Ал эми өтмө катар, муңайым ырандарды кеңири колдонууга дилгир. Мыкты уздук сапаты — жердикти өзү жасайт. Жердикке эндейилене согулган таар, өңдөлгөн, боёлгон (ышкын түптөлгөн) тери, түрдүү түстөгү кийиз, чий кирет. Чебер аларга бир өңчөй түстө көркөм көчөттү келтирет. Ал салттуу жана шарттуу түрдө саймачылыктын нукуралыгын даңазалоодо. Анын өнөр майрамдарына катышкан «Текче» (туштук), «Аяк кап» (күзгү кап), «Чыны кап» сымал буюмдары түп тамырынан бери мураска айланып кетүүдө. Уз өсүмдүктөрдүн сабак, жалбырак, бутактарынын элесин өз туюмунда кийизге берет. Бул элибиздин мал жандуулугунан келип чыккан туюнтмалуу символикасы. Аны узчулук дарамети менен ич ара кыйыштырууга Анипа талаптагыдай машыккан.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-конкурстары жана алган сыйлыктары

1978-ж. Бишкек шаарынын 100 жылдыгына карата «Усталардын жана уздардын республикалык кароо-конкурсу». Кыргыз республикасынын Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрдын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-конкурсу». Сайма буюмдары үчүн Кыргыз ССР Маданият Министрлигинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук II фестивалына карата Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-конкурсу». Сайма туштугу үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Биринчи даражадагы дипломү.

## АБДЫЛДАЕВА ТАТТЫ (КАНЫМБҮБҮ)

Уз. 1926-ж. Нарын районундагы Куланак айылында төрөлгөн. Китепканачылык кесипте эмгектенип, азыр ардактуу эс алууда. Баатыр эне. Узчулук нусканы энелери Аликеден (Куланак айылы), Тобокелден (Эмгек-Талаа айылы) алган. Чеберчилиги 100—120 баш ак өргөө көтөрүүдөн баамдалат. Өрө кийиз, жабык баш, тегирич, терме боо-чуу, канат чий, чыгдан чий, эшик чий, кылдырооч, төтөгө өңдүүлөрдү бир колдон жасалгалаганы анын уздук демин билдирет. Жасаган буюмдары көркөм өнөрдүн табиятына жана жердигинин тазалыгына коошуп турат. Боз үйгө таандык буюмдарында бири-бирине үндөштүк ич ара ширелишип, ал көбүнчө «мүйүз оюмдарын» арбын «жарым кыялданта» алып, ар бир такта оюмдарына



сыртынан «бычак учу» чыгарып, «чычкан изиндей» шырыкты майдалай жүргүзөт. «Жагалмай канат оюму», «кош канат оюму», «карга тырмак оюму» аркылуу салттуу көркөмдүктөрдү көк-кызыл, кара-ак, жашыл-кызыл түстө берет. Ак өргөөнүн ички көрүнүшүндө улуттук татым көк-кызыл өңдөрдүн үстөмдүк кылышынан таасын сезилет.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата республикалык ат майданында ак өргөөсү тигилген. Кыргыз ССР маданият министрлигинин Ардак грамотасы.

1992-ж. Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк курултайында республикалык ат майданында ак өргөөсү тигилген. II даражадагы сыйлык.

## АБДЫМАЛИКОВА ТАТТЫ

Өрмөкчү жана бычмачы-тикмечи. 1908-ж. Ноокат районундагы Кыргыз-Ата айылында төрөлгөн. Колхоздо иштеген. Аны өз энеси Бообек, кайын энеси Умсун экөө тең нускалаган.

Татты өрмөчүлүктүн кара термесине арбын узданат. Ал шалча таарына кургак өрмөктү 32 *см* эндүүлүккө күзүктөп, четине «тактасы» жөнөкөй эле аркак салып согот, «кайкалак көчөтү» 9 *мм*ден эки четине келет. Анан «жарым кайкалак» көчөтү толук түшсө, ал «кырк шак» деп аталат. Кайрадан көк кызыл түстөн 7,5 *см* «такта» берилип, 5,5 *см*ден кайрадан «кайкалак көчөтүнөн» кийин «чычкан изин» тергенде буюм жүзүнө чыгат. Тагыраак айтканда уздун шалчасы 34 *см* эндүүлүктө болсо «тактага» 2 *см*, «чычкан изи» 0,5 *см*, «седепче көчөтүнө» 2 *см*, кайра «чычкан изине» 0,5 *см*, «тактага» 7 *см*, «тул кеште көчөтүнө» 7,5 *см*, дагы «чычкан изи» менен «тактага» 7 *см*, «кайкалак көчөтүнө» 6 *см*, кайра «тактасына» 3 *см* болуусу шарттуу.

Татты тери кийимдерин жана буюмдарын да арбын кармайт. Аны ашатууда жандык союлары менен туз сээп, күнгө коёт. Анан ун атадасына айранды кошот (же кошпой өз-өзүнчө жалатат) да аны сыйпап 5—6 күндөй бүктөп коёт, тырмап көргөндө эти сыйрыла из түшүп калганда терини жууп, коңур кургак кургатат. Мунун түүктүүсүнөн ал тон, өпкө кап бычат. Жаргагына ботонун жүнүнөн ийрилген жип менен салттуу сайма көчөттөрүн түшүрүүгө машыккан.

Татты жер-жемиш терүүчү себет идиш да согот. Аны жасоодо ыргалып өнүп турган буудайдын паясын оруп суугa салып, өзүнөн өзөк кылат да ал өзөккө паяны бирден ороп, экинчи өзөккө бириктире оңго бурайт. Мындай узданую анын түймөчүлүк өнөрүнө окшошот.

## АБДЫРАКМАН КЫЗЫ БУРУЛ

Өрмөкчү жана бычмачы-тикмечи. 1913-ж. Нарын районундагы Жерге-Тал өрөөнүндө төрөлгөн. Узчулукту энеси Алый, чоң энеси Маникеден үйрөнгөн. Кыйла жылдары «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде үйдөн узданууучу чебер болгон. Анда элдик кийим-кечектерди арбын бычып тиккен. Жаш кезинен өрмөкчүлүктүн бир жүздүү, эки жүздүү термелерин арбын соккон. Боз үйдүн боо-чуусу үчүн «ийрек» түшүрүп өрмөккө аркак саларда күзүккө байланган оң жипти терип, сол тараптагы кара жипти бармак менен басып туруп, андан аркакты өткөрүп алат. Анан кайра аркак өткөрөөрдө аны дагы кайталайт. Чебер терменин элүүдөй көркөм көчөтүн таар бетине түшүрө алат. Тебетейдин үлгүсүнүн автору катары белгилүү болгон, ал өнөрканалардан көп нускада чыгарылган.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**





1974-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Терме тегиричи үчүн ЭЧЖРКнүн II даражадагы дипломy;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Эркектердин тебетейи үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Эл чеберлеринин республикалык кароо-сынагы». Баш кийимдери үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы.

## АБДЫРАКМАН УУЛУ НУРАК

Уста, ырчы, комузчу. 1947-ж. Соң-Көл жайлоосунда төрөлгөн. Токмоктогу маданий-агартуу окуу жайын бүтүргөн. Ак-Талаа районундагы Тоголок Молдо атындагы колхоздо клуб башчысы, райондук музыкалык мектепте директор болуп иштеген. 1987-жылдан Т. Сатылганов атындагы Кыргыз Мамлекеттик филармониясындагы «Камбаркан» фольклордук ансамблинин ырчысы, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти. Ал элдик аваздык аспаптардан: комуз, кыл кыяк, темир комуз, добулбас, чоор өңдүүлөрдү кармайт. Ат жабдыктарынан ээр чабат. Анын устакерчилигине Үмөтаалы зергердин (Ак-Талаа району, Кара-Ой айылы) зер буюмдары, атасы Абдыракмандын, агасы Зарлыктын жасаган комузу, чапкан ээрлери зор таасир берген.

Нурак комуздун жердигин алма, алмурут, өрүк, жийде, тыт, жаңгак өңдүү жемиш жыгачтарынан тандайт. Аны декабрдан мартка чейин кыйып, жарылбашы үчүн нымдуу жерге кыкка көөмп коёт. Апрель-Майдан тартып бир курдай сомдоп, жарым саатча кайнатат. Аны көлөкө жерге кургатат. Жарым жылдан кийин кызуу чаба баштайт. Комуз капкагына Нарындын, Соң-көлдүн, Миң-Куштун карагайын пайдаланат. Кыл кыякты өрүк, алма жыгачынан чабат. Кылына айгырдын туу куйругун тагат. Темир комуз үчүн жаагына жез, «Г--65» серпөөр болотту алат. Асма көрүк менен күжү күйгүзүп, жаак, тилди иет. Добулбастын жердигине Арсланбабдын өзөгү чириген жаңгак жыгачын алып, ага букачардын терисин каптайт. Ээрди Нарын дарыясынын жээгине өскөн байтеректен чабат. Бүркүт томого каш чыгарып, муну чылгый терисиз эле актай бойдон токууга

жаратат. Устачылыкты комузчулук менен айкалыштырып аваздык аспаптын үнүн мыкты тапкан. Анын натыйжасында «Ата мурасы», «Улуу тоолор», «Соң-Көл», «Өмүр көчү», «Эне жүрөгү» («Найман эне»), «Жаңырык» («Сары өзөн баяны») өңдүү күүлөрү алтын фондуга жазылган. Анын аваздык аспаптары филармониянын «Камбаркан» фольклордук ансамблинде колдонулууда.

## АБИКОВ ЖАКЕШ

Жыгаччы. 1925-ж. Ысык-Көл районундагы Көк-Мойнок совхозунда төрөлгөн. Орто билимдүү. Темир жолдо, Токмоктогу боз үй жасоочу фабрикада узанган. Уста Чодронов Жумакадырдан таалим алган.

Жакеш түндүкчү катары белгилүү. Анын түндүк жасоочу аспабы — төрт-беш жеринде чынжыры, башы иймекей үч лому бар тегерек дөңгөлөк. Оболу талды же теректи кыйып, корго салып 2—3 саат кызытат. Жыгач кызыгандан кийин дөңгөлөккө чынжыр, ломдун жардамы менен жаадай ийип бекитет. Аны бир айдан кийин гана алат. Түндүктүн экинчи жаагы жыгачтын ыңгайына жараша эки-үч бөлүктөн турушу мүмкүн. Ошентип, адегенде түндүктүн алкагын бүтүрүп алат. Анан чамгарагын салат. Бул үч-төрт чыбыктан турат. Анан уук көздөрү тегерете көзөлөт. Уста түндүктү тал, терек, кайыңдан жасайт. Түндүктүн төрт талаасына кооздук үчүн шакек кийгизип, ага түрлөнтүп оюмчийим түшүрүү нускасы бар. Түндүктүн көзүнөн ууктун башы чыкпас үчүн бөрктүү төбөлөмө коёт. Ал жердикти Казакстандын Илесинен алат. Айына үч үй бүткөрөт. Эмгеги баттамада.

## АБЫЛБЕКОВА ГҮЛЖАН

Килемчи. 1946-ж. Лейлек районундагы Катраң айылында төрөлгөн. Узчулукту өтө жаш чагынан баштаган. Абалы энеси Айжамал, анан атактуу килемчи Бүбүчач байбиче небереси Тумар менен Гүлжанды бирдей нускалаган.

Гүлжандын узканасында «Ашкана көчөтүн», «машаты көчөтүн», «тайлак таман көчөтүн», «Анар көчөтүн», «сыңар моюн көчөтүн» ирээти менен бир эле аянттуу килемдин ар бирине төп, так берүү салты бар. Ушундан улам «чебер көрүү» салты менен аны айыл аралатышкан. Гүлжан жараткан, мисалы, бир эле килемде төрт «роза көчөтү» «дилбар көчөтү» менен айкалышып, жайнаган майда талаа-талаа гүлдөрү шекилденип, ал кызыл-ак түстө болушу, ага кичине чоңураак «Гүлбахар көчөтүнүн» катар түшүүсү аркылуу ойдогудай жарашык берет. Гүлжандын килем үлгүлөрү Баул, Кольцо, Тогуз-Булак, Чаар, Чалдыбар, Кулунду айылдарына кеңири тараган. Уздун Токтобай Мубарик, Мамбеткулова Алыйма, Осмонова Болотай өңдүү өнөктөш уздануучулары бар. Эмгеги баттамада.

## АБЫЛГАЗИЕВА БУРУЛ

Чырмакчы. 1942-ж. Ак-Талаа районундагы Коңорчок айылында төрөлгөн. Жети жылдык мектепти бүткөн. Уздун чыгармачылыгына (азыр Кара-Кужур кыштоосундагы Лакол айылы) кайын энеси Козубай келини Сыйнаттын таасири зор.

Ак өргөө көтөрүүдө анын «канат чийине», «чыгдан чийине», «эшик чийине» көчөт түшүрүүнүн көркөм үлгүлөрүн салттуу нукта түшүрүүдө түрдү аламончоктотуп, сыртын карап кабыргалатып, төрт бурчтантып берүү ыкмаларын ал мыкты өздөштүргөн. Чий чырмачылыкта сырттыктарга таандык «омуртка көчөтү» буюмдун жалпы танабын өзүнө имере келтирүүгө шартташа түшөт. Ал эшик чийдеги түшкөн көчөттөргө үндөшүп, уз кызыл-көк — эки эле түстөгү түрдүн «аламончогун» дайыма сары-актан алат. Ал өзү соккон терме көчөт-



төрүнө үндөшөт. Бурулдун нускоосу менен кыздары: Калыйман, Жаркын, Алтын боз үйдү жасалгалоо узчулугун ойдогудай өздөштүргөн.



## АБЫШОВ МУСАЖАН

Жыгаччы жана таш чеккич. 1933-ж. Тоң районундагы Темир-Канат айылында төрөлгөн. 1963-ж. Караколдогу мугалимдер институтунун физика-математика факультетин, 1974-ж. Бишкек пединститутун бүтүргөн. Райондун «Большевик», «Темир-Канат» орто мектептеринде иштеген. Кыргыз ССРинин эл агартуу отличниги, мугалим-методист, 1990-жылдан Кыргызстан эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Мусажан жаргылчак, тегирмен, ийик сыяктуу салттуу буюмдарды, балбал, молоташ, айкелдерди кармайт. Чулу оор таштардан чакан бедиздерди чегет. Кескичти кадимки чөп тырмооктон кесип, өзү жасайт. Буюм-тайым жасоодо адегенде эскизин чийип, үлгүсүн пластилинге түшүрөт да, анан чулу таштан буюмдун жалпы түспөлүн сомдоп, чеге баштайт. Тыкыр жерине бычак пайдаланат. Акырында жылмалайт.

Жыгаччы катары жергесинде өскөн тал, кайың өңдүүлөрдү гана пайдаланат. Талды кыйып, үч-төрт жыл жаан тийбеген салкын жерге кургатат. Жыгач талаптагыдай кургаса жарылбайт, жеңил иштетилет. Жыгачтан аяк, табак, чөйчөк, челек, кашык өңдүү кырма идиштерди арбын кармайт жана аларга элдик оюм-чийимдерди түшүрөт. Акырында өгөө кагаз менен жылмалап, уйдун сары майын сүртөт. Ал эми чыны куту, аяк кутулардын алкагын арчадан тандайт. Анын астыңкы алкак, үстүңкү алкак деп аталган бөлүктөрүн тегерек иет. Алкактардын ортолоруна оюк түшүрүп, табылгы таякчалар аркылуу бириктирет. Идишти жалпы бириктирүүдө көк, кайыш керектелет. Каймак май менен майласа табылгы чоктой кызарат. Андан кийин капкагын жасайт.

Сүрөт да тартат.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1987-ж. «Эл чыгармачылыгынын Бүткүл Союздук I фестивалы». Таш буюмдары жана тарткан сүрөттөрү үчүн Ардак грамота. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл Союздук I фестивалынын лауреаты;

1988-ж. «Эл чыгармачылыгынын Бүткүл Союздук II фестивалы». Таш, жыгач буюмдары жана тарткан сүрөттөрү үчүн эл чыгармачылыгынын Бүткүл Союздук II фестивалынын лауреаты;

1989-ж. «Фольклордук чыгармалардын эл аралык фестивалы». Салттуу буюмдары үчүн фольклордук чыгармалардын эл аралык фестивалынын лауреаты;

1989-ж. Кыргызстан эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Таш буюмдары үчүн ЭЧЖРКнүн дипломy, медалы;

1990-ж. «Кыргызстан эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү».

## АГЫБАЕВА КҮЛҮЙПА

Оймочу жана бычмачы-тикмечи. 1928-ж. Чүй районундагы Кош-Коргон айылында төрөлгөн. Бишкек педагогикалык окуу жайын, мугалимдер институтун, Ош педагогика институтунун филология факультетин бүтүргөн. Мектепте мугалим, директор болуп иштеген.

Күлүйпа кийиз, курак буюмдарын, элдик кийим-кечектерди, шири идиштерин жасоого айрыкча назар таштайт. Оймочулукту аздектейт. Өнөрүнүн башатына энеси Сарыгул кызы Кенжекенин таалими зор. Анын шырдактарынын чет оюмдары, адатта «мүйүз оюмунун» үстүнөн «карга тырмак оюму» чыгып өзүнчө жүрөкчөнү пайда кылат. Ал борбордук оюм (ортолук оюм) менен «аламыч» аркылуу каты-

шат. Оймочу кийин «кош кыял оюмун» да пайда кылды. Мунун учтары «бармак боочоюму» сымал ичке, учтуу алынат да, ортосунан «карга тырмак оюму» чыгат. Башкаларда кездешпей турган бул коодук «Күлүйпанын кош оюму» катары таанылган. Анын аягынан «кочкор мүйүз оюму» чыгат. Уз колтук оюмдары үчүн «жагалмай канат оюмун» арбын пайдаланат. Күлүйпа шырдактын түрлөрүн да мыкты билет. Ал Таластын баттама шырдагы (мында жээк кошо шырылып, ортолоруна бат жасалат. Ал кийиз менен кийизди кармайт.), Чүйдүн жээк басуу шырдагы (мында эндей шырдак астынан алып, жалаң жөрмөйт. Ал кийиз ичинен жээк болуп түшөт.), Нарын шырдагы (милте менен оюм араларын бириктирип алып, оюмдун ичи шырык жип аркылуу шырылат да, ичине кара кийиз беттелет.). Кийиз бышык уюгулушу үчүн аны тепкилөөгө айрыкча назар таштайт. Тепкилөөдө кийиз катуу кирет. Билектөөдө кийиз катуу болот. Чебер сарыны (албайы), караны (ымырт), акты (кылаан) оюм араларына айкалыштыра алат. Боёкту коруштоодо уз эрменди (боёктун түсүн чыгарууда эңгилчекти да коруш катары пайдаланат) кайнатып, сары суусун тундуруп, ага түстөрдү салат. Ага кичине туз кошот. Күлүйпанын шакирттери: Айылчиева Элмира (Ош пединститутунда окутуучу), Казакбаева Шапай, небереси Закиров Зарылбек. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-конкурсу». Кийиз буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-конкурсу». Баш кийимдери жана шырдагы үчүн «Алтын колдуу чебер» деген дипломду;

1990-ж. «Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзунун жасалга-колдонмо өнөрү боюнча көргөзмөсү». Шырдактары Москва, Ташкент, Италияга экспонатталган.

## АДИГИНЕ УУЛУ МАМБЕТ
(1882—1978)

Зергер. Тоң районундагы Күн-Чыгыш айылында орто чарбанын үй-бүлөсүндө туулган. Колхоз чарбасын уюштурууга жандуу катышкан. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда колхоздун устаканасын кармаган. Аны менен



катар зергерчиликти өркүндөткөн. Улуу усталар Токтосун, Кебектин көмүрүн өчүрүшүп, көөрүгүн басып, устакерчиликтин сырларын туят да, өз чөйрөсүндө «бала уста» атанган. Көбүнчө кыз-келиндердин зер жасалгаларына, ат жабдыктарына узанган.

Чеберде терини малмага салуунун — кайыш жана кол булгаары жасоонун башкараак ыкмасы болгон. Ал жыдытуу үчүн суугa салынган терини суудан алып чыгып, кайрадан тоборсутуп, чоң жыгач челекке айранды, тузду жана улпакты аралаштырып ашатккы кылган. Ага чылгый терини салган. Бул «малмага салуу» же бодонун терисин «ашаткыга салуу» деп аталат. Кайыш булгаары жасоо үчүн бодонун, кайберендин, кээде майда жандыктын терисин да малмага салган. Тери малмага салаарда челденген. Аны күн алыс аралаштырып, тери ашаткыны боюна тарткандан кийин (5—7 күн) алган. Челектен чыккан терини кайрадан агын сууга шапшып, анан «талкууга» койгон. Же болбосо суу куюлуп, белгилүү өлчөмдө ун салынып, туз татытылган челекте жыйырма-отуз күн жаткан терини кез-кез аралаштырып турган. Аны тоборсуган чакта алып, талкууга үч сааттай ийлегенде кадимкидей эле аппак кайыш пайда болгон. Мындан ат жабдыктарынын бөлүктөрү кармалган.

Мамбет устанын үзөңгү куюучу калыбы беш бөлүктөн турган. Ошол бир нече бөлүк темир кайра жик-жиги менен куралып кепшерленген. Калып жасалгандан кийин уста аны 400—500° ысыткан. Жезди чопо чөйчөктө эритет. Эгер үзөңгү калып муздак болсо, эритилип куюлуп жаткан суюктук анча чуркай албайт. Калыптагы («жатак») суюктук куюлуп жатканда буга сорпо куйган. Мунун калыптан чыгарууга оңойлугуна карап уста автолинди да колдонгон.

Уулу Аскарбек ата өнөрүн улоодо.



## АДЫЛОВА АЖАР

Шырдакчы. 1919-ж. Тоң районундагы Ак-Терек айылында төрөлгөн. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ак-Теректеги өнөрканасында үйдөн узданган. Кийизди каттай алып, ага жалпы оюмда көркөм түр түшүрүүдө уз эски шырдактардын салттуу үлгүлөрүн так, төп келтирет. Ага ширетиле түшүрүлгөн шырык жалгыз аяк жолду элестетип, буюм урунууга шарттташат. Шырыктык жипти төөнүн чуудасынан же кылчык койдун жүнүнөн ийирет. Араларын «бычак учу» аламычы ажыратып турган ортолук оюмга уз «жарым кыял оюмунун» алдынан «кочкор мүйүз оюмун» чыгарат. Мында көркөм оюм туташ берилгендиктен колтук оюм түшпөйт, кызыл көк түрдө «карга тырмак оюму» «кочкор мүйүз оюмунун» үстүнөн чыккандыктан анын жарымы «колтук оюму» болуп көрүнөт. Ажар мында жээк оюмунун эки жагына «аламыч» түшүрүү салтын сактайт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1976-ж. «Элдик чеберлердин жаңы үлгү жаратуудагы республикалык кароо-конкурсу». Кийиз буюмдары үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1977-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 50 жылдыгына карата «Сүрөттү өз алдынча сүйүүчүлөрдүн жана жасалга-колдонмо өнөрүнүн республикалык кароо-сынагы». Түр шырдагы үчүн Кыргыз ССР жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы.

## АЖЫБАЙ УУЛУ АКЫ

(туулган, өлгөн жылы белгисиз)

Жыгач уста. Азыркы Жумгал районундагы Эмел деген жерде туулган. Он төрт жашында жетим калып, энеси Зулайканын төркүнү Ак-Талаанын базыстарына келишет. Андан Акы апасы менен Кашкар бетине оойт. Арадан он беш жылча өтөт. Акы көзгө атар мерген, жыгач уста аталат. Ал Жийде дегенге үйлөнөт. Андан атактуу Калык ырчы төрөлөт. Акы турмуштун айынан жөө-жалаңдап байтеше, чот, эмеректерин көтөрүп Тогуз-Торо, Кетмен-Төбө, Үч-Теректи артат. Чоюбек, Мырзабек, Түркмөн сыяктуу Жумгалдык бай-манаптардын жүз баш ак өргөөлөрүн Акы адам суктанарлык кылып кармаганы калың элдин дүнүндө турган. Калык «Атабыз Акы жыгач уста: кыргыздын боз үйүнүн кереге, уугун, түндүгүн, босого таягын жасайт. Мергендиги да кыйла, жалаң кийиктин эти менен бир айылды канааттандырган учуру болот»,— деп эскерет («Калык», Тандалган чыгармалары. — Фр.: «Кыргызстан», 1972-ж., 304-б.). Ал эми ушул эле китептин «Эшмамбет менен беттешүү» деген бөлүмүндө Эшмамбет ырчы бала ырчы Калыкка:

«Сенин атаң Акы уста,
Асылган көңдөй терекке.
Алкак ийип арчадан,
Түп кынаган челекке.
Ак кайыштай чоюлтуп,
Карскан ийген элекке.
Келиштирип кайындан,
Кереге матап үй кылган.
Кашык, чөмүч артынып,

Сенин атаң Акы уста,
Катындарга сый кылган»,— деп ырдаганы бар (348—49-б.).

## АЗАМАТОВ ТӨЛӨГӨН (КАЛДЫБЕК)

Жыгаччы. 1947-ж. Талас районундагы Арал айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узданууучу чебери. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Ага мектептеги мугалими (кол эмгек боюнча) немец уулу Давиддин таасири тийген.

Уста жыгач буюмдарына жердик үчүн карагайды, теректи, кайыңды пайдаланат. Аларды араалоо, тилүү, кургатуу өңдүү даярдыктарды кеч күздө же эрте жазда жүргүзөт. Аспап-куралдарын буюм-үлгүлөрдүн ыңгайына жараша өзү жасап алат. Төлөгөндүн бешиктери ар дайым сатуу көргөзмөсүнө чыгат. Анын бешиги беш бөлүктөн (тууру, таманы, жаасы, эки жаны, аягы) турат да, бир эле бешик үчүн карагайды, теректи, кайыңды бирдей пайдаланат. Ал кырма идиштерине да узанат. Т. Азаматовдун нускоочусу Р. Апышов. Жергиликтүү жыгачтарды табы менен кургатуу, салттуу буюм чабууда мурунку усталардын ыкмаларын өркүндөтүп, өзүнө таандык үлгүлөрдү жаратууда. Эмгеги баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Бешик үлгүлөрү менен катышкан.

## АЙДАР КЕЛИНИ СУКСУР

Килемчи, өрмөкчү, чачыкчы. 1886-ж. Ноокат районундагы Кызыл-Тейит айылында төрөлгөн. Ал Улуу Ата Мекендик согушка чейин килем токууга, өрмөк согууга кызуу узанган. Неберe-чөбөрөлөрүнө таркатылган. Карылыкка байланыштуу кийин узданбай, көп мыкты үлгүлөрү сакталбаган. Бир эле аянттуу килемдин ортолук көчөтүнүн табакчаларына «Кыңыр моюн», «Кытайшак көчөтү», «Пашайы көчөтү», «Тогуз дөбө», «Тайлак раман көчөтү», «Кош мүйүз көчөтү» өңдүү коoздуктарды так салып, андай көркөм каражаттары ич ара таар термелерине да өткөнү анын эски үлгүлөрүнөн баамдалат. Суксур байбиченин ошондой килем, таар сыяктуу көркөм буюмдарына үндөшкөн эски үлгүлөр Каратейит, баргы уруулары тарапта жашаган элдерде көп сакталган. Экспедиция учурунда алар сүрөткө тартылып, кайрадан үлгү



кылып жаратуу үчүн Борбордук көркөм эксперимент лабораториясына экспонатталган. Эмгеги баттамада.

## АЙДЫРАЛИЕВ САГЫНБЕК

Ээрчи. 1946-ж. Кочкор районундагы Орток айылында төрөлгөн. Орто мектепти бүтүп, Орток орто мектебинде кол эмгек мугалими болуп иштейт. Устачылыкты атасынан үйрөнгөн.

Сагынбек ээрди үч ыкмада кармайт: жумуру ээр, аштама ээр (бул үч-төрт бөлүктөн турат); курама ээр (бул көп бөлүктөн куралат). Курама ээр кармоо ыкмасы төмөнкүчө: тал, теректи кыйып, андан тактай жасайт. Ээрдин бөлүктөрүнүн үлгүлөрү боюнча тактайларды араалайт. Татаал жерлерин керки менен ийине келтирет. Ээрдин эки босогосун чыгарып, аны жыгач желими менен чаптайт. Андан соң ага тарамыш коёт. Арткы шынаасы менен акырында кашын орнотот. Ээрдин бөлүктөрүнө жылкынын жибек тарамышын жана уйдун жумшак тарамышын пайдаланат. Ээрди каптоо үчүн уйдун терисин жыдытат. Жыдытуу үчүн терини шар сууга байлайт же терини төрт бүктөп коёт. Кышында челекке салып да жыдытат. Терини ээрге чылгый кезинде каптайт. Тери кургайт да ээрди чап кармайт. Сагынбек жумурулантып чапкан ээрин «кучмач» ээр» деп атайт. Анын өтө сыйдасын «ак каңкы» дейт.

Ээрдин кашын «кыргый моюн», «бөрү кулак» жана «бүркүт томого» кылып чыгарат.

С. Айдыралиев өз өнөрүн окуучуларына үйрөтүүдө.

## АЙЖИГИТОВА ТАЖЫ

Саймачы, килемчи. 1936-ж. Баткен районунун Кызыл-Жол айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Китепканачы болуп иштеген.

Тажы килемчиликти, өрмөкчүлүктү, саймачылыкты бирдей тутат. Ат жабууну салттуулукта кармайт. Буюмдун жердигин төөнүн, койдун жүнүнөн даярдайт. Кебезди да ийрип колдонот. Өрмөк согууда таарга уз «илме дос», «илме сайма» өңдүү ыкмалар аркылуу көркөм көчөт берет. Ал үзүк, тердик, жапсар баштык (текче), бокчо (кыздын себин орой турган таар), күзгү кап сыяктууларды уздукта кармайт. Тажынын ат жабуусунда «төкмө чачы», «тор чачык» бар. Ак менен карадан «кош кайкалак көчөтүн» жээк катары кажары (бакжагай) энин элидей эндүүлүктө берет. Четине өрмөкчүлүк жана саймачылык аркылуу «четтик көчөт» көчүрүлөт. Анын эки тарабында «чычкан изи» бар. Андан кийин буюмдун жердигине сайма көчөттөрүн саят. Уздун көркөм көчөттөрү көбүнчө «жарым кайкалак» көчөтүнүн элементтеринен турат. Ат жабуунун ортосуна түшкөн четтик көчөттөгү «чычкан изи» (суу) өзүнчө «ала мончоктолот». Табакчаларынын ичисырты жарым кайкалак жана жылдызчаларга жыш толтурулат. Өңдөрдүн ич ара айкалышын жана сайманын ыкмасын биринчи орунга коёт. Ал сайманын эски ыкмаларын өзүндөй сактоо менен көркөм көчөттөрү элдик нукта болуп, өнөрдү таасын улантууга дилгирлентет.



Тажы өз өнөрүн нускалап, келини Сапарова Шарапат (Баткен району, Кызыл-Жол айылы) дал өзүндөй уз аталууда.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Терме шалчасы мамлекеттик музейге экспонатталган.

## АЙТЫМБЕТ УСТА
(туулган, өлгөн жылы белгисиз)

Оэздон оозго айтылып, уламышка айланып келе жаткан улуу усталардын бири Айтымбет Эки-Нарындагы моңолдор элинин Союл уруусунан чыккан. Ат жабдыктарга түшүрүлгөн «Моңолдордун сынпосу» деген көркөмдүктөр ошол Айтымбет устанын үлгү-нускасы делет. Ал Кашкар усталарынан үлгү алган. Устаны Кашкардык кызыл кулактар алдап кеткенде өчүн алуу үчүн уйдун тоң жампасынан ээр уютуп, аны «сынпостоп», сүткорлорго карматып жатып:

«Айтымбет куйган ээрсин,
Алты ай токуп минээрсиң.
Алты ай токуп минген соң,
Кайдан алдым дээрсиң»,— деп алуучуну

аткарып жиберет. Анын укум-тукуму бүтүндөй уста атанат. Көпөс, Осмон, Мукаш, Найманбай өңдүү усталар анын урпактары жана устачылык кан жолун улантуучулар.

## АКМАТ УУЛУ ЖУМАГАЗЫ
(1914—1978)

Уста. Кочкор өрөөнүндөгү Орток тоосунун этегинде «Күмүшай-Кудуктагы» жалгыз конушта төрөлгөн. Чарбада иштеген. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Ал бала чагынан Жунуш устаны байырдап, үй тиричиликке шартташкан, элге эң керектүү: маки, бычак, кыргыч, кычкач, түпкүч, кайчы, жуушаң, аткуур сыяктууларды кармаган. Каат жылдары казан-аяк, чака-чара өңдүүлөрдү түптөп, кандаган. Фарфор идиштерди желимдеп (желимди өзү жасаган), үшкүлөгөн, сыныктарды кепшер-





леген. Кырма идиштерди (табак, аяк, чөйчөк, сузгу, кашык, челек) кармоодо керкини, ийгини гана колдонгон. Көмүркөйүндөгү аспап-куралдарынын көпчүлүгүн өзү жасаган. Кара темирди сомдоонун, ийүүнүн, чоктонтуунун ички сырларын мыкты билген. Уста «жети кашка», «музоо тиш» өрүмдөрү аркылуу ат жабдыктарына узанган. Ага чылгый терини тандаган. Анын кармаган буюм-тайымдары азыркы учурда эл ичинде көп жолугат. Шири идиштерине (сабаа, чанач, көнөк, көнөчөк, көөкөр) уйдун, төөнүн терисин иштеткен. Аларды ыштоодо арпа маясын арбын пайдаланган. Кийин узанып отурганда көзүнө бөрктүү мыктын сыныгы тийип ал күчүркөнүп операция болгон. Ошондон тартып устакерчилигин токтоткон. Бирок, мүнүшкөрлүккө ышкысы артылып бүркүт, куш таптаган. «Чекир кашка» деген Кочкор ичине таанымал күлүктүн саяпкери болгон. «Жумагазы улакчы» аталып, «Жумагазынын сары аты» өңдүү даңазалар учурунда болуп турган. Ал жашоо-тиричилик оор кезде мүдөөгө жараган элдик адам катары эл оозунда айтылып калган.

## АКМАТ КЕЛИНИ БАТЫЙ

Саймачы. 1929-ж. Сокулук районундагы Кара-Шалта айылында төрөлгөн. Жети жылдык мектепти бүткөн. Сайма буюмдарынан туш кийизди көбүрөөк узданат. Буюмдун жердигине баркутту тандайт. Көбүнчө илме (шибеге) сайманы кармайт. Көркөм каражаттарды сарысаптоодо ортолук (борбордук) көчөт үчүн өзөгү жүрөкчөлөнгөн табакчаларды (үй) жаратып, четтик (жээк) көчөтүнө «куш оюмунун» астынан «карга тырмак оюмун» ичкерээк алат. Эки көчөттүн ортолорун ачуу үчүн турналар учуп бараткандай, арпа, буудай калканындай, ийрилип агып жаткандай «суу» жүргүзөт. Ал ортолук көчөттү 40—45 *см*, четтик көчөттү 6—8 *см* аралыкка саят да, кара жердикке ортолукту кызылдан тандайт. Анын буюмунун жээгине «ит куйрук көчөтү» мүнөздүү.

## АКМАТОВА НУРУЙСА

Саймачы. 1942-ж. Жумгал районундагы Чоң-Дөбө айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Клуб башчысы болуп иштеген. Аны кайын энеси Бүбүкан чырмакчы нускалаган.

Кармаган сайма үлгүлөрүнүн көркөмдүк каражаттары туш кийиз саюудан билинет. Көбүнчө мандалак гүлдөрүн канаттуулардан пайда болгон көчөттөр менен кыйыштырат. Ошондо бир табакчада төрт «куш оюмунан», «карга тырмактан» турган көркөмдүктөрдүн арасынан гүл-



дүн таажылары көрүнүп, «жоогазын көчөтү» жаралып «суу» катары тегерете курчалат. Капкалдырыктын табакчалары борбордук көчөттү кайталайт. Алардын ортолорун «куш оюмунан» пайда болгон көчөт араларын бөлүүчү чаар белгилер ачып турат. Демек, гүлдөрдүн сабактары, таажылары, канаттуулардын чалгындары символдошуп, уздун коноздукту тааный билүү касиетин баяндайт.

## АКЫМБЕКОВ ЖАҢЫБАЙ УСУП УУЛУ

Зергер жана жыгаччы. 1958-ж. Жети-Өгүз районундагы Даркан айылында төрөлгөн. 1982-ж. Караколдогу педагогикалык институттун сүрөт-графикалык факультетин бүтүргөн. Сузак, Түп райондорунда мектепте, айыл кесипчилик-техникалык окуу жайында мугалим болуп иштеген. 1985-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Караколдогу бөлүмүндө үйдөн узданууучу чебери. Устачылыкты атасы Усуптан үйрөнгөн.

Жаңыбайдын колунан жаралган оймок, билерик, боорсок кескич, калпак, «Манас», «Бакай», «Курманбек», «Улар» өңдүү чеканкалары (сомдоолору) көркөм кеңештерден ийгиликтүү өтүп, эң керектүү буюм-тайым катары көп нускаланып сатууга түшүүдө. Жаңыбай мында кыргыздын нукура үрп-адатын, салт-санаасын жана жалаң өзүнө таандык калоритин чагылдырып, аны андан ары өнүктүрүүнү максат кылат.

Ал зергер катары түстүү металлды чегип жасоону (чапкылоону) жүзөгө ашират. Өгөлөө, сомдоо аркылуу анын бетине оюм-чийим берүү жагдайын зергер башкы узануу катары коёт. Сөөк, мүйүз менен да иштейт.

Жаңыбай жыгаччы катары да таанылууда. Кара өрүктү, алманы декабрь айында кыйып, эки жылча кургатат. Ошондон кийин сомдоп, керки, ийги аркылуу үлгүнүн түспөлүн берет. Аны жара бөлүп, өзөгүн алып таштап, жыгачты капталынан чаап идиш кырат. Аяк, чөйчөк, табак, сузгу, татымал салгыч, жип-шуу салгыч кутуча жасагандан кийин суу май сыйпап, тапка койгондо мөмө-жемиш жыгачы кызарып өңүнө чыгат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Октябрь Революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Жыгач буюмдары үчүн Каракол шааркомунун жана шаараткомунун Ардак грамотасы;

1988-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». «Самоор» деген жыгач үлгүсү үчүн «Кыял» Бирикмесинин Ардак грамотасы.

## АЛАМАНОВА ИШЕН

Бычмачы-тикмечи. 1956-ж. Тоң районундагы Кара-Коо айылында төрөлгөн. Бишкектеги № 17 кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүрүп, 1975—84-жылдары № 11 ательеде эмгектенген. Азыр «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин ак калпак бөлүмүндө бычмачы болуп узданууда. 1990-жылдан Кыргызстан эл чеберлер союзунун мүчөсү. Ишенге апасы Анардын уздук жөрөлгөсү чоң өбөлгө түзөт. Ал айылда бычмачы-тикмечи, өрмөкчү-термечи, оймочу, саймачы аталып, жаштарды өзүнүн узчулугуна үндөктөгөн.

Ишен калпактын ондон ашуун үлгүсүн бычат. Өзүнүн автордугунда чыгарылып жаткан баш кийимдер да бар. Тебетей тигүүдө анын жез оймокчулугу артылып турат. Ага карыялардын тебетейи, улгайыңкы кишилердин тебетейи, жигиттердин тебетейи, кыздардын тебетейи өңдүүлөрү кирет. Алар жердигине карата суусар тебетей, кытаттаткан суур тебетей, түлкү тебетей, көрпө тебетей деп аталат. Уз суусар тебетейди тигүүдө узданууну аң терисин



ашатуудан баштайт. Айран ашаткыга териси бир суткадай салып, анан кристалл айнасы менен сергитип, андан кийин кургагыча ийлейт. Анан бийиктигин 12—12,5 *см* кылып беш-алты тилке-тилке кылып бычат. Тебетейдин төрт талаасынын төбөсүнө калыңыраак, ылдый тарабына жукараак кылып жүн же кебез салып ичтеп шырыйт. Чогуусу боюнча төбөсүн (баркутту) кесип алып, бириктирип тигет. Анын астыңкы кыюусунан (9 *см*) өлчөмү алынып, кыюусу даярдалганда териси тарта тигилет. Тебетейдин топтоголок көрүнүшү үчүн анын ичине жүн шыкала салынат. Ага Ишен ичмек топу тигет. Шырылган тебетейге жердигинин өңүнө карата 4,5 *см*дей чок салат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1990-ж. «Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзундагы көркөм буюмдарды сатуу боюнча республикалык Көргөзмөсү». Улуттук кийим-кечектери коюлуп, Италияга экспонатталган;

1990-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин көргөзмө-жайма базары». Шырдагы, ала кийизи экспонатталган;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Калпак, топу, кемсел өңдүү элдик кийим-кечектери коюлган.



**АЛАМАНОВА ШААРБА**

Уз. 1927-ж. Ак-Суу районундагы Боз-Булуң айылында төрөлгөн. Кыйла жылдары педагогдук кесипте эмгектенген. Баатыр эне. Уздук таалимди энеси Мөөркандан алган.

Ал кийизге күзгү жүндү арбын тарамдап, катуу уютуп жасаган шырдактарында «жарым кыял оюмдарын» башкалардан айырмалуу берүүгө аракеттенет. Беттей оюлган «мүйүз оюмунун» сырттары жүрөкчөлөнөт. Аны уз буюмдун жээк оюмуна шайкештейт. Ал эми ортолук оюму жалпы берилип, төрт «куш оюмунун» үстүнөн «кочкор мүйүз оюму» чыгып, бир табакчаны түзөт. Шаарбанын шырдактарынын оюм ортолоруна кылчык койдун жүнүнөн ийрилип, чыйратылган шырык жип бир гана чыйыр болуп түшөт. Ал көбүнчө кызыл-көк өңдөрдү беттейт да, мында «милтесин» кызылдан тандайт. Айылдаштары андан үлгү алып турушат.

**АЛАҢКӨЗ УУЛУ ЫСМАЙЫЛ**
(1906—1988)

Уста. Таластын башы Көпүрө-Базарда Саруу уруусунан чыккан. Каракол айыл чарба артелине биринчилерден болуп катталып, чарбада дыйканчылык кылган. Замандашы Ысмайыл уулу Касымдын эскерүүлөрүндө Ысмайыл

кол өнөрчүлүктүн темирчиликтен башка түрлөрүн түгөлү менен кармаган. Ээр чапкан, сынпостогон. Ат жабдыктарынын бөлүктөрүн (жүгөн, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан, камчы) кайып да, өрүп да жасаган. Өрүмдөрү башка өрүмчүлөрдөн («беш кашка өрүм», «жети кашка өрүм», «жон өрүм», «жылан боор өрүм») анча айырмаланбаган. Бирок, кайышты ийлөөдө, тилүүдө, көктү жасоодо анын кылдаттыгы баамдалып турат. Боз үйдүн жыгачын да кармаган. Анын колунан жаралган буюм-тайымдар ал жашаган аймакта кеңири таралган.

## АЛДАЯРБЕК УУЛУ АЙСЫРАКУН
(1905—1978)

Зергер. Ат-Башы районундагы Баш-Кайыңды айылында төрөлгөн. Устачылыкты черик элинен чыккан Мамбетаалы Өмүр уулунан үйрөнгөн. Мамбетаалы өз доорунда Токтогул деген устанын шакирти болгон экен. Катсабаты жоюлгандан кийин Ат-Башыда ачылган интернатта башчы, согушка чейин Жети-Өгүз районундагы «Үлгү» айыл чарба артелинде темир уста болуп иштеген. Ошол тапта суу тегирмен чуркатып, ал Айсыракундун тегирмени аталган. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1946-ж. элине келип, таш чегип ортолук тегирмен чуркаткан. Анын устачылыгында өмүрүнүн акырына чейин алты сайлуу ак барандан алтыны жасаган. Көнчүлүктү, теричиликти, жыгаччылыкты, мүйүзчүлүктү, таш чегүүчүлүктү бирдей кармаган. Анын көп кырдуу өнөрүнүн ичинен кара устачылыгы мыкты.

Ал күмүштү эритип, жатагына куя билген. Аралашмасы бар күмүштүн ыпласын ылгап, жамбы уюткан. Күмүштү кара темирге жалатуу анын жекече ыкмасы. Ал үчүн эритилген зерди (күмүштү) эптүүлүктө кагаздай жука үлбүрчөк кылып чыңайт. Темир шөкөттөрдү таптаза сүртөт. Өзү жасап, мыктылап ширетип алган албарстай өткүр чакан балкасы менен үзөңгүгө кыйма-чийме торчо сызык түшүрөт. Үлбүрөк күмүштү ага аяр кармап келип жалатат да, күмүш балкасы менен таптайт. Муну гүлдүү чүпүрөк менен сүртсө асыл зат өңүнө чыгып, жылтылдап даана күмүш болот. Устанын үй-бүлөсү чебер колдуулар. Байбичеси Сары — уз, уулу Жумабай — уста.

## АЛИЕВА ГҮЛЖАН САДЫК КЫЗЫ

Саймачы. 1955-ж. Нарын районундагы Кара-Чий айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзунун





көркөм фондусунда, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде чебер болуп иштеген.

Уз сайма буюмдарынын жердигине кийизди, терини (өңдөлгөн, ышкын түп менен боёлгон), таарды алат. Салттуу көчөттөрдү негиздеп, өзүнүн «жарым кыял оюмдарын» көчөт катары түшүрөт. Көбүнчө чакан туштуктарды жаратып, чет өлкөлөргө, мамлекеттик музейлерге экспонатталууга, сатыкка чыгарууга шартташтырат. Анын четтик көчөтүнө «кочкор мүйүз оюму» менен «бармак боочу оюмун» айкалыштырат. Ал кайра «кочкор мүйүз оюму» карга тырмак оюму» аркылуу уздун учкул кыялынан жаралган «жарым кыял оюму» (көчөтү) — борбордук көчөттөргө айкалышат. Ошондо бири-бири менен жиксиз тутумдашкан төрт-алты табакчалардын араларынан экиден «табакчалар» колтук көчөт катары улана түшөт. Ал мүйүз оюмдарынын сыртынан «кыргак көчөттөрүн» кыркалай түшүрүп, ар бир табакчаларынын ортосунан пайда болгон өзөкчөлөрдү коюу түс аркылуу бери алып чыгат. Мында көк-кызыл өңдөр үстөмдүк кылат. Эгер сайма өзөгү көктөн болсо, четине кызылдан, кызыл келсе четине көктөн түшкөн жээк көчөттөрү ачык көрүнөт. Ал ак жердикке бир эле түстү колдонгон учурлары да бар. Уз ийне сайма менен илме сайманы бирдей колдонот.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1977-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 60 жылдыгына карата «Эл чеберлеринин жана сүрөттү өз алдынча сүйүүчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Илме сайма туштуктары (панно) үчүн Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Териге, кийизге түшүргөн көркөм көчөттөрү үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Биринчи даражадагы дипломү.

## АЛИЕВА САЙРА

Өрмөкчү жана чырмакчы. 1928-ж. Чүй районундагы Кыпчак айылында төрөлгөн. 1947—49-жылдары Бириккен мектебинде мугалим, кийин Бишкек шаарындагы нан заводунда иштеген. 1982-жылдан Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзунун алдындагы көркөм фондусунда узданат. Ал мында өнөркананын башкы сүрөтчүсү прикладник Абдылдаев Мукаштын таасирин аркалап, аны менен бирдикте өрмөк дүкөнүн уюштурган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун жана президиумунун мүчөсү.

Сайра кагазга түшүрүлгөн эскизи аркылуу таар буюмдарына көркөм көчөт түшүрөт. Мында сүрөтчү-прикладник Татьяна Лысенконун үлгүлөрүн согуп, дүкөнгө чыгаруу аракети узга чыгармачылык шык берет. Сайра терме буюмдарынын ортолук (борбордук) көчөттөрү үчүн 51 жуп жип күзүктөп, ага «кыял оюмун» арбын пайдаланат. Ал эми жээк (четтик) көчөтүнө алган «жарым кыял оюму» 7 жуп жиптен турат. Алардын араларына «чычкан изи», «ала мончоктун» ар бирине үч жуп жип керектелет. Андан «колтук көчөтү» пайда болуп, 6 жуп жип керек. Мындай шартта буюмдун өңүн ак түс ачат. Уз көбүнчө ак-кара, ак-күрөң, көк-кызыл түстөрдү эриш-аркак пайдаланып, сүрөтчү-прикладниктердин таасиринде буюм-тайымдарына живописттик маанай берет. Сайранын айрым үлгүлөрүндө 10 жуп жип сары-кызылдан тандалат. Мында 4 жуп жиптен «ала мончок» жээк көчөтү түшүп, 8 жуп жип менен күзүктөлөт. Четтигине «ала мончок» кайталанат. Уздун терме таарларынын эни 58 *см.* Бул тегирич да, керегe таңуу катары да колдонулат. Ал чачыланбайт. Шалчаларынын «чычкан изи» 2 *см,* борбордук көчөтү 20 *см,* жээк көчөтү 3 *см* болот. Ал татаал көчөттөрдү түшүрүүгө маш. Четтерине «тумарча көчөтүн», «кыял оюмун» көркөм көчөт кылып алган таарлары арбын.

Сайра чий да чырмайт. Мында «ашкана көчөтүн» бир табакча кылып, «мүйүз оюмун» бычак учу аркылуу ажыратат. Ал кадимки шырдак бетин элестетет. Сайра көбүнчө төкмө оймочу Садыбакас Кадыралы уулунун үлгүлөрүн пайдаланат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. «Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун көркөм көргөзмөсү». Терме таарлары үчүн Кыргыз ССР көркөм фондусунун Грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Терме шалчасы үчүн Кыргыз ССР Көркөм фондусунун Ардак грамотасы;

1989-ж. Кыргыз Эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». ЭЧЖРКнүн медалы, дипломү;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Таар буюмдары коюлган.



## АЛИЕВ ОРОЗБЕК
(1954—1990)

Өрүмчү. Ат-Башы районундагы Ак-Жар айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздо чабандын жардамчысы, совхоздо жумушчу, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде териден буюм, белек жасоо өнөрканасында эмгектенген. АКШнын президенти Р. Рейган СССРге келгенде белекке берилген ат жабдыктарынын бөлүктөрүн өргөн. Ага Кыргыз ССР жергиликтүү өнөр жай министрлиги «II сынаптагы чебер-сүрөтчү» деген наам ыйгарган. Өрүмчүлүктү Ак-Жарлык Кулболду карыядан үйрөнгөн.

Камчы өрүмдүн негизги жердиги көк. Ал үчүн өрүмчү жаңы союлган кулундун жана музоонун терисин боорунан тилет. Ал өөк деп аталат. Көккө керектей турган терини жылуулай сууга салат же шар аккан сууга байлайт. Бир жумага жетпей тери жыдыйт. Түз жерге керсе тери калдайып тегиз кургайт. Көктү тилүүнүн эки ыкмасы бар. Адегенде жөнөкөй эле бычак менен тал-тал тилип алып, анан мүйүз же табылгы, кайың сындырыкка салып өткөрөт. Ошондуктан өрүм кооз көрүнөт.

Камчы өрүмдүн негизги аспабы жаа. Ал жарым айлана түспөлүндө болот. Бул үчүн чебер тоо текенин мүйүзүн сууга кайнатып, жаа түспөлүндө иет. Орозбек өрүмдүн өзөгү үчүн мурун пайдаланылган кайышты алган. Анда өрүм өрүлүп бүткөндөн кийин да, камчылануу учурунда да өзөк чоюлуп кетпейт, өрүм аралары ачылбайт.

Орозбек «жылан боор» өрүмүн 8—12—24—32 тал көк менен өргөн. Анда ар бир көк бирден алынып басылат да, бир тал алдынан, бирөө үстүнөн түшөт. Аркак катары бир тал көк ортосунан өтөт. «Жылан боор өрүмү» татаал көрүнүп, көбүрөөк тилинген сайын талы майдаланып отурат. Камчы өрүмдүн дагы бири — «терме өрүм». Ал үчүн чебер 8—10—12—14—16—18—20—22—24 тал көк тилген. Мында тал көктөр кайчылаша түшүп отурат. Бул өрүм «терме өрүм» деп айтылганы менен ал негизинен «калмак өрүмдүн» катарына кирет. Жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүк, басмайыл өңдүү ат жабдыктарынын бөлүктөрү жалпысынан «калмак өрүм» делет. Мында өрүмдөр жазы болот да бир бүтүндү түзөт. Бирок, «калмак өрүмдүн» камчы өрүмгө таандык түрү бар. Орозбек кайыштан сегиз тал тилет да, өрүмү төрт болуп түшөт. Аны айрым жерлерде «казак өрүм» деп да аташат. Анда сегиз тал төрттөн экиге бөлүнөт да, анын өрүмү оңдон солго эки четинен башталат. Өрүмчү «суйсалды өрүмдү» көбүнчө кайыштан өргөн. «Музоо тиш өрүмүн» да жалаң кайыштан кармаган. Камчы өрүмдө түзгүндөөнү (майда өрүмдүн учун бекитүүнү) Асанбаев Абдыкадырдан үйрөнгөн. Өзүнчө ичке көк тилип алып, өзөктү шибеге менен көзөп, андан өткөрүп, көктүн эки учун теңдеп туруп, ал көктү илме-чалма чалып, ал чалмадан эки көк түз өтүп, илмесинен да эки көк түз өрүлөт. Өрүм оролушуп, айланып, пружина сымалданып түшөт. Анан өзөктү экиге бөлүп кайышты бекитет. Ал жүгөндүн тумшугу, сагагы, эки жаагын бири бирине туташтырууда башка өрүмчүлөрдөй тээк (эки жыгач) койбой эле өз ичинен өрүм чыгарып өргөн. Орозбек басмайылдын кошундуларын өрүүдө да өзүнчө чеберчиликке ээ болгон. Арасынан түйүн чыгарган. Көмөлдүрүк, куюшкан өрүүдө да ушул ыкманы колдонгон. Өрүмчүлүк өнөрүн өркүндөтүп, жаштарга нускоочулук кылып, үйрөнчүктөрдү даярдоого албан аракеттерин жумшаган.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1977-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1988-ж. «Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук III фестивалына карата «Элдик чебер-

лердин республикалык көргөзмөсү». Өрүм ат жабдыктары Ленинграддагы тарых жана этнография музейине экспонатталган.

## АЛИЕВА КАЛБУБУ САДЫК КЫЗЫ

Бычмачы, тикмечи, саймачы. 1959-ж. Нарын районундагы Кызыл-Жылдыз (Кара-Чий) айылында төрөлгөн. Бүтпөгөн орто билимдүү. 1985-жылдан Т. Сатылганов атындагы Кыргыз Мамлекеттик Филармониясынын улуттук кийим-кечектерди бычып-тигүүчү чеберканасында узданат. Уздук нусканы алгач эжеси Гүлжан Садыковадан, андан кийин театрды жасалгалоо чеберлери Шаршеева Минара менен Куралова Марапаттардан алган.

Калбүбү чепкен, чапан, кемсел, чыптама, кош этек, шым тигет. Аларга үлгү боюнча көркөм көчөттөрдү түшүрөт. Өзүнүн бычып-тиккен шөкүлө, тебетей, элечек, такыя топулары, аларга түшүрүлгөн көркөм көчөттөрү өз нускоочуларынын жасаган буюмдарына үндөшөт. Кыргыз Республикасынын эл артисттери Дарика Жалгасынованын, Саламат Садыкованын, артисттер Тамара Исабекова, Гүлзат Батырканова, Лира Раимбековалардын баш кийимдери Калбүбүнүн узчулугуна таандык.

## АЛЫМБАЙ КЫЗЫ СЕЙДЕКЕ
(1900—1968)

Уз. Тескейлик саяк элинде (болжолу Тоңдун Бар-Булагы, Шор-Булагы ченде) туулган. 16 жашында миң койго калыңга Бай Кудашбай иниси Тыныбайга атайын кыз тандатып барып алып берет. Ал Ысык-Көл районундагы Корумду айылында жашап өткөн. Сейдеке энени «апакай апа» аташкан. Ал кайкач бармагы менен көп буюм кечелерди кезегинде көркүнө чыгарган. Төтөн көн (шири) буюмдарына: көөкөр, көнөк, көнөчөк, жагдан, чыны кап өңдүү үлгүлөрүнө назар таштайт. Айрым адамдар нарктуу таберик тутуп, көөнөрбөс эстелик катары сактап да жүрүшөт. Идишинин нукуралыгы мамлекеттик музейлерге экспонатталган түрлөрүнөн да көрүнөт. Уз көнөктүн түбүн жалпак, чоргосунун түбүн жоонураак, учун төмөн карай ийилтип, оозун тарыраак, бөйрөктүү кылып мелүүн көлөкөгө койгон. Ал тоборсуган соң четин, арча, шилби окшогон катуу жыгачты калем сaптай мукур учтап алып, коодук чиймелердин «ийрек», «мүйүз», «чийме сынпос» өңдүү нукура түрлөрүн түшүрүп, кайра ошол шиш менен абдан батыра басып оюпчиймелеген. Аны как кургагандан кийин ыштаган. Чылгый тери шири идишке айланып, дайыма катуу абалын сактаган. Шири идиштерин жылына бир-эки жолу ыштаган. Сейдеке байбиченин көөкөрлөрү көлөмүнө карата кош ийини «кочкор мүйүздөнүп», оюм-чийимдери таза жана так, моюну койкоюп узун-кыска келип, жалпы көрүнүшү жыйнактуу болгон. Эмгеги баттамада.

## АЛЫМБЕКОВА ЖАҢЫЛ

Шырдакчы. 1938-ж. Ат-Башы районундагы Ача-Кайыңды айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбада эмгектенет. Кийиз буюмдарын жасоого жаш чагынан кызыккан. Анын жасаган шырдагы нукура элдик ыкма менен бүткөрүлүп, кийиз килемдей сезилет. «Жарым кыялдын» элементтери мында көбүрөөк кездешет да, даана уздук жүздү ача турган түркүн боёкторду укмуштай чачырата берет. Анда көп өңдөрдү ич ара айкалыштырат. Андагы көркөм оюмдардын элементтерине карата боёкторду шайкештентет. Уздун буюмдары чакан, урунууга жыйнактуу. Төрт тарабын төп келиштирип, шырдакты узчулуктун жогорку чегинде кармаганы оюмдан баяндалып турат. Кийизди да абдан быщык уютат. Шырдактарындагы көркөм оюмдары анын кийиз үлгүлөрүнө үндөшөт. Булар бир бүтүмдү түзүп, бир аруу колдон чыкканы көрүнөт. Анын Мөөркан Өмүрзакова сыяктуу ишенимдүү шакирттери бар.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Шырдагы үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы, Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы. Төр шырдагы жана жолго төшөөчү шырдакчасы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин I даражадагы диплому.

## АЛЫМБЕКОВ УМАРБЕК

Жыгаччы. 1966-ж. Кочкор районундагы Чолпон айылында төрөлгөн. Бишкектеги № 19 элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайын бүткөн. «Кыял» Бирикмесинин Ысык-Көл шаарындагы филиалында узанат. 1991-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Умарбек ашкана кырма идиштеринен сырткары үй ичиндеги буюм-тайымдарын, сандык, ала бакан, тогуз коргоол өңдүүлөрдү кармайт. Анын жүк (төө) сандыгынын үлгүсүндө салттуулукту сактоо менен автордук чыгармачылык бар. Жыгачты, фанераны көлөкө жайда табы менен кургатат да, жердикке карата анын көлөмүн аныктайт. Кир көтөрүмдүү болушка жыгачты кара күрөң боёкко алат. Устанын чеберчилиги сандыктын маңдайкы бетине урган шөкөттөрүнөн баамдалат. Мында ал жука ак калайдын тазасын тандайт. Ага түшкөн кооздук «мүйүз оюмдарынын» түрлөрүн элестетип, бир көркөм көчөт менен экинчи көркөм көчөт жумуруланат. Чабылган датчалбас ак калайдын борбордук бөлүгү менен жээк бөлүгү жиксиз уланат. Жыгаччынын жараткан жаңычыл үлгүлөрү көркөм кеңештен ийгиликтүү өтүп, өнөрдкананын чебер аткаруучулары көп нускалоодо. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Сандыгы үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин, Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамоталары;

1991-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Жыгач буюмдары коюлган.

## АЛЫМКУЛОВ АБИЛМАЖИН

Уста. 1937-ж. Тогуз-Торо районундагы Казарман (Алтын-Чөйчөк) айылында төрөлгөн. Уругу өдө-чекти. Орто билимдүү. Устачылыкка агасы Желден уулу Абдыбек үндөктөгөн. 1978-жылдан аваздык аспаптарды кармайт. Темир комуздун жаагына таш калайдан, жезден, мистен, жер алды менен тартылуучу электр зымдарынан тандайт. Комуздун тилин тросс көтөргүчтөн (кээде болоттон) алат. Комузунун жаагы 5—6—7 *см* келет (5 *см*ден кемибейт). Комуздун жаагы канчалык узун болсо, үн толкуну ошончолук алыс тарайт. Тили ортočо алынат (учу сынып калса жашытып кайра ийүүгө ылайыкташтырат). Өзү да темир комузда күү кага билет. Анын Ашырбаев Таалай, Ашырбаева Жыпаркүл өңдүү үйрөнчүктөрү бар.

## АЛЫМКУЛОВ АСАНБЕК

Ат жабдыктарынын жана тери буюмдарынын чебери. 1970-ж. Ат-Башы районундагы Ак-Муз айылында төрөлгөн. 1989-ж. «Мураскер» элдик көркөм кол өнөрчүлүк окуу жайынын териден көркөм буюм кармоо бөлүмүн бүтүргөн. Нарын шаарындагы «Нуска» чакан чеберканасында узанат. 1991-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Ал ат жабдыктары жана камчы өрүмдөрү аркылуу кароо-сынактарга катышат. 12 талды алтыдан бөлүп, кайра эки талды тиги талдардан алып, кайра ошол талды алган жакка берет. Демек, топ алты талдар бири-бирине кошулуп алына берет. Ошондо алды бирдей, үстү балык жон көрүнөт. «Жылан боор өрүмүнө» 12 тал көктү алты-алтыдан бөлүп, алтоону өзөктүн алдынан алат, алтоону өзөктүн үстүнө чыгарат. Алдыңкы талдан бир тал алынат. Үстүңкү талдын экөөнүн үстүнөн бирөө алдыңкы талдын экөөнүн астынан, экөөнүн үстүнөн басып, мына ушул тал шарттуу кайталана берет. Чебер ийлеп кол кайыш да жасайт. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1991-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Өрүм ат жабдыктары коюлган.

## АМАНОВА ЧУКУН

Чырмакчы жана саймачы. 1940-ж. Кочкор районундагы Ара-Көл айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Үй кызматындагы баатыр эне.

Анын чийге түшүрүүчү негизги каражаттары — «табак оюм» менен «туура мүйүз» оюм. Чырмакчынын кооз чыгдан чийи айыл ичине үлгү катары таралган. Мында Кочкор өрөөнүнө таандык көркөм каражаттарды так, тэп алат. Узчулуктун ичинен ал чий чырмакчылыкта жаңычыл катары көрүнүүдө. Ал көтөргөн алты ак өргөөнүн чырмак жасалгаларына уз «килем көчөттү» көбүрөөк пайдаланган. Чукундун чеберчилигинде сары түс көчөттөрү майда түшөт. Ал «аламончоктолот». Анын кармаган буюмдарында «шайы көчөттүн» көркөм элементтери көбүрөөк кездешет.

Чукун сайма да саят. Анын туш кийизинде алты табакча бар. Ар биринде үй пайда болуп, «мүйүз оюмунун», «бадам оюмунун» негизги көчөттөрү бак-дарактардын бутактары, чөп-гүлдүн сабактары ич ара шарттуу пайдаланылат. Борбордук көчөт менен жээк көчөттөрдүн араларына төө өркөчтүү «суу» жүргүзүлөт. Уз саймаларына түрдүү түстү көбүрөөк түшүрүүгө аракеттенет. Кызыл-көк сары-кара менен жупташат жана ак өңдүн ылайык келүүчү ички катышын чебер билет. Анын туш кийизинде



түрдүү гүл аркылуу түшкөн оюмдар, көчөттөр омуртканы, куш канатын, мүйүздү элестетет. Термечи катары да белгилүү. Уздун кызы Чынара да колдонмо-жасалга өнөрүн кастарлап кармап, эне таалимин улоодо.

## АМАНТАЕВ ТУРГУНБАЙ

Жыгаччы жана мүйүзчү. 1914-ж. Токмок шаарында туулган. Алгачкы совет мектебинде өзбек, татар тилдеринде окуган. 1929-жылдан комсомолдук кызматкер, кийин «Кыргыз труд» колхозунда ага эсепчи болуп иштеген. Көркөм кол өнөрчүлүктү 1956-жылдан баштап кармаган. Т. Амантаев Бишкек шаарындагы өнөр жай турмуш-тиричилик комбинаттарында мүйүздөн, сөөктөн белек-бечкек үчүн буюм-тайымдарды жасоо өнөрканаларын уюштурууга жандуу катышып, өзү бул боюнча көркөм үлгүлөрдү жарата баштайт. Чебер 1958-жылдагы Кыргызстандын адабияты менен искусствосунун Москвадагы II декадасынын катышуучусу. Көп жылдары Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзунун алдындагы көркөм фондуда узанып, «элдик чебер» деген наам алган.

Идиш-аяктарды жасоо ыкмасы Түштүк Кыргызстандын кырмачыларынан кескин айырмаланат. Табак, аяк, чөйчөк, сузгу, кашык, жанаяк ж. б. идиштери тарыхый эстелик катары мамлекеттик музейлерде сакталууда. Чебер идиштерди көбүнчө талдан жасайт. Тал тарамыш сымал келип, ийри-муйру жарылат. Аны жарылган ыгы менен жонот. Арааланганга караганда колдо жарылган талдан жасалган идиш-аяктын калыбы кийинчерээк анча өзгөрбөйт. Андай жарылыш ийри-муйру жыгачтар кургаган соң табигый абалга келет. Уста өрүк комуз чабууда да ушул ыкманы пайдаланат. Идиштин сөлөкөтүн келтирген чакта кайнатып, заттын сары суусу менен чайырын чыгарып алат. Мындай буюм чирибейт жана бышык болот.

Уста мүйүздү иштетүүдө «чакча», «тоо теке», «бүркүт», «гүл салгыч» өңдүү буюм-белектердин үлгүсүн жаратат. Алардын айрымдары чет өлкөлөргө экспонатталган. Тургунбай уста абалы мүйүздү кайнатып алат. Мында анын ичиндеги өзөгү, кемирчеги өзүнчө бөлүнүп чыгып, пластмасса сымал даана мүйүзү калат. Уч жагын канаттуулар менен айбанаттардын кейпин жасоого колдонот. Чебер мүйүздөн шакек, билерик, оймок, сөйкө, желбирөөч, чолпу, күбөк өңдүү көркөм буюмдарды жасайт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1972-ж. СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата Кыргыз ССР жергиликтүү өнөр жай министрлигинин көргөзмөсү. Мүйүз, сөөк, жыгач буюмдары үчүн Ардак грамота;

1976-ж. Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин элдик көркөм кол өнөрчүлүк боюнча Бүткүл союздук практикалык конференцияга карата кароо-сынагы. Мүйүз, сөөк жана жыгач буюм-белектери үчүн министрликтин Ардак грамотасы;

1977-ж. Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун көркөм фондусу уюштурган чебердин мүйүз, сөөк жана жыгач буюмдарынын жекече көргөзмөсү;

1979-ж. СССР Маданият министрлигинин, СССР Сүрөтчүлөр союзунун жана СССР Сүрөтчүлөр Академиясынын Бүткүл союздук көргөзмөсү. Жогорку көркөмдүктө жасаган буюм-тайымдары үчүн I даражадагы диплом.

1982-ж. СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Кыргыздын көркөм кол өнөрчүлөрүнүн республикалык кароо-сынагы». Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1982-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан КПнын түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин грамотасы.

## АНДАШ УУЛУ САРЫ

(Туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Кетмен-Төбөнүн Тыттуу-Сайында төрөлгөн. Анын усталыгын баяндаган Токтогулдун төмөнкүдөй ыры бар:

«Андаштын уулу Сары эле,
Айдалып барган аделе.
Колунан көөрү төгүлүп,
Усталыгы бар эле.
Чоюндан чокмор куйду — деп,
Жыгачтан найза кылды — деп,
Айдатып ийген болучу,
Бечара уста Сарыны.
Сары бар тирүү Шиберде,
Мен өңдөнүп карыды.
Анын да өттү кайгыда,
Өмүрүнүн жарымы».

Акыйкатта Андаш уулу Сары уста революционер да болуптур, Токтогул менен кошо айдалган. Сары да ондогон жылдары сүргүндүк турмушту башынан өткөрөт. Көп улуттуу туткундар менен жуурулушуп, уста ак-караны ошол жактан ажыратат.

## АПЫШОВА ЖАМАЛ

Уз жана ат жабдыктарынын чебери. 1938-ж. Талас районундагы Арал айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. 1987-жылга чейин колхоздо иштеген. 1987-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узданууучу-узанууучу чебери. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Кайын энеси Улча байбиченин нускасын алган.

Жамал көөкөр, көнөчөк, сабаа сыяктуу шири идиштерин кайрадан кармап, турмуш-тиричиликте урунууда. Мал союлары менен терисинин жылуулай жүнүн алып чиеге (тоодо өсүүчү алчадай кичине мөмөсү бар өсүмдүк) кайнатып, жылымак кылып терини ага боёп, түнөтүп коёт. Эртесинде керип кургатып, бычыптигет. Из түшкөндөй кургаган чакта сыртынан темир шибеге менен чийип (наар, чийме сынпос) түшүрөт да терини ыштоого коёт.

Уз ала кийиз, шырдак, туш кийиз, тери буюмдарынан сырткары ат жабдыктарын өрүм (татаал, жөнөкөй өрүмдөр), кайык ыкмалары аркылуу жүзөгө ашырат. Тердик кармайт.

Жамал саймаларында Таластык уздарга таандык көчөттөрдү ич ара кыйыштыруу касиеттери бар. Ал кызыл, жашыл өңдү сары түс аркылуу ажыратуу, өзүнчө «үй түзүү», көчөттөрдүн «суусун чааралакей» берүү бөтөнчөлүктөрү бар.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Териден иштетилген буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун экинчи даражадагы дипломуу;

1987-ж. Улуу Октябрдын 70 жылдыгына карата «Эл чыгармачылыгынын II фестивалы». Туш кийизи үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Биринчи даражадагы дипломуу;

1989-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Тери оюм көлдөлөңү үчүн «Кыял» Бирикмесинин Экинчи даражадагы дипломуу.

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү».

## АПЫШОВ РЫСПАЙ

Ат жабдыктарынын чебери. 1938-ж. Талас районундагы Арал айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздо жыгач уста болуп иштеген. 1976-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узануучу чебери. Ага өнөркана «Жогорку сынаптагы чебер-сүрөтчү» деген наам берген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Рыспай зер буюмдарды (оймок, шакек, сөйкө, билерик), ат жабдыктарын кармайт. Темир жана жыгач беттерине элдик оюм-чийимдердин көпчүлүк түрлөрүн түшүрөт. Анын буюмдары дайыма дүкөн, ларек, жайма базарларга чыгууда. Ат жабдыктарын өрүмчүлүк жана кайышчылык ыкмалары аркылуу аткарат. Анын шөкөттөрүнө «сыя төгүү» ыкмасы колдонулат. Ал өрүмчү дагы. Камчы өрүмүнө 36 тал тилет. Көк канчалык ичке болсо өрүмү ошончолук сыйда түшөт. Чебер жыйырма көктүн ар бир үч талын бир тал аркылуу бастырып өрө алат. Эгер тилинген көк жоон болсо, ал үч талды экиден бастырып өрөт. Тал ичке жана көп болсо муну үчтөн бастырып өрүүгө да чебер. Рыспай «жон өрүмүн» такай кармайт. Он эки тал кайыш менен өрсө көмөлдүрүктүн, куюшкандын, жүгөндүн «жому» (жону) экиден, он талдан өрсө жону бир бирден түшөт. Өрүмчү ат жабдыктарына кайышты бир метр 30 *см* кылып тилсе, өргөндө 90 *см*ге кыскарат. Камчыдагы 70 *см* көк өрүмүнүн түшкүнү 40 *см*ге барабар. Өрүмдө чебер көктүн узун туурасын так өлчөп тилет. Өрүлгөн жана кайылган ат жабдыктарынын сыныостоодо зергер дат чалбасты арбын колдонот. Ал кесип алган шөкөттөрдү өзүнүн калыбына коюп сомдойт. Рыспайдын камчылары белек катары чет өлкө-

лорго чейин жонотулот. Зергер өзүнчө үйрөнчүктөрдүн мектебин түзүүдө. Жубайы — Жамал, уулдары — Муратбек, Муктарбек, айылдашы Жалпыэтеков Манасбек өндүүлөр өз бетинче узанышууда. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1976-ж. «Уста жана уздардын республикалык кароо-сынагы». Өрүм ат жабдыктары үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Биринчи сыйлыгы, Ардак грамотасы;

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Кайык ат жабдыктары үчүн Кыргыз ССР жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1979-ж. Элдик колдонмо өнөрүнүн Москвадагы Бүткүл союздук көргөзмөсү». Ат жабдыктары, комуз, темир комуз, кемер куру үчүн СССР Маданият министрлигинин, СССР Сүрөтчүлөр Академиясынын, СССР Сүрөтчүлөр союзунун Дипломy;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Төр алабаканы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Экинчи даражадагы диплому;

1983-ж. СССРдин Эл чарбасын өркүндөтүүдөгү жетишкендиктери үчүн СССРдин ЭЧЖКнын Башкы комитетинин коло медалы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Кайык, өрүм ат жабдыктары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Биринчи даражадагы диплому; Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрдын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Ат жабдыктары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы;

1989-ж. «Элдик чеберлердин республикалык союзун уюштуруу курултайына карата ЭЧЖК көргөзмөсү». Кыргыз ССРинин ЭЧЖКнүн III даражадагы диплому, медалы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Ат жабдыктары жана зер буюмдары коюлган.

## АРАЛБАЕВА ЖЕҢИЛДИК
(1934—1993)

Саймачы. 1934-ж. Тоң районундагы Жер-Үй айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Ага



Сүрөтчүлөр союзунун президиуму «элдик чебер» деген наам берген. 1989-жылдан Сүрөтчүлөр союзунун, 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Саймачы катары элдик сырдана көчөт элементтерин, дал өзүндөй саят. Көчөт элементтерин көркөм каражат катары колдонуп, ага өз изденүүсүн ойдогудай берет. Анын түп нускасын чыгармачылык менен өздөштүрүп кетүү касиети бул узда жогорку чекке жетет. Ушундан улам «Жеңилдик көчөтү» пайда болгон. Жеңилдиктин көркөм көчөтүнүн жаңы түрү ийне сайма менен шибеге (илме) сайма ортосунан жаралган. Көчөт элементтери мындайынан караганда кылкандуу өсүмдүктөрдү, дан жыттанган кыйкас орок маалын элестетет. Анын көркөм каражаттары «мүйүз оюмдарынан» турат. Ага уз «кыргак көчөт» деген ат берет. Сайманы кийизге, териге, кездемеге, таарга түшүрүп, туштук, туш кийиз, күзгү кап, аяк кап, атыр баштык, жан баштык, текче, элдик кийим-кечек (чепкен, чапан, кемсел, бешмант, чыптама, белдемчи ж. б.) жасайт. Өңдөлгөн, кол боёкко боёлгон жаргак териге, бир өңчөй согулган таарга сайма саюу салттуулугун ал өзүнчө өздөштүргөн. Салттуу өнөрдү калыбына келтирүүгө, унутулган түрүн кайра жаратууга, жаңыча өнүктүрүүгө аракеттенет. Жеңилдик — жаңычыл саймачы. Ал элдик салттуулукту

профессионалдык менен тутумдаштырат. Жеңилдик эки көчөттүн ич ара катышынын мийзам ченемин кылдат туюнат да, анын сайма көчөтүнүн «суусу» толкунданып, төө өркөчтөнүп, кош сызыктанып, шакекчеленип, өзүнчө түрдөн түр чыгарып кетет. Уз көчөттү тандайлаштырып саят. Ошондо чийим боюнча жиптүү шибеге бир айланып чыгып, кайра ошол из аркылуу сайылат. Жердикке түшкөн сайма кайберен сонуркап оттой турган кумай чөбүнө окшошот. Ал кандайдыр эшилип, чыйратылган жип сыяктуу таңдайлаша түшүп, өзүнчө кооз көрүнөт. Көп жылдар урунулуп, жердиги эскирип, өңү өчкөн сайын сайма жүзүнө чыгат. Антип таңдайлаштырып саюу менен катар боёкторун күрөңдүтүп жана көгүштөнтүп, коңур түр түшүрүү саймачынын өңдү таба билүү сыйкырдуулугун айкындайт. Уздун буюмдары басмырттыкты, коңурдукту, сылыктыкты жана мунайымдуулукту сездирип, тилектештикти, жүрөктүштүктү айгинелейт. Көркөм көчөт аркылуу кыргыз элинин үрп-адатын, пейилин, дил сезимин көрсөтөт.

Уздун дагы бир өзгөчөлүгү: түстөрдү өз ара чеберчиликте айкалыштыруусу жана жасалып жаткан буюмдун жалпы аянты менен сайма көчөттөрүнүн көлөмүнүн ич ара катышын туура чечүүсү. Уздун сарысаптаган үлгүлөрүнө түшкөн «мүйүз оюму», «кыргак оёму», «жарым кыял оюму», «бармак боочу», «гүл» оюм-көчөттөрүнүн ич ара жупталышында ак өңдөр алачакмактанбайт. Күрөң, кара түс «кабагын карыш салбайт», сары өң өзүнө калган түстү оодарып албайт, көк-кызыл түстөр илбериңки келип, уздун өзүндөй коңур, сылык, адептүү бамдалат. Автордун күзгү каптары элдик салттуу буюм-тайымдардын негизинде жаралган. Туштукка үндөшүп, аны менен бир бүтүмдү түзүп турат. Көчөттүн көркөм каражаттарын чечмелегенде муну уз «чамгарак» деп атайт. Себеби, андагы тор чачыктар боз үйдүн керегеси өңдөнөт.

Жаңычыл уз тармал терини тарамдап, мамыктай жумшак кылып, аны чечмелегенде буюм бетине боз торгойлорду символдоштурат. Кабетине боз торгойлорду символдоштурат. Кадимки боз торгой жашыл токойдо берекебейпилдикти даңазалап тургандай сезилет. Буюмдун чети көк жердиктен туруп, ортосу көрпө болуп анда «торгой уялайт». Мунун төрт тарабы тор чачыланып, учу топ чачыкталат. Ушундай эле сайма ыкмасы менен бүткөрүлгөн текчелери ыргайдын мөлтүрөгөн кызыл мөмөлөрү бышып, ошол көз жоосун алган учурдун ортосундагы табакча анын мөмөсүн символдоштурат. Четиндеги сайма таңкы шүүдүрүмдү элестетет. Ал майда саймалар «торгой кездөнүп» кетет. Уздун туштуктарынын аянты бирдей берилет. «Эл кайда көчөт» аттуу чакан буюму төрт табакчадан туруп, «төкмө чачык» менен кооздолот.

Жеңилдик элдик кийим-кечектерге да бөтөнчө назар таштайт. Кызыл жердикке сайылган кызыл белдемчиге «закым» деп ат койгон. Чынында эле көз алдыга кемедей бир тартылып нында эле көз алдыга кемедей бир тартылып кетүүчү кубулуш элестейт. Мында «кыргак сайма» менен «илме сайма» эриш-аркакталып, сайма» менен «илме сайма» эриш-аркакталып, раак түшүп, жердик кызылдан тандалганда, чыптамасы экөө бир бүткөн ойду, буюмдук үлгүнү түзөт. Буга жанда ала жүрүүчү баштык кошулат. Чебер эл турмушун мыкты билип, көркөм көчөт жаратууда аларды буюмда даана элестете берет. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Туш кийизи үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин диплому, кароо-сынактын лауреаты.

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Сайма буюмдары жана элдик кийим-кечектери үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1987-ж. «Жаштардын бүткүл союздук фестивалы». Туш кийизи үчүн Жаштардын Бүткүл союздук фестивалынын лауреаты;

1988-ж. Фрунзе. Чебердин жекече көргөзмөсү;

1989-ж. СССР Сүрөтчүлөр союзуна өтүүгө талапкерлердин көргөзмөсү.

1989-ж. Токтогулдун 125 жылдыгына карата «Сүрөтчүлөрдүн жана Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Сайма үлгүлөрү үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин I даражадагы диплому;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Сайма буюмдары жана элдик кийимдери коюлган.

## АРПАЧЫ КЕЛИНИ САКИШ
(1917—1992)

Шырдакчы, куракчы, элдик кийимдердин чебери. 1918-ж. Нарын (мурун Куланак) районундагы Учкун айылында төрөлгөн. Эки-Нарында айыл чарба активи болгон. Узчулугу Улуу Ата Мекендик согуштан кийин жанданган.

Ал кийиз, таар, курак, тери буюмдарын (бүйүрмө ичик, чолок тон, чолок ичик) кармайт. Кездеме өөнүнөн «каркыра курак»,



«мүйүз курак», «жылдыз курак» курап, өзүнчө буюм (туш кийиз, туштук, телевизор жапкыч) жаратат. Курак буюмдарына уз көбүнчө кызыл, кара, ак түстөрдү бири-бири менен айкалыштырат. Кызыл-кара өөндөн курактын табакчалары (үй) жасалса, алардын өңүн ачуу үчүн актан «көз» чыгарат. Айрым учурда ак-кара курак көчөтү болуп түшөт. Мында аларды бири биринен айырмалоодо кызыл түс «көз» же «аламычы» болот. Ал куракты жүрүп турган канындай туюлат да, берки өңдөрдү өзүнө оодарып алат. Чебер куракты көчөт бөлүктөрүн үч бурч (тумарча) кылып алат. Аны кол машинасы аркылуу бири бирине бириктирип, кездеме менен ичтейт. Уз курак буюмдарын эндүү жасап, кадимки сайма туш кийиздин түспөлүн сактайт. Айылдаштары аны «куракчы Сакиш» дешет.

Уздун чеберчилиги кийиз буюмдарынан айрыкча баамдалат. Ал жүздөгөн шырдактарды бир колдон чыгарган. Уз мурун «Салбай оюм», «кыял оюм», «жарым кыял оюм», «табак оюмдардын» негизинде шырдак жасап келсе, кийин анын көркөм дүйнөсүнүн чеги арылап, элдик оюмдарды негиз тутуп, алардын негизинде өзүнчө өзгөрмөлүү шырдак жаратууга өтөт. Мында шырдакка адаттагыдай төрт табакча (такта) алат. Ар биринин төрт «куш оюмунун» куйругуна (аягына) «карга тырмак оюмун» берсе, ал табакчасынын ичинен төрт «ача оюму» жаралат. Сакиш уздун бул көркөм оюмдардын ичине түшүргөн шырыгы кербендин жалгыз аяк жолун элестетет. Чебер кызылкөктү борбордук оюму, жээк оюму үчүн, ак-караны «аламыч» үчүн пайдаланып мурунку уздардын жөрөлгөсүн сактаса, азыр шартка ылайык кызыл-жашыл, сары-кара өңдөрдү деле бири-бири менен беттештире берет.

Чебердин үчүнчү уздугу — кийим-кечектин жердиктерин колдон жаратып, аларды бычып тигет. Тери ашатуу, өңдөө сыяктуу эски ыкмалары да бар. Мында уз айранды, тузду, борду кеңири пайдаланат. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Курак буюмдары үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы.

## АРСТАНБЕКОВА МИСТЕКАН

Өрмөкчү, чырмакчы, оймочу, саймачы. 1940-ж. Кара-Кулжа районундагы Кызыл-Жар айылында төрөлгөн. Жети жылдык мектепти бүткөн. Совхоздо иштеген. 15 баланы тарбиялаган баатыр эне. Алайкуу өрөөнүнө белгилүү уз. Узчулукту тестиер чагынан колго алат. Өмүрдөшү Жекенбай уулу Ракман узанган ак өргөөнүн ички-сырткы жасалгаларына узданат. Ага чыгдан чий, канат чий, эшик чий, тегирич, жабык баш, кылдырооч, терме боо-чуулары, керегe таңуу, төтөгө өңдүүлөр кирет да, тор чачык, чырмак терме кажыры, беш кеште, чаян түйүш өңдүүлөрдөн оюм-көчөттөрдү үндөштүрүп, түс айкалыштыран бири-бири менен жупталыштыруучу Мистеканга энеси Ажек зор таасир берген. Уздун таарында, букары термесинде Алайкуулуктардын салттуу үлгүлөрүн дал өзүндөй кайталоо аркылуу өзүнчө колорит (жагымдуу өң) таба билүү касиети мыкты өөрчүйт. Анда ал эки «чычкан изинин» ортосунан «кайкалак көчөтүн» чыгарып, кызыл, көк түстү сары күрөң менен жагызып, көркөм көчөттүн төрт бешөөн шарттуу кайталайт. Тегиричиндеги, ат жабуусундагы, шалчаларындагы өңдөр алачакмактанбай, бир өңдү анча өйдө бурбай, ортодон пайда болгон боёктор бири бирине ширелип, кызгылт көгүш түстөр буюмдун жалпы талабын бийлеп турат. Уздун Куштарбүбү, Бурул деген үйрөнчүктөрү бар.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**





1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II карoo-сынагы». Өмүрдөшү Жекенбаев Ракман экөөнө ЭЧЖРКнун I даражадагы диплому;

1991-ж. Курманжан датканын 180 жылдыгына карата «Боз үй тигүүчүлөрдүн карoo-сынагы». Боз үйдүн жасалгалары үчүн II сыйлык («Урал» мотоцикли).

## АСАНАЛИЕВ АЛМАЗ

Жыгаччы. 1947-ж. Сокулук районундагы Шалта айылында төрөлгөн. Күрөңкөев атындагы музыкалык окуу жайын бүтүп Тоң районундагы Кажы-Сай шаарчасындагы музыкалык мектепте комуздан сабак берет.

Алмаз өрүктөн комуз чабат. Бүрү түшүп, саргая баштаган өрүктү кыят да эки башын боёп, жел киргизбей, кабыгын аарчыбай көлөкөгө коёт. Бир жарым-эки жылда өрүк талаптагыдай кургайт. Анан ыңгайына карай тилип, комуз түспөлүн берет. Мында абалы арткы чарасына, анан кырбуусуна, андан соң моюнуна, капкагына назар таштайт. Капкакка ал Жети-Өгүздүн карагайын тандайт. Чеберде комуздун бөлүктөрүнө ылайыкташкан калыптары бар. Ага коюп жыгачты суута чыласа эки кырбуусу ийилип даяр болот. Шашылыш жасалса мешке коёт же кайнатып күнгө коюп какшытат. Бөлүктөр кыстыргыч аркылуу бири бирине аштала кыналат. Алмаз комуз кылы үчүн жилканы пайдаланат. Комуз уста жана комузчунун Серкебаев Акылбек, Абиева Күлмира, Жанкорозова Нурия, Орозалиев Рыскул, Махмуткеева Анара өңдүү ишенимдүү шакирттери бар.

## АСАНБАЕВ АБДЫКАДЫР

Ат жабдыктарынын чебери. 1938-ж. Ат-Башы районундагы Терек-Суу айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбада кыйла жыл чабан болуп иштеген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Устачылыкка тестиер кезинен умтулуп, өрүмчү катары таанылган. Жүгөндүн оoздугуна Абдыкадыр калай менен жез чайкайт. Мындай нарктуулук анын чебер усталыгын аныктайт. Ага ээр чабууну жана каптоону Төлөнбай уста көрсөткөн. Учурунда Төлөнбайга устачылыкты Токто деген зергер үйрөткөн экен. Токто кара темирди камырдай ийлеп, күмүштү кылдай созгон зергер болгон дешет. Мындай усталар Ат-Башы өрөөнүндө көп болгон. Алардын көрүнүктүүсү Баш-Кайыңдыдан Токтогул, Ой-



Терскенден Мамбетаалы, Талды-Суудан Айсаракун, Кара-Булуңдан Асан, анын иниси Азиз өңдүүлөрдүн аттары дайыма айтылат. Алар — устакерчиликтин мектебин түзгөндөр. Булар Абдыкадырга зор шык берген. Ал ошондой чеберлердин улуу көчүн улап, ат жабдыктарын өрүп да, кайып да жасоодо. Ал башка аймактан көп кездешпеген «музоо тиш» өрүмүнө өтө чебер. Бул жоопкерчилик заманда жортуулга камчылана турган сокмоктуу камчылардан. Ал күздө кыркылган табылгы же ыргайдан сапталат. Өтө бышык болгондуктан табылгы кабыгы менен көлөкөдө катырылат. Түлкүнүн, жылкынын, торпоктун терисинен өрөт. «Музоо тиштин» төрт-беш түрүн мыктап өргөн өрүмчү өрүмдү сегизден тартып жыйырма талга дейре жуп сан менен ойдогудай келтирет. Терини жыдыткандан кийин ашаткыга салып ийлеп, күдөрү болгон кезде жаага керип, аябай ийленген жумуру өзөктүн үстүнөн өрө баштайт. Ал кадимки терме өрүмдөй бирден терилип, бирден басылат. Натыйжада, көгү жоон тилинип өрүмү жыш түшүп, музоонун тишиндей төрт чарчы көрүнөт. Мындай өрүмдүү камчы кармаган чеберлер Ат-Башы, Нарын аймактарында өтө аз. Ал «суйсалма өрүм», «жылан боор өрүм» өңдүү татаал өрүмдөрдөн кыйла айырмаланат. Алсак «суйсалма өрүмдө» көк бирден терилип, үчтөн басылса, «жылан боор» өрүмдө бирден терилип, экиден басылат. Алардын сртo жеринен бир көк үзүлсө өрүм башына дейре жанып кетиши ыктымал. Ал эми «музоо тиш өрүмү» бирден басылып, бирден өрүлгөндүктөн, учунан да, ортосунан да жанбайт. Чебер мындан тышкары «жарым нокору өрүмү», «жон нокору өрүмү» жана «беш кашка өрүмү», «жети кашка өрүмү» аркылуу ат жабдыктарынын жүгөн, куюшкан, басмайыл, көмөлдүрүк сыяктуу бөлүктөрүн бир колдон чыгарууда. Чебердин булдурсун камчылары дайыма наркка өтүүдө.

А. Асанбаев кайыкчылык өнөрүн да жакшы билет. Ээр чабууда ошол аймакта өскөн жыгачтарды кыйып, кенен бир жылча кабыгын аарчыбай кургатат. Эки учун солидол менен майлап коёт. Чакан ээрге 55 *см*, чоң ээрге 60 *см* кылып кыят да, сомдоп туруп алты-жети саатча сууга кайнатып алат. Аны улам чаап, улам суу сээп турат. Мындай аракеттер бир нече кайталанат. Ээрдин алдыңкы актасы 18,5—19 *см* болот. Арткы актасы 24 *см*, андан кеңейткенде аттын жонуна токтому болбойт. Ээр кашынын диаметри 12 *см* болот. Абдыкадыр басмайыл өрүмүн 7—9 талдан өргөндө ортолоруна жик (кобул) түшпөй, туташ «жылан боор өрүмү» шекилдүү жалпак түшөт. Ал эми 11 талдан өргөндө «беш кашка өрүмүн» жанаша өргөндөй өңдөнүп, ортосунан кобул көрүнөт.

Абдыкадыр бычак да жасайт. Анын сабын көбүнчө жылкынын шыйрагынан араалайт. Аны жымсалдоодо чарыкты колдонот. Толтосуна жез салат. Ал койдун жото жилигин иштетүүнүн жекече ыкмаларын да мыкты билет. Уулдары — Сатай, Тагай ата өнөрүн улап «каз таңдай өрүмүн» 7—9—11 талдан өрө алышат. Эмгеги түстүү баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Өрүм жана кайык ат жабдыктары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы. Ат жабдыктары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин II даражадагы дипломy;

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Ат жабдыктары коюлган.





1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Өмүрдөшү Жекенбаев Ракман экөөнө ЭЧЖРКнүн I даражадагы диплому;

1991-ж. Курманжан датканын 180 жылдыгына карата «Боз үй тигүүчүлөрдүн кароо-сынагы». Боз үйдүн жасалгалары үчүн II сыйлык («Урал» мотоцикли).

## АСАНАЛИЕВ АЛМАЗ

Жыгаччы. 1947-ж. Сокулук районундагы Шалта айылында төрөлгөн. Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайын бүтүп Тоң районундагы Кажы-Сай шаарчасындагы музыкалык мектепте комуздан сабак берет.

Алмаз өрүктөн комуз чабат. Бүрү түшүп, саргая баштаган өрүктү кыят да эки башын боёп, жел киргизбей, кабыгын аарчыбай көлөгөгө коёт. Бир жарым-эки жылда өрүк талаптагыдай кургайт. Анан ыңгайына карай тилип, комуз түспөлүн берет. Мында абалы арткы чарасына, анан кырбуусуна, андан соң моюнуна, капкагына назар таштайт. Капкакка ал Жети-Өгүздүн карагайын тандайт. Чеберде комуздун бөлүктөрүнө ылайыкташкан калыптары бар. Ага коюп жыгачты сууга чыласа эки кырбуусу ийилип даяр болот. Шашылыш жасалса мешке коёт же кайнатып күнгө коюп какшытат. Бөлүктөр кыстыргыч аркылуу бири бирине аштала кыналат. Алмаз комуз кылы үчүн жилканы пайдаланат. Комуз уста жана комузчунун Серкебаев Акылбек, Абиева Күлмира, Жанкорозова Нурия, Орозалиев Рыскул, Махмуткеева Анара өңдүү ишенимдүү шакирттери бар.

## АСАНБАЕВ АБДЫКАДЫР

Ат жабдыктарынын чебери. 1938-ж. Ат-Башы районундагы Терек-Суу айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбада кыйла жыл чабан болуп иштеген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Устачылыкка тестиер кезинен умтулуп, өрүмчү катары таанылган. Жүгөндүн ооздугуна Абдыкадыр калай менен жез чайкайт. Мындай нарктуулук анын чебер усталыгын аныктайт. Ага ээр чабууну жана каптоону Төлөнбай уста көрсөткөн. Учурунда Төлөнбайга устачылыкты Токто деген зергер үйрөткөн экен. Токто кара темирди камырдай ийлеп, күмүштү кылдай созгон зергер болгон дешет. Мындай усталар Ат-Башы өрөөнүндө көп болгон. Алардын көрүнүктүүсү Баш-Кайыңдыдан Токтогул, Ой-



Терскенден Мамбетаалы, Талды-Суудан Айсаракун, Кара-Булуңдан Асан, анын иниси Азиз өңдүүлөрдүн аттары дайыма айтылат. Алар — устакерчиликтин мектебин түзгөндөр. Булар Абдыкадырга зор шык берген. Ал ошондой чеберлердин улуу көчүн улап, ат жабдыктарын өрүп да, кайып да жасоодо. Ал башка аймактан көп кездешпеген «музоо тиш» өрүмүнө өтө чебер. Бул жоопкерчилик заманда жортуулга камчылана турган сокмоктуу камчылардан. Ал күздө кыркылган табылгы же ыргайдан сапталат. Өтө бышык болгондуктан табылгы кабыгы менен көлөкөдө катырылат. Түлкүнүн, жылкынын, торпоктун терисинен өрөт. «Музоо тиштин» төрт-беш түрүн мыктап өргөн өрүмчү өрүмдү сегизден тартып жыйырма талга дейре жуп сан менен ойдогудай келтирет. Терини жыдыткандан кийин ашаткыга салып ийлеп, күдөрү болгон кезде жаага керип, аябай ийленген жумуру өзөктүн үстүнөн өрө баштайт. Ал кадимки терме өрүмдөй бирден терилип, бирден басылат. Натыйжада, көгү жоон тилинип өрүмү жыш түшүп, музоонун тишиндей төрт чарчы көрүнөт. Мындай өрүмдүү камчы кармаган чеберлер Ат-Башы, Нарын аймактарында өтө аз. Ал «суйсалма өрүм», «жылан боор өрүм» өңдүү татаал өрүмдөрдөн кыйла айырмаланат. Алсак «суйсалма өрүмдө» көк бирден терилип, үчтөн басылса, «жылан боор» өрүмдө бирден терилип, экиден басылат. Алардын ортo жеринен бир көк үзүлсө өрүм башына дейре жанып кетиши ыктымал. Ал эми «музоо тиш өрүмү» бирден басылып, бирден өрүлгөндүктөн, учунан да, ортосунан да жанбайт. Чебер мындан тышкары «жарым нокору өрүмү», «жон нокору өрүмү» жана «беш кашка өрүмү», «жети кашка өрүмү» аркылуу ат жабдыктарынын жүгөн, куюшкан, басмайыл, көмөлдүрүк сыяктуу бөлүктөрүн бир колдон чыгарууда. Чебердин булдурсун камчылары дайыма наркка өтүүдө.

А. Асанбаев кайыкчылык өнөрүн да жакшы билет. Ээр чабууда ошол аймакта өскөн жыгачтарды кыйып, кенен бир жылча кабыгын аарчыбай кургатат. Эки учун солидол менен майлап коёт. Чакан ээрге 55 *см*, чоң ээрге 60 *см* кылып кыят да, сомдоп туруп алты-жети саатча сууга кайнатып алат. Аны улам чаап, улам суу сээп турат. Мындай аракеттер бир нече кайталанат. Ээрдин алдыңкы актасы 18,5—19 *см* болот. Арткы актасы 24 *см*, андан кеңейткенде аттын жонуна токтому болбойт. Ээр кашынын диаметри 12 *см* болот. Абдыкадыр басмайыл өрүмүн 7—9 талдан өргөндө ортолоруна жик (кобул) түшпөй, туташ «жылан боор өрүмү» шекилдүү жалпак түшөт. Ал эми 11 талдан өргөндө «беш кашка өрүмүн» жанаша өргөндөй өңдөнүп, ортосунан кобул көрүнөт.

Абдыкадыр бычак да жасайт. Анын сабын көбүнчө жылкынын шыйрагынан араалайт. Аны жымсалдоодо чарыкты колдонот. Толтосуна жез салат. Ал койдун жото жилигин иштетүүнүн жекече ыкмаларын да мыкты билет. Уулдары — Сатай, Тагай ата өнөрүн улап «каз таңдай өрүмүн» 7—9—11 талдан өрө алышат. Эмгеги түстүү баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Өрүм жана кайык ат жабдыктары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы. Ат жабдыктары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин II даражадагы дипломү;

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Ат жабдыктары коюлган.



## АСАНБАЙ КЕЛИНИ БАТЫЙ КУЛАТАЙ КЫЗЫ

Шырдакчы, бычмачы-тикмечи. 1936-ж. Токтогул районундагы Жаңы-Жол айылында төрөлгөн. Кыргыз кыз-келиндер институтун бүткөн. Узчулукту апасы Чотой кызы Мырзабүбүдөн, өрмөчүлүктү кайын энеси Бечел кызы Сулуудан үйрөнгөн. Таенеси Жумабүбүнүн да нускасын алган.

Батый шырдактарына жашыл-караны беттештирсе бычак учун кара-актан берет. «Жарым кыял оюмун», «куш оюмун», «бүркүт канат оюмун» алып, кызылга сарыны кара менен колтук оюмга жуптап, үч табак оюмду ортолукка алат. Ал көккө жашыл, табак чадагы кызылга ак, колтук оюмдагы сарыга кызыл милте салат. Кийизди кылчык жүндөн уютат. Жабык башындагы «ак этекке» «мүйүз оюмун» кара-кызыл түстө алып, бул ортолук оюм менен «бадам оюм» («балдак оюм» деп коёт) кызыл-көк түстүн милтеси сарыдан болот. Төрт «кочкор мүйүз оюму» төрт «кочкор мүйүз оюму» менен ичи сыртынан жупташып, жалпы оюм аркылуу жиксиз кетет. Батый мында жабык башка сирке төгүп бастырат. Ал ак жиптен кошуу (+) түрүндө көрүнүп, мындай жышаан чанда гана уздарда жолугат. Соккон тегиричинин жээги сары-карадан «тай туяк көчөтү» аркылуу берилип, ортолук төрт «мүйүз оюмунун» ичинен өзүнчө өзөгү тумарча болуп чыгат. Ала кийизде эки табакча тогуз коргоол сымал берилип, ал «Батый оюму» катары жаңычылдыкты туюнтат. Жээк оюмун кызыл-сарыдан алат. «Кочкор мүйүз оюмунун» ортолук өзөгүндө «карга тырмак оюму» «мүйүз оюму» менен беттешет.

Уз тон тигүү үчүн терини колдо иштетет. Ага тандалма терини алат. Карылар үчүн күр тери (кыргыздын кылчык кою), күздө союлган койдун териси (жазгы койдун териси кылдырап жука келет) болот. Терини челдеп, туздап, эт бышымча оройт. Анан анын кыртышы сынбагандай кылып жумуру жыгачка илип, күн көрсөтпөй кургатат. Эрте жазда же күздө ашатат. Абалы бетине айран төгүп жибитет. Туздалбаган теринин жүнү жыдып кетет. Ага улпак кошулат. Текши (кичине эле ачык калса теринин ошол жери карарып кетет) көлбүтө төгүп, улам кол менен аралаштырып турат. Аны бир күнү жаят, бир күнү көлөкө жайга коёт. Терини сызга таштабайт. Бир жумадан кийин ашаткысын кырып, терини сууга беттеп алып, «Айна» же кир самын менен таза жууйт. Эки адам бучкактан силкип, түк жагын каратып кермеге кургатат. Ал алешем кургаганда ун, борду тең кошуп алып устарадай курч чалгы менен өңдөйт (бордойт). Бир топ терини бир учурда өңдөөдө уз беркилери катып калбасын үчүн улам айран сүртүп турат. Өңдөлгөн терини силкип алып, эки адам бучкактарынан тартап үч маал керип чоёт. Өңдөп бүтөөрү менен боёш зарыл. Боёкко анардын кабыгынын ичин тазалап, заргектей кургатып, жыгач сокуга жанчып талкандай майдалайт. Аны ботко кылып кайнатат. Таттуу ношотурду (көк таштын бир түрү) жылуу сууга чылап, аны теринин бетине сыйпайт. Анан боткону жаткырып, бүктөп бир күн түнөтүп, эртеси кырып алат. Ийине жеткирип кычырата ийлеп кургатат. Жакасына тармал козунун көрпөсүн тандайт. Батый жигиттердин тондук терисин козунун кара саксагынан жасайт. Азыр уз Аламүдүн районундагы Арашан айылында жашайт.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Боз үйүнүн ички-сырткы жасалгалары үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломү;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Боз үйүнүн жабык

башы, тегиричи үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы.

## АСАНБАЙ УУЛУ ЖУМАШ

Уста. 1917-ж. Ак-Суу районунун Ичке-Жергез айылында төрөлгөн. 35 жыл колхоз устаканасында узанган. Анын чеберчиликке ышкылануусуна атактуу зергер Кебектин таасири аябай зор болгон. 1932-ж. 15 жашында Ичке-Жергезде айыл чарба артелинин устаканасын уюштурган.

Ал күмүш буюмдарын жасап, ага «айчык» түшүрөт. Көгүш айнек сымал минаны (күмүшкө төгүүчү сыянын бир түрү) былчыратып, аябай күлбото кылып билерикке түшкөн оюмчийимге салат. Аны отко койсо эрийт да, оюм бети кашкая түшөт. Ал кургаганда курук кийиз менен жышыйт. Зергер кепшер жасоону Кебектен үйрөнөт. Кепшер үчүн болжол менен күмүштөн эки эсе, ыроодон (цинк) бир эсе кошуп аралаштырып уютат. Уста кепшерин колдонууда кетип майдалап же өгөөлөп алат. Ага ак данакерди кошуп тапка кармап, аны менен тең бөлүнгөн темирлерди ширетет. Ат жабдыктарын да кармайт. Ал кайык кайышка үндөштүрө «беш кашка өрүмүн» берет. Жабдыктын бүтүндөй шөкөттөрүн сары жезден тандап, өзүнүн калыбына куят. Элдик куймалардан анча айырмаланбайт. Устанын куйма үзөңгүсү үч бөлүктөн турат. Моюнун жана эки жаагын (билегин) кепшер аркылуу ширетет. Азыр Ак-Суу районунун Боз Учук айылында жашайт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары.**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Ат жабдыктары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун дипломуу. Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин грамотасы.

## АСАНБЕКОВА АЛЫМКАН

Оймочу, чырмакчы жана килемчи. 1950-ж. Панфилов районундагы Кум-Арык айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Лейлектеги турмуштиричилик комбинатында элдик кийим-кечектерди тигүү бөлүмүнө башчы, Кара-Балтадагы килемчилик комбинатында килем буюмдарын колдо токуу боюнча инспектор болуп иштеген.

Кийиз буюмдарына көркөм көчөттөрдү ич ара пайдалануу аркылуу нукура элдик түрдө буюм-тайым, белек-бечкек кармоону ал чеберчиликтин башкы максаты катары карайт. Андай салттуулук анын шырдак, аяк кап, текче сымал буюмдарынан ачык билинет. Алсак, аяк каптын капкалдырыгында «жагалмай канат оюмунун» алдынан «кочкор мүйүз оюмун» берүүсү анын бетине эки «жолборс тырмак оюмуна» ойдогудай шайкештенет. Мында анын аламычы адаттагыдай ак-карадан бычак учу түшкөндө көк-кызыл түстөгү үлгү өзүнөн өзү жарашат. Андагы учу чоктолгон тор чачык мурунку уздардан мурасталган мыкты жөрөлгө болуп саналат.

Алымкан чий чырмакчы катары чий көчөттөрүн төп берет. Фону кызылга көктөн «эки кочкор мүйүз оюмун», «ит куйрук оюмунан» бир «кочкор мүйүз оюмун» чыгарып, «бычак учу» салганда кудум шырдакты эске салат.

Килем токууда кадимки көчөт ордуна жолборс, илбирс, арстан, бүркүт, элик, теке, бугу, марал сыктуу айбанаттарды өзүндөй түшүрүүнү же гүлдү берүүнү чеберчиликтин туу чокусу катары карап, ошондон өзүнүн уздук ыракатын алып келсе, кийин андай европалыктарга таандык жасалга өнөрүнүн туткунунан чыгып, элдик жагдайда узанууга багыт алган. «Тумарча көчөтүн», «кош кайкалак көчөтүн», «кыял көчөтүн», «ашкана көчөтүн» (чий буюму чыгдандан алат) жана башка өрмөкчүлүккө таандык түр түшүрүүнү өздөштүрүп (аянты 3х2 килемге 22 *кг* жүн чыгымдалат), ондогон буюмдарды чыгарат. Чебердин кызы Зулета да өз бетинче уздана алат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Шырдагы үчүн райондук жана райаткомдун «Алтын колдуу чебер» деген дипломуу, ЭЧЖРКнүн II даражадагы дипломуу;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Кийиз, чий буюмдары үчүн ЭЧЖРКнүн III даражадагы дипломуу, медалы.

## АСАНБЕКОВА ЗУЛЕТА АКЫЛБЕК КЫЗЫ

Чырмакчы жана саймачы. 1972-ж. Лейлек районундагы Исфана айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. 1991-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Азыр Талас областынын Кара-Буура районундагы Бакайыр айылында турат. Анын чыгармачылыкта узда-



нуусуна атасы Акылбек (сүрөтчү), энеси Алымкан (уз) зор таасир берген.

Ал чий чырмакты, сайма саюну 5-класстан тартып көркөм үлгү аркылуу кармоого өтөт. Уз аяк кап, текче сыяктуу чакан буюмдарына көбүнчө бир табакчаны алат. Мындай ортолук оюмдун — көчөттүн жээги (четтиги) «аламыч» катары түшөт. Жердиги кийиз, жаргактан турган саймаларында «мүйүз оюмдары» менен «куш канат», «жагалмай канат» сымалдарын оң-тескери түшүрүү аркылуу табакчалардын ичинен өзөктү алдыга чыгара билет. Көркөм көчөт-оюмдар чий, саймаларда боёкту тандай билүүсү менен эриш-аркак колдонулуп, ал сатууга, музейлерге экспонатталууга оңтойлошот. Зулета килем да токуйт. Ага жээги «кош кайкалактан» турган «ашкана көчөтүн» (чий чырмак буюмдарынан) көчүрүп бере алат. Эмгеги түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзун уюштуруу курултайына карата «Эл чеберлеринин республикалык көргөзмөсү». Сайма белекбечкектери үчүн ЭЧЖРКнүн III даражадагы дипломү, медалы;

1991-ж. Кыргызстан Эл чеберлеринин уюштуруу көргөзмөсү. Чий, сайма туштуктары коюлган.



## АСАНБЕКОВА КАЛЫЙЧА БАЛБАЙ КЫЗЫ

Оймочу жана бычмачы. 1924-ж. Жумгал районундагы Чаек айылында төрөлгөн. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында бала бакчада башчы, мектепте мугалим, райондук элге билим берүү бөлүмүндө инспектор болуп иштеген. Баатыр эне, Кыргыз Республикасынын Эл агартуу отличниги, эмгек ардагери. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Уз кийиз буюмдарына жекече оюмдун булагын «бадам оюмунан» алат. Оюм бакдарактардын жалбырактарын элестетет. Буюмдун «четтик оюмуна» (шырдак, ала кийиз, жабык баш, аяк кап, уук учтук, кереге учтук өңдүүлөргө эки «аламычтын» ортосуна түшүрүлгөн эни тайкы көркөм оюм) «бадам оюму», үч бурчтук (колтук оюм) оюмдарына араа тиштен «аламыч» орун алат. Ортолук оюмду уз кайрадан «бадам оюмдан» тандайт. Ал эндүү болуп, адатта, жалпы оюмда (туташ оюмда) берилет. Бул кийизди каттай ою аркылуу жаралат да, ага «табак оюм», «салбай оюм», «бадам оюм», «ит куйрук оюму», «бычак учу оюму», «сыңар мүйүз», «кочкор мүйүз» сыяктуу оюмдар мүнөздөлөт. Оюмдун бардык түрлөрүнүн элементтери ортолук оюмдун да, четтик оюмдун да бай каражаттары боло алышат. Натыйжада, ортолук оюм, жалпы оюм (ту-

таш оюм) оймочунун уздук касиетин аныктайт. Уздун ала кийиздерине күрөң, мала сары, көгүш, кара өңдөр түшөт. Мында көбүнчө «кочкор мүйүз оюмунун» төбөсүнөн «карга тырмак» чыгат. Буюмдун ортолугу кадимки табакча сымалданат. Ичинен шырдак оюмдарынын элементтери дал өзүндөй түшөт. Ага мүйүз оюмдары мүнөздүү. Мында узу оюмду уюлдантып, чагарактатып, үсүл-кесилсиз берет. Уздун ала кийизинин кооздугу — оюму майда-майда түшүп, бардык өңдөр ич ара жуурулушат, ортодон бир өң чыгат. Жабык башка «табакча оюмун» жарым кыялданта берүүгө куштар. Анда табакча-табакчалардын араларын «бадам оюму» бириктирип, көк-кызыл менен беттештирет. Жалаң «мүйүз оюмдарын көркөм каражат кылып, шырдак кармоодо анын «аламычын» жупташтыруу менен буюмга кооздук ыроолойт. Уз айрым учурда «мүйүз оюмдарынын» ортолорун сары-көк түстө тиш-тиш да көрсөтө алат. Анда төрт «кочкор мүйүз оюму» табакчаны түзүп, алардын четтери «араа тиш» (бычак учу), «жарым чыгармак» аркылуу курчалат. Мында «табак оюму» оюмдун бир нече элементтеринин туундусу болуп көрүнөт.

**Катышкан көргөзмөлөрү жана алган сыйлыктары**

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Шырдактары жана оюм туш кийиздери коюлган.

## АСАНОВА КАРАЧАЧ

Килемчи, шырдакчы, бычмачы-тикмечи. 1931-ж. Өзгөн районундагы Курбу-Таш айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Өзгөндөгү килем токуу өнөрканасында жаңы цех уюштурган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Карачачтын килемчилик өнөргө багыт алышына чоң энелери Сатыбалдиева Кылыш, Турдукулова Алтынайлар таасир этишкен.

Карачач — калпак үлгүлөрүнүн чебери. Калпак тигүү өнөрканасын уюштурган. Анын баш кийимдеринде Өзгөн, Алайкуу аймактарындагы элдик үлгүлөр дал өзүндөй сакталып, аны жаш өзгөчөлүктөрүнө карата кийүүгө шартташтырат.

Карачачтын шырдагында «бычак учу» — сары-көктөн алынып, жээк оюму «жарым кыялдан» берилип, кайрадан «бычак учу» карасарыдан түшүп, кызыл милтеси (ыскыты) салттуу көрүнөт. Ортолук оюмдагы үч табакчанын ар биринде «жагалмай канат оюмунун» аягынан «кочкор мүйүз оюму» чыгат. Табакчалардын чети тиш-тиш сымал оюм элементтери аркылуу кыркаланат да, төрт «кочкор мүйүз оюмунун» ичинен төрт «кочкор мүйүз оюму» шарттуу түшөт. Уз кызыл-көк түстү буюмдарынын негизи кылып, шырдак үлгүлөрүнүн арбынын «жарым кыял оюмдарынан» алат.

Уз килем токуу өнөрканасында кыргыз, өзбек кыздарына көркөм буюм жасоодо түр түшүрүүнүн ыкмаларын үйрөтөт. «Кашкары көчөт», «андаза көчөт», «тайлак таман көчөт» сыяктуу кооздуктарды үлгү катары чыгарат. Килемчилик боюнча Алимова Аниза, Калбаева Бусара, Маканбаева Бурулкан, Мамаева Клара, Бакеев Баатыркан, Оморова Зуура, Мырзаканова Уулкан уздун үйрөнчүк мектебинен өсүп чыккан.

**Катышкан көргөзмөлөрү, карoo-сынактары жана алган сыйлыктары**

1972-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Өз алдынча сүрөтчүлөрдүн жана жасалга өнөрүнүн чеберлеринин Бүткүл союздук көргөзмөсү». ВЦСПСтин дипломy;

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Түр килеми жана ак калпагы үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II карoo-сынагы». Килем буюму үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы.

## АСАНОВА НУРГАНЫШ

Уз, сүрөтчү. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер (1992). 1939-ж. Жети-Өгүз районундагы Черик айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзунун көркөм фондусунда, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде узданып, чыгармачылыкты жана саймачылыкты тең тизгинде алып барат. Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү (1988), «Элдик чебер» деген наамдын ээси.

Нурганыш көркөм үлгүлөрдү жаратат. Жумабай Үмөтов өңдүү прикладдык-сүрөтчүлөрдүн кагаз үлгүлөрүн жердикке так берет. Чебер уздукту адис-сүрөтчүлүк менен айкалыштырат. Ушул жагдайда жараткан үлгүлөрүнө композиция түзүп, сюжет, мазмун берет. Анын «Тумарча», «Конуш», «Кер өзөн», «Пахта» өңдүү туштуктары мамлекеттик музейлерге экспонатталган. Нурганыштын өздүк чыгармачылыгында кыргыздын элдик оюм-чийимдерин изилдеген Рындындын эмгегинин ролу зор. Анын колунан жаралган көөкөр түспөлүндөгү сайма баштыктар, аяк каптар чакан, алып жүрүүгө ыңгайлуу, уз буларды «жалпы оюм»



менен берет. Мында элдик «кыял оюму» пайдаланылып, ага өзүнүн чыгармачылык үлүшүн кошот. Мындай чакан буюм-белектер бир кездеги аяк каптын, күзгү каптын, кайчы каптын, самын каптын, куржундун жаңы туундусу боло алат. Уздун кичинекей чий туштуктары архитектуралык жактан өзгөчөлөнүп салынган үйлөрдүн бөлмөлөрүн жасалгалоодо өзүнүн жүзүн көрсөтөт. «Тулпарлар» деген ишин кагазга түшүрүп, үлгүсүн чий аркылуу жүзөгө ашырган.

Уздун ар бир эмгегин чечмелесе оюмдардын ички сырлары ачылып, оюм элементтеринин да өз-өз туюнтмалары билинет, буюмдун өңдөрү символикалык белги катары көрүнөт. Мисалы, «бадам оюму» үй-бүлөчүлүктү; жаратылышты, никелешүү жана жашоо турмуштун башталышын баяндайт. «Гүлдөгөн чак» деген туштугунда бейкут, берешен турмуш даңазаланса, «Тунук суу» аттуу ишинде «суусуз турмуш жок» деген далилсиз чындык жатат. Себеби, туштуктун чок ортосунда үч «бадам оюм» жупташат, ал булактын белгиси. Анын «Жайлоо», «Ысык-Көл», «Чоң энемдин чач учтугу», «Бий», «Миң кыял», «Жаз», «Алтын балык», «Пахта», «Кер өзөн», «Элдик оюм», «Миң кыял» өңдүү туштук-эмгектери ой жүгүртүп чечмелөөнү талап кылат, биринде жеткире айтылбай калган ойду экинчиси толуктайт. Бул эмгектеринде элдик оюм менен күүнүн ич ара катышын, элдик өнөрдүн нарктуулугун даңазалоону чебер максат кылган.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1975-ж. Жаш Эл чеберлеринин Москвадагы бүткүл союздук көргөзмөсү. «Жайлоо» аттуу чий туштугу үчүн СССР ЭЧЖКнүн коло медалы;

1979-ж. Элдик өнөрдүн Москвадагы Бүткүл союздук көргөзмөсү. «Конуш» аттуу чий туштугу үчүн СССР Сүрөтчүлөр Академиясынын, СССР Сүрөтчүлөр союзунун, СССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы. «Жаз» аттуу саймасы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1980-ж. Эл чеберлеринин Москвада өткөн Бүткүл союздук көргөзмөсү. «Кер өзөн» аттуу чий туштугу үчүн СССР Сүрөтчүлөр Академиясынын диплому;

1989-ж. Орто Азия жана Казакстандын көркөм кол өнөрчүлөрүнүн Бишкектеги ЭЧЖРКндө өткөн көргөзмөсү. Кийиз, сайма жана чий туштуктары үчүн Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзунун Ардак грамотасы;

1991-ж. Бишкек. Эмгектеринин жекече көргөзмөсү.

## АШЫРААЛЫ КЕЛИНИ КАСИЯ

Оймочу. 1939-ж. Жумгал районунун Жумгал совхозунда төрөлгөн. Орто билимдүү. Баатыр эне. Ал узчулукту энеси Мамбеталы кызы Жумабүбүдөн, кайын энеси Боржубай кызы Айшадан үйрөнгөн.

Касия боз үй көтөрүүдө, анын ичи-сыртын жасалгалоодо чеберчилиги артылган. Уз кош жабык баш жасаган. Мында бир табакчада төрт «кочкор мүйүз оюму» кызыл-көк түстөн турат да бычак учусу сары-карадан тандалып, «бадам оюму» жээк оюм болуп түшөт. Буюмдун «ортолук оюму» жалпы оюм болуп көрүнүп, үстүнкү жабык баштын көркөм каражатына үндөшөт. Касия боз үйдүн кылдыроочу үчүн «жарым кыялдан» турган кийиз оюмдарын пайдаланат. Анын башы туташ оюлуп, алдынан «жагалмай канат оюму» орун алат. Мындан «ача оюму» чыгат. Аны уз «карга тырмак оюму» кылып да көрсөтөт. «Аламычсыз» эле жээк оюму кызыл-көктөн турган «кочкор мүйүз оюму» өзүнө көңүлдү бурат. Анын алдыңкы кылдыроочу жалаң жарым кыялдан берилгени аркылуу үндөшөт. Жабык баштын ак этеги үчүн

ал ак-кызыл өңдү тандайт. Ал эми чыгданында (ашкана) кыял оюмдарынын элементтери так, төп берилгени баамдалат. Эмгеги баттамада.



## АШЫРБАЕВА РАБИЯ

Узчулуктун мектебин түзгөн чебер. 1894-ж. Баткен районундагы Кара-Токойдо төрөлгөн. Килемчиликти, өрүмчүлүктү, саймачылыкты, куракчылыкты көптөгөн шакирттерине үйрөткөн. Ал акыркы жылдары Кара-Булакта жашаган. Кызы Мээрванга (64 жашта) өзүнүн көркөм үлгүлөрүн калтырган. Андан келиндери Райма, Анаркүл, Касиет сыяктуу белгилүү чеберлер чыгышкан. Рабия уздун шакирттери таарга, килемге, сайма, куракка таандык жүздөн ашуун көркөм көчөттөрдү жана көркөм оюмдарды жатка билип, аларды жердикке түшүрүшөт.

## АШЫР КЕЛИНИ МАКМУРАТ

Килемчи, куракчы, саймачы. 1930-ж. Лейлек районунун Кара-Суу айылында төрөлгөн. Алгачкы нускоочусу Таштемир келини Мария болгон. Узчулукту Бүбүчачтан алган.

Макмурат килемди эндүү (5 *м* х 3 *м*) согот. Эришине 560 тал, аркагына 640 тал жипти так өлчөп алат. Эриш жипти эчкинин кылтагынан ийирет. Эриш-аркагына болжолдо 16 *кг*дай жүн кетет. Эришке жоондугу теменедей чыйрак чыйратылган жипти казандагы сууга бир саатча кайнатат. Аны эки казыкка жүгүртө керип чыңдайт («чыңдоо» деп аталат). Ортосуна метрче үбөлүктөй жыгачты салып, кийин созулуп кетпеси үчүн аны менен катуу толгоп («толгоо» деп аталат), метрдей кылып келептеп, күзүктөйт. Күзүктү кырчылбашы үчүн кебезден ийирет. Буюмдун көркөм көчөттөрүнө «саамал» түрүн түшүрүп, мунун өзү «өзөк», «эки карын», «эки колдон» туруп, аны көбүнчө кызыл-кара түстө берет. «Кочкерек көчөтү», «сыңар кочкерек көчөтү» андан кийин ирээти менен келе берет. Андан ары чыйратылган жиптердин өңүнө жараша «туура мүйүз көчөтү», «карагай бутак көчөтү», «ашкана көчөтү» (ал чыгдан чийге мүнөздүү) ирээти менен түшүрүлөт. Уздун көркөм үлгүлөрү Коргон, Эпкин, Жаңы-Турмуш, Өзгөрүш, Рабат айылдарына жапырт тараган. Чебердин айрым килем үлгүлөрү Кожент (Ленинабад), Исфара, Каныбадам, Сүлүктү шаарларына сатууга түшүп турат. Макмураттын балыш-жаздыкка түшкөн «илме дос» саймалары, «чий курак», «каттама курак», «майда курактарына» түшкөн кооздуктары чебер аткарылганы менен башкалардан анча айырмаланбайт. Азыр Катран айылында жашайт. Ал Досотова Рабия, Таштемирова Парда, Календерова Ажар, Жусупова Тажы, Мадалиева Сурма өңдүү үйрөнчүктөрдү тарбиялаган. Эмгеги баттамада.

## АШЫРОВ АБДЫБАЛИ

Зергер, жыгаччы. 1952-ж. Кадамжай районундагы Тамаша айылында төрөлгөн. 1979-ж. Бишкектеги кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүргөн. Оштогу «Мурас» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Кадамжайдагы бөлүмүндө узанат. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Зергер, комузчу Эргешов Таласбектин таалимин алган.

Абдыбали элдик авастык аспаптарды жасайт. Ал кыл кыяк жасоодо жергиликтүү арча, жаңгак, тыт, кызыл жыгач, алма, алмурут жыгачтарын тандайт да, декабрь — январь айларында кыят. Жыл айланганча (бир саратан) көлөкөдө кургатат. Адегенде өлчөп, түспөлүн алат. Көлөмүнө карата чарасын чыгарат. Кыл кыяктын капкагын төө терисинен да, комуз капкагынан да жасайт. Уйдун (айрыкча буканын) терисинен (эки далысынан) да аспаптын капкагын кармайт. Терини челдеп, белгилүү убакытка малмага салууга чылгыйлап түгүн жыдытып, кыргыга алат. Терини колдо иштетүүнүн жолдорун так билген уста ат жабдыктарына да кол тийгизет. Темир комузду кутусу менен

жасайт. Мында сары жезди, мисти, болотту жердикке пайдаланат. Уста сары жезди иштетүүдөгү татаал жактарын (үндү табуунун ички сырларын) туят. Комуздун тилине бураманы (У—7— болоту) арбын пайдаланат. Тилин этиеттеп сугаруу аркылуу анын термелүүсүн жогорку чекке жеткирет.

**Катышкан көргөзмөлөрү жана алган сыйлыктары**

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Аваздык аспаптары коюлган.

## АШЫРОВА САЙРАКҮЛ

Оймочу. 1924-ж. Тоң районундагы Бар-Булак айылында төрөлгөн. 1942-жылдан «Кызыл-Туу» колхозунда эмгектенген, 1969-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Тоңдогу боз үй көтөрүү бөлүмүндө үйдөн уздануучу чебери. Энеси Сонунбүбү, таэнеси Шаарбүбүлөрдөн таалим алган. 1980-ж. В. И. Лениндин туулган күнүнүн 110 жылдыгына карата Кыргызстан КП БКнын Лениндик Ардак грамотасы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Сайракүлдүн жабык баш, шырдак, ала кийиз, аяк кап, эшик тыш, кылдырооч сыяктуу буюмдарды боз үйдүн ички-сырткы жасалгалары катары кармоосу узчулуктун салтын жана наркын баамдатат. Ал жабык башты оюуда жээк оюму үчүн «ит куйрук оюмун» алат. «Бармак боочу оюму» ортолору жиксиз табакча-табакча болуп түшөт да, аны «мүйүз оюму» жана «карга тырмак оюму» аркылуу айкалыштырат. Ак этек (ак билек да дешет) ак-кара түстө берилет. Бул кызыл-көктөн айкалышкан борбордук жана жээк оюмдарын ачык бөлөт. Ал Ала Тоо кыркаларын элестетет. Чебер кийиздин өңүн тандоодо карасарыны, сары-кызылды да ич ара өңдөштүрөт.



Сайракүлдүн уюткан ала кийиздери бир жүздүү да, эки жүздүү да көрүнөт. Андагы түстөр анча ачык берилбейт. Өң коюу да, көгүш, күлгүн, саргыч да, бири бирине анча жутушпай, ар бир көркөм оюмдун элементтери өзүнүн жүзүн ачык, так, төп көрсөтө алат. Уздун таалим-тарбия берүү жышааны күчтүү. Ал айылдаштарына таасирдүү чебер. Анын уздук жөрөлгөсү жукkандар — Касымова Кайырбүбү, Ашырова Асанбүбү, Думанаева Кермекаш. Сайракүл өзүнүн узчулугунда жүздөй шырдак, элүүдөй ала кийиз, өнөрканынын тапшырмалары үчүн үч жүздөй боз үйдүн кийиз, чий, түймө буюмдарынын үлгүлөрүн жаратты.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1977-ж. СССРдин ЭЧЖКдөгү элдик өнөрдүн Бүткүл союздук көргөзмөсү. Кийиз буюмдары үчүн күмүш медаль;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын республикалык кароо-сынагы. Аяк кап, текче буюмдарынын үлгүсү үчүн I даражадагы диплом.

## БАЙБӨРҮ КЕЛИНИ БУРУШБҮБҮ
(1904—1988)

Зергер жана уз. Кайын атасы Байбөрүнүн, өмүрдөшү Тургунаалынын таалимин алган. Зергерликке узанып, кийин аялдарга таандык узчулукту да колго алат. Улуу Ата Мекендик согуштан соң Кыргыз ССРинен келген СССР Илимдер Академиясынын тарых институтунун Этнографиялык экспедициясына Бурушбүбү зергер баалуу материалдарды берген. Жолдошу Тургунаалынын көрүкчүсү болуп жүрүп, устачылыктын ыгы менен сырын көкүрөгүнө жат кылган. Адегенде топчу, шакек, сөйкө өңдүүлөрдү кармаган. Кийин өтүк ултарган. Ата Мекендик согуш убагында Бурушбүбү Тогуз-Торо районунун Кош-Булак колхозунун устасы аталган. Каамыт тиккен, көмүрдү өзү өчүрүп, кол көөрүктү өзү үйлөткөн.

Бурушбүбү негизинен күмүштү арбын кармаган. Күмүш иштетүүнү, аны чегелөөнү накта



билген. Зергер кийин такай ээр чаап, ат жабдыктарын жасаган. Ээр токумду кара булгаары менен каптап, аны шөкөттөгөн. Ар бир шөкөттүн түспөлүн кесип сагак, тогоо, чагарак, ооздук, купа, солондор, кошунду, жүрөкчө, жүзмө өндүүлөрдүн жалпы жүзүн чыгарып алып, анан аны кылдат сомдоп, чаап, өгөөлөп ийине келтирген. Кооздоого көбүнчө жезди пайдаланган. Жезди иштетүүдө жекече ыкмасы болгон. Жезди эритип калыпка куюуга караганда, зерикпей отко салып жашытып, сомдоо жана өгөлөө зергерге жеңилдей сезилген. Кооз да көрүнөт. Жез сугарылбайт, жашытылат. Улам тапка кармап турса, күмүштөй жумшарат. Иштетүүгө ийилгич болот. Жашытылбаган темир өтө начар көрүнөт. Күмүш да жашытылат. Андыктан зергер абалы көмүрдү оюп жатак жасап, көөрүктү жай басканда күмүш бат эле көлкүлдөйт. Оттон алып маалы жеткенде чабат. Күмүштү чабууда улам отко кармап, кайра муздатып, кайра кармап турат. Улам чаап, улам жашытып турбаса, күмүш талаптагыдай чыңалбайт. Жамбы күмүш улам отко салган, сууга койгон сайын өңүнө чыгат. Күмүш тыйындагы аралашмаларды билүүгө ал ачык таш колдонгон. Күмүштү ысытып, сууга салып да жашыткан. Зергер макиге, чакчага, жана якка күмүш менен жезди бирдей колдонгон. Кезегинде булар тарых музейине экспонатталган. Зергер жезге оюм түшүргөн. Элек согуп, чыны кап токуган. Жүгөн, көмөлдүрүк, басмайыл жана куюшкан кайыган. Кийизге сайманын түрүн салып, кийиз да жасаган. Муну «сайма оюм» деп атаган. Анын оймочу, саймачы, термечи жана чырмакчы дагы экени көтөргөн боз үйүнөн да көрүнөт. Эмгектери баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык 1 кароо-сынагы». Зер жасалгалары жана ат жабдыктары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Биринчи даражадагы дипломү, «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагынын лауреаты».

## БАЙБӨРҮ ШАЙДЫЛДА УУЛУ

(Туулган, өлгөн жылы белгисиз)

Уста. 19-кылымдын аягындагы атагы таш жарган чеберлерден болгон. Ат-Башыдагы черик элинен чыккан. Анын кармаган зер нускалары тарых, этнография музейлеринде, эл арасында сакталган. Байбөрүнүн устачылыгына назары түшкөн Жумгалдагы Кулжыгач элинин билерманы Мырзабек таеке-жээндигин кадыр тутуп жатып көчүрүп алат. Ал тапта Суусамырдагы Түркмөн эли устага кардар болот. Ал атактуу эл ырчысы Калык Акы уулунун кемер курун атайын тапшырма менен узанган. Туулган конушу Ат-Башы болсо да, Нарын, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор — төрт дубан элге талашка түшкөн зергердин дүңү азыр деле Тянь-Шань бөксөлөрүнө дайын. Билген карыялар Байбөрүнү жалаң өнөрү менен эл баккан адам эле дешет. Кийин Байбөрүнүн кичүү уулу Тургунаалыга өнөр оошот. Ошол кезде чоң уста балканы жаңыдан колуна алган уулуна: «Чоң иште мага жете элексиң, майда иште менден өттүң. Зергерчиликте оңой нерсе жок. Ар ким мен кыйынмын деши мүмкүн. Бирок, жасаган буюмдары гана күбө»,— дечү экен. Зергер кийин картайып калган кезде да көнүмүш кесиби боюнча балкасын колунан түшүрбөй отурган.

Байбөрү зергердин жана анын уулу Тургунаалынын колунан күмүш күлүп, кара темирлер камырдай жуурулуп жаткан чакта Тогуз-Торолук элден дагы бирөө келип, атайын кадыр салып Кабактан көчүрүп кетет. Зергердин өнөрүн кезегинде эл ушундайча баалаган. Кийин айыл чарбасын коллективдештирүү кызуу башталып, ортолук устакана уюштурулат. Тургунаалы үч колхозго: «Кайыңды», «Дөдөмөл», «Кош-Булакка» тел уста болот. Кишиден

башканы бүтүндөй ийине келтире жасаган уста 35 жашында оорудан каза табат. Ошондон соң өмүрдөшү Бурушбүбү жолдошунун дүкөнүн ээн калтырбай, анын ордуна узанган.

## БАЙГАБЫЛ КЫЗЫ ЖУМАБҮБҮ

Оймочу жана саймачы. 1923-ж. Кант районундагы Жер-Казар айылында төрөлгөн. Караколдогу педагогиялык окуу жайын бүтүргөн. Кант районундагы III интернационал орто мектебинде эмгектенет. Ал «1941—45-жылдардагы эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы, «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Ал шырдак оюмдары түшкөн буюмдарды жасайт. Жердигин кийиз, кыжымы; тукаба, баркут, чий баркут, трайкеден тандайт. Чакан үлгүлөрдү кармап, үй ичин көрктөндүрөт. Мунун ичинен кийиз буюмдары салттуулукту баяндайт. Бири-бири менен жиксиз биригип, көркөм оюмдары ич ара тутумдашкан шырдактарынын табакчаларындагы төрт «куш оюмдун» башына «карга тырмак оюмун» чыгарып, андан төрт «кочкор мүйүз оюмун» пайда кылат. Мындай уздук «кочкор мүйүз оюмунун» үстүнөн «карга тырмак оюмун» төптүктө чыгарууда айрыкча билинип турат. Же төрт табакча оюм



бир шырдактын ортолук оюмдары болуп, четтик (жээк) оюму үчүн ал «жарым кыялды» пайдаланат. Ортолук оюмга «бадам оюму» түшташ берилет да, эки оюм бычак учу аркылуу айырмаланып, табакчалар «мандалак оюму», «бадам оюму» сымал түшөт. Жумабүбү уздун шырдактарынын жээк оюмдары «жагалмай канат оюмдарынан» да туруп, чакан шырдактары эки эсе табакчадан түшүп, анда «кочкор мүйүз оюмунун» үстүнөн «ачкыч оюму» (ал дайыма оюм үстүнөн орун алат) чыгып, сыртынан «жүрөкчө оюму» болуп көрүнөт. Эки оюмдун араларын «аламыч» эмес, түр жип аркылуу эки элидей эндей кийиздин сыртын милтелеп «суу» өңдөнтүп койгон учурлары да бар. Эки кийизди беттей ойгондуктан шырдактын төрт бурчунан өөн-келки чыгарбайт. Ага да «куш канат оюмун», «карга тырмак оюмун», «ачкыч оюмун», «мүйүз оюмун шартташтырат. Уз элдик кийим-кечектерди бычып тигип, аларга көркөм көчөттөрдү келтирет. Жумабүбү азыр мектепте көркөм кол өнөрчүлүк боюнча музей уюштуруп, окуучуларды узчулукка үйрөтүүдө.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1989-ж. Кыргызстан эл чеберлер союзун уюштуруу курултайына карата «Эл чеберлеринин республикалык көргөзмөсү». ЭЧЖРКнүн медалы, дипломү;

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлеринин республикалык уюштуруу көргөзмөсү. Кийиз буюмдары жана элдик кийим-кечектери коюлган.

## БАЙМОҢОЛОВА АБЫСАЙНАП

Саймачы. 1924-ж. Нарын районундагы Миң-Булак айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Тигүү фабрикасында эмгектенет. Атасы айыл ичиндеги саймачылардын «чиймечиси» болгон. Аталаш эжеси Ажар оймочу, энеси Сайра бычмачы-тикмечи делинген. Алый Бекбоеванын ишенимдүү шакирти. Абысайнап ушулардын нускасын алган.

Узчулукту «керебет тарткыч», «терезе пардоо», «сүлгү», «бет аарчы» өңдүү буюмдарды жөрмөмө сайма менен ачык, так, төп жасалгалоодон баштаган. Кыргыздын элдик «илме сайма», «шибеге сайма», «ийне сайма», «басма сайма» сыяктууларына көбүрөөк назар таштайт. Туш кийиз жасоодо Абысайнаптын уздук татымы көрүнөт. Басма сайма аркылуу бүткөрүлгөн туш кийизине өзү жашаган чөйрөнүн (Эки-Чат, Көк-Торпок, Солтон-Сары, Тер-Суу, Чуңкур-Суу) табиятын табылгыс көркөм көчөттүн бай каражаты катары алат. Ал бул көрүнүштү элдик оюм-чийимдердин элемент-

терине шайкеш символдоштурган. Анда кадимки «мүйүз оюмдарынын», «кыял оюмдарынын», «бадам оюмдарынын» элеси көз алдыга келет. Уз аларды табияттагы көрүнүштөр менен айкаштырат. Андай кооздуктар «Абысайнап көчөтү» деп аталат. 60—70 жылдардагы жана андан мурун-кийин да саймачылыкта жүрүп кеткен агым катары кездеме бетине сүрөт түшүрүүчүлүк (В. И. Лениндин портрети, Мамлекеттик гербдер, Спутник, Көгүчкөн, Төш белгилер) сыяктуу көрүнүштөр Абысайнаптын узчулугунда да басымдуу болгон. Ошентсе да ал көркөм каражаттарды түс, өң аркылуу айкалыштырууда анын сайма буюмдары акак таш чөгөрүлгөн зер нускалардай ачыктыкты сактап турат. Уз абалы түшүүчү түрдү чийип алат. Жүндү көбүнчө колдо ийирип, чыйратып, челдеп, аны түрдүү түскө боёп, саймага жип кылат. Анын илме сайма аркылуу бүткөрүлгөн туш кийиздери көбүнчө алты табакчадан турат. Мал чарбачылыкка байланыштуу оюм-көчөттөрдөн тышкары «жөргөмүш», «омуртка», «секиртме», «кереге көз», «ала мончок» (көчөт катары эсептелет да, ортолук менен жээк көчөттөрүн бөлүп турат), «көөкөр», «кушканат» өңдүүлөрдү арбын пайдаланат.

Абысайнап жүндү аябай кылдап, анан уютат да, кементай жасайт. Аны кир көтөрүмдүү кездеме менен ичтейт. Кара баркут кыюлап, колдо шырыйт. Кементайга көрпө ичиктей жака чыгарып, сайма көчөтүн түшүрөт. Ага көбүнчө «мүйүз оюмдарын» тандайт. Мындай сайма жазылыгы карыш кармалган эки жеңдин учундагы көркөм көчөттөргө да үндөшөт. Анын буюмдары төрт түлүктү кесип туткан кыргыз элинин каадалуу турмуш-жашоосун туюндурат. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1970-ж. В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата «Жасалга-колдонмо өнөрүнүн Бүткүл союздук көргөзмөсү». Туш кийизи үчүн диплом;

1974-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Сайма буюмдары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин дипломду.

## БАЙСАЛ УУЛУ НАЗАР

Жыгаччы. 1909-ж. Кочкор районундагы Дөң-Алыш айылында төрөлгөн. Зергер, үй жыгачын кармоонун чебери катары өз чөйрөсүнө таанылган. Ээрди курандылап чабууда айрыкча





усталыгы баамдалат. Ал үчүн анжиян ээринин үлгүсүн алат. Ээрлерине өзү кайнатып жасаган желимди жылкынын жибек тарамышына ичирет. Буюм жердигине талды кыйып кургатып, биротоло чаап, атайын боёгуна салып, бодонун (өгүздүн) териси менен каптайт. Ал ат жабдыктарынын шөкөттөрүн да өзү чабат.



## БАЙТӨЛӨН КЕЛИНИ ДҮЙШӨН

Шырдакчы. 1919-ж. Кант районундагы Төмөнкү-Нооруз айылында төрөлгөн. Өмүр бою кызылчада эмгектенген. Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка шайланган, Ленин ордени, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы менен сыйланган. Уз кайын энеси Канымбүбү Сооронбек кызынын нускасын алган.

Анын шырдактарында жалпы оюмда берилген үч табакчанын ар биринде төрт «кочкор мүйүздүн» ичинен төрт «кочкор мүйүз оюму» чыгып, алардын жарымы «тумарчаланып» колтук оюм болуп түшөт. «Аламычы» ак-карадан «мүйүз оюмунан» болот. Шырдактын жээк оюму (четтик оюму) «кочкор мүйүз оюмунун» үстүнөн «карга тырмак оюму» чыгып, кара-кызыл өң айкалышса, милтеси (басыткы) жашылдан басылып, оюм чети «сыңар мүйүз» болуп көрүнөт. Же буюмдун ортолук оюмуна «кочкор мүйүз оюмунун» үстүнөн адаттагыдай «карга тырмак оюму» көрүнүп, негизи жашыл-сары, көк-кызыл өңдөр беттешсе, милтесин кызылдан жүргүзүү жарашык ыйгарат. Ага ак-карадан бычак учу берилет. Шырдактарына шырык түшүрөт. Анын колунан элүүдөй шырдак сепке даярдалган.

## БАКЕНЕЕВ ДӨӨЛӨТША

Өрүмчү. 1936-ж. Ысык-Көл районундагы Кара-Ой айылында төрөлгөн. Колхоздо, райондук айыл чарба башкармасында багбан болуп иштеген. Өрүмчүлүктө Каратаев Орозбектен таалим алган. Эски өрүмдөрдүн ар кандай түрлөрүн жандырып, аларды кайрадан өрүп, өз алдынча да көптү үйрөнгөн.

Дөөлөтша — ат жабдыктарынын чебери. Бул чеберчилик камчы өрүүдө бөтөнчө билинүүдө. Дөөлөтша камчы өрүмдөрүнүн мерчемдүүсү «суйсалма өрүмгө» 12 тал көк тилет. Буга музоонун терисин жыдытат. Мында ар бир талды бирден алып, бир капталында алты көктү үчтөн бөлөт. Анын түшкүнүнө барганда башка көгүн басууну токтотуп, узун эки көктүн эки капталына экиден төрт көктү өткөзөт. Мунун бир капталын «жылан боор өрүм» кылып өрүш үчүн чебер үч көктү бир басып, калган бир капталындагы үч көктү бирден алат. Ал эми жалаң «терме өрүм» кылыш үчүн көктү экиге бөлүп, эки капталындагысынын ар бирин басат. Мында түшкүнүн бекитүү бирдей болот. Дөөлөтша камчы өрүмдүн бир эле түшкүнүнө 12 тал көк аркылуу «жылан боор өрүмүн», «терме өрүмүн», «суйсалма өрүмүн» суктанаарлык кылып бере алат.

## БАЛБАЕВА МИСТЕКАН
(1925—1983)

Шырдакчы. Жумгал районундагы Чаек айылында төрөлгөн. Кыйла жылдар механизатор болуп иштеген. Уз шырдактарын стилдештирип берүүгө умтулат. Шырдактын ортолугу үчүн бир табакчада төрт «куш оюмунун» ичинен төрт «карга тырмак оюму» чыкканда алардын четтери кабыргаланып, «колтук оюму» тумарчаланып көрүнүп өсүмдүктөрдүн (бакдарактардын) бутактары сымалданат. Же адаттагыдай төрт «кочкор мүйүз оюмунун» ичи жүрөкчөлөнүп, төрт чекесинен үзүл-кесилсиз «карга тырмак оюму» берилип, жээк оюмуна «кочкор мүйүз оюмунун» үстүнөн «жагалмай канат оюму» алынып, анын жарымы «колтук



оюмуна» чакталат. Мистекандын кыздары Камердинова Насыйкат (мугалим), Камыкат да айылдаштарына чебер аталууда.

## БАЛЗАЕВА ЛАТЫЙПА

(1941—1991)

Бычмачы-тикмечи. Кочкор районундагы Кум-Дөбө айылында төрөлгөн. 1961-ж. Бишкектеги № 17 кесипчилик-техникалык окуу жайын бүткөн. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайында башкы чебер, өнөркана башчысы болгон.

Ал калпактын сегиз түрү боюнча үлгү жараткан. Ал үлгүлөр көркөм кеңештен өтүп, өнөрканадан көп нускаланган. Аларга: төрт талаасы машина аркылуу саймаланган көркөм оюму бар калпак, кооз сайма сайылган жалаң илме саймалуу калпак, калпактын жээги жана этеги кол ийне аркылуу бүткөрүлгөн калпак, жалаң кол ийне менен тигилген калпак кирет. Ал эми жаштарга арналгандарына төрт талаасына гана ичке кыюу түшкөн, ичи ичтелбеген, кийизден чогу бар, ак кийизди чыраштоо менен бүткөрүлгөн калпак кирет. Уздун калпактары ГДРдеги, Швецариядагы эл аралык көргөзмөлөргө катышып, ЭЧЖБСКнүн күмүш медалына татыктуу болгон.

## БАЛИЕВА БАТМА

Уз. 1938-ж. Кара-Кулжа районундагы Көгарт айылында төрөлгөн. Жалал-Абаддагы педагогикалык институттун география факультетин бүтүргөн. 1965—72-жылдары Совет районундагы Ой-Тал, Сидоров атындагы орто мектептеринде директор, мугалим болуп иштеген. Эмгек ардагери. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Энеси Назаралы келини Төлөгөй (Балтек), таежеси Туркалардан таалим алган. Төтөн Турка байбиче сайма, курак, чий, кийиз буюмдарын жасоону, кийин килем токууну баса отуруп үйрөткөн. Турканын кызы Төлдө Боромбаева (Совет району, Кара-Жылкы айылы) да чоң уз болгон. Батма ошол чөйрөдө өсүп, таалим-тарбияны талаптагыдай алган.

Батма ак калпак жасайт. Ага кийиз уютууда козунун күзгү ак жүнүн алат. Аны жууп, бор кошот. Борду Чөгөл деген жерден алып, корго бышырып, сыртын кырып, ички тазасын сокуга жанчат да жүнгө кошуп казанга кайнатат. Үстүнө муздак суу куюп, эки-үч күн чылап коёт. Кирип кетпесин үчүн кез-кез ийне менен илип тартып, аралаштырып турат. Жүндү күн ачыкта кермеге жайып кургатат. Кургаганда жүндү тытып, чийдин үстүнө таза жука кездеме же клеёнка салып, жүндү тарамдайт (ансыз чийдин кабыгы, кири, тармактары уютулган жүндү жулуп, кийизди бузат). Ага кайнак сууну чөмүч менен текши сээп, бир четинен чийди тоголоктоп, кол менен басып ийлейт. Кийиз киргенде, чийдин үстүнө билектейт. Анан таза суу менен кирдейт (тазалайт, жуушт). Бүткөндө бүктөп туруп да кирдейт. Суусун зарыктырып, күн ачыкта жайып кургатат. Уз бычып, ак калпакты кыюулоодо көбүнчө манатты пайдаланат. Анын төрт талаасына «мүйүз оюмун», «көөкөр оюмун» түшүрөт. Төбөсүнө папикти (чок) кол менен чалат).

Батма түштүк кыргыздарга таандык иймек элечек оройт. Аны өзү да салынат. Буга илгери 30 метрдей стампул зарпталса, азыр 20 метр ак кездемени алат. Элечекке негизи кебез кездеме мыкты келет. Адегенде кептакыяны кийип, анын үстүнө элечекти ороодо кептакыянын төбөсүн бууган жерине бир жарым метр керектейт. Анын бир учун астына карай коюп, кептакыянын эки жаактагы сайманын үстүндөгү кулакчыны деп аталуучу коздолгон ак кездеменин астын карай астыңкы учун бүктөп, маңдай жаактан алып келет. Элечектин кулакчыны «түп» делет. Үч метр кездемени артка куйрулчукка кынаптап бүктөп, куйрулчуктун саймасынын жогору жагына жиберет. Ал «уч» деп аталат. Мында уз кептакыянын башын (ту-

бүн) бекитип алат. Экинчи, куйрулчуктун саймасын баспагандай кылып, жогору жагынан «түп» кездеменин учу менен жабат. Мында «түп» эки милдетти аткарат — андан кулакчын жасалат, калган бөлүгү менен уч пайда болот. Эми түп үчүн үч метр кездеме керектелет. Анын бир учу кептакыянын төбөсүнө байланат. Анын арты үч бүктөлөт, ичине оролгон калың кебез коюп, кездемени түрүп келип маңдай жакты көздөй оройт. Калган кездемени таптап, бырышын жазып (үтүктөп), үстүнө ороп, биринчи учун ийне менен бекитет. Маңдайын таңдайлатып оройт. Ал узун оролот. Башы иймек чоңоюп, астын көздөй ийилип кете берет. Мында төбөсү менен маңдайга кездеме арбын чыгымдалат. Ошондо элечек артынан алдын карай сүйрү, астына ийилген абалды берет. Аны орогон сайын жылып кетпеси үчүн ар бир ором ийне менен учуксуз тепчилип, мында кеминде 25 ийне керектелет. Оролуп бүткөн элечектин үстүнөн орому чачылып кетпесин үчүн артка салмай кыргак менен (1,5—2 эли) өңү кызыл тасма аркылуу бекитилет. Таптап айтканда, кыргак маңдайдан желкени көздөй элечекти тегерете айлантыла байланат, бир учу маңдайга бекитилет. Ошондо желкеге куйрулчук тасма келет да, үч «уч» биригип байланат. Элечек кыргагын Батма саймалап-оймолойт. Илгери элечекти дүрия жоолук менен үстүн жапчу. Аны «ала коймо», «сала коймо» деп аташчу. Батма дүрия жоолуктун ордуна ак кездеменин четине кызыл чачы кармайт. Аны үч бүктөп, элечектин үстүнө салып коёт. Батма кыз тебетейи менен такыя топуну да жарашыктуу тигүүдө. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, карoo-сынактары жана алган сыйлыктары**

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Баш кийимдери коюлган.

## БАЛТАБАЕВА ЭМИЛ

Оймочу, куракчы. 1935-ж. Жумгал районундагы Жаңы-Арык айылында төрөлгөн. Ал узчулукту тигүүчүлүктөн баштаган. Кийин саймачылыкка, оймочулукка, өрмөк согуучулукка кызыга баштаган. Энеси Ажардан, кайын энеси Шербеттен үлгү алган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Эмил төөнүн жүнүн ийирип, «кыркынчы жип» ордуна машинага жүргүзө билет. Эмилдин узчулук ыкмасында кийизди бычуу жана аны шырдак бетине жайгаштыруусу башкалардан айырмаланат. Оюмдары өзүнчө бири-бирине окшошуп, жалпысынан таңдайлашып





түшөт. Мындай шырдакты уз «таңдай шырдак» деп атайт. Мунун үч жерине «аламыч» салынат. Шырдактын жалпы бети да өзүнчө таңдайлашат. Андан бөлөкчөлөнүп, кереге көзчөлөнүп жасалган шырдактарды да ал арбын кармайт. Андагы «көзчө» шырдактын үч жеринде болот. Оюмдун араларында сегиз жеринде «аламычы» бар. Уз эки кийизди беттебей эле бир кийизди төрт бурчунан өөн чыгарбай оёт. Ал буюмдун төрт бурчунун көркөм оюму даана да, төп да түшөт. Чебер фабрикадан чыккан «онунчу» жана «кыркынчы» жипти каттай чыйратып, оюмду ошону менен кармайт. Уз оюмду жөрмөп, анан жээк бастырганда шырдак шырыксыз эле көркөм көрүнөт. Шырдак оюмуна баскан жипти уз «жээк» дейт да, ал эми өрмөк менен бүткөн буюмдардын арасын бириктирип турса, аны «милте» деп атайт. Натыйжада жээги кошо шырылган шырдакка сөзсүз шырык берилет. Эмил шырдак оюмдарынын өңүн, жупташкан боёкторун ачуу үчүн «чаар жээк» коёт. Ал ак-кара жүндөн ийрилип чыйратылат. Эгер оюм кызыл-көк болуп жупташса, анда кызыл «жээк» басуусу даана жарашат да, элдик мүнөзгө эгедер болот. Эмилдин шырдак оюмдарынан уздун туунду кыялы пайда болгону байкалат. Бир эле таңдай шырдакта оюмдун беш түрүн ич ара жупташтырат.

Ала кийиз да уютат. Орточо ала кийизге 10 кадак жүн керектейт. Анын түрүнө бир жарым кадак жүн чыгымдалат. Оюм жашыл, кызыл, ак, сары өңдөргө тармакталып кетет. Мында ал «үч мүйүз оюмун» чарчыланта берет.

Эмилдин чеберчилдиги куракчылыкта өзгөчө көрүнөт. Анын негизги жердигине өөн-буччакты алат. Анын курактары жалпысынан «мүйүз курак» деп аталат. Куракта бир өңчөй өң айлантыла куралып, төрт көз бир «үйдү» түзөт. Ал өң айлантыла тигилгени үчүн ортосу уюлданып гүл өңдөнөт. Анда алты өң бар. Алардын ичинен кызыл-көк өң үстөмдүк кылат же эки көздү сол айлантканда, ал уюлгубай ортодон даана өң мүйүз болуп түшөт. Анда төрт өң ич ара шарттуу жупташат.

Эмилдин кыздары Жылдыз, Нуржан, Ажар, келини Жүкүн Жаркынбаева өңдүүлөр анын нускасын алууда.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Шырдак, курак буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы, Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин III даражадагы дипломy;

1987-ж. Улуу Октябрдын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Кийиз буюмдары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы;

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Ала кийиз, шырдак, канат чий буюмдары коюлган.



## БАЛТАБАЙ УУЛУ АЙДЫРААЛЫ
(1889—1973)

Зергер. Ат-Башынын Кара-Коюнунда төрөлгөн. Атасы беш бир тууган тең суу башындагы атактуу усталардан болгондуктан «беш балка» аталышат. Аларга Байчоро, Байсаяк, Бөбөтой, Үкүлүү, Балтабай кирет. Айдыраалыга Үкүлүүнүн уулу Ыбырай таалим-тарбия берет. Уста 14 жашынан баштап узанган. Ат-Башы районундагы Кызыл-Туу айыл чарба артелинде темирчилик менен жыгаччылыкты оңдуу-солдуу кармап келген. Ал жасаган арабалар азыр да бар. Согуш учурунда колхоздо темир уста болгон. Кара темирчиликти, зергерчиликти бирдей кармаган. Ал абалы жуушаң, кайчы, депкир, маки, бычак, темир комуз

өндүүлөрдү кармап, кийин күмүш иштетүүгө өткөн. Анын зергерчилигинде «сыя төгүү» (зоот, мөөр түшүрүү, себет төгүү) ыкмасы жогору турат. Бул — күмүш бетине (топчулук, билерик ж. б.) көркөм оюм-чийимдерди берүү менен көркөмдөө. Мында ал ага из түшүрүп алуучу ийне шибегени колдонот. Андан соң анын сыртына зергер дапдаана оюм кылуучу сабы жумуру жыгачтан 2 *см*дей учу бар чийим шибегени же ойгучту пайдаланган. Андан кийин көркөм оюм түшкөн жерге «себетти» (боёкту) калакча менен салып, оттун табына этият кармаган. Ошондо чуңкурча толот. Мунун кургатып туруп өгөөлөп койсо, кол менен тарткандай коосдук түшкөн. Бул «чегелөө» деп айтылат. «Мөөр шакек», «мөөр топчу», «мөөр билерик» деген сөз мына ушундан калган. «Сыя төгүү» (себет төгүү) менен зер буюмдарына түшкөн тигил же бул элдик көркөм оюмду зергер «зооткер» деп атаган. Бул күмүштүн негизги «саймасы» болуп саналат. Ошондуктан, «зооткер», «мөөр», «сыя төгүү», «себет төгүү», «зоот жасоо» деген терминдердин түпкү түшүнүгүн бирдей колдонгон.

Анын күмүш эритүү ыкмасы: оттун күлүн таптап туруп, үстүндөгү жыгач көмүргө күмүштү тосуп турса, эрип көлкүлдөй түшөт. Оттун табын азайтса эриген күмүш аппак болуп өңүнө чыгат. Аны дөшүгө коюп, чаап ийине келтирип, керектүү буюм жасоого киришкен. Ар бир жасалуучу буюмунун калыбы болгон. Ага салып сомдоп, оюм түшүргөн. Күмүш оюмунун түбөлүк карарып калышы үчүн чегелей турган боёкту ал өз колу менен жасаган. Кызыл жездин, күкүрттүн, коргошундун, таза күмүштүн кошундусун таразага так тартып, тигил заттардын бирөөнүн составын оодук кошуп, баарын аябай аралаштырган. «Эриткич» деп атаган темир капталган чопо чөйчөккө салып, мүнөздүү эритип, муну кызыл чок болгон жыгач көмүр менен аралаштырган. Эритме бышканда кара баркуттай кулпунуп калган. Муну таза темирге куйса дароо колдоюп сууйт. Анан аны тоскоктой майда талкалап, кичине чөйчөккө салып «ак данакерди» («бура» деген затты) кошот. Устанын шакирти Абыкеев Качкынбай айыл чарба машиналарынын ар кандай бөлүктөрүн жасоону үйрөнгөн.

## БАРКТАБАС КЕЛИНИ ШАРИПА

Оймочу. 1939-ж. Ысык-Көл районундагы Чоң-Сары-Ой айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Сайма сайып, курак чыгарып, түймө түйүп кол учунан майда-чүйдө буюмдарды кармаган. «Көптүрмө сайма», «тандай сайма» өндүүлөргө аттанып түшкөн. Көркөм оюм чыгаруу ыкмасын үйрөнүүдө Шарипа айылдашы Койчуева Жузумкандын нускасын алган.

Шарипа «мүйүз оюмдарынын» элементтерин арбын пайдаланат. Элдик оюмдары жалпы оюм аркылуу табакчаланып, ортолук оюму, четтик оюму аламычтанбай тумарчаланат да, туташ оюмдарды пайда кылат. Анын бир табакчасынын ичинде төрт бөлүк туташат. Мунун ар биринде «ит куйрук оюму», «кочкор мүйүз» оюмдарынын көркөм элементтери «кыялданып» кетет. Бул «Шарипа кыялы» деп аталат. Оюмду майда берип, өз ара төп кетет. Буюмундагы кызыл өңдүн айкалышы илгерки кыргыздардын «кара шырдагын» элестетет. Жалпы алганда үлгү алма шагынын бутактанып кеткен түрүн көрсөтөт. Ага ак-сарыдан берилген «аламычтын» ар кандай элементтери жарашат. Ал эми четтик оюмдарынын коосдугу ортолук оюмга үндөшүп, оймочунун чыныгы чыгармачылыгын айгинелейт. Эски салттуу оюмду улап туташ оюмда кийизди өөн-буччаксыз, кесинди-үзүндүсүз шар оёт. Мындай шырдактын ортосуна төрт табакча түшөт да, анын четтери үч бурч (колтук оюм) болуп, андан үч жүрөкчө чыгат. Шарипа ушундай ыкма аркылуу он үлгү кармаса да ага түшкөн көркөмдүк он бөлөк көрүнөт. Шырдактын өзүнө «табак оюмунун» четин өзүнчө табакча, тегерек жүрөкчө кылып берүү уздугу Шарипада күчтүү өнүккөн. Анысы ортолук оюмга окшошот. Уз шырдак оюмдарынын араларын ачык калтырбайт. Оюм элементтери толкун-толкун өңдөнүп, өзүнчө туунду элементтерден улам оюмдун көз тайгылткан коосдугу чыгат. Шарипа эгер кызыл менен жашыл өңдү (мала кызыл, ачык жашыл) беттей шырдак жасаса, анын «аламычын» сөзсүз ак-карадан тандайт. Мында оюм ортолук оюмдун коосдугун толуктайт. Анда «милтенин» (бул жердиктер «жээк» дейт) жибин уз кызылдан чалат. Илгери кара шырдакты «ала шырдак» деп айтышкан. Ага ала кийиз («карала кийиз») дегендей аккара өң гана беттешет. Ал эми «табак оюм» Шарипанын оймочулук өнөрүндөгү негизги нук. Анын эки четине жүрөкчө кылып, ортосуна эки жарым жүрөкчөнү пайдаланып шырдак жасоосу көпчүлүктүн купулуна толот. Эмгеги баттамада.

## БЕГАЛИЕВА САЛКЫН

Шырдакчы. 1942-ж. Ат-Башы районундагы Кызыл-Туу айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Кара-Суу айылында жашайт. Ал улуулардын узданууларынын негизин тутат.

Кайын энеси Уулкандын үй-тиричилигине караган аракеттери ага таасир берген. «Шыйкымбайдын алты кызы болот. Алтоо тең ишмер атка конот. Узун чачтуу, узак жаштуу, акылэстүү»,— деген сөздөр азыр да айтылып калат. Салкын ошолордон төрөлгөн.

Ал Нарын өрөөнүнө таандык шырдактардын «жалпы оюму» аркылуу берген үлгүлөрүнө өзүн машыктырган. Оюмдары майда, негизи кызылкөк түстү алып, «бычак учун» чек ара катары бөлүп турат. Салттуу буюмга салттуу көркөм оюмдарды жогорку чекте бере билет. Шырдактардагы оюмдар ич ара үндөшүп, улуулардын жолун тайдырбай улоого дарамети бардыгын баамдатат. Шырдактарына жаңы үлгүлөрдү пайдаланууга ынтызар. Шырдактын «аламычы» үчүн өзүнчө изденүүсү бар. Кийиздин же калпактын өөндөрүнөн ичке «араа тиштенген» оюм элементтери сымал алат да, араларына төрт бурч, ала чааралакей кийиздерди басуу аркылуу ортолук жана жээк оюмдарды бири-биринен ажыратууучу табылга катары туюп, аны азыр арбын колдонууда. Ал кийиз буюмдарында көркөм оюм сыңары бири бирине айкалышып — кыйышып турат. Салкын шырдактын кийизин катуу уютат. Оюмдарды таза алат. Ал өрмөктүн термесин да ойдогудай тере алат.

## БЕГАЛИЕВ ОРОЗБЕК

Зергер. 1939-ж. Аламүдүн районундагы Орто-Алыш айылында төрөлгөн. Чабандын жардамчысы, заводдо формалоочу болуп иштеген. 1970-ж. Свердлов өрт өчүргүч окуу жайын бүтүрүп, Владивосток шаарында өрт өчүргүч командасында караолдун начальниги, кийин Бишкектеги № 4 өрт өчүрүүчү командасында ага инспектор болгон. 1975-жылдан «Кыял» элдик көркөм өнөрканасында узанат. Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинен I сынаптагы чебер-сүрөтчү деген наам алган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Зергер жалтырак металлдардан зер жасалгаларды — сөйкө, шакек, билерик, төөнөгүч, оймок, желбирөөч, бой тумар, эр кемери өңдүүлөрдү кармайт да, газ көөрүгүн басып, кужу күйгүзүп, аларга айнек акак, эман жана башкаларды колдонуу менен «тогуз төбөлөө», «күмүш зымдарды созуу», «эшүү», «тордоо», «чыйратуу» жана «оюм-чийим түшүрүү» ыкмаларын пайдаланат. «Себет (сыя) түшүрүүдө» зергер көбүнчө күмүш кабыл алуучу жана заводдук химиялык боёкторду пайдаланат. Анын жараткан нускалары дүкөндөргө сатууга түшөт, чет өлкөлөргө



экспонатталат. Төөнөгүчтү күмүш зымдан жөнөкөй эшип, чыйрак чыйратып, дөшүгө салып балка менен жалпактайт. Анын эки түрү бар. Төөнөгүчтүн ортосуна ар түрдүү асыл таш, айнек, пластмасса сымал жалтырак заттар коюлат. Ошол таштардын аймагына (тегерегине) курчалуучу күмүш зымды белгилүү жукалыкка чейин келтирет. Ага элдик көркөм оюм түшүрүү үчүн күмүш зымдарды атайын откo жашытат. Анан кертип-кертип бөлүп алып, тегерек ооз кыпчууру аркылуу ордуна коёт. Ошентип, төөнөгүчтүн бардык бөлүктөрү даяр болгондон кийин алардын ар бири кайрадан ак данакер аркылуу күмүш менен ширетилип, чөгөрүлгөн айнектин тегерегине «сиркелетүү» (таруулатуу) ыкмасы колдонулат. Ал күмүштү эшүү ыкмасындай эле күмүштү кертүү-ийүү аркылуу да төөнөгүч жасайт. Мындай асем буюм каармоодо зергер мельхиорду да пайдаланат. Анда чыйратылган зымды кайрадан эшип туруп көз салгандай кылат. Ал өзүнчө түспөлдө жүрөкчө болуп ширетилет да, анан айнек таш чөгөрүлөт. Жүрөкчөнүн үч жагы «сиркеленет». Чөгөрүү — күмүшкө асыл ташты жатак алдыруу.

Оймок, шакек жасоодо зергер уютулган таза күмүштү көөрүгү менен аяр эритет. Эритүү — күмүштү күйгүзбөй, тапка этиет кармоо. Күмүш эритүүдө жалын табын этиеттейт. Ал жашык

күмүштү балка менен оңой эле чабат. Жукартып ийип, сомдоп, шакек түзбөлүн алып, андан соң атайын чийим шибегеси менен оюм түшүрөт да «сыялоо ыкмасын» берет. Зергердин шакеги бир миллиметр эки жаадан турат. Буга чыйратылган зымдан көркөмдүк түшүрүп, анын ачык калган ортолору чыбырчыктата «тарууланат». Ал «сокмо шакек» деп аталат. Ошентип, анын шакеги «чапкылоо», «сыя төгүү», «таруулатуу» ыкмалары аркылуу бүтөт. Билерик жасоодо Орозбек айнек чөгөрүүнүн эки ыкмасын колдонот. Мында күмүштү билерик формасына келтирип ортосун оюп, ага айнекти жатак алдырат. Экинчиден, айнекти жатак кылып, күмүш менен данакерди аралаштыра билерик үстүнө ширетип таштайт. Таш, айнек, жана чайыр өңдүүлөрдү салуунун ордуна көбүнчө күмүш бетине себет төгөт. «Сыя төгүү» (себеттөө) — күмүшкө «зооткер» түшүрүү.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1982-ж. СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Кыз-келиндердин зер жасалгаларынын бир бүтүмү үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Зер буюмдардын өзүнчө бир бүтүмү үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1989-ж. «Кыял» элдик кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Зер нускаларынын бүтүндөй бир түрү үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Зер буюмдары коюлган.

## БЕЙШЕКЕЕВ АСАНБЕК

Жыгаччы жана сүрөтчү. 1944-ж. Кочкор районундагы Теңдик айылында төрөлгөн. Бишкектеги сүрөтчүлөр окуу жайын бүтүргөн. Эл чыгармачылыгынын биздин республикада өткөн союздук фестивалынын лауреаты.

Асанбек жыгачтан ар кандай жанрдагы чыгармаларды түзөт. Чебердин сандыктары менен үкөктөрү көп курдай көргөзмөлөргө коюлуп, анын таланттуулугун далилдеген. Ал ар бир жыгачтын ички касиеттерин ачык, так билет. Ошого карата жасалуучу буюмдардын, түзүүчү композициянын шарттарын аныктайт. Ушундан улам жыгачка кадимкидей кештелеп, оюмчийим берүү салты аныкталат да, кармалган буюму, жаралган чыгармалары уникалдуулукка дейре көтөрүлөт. Чебер жыгачка рельефтүү оюм-чийим түшүрөт. Ашкана буюмдарын жана идиш-аяк, үй эмеректерин, үндүү аспаптарды, боз үйдүн жыгачын кармап, ээр чабат. Сандык менен үкөгүнө жергиликтүү мырза теректи алат. Андан буюм кармоо, ага көркөм оюмчийим түшүрүү өтө ийкемдүү келет. Жыгач оюмдарына «кыял оюмунун» элементтерин, «кулжа мүйүз оюмун» «мүйүз оюмдары» менен тирештирип, ич ара тутамдаштырып берет. Мурунку боз үйдүн каалгасындагы, босого-таягындагы, жүк таңгактарындагы коозduктарды кайрадан кармап, өнөрдүн бул түрүн калыбына келтирүүгө чебер өз үлүшүн кошууда.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн республикалык II кароо-конкурсу». Жыгач үкөгү үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Жыгач буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Сандыгы үчүн ЭЧЖРКнүн дипломy, медалы.

## БЕЙШЕМБИЕВ КУЛЖАНБЕК

Ат жабдыктарынын чебери. 1930-ж. Кочкор районундагы Теңдик айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Кыйла жылдары талаачылык боюнча бригаданын бригадири болуп эмгектенет.

Чапкан ээрин каптап, сынпостоп, аны шөкөттөөдө куйма сындырык менен оюм түшүрүү ыкмаларын пайдаланат. Жергесинде «Кулжанбек ээрчи» аталган. Терек менен талды, Сибир карагайын ээрге жердик кылат. Ээрдик талтеректи кыйып келип, анын ыңгайына карай узунун 70 *см* араалайт. Жумуру жыгачтын үчтөн-экөөн жарып алып, абалы ички бетин чаап, кабыгын аарчыбай эле кемиктейт. Кан-сөлү кача элек жыгач жумшак келет. Кулжанбек дайыма кучмач ээр чабат. Ээрдин эки капталын жонот. Уста ээрге каптaлуучу терини акиташ менен жыдытып, боёгуна сиңирип, чылгый бойдон каптайт. Кашына кара, кызыл булгаары

тандайт. Анын ээрине Казакстандан, Тажикстандан, Өзбекстандан кардар түшүүдө. Азыр Кара-Кужур кыштоосунун Ак-Кыя айылында жашайт.

**БЕЙШЕНАЛИЕВА ЗУУРАКАН**

Бычмачы-тикмечи. 1932-ж. Ак-Талаа районундагы Куртка айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Кыйла жылдары соода тармагында эмгектенген. 1979-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узданууучусу болгон.

Уз эркектерге жайкы көйнөк, жеңдүү желетки, кемсел, жалаңкат чепкен, ичик, ал эми аялдарга көйнөк, чыптама, кемсел, бешмант, чепкен, ичик тигүүгө адистешкен. Аялдар үчүн түлкү ичик, көрпө ичик, курама ичик (бучкак) да тигет. Кемсел тигүүдө ал «беш белди» көбүрөөк кармайт. Беш бел — колтуктан чөнтөктүн боозуна чейин кынала тигилген тигиштер. Чөнтөк түз салынат. Кийимдин топчулуктары ичилик менен жасалат. Ичилик — ичинен ичтөө, ичинен тордоо деген түшүнүктү берет. Кемселдин этеги кенен келип, бели денеге кыналып турушу абзел. Тактап айтканда, кемсел эки жеңден, жакадан, үч бойдон болот. Үч бой — эки бөйрөмчөдөн, бир учадан турат. Мында үч бойду бириктирип тигип, жака салып, анан жеңдери орнотулуп, чөнтөк баштыкчалары бекитилет. Танап коюу — белге ылайыктап оё кесип, курсактуу болсо оюлган жерге «кийиринди» киргизип, кымча бел болсо оюкту бүйрө тигүү дегендик. Ансыз кийим бойго чак болбой калат. Уздун кемсел ичи көбөө менен кошулуп, үч бойго биригип турат. Буга кээде жукараак ийин коёт. Ичик тигүүдө «беш бел» кылбай этегин жайылта кенен алып, түз бычат. Түлкү ичиктин жакасын түлкүдөн, көрпө ичиктикин көрпөдөн салат. Аң жана койэчки, козу-улактын терилеринин өөн-бучкактарынан жасаган курак ичикке көрпө жака салат. Жакалуу ичиктин жакасы көлөмүнө жараша жазы болот. Алсак, аялдардын орто ичигинин (48—50-өлчөмдөгү) жакасынын жазылыгы болжолдо сөөм, узуну беш карыштай болот. Ичикти тыштоодо чебер ичи-тышын өзүнчө тигип алат да, алардын үч боюн өз ара бириктирет. Сыртын өзүнчө көбөөлөйт. Ичикке ийин-кеп коюлбайт. Ичиктин тышы тери менен бириктирилгенден кийин жака салынат. Аялдар ичигинин тышына баркут, кыжымы, эркектердин ичигине кыя торко кездеме, трайке мүнөздүү келет.

Зууракан көрпө тебетейдин тышын шырып да, шырыбай да жасайт. Түлкү тебетейди да шырып да, шырыбай да тигет. Суусар тебетейди шырыбай эндей жасайт. Тебетейдин кырбуусун бурчтуу чыгарып, бөрктүү жана көрктүү көрсөтө алат. Тебетейдин кыргагын (көрпөсүн) жазы чыгарат. Баш кийим тигүүдө адамдын жаш өзгөчөлүгүн эске алат. Жаштар үчүн тебетейдин төбөсүн шырып тигет, улгайгандарга шырыбай тигип ылайыктайт. Кутман карыга казанбак тебетей жасайт. Ал саксак көрпөдөн жасалып, төбөсү шырылбайт. Мында уз тебетейдин төрт талаасын мурун тигип алат да, анын көрпөсүн курап тигип экөөнү бириктирет. Көрпөнү каптаарда тебетейдин кыргагына жүн салат. Ал топу да жасайт. Ал да шырылып жасалат. Жердигин кыйгач бычып, анын өлчөмүн болжоп, төбөсүн өзүнчө тегерек оюп алат. Ичи менен сыртын бириктире тигип, ичине кебез жалатып, кырка жээги кыйгач шырылат. Анын төбөсү өзүнчө шырылып жээги биригет. Ич тигиштери билинбесин үчүн жердикти кыйгач алып, кыйык коюп кыйыйт. Топуну көбүнчө улгайгандар кийет. Ошондуктан жарашыктуу жердик катары кара баркутту, кыжымыны алат.

**БЕКБОЕВА АЛЫЙ**
(1886—1977)

Эл чебери. Нарын районундагы Ак-Талаа айылында төрөлгөн. Кыйла жылдары Нарын шаарында тигүү фабрикасында узданган. Облсоветке, шаардык советке бир нече ирет депутат болуп шайланган. Өз өмүрүнүн 56 жылын кыргыздын элдик көркөм кол өнөрчүлүгүнүн өнүгүшүнө жумшаган. 1958-жылдан СССР Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер (1959).

Ал саймачылыкка, оймочулукка таандык буюмтайымдарды арбын кармап, жалаң жасалгаколдонмо өнөрүнүн өнүгүшү үчүн талбай узданган. 1957-ж. жаштардын жана студенттердин Бүткүл дүйнөлүк VI фестивалына көркөмдүгү боюнча өзүнчө айырмаланган бир нече сайма туш кийиздерин жана шырдак буюмдарын жасап өткөргөн. Анын элдик саймаларында кыргыз жергесинин бай жаратылыш бөтөнчөлүгү, калорити, чеберчилигинин, ой жүгүртүүсүнүн молдугу даана ачылат. А. Бекбоеванын аруу колунан тамган асыл буюмтайымдары Кыргыз мамлекеттик сүрөт музейинин, СССР элдеринин мамлекеттик этнография музейинин (Ленинград), чыгыш элдеринин мамлекеттик көркөм өнөр музейинин (Москва) залдарын кооздоп турат. Ал мындай эмгектери үчүн «Кызыл Туу» ордени, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «1941—1945-ж. Улуу Ата Мекендик согуш жыл-



дарындагы эмгектик каармандыгы үчүн» медалдары менен сыйланган. Эл сүрөтчүсү Гапар Айтиевдин «Саймачы Алый Бекбоева» деген полотносу Кыргыз мамлекеттик сүрөт музейинин төрүнөн орун алган. Узга Боке деген эжесинин таасири зор болгон. Алыйдын өнөрканасында илме сайманын, басма сайманын баа жеткис үлгүлөрү сакталган. Уз буюм жасоо алдында ошол буюм бөлмөнүн кайсы жеринде тураары, кандай жарашык берери көз алдында болуп, ага жараша уздук татымды пайда кылган. Уз көбүнчө көч үстүндө колдонулуучу, боз үйдү жасалгалоочу буюмдарды этнограф катары таасирдүү сезип, аларды кармаган сайын ырахат алган. Ал «мүйүз оюмдарын» «куш канат оюму» менен «бармак боочу оюмун», «жагалмай канат оюму» аркылуу «бадам оюмун», «кыял оюмун» ж. б. түрлөрдү негиз тутуп, аларды бири-бири менен тармактатат, бутактатат, төрт тарабын төп келиштирет. Ортолоп жалаң саймага гана шарттуу «Алый көчөтү» таралган. Көчкөндө төөнү ойдогудай жасалгалаган. Түстөрдү жердикке шайкештеген. Сайма-оймо төө кому үчүн ал «чымын канат көчөтү», «куш канат көчөтү», «мүйүз оюмдары» эңдүүлөрдүн араларын «аламончоктотуп», түбөлүктүү таберик катары караган. А. Бекбоеванын уздук жөрөлгөлөрү көп чеберлерге нуска болгон. Неберелери Ырысбүбү, Дамира, Бактыгүл жана Батмабүбү Ширинбаева (Нарын шаары, китепканачы) уздун ишенимдүү шакирттери. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1957-ж. Москва. «Жасалга колдонмо өнөрүнүн Бүткүл союздук көргөзмөсү». Диплом;

1958-ж. Фрунзе. «Жасалга колдонмо өнөрүнүн республикалык көргөзмөсү». Диплом;

1960-ж. Фрунзе. «Аялдардын эл аралык күнүнө карата кол өнөрчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Диплом;

1972-ж. Москва. «Сүрөтчү-чеберлердин Орто Азия жана Казакстан республикалар аралык көргөзмөсү». Диплом.

## БЕКЕШОВ АСЕК

Зергер. 1934-ж. Түп районундагы Сары-Булак айылында төрөлгөн. Көл бетинен чыккан айтылуу Балбай баатырдын чөбөрөсү. Мерген, колхоздо чабан, жыгаччы, балык өстүрүүчү, мектепте кол эмгек мугалими болгон. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Чоң атасы Касымбек белгилүү уста аталган. Кезегинде атасы кол булгаары жасап, өтүк, маасы, кепич, мөкү ултарган. Ат жабдыктарын жасоодо айылдашы, уста Молдожан Мокеевден таалим алган. Темирчиликти (ширетүү, эритүү, сугаруу) кармоосуна Садыбакасов Камбаланын таасири зор болгон.

Асек Бекешовдун кармаган ээр токумдары кийинки кезде өзүнүн тегерегинен чыгып, алыс-жакын жерден атайын аттанып келгендерден кардар түшүп жатышы, албетте, устанын бактысы, таалайы, көөрүнүн (кайхарынын) төгүлүшү. Ат жабдыктарынын ата башы ээрдин жердигин ал көк терек менен жөнөкөй эле талдан тандайт. Кыйылган тал-теректи койдун жаңы кыгына көөмп, он-он беш күнчө кармайт. Мында аарчылган ак жыгач өрүк өңдөнүп, күрөң тартып өзүнөн өзү чымырланат. Керки менен аны биротоло туюк чабат. Чабуу учурунда чыккан кемтикти жиксиз улап коёт. Ээр чабууда өзүнүн кагаз үлгүсүнө таянат. Ал бир нече бөлүктөрдөн турат. Ээр каптоодо төөнүн, уйдун, өгүздүн, буканын терисин чылгый кезинде колдонот. Ээрди каптоо төрт бөлүктөн турат. Абалы, алдын, анан эки каптыргасын, баш баштарын чарасын, акырында үстү капталат. Асек териге өзүнчө өң берүү үчүн кадимки кара тушту (сыяны) пайдаланат. Аны чылгый теринин ич жагына сыйпайт. Ошондо ал сырткы өңүнө чыгат. Ансыз ээр кадимки жыды-

тылган карындай чел болуп, ээрдин жыгачы көрүнүп калат. Тери — ат жабдыктарынын түбөлүктүү жердиги, андан кайыш жасоо да жеңил. Асек малмага салуу, жыдытуу, челдөө, талкууга коюу, ийлөө өңдүү терини колдон иштетүү ыкмаларын өзүнүн аруу колунан жаратат. Кол кайыш (күдөрү), кол булгаары (көн) иштетүүгө ийкемдүү келет. Өрүм мүйүздөй катуу болуп, өрүм аралары ачылып кетпейт. Көнгө оюмчийим (наар, сыппос) түшүрүү да оңой сезилет.

Асек ат жабдыктарынын бөлүктөрүн кол кайык аркылуу жүзөгө ашырат. Жыгач араалоочу механизмди кыймылга келтирүүчү капрон жиптүү тасма курду тилип, эки катын ажыратып алат. Аны кайыш менен булгаарынын ортосуна беттей коюп кайыйт. Кайык жипке капронду пайдаланат. Тилинген кош кат кайыш булгаарыны дискага кыпчытып жүгөндү, көмөлдүрүктү, басмайылды, куюшканды 6—7 күндө кайып бүтөт. Бир ат жабдыкты бир жарым айда биротоло колдон чыгарат.

Буюмдун шөкөттөрүнө уста сары жезди колдонот. Мында өгөлөө ыкмасы бар. Ал эми үзөңгүнү, басмайыл менен оодуктун тогоосун көркөм куюу ыкмасы менен жасайт. Кыз-келиндер үчүн да өзүнчө ат жабдык жасайт. Шөкөттөрү көөкөр оюмдан турат. Ал «гүл оюм» (гүл мык) менен үндөшөт. Ээрдин кашына айнек, пластмасса аркылуу «тогуз төбөлөө» берүүсү анын кылдаттыгын дааналайт. Мындай зергерчилик ыкмасы куюшкандын эки тарабындагы сооруну жаба турган жеринде бөтөнчөлөнөт. Камчы шөкөттөөдө элик сап менен табылгы саптагы алаканды тумарчалап берүү табылгалары өзүнө гана таандыктай. Ноктону да башка ыкма менен түйүп чыгарат. Коло коңгуроо да жасаган. Ал ат мойнуна тагылат. Мал үйүрүн табууда, жылкы кайтарууда эш болот.

Асектин бир уулу Кубанычбек ата өнөрүн улоодо. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1977-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Ат жабдыктары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин II даражадагы диплому;

1988-ж. «Чеберлердин топтук көргөзмөсү». Ат жабдыктары үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы диплому;

1988-ж. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук II фестивалына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Ат жабдыктары Ленинграддагы этнография музейине экспонатталган;

1989-ж. Эл чыгармачылыгынын республикалык III фестивалына карата «Элдик чеберлердин кароо-сынагы». Ээри үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин II даражадагы диплому;

1990-ж. Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун сатууга коюу көргөзмөсү. Ат жабдыктары мамлекеттик музейге экспонатталган;

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Ат жабдыктары коюлган.



**БЕКЕШОВ КУБАНЫЧБЕК АСЕК УУЛУ**

Ат жабдыктарынын чебери. 1960-ж. Түп районундагы Сары-Булак айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Устакерчиликти 1989-жылдан баштаган. Ага атасы Асек уста таалим-тарбия берет. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Кубанычбектин чеберчилигинде ээр чабууда ат жабдыктарынын шөкөттөрүн (оодук, чагармак, сүзмө, купа, жүрөкчө, тогоо, кошунду, солондор) жезден, мистен, таш калайдан, датчалбастан, нейзильберден, мельхиордон ж. б. түстүү (жалтырак) металлдардан өзүнчө түр түшүрүп, кооздук жаратат. Булгаарыга чабууда кынаптала турган жарашык ыйгарат. Жалпысынан алганда атасы Асектин көркөмдүктү

табуу ыкмаларынан анча айырмаланбай нускалары устатына аябай үндөшүп турат. Мындай көрүнүш бирге узануунун зор таасири, үйрөнчүктүн өзүнө сиңирүү, анын устакерчилигин алып калуу касиети болуп саналат. Ээр чабууга жергиликтүү көк теректи колдонот. Аны кыюу, кургатуу, сомдоо, чаап, ага чылгый тери каптоодо улуулардын ыкмаларын пайдаланат да, көбүнчө атасынын үндөктөөсү аркылуу узанат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1990-ж. Кыргыз Эл чеберлер союзунун I уюштуруу көргөзмөсү. Ат жабдыктарынын толук жасалгасы менен катышкан;

1991-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун сатуу көргөзмөсү. Ат жабдыктарынын толук жасалгасы АКШга, Турцияга экспонатталган.

## БЕККЕЛДИЕВ БЕКМАМБЕТ

(1928—1990)

Ат жабдыктарынын чебери, жыгаччы. Ак-Талаа районундагы Кара-Бүргөн айылында төрөлгөн. Милиция органдарында иштеп, устакерчиликти кошумча кесип катары уланткан. Анын чапкан ээринде эски усталардай кашын бүркүт томоголонтуп, ак каңкы ээрдин түспөлүн берген. Ал көбүнчө кайык ыкмасын пайдаланып, жүз элүүдөй ат жасалгасын кардарларга карматкан. Өз чөйрөсүнө түндүкчү катары да таанылган. Эмгеги түстүү баттамада.

## БЕКОВ КӨЧӨРБАЙ

Уста. 1928-ж. Кочкор районундагы Ормонкан айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Веттехник болуп эмгектенген. Устачылыкка айтылуу зергерлер Шамшидин Оттукташ уулу, Капар Канташ уулу, өрүмчүлүккө Касым Чоткара уулу нускалаган. Ат жабдыктарын өрүп да, кайып да кармайт. Ал камчы өрүмүн кармоодо «жылан боор өрүмүн», «суйсал өрүмүн», «терме өрүмүн» бири-бирине өткөрө өрө алат. Куюшкан өрүмүндө анын кошундуларын өрүм араларынан ич ара өткөрүп өрүп кетүүсү аркылуу жымсал көрүнөт. Басмайылды узартып-кыскартууда анын тогоосун өз алдынча ыкма менен жасайт. Атты май колтук кылбоо үчүн ал он көктөн «жылан боор өрүмүн» төрт кыр чыгарат. Камчы өрүмү 2 карыш 2 эли өрүлсө алаканы менен 4 эли болуп, ал 2 карыш 2 эли камчы сапка чакталат.

Уста темирди тордоп, ага жалтырак түстүү металлдарды, ага тете заттарды жаап, жыгач же мүйүз менен басып «жалатуу ыкмасын» колдонот. Жезди эритип куя турган көркөм калыптарынын асты-үстүнө чычырканактын көмүрүн арбын үйлөткөндө жез эркин эрийт.

Көчөрбайдын өрүмчүлүк нускасын Талипбек Шаршенбай уулу алган.

## БЕКСУЛТАНОВ АЛЫБАЙ

Жыгаччы. 1937-ж. Тоң районундагы Көк-Сай айылында төрөлгөн. 7 жашынан комуз чертет. Атасы Бексултан айылдык комузчу болгон. Ал Каракол шаарындагы педагогика институтун бүтүп, мектепте иштейт. 1957-ж. республикалык фестивалдын лауреаты болгон. Отуздан ашуун грамота, дипломдору бар. Алыбай Карамолдо Орозов, Ыбрай Туманов өңдүү залкар комузчулардын таалимин алган.

Алыбай комуз кылдарынын 7 түрүнө байкоо жүргүзөт. Алардын ичинен ичеги кылы, ичегинин чыйратма кылы, лесканын чыйратма кылдарын изилдөөгө бөтөнчө назар таштап, ал боюнча кармаган комуздары музейлик экспонат катары сакталууда. Анын өрүктөн чабылып, карагай капкак жабылып, ичеги кылы тагылган комузу үндүү. Комуз жасоону Чалагыз Иманкуловдон, Карамолдодон жана Тоң районундагы Ала-Баш айылында жашоочу Буржуке карыядан, Ак-Суудагы кыл кыякчы Б. Өмүрбаевден үйрөнгөн. Аны физика мыйзамы менен байланыштырат. Комузду чаап бүткөндөн кийин айнек менен сүрүп, анан майда кум кайрак кагазы жана нооту менен жылмалап, жаңы бышырылган акиташтын 70—80 процент эритмесине актап, анан ал кургагандан кийин кургак чүпүрөк менен сүртүп, техникалык вазелинге бир аз майлап коёт. Мында өрүк комуз кыпкызыл кооз түргө келет. Комузунун узуну 70 *см*, экинчиси 65 *см*, үчүнчүсү 60 *см*. Бул өлчөмдөр комуз жасоодо чарасы менен комуздун моюнун өлчөгөндө тең ортосунан ашат. Мисалы, 70 *см* комуздун моюнунун узундугу 35 *см*, чарасынын узундугу 35 *см*, 65 *см* комузда 32,5 *см* ж. б. Бул комуздарды бала комуз, чоң комуз деп бөлөт. Физикалык жагынан алганда комуздун ортоңку кылын күүлөгөндө кайсы нотадан резонанс кубулушун берерин аныктайт. Резонанс — комуздун өздүк жыштыгы менен кылдын термелүү жыштыгы дал келген учурдагы комуздун так жана катуу үн чыгаруусу. Уста комуздун кылын катуу чыңабайт. Анткени ал учурда комуздан уккулуктуу үн чыкпастан чыңкылдап калат. Комузду чоң өлчөмдө, б. а. 80—90 *см* узундукта жасап, терең ойгондо комуздан күңгүрөмө, мыңкылдаган уккулуксуз үн чыгат. Эгер комуз өтө эле чакан жасалса да (60 *см*ден кичине) үнү өтө эле чыңкылдак болуп калат. Комуздун даана уккулуктуу үн чыгарышы температурага, басымга,

нымдуулукка жараша болот. Эртең мененки жана кечки салкында комуздан абдан уккулуктуу үн чыгат. Ал комузду сактаганда бирдей температурадагы бөлмөгө боосунан илип коёт. Комуздун чарасын же көңдөй бөлүгүн калыңыраак чапса, комуздан үн өтө эле пас чыгат. Жукараак чапса күңгүрөмө болот. Уста чапкан комуздун жогору жагы жукараак 0,6 *см* болуп улам калыңдайт, көчүгү 0,8 см келет. Андан кийин комуздун чарасынын көчүк жагы жогору жагынан да бир аз калыңыраак болот. Комуздун мойну (грифи) өтө түптүз болсо чечен комуз болот. Бир аз эле эңкейиш же иймейип турса ал күү келтирүүгө чоң залалын тийгизет. Мына ушуларды мыктылап изилдеп үйрөнгөн комуз уста комуз жасай турган өрүктү койдун кыгына түтөтүп же сомдолгон комузду сууга, солидолго эт бышымча кайнатат. Себеби, комузду чаап жатканда ийрейип же кажып кетпейт.

Комуз уста жана комузчу райондо Акматов Асан, Өмүров Ишенгазы, Тойгонбаев Камчыбек, Молдобаева Зарыл өңдүү шакирттерди өстүрүп чыгарган. Уулдары Таалайбек, Мидин, Саякбай, кызы Роза менен үй-бүлө ансамблин түзгөн.



## БЕКТЕНОВ ТУРДУБЕК КАДЫР УУЛУ

Зергер. 1948-ж. Жети-Өгүз районундагы Чоң-Кызыл-Суу айылында төрөлгөн. С. Чуйков атындагы Сүрөтчүлөр окуу жайынын колдонмо-жасалга бөлүмүн, Кыргыз Мамлекеттик Университетинин география факультетин бүтүргөн. КМУда иштеген, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинде узанган, азыр С. Чокморов атындагы № 92 элдик көркөм кол өнөрчүлүк окуу жайында чебер-окутуучу.

Турдубек күмүш, нейзилбер, жез, мис, датчалбас, мельхиор сыяктуу түстүү металлдардан рельефтүү жана көлөмдүү зер жасалгаларды кармайт. Ал узануусунда «чапкылоо», «сомдоо» аркылуу жумуру үлгүлөрдү кармоо, күмүш зым чосуу менен «тордоо», «чегүү» аркылуу буюм бетине көркөм оюм түшүрүү, күмүш зымды кертүү менен «сиркелетүү-таруулатуу», жалатылган күмүшкө «сыя төгүү» өңдүү зергерчилик ыкмалардан сырткары согуу (чеканкалоо) ыкмасын мыкты өздөштүргөн. Бир катар көргөзмөлөргө, семинарларга, кароо-сынактарга катышкан. Кесиптик-техникалык окуу жайларынын ар жылы өтүүчү кароо-сынагында зергерчиликти жана көркөм өнөрдүн башка түрлөрүн окутуу усулу боюнча «1995-жылдын мыкты мугалими» деген наам алган.

## БЕКТУРГАНОВ КОЧКОР

Жыгаччы. 1933-ж. Кочкор районундагы Кара-Суу айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинин Кочкордогу филиалында үйдөн уздануучу чебер, Кыргызстан эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Кочкор жыгаччылыктын ичинен кырма буюмтайымдарды арбын кармайт. Жердикке жергиликтүү тал-теректерди пайдаланат. Чебердин жыгач челегинде, үкөгүндө, табагында, аягында, чөйчөгүндө, сузгусунда, кашыгында, тогуз кумалагында нукура элдик узануунун үлгүлөрү бар. Анын идиштеринде улуттук өзгөчөлүк даана байкалып тургандыктан, ага кардарлар, атайын өтүнүчтөр арбын. Анын буюмдары дембе-дем сатууга чыгарылат, республикалык жана эл аралык жайма базарларга коюлган. Сүрөтү түстүү баттамада.

## БЕРДАЛИЕВ ДАЙЫР АКИМАЛЫ УУЛУ

Мүйүзчү уста. 1964-ж. Нарын облусундагы Ак-Талаа районунун Кош-Дөбө айылында төрөлгөн. 1982-ж. Кочкор районундагы № 15 Ж. Тойгонбаев атындагы кесиптик окуу жайынын ветеринариялык бөлүмүн бүтүрүп, 1984—87-ж. Кош-Дөбө айылында ветеринар болуп иштеген. 1989-ж. Бишкектеги № 92 элдик көркөм кол өнөрчүлүк окуу жайынын «Сөөкмүйүздөн көркөм буюм жасоо» бөлүмүн бү-





түргөн. 1989-жылдан ошол окуу жайында өндүрүштүк окуу жайынын устаты болуп иштейт. Дайыр сөөктөн, мүйүздөн аялдардын асем буюмдарын (тарак, чач кыстыргыч, сөйкө, билерик, тумарча, шакек, чакча, шахмат-дойбу, мүйүз бокал, сувенир, ар кандай формадагы сандыкчаларды), уй, жылкы, топоздун сөөктөрүнөн стакан, томуктарынан сувенир, эликтин шыйрагынан камчы, текенин мүйүзүнөн кресло, селинит ташынан сандыкча, жан-жаныбарлардын сөлөкөттөрүн жасайт. Сөөктү кызыл жыгач менен айкалыштырганга маш. Кесиптик-техникалык окуу жайларынын көптөгөн көргөзмөлөрүнө, кароо-сынактарына катышкан. Мүйүз, сөөк буюмдары 1990-ж. Бүткүл союздук ВДНХнын күмүш медалына (Москва ш.), 1992-ж. Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн (Бишкек ш.) күмүш медалына татыган.

## БЕРДИБАЕВА САБЫРБҮБҮ

Оймочу, өрмөкчү, саймачы. 1947-ж. Кочкор районундагы Тендик айылында төрөлгөн. Бишкек автожол техникумун бүтүргөн. 1987-жылдан республикалык эстетикалык тарбия берүү окуу борборунда окутуучу-чебер. Сабырбүбүгө апасы Мариянын таалим зор болгон. Мариянын Сабырбүбүдөн башка кыздары Керил, Жаңыл, Жеңиш, Шааркүл, Жибектер да эне жолун улаган уздар.

Сабырбүбүнүн оюм-чийиминин табигый булагы айлана-чөйрө. Анын көркөм көчөтоюмдары тууралуу өзүнчө альбому бар. Адатта, оюм-көчөттөрүнүн ортолоруна «суу», «аламыч», «аламончок» түшүрүү аркылуу гүл, чөптөрдү, бак-дарактарды көчөт катары пайдалануу арбын болсо, анын көркөмдүктөрүнө бир нече тегиздикте келишкен бир нече кайталанып өткөн гүлдөрдүн кооздугунун ийкемдүүлүгүн арттырып, түр, көчөт жаратуу уздун негизги милдети болуп саналат. Төрт мезгилдин өзгөчөлүктөрүн, бири бирине окшошпогон күндөлүк турмуштай көркөм татаал оюмдарды чийүүнү, жаратууну уз максат кылат. Өсүмдүктөрдүн бетегесинен тартып өзөктөнгөн, бутактанган жерин сызып-чийип кыйыштырууну уз биринчи планга коёт. Мында негизги оюм-көчөттөр гүлдү символдоштуруу аркылуу ийкемге келет. Демек, элдик оюмдар, гүл, жаныбар, канаттуулар бири биринен өтүшүп, ич ара шайкештенип, жалпысынан алганда көркөм көчөт болуп таанылат. Ошону менен өсүп-өнүү, гүлдөө темптери баамдалат. Чечмелей келгенде жер, жаныбар, өсүмдүк, аба, канаттуулар, булут, суу, саз, тоо, токой — ар биринин өзүнчө сөөлөтү билинет. Уз мына ушуларды этиеттеп, шарттуу биримдикте кайталоо аркылуу кыр-

гыздын элдик оюмдарын пайда кылат. Сабырбүбү уз көл экологиясына да кайрылат. Анын бетин ачуу үчүн көлдүн түпкүрүн, андагы тиричиликти, четиндеги, үстүндөгү кайкып учкан канаттууларды, ак кууларды көңүлдүн борборуна алып, «Ысык-Көл ак куулары аркылуу аруулуу»,— деген бүтүм чыгарат да, бул туюнтмалар көркөм көчөт менен түшүндүрүлөт. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1988-ж. Кыргыз Илимдер Академиясындагы «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн топтук көргөзмөсү». Шырдагы үчүн ЭЧЖРКнүн Ардак грамотасы;

1989-ж. «Сүрөтчү-прикладниктердин жана элдик чебер аялдардын көргөзмөсү». Шырдак, курак жана сайма буюмдары менен катышкан;

1990-ж. Республикалык эстетикалык тарбия окутуу борборундагы «Элдик чеберлердин көргөзмөсү». Шырдак, курак буюмдары үчүн Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун Ардак грамотасы;

1990-ж. Кыргыз мамлекеттик сүрөт музейиндеги «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык сатуу-көргөзмөсү». Кийиз, сайма, курак буюмдары менен катышкан.

## БЕРДИБАЙ КЫЗЫ ЖЕҢИШ

Өрмөкчү жана шырдакчы. 1945-ж. Кочкор районундагы Теңдик (Койлубай) айылында төрөлгөн. Бишкектеги политехникалык институттун механикалык факультетин бүткөн. Азыр Айнур заводунда инженер. Узчулукту энеси Мариядан алган.

Жеңиш таар буюмдарынын ичинен боз үйдүн кара терме боо-чууларына арбын узданат. Тегиричке 102 түгөйлүү жипти алат. Көк-кызыл геометриялык көчөттөрдү көчүрүүдө «мүйүз оюмдары» ийкемдүү келип, аны үч катар берүүдө өзөгү (ромбик) табакча болуп, сыртынан дагы «мүйүз оюмдары» кайталанып, үчүнчү катары «колтук оюм» көчөт болуп түшөт. Ошондо буюмдун жазылыгы орточо 30—31 *см* келет. Анын жээгинин кыюу жибине 9 тал жип кетип, «чычкан изи» түшөт. Уз үзүк боого «тай туяк» көчөтүн болжолдо 12—15 *см* жазылыкта түшүрөт. Кыюусу сары-карадан болот. Ошондо туурдук боо 8—10 *см*, уук тизгичке 18 жуп жип аркылуу «чагармак көчөтү» келет.

Жеңиштин кийиз буюмдарында чебер аткаруучулугу бар. Анда көбүнчө «мүйүз оюмдарын» «мүйүз оюмдары» менен, анан



«мүйүз оюмдарын», «балдак оюмду» (ал «бадам оюм», «куш оюм» сымалданат) «колтук оюмга», «четтик оюмга» келтирет. Ошондо көк-кызыл, күрөң-сары, ак-кара, кара-кызыл, жашыл-кызыл (жашыл — мусулмандардын түсү, дүйнөлүк классикада да ушундай бааланат) беттешет. Сүрөттө Жеңиш уз энеси Ысакан келини Мария менен. Эмгеги баттамада.

## БЕРДИБАЙ УУЛУ МАМЫР

(Туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Жыгаччы. Сокулук районундагы Жыламыш айылынан чыккан. Анын устаты Турдубай уулу Шабдан жыгаччы болгон (ал адам тууралуу маалыматтар жок). Маркум Кызгара уулу Кошалынын кезегинде берген маалыматтарына караганда Мамыр жалаң жыгаччылыкка, оюм-чийим үлгүлөрүн түшүрүүгө узанган. Кырма идиштерине көбүнчө «чаян түйүштү» жиксиз чыгарган. Боз үйдүн босого-таягы, каалгасы, үкөк, төө сандык сыяктууларга жараткан кооздуктары «өздүк кыял оюмдарынын» элементтерине негизделип, аны үзүлкесилсиз жалпы оюмда берген. Жергеде боз үй тиккен кезде анын андай буюмдары үймө-үй жолугуптур. Бара-бара сынып бүлүнүп, отко жагылып билинбей кеткени баамдалат.

Учурунда мамлекеттик музейлерге экспонат-талып калышы ыктымал.

## БЕРДИБАЙ УУЛУ ЫКТЫМАЛ
(1930—1968)

Зергер. Кочкор районундагы Үч-Булак айылында төрөлгөн. 4 жашында кызамык менен ооруп, кулагы укпай, дудук болуп калат. Энеси үйдөн тамга таанытып, эсеп-кысапты үйрөтөт. Кылтак салып, уучулук кылат. Чолпондук Кашкар Нарынбай уулунан зергерчиликти үйрөнгөн.

Тетик бала кыз-келиндердин зер жасалгаларына узанууда текенин мүйүзүнөн куйма жатак жаратат. Ал күмүш нускаларын жаш өзгөчөлүктөрүнө карай кармайт. Байбичелерге карта шакекти көп жасаган. Өрүмдүн (жылан боор, торгой көз, музоо тиш, каз таңдай, беш кашка, жети кашка) алты түрүн билген. Өзү жасап алган алаа көөрүгү, күмүш зым тарткычы буюмга өзүнчө сын берүүчү көркөм калыптары болгон. Анын ийген темир комузун чоң энеси Каньшай каккан. Устачылыгында карышкыр капкан кармоосу жогору бааланган. ДМ 30—35 *см* келген тиштүү капкандын жаагына кара чала болоттон таңдап, стко коюп, такадай ийлөө жана сугарууну жекече устачылык күчү менен жасап, чаптырганда өйдө (10—15 *см*) секирип турган. Аны жырткычтарга керме капкан кылып салган. Ыктымал кармалуучу нускалардын жердигине карата чычырканактын, арчанын, талдын, карабактын көмүрүн үйлөткөн.

## БИЙЛИБАЕВ КАЙНАРБЕК ШЕРИМКУЛ УУЛУ

Жыгаччы. 1952-ж. Талас районундагы Арашан айылында төрөлгөн. Профсоюздардын жогорку мектебин бүткөн. Азыр Кемин районундагы Орловка (Талды-Булак) айылында жашайт. Устакерчиликти зээр, комуз чабуудан баштаган. Темирчи, жыгаччы, тамыр кармоочу, табып Аманбек Саадабай уулу менен агасы Зайырбектин нускаларын алган. Кайнарбек томого баш, калак баш (сүйрү баш), куш баштуу ээрлерин Анжиян ээринин үлгүсүнө салып узанат. Жергиликтүү тал-теректи кыйып, аны көң-тезектин ысыгы кете элегинде жабат. Чебердин жекече баамдоосунда мындай учурда жыгачтан жарака кетпей, дароо туюк чабууга шартташат. Инек өгүздүн, буканын терисин чылгыйлап, аны жаңгактын жалбырагын кайнатып алган кара боёкко малмалап, ээр каптайт. Атасы Шеримкул чоң дастанчы, агасы Зайырбек ырчы, комузчу, өзү обончу ж-а күү жаратуучу болушу аркылуу айыл ичинде шайырлардын үй-бүлөсү аталышат.

## БИРНАЗАРОВ САГЫНБЕК

Ат жабдыктарынын чебери. 1919-ж. Талас районундагы Саз-Булак айылында төрөлгөн. Жогорку билимдүү. Агартуу майданында, башкаруу кызматында эмгектенген. Улуттук оюндардын жумуруяттык категориясындагы судья, элдик талант.

Ал ат жабдыктарын өрүп (жети кашка өрүм), кайып кармайт. Анын шөкөттөрүн — тогоону, солоңдорду, купаны, сүзмөнү, чагармакты, ооздукту көбүнчө өгөөлөп, өзүнчө кайышка кынаптальп тургандай көркөмдүккө келтире узанат. Чебер кол кайыш жасоонун ички сырларын мыкты туя билет. Аны кайыкка беттей кайып алат. Жүгөндүк, көмөлдүрүктүк, басмайылдык, куюшкандык кайыкка булгаарынын энин анча жазы албайт.

## БОЛОТОВ КЫЛЫЧБЕК

Карапа, тери буюмдарынын чебери. 1954-ж. Жумгал районундагы Кызарт айылында төрөлгөн. Бишкектеги Сүрөтчүлөр окуу жайы-



нын колдонмо-жасалга бөлүмүн бүткөн. Кыргызстан эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө сүрөтчү-прикладник болуп иштеген. Көркөм кол өнөрчүлүк кесиптик-техникалык окуу жайын уюштурууга жандуу катышып, ал ачылгандан бери анда мугалим-чебер болуп узанат. Кыргыз Республикасынын кесиптик-техникалык билим берүүсүнүн отличниги.

Кылычбектин чыгармачылыгындагы булгаарыга наар түшүрүүсү, чийме сынпостоосу өзүнчө жаңычылдык. Ага коодук үчүн «мүйүз оюмун», «кыял оюмун» пайдаланат. Муну ысытып басуу, клишелеп басуу, чийме шибеге менен из түшүрүүсү сыяктуу ыкмалар аркылуу окуучуларга үйрөтөт. Карапа буюмдарын жаратууда ысыктыкты пайдалануу сырларын мыкты билет. Анын узануусундагы карапа буюмдар өнөктөшү — белгилүү карапа чебери Шаршеев Элчибектин стилине окшошот. Ат жабдыктарын кармоодо элдик узануунун жолунан тайбайт. Шайымбеков Кылыч анын өзү менен кошо узанган ишенимдүү шакирттеринен.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1979-ж. СССРдин ЭЧЖКсү. Карапа буюм-жасалгалары үчүн коло медаль, диплом.

1980-ж. Кыргызстан ЭЧЖКсү. Карапа идиштери, колдонмо-жасалга үлгүлөрү үчүн коло медаль.

## БОРБУК КЕЛИНИ МИСИРБҮБҮ

Өрмөкчү. 1941-ж. Кочкор районундагы Ак-Жар айылында төрөлгөн. Өрмөкчүлүктүн кара термесин энеси Байкулудан, кайын эжеси Маржакеден үйрөнөт.

Мисирбүбүнүн соккон өрмөгүнүн бири — «жел боо». Мында сегиз кош жип бар. Буга «омуртка оюмун» түшүрөт. Ал буюмдун «ортолук көчөтүн» кызыл менен жашыл өңдөн тандайт да, бир четин «чычкан изи» кылып ичке актан, экинчи жээгине үч кара жиптен коодук салат. Көркөм көчөттүн мындай жөнөкөйрөөк түрлөрүн жүзөгө ашыруу — узчулуктун башаты. Ал согуп жаткан «кереге чалгычынан» даана байкалат. Мында түгөйлүү алты жип күзүктөлөт. Күзүктөөдө ак жип менен салынган «чычкан изи» бөтөнчө керектелет. Бул таар согууда «ала мончок», сайма саюда «суу», оймочулукта «аламыч» делет. Ал ортолук жана четтик ар кандай көркөм көчөттөрдү көркүнө чыгарып, буюмдун ажарын ачат. Терме өнөрүндө да бул айрыкча мааниге ээ. Мында чебер тал жиптерди чаташтырбай чалып, сокмо кылычты өйдө көтөрүп, ирети менен кыймылдатат. Уук тизгичти ийине келтире согот. Уздун таар термелеринде «тумарча көчөтү», «омуртка көчөтү», «чымын канат көчөтү» басымдуулук кылат да, көк-кызылды, кара-акты «чычкан изи» катары пайдаланат.

Уздугун кызы Айнагүлгө, келини Чынаркүлгө жугузган. Азыр чебер Чүй районундагы Мичурин айылында жашайт. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1986-ж. Кыргыз ССРинин 40 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Шырдак, таар буюмдары үчүн ЭЧЖРКнүн II даражадагы диплому;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Таар буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1991-ж. «Элдик кийим-кечектердин жана зер буюмдардын республикалык кароо-көргөзмөсү». Сырт кийимдери үчүн Кыргызстан Маданият министрлигинин Ардак грамотасы.

## БОРБУКОВ ЭРМЕК

Ат жабдыктарынын жана аваздык аспаптардын чебери. 1931-ж. Тоң районундагы Оттук айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбада малчы жана кара уста болуп иштеген. Устачылык шыкты таекелеринен алып, аваздык аспаптарды чабуудан устакерчилигин баштаган.

Эрмек комузду өрүктөн чабат. Аны кыйып, ал алешем кургаганда сомдоп, ичин оёт. Аны солидол же олиф майы менен майлап, көлөкө жерге таштайт. 20—30 күндө жыгач ойдогудай кургайт. Комуз капкагы үчүн жергиликтүү карагайды пайдаланат, өзгөчө Жети-Өгүздүн карагайы табылгыс жердик.

Эрмек «чыбыртки» деген майда өрүм үчүн 12—15 талдан көк тилет. Негизинен бул камчы өрүм. «Жөргөм өрүм» («уй мурун» — бул уйдун таноосуна окшоштугунан ушундай аталса керек) дагы төрт-төрттөн кыр болуп түшөт. Өрүмдө өзөктү чыңай керет. Аны бир-эки күн коюп, өзөктү катырып алып өрөт. Көк узун болсо түшкүнүн өзү менен кошо тилип бекитет. Эгер көк кыска болсо кошумча көк улаштырат. Түшкүн негизинен үч эли (5 *см*) болот. Камчыга алакан чыгарышы бөлөкчөрөөк, жөнөкөй, бирок көркөм көрүнөт, бышык да келет. Алакандын маңдайына көрчөгө чаап, анын



учун түшкүн менен бекитет. Уста эликтин шыйрагын, табылгыны (тобулгу), ыргайды, текенин мүйүзүн камчыга сап кылат. Текенин мүйүзүнүн маңдай жагын араалап, анын узунун камчы сапка ченеп, дагы узунунан тилет. Араа менен аны жумурулап, сууга кайнатып, жашытып, асты-үстү катуу нерсеге жаткырып, оор нерсе менен бастырып коёт. Мүйүз жакшы катпаса, кайра мурунку нугуна түшүп ийрейип кетет. Көккө кийиктин териси табылгыс жердик. Ал тегиз да, бышык да келет. Торпок менен тайдын терисинен да көк жасалат. Тайдын териси бышык болгону менен андан торпоктуку бышыктык кылат. Терини чылгый кезинде жыдытып, узунун чыгарып кургатат (түз жерге, тактай бетине керип). Көктү тиле билүү, аны сыдыргыга салуу, кыртышын кыруу — өрүм талдарынын кынаптала түшүшүнө өбөлгө түзөт. Талдын майда болушу өрүмдү кооз көрсөтөт.

Эрмек ээрдин эки түрүн: «кучмач ээр» (куш баш ээр) жана «ак каңкы» ээр чабат. Кучмач ээрдин кашы кичине келип, кашы куштун башына окшошот. Ак каңкы болсо башы барбайып, бүркүт томогосундай алдына эндүү болот. Экөөнүн тең көөдөнү бирдей болуп, ээрдин кашынан гана айырма көрүнөт. Уста ээрдик талдын узундугун 50—55 *см* кесет. Адегенде акта келүүчү жагын түздөп чабат. Астыңкы акта менен арткы актанын өлчөмүнө карата (акта — желдик келүүчү жери) чийип алып, ага карата актанын коңулун биринчи бүтүрөт. Анан ээрдин үстүңкү бетин чабат. Буга чарасы менен моюну кирет. Жердик өтө кургак болсо оор чабылат, өтө суу болсо жарылып кетет. Чаранын формасын чыгарган соң анын кашын бүтүрөт. Эгер жыгачтын өлчөмүндө ээрдин көөдөнү кошо чыга турган болсо кашты туюк чабат. Көөдөнү жетпесе кашты өзүнчө жасап, бири бирине аштайт. Актанын узундугу ээрдин кашы менен чарасынын узунунан 10—12 *см* кыска болот. Жалпы ээрдин узундугу эки карыш, бир нукумдай (50—55 *см*) келет. Ошондо актасы 40—42 *см* болот. Актанын коңулунун бийиктиги — алды болжолдо 14—16 *см* (бир карыш), артынын бийиктиги 11—12 *см* (сөөмдөй) келип, ээрдин атка отурушу көркөм көрүнөт.

Эрмек ат жабдыктарын шөкөттөөдө «өгөлөө ыкмасын» пайдаланат. Шөкөт түспөлү томпок, төрт бурч сымалданып, башкалардан айырмаланат. Ал эми «купаны» чапкыч менен чабат. Муну менен катар уста мис, коло, жез өңдүү жалтырак темирлерге оюм-чийим түшүрөт. Эрмек темир комуз да кармайт. Буга курч темир тандайт. Анын үн бере турганы, үн бербей турганы бар. Мисалы, чалгыны кайраганда үн берсе, андан комузга тил жасайт. Аваздык аспаптарды жасай билген уста аларда ойной да, үн кошуп ырдай да алат.

## БОРОМБАЕВА АСЫЛБҮ

Оймочу. 1939-ж. төрөлгөн. Атасы шартка байланыштуу Кытайдагы кыргыздарга ооп, кийин өз журтчулугу Сузакка келишкен. «Барпы» атындагы чарбада чабан болуп иштеген.

Уз ала кийиз уютуп, ага кооз оюмдарды берет. Аны аруу колдон жаратууда Асылбүнүн өзүнчө чыгармачылык бөтөнчөлүктөрү билинет. Уз абалы буюмга тандалма күзгү кара жүндү тазалайт. Аны сабап, чийнеге чабактап, бышыра электе жууйт. Мында кийиз балбырап калат. Оюм түшүрүп, аны кара кийиздин үстүнө жаткызат. Жаткызылган оюмдун аралары, ички кычыктары ар түрдүү жүндөр менен толтурулат. Мында оюм ичинен оюм жаралат. Асылбүнүн чечмелөөсүндө буларга майда оюмдар түшүп, ал «кыз оюм» деп аталат. Кийиз бетиндеги кесек оюмдар «чоң оюм» делет. Буюмдардагы негизги оюмдардын (ала кийизде оюмду «түр» деп айтса да болот) араларын ачык жана так көрсөтүү үчүн живопистик маанай берүүдө Асылбүбүнүн кооздукту тандай билүү касиети бар. Албетте мындай көрүнүш анын кармаган шырдактарынан да билинет. Шырдагында четтик оюм кесек берилет. Ал көбүнчө «бадам оюмдан» турат да, четине бычак учу

(араа тиш) түшөт. Аянттуу чоң шырдактарда төрт табакча орун алып, жалпы оюм аркылуу берилет да, өтө майда көрүнөт. Ар бир табакча төрт бөлүктөн турат. Анын ар биринде үчтөрттөн оюм элементтери кездешет. Ал табакчаларда айрыкча «бугу мүйүз оюму» орун алат. Көркөм оюмдарды мындай берүү илгерки Енисейлик кыргыздардын буюм үлгүлөрүн даана элестетет. Чебер боёкко кылдат мамиле кылып, түстү тааный да, ички бөтөнчөлүктөрүн ача да билет. Ток кызыл деп күрөң кызылды айтат, ал эми саргыч кызылды «ач кызыл» дейт. Күлгүн кызылды «пушту кызыл» дейт. Көк өңдү кара көк деп бөлөт. Ач көк болсо суюгураак келет. Жашыл түстү да бөлүп атайт. Асылбү шырдак, ала кийиз оюмдарына ач кызылды ток (коюу көк) менен же тескерисинче ток кызылды ач көк (суюк көк) менен беттеп буюмдун жүзүн ачуууда. Ач сары ток жашыл менен айкалышат. Айыл ичиндеги көркөм кол өнөрчүлөрдүн нускоочусу болуп калган ал чеберчиликти чоң энеси Аныйпадан үйрөнүп, эми бул салттуу өнөрдү кыздары Сапаргүл менен Гүлмирага жугузууда. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1989-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Ала кийизи үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы. Ала кийизи музейге экспонатталган.

## БОСТЕРИЕВА ОРОЗОКАН АРЗЫКУЛ КЫЗЫ

Саймачы жана чырмакчы. 1966-ж. Эки-Нарында төрөлгөн. Кийим тигүү фабрикасында эмгектенген. Бишкектеги элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүрүп, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде узданууда. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Орозокан өзүнчө композициялык чыгарма түзүү аркылуу пайда болгон буюм-тайымдарында өңдөлгөн, ышкын түп менен боёлгон жаргак териден, бир өңчөй согулган таардан, колдо уютулган кийизден жердик жаратып, аларга сайма көчөттөрүн түшүрүүгө, бир бүткөн иш жаратууга айрыкча назар таштоосу менен сарысапталган туштуктары чыныгы салттуулукту даана айкындайт. Уз «Жаратылыш», «Мамык», «Гүл», «Ашкана», «Толкун» аттуу иштеринде (туштуктарында) өзү өнүп-өскөн аймактын табиятынын коoздугун көркөм каражат



кылып алат. Ал ошону менен өрмөкчүлүктө геометриялык так жана төп көчөттөрдү берүүгө машыккан. Уз боз жердикке (фонго) күрөң, агыш, жашыл, сары, кызыл, күрөң кызыл түстөрдү ич ара жагыза берүүгө өтө дилгирленет. Табигый ак, кара, күрөң жүндү пайдаланып ашкана чий жараткан. Бул салттуу буюм үч табакчадан турат. Четтери ак, кара жүндөн чырмалат да, тегерегинде «ит куйрук көчөтүнөн» өзөк пайда болот. Карадан «сыңар мүйүз», «кочкор мүйүз оюму» түшөт. Алардын четиндеги ак жүндөн «аламончок» көркөм көчөттөрдү бөлүп көрсөтөт. Мында «кочкор мүйүз оюму» аянттуу берилип, ал күрөң көрүнөт да, буюмдун жалпы танабы (фону) катары сезилет.

Орозокандын сайма буюмдарынын бир нече түрлөрү Санк-Петербургдагы мамлекеттик этнографиялык музейге экспонатталган. Сүрөттө буюмдары жана ортодо өзү.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы. Сайма буюмдарынын түрлөрү үчүн Ардак грамота;

1989-ж. Эл чыгармачылыгынын республикалык III фестивалына карата «Элдик чебер-

лердин кароо-сынагы». «Гүл» аттуу туштугу үчүн I даражадагы диплом;

1990-ж. Элдик жасалга-колдонмо өнөрүнүн Бүткүл союздук көргөзмөсү. Сайма буюмдары үчүн Диплом;

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Чыгдан чийи, сайма туштуктары коюлган.

## БОТАЛИЕВА САТЫМБҮБҮ

Шырдакчы, бычмачы-тикмечи жана өрмөкчү. 1930-ж. Ак-Талаа районундагы Кара-Тагай (1-май) айылында төрөлгөн. Көбүнчө жекече кызыгуусу аркылуу узчулукту сарысаптайт. Анын оймочулугу түр шырдак кармоодон баамдалат. Анда көркөмдүк үчүн «карга тырмак оюмун», «балдак оюмун», «бадам оюмун» четтик оюмга түшүргөндө борбордук оюм үчүн «салбай оюму», «жагалмай канат оюму» башы «карга тырмак оюмунан» турган менен тутумдашып бир табакчаны түзөт. Ал «бычак учу» (араа тиш) аркылуу «ала мончоктолот». Ошондо сары, жашыл, кызыл түстөр түр шырдактардын, кийиз буюмдарынын жүзүн ачат. Сатымбүбүнүн өрмөкчүлүгү жана кийизди мыкты уютушу, бычмачылык-тикмечилик өнөрү менен шарттаашат. Ал төөнүн, тайлактын жүнүн ипичке ийрип, аны оң-тетири чыйратып, үзбөй-түйүндөбөй челдеп, өрмөктү күзүктөп согуп, андан таңдайлашкан таар жаратып, төө чепкен (суп чепкен) тиккен. Козунун жүнүн кылдап, кыска кыркып жасаган кементай калпактары чанда кездешүүчү үлгү катары үйүндө сакталган. Ал таар буюмдарынын кара термесин арбын согот. Чебердин кызы Жумабүбүнүн да уздугу артылууда.

## БӨРҮБАЕВА ТОКУШ

Оймочу. 1918-ж. Талас районундагы кушчулардын айылы Көпүрө-Базарда төрөлгөн. 1937-жылга чейин Кетмен-Төбөдө болушкан. Таластагы № 113-жылкы заводунда малчылыкта, талаачылыкта эмгектенген. Узчулукта апасы Кенженин нускасын алган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Токуш кийим-кечектерди бычып тигет. Тери ашатуу, өңдөө, ышкын түпкө боёо, кийиз өтүк уютуу, түймө түйүү, таар согуу сыяктуу жердигин колдон даярдап кармалган буюм-тайымдарды жасоо түйшүктөрүн аркалайт. Кийин боз үй көтөрүү демилгесинде анын ички-сырткы жасалгаларын кооздоо ышкысы артылат. Ал өрмөк үстүндө терме чалат. Ага 18 жуп жип аркылуу «жолборс тырмак оюмун» көчөт кылып берет. Тегирич үчүн 60 жуп жип түгөйлүү «үч тырмак» болуп түшөт. Ал эми 53 жуп жипке ал «эки тырмак» түшүрөт. Мында деле термеде ортолук көчөтү көк-кызылдан, четине карадан кийин «томк көз», «чычкан изи» аламыч болуп көрүнөт.

Токуш уздун оймочулугу шырдак буюмдарында билинет. Ал кийизди катуу уютат да, буюмдун четтик оюмуна (бир үйү үчүн) «жагалмай канат оюмунун» алдынан «кочкор мүйүз оюму» чыгат. Мында кара-актан «ит куйрук оюму» аламыч катары такай түшөт. Башында «карга тырмак оюму» бар «мүйүз оюмун», андан соң «кочкор мүйүз оюмун» (бир үйдү түзүп), төрт табакчадан буюмду жалпы оюм аркылуу берет. Же анын шырдактары менен ала кийиздеринин четтик (жээк) оюмдарында «куш оюмунун» алдынан «карга тырмак оюму» чыгып, «ортолук оюмда» (борбордук оюм) үч табакчада бир үйү «карга тырмак оюму» менен «кочкор мүйүз оюму» беттей оюлуп, ичи-сыртындагы көркөмдүк бирдей билинет. Мындай кооздуктардан кайра кооздук жаралат.

Уз жекече кылдаттыгын аркалап, беш боз үй көтөргөн. Анын бири ичи-сырты талаптагыдай жасалгаланып, жердеши, кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун 60 жылдык торколуу тоюна уздук белек катары берилген. Ак өргөөнүн сыртында баш-аяккы кылдыроочу (таластыктар аны «төтөгө» дешет. Түндүк Кыргызстандын көпчүлүк жеринде кылдыроч деп уук учтукту айтышат), жабык башы, тегиричи «кыял оюм-көчөттөн» турат. Бооруна «жолборс тырмак оюму», тизгичине «тумарча оюму» (бычак учу) терилген. Ак өргөөсүнө үч шырдак, үч ала кийиз, төрт төшөк төшөп, кереге көздөрүн кур калтырбай илме сайма аркылуу сарысапталган көркөм сайма баштыктарды илип, төрт туш кийиз тартып жасалгалаган.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык II кароо-сынагы». Боз үй жасалгалап келгендиги үчүн ЭЧЖРКнүн Биринчи даражадагы дипломуу;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Боз үй жасалгалап келгендиги үчүн ЭЧЖРКнүн Биринчи даражадагы дипломуу;

1989-ж. Элдик чеберлер союзун уюштуруу курултайына карата уюштурулган «Элдик че-

берлердин республикалык көргөзмөсү». Боз үйдүн ички-сырткы жасалгалары үчүн ЭЧЖРКнүн дипломy, медалы;

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Кийиз буюмдары коюлган.

## БУКАРДИНОВ НУФТИДИН

Зергер. 1959-ж. Кочкор районундагы Арзы айылында төрөлгөн. Бишкектеги № 19 элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүрүп, анын зергер бөлүмүндө башкы чебер болуп иштеген. КМУнун Караколдогу филиалын бүтүргөн. Атасынан ат жабдыктарын кармоо нускасын, Чүй районундагы Маданият айылында жашаган таежездеси Жунушаалыдан зергерчиликти, мугалими Мырзабаев Шамандын үлгүлөрүн алган.

Нуфтидин ат жабдыктарын аруу колдон чыгарат. Буюмдагы бөтөнчөлүк — андагы зергерчилик. Зергерчилик — күмүштү, жезди, мисти ич ара айкалыштыра кармай билгени. Нуфтидин ээрге, жүгөнгө, көмөлдүрүккө, басмайылга, куюшканга, үзөңгүгө жезди жогорку чеберчиликте чабат. Алсак, үзөңгүнү кызыл жезден куюп, ага илгерки кыз үзөңгүсүнүн түспөлүндө коодук берет. Ал ээрдин кашына, чарасынын жээгине, алдыңкы-үстүңкү актасына жезди кылдай ичке кылып чоюп, аны эшип чаап, төгөрөгүн жээктейт. Чебердин ээр токумундагы «купа», «сүзмө», «того», «сагалдырык», «кошунду», «чагалдырык», «солондор» сыяктуу куйма шөкөттөрүнүн нускасы кайышка майда жана сыйда, так жана таза, чыныгы чыгармачылыкта чабылат.

Кыз-келиндердин аруу буюмдары: сөйкө, желбирөөч, шакек, билерик, оймок, топчу, төөнөгүч, бой тумар, эр кемер өндүүлөрдү зергерчиликтин жана жекече чыгармачылыктын күчүнө салып, бир тутумда айкалыштыра жүзөгө ашырат. Буюмдун жердигин дүкөндөн алат. Күмүштү чач учтуктардан эритет. Өзү жасап алган аспап-куралдары бар. Көркөм куйма калыптарынын ондон ашык түрлөрүн алмак-салмак пайдаланат. Көрүк катары компрессорлорду (жел үйлөткүчтү) колдонот. Буюмдун бетине көркөм оюм түшүрө турган чийим шибегени да өзү жасаган.

Нуфтидин ээрди курама кылып чабат. Мында негизинен кыргыз ээринин эң эски, өтө сыйда, нукура үлгүлөрүнөн болуп саналган «анжиян ээринин» түспөлүн сактайт. Аны өзү жасап алган керкинин түрлөрү аркылуу кебине келтирет. Эни тегерек миздүү аспаптары менен ээр чабат. Ал эр ээри он эки бөлүктөн турат да, тарамыш ордуна капрон жиптин артына желим (эпоксид чайырын) ичирип, анан булгаары каптайт. Ээр жеңил да, бекем да, бышык да келет.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Биринчи даражадагы дипломy.



## БУУДАЙЧИЕВА РАЗИЯ

Шырдакчы. 1923-ж. Кочкор районундагы Кызыл-Дөбө айылында төрөлгөн. Ал айылдаштарына үлгү таратуучу катары таанылган. Саймачылыктан уздугун баштап, кийин биротоло кийиз буюмдарын (көбүнчө шырдак) кармоого өтөт. Анын түр шырдактары дубалга тартууга да шарттташкан. Анда ал бири бирине окшобогон 12—13 табакчаларын «аламыч» аркылуу (көбүнчө «бычак учу») бөлүп, ар биринин ичинен «кочкор мүйүз оюмунун» ичинен «кочкор мүйүз оюмун», «карга тырмак оюму» бар «куш канат оюмунун» ичинен «кочкор мүйүз оюмун», «кочкор мүйүз оюмунун» ичинен

«жүрөкчө оюмун», «төрт кочкор мүйүз оюмунун» ортосунан өзүнчө өзөк, төрт «мандалак оюмунун» ичинен «ит куйрук оюмун» чыгарып, булардын колтуктарына «мүйүз оюмунан», «карга тырмак оюмунан», «куш канат оюмунан» турган «жарым кыял оюмун» берип, четине бир эле «бармак боочу оюмун», «ит куйрук оюмун», «сыңар мүйүз оюмун» караактан, кара-сарыдан, кара-кызылдан берип кеюшу аркылуу кооз көрүнөт. Жээк оюмдарында алды-артынан «мүйүз оюмдары» үзүл-кесилсиз берилген «жүрөкчө» мүнөздүү келет. Сүрөттө Буудайчиева Р. шакирти менен.

## БЫЖЫЕВА ЭРКИН

Бычмачы-тикмечи. 1937-ж. Аламүдүн районундагы Чоң-Таш айылында туулган. Орто билимдүү. Азыр Кара-Көл калаасында «Назик» чакан ишканасында узданат. Анда ак калпактын үлгүлөрүн жаратууда. Аны «кыз калпагы», «жаштар калпагы», «карыялар калпагы» өңдүүлөргө бөлүп узданат. Эркин саймачылыгында «кыял оюмунун», «мүйүз оюмунун», «бармак боочу оюмунун» эң майда элементтерин көчөт үчүн пайдаланат. Уулу Кыдырмышов Кутманбек (1955-ж. туулган, сүрөтчү-прикладник) чийген көркөм оюм-көчөттөрдүн үлгүсүн пайдаланат. Ал боз үй көтөрүп, чебер аткаруучу катары ак өргөөнүн ички-сырткы кооздугу үчүн салттуу буюм үлгүлөрдүн көрүнүктүүлөрүн тандаган.

### Катышкан көркөм көргөзмөлөрү жана алган сыйлыктары

1987-ж. Улуу Октябрь революциясынын 70 жылдыгына карата көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү, кароо-сынагы. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинин Ардак грамотасы.

1988-ж. Эл чыгармачылыгынын бүткүл союздук II фестивалы. II даражадагы диплом, медаль.

## ГАПАРОВА ИЗАТ

Өрмөкчү жана саймачы. 1938-ж. Баткен районундагы Кара-Суу айылында төрөлгөн. Жумушчу болуп иштеген.

Изат төө жүнүн ийирип, чыйрак оң-тетири чыйратып, ат жабуунун бир беткей жердигин жаратат да, ага «илме дос» саймасы аркылуу кооздук түшүрүүгө машыккан. Мында «тогуз төбөлөөдөн», «допу төбөлөөдөн» турган табакчаларда «ийрек көчөтүнүн», «кайкалак көчөтүнүн», «жылдызча көчөтүнүн» элементтерин ич ара сарысаптайт. Көк-кызыл түс алдыга чыгып, четине ак-карадан турган кадимки өрмөк ыкмасы аркылуу «чагармак көчөтү» берилет. Топ чачыктарына зымдан кырчоо түйүм жасайт. Изаттын балыштык, жаздыктык кара жердикке түшкөн саймаларында өз ара өңдү тандай алышы анын «бадам оюму», «өзөк оюму» жана ага түшкөн «суусунан» билинет. Эмгеги баттамада.



## ГАПАРОВА СААДАТ

Килемчи жана өрмөкчү. 1933-ж. Баткен районундагы Говсувар айылында төрөлгөн. Тамеки өстүрүүчү бригадада эмгектенет. Ал уз үй-бүлөдө өскөндүктөн көркөм кол өнөрчүлүктүн көпчүлүк түрлөрүн кармай билет. Термени кайын энеси Базилден үйрөнгөн. Ал шалчага «тай туяк көчөтүн», «ит таман көчөтүн», «тайлак таман көчөтүн», «терме», «беш кеште» сыяктуу таардын көркөм үлгүлөрүн такай кармап, ал үлгүлөрү тарыхый жасалгалык мааниге ээ болууда. Анын килем буюмдарына түшүрүлгөн «ашкана көчөттөрүнө» жашылды кызыл түскө арбын пайдалангандыктан буюм бети канчалык так, төп түргө бай болгону менен анча ачылбай, бүдөмүк көрүнөт.

## ДАЙЫРБЕКОВ ШАМИЛ АСАН УУЛУ

Зергер-сүрөтчү. Кыргыз Республикасынын маданиятка эмгек сиңирген ишмери (1992).



1946-ж. Нарын шаарында төрөлгөн. 1961—62-жылдары Бишкектеги курулуш техникумунда, 1962—64-жылдары Бишкектеги техникалык окуу жайында окуган. 1968-жылдан Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзунун көркөм фондусунда узанууда. Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү (1976). Анын даана көркөмдүктө жаралган «Кораллы», «Ысык-Көл», «Күн карама», «Жомок», «Ала-Тоо» өңдүү композициялуу эмгектери, эски бедиздерди эске салган металл балбалдары, зер жасалгалары жер шарынын көп жерлерин аралады. Ага Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзунун президиуму «Элдик чебер» деген наам берген.

Дайырбеков Ш. буюм-тайымдарды жасоодо салттуу чеберлердин жол жоболорун таасын кармоо менен катар профессионалдык чеберчиликтин түркүгүн жогору көтөрүп, сүрөтчүлөр менен тең тайлашып келүүдө. Зергер күмүш ордуна нейзильберди, мельхиорду, жезди арбын пайдаланат. Алардан кыз-келиндердин асем буюмдарын (билерик, чолпу, күбөк, чачпак, желбирөөч, сөйкө, шакек, топчу, оймок ж. б.) жана башка үлгүлөрүн, эски нускаларын жаратууда.

Шамиль салттуу буюмдар менен катар балбалдарга да көңүл бурууда. Балбалдар байыркы тарыхтан кабар берет. Таш дооруңдагы тарыхый эстеликтердин сын-сыпаттарына кайрылуусунун өзүнчө өлбөс-өчпөс мааниси бар. Ал бир кездеги элибиздин скульптурасы. Чебердин «Менин чоң атам», «Менин неберем», «Менин чоң энем», «Неберелер жана чоң аталар», «Неберелер жана чоң энелер» өңдүү түзгөн композицияларынын мазмунунда «ынтымактуу үй-бүлөнүн тобу бузулбаса, бул өрнөк сакталса, ата-балага, чоң ата, чоң эне, небере-чөбөрө үчүн сый-урмат, салттуулук сакталса»,— деген касиеттүү туюм жатат. Зергердин байыркы искусствого кайрылуусунун негизги мааниси — ошол доордогулар менен азыркыларды жакындаштыруу. Ошондой эле кайрак таштарга чейин скульптура чеккен биздин бабалар оңой чебер эместигин эмикилерге даңазалоо. Жалпысынан алганда ынтымактуу үй-бүлөнүн жеринен келе жаткан жол жоболорун мындан ары да сактоого умтулуу.

Шамил шириге оюм-чийим түшүрүү өнөрүнө да эгедер. Зергер кемер курдун тогоосун кадимкидей чегелеп, анан күрөң булгаарыга «чийме сынпос» түшүрөт. Ал мында «сындырыкты» ысытып (күйгүзүп) басуу ыкмасын колдонот. Зергер муну менен катар темирди согуу (чеканкалоо) ыкмасын да жүзөгө ашырат. Азыркы чыгармаларынын негизги өзөгүн ашкана буюмдарына, кыз-келиндер себине, ат жабдыктарына бурууда. Элдик нускалар — анын узданууусунун башаты. Уста унутула баштаган элдик үлгүлөргө да көбүрөөк назар таштайт. Уста азыр эмаль менен иштөөнү да ишке ашырууда. Жаңы ыкма болгон эмаль аркылуу иштөө өтө татаал түйшүк. Чебер анын ыкмасын ойдон иштеп чыгарууга изденүүдө. Ал үйдүн ички жасалгасы (интерьери) үчүн узанууну алдына максат кылууда. Мында Шамил там үйдүн, боз үйдүн ички жасалгаларына өз өзүнчө бөтөнчөлөнүп узанууга дымагы зор.

Кыргызстандын мамлекеттик сүрөт музейинде анын элүүдөн ашык экспонаты бар. Мындан Ш. Дайырбековдун элдик зергерчиликтен жогорку профессионалдык деңгээлге көтөрүлгөнү өзүнөн өзү баамдалат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1970-ж. В. И. Лениндин 100 жылдыгына карата «Чеберлердин жана өз алдынча сүрөтчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Белек буюмдары үчүн Кырсовпрофдун грамотасы;

1972-ж. СССРдин павильонундагы «Изнирдеги эл аралык жайма базары». СССРдин ЭЧЖКндөгү ВЦСПСтин павильонундагы «Эмгек жана эс алуу көргөзмөсү»;

1973-ж. Советская Киргизия — СССРдин элдеринини бир тууганбдык үй-бүлөлүк көргөзмөсү;

1988-ж. СССРдин Лейпцигдеги көргөзмөсү. Зергердин жасалга буюмдары коюлган.

## ДЕЙДИ УУЛУ АБДЫКУЛ
(1904—1976)

Жыгаччы. Кочкор районундагы Семиз-Бел айылында төрөлгөн. Аламүдүн районундагы Көк-Жар айылында жашап, өмүрүнүн көбүн Кенен-Аңыракайдагы МЖСтин малын багууга жумшаган. Жайсандык казак устага шакирт болуп, кийин өз бетинче керки, тартк ы, тестин баскычын жасап узана баштаган.

Уста кадимки эле койдун жаңы кыгын тизе бою үйүп, үстүн тегиздейт. Ага суу себет. Кыкка укуруктай талдарды сойлотуп киргизет. Билектей талдардын бир тобун катар жаткызгандан кийин анын үстүнө дагы кык бастырат. Кайрадан колу менен шапшып суу сээп, үстүнө дагы тал тизет. Акыры үйүлгөн кык балык жон болуп чыгат. Бир, бир жарым сааттан кийин кык ысып буу көтөрүлөт. Кыктан жыгачты алат. Жылыган жыгачтын илеби көпкө суубайт. Муну тескe салып басканда кайыштай жумшарат, жыгач жашып, ийриси ойдогудай түзөлөт. Талды түздөгөндөн кийин боз үйдүн уук-керегесин болжолу менен жонуп жасайт. Же абалы уук, керегенин жыгачынын учу чыкпагандай арык жасап, ага кык толтуруп, түтүнү көтөрүлгөнчө кор кылат. Анан ага жыгачты сойлотот. Мындай ыкма кыйла опурталдуу. Жыгач күйүп, чычала болуп кетиши ыктымал. Устанын боз үйдүн жыгачын жасоочу теси эң жөнөкөй. Ошол тес аркылуу боз үйдүн бүтүндөй адими жыгачы: уук, кереге, түндүк жасалуууда. «Тестин баскычы» — метрден ашып-ашпай баса турган жагы жалпак, башка тарабы жумуру. Муну уста сол капталына салат. Кучкач ээрдин кашындагы эки ачадай жерге аштап, салмак менен басканда жыгач каалагандай ийрейет. Мындай ыкманы колдонууга маш уста ууктун сызма илгичке, жабык башка жана кереге көзгө байлана турган тарабындагы ийгисин ойдогудай иет. Тестин баскычысыз уукту, керегенин көзүн, түндүктүн чагарактарын ийүүгө мүмкүн эмес. Абдыкулдун тес, тестин баскычынан башка тартк ы деген аспабы бар. Анын эки тарабы миздүү, эки сабы бар. Тартк ы менен ууктун жана керегенин билегине жол түшүрүлөт. Боз үйдүн жыгачына ал Суусамырдын талы менен кайыңын колдонгон. Малчыларга ылайыктап жасаган анын боз үйүнүн жыгачы төрт канат, 55 баштуу, 9 көктүү, жел көздүү керегеси болгон. Көгүн төө терисинен тилген. Кадик уста Абдыкул жерди чуңкур кылып казып, көлчүк жасап, ага жаңы сыйрылган терини көөмп жүнүн жыдыткан. Андан тилип көк жасаган. Көкко өгүз терисин да колдонгон. Боз үйдүн жыгачын жошологон. Жошону казактардын Көк-Адыр деген жеринен алган. Ал боз үйдүн жыгачынын касиетин сактап, узакка урунуу үчүн табылгыс боёк болуп саналат.



## ДЕРБИШАЛИЕВ УЛАНБЕК

Жыгаччы. 1970-ж. Ак-Суу районундагы Жергез айылында төрөлгөн. Бишкектеги көркөм кол өнөрчүлүк окуу жайын бүткөн. Жыгаччылык таасирди Кулболдиев Муканбеттен алган.

Жыгачтын ар кандай түрлөрүнүн текстурасын мыкты тааныйт. Жыгачты мелүүн жайга кургатат. Абалы буюм-тайымдын түспөлүн сомдоп алат да, ага чагарактата, балык жондото көбүнчө «кыял оюмду», «бармак боочу оюмду» түшүрөт. Буга анын кырма идиштери кирет. Уланбек жасаган үлгүлөрүнө тематикалык жактан композициялык сюжет түзүп, образ жаратат. Андай иштерине «Манастын төрөлүшү», «Үч мээрим», «Тогуз коргоол», «Шахмат» өндүүлөрү кирет.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары

1994-ж. Көркөм кол өнөрчүлөрдүн жана сүрөтчүлөрдүн кароо-сынагы. «Тогуз кумалак» аттуу жасалга-колдонмо буюму үчүн Башкы сыйлык, I-даражадагы диплом.

## ДЕРКЕМБАЙ УУЛУ АЛЫМ

Зергер. 1900-ж. Нарындын Эки-Нарын деген жеринде төрөлгөн. Ал аймакташ Айтымбет устанын үлгүлөрүн кармоо менен өзүнчө нук алат. № 53-жылкы заводунда устакерчилик, жылкычылык кылган. Зергерчилиги менен темирчилигинде кургак («чапкылоо», «чегүү», «ийүү», «созуу», «эшүү», «тордоо» ж. б.) жана чыктуу («жашытуу», «эритүү», «сиркелетүү», «сыялоо», «кепшерлөө», «уютуу», «тогуз төбөлөө») устачылыкты тең кармаган. Анын күмүш буюмдарына узануусунда көркөм калыбы болгон. Ага эритип, ийип-чоюп жатак алдырып чапкан. Билектерин эшип, жумурулап, жазылантып жасайт. Чолпуларына бир тумарчадан төрт канат чыгарып, анын ар бирөөнөн төрттөн калакча чыгат. Ага «айчык» түшүрөт. Күмүш бетине түшкөн көркөм оюмдар жөнөкөйрөөк берилет, бирок, көзгө кооз көрүнөт. Күмүш калакчалары чыйратылган күмүш зымдар аркылуу илиштирилет. Зергер айрым нускаларында буюм бетин чегүү аркылуу жүрөкчө түшүрөт. Ал алты сай шакек, оймокторго, билериктерге арбын узанат. Алым уста кезегинде ат жабдыктарын да кармаган. Ага түшкөн шөкөттөрү «моңолдордун сынпосторунан» анча айырмаланбаган.

## ДООРОНБЕКОВ ЖАКШЫЛЫК

Зергер. 1938-ж. Кара-Буура районундагы Бейшеке айылында төрөлгөн. Орто билимдүү, механизатор. Себетти колдо жасоону Төрөгүл устадан, күмүш бетине чийим түшүрүп, ага себет төгүүнү Бейшеналы Курманкул уулунан үйрөнгөн. Зер жасалгалары: сөйкө, билерик, шакек, оймок, бойтумар өңдүүлөргө себетти (сыя төгүү) пайдаланууга чоң усталардын узануу ыкмаларын таасын колдонуп, андан ары улоого ишенимдүү нугу бар. Себет жасоо, аны күмүш бетине жугузуу, ага акак таш чөгөрүү, ийне шибеге аркылуу күмүш оюм-чийим түшүрүү ыкмаларына узанууда анын чыгармачылык чыйырындагы үндөштүктөр өз устаттарынан анча айырмалана албайт. Бирок, такай көркөм буюм кармоосунда улам өзүнүн чеберчилик кошумчаларын киргизип отурат да, өнөр кайра чеберди ээрчигендей сезилип турат.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Зер буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1988-ж. Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын, Кыргыз ССР Маданият министрлигинин, Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин жана Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун «Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук II фестивалына карата элдик чеберлердин республикалык көркөм көргөзмөсү». Зер буюмдары мамлекеттик музейлерге экспонатталган.

## ДОСБАЕВА СУУСАР

Өрмөкчү, саймачы. 1937-ж. Сузак районундагы Ачы айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздо эсепчи болуп иштеп, эс алууга чыккан. Азыр Тогуз-Торо районунун Арал айылында жашайт. Баатыр эне.

Кыз кезинде өзүнүн себин өзү кармоо аркылуу узчулукка ышкысы түшкөн. Суусар түштүк курагынын, илме дос саймасынын, кара термесинин көркөм көчөттөрүнүн бардык түрлөрүн кармайт. Ал 80 баш үй көтөрүп, анын ички-сырткы жасалгаларын талаптагыдай көркөмдөп жасоосу аркылуу көпчүлүктүн купулуна толгон. Уз өзүнүн шакирттери жана үйрөнчүктөрү: Черикова Мээрбүбү, Үмөталиева Жылдыз өңдүүлөр менен «Манас—1000ге» карата ак өргөө көтөргөн. Мында таар, чий, кийиз, түймө буюмдарына жалаң кызыл-көк түстү айкалыштырып, анын «аламычына», «ала мончогуна», «чычкан изине», «бычак учуна», «тумарчасына» ак-кара түстү колдонуу менен буюмду бир өңчөй, бир демде кармоосу аркылуу ак өргөөсү нукуралыкты билдирет. Ал боз үйдүн жыгачына Сатыбалдиев Манас (Кара-Буура айылы) мыкты узанган.

## ДӨӨЛӨТАЛИЕВА БАКБУ

Оймочу. 1929-ж. Токтогул районундагы Ак-Тектир айылында төрөлгөн. Таенеси Куунактын нускасын алган. Кыйла жылдары чарбада иштеген. Кийинчерээк боз үй көтөрүүгө ышкыланып, жыгачын өмүрдөшү жасаса, өзү анын ичи-сыртын жасалгалаган. Бакбунун шири жасоо ыкмасы төмөнкүчө. Жаңы сыйрылган уйдун терисинин жүнүн кырып, аны шилтеге салат (шилтеге салуу — комуз кактын түбүн, чиенин, карагандын бир түрүнүн түбүн казып казанга кайнатып, ага терини салуу). Ал үч-төрт күндөн кийин аябай былкылдап жумшарат. Казандан чыгаргандан кийин жумшак боюнча бычып тигет. Ичине кум салып, анан ага мүйүз сындыргысы аркылуу (чийим шибегеси) тери тоборсуп келатканда көркөм

оюм-чийимдерди келтирет. Көөкөрдүн ийинин, моюнун жана түбүн көркүнө келтирүү үчүн уздун ийри шиши бар. Тери ичиндеги куму боюнча кургайт. Ал буюмдун кебин ойдогудай келтирет. Ага оюм-чийим батырыла да түшөт. Кумун төгөөрү менен ал көөкөр болуп калат. Ал сабаа жасоодо тери шилтеден чыккандан кийин түз жайга тасмадай керет да, коңур кургак болгондо бычат. Көөкөр менен сабааны ыштыкка коёт. Ыштык ичинде туура жыгачтары болот. Буюм ошого илинет. Ыштыктын от жага турган жери төрт-беш кулач алыс болот. Уз көбүнчө самандын, арпа-буудайдын бакалы менен ыштайт.

Бакбүнүн боз үй жасалгаларында, кийиз оюмдарында ак, кызыл, ач жашыл, ач сары өңдөр буюмдун узга таандык жүзүн ачып берет да, «Бакбүнүн оюмдары» деген таанып-билүүчү чекке жетет. Андай чыгармачылык «жабык башынан» сезилет. Анын «ак этеги» «кош чагармак» (бакжагай көчөт) болуп көрүнөт. Уздун уздук татымы кызыл-жашыл өңдү бири бирине жуткурбай берүүдөн көрүнөт. Жашыл оюмга актан милте коюу аркылуу аягында ак-карадан «ак этек» түшүрүүсү өзүнчө колоритти пайда кылат. Мунун ортосунан ич ара элементтери төп түшкөн «жүрөкчөлөнгөн» табак оюм чыгат. Ар бир жүрөкчөдө «кочкор мүйүз оюму» «кош мүйүз оюму» биригип, ал өзүнчө «жүрөкчө оюмун» түзөт. Уз жабык башты 75 баш үйгө чактап жасайт, ал төрт бөлүктөн турат. Ага тегирич уланат. Жети түгөйлүү тал аркылуу ак-кара жиптер «чагармак көчөтүн» түшүрөт. Бакбү «кош мүйүз көчөтүн» берүүдө 25 түгөйлүү жипти эришке чыгарат. Борбордук көчөттүн четтериндеги чагармактан кийин салттуулукту сактап, түймө чачыкты чалып чыгат. Кызы Венера эне өнөрүн улоодо.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык II кароо-сынагы». Боз үй жасалгалап келгени үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломy;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Боз үйдүн ички-сырткы жасалгалары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун I даражадагы дипломy. Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин III даражадагы дипломy.

## ДӨӨЛӨТАЛИЕВ ЧОТЫЙ

Жыгаччы. 1914-ж. Токтогул районундагы Ак-Тектир айылында төрөлгөн. Чарбада эмгектенген. Чотый уста жыгачтын уузун Кулмырза дегенден алган. Ал адам өмүр бою тоо арасында жалгыздап жашап, боз үйдүн жыгачына такай узанган адам болгон.

Чотый үй жыгачын кармоодо кайыңды кыйып дароо аарчыйт да, анан аны какшытат. Матоого салаардын алдында бутактарын жонот. Уук, керегени эки курдай матайт. Ал эми түндүктү ийүүдө уста эки жаа кайыңды өзүнүн калыбына салат да, кошулган жерин зым менен чымырата байлап туруп, бурама менен жиксиз бекитет. Боз үйдүн жыгачын жошолоодо да устанын жекече сырлары көрүнөт. Мисалы, Тешик-Таш, Сары-Үңкүр деген жерлердеги жошолуу булактардагы минералдык топурактын сырткы каткан бетин казып таштап, ички тазасын өзүнчө бөлүп алат. Аны сууга чылап, ага эки чыны ун жана жарма кошуп күнү-түнү ачытат. Үй жыгачын кийиз менен сүртүп жошолойт. Жыгаччы ийри жыгачты да кадиксиз матап, аны октой түз кыла алат. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Боз үйү үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломy;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Боз үйү үчүн Обкомдун жана Облаткомдун I даражадагы дипломy. Жыгач үлгүлөрү үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин II даражадагы дипломy.

## ДӨӨЛӨТБАК УУЛУ САДЫК
(1900—1944)

Оймочу жана кырмачы. Азыркы Нарын районундагы Жалгыз-Терек айылында төрөлгөн. Анын көркөмдүк дүйнөсүнө шыгы бала кезинен жаралат. Оймочулугу «Садык оюм» деген атта тарайт. Кийиз оюмдары менен катар жыгачка түрдүү көркөмдүк түшүрүүнү, кырма идиштерин коолдоп жасоону да мыкты билген. Садык «Манас», «Семетей» айткан. Эл-журт Садыкка атайын ат токуп келип айыл аралатып оюм ойдурткан, көчөт түшүрткөн. Ал кийизди жайып, кестикти алар замат кооз оюмдун ыргактары көкүрөккө өзү эле дүрмөттөлүп, дароо эле кийиздин бир четинен баштап оюп кетүүгө машыккан. Жерге-Тал өрөөнүндө оюм оюп, идиш-аяк кырып, эпос айтып таланты

аркылуу элге таанылган. Анын буюмдарынын өзгөчө бөтөнчөлүгү — «мүйүз оюмун», «бармак баш оюмун», «бычак учу оюмун» шайкештире алып, мындан өзүнүн «кыял оюмун» чыгарган. Ал оюм бүгүн Нарындын оң канатында жашаган элге кеңири тараган.

## ДӨӨТОВА АЛТЫНАЙ

Саймачы. 1941-ж. Баткен районундагы Самаркандек айылында төрөлгөн. Билими толук эмес орто. Совхоздо тамекичиликте эмгектенет. Үй ичин жасалгалоодо ал балышты, жаздыкты арбын пайдаланат. Саймалардагы көркөм көчөттөрдүн берилишинде башкалардан айырмаланып, «тикме сайма көчөтүн» алат. Ал эми балышта «тогуз төбөлөө көчөтүн», «Айкеште көчөтүн» алып, адатта төрт үй (табакча) ичинен кооздуктун өзөгү пайда болот. «Тогуз төбөлөө көчөтү» араларынын жарымы колтук көчөт катары түшөт. Ал эми жаздык кайкалак көчөттөрүн кызыл түстө берип, ортолорунан орун алган аламончокторун ак түстөн суу катары берип буюмдун өңүн билгичтик менен ача алган. Анын бир кертим он эки балышы алты кеште аркылуу толтурулган. Алтынайдын саймачылык боюнча Садырова Паризат, Жороева Суксу, Абдилакимова Тажы, Кайназарова Азыла сымал шакирттери бар.

## ДУМАНАЕВА КЕРМЕКАШ

Шырдакчы. 1947-ж. Тоң районундагы Бөкөнбаев айылында төрөлгөн. Токмоктогу маданий-агартуу окуу жайын бүтүп, Ак-Терек айылында клуб башчысы болуп эмгектенет. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук II фестивалынын лауреаты. Уздун нускоочусу айылдашы Сайракүл менен Жүзүмкан.

Кермекаш ала кийиз буюмдарына «мүйүз оюмдарын» негиз тутат да аны «куш оюму», «жагалмай канат оюму» менен тутумдаштырат. Ошондо «жээк оюмдарына» «жарым кыял оюму» мүнөздүү келет. «Кочкор мүйүз оюмунун» башынан «карга тырмак оюму» же ичинен «кочкор мүйүз оюмунун» чыгышы, ал сыртынан «кош мүйүз оюму» башкы «ит куйрук оюмунан» турган ак-кызыл түстөгү «аламычка» туташ биригүү аркылуу жалпы табакчанын түшүшү менен чеберчиликке эгедер. Уз муну килем шырдак катары тушка тартууга шартташтырат. Ортолук оюмдун табакчаларын да жалпы алат да, аларды бири биринен ак милте аркылуу бөлөт. Ошондо бир шырдакта, ала кийизде катар табакчалар пайда болот. Ал колтук оюмдай көрүнөт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**





1977-ж. Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Туш кийизи үчүн ЭЧЖРКнүн II даражадагы диплому;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Шырдагы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы.



## ДУНГАНОВА ГҮЛЖАМАЛ

Бычмачы-тикмечи, шырдакчы. 1936-ж. Сокулук районундагы Күнтуу айылында төрөлгөн. Жети жылдык мектепти бүткөн. Зууракан Кайназарованын бригадасында эмгектенген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Узчулук нусканы апасы Бүбүайымдан, кайын эжеси Аксаамайдан алган.

Гүлжамал шибеге аркылуу илме сайманы арбын кармайт. Анда эски көчөттөрдү кайрадан калыбына келтирет. Курак буюмдарында «омуртка көчөтүн» өзөк катары чыгарып, көккызыл өңдүн ичинен «көзчө» чыгарып, жалпы танабына живопистик маанай берет. Ал тукабадагы көркөм оюмду илме сайма көчөттөрү менен төп, так айкалыштырып, буюм-тайымды аянттуу жасайт. Шырдактарынын аламычы көбүнчө «жарым кыялдан» турат да, ортолук оюм менен жээк оюмдарына «мүйүз оюму», «карга тырмак оюму», «куш оюму» аркылуу түшкөн түстөр бир беткей келет. Ал кочкул (ток) кызыл менен кочкул (ток) көктү арбын пайдаланат. Кийиз үлгүлөрүнө төрт өңдү (кызыл, көк, ак, кара, кээде сары, жашыл) ич ара жупташтырат. Ал кыргагына көркөм көчөт түшүрүп элечек оройт, кош этек тигип, белдемчи саят. Гүлжамалдын кийиз, курак, сайма буюмдары сатууга арбын чыгып турат, музейлерге экспонатталууда.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Кийим, курак, кийиз буюмдары менен катышкан.

## ДУНГАНОВА БУРУЛ

Саймачы жана куракчы. 1939-ж. Тоң районундагы Кызыл-Чек айылында төрөлгөн. Бишкектеги № 17 кесипчилик-техникалык окуу жайын бүткөн. ВЛКСМ фабрикасында иштеген, 1980-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк окуу жайында узданат. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун жана Башкармасынын мүчөсү. «Айтматов клубунун» мүчөсү, Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлиги тарабынан «II сынаптагы сүрөтчү-чебер» деген наам берилген. Кыргыз кызкелиндер институтунда узчулук боюнча чебер болуп иштеген. Бурулдун саймачылыгында туш кийиздерине «көөкөр көчөтүн» табакчаларында ортолук көчөт кылып берүү мүнөздүү. Мында көчөт ортолорунда «мүйүз оюмдары» катыш жасап, четтик көчөттөрү үчүн «кыял оюмдарын» кызыл түстө берүү мүнөздүү көрүнөт да, «суусу» актан жүргүзүлөт. Андай жагдай анын белдемчи, кемсел, бешмант, чыптама, чапан өңдүү кийимдерине да шарттуу. Уз жашыл түстү сары, кызыл түстү көк аркылуу жупташтырат. Курактарында кара күрөң, кызгылт сары түстөр бири бирине «омуртка оюму» аркылуу жагызылат да ала чакмактанбайт, түстөр коңурдукту баамдатып турат. Ага анын жер төшөктөрү, туштуктары, отургуч жапкычтары, туш кийиздери кирет.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1987-ж. Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Эл чеберлеринин республикалык кароо-сынагы». Курак





буюмдары үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин II даражадагы дипломy;

1988-ж. «Элдик кол өнөрчүлөрдүн ЭЧЖРКндөгү көркөм көргөзмөсү». Сайма, курак үлгүлөрү үчүн Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзунун Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көркөм көргөзмөсү». Курак, сайма буюмдары менен катышкан.

## ДҮЙШӨЕВА БУРУЛКАН

Шырдакчы, чырмакчы. 1938-ж. Чүй районундагы Он-Бир-Жылга айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Фрунзе шаарындагы нан заводунда жумушчу болуп иштеген. Кийин Сүрөтчүлөр союзунун көркөм фондусуна кирип чыгармачылыгын улаган. Анын жыйырмадай көркөм буюмдары мамлекеттик жана этнографиялык музейлерге экспонатталган. Ага Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун көркөм фондусунун көркөм совети «сүрөтчү-чебер» деген наам ыйгарган. Бурулкандын көрүнүктүү уздардын сабында тургандыгы анын көрсөтмөлөргө койгон жана чет өлкөлөргө жөнөткөн ар кыл көркөм буюмдары аркылуу байкалат. Уз жетимишинчи жылдардан тартып чыгармачылыкта узданууну кан жолуна түшкөн. Көркөм фондунун өнөрканасында уникалдуулукка эгедер атайын өкмөттүк тапшырмаларды арбын кармаган.

Бурулкандын жекече изденүү менен жасаган буюмдары бөлмө ичтерин жасалгалоого оңтойлошот. Мындай буюмдар өзүнүн чакандыгы, белек-бечкек катары урунууга, үйдүн көркүн ачууга, музейлерге экспонаттап, көргөзмөлөргө коюга өзүнө ылайыктуу орун тапкандыгы менен купулга толот. Ал уздуктун үч түрүн: ала кийиз уютууну, шырдак жасоону, чий чырмакты кармайт. Анын «Жоогазын» жана «Чолпон» аттуу ала кийиздериндеги өңдү ачып, ич ара жупташтыруусу уздун кол жеткис ийгилиги. Ал боёксуз эле жүндүн өзүнүн нукура бөтөнчөлүгүн уздукта колдонот. Буюмдун жердигинин нукура болушу көркөм кол өнөрчүлүктүн элдик салтын аныктайт. Ал үлгүсүнүн өңүн жердиктин өзүнөн издейт. Кара, боз, кызыл, күрөң, көк койдун кыркылган жүнү боёктук милдет аткарат. Ошондуктан, Бурулдун чий, кийиз, курак буюмдарынын негизги жердигин нукура жүндүн өз өңү менен териси түзөт. Уз өз оюнда асырап жүргөн көркөмдүктү жердикке дароо түшүрө алышы — анын даана элдик чеберчилиги. Бурулкандын апасы Сайра учурунда терме соккон, чыгдан чырмаган. Ал да боёкту буюмдун жердигинен, жараты-

лыштын өзүнөн издеген. Ал Шамшы ашуусундагы Кызыл-Жардын кочкул кызыл катуу топурагын боёк катары да, коруштоодо ачык таш катары да колдонот. Эрменге туз кошуп кайнатып, сары суусун дакиге чыпкалап, муну да боёк коруштоого колдонгон. Мында жүндүн корушун иритпей, кийиз таасын кирет. Уздун буюмдарына түшкөн көркөм оюм-көчөттөрдүн өңү өтө эле алачакмактанбай коңур басмырт сезилет. Көп боёкторду ич ара сиңирип, сүрөтчүнүн кыл калеминен жаралган жаратылыштын бир кооз көрүнүшүн элестетет. Ал көркөм буюмдарына ак, боз, күрөң, кара өңдү өзгөчө колдонот.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Кийиз буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1977-ж. Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгына карата «Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун элдик чеберлеринин кароо-сынагы». Ала кийиз буюмдары үчүн Ардак грамота;

1977-ж. Прикладниктердин Москвада өткөн Бүткүл союздук көргөзмөсү. Кийиз буюмдары үчүн СССР Көркөм фондусунун Башкармасынын Президиумунун дипломy.

## ДҮЙШӨКЕЕВ ДӨӨТКУЛ

Жыгаччы. 1932-ж. Ат-Башы районундагы Кара-Суу айылында төрөлгөн. Бишкектеги педагогика институтунун биология-география факультетин аяктап агартуу майданында, кийин Кыргызстан айыл чарба институнун зоотехника факультетин бүтүрүп колхоздо ферма башчы, колхоздун төрагасынын орун басары, совхоздун директору болуп иштеген. Азыр «Кошой» колхозунун башкармасынын төрагасынын орун басары. Ал устакерчиликте атасынын нускасын алган.

Дөөткул эгер жердиги даяр болсо эки-үч үйдүн жыгачын жыл айлантпай колдон чыгарат. Ат-Башынын шартында жыгачтары бышык келип, жасаган буюмду алган адам нап табат. Мында каратал иштетүүгө жеңил, бирок урунууга морт. Кызыл талды да пайдаланат. Андан сырткары Жумгал талын алып келип, там аркасына тигип алат. Сөгөт талды, жергиликтүү токой теректи да баалайт. Мырза терек климатка жараша көп чоңоё албайт. Булардан ал боз үйдүн сөөгүн жаратат. Уста жыгачты жалбырагы түшкөндөн кийин же бүрдөгөнгө чейин кесип, аарчып таңып коёт да көлөкөдө кургатат. Анан матоо ыкмасын баштайт. Таңгак жыгачты чечип, сууга салып нымдашкан кезде «кокко» (кор кылуу — «кордоо» деп аталат) салат. Тал кызыйт. Кол күйөөр күйбөс болгондо жыгач жумшарат да, матоого коюлат. Аны жерге таштабай түркүк кылып коёт. Кургагандан кийин аны бирден алып кыргыга алат. Ат-Башыда чен жыгачты «бакшы жыгач» дейт. Уста аны менен өлчөп, кереге көктөйт. Көктөөдөн чыкканда бир аз карайып калган жыгачтар тарткы аркылуу агартылат.

Керегенин көгүн уйдун терисинен жасайт. Терини жонунан узата бир бөлүп алып, жондон боорун көздөй туурасынан тилет. Эгер көк жоон тилинсе көзөнөктөн өтпөй жыгач сынышы ыктымал. Ичке тилинсе бош болуп, керегени ойдогудай кынай албайт. Жыгачка ичке зымдан илмек түйүп алып, андан көктү өткөрөт. Ал «бука» деп аталат. Жыгачты буулап жашытат. Ичтеги сары суулары чыгып, чайыры жоюлат. Талдан жасалган түндүк жеңил болот. Кайың түндүк, кара жыгачтын түндүгү салмактуу келет. Ошол түндүктү тепме түндүк дейт. Ага уук жакшы сайылат. Муну кыйып келээри менен аарчып, сомдоп, кургатып алып он күндөй сууга салат. Андан кийин корго салаары менен чөп тырмоонун дөңгөлөгүнө жатак алдырат. Устанын түндүгү эки жактан турат. Ал боз үйдүн өлчөмүнө карата аныкталат. Тагыраак айтканда 80 баш үйдүн түндүгү 4 метр 20 *см* болот. Сүрөтү түстүү баттамада.

## ДЫЙКАНБАЕВА ХАМИДА

Оймочу. 1921-ж. Кемин районундагы Кичи-Кемин айылында төрөлгөн. Жети жылдык мектепти бүтүп, мугалим болуп иштеген. Калинин районунда жашайт. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Хамиданын шырдакчылыгы айыл аралап, ал «Хамида оюму» деген атта таанылган. Уз буюмга жалпы оюм берет. Башкалардан артыкчылыгы «жээк оюм» менен ортолук оюмдун ортосундагы «аламыч» өзүнчө кийизден бөлүнүп берилбей, ал ошол эле эки оюмдун өзүнөн пайда болот да, аны берки оюмдардан айырмалоо үчүн сыртынан башка түстөгү милте жүргүзүп коёт. Мындай тутумдаштырууда ал үч өңдөгү оюмдарды бири биринен чаташтырбай бир эле шартта төп, так кыйыштырат. «Жээк оюмга» (четтик оюм) көбүнчө «жарым кыялды» (анда бир топ элдик оюмдардын элементтери көрүнөт) алат, анын чети жиксиз көрүнөт. Ал төрт шырдактык кийизди бир алып

ойгондуктан буюм четтеринде үсүл-кесил оюм чыкпай так алынат. Мында табакчалар жиксиз кетип, ич ара айкалышат. Буларды жалпы тутумдаштырып, бирөөлөрдү туурабай, таасир алуу менен өзүнчө бурулуш жасагандыктан «Хамида оюму» жаралат. Уз көбүнчө кызыл, сары, кара түстөрдү пайдаланат. Кээде жашыл түстү сарыга карама-каршы коёт. Анын шырдактары ойкуп-кайкып учуп жүргөн канаттуулардын «базарын» элестетет. Анткени «карга тырмак оюму» чыккан «куш оюму» өзүнчө, «кочкор мүйүз оюму» «мүйүз оюму», «сыңар мүйүз оюмунун» алды-артынан, асты-үстүнөн шартташып кете берет. Мында канаттуулардан символдоштурулган көркөм каражаттар буюм бетине үстөмдүк кылгандай туюлат. Оюмдар ичи-сыртынан алып караганда «карга тырмак», «көгүчкөн оюмдары» сымал элести бөтөнчөрөөк берет да, экөө башкаларга караганда арбын катыш жасайт. Негизи уздун оюм каражаттары композициялуу чыгарма катары бааланат. Уз буюмдарына шырык колдонбойт. Ал кийизди фабрикадан чыккан манаттай, ноотудай бышык уюта билет. Төрт чарчы шырдактарына үчтөн алты табакты (үйдү) туташтырат. Тегерете кыялданта алган анын төрт жерине «төтөгө» сымалдата «карга тырмак оюмун» чыгарып, ичинен «мүйүз оюмдарын» берип, араларынан кайра «карга тырмак оюм» чыгарат. Уулдары Адыл менен Таалай эне нускасын алган. Эмгеги түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Кийиз буюмдары үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Шырдагы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Шырдак, чыны кап жана баштык өңдүү белек-бечкек буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Кийиз буюмдары үчүн ЭЧЖРКнүн III даражадагы дипломy, медалы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Кийиз буюмдары менен катышкан.



**ЖАКЫП КЕЛИНИ БУРАЙМА**
(1889–1972)

Килемчи жана саймачы. Ноокат районундагы Жал айылында жашаган. Уздук нусканы кайын энеси Парчадан алган. Учурунда Парча да белгилүү уз болгон. Алты канат ак үй көтөргөн. Дүйнө салганда келини Бурайма:

«Шакеги колун жойбогон,
Кармаган ишин койбогон.
Оймогу колун жойбогон,
Ойлогон ишин койбогон...",— деп

кошкон экен.

Бурайма сайма буюм-тайымдарына жердикти көбүнчө кийизден, бордолгон (өңдөлгөн) териден алат. Ышкын түп, анар, томоор өңдүү өсүмдүктөрдөн алынган табигый кол боёкторду пайдаланган. Кебез ийирип, чыйратып, өрмөк дүкөнүн куруп, кара терме чалуунун кылдаты болгон. Кийизге түшкөн саймаларында кара күрөң жердиктерге берилген кызыл-ак, сары жиптер менен сайылган «сыңар кайкалак көчөттөрү» бирибири менен эриш аркак жупташат. Ал көбүнчө

терДиктен баамдалат. Ортолук көчөттөрдүн эки жагына толкун сызыктай ак жиптен «суу» жүргүзүлөт. Буюмдун жээги башка түстөгү жердиктер аркылуу кыюуланат. Кийиз үлгүлөрүн шырыйт. Абдыразакова Суусар, Алишерова Сабийра, Карабаева Айда өңдүүлөр Парча менен Бурайманын үйрөнчүктөрү.

## ЖАКЫП КЕЛИНИ ДУСА
(1888—1981)

Килемчи. Ноокат аймагындагы Жал конушунда төрөлгөн. Жергеде килемчиликти өнүктүрүүдө көркөм үлгү тараткан. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин өрмөк жана килем дүкөндөрүн куруп, кыз-келиндердин уздануууларына насаатчылык кылган. Анын килем бетине түшүргөн үлгүлөрү «Жалбырак көчөтү», «Дуса көчөтү» деген атта айыл арасына тараган. Чебердин өнөктөшү, абысыны Бурайма болгон. Дусанын жекече уздануу аракеттери өз учурунда жазылбай, сүрөткө тартылбай калган.

## ЖАКЫПОВА ЖУМАГҮЛ

Бычмачы-тикмечи. 1949-ж. Нарын шаарында төрөлгөн. Орто билимдүү. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Нарын шаарындагы филиалында сайма, бычма-тикме буюмдарын жасоодон өз узчулугун өнүктүргөн. Бишкектеги улуттук кийим-кечек тигүүчү «Нурбек» аттуу чакан өнөрканада узданат. Ага апасы Какеш Сыдыгаалы кызынын жана таенеси Толкундун кармаган асем үлгүлөрү таасир эткен.



Жумагүлдүн илме сайма ыкмасы аркылуу сайылган туш кийиздериндеги көркөм көчөттөрү нукуралыгы, элдиги менен айырмаланат. Ал «мүйүз оюмун», «кыял оюмун» арбыныраак пайдаланып, аларга «жарганат канаты», «жолборс изи», «сүлөөсүн тырмак» өңдүү сайма көчөттөрдү ич ара жупташтырат. Уз шарттуулукта оюм-көчөттөрдү ичкерээк алат, бир туш кийизи үчүн алты табакча (көчөттүк үй) кооз каражат боло алат. Мындай көрүнүш анын күзгү кап, текче өңдүү буюмдарынан көрүнөт. Уз улуттук кийим-кечектердин үлгүлөрүнө да бөтөнчө назар таштайт. Анын бычып-тиккен ак калпактары, кементайлары, чепкендери сатууга түшөт. Сайма калпактардын үч-төрт үлгүлөрүнө өзүнүн чыгармачылык үлүшүн кошкон. Аларда да үлгүлөрдү кынаптап кармоодо уздук табы билинип турат.

Жумагүлдүн буюмдары бир нече көркөм көргөзмөлөргө катышкан. Айрым үлгүлөрү мамлекеттик тарых жана этнографиялык музейлерге экспонатталган.

## ЖАМАНКУЛОВ АБДЫМОМУН

Зергер. 1910-ж. Аксы районундагы Тегене айылында төрөлгөн. Чарбада иштеген. Кийин Караван айылын жердеп калган. Зергердин чоң аталары Бердике, Бердибай күмүштү күлдүргөн чоң усталардан болгон. Абдымомунга ошолордун таалим-тарбиялары ченебей жуккан.

Абдымомун кыз-келиндердин зер нускаларынан, салттуу үй буюмдарынан сырткары ат жабдыктарын кармоодо өзүнүн чеберчилигин даана аныктай алат. Уста ат жабдыктарын кармоодо ири алды анын кайышын ийлейт. Уйду соёру менен терисин жибитип, жүнүн бычак менен алат. Талкуусуна салат. Кеминде эки-үч саат (эт бышымча) ийлейт. Анан майлуу сорпого салып алып кайра ийлейт. Андан кийин ийи келишкен кол кайышты текши тилет. Андан жүгөн, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан өңдүүлөрдү өрөт. Ат жабдыктарынын эки түрүн колдон чыгарат. Бири — өрүмчүлүк өнөрү, экинчиси — беттеп кайышты каюу. Мында сыртына кара же кызыл күрөң булгаары коюп, ичине ак кайышты каттап тигет. Бул эки түрдү тең темир, жез жана күмүш менен шөкөттөйт.



Зергерде кооз топчуларды куюнун ар кандай калыптары бар. Ал темирди эритип калыпка куюп, суугандан кийин кайыш бетине чабат. Накта күмүштү зым кылып тартат. Муну тартуунун да өзүнчө жол-жобосу бар. Күмүштү улам майда тешикчеден өткөрүп, зымдын ичкелиги аттын туу куйругундай болот. Күмүш зымды темир бетине жаткырып, кичинекей балкасы менен таптайт. Ошентип темир бетине торчолоп күмүш жалатат. Уста ушул эле ыкма менен топчу бетине да түр-оюм түшүрөт.

## ЖАМАНСАРИЕВА АКЫЛЖАН САПАРБЕК КЫЗЫ

Шырдакчы жана өрмөкчү. 1969-ж. Жумгал районундагы Чаек айылында төрөлгөн. Бишкектеги кооператив техникумун бүтүргөн. Соода тармагында эмгектенет. Энеси Токуштун уздук таалимин алган.

Акылжандын шырдактары түр, бир түрдөгү шырдактарга кирет. Ал жерге төшөөгө, дубалга тартууга ылайыкталган. Жээк оюмдары майда «мүйүз оюмдарынан» турат да, көбүнчө «карга тырмак оюму» ачык жашыл, ток кызыл аркылуу өңдү ачып, кара-сары «бычак учу оюму» аркылуу «аламычы» буюм жүзүн анча алачакмактатпай, басмыртыраак баамдатып, колтук оюмдары бар он беш табакчаны түзөт. Биринчиден, ар бир оюмда жашыл-кызылдан «кочкор мүйүз оюму» алдынан «кочкор мүйүз оюму» түшсө, «аламычы» кара-сарыдан болот. Экинчиден, эки «куш оюмду» беттей башынан «карга тырмак оюмун» же «ачкыч оюмун» чыгарып, алдынан «кочкор мүйүз оюму» ачык көк — мала кызыл менен айкалышса, анын жарымы «колтук оюму» болуп түшөт. Үчүнчүдөн, «жолборс тырмак оюмунун» башынан «карга тырмак оюму» же «ачкыч оюму» чыгып, ичинен «кочкор мүйүз оюму» жаралат. Ал шырдактарынын төрт бурчуна «жагалмай канат оюмун», өөнсүз берет. Курактарынын жээк «аламычы» ак-карадан жүргүзүлөт да, ортолук көчөттөрү ак — кара — көк түстөгү төрт табакчаны түзүп, бир буюмдун көркөм көчөттөрү катары «төрт көз», «омуртка оюмду» негиз тутат. Уздун өрмөкчүлүгүндө энесинин соккон көркөм көчөттөрү дал өзүндөй кайталанат. Ал азыр Ленин районундагы Орок айылында жашайт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, карөө-сынактары жана алган сыйлыктары**

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата ЭЧЖРКнүн көркөм көргөзмөсү. Энеси Эгембердиева Токуш менен бирге жасаган терме таар буюмдары үчүн ЭЧЖРКнүн дипломy.

## ЖАМАНСАРТ КЕЛИНИ БАТМА
(1910—1988)

Саймачы, шырдакчы. Кант районундагы Жер-Казаар айылында төрөлгөн. «Алга» айыл чарба артелинде талаачылыкта эмгектенген. «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалдары менен сыйланган. Батмага энеси Калдынын уздук үндөктөөсү зор шыкак берип, энесинин уздугу, шайырдыгы кызына оошот. Эжеси Адеминин, аталаш агасы Жекшендин таасир да зор болгон.

Уз көбүнчө жердикти кездемеден тандаган. Кара баркутка ирис, мулина жиптери менен түшүрүлгөн сайма көчөттөрүндө «бадам оюмун» жээк көчөтүнө тандап, ортолук көчөттөрдүн кооздук кара жактарына көбүнчө гүл көчөтүн алып, гүлдү гүлдөй эмес, андан кыйыштырып, гүлдүн таажылары, сабактарынын бутактары шекилдүү элементтерин кооздукка пайдаланган. Ал эми «кыял оюмун» көчөт катары пайдаланууда уз жердикке ичке түшүрүп, өзүнүн ойкыялы жетелеген тарапка бурулуп, андан «жарым кыял» сымал көчөт оюмдарын пайда кылган. Ал өзүнчө туунду көчөт катары каралат. Демек, мындан уздун чыгармачылыгы

көрүнүп, «Батма саймалары» деген атта өз чөлкөмүнө таанылган. Элдик көркөм оюмдардан көчөт айкалыштарын кыйыштырууга караганда ал өзүнчө уздук изденүүсү аркылуу түстөрдү арбын колдонуу менен байчечекейдей сайма буюмдарынын ажарын ачуучу кооздуктарды алдыга тарта коюусу ага жеңилдей туюлган.



## ЖАНЫБЕКОВ МЫРЗАБЕК

Мүйүзчү жана таш чеккич. 1960-ж. Ат-Башы районундагы Калинин колхозунун Ак-Талаа айылында төрөлгөн. Атасынын таалимин алган. Бишкектеги № 19 (азыр № 92) кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайынын сөөк жана мүйүз буюмдарына узануу бөлүмүн бүтүргөн. Мында чебер мугалимдер Абдылдаев Дүйшөнбектин, Чаланов Ишендин жетекчилиги менен «5-разряддагы чебер» деген наамда диплом алган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Мүйүз, сөөк буюмдарынын чебери жердикти иштетүүдө жасалуучу үлгүгө ылайыктайт. Мында сүрүү, жонуу, кесүү аракеттеринен кийин буюмду өз калыбына келтирет. Аны жылмалоо аркылуу ага жылтырак катмар түзүлөт да, үлгү өзүнүн жүзүнө чыгат. Кармаган мүйүз буюмдарына жез, мис, мелхиор, дат чалбас сыяктуу түстүү металлдарды чаап, зергерчиликти да колго алган. Таш чеккич уста катары таштан жасалуучу буюмун көлөмүнө жараша тандайт. Жаргылчагын сай таштан чегет. Үстүңкү бетине элдик оюм берет. Уста камчынын жаңы үлгүсүн чыгарууда анын өрүмүнө ак кайыштан тал тилип, аны төрт кыр кылып өрүп, учун чаян түйүштөйт. Майда жандыктын, тайдын көгү менен 24 тал аркылуу «терме өрүмдү», «суйсал өрүмдү» жаратат. Ал өрүм көгүн жолдотууда чылгый терини шар сууга байлап көктүн жытын кетирет.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Мүйүз буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун дипломү;

1987-ж. Улуу Октябрдын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Мүйүз жана таш буюмдары үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин II даражадагы диплому;

1989-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». «Кыял» бирикмесинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Сөөк жана таш буюмдары менен катышкан.

## ЖАҢЫБАЕВА КҮЛБҮБҮ

Чырмакчы. 1922-ж. Кочкор районундагы Көк-Жар айылында төрөлгөн. Чарбада эмгектенген. Узчулугу ак өргөө көтөргөндүгүнөн, өзгөчө анын түрдүү жасалгаларынын ичинен чыгдан чийге (ашкана), канат чийге, эшик чийге көркөм көчөттөрдү түшүрүүдөн даана билинет. Ал чыгдан чийдин ортолук көчөтүнө «кочкор мүйүз оюмдарын» кызыл-көктөн көлөмдүү бет алдырып, ортосуна «ала мончок» берет. Анын өзөгү ак-сары түстөгү «омуртка көчөтүнөн» болот. «Мүйүз оюмдарынын» ичинен «мүйүз оюмдары» беттей көрүнөт. Жээк көчөтүнө ийрекке үндөшкөндөй мүйүз оюмдарын карадан сейректете түшүрөт. Ал эми канат чийине түшкөн чырмак түрлөрү буга анча окшошпойт.

## ЖАПАРОВА МАКЕН

Оймочу. 1954-ж. Кочкор районундагы Кызыл-Дөбө айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Айылдашы Тилекмат келини Рапиконун оймо-



чулук нускасын алган. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде, кийин Борбордук Көркөм эксперимент лабораториясында узданып, өзүнүн чеберчилигин машыктырган. Азыр № 92 элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайында саймачылык боюнча окутуучу-чебер болуп эмгектенет. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Макендин уздук чыгармачылыгы «Макен оюм» деген атта жумуриятка таанылган. Ага кийин «Шакен оюму» (Шакен Мамбетаипова — сүрөтчү-прикладник) зор шык берет. Бири бирине коошпогон, окшоштук жактары баамдалбаган чыныгы чыгармачылыктын кудурети аркылуу бүткөн шырдактары бар. Анын ар бирине өзүнчө ыкма пайдаланат. Азыркы оюмдар көбүнчө майдаланып жана түрлөнүп, бутактанып бараткандыктан оюмдун ортосуна айрыкча көңүл бурат. Шырдагына оюм аркылуу кумарынын сүрөтүн түшүрүүгө аракет жасаган. Кумаранын фонуна оюм куюлушуп турат. Муну чебер «Кумара оюм» деп атайт. Кийизге адегенде кош кумара түшөт. Табак оюмунун наркында чоң шырдакты кичирейтүүгө, кичине шырдакты чоңойтууга мүмкүндүк бар. Ошол сымал мында да буюмдун аянтын өзгөртүүгө болот. Уздун бир туш кийизи «Тынчтык» деп аталат. Мында тоо гүлдөрүнүн галереясы, тынчтыктын ак кептерлери символ катары түшүрүлөт. Мындагы түзүлгөн сюжет бири-бири менен шартташып, бир бүтүндүктү туюндуруп турат. «Илме дос» саймасын көбүрөөк пайдаланат. Анын бир туштугу Каркыра жайлоосун элестетет. Мында тогуз табакча бар. Ошолордун өзүндө конуш, өзөн, короо, адырлар, өтөктөр ж. б. баамдалат. Чакан бир табакча аркылуу бир бүтүм ойду ырааттуу бере алат. Жердик менен убакыт аз чыгымдалып, бүткөрүү оңойдой туюлгандыктан, чакан буюм-тайымды көбүрөөк кармайт. Изденүү, чеберчилик, жердик, көркөм каражат, боёк — ушулардын бардыгын тутумдаштыра кармоосу аркылуу колдонмо-жасалга өнөрүн өз деңгээлинде алып жүргөн уз буюм-тайымдын бир бүтүмүн пайда кылуу менен көбүнчө белек-бечкектер үчүн шартташкан үлгүлөрдү таасын кармайт. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, карoo-сынактары жана алган сыйлыктары**

1976-ж. «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык карoo-сынагы». Чий үлгүлөрү үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык карoo-сынагы». Чий туштуктары үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II карoo-сынагы». Чий туштугу үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1988-ж. Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун «ЭЧЖРКндө өткөн элдик чеберлердин Топтук көргөзмөсү». II даражадагы диплом;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Сайма үлгүлөрү менен катышкан.

## ЖАПАРОВА ЭРКЕ

Оймочу. 1946-ж. Кочкор районундагы Кочкор (Кара-Коо) айылында төрөлгөн. Кыргыз Мамлекеттик Университетинин юридика факультетинде окуган. Эркенин көркөм кол өнөрчүлүккө умтулуусу тестиер кезинен башталган. Чоң энеси Чыймыл Кудайменде келини шырдак оюм-чийимдерине назар таштатат. Энеси Бекбүбү түймөчүлүктү (тор чачык) үйрөтөт. Кийинки жылдары Бишкектеги балдарга эстетикалык тарбия берүү борборунда узчулукка үйрөтүү боюнча чебер-мугалим болуп



иштейт. Ал негизинен «кочкор мүйүз оюму», «умай эне оюму», «бармак боочу оюму», «карга тырмак оюму», «куш оюму» өңдүүлөрдүн элементтерин ич ара үзүл-кесилсиз төрт тарабын төп келтирип, жалпы оюмдун табакчасын таасын кыйыштыруу аркылуу өзүнчө көркөм оюмдун тутумдашкан бир айырмалуу түрүн жаратат. Ал «Эрке оюму» деп аталат. Бул «кыял оюмуна» үндөшөт. Уздун жараткан кооз каражаттары кийизчиликке, металлга, жыгачка көркөм оюм катары жазыраак берилсе, саймачылыкта, кийим-кечектерде ичкерээк суйкайып, көркөм көчөт өзүнчө табакча болуп көрүнөт. Ал шырдак, ала кийиз, зер асем нуска, үкөк, сандык, туш кийиз, текче, күзгү кап, чепкен, чапан, кемсел, кементай, бешмант, чыптама, шым, белдемчи өңдүүлөргө колдонулган көркөм көчөттөрүнөн жана өңүр, жака, жең учтары үчүн жасалгалык кооздуктарынан даана баамдалат. Мындан сырткары «Эрке оюму» менен «Кан калпак», «Бакай калпак», «Кошой калпак», «Чоро калпак» сыяктуулардын сериясын, Кыргыз Республикасынын президенти А. Акаевдин 50 жылдыгына, Түркиянын президенти Сулейман Демирелдин 70 жылдыгына карата калпак менен кементайдын жаңы үлгүсүн жараткан. Эркенин узчулук мектебинен Усупбаева Дамира, Чороева Күланда, Жапарова Зууракан, Жапарова Кенжеш, Субаналиева Айсулуу сымал ишенимдүү шакирттери тарбияланышкан.

### Катышкан кароо-сынактары жана көркөм көргөзмөлөрү

1993-ж. Көркөм кол өнөрчүлөрдүн Бишкектеги республикалык кароо-сынагы. Кийиз үлгүлөрү үчүн 1-орун, диплом.

## ЖЕКЕНБАЕВ РАХМАН

Жыгаччы. 1932-ж. Кара-Кулжа районундагы Кан-Коргон айылында төрөлгөн. Шофёр, чабан болуп иштеген. Жыгаччылыкка жашынан киришип, айылдаш усталар Онкен менен Назанын нускаларын алган.

Рахман боз үйдүн жыгачын кармоодо талды Кара-Кулжадагы Тар дарыясынын жээгинен мезгилди ылгабай кыйып келип, тезге коёрдон көп күн мурун сууга бастырып коёт. Аялы Мисекан экөөлөп алты канат (жүз баш) ак өргөө көтөргөн. Анын ичи-сыртын талаптагыдай жасалгалашкан. Үй жыгачын сырдоо үчүн Узун-Шоронун жошосун пайдаланат.

Рахман Алай-Куу өрөөнүндөгү мыкты ээрчи. Ал ээр чабуунун үлгүсүн Сокуркарасарттын үлгүлөрүнөн алат (Өзгөндүн мунарасынын башынан ыргытканда сынбаган ээрдин чабылышын, түзүлүшүн ичмектеп көрүп баамдаган). Ошол үлгүсү аркылуу Кан-Коргондун Бөрү-Токой, Тилен-Терек сыяктуу токойлорунун теректерин, Саваяр (сабаа жар — чөптүн күчүнөн кымызы сабаа жарган), Тар-Көл жайлоолорунун карагайларын алат. Чаап жатканда «пай» коюп (ээр ажырап же сынып кетпеси үчүн каршы-терши желим ичирип) чабат. Аны уйдун, кайберендин териси менен каптап, кашын өзүнчө чыгарат. Ага жаздык (желдик) кошо кармайт. Ээрлери элүү жылдай көөнөрбайт. Ага кардарлар төрт жүздөй ээр чаптырып, жыйырмадай үй жыгачын мататкан. Чебер комуз, кыяк да чаба билет. Аларды кармоо ыкмалары башкалардан анча айырмаланбайт. Устанын уулдары: Баймырза, Биймырза, Шамырза — анын ишенимдүү шакирттери.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Эл чеберлеринин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Боз үйү үчүн өмүрдөшү Арстанбекова Мисекан экөөнө ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломy.



Боз үй (Көпөева Рыскан)



Терме таарлар (Үмөтаалиева Дилде)

Түндүк (Абиков Жакеш)





Түндүк. Керегe (Үрүстөм уулу Адыш)

Боз үйдүн ички жасалгасынан бир көрүнүш (Шаршеева Сакин)





Терме тегирич (Өмүрова Бүбүжамал)





Терме боолор (Гапарова Изат)




Кажары таар (Ормонканова Сыргабүбү)



Тай туяк терме



Терме шалча (Бердибай кызы Жеңиш)



Чаян түйүш жана терме таар (Турдуке келини Милия)



Чыгдан чий (Чокоева Бурул)





← Беш кеште куржун (Үмөтаалы келини Аныйпа)

← Ала-Кийиз (Бердибаева Сабырбүбү)



Сайма көчөт (Бердибаева Сабырбүбү)



Шырдамал (Кочкорова Раш)

Шырдак оюму (Боромбаева Асылбү) →

Кичине шырдак (Керимканова Гүлайым)







Шырдак (Барктабас келини Шарипа)

Салбай оюм (Салбай оймочу)




Шырдак (Бердибаева Сабырбүбү)


Шырдак (Сарыбаева Бейшекан)



Шырдак (Ашыраалы келини Касия)



Шырдак (Жоробекова Айкан)

Түр шырдак (Касымаалы келини Батый)



Шырдак оюм (Койчуева Жүзүмкан)









Туш кийиз (Жапарова Макен)

← Туш кийиз (Жумалиева Кымкаш)

← Кош капкактуу туш кийиз (Аралбаева Жеңилдик)




Туш кийизден фрагмент (Баймоңолова Абысыйнап)



Күзгү кап (Бекбоева Алый)



Балыш (Кариева Умсун)



## ЖОЛДОШОВА САБИРА

Саймачы жана өрмөкчү. 1935-ж. Ноокат районундагы Ленинизм айылында төрөлгөн. Жети жылдык мектепти бүтүргөн. Колхоздо тамекичи болуп иштеген.

Сабира өрмөкчүлүктүн кара терме түрүн согот. Көбүнчө аны энин 40 *см* эндүүлүктө күзүктөйт. Ошондо 117+117 жуп 234 тал жип эришке түшөт. Андан «ай нуска көркөм көчөтү» пайда болот. Мында биринчи жолу көк жип алынат. Экинчисинде кызыл жип түшөт. Тагыраак айтканда ар бир жип так эсептелип, көчөттөргө ылайык терилип алынат. Эгер адашса терип чалууну кайрадан эсептейт. Уз абалы ичкилик кыргыздардын өнөрүнө мүнөздүү эски терме таарларды жандырып үйрөнгөн.

Саймаларында (илме дос) бир табакчада төрт «кайкалак көчөтүнүн» үстүнөн «карга тырмак көчөтү» алынып, алардын араларына «жарым бадам» көчөтү түшөт. Табакчаларынын араларына «секиртме сайма» саят. Сабира көбүнчө шалча, чамадан, килем согуп-токуп, баштык, күзгү кап, кептакыя өңдүүлөрдү ийне менен «илме дос саймасы», «илме саймасы» аркылуу жүзөгө ашырат. Анын үй жасалгалары таза кармалган буюм-тайымдарга бай.

## ЖОЛЧУЕВА САБЫКЕ

Саймачы, бычмачы-тикмечи. 1953-ж. Ат-Башы районундагы Өзгөрүш айылында төрөлгөн. Нарын шаарындагы педагогиялык окуу жайын бүтүргөн. Апасы Бүбүнүн узчулук нускасын алган. Ал — «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Нарындагы филиалын уюштуруучулардын бири. Чыгарылган көркөм буюмбелектердин жасалышын техникалык жактан көзөмөлдөө адистигине ээ.

Сабыке элдик кийимдердин түрлөрүн бычып-тигет. Калпактын өзүнө таандык үлгүлөрү көркөм советтерден өтүп, көп нускаланып, жайма базарларга, дүкөндөргө сатууга түшүп турат. Анын бири — сегиз талаа калпагы. Мында кийиздин өөнүнөн чыраштоо аркылуу «жарым кыял оюмунун» башынан «кочкор мүйүз оюмун» чыгарып, алдынан ошондой көчөттөрдү беттештирип сайып бөрктүүрөөк жасайт. Автордун «карыя калпагы» жаш өзгөчөлүктү баяндатып, ал бөрктүүлүгү аркылуу шаңдуу көрүнөт. Мунун төрт талаасы «бычак учу» менен ийректенип, этеги баркуттан кыюуланат. Оюм-көчөттөрдүн ордуна «суу» жүргүзүлөт. Ал тилик калпак болуп көрүнөт. Уз «мүйүз оюмдарын» чыраштап, туштуктардын үлгүлөрүн түрлөп жасайт. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1985-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин жаңы үлгүлөрдү жаратуу боюнча республикалык кароо-сынагы». Баш кийимдери үчүн Ардак грамота;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Ак калпагы, оюм туштугу үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Калпак үлгүлөрү жана оюм туштуктары менен катышкан.

## ЖОРОБЕКОВА АЙКАН

Оймочу. 1937-ж. Аксы районундагы Кара-Жыгач айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Айыл ичиндеги ар кандай өнөктүктөргө катышкан.

Анын шырдактарында кара — ак, кара — кызыл, кара — сары түстөр арбын кездешет да, «мүйүз оюмдары», «ачкыч оюмдары» көбүрөөк беттешип, «ит куйрук оюмдары» жээк оюмдагы «жагалмай канат оюмун» ак — кара, кара — кы-

зыл өңдө аттын кашкасындай бөлүп турат. Бир шырдактагы үч чакан табакча жалпы оюмда берилип, башынан төрт «ачкыч оюму» өзөк болуп түшөт. Негизи Айкан кара шырдакты арбын кармайт. Эмгеги баттамада.



## ЖУМАБЕКОВА КОЁН

Оймочу. 1910-ж. Кемин районундагы Саз-Булак айылында төрөлгөн. Алты жашында 1916-ж. Үркүндө эл менен кошо Кытайга барып келген. Энеси Бачки Багыш кызы бир айыл элдин ишин кылган уз болгондуктан өрмөк куруп, терме согууну, топу тиккенди (ак топу) үйрөнгөн. Кайын энеси Токтосундун да узчулук өрнөгүн алган.

Кол өнөрчүлүктүн оймочулук, өрмөкчүлүк, саймачылык, түймөчүлүк жаатын түгөл карманган. Термеде элүүдөн жуп жип, эки жарым метр, 30дан кош жиптен «кыял» оюмун элестеткен таар согот. Анда кадимки кийизге түшүрүүчү «жолборс тырмак оюмун» көркөм көчөт кылып берүү үчүн ал 18 жуп жипти кызүктөйт. Бул жаңы терменин чети түгөйлүү 8 жиптен турат. Өрмөктө «чычкан изи» менен «бычак учу» четтик көчөтү алмаштырылат. Сайма саюучу, өрмөк согуучу, терме терүүчү кыз-келиндерге уз үлгү берет.

Коён кийиз буюмдарын да кармайт. Шырдак менен ала кийизге ал «кыял оюмун», «бадам оюмун», «кош мүйүз оюмун» бири-бири менен тирештирип, учтарын бычактантып берет. Уз өз себин өзү камдаган. Мындай жөрөлгө кыз берген менен кыз алган жердин салттуулугун жана нарктуулугун айкындаган. Адептүүлүк жана эстетикалык накыл берген.

Уз «дуруя саймасын» арбын кармаган. Бул — басма сайманын бир түрү. Анын айырмасы кездеме же башка жердик бетине эки бетине тең кеште болуп түшөт. Коёндун элдик оюм аркылуу бүткөн шырдактарында «кош мүйүз оюму» же «кочкор мүйүз оюму» чалкасынын «карга тырмак оюму» болуп көрүнөт. Ал жалпы алганда «көөкөр оюмун» элестетет. Мына ушул төрт оюм биригип келип үзүл-кесилсиз жалпы оюм менен берилген бир табакчаны түзөт. «Кочкор мүйүз оюмунун» башынан «карга тырмак оюму» биригип, төртөө бир табакчаны жаратат.

Уз сайма буюмдарын боз үй менен там үйдүн жасалгалык-колдонмолук табиятына тең кошкондой өзүнчө түр, чыгармачылык үн, чеберчилик жүз бергендей кармаган. Ортолук көчөттөргө, четтик көчөттөргө «суу» жүргүзгөн. Ал «суу» имериле аккан күмүш өзөндү элестетет. Түшкөн көркөм көчөттөр өйүз-бүйүз конгон кыргыз айылын, катар-катар тигилген боз үйлөрдү, кой короону, керме желени, чатырап турган кең жайлоону баамдатып турат.

## ЖУМАГУЛОВА ЭРКЕБҮ КАРЫПБЕК КЫЗЫ

Уз, сүрөтчү-жасалгалоочу. 1956-ж. Жайыл районундагы Тельман айылында төрөлгөн. Бишкектеги көркөм окуу жайынын жасалга-колдонмо бөлүмүн бүткөн. Борбордук көркөм эксперимент лабораториясында элдик салттуу буюмдарга үлгү жаратуучу-сүрөтчү болуп эмгектенген. Кол өнөрчүлүк боюнча экспедицияларга катышып, нускалуу буюм-тайымдардын ондогон түстүү альбомдорун тартып чыгып, кийинки муундарга мураска айландырган. Өзүнчө жараткан колдонуууга (утилитардык-колдонмолук), дайым сактоого (уникалдык) шартташкан үлгүлөрү чебер аткаруучулар аркылуу көп нускаланып дүкөндөргө түшкөн, жайма базарларга чыккан, эл аралык көргөзмөлөргө дейре экспонатталган. Аларга сайма туштук (панно), күзгү кап, текче түрүндө жаралган өз-өзүнчө ат коюлган чыгармалары кирет. Анда Эркебү «мүйүз оюмдарынан» турган төрт-беш көчөттү бир табакчага алып, ортосунан көчөт чыгарып, сүрөтчү-прикладник катары изденүү аркылуу мындай түзгөн композициялары бири бирине



шарттуу өтүп, төрт чарчы табакчаны түзөт. Жээк көчөттөрү көбүнчө «ит куйрук оюмунан» алынып, ал борбордук көчөттөн суу ордуна «аламончок» болуп турат. Буюм четине тор чачыкты, топ чачыкты бирдей пайдаланат. Мындан сырткары ал көркөм көчөттөрдү өсүмдүктөрдүн бутактарынан, гүл таажыларынан издеп, аны салттуу оюм каражаттары менен айкалыштырат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Сайма туштугу үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Сайма куурчак үлгүлөрү, туштугу үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Биринчи даражадагы дипломү.

## ЖУМАЛИЕВА АЛМА

Оймочу жана саймачы. 1925-ж. Кочкор районундагы Мантыш айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Кыйла жылдары маданий тармакта эмгектенген. Улуу муундагы чеберлердин таасири менен тестиер кезинен узданат. Абалы «көптүрмө сайма», «таңдай сайма», «басма сайма», «жөрмөмө сайма» ыкмаларында учуктуу ийне аркылуу керебетке тарткыч, терезеге тарткыч, сүлгү, кийим жапкыч сыяктууларды орус, украин саймаларына үндөштүрүп узданган. Кийин кийиз буюмдарына жана салттуу илме саймага (шибеге сайма) баш койгон. Алма шырдактарына түшүүчү көркөм оюмдарды ичкерээк кыялданта алат да, ортолук оюмду четтик оюмдан «ит куйрук оюмунан» жасаган «аламычы» аркылуу бөлүп, ал эми жээктик «аламычты» нарындыктарга мүнөздүү «бычак учулантат». Ал энелеринен, таенелеринен калган эски нускалуу үлгүлөрдү көөнөртпөй сактап, ал көркөм оюм-көчөттөрдүн негизинде туунду коздук жаратат. Анын айрым салттуу буюмдары музейлердин төрүнөн орун алган. Алманын Жумалиева Калбүбү, Жумалиева Марина, Абдыкалиева Динар өңдүү ишенимдүү үйрөнчүктөрү бар.

## ЖУМАЛИЕВА АСЫЛКҮЛ

Уз. 1933-ж. Талас районундагы Сасык-Булак айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбанын ар кандай жумуштарында иштеген. Адегенде саймачы катары таанылып, илме (шибеге) сайма аркылуу аянттуу туш кийиздерди жасаган. Анда Асылкүл күлгүн көгүш боёкторду бөтөнчө сыйкырдуулук менен алдыга алып чыгып, башка түстөрдү ага багындыра билген. Андай буюм-тайымдарга түшкөн коздук каражаттары данакерлешкен күмүш буюмдарындай ширелишип, уздун үлгү кармоочу айлакердигин билдирет.

Асылкүл кийиз буюмдарын эки түрдө кармаган. Эндей кийиз бетине ыскыт басуу уздугу бар. Мында кадимки элдик буюмдарды пайдаланат. Буюм четине «жээк оюму» катары ал «жагалмай канат оюму» менен «мүйүз оюмдарын» шарттуу алат. Ар бир үлгүсүн эки табакчадан берет да, анда төрт «мүйүз оюму» чагарактaшып, төрт «карга тырмак оюму» аркылуу биригет. Ошондо четине «бычак учу» «аламыч» катары берилет да, эки оюмдун жарымына «колтук оюму» катары кийиз бетине түшөт. Шырдактарындагы «жээк оюмдары» ачык, так, төп берилип, ортолук оюмдарындагы табакчаларга үндөшөт. Көк-кызыл өңдө «кочкор мүйүз оюмунун» башында «карга тырмак оюму» шайкештелет. Ал сегиз табактан турган түр шырдактарды жаратkan. Ар бир «куш канат оюмунун» башынан «ачкыч оюмун» (бул та-

ластыктарга мүнөздүү) чыгарган. Мында ортолук «мүйүз оюму» үстөмдүк кылат да, «колтук оюмуна» «куш канат оюмунун» башынан «карга тырмак оюмун» чыгарат. Борбордук оюмдун жарымын «колтук оюму» кылыш уздун негизги ыкмаларынан. Ал шырдактарын 2,7х1,7 *см* аянтта чакандата жасап, төрт-беш көркөм оюмдарды ич ара жупташтырат. Асылкүл «кош мүйүз оюмуна» «карга тырмак оюмун», «куш оюмун», «бармак боочу оюмун» (ал кээде «жарым кыял» болуп көрүнөт) бири-бири менен беттештирүүгө чебер.

Асылкүл чаян түйүш жасайт. Ал үчүн жипти ыскыттай чыйратып, бир нече каттайт. Анан жасалуучу буюмдун болжолуна ченеп, кесип алат да сыртынан жиптер менен түрлөнтүп оройт. Андан кийин анын «илгичи» жасалат. Болжолдуу алганда уuктун учуна илингидей кылып, ал көзөнөкчө жип аркылуу бекитилет. Анын аягына чаян түйүштү берүү үчүн эшилип алынган үч жип бири биринен арчындалып өткөзүлөт да, аягына узундугу нукумдай, сөөмдөй «топ чачык» жасалат. Демек, алдынан эки айрыкча (бутча) «топ чачыктан» көрүнүп тургандай ар биринин жогорудагыдай түйүшү чыгат. Андан соң түйүлгөн үч жип үч илингичи аркылуу кайрадан биригип, чаян түйүшү менен «топ чачысы» пайда болот. Мунун ар бир айрыгынан дагы үч бутчанын төрт чаян түйүшү жана эки илмесинин этеги да топ чачы аркылуу бүтөт. Асылкүлдүн кыздары — Токтобүбү менен Уулкелсин уздукту кичинелеринен сарысаптташууда.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Туш кийизи жана «Чаян түйүшү» үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Чеберлердин областтык жана республикалык кароо-сынагы». Кийиз, түймө буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун, Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамоталары.

## ЖУМАЛИЕВА КЫМКАШ
(1925—1989)

Саймачы. Жумгал районунун Базар-Турук айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Токуу фабрикасында иштеп, токуудан чыккан кийимкечектердин жакасына, этектерине илме шибеге аркылуу көркөм көчөт түшүрөт. Кийин «Киев» маркасындагы илме сайма механизмди башкарган. Кымкаштын уздугу «Ардак белгиси» ордени, юбилейлик медалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин президиумунун Ардак грамоталары менен белгиленген. Уз кийинки жылдары Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жайынын системасында иштеген. Энеси Сонунбүбү уздан таалим алган.

Сайма үчүн баркутту, кара жердикти тандайт. Ал адегенде белдемчини бычып, сырткы тигишин тигип алат да, анан бор менен көчөттү чиет. Белдемчинин четине өз «кыял оюмун» үзүндүлөбөй, узун көчөт кылып жүргүзөт. Эгер ал кыял оюму кызыл менен толсо, сыртынан жашыл өңдү айлантат. Уздун баамдоосунда сайманын ички кубулма сырлары терең. Эгер көчөт чымкый сарыдан толтурулса, анын сырты сөзсүз кызыл, ичи кызыл-сарыдан «ала мончоктолот». Ал эми ак жип аркылуу чоң көчөттөрдү толтуруу наркта жок. Майда келкилерге ак өң зарыл болсо, ага сөзсүз кызыл жип айландырылат. Ошол эле кара жердикке көк түшүрсө, анын артына кызылдан ичине кызыл-сарыны же кызыл-көктү саят. Жердиги ачык жашыл кездемеге кара кочкул жашыл жиптин сыртын кызыл, ичин сары кызыл аркылуу «ала мончоктойт». Туш кийиз капкалдырыгына ошол көчөттөрдүн өзүн үч булуң кылып түшүрөт. Уз кийиз буюмдарына да узданат. Анын саймалары мамлекеттик сүрөт, этнография музейлерине экспонатталган. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Туш кийизи үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин I-даражадагы дипломду;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Кийиз буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Сайма буюмдары үчүн Кыргызстан КП БК жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин грамотасы.

## ЖУМАЛИЕВА ШЫРБҮБҮ

Шырдакчы жана чырмакчы. 1927-ж. Кочкор районундагы Ак-Учук айылында төрөлгөн. Чарбада эмгектенген.

Шырбүбү абалы бычмачылык-тикмечиликти аздектеп, европалык кийим-кечектерди (китил-



шым, тумак, өпкө кап ж. б.) арбын тигип «иштүү» аталган. Элүүнчү жылдардан баштап илме (шибеге) сайма саюуга, кийин шырдактын түрлөрүн (кызыл шырдак, кара шырдак, жашыл шырдак) табакчалап, «мүйүз оюмдарынын» түрлөрү аркылуу берүүгө өтөт. «Мүйүз оюму» менен «карга тырмак оюмун» ичтен да, сырттан да шарттуу айкалыштырып, «милте» (жээк) басууга машыгат. «Аламычтарын» бычак учулап, ак-кара түстү арбын берүү менен түр эмес шырдакты арбын жасайт.

Чүйлүктөргө анча мүнөздүү эмес чий чырмакчылыкты да кармайт. Ага түшкөн көркөм көчөттөрүнүн жарым жартылайы «тап бердирме» (чыбыктоо) менен чырмактоого айкалышып, өзүнчө «Ж» түрүндө көчөт-оюм жараткан. Ал кызыл, сары, ак, жашыл (муну арбын алат) өңдөрдү узчулугунда дайыма пайдаланат. Азыр Кемин районунун Кызыл-Октябрь айылында жашайт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1974-ж. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн жана сүрөттү өз алдынча сүйүүчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Кооз үлгүлөрү үчүн Кыргыз ССРинин Маданият министрлигинин Ардак грамотасы;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Ашкана чийи (чыгданы) үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы.

## ЖУНУШБАЕВ МАДИС
(1948—1995)

Жыгаччы. Ат-Башы районундагы Пограничник айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. «Кызыл-Туу» мектебинде кол эмгек мугалими болуп иштеген. 1983-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн уздануучу чебери. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук фестивалынын лауреаты. Ага Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлиги 1989-ж. «Жогорку сынаптагы чебер-сүрөтчү» деген наам ыйгарган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Автордук укукка ээ Мадистин бешиктери дүкөнгө чыгып, ал көчкөндө өңөрүп жүрүүгө да шарттлашкан. Уста буюмдун мурунку сын-сыпаттарын сактоо менен өзүнүн чеберчилигинин натыйжасында үлгүнүн жаңы түрүн ойлоп табууга, чыгармачылыкта андан ары аны өнүктүрүүгө жетишкен. Бешиги жалаң жыгачтан сырдалбай жасалып, жыгач өзүнүн жекече касиетин өзү гана дааналап көрсөтүп турганы менен чыныгы жыгаччылык өнөрүн баяндоодо. Чебер бешигинин башкы бөлүгүнө тартма (суурма) жасайт. Ал бир нече кутучаларга бөлүнөт. Ага наристенин упчусу, оюнчугу, жүз аарчысы, татымалдары жана ушул сыяктуу өздүк буюмдары сакталат. Бешиктин аяк-баштарына атайын көркөмдүк үчүн чырмак чий кынапталат. Шырдакка түшүрүлүүчү элдик оюм түшүрүлөт. Чебер бешиктин бири-бирине окшошпогон түрлөрүн да жыгачтын табиятына коошкондой кармайт.

Мадис ашкана буюмдарын да кармайт. Мында жыгачтын ички касиеттерин тааный билет. Карагайдын жаш өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу муунактары, сызыктары болуп, чайырдуу, бутактуу болгондуктан аны иштетүү татаал. Ошондуктан көбүнчө теректи пайдаланат. Терек бети аппак, ойдогудай иштетүүгө жумшак болот.

Мадис жүк такта, сабаа такта, үкөк өңдүү салттуу буюмдардын түп нускаларына да аябай назар таштайт. Чанда гана жыгаччылардын колдорунан тама турган мындай үлгүлөр азыр колдонмолук да, жасалгалык да мааниге ээ болуп, бул буюмдарга чебер «кыял оюму», «табак оюму», «мүйүз оюму» өңдүүлөрдүн элементтерин табакча-табакча жана жалпы



оюм менен так жана төп түшүрөт. Аны сырдоонун элдик эски ыкмаларын жыгаччы дал өзүндөй пайдаланат. Жыгач буюмдарынын өңүн арттыра турган жошону Мадис жармага кошуп ачытып, анан жыгач бетине сүртөт. Андан кийин койдун боору менен (көк боору, каны) жаап, буюмдун өңүн ачат. Кийин эчтекеге жукпаган бул буюм түбөлүктүү түскө ээ болот. Муну менен бирге ал босого-таякка, каалга өңдүү буюмдарга да көркөм оюм түшүрөт. Чоң энеси Тойдунун нускасын алган Мадис Жунушбаев өз өнөрканасынан үйрөнчүктөрдү өстүргөн.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Бешиги үчүн Эл чарбасынын жетишкендиктеринин республикалык көргөзмөсүнүн I даражадагы дипломy;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык сынагы». «Жүк такта», «Үкөк», «Бешик» өңдүү буюмдары үчүн I даражадагы диплом;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Такта, бешик, кырма идиштери менен катышкан.

## ЖУСУБАЛИЕВА ЗУУРА

Оймочу. 1926-ж. Ат-Башы районундагы Баш-Кайыңды айылында төрөлгөн. Нарын шаарындагы мугалимдерди даярдоочу курсту бүтүп, Ат-Башы районундагы «Кара-Булуң», «Талды-Суу», Куланак районундагы «Пионер» жети жылдык мектептеринде мугалим, Нарын, Ат-Башы балдар үйлөрүндө улуу тарбиячы болуп иштеген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Узчулукту 1950-жылдардан баштаган. Ал саймачылыктын бардык түрлөрүн («басма сайма», «жөрмөмө сайма», «илме сайма», «чыраш сайма», «таңдай сайма», «көптүрмө сайма») пайдаланып, керебеттин аягын жапкыч, кийим жапкыч, туш кийиз, терезе тарткыч, комсомолдун, пионердин төш белгилерин, жеңиш орденин сайган. Андан сырткары топу, чыптама, кемсел, чапан өңдүүлөргө көркөм көчөттөрдү чыгармачылык жүздө түшүрүп келген.

Анын кийиз буюмдарында «Салбай оюм», «мүйүз оюм», «бадам оюм», «табак оюм», «такта оюм», «гүл оюм» сыяктуулар арбын кездешет да, аларга кызыл, жашыл, көк, сары, сары кызыл сыяктуу боёкторду пайдаланып, түстөрдү бири бирине кылдат айкалыштырат. Шырдактарын жалпы оюмда алат да, табакча-табакча кылып берет. Анын өөн-бучкактарынан тушка тартылууга шарттташкан килем шырдак жасоо ыкмаларын өздөштүргөн. Ал буюмдун «аламычы» үчүн көбүнчө калпактын өөнүнөн кийиз бетине майдалай төрт чарчы түр берип, оюм четине төрт элидей кара кийиз жээгинен тоо өркөчтөнгөн ак кийизден ичке «араа тиш» түшүрүп, алардын бурчтарына ортосунда өзөгү бар кызыл, сары, көк өңдөгү байчечекей гүлү сымал түрлөрүн түшүрөт. Мындай көркөмдүктөрдү уз шырдак оюмдарынын арасында да пайдаланат. Алар төрт «жүрөкчө оюм», төрт «гүл оюм», төрт «мүйүз оюм» бир табакчаны түзүп, ал эми кийиз буюмдарынын четине (жээк оюму) жарымы «колтук оюм» катары түшөт. Буюмдарынын четине кызыл-сарыдан гана милте (жээк, ыскыт) коюну уз адатка айланткан. Ал эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук II фестивалынын лауреаты. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Шырдак түрлөрү үчүн Кыргызстан КП БК менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин III даражадагы дипломү;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Кийиз жана сайма үлгүлөрү үчүн Кыргызстан КП БК менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин IV даражадагы дипломү;

1988-ж. «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн областтык кароо-сынагы». Шырдак буюмдары үчүн Кыргызстан КП Нарын обкомунун жана облаткомунун I даражадагы диплому, Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Түр шырдактары менен катышкан.

## ЖЫЛКЫЧЫМАНОВ АСАНАКУН

Ат жабдыктарынын чебери. 1920-ж. Ат-Башы районундагы Кара-Булуң айылында төрөлгөн. Колхоздо эсепчи, бригадир, сугатчы болуп иштеген.

Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу жана эмгек ардагери. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Аны эл «ээрчи Асанакун» дешет. Ээрчиликти аталаш тууганы Койчумандан үйрөнгөн.

Чебер күзүндө тал-терек бышып, жалбырактары түшкөндө кыйып, ээрге ченеп-өлчөп араалайт да, балта менен сомдоп, көлөкө жайга, көк жерге коёт. Күн алыс карап турат. Эгер жарыла баштаса солидол менен майлайт (мурда ошол жерге уйдун жаңы жампасын жабыштыра сыйпап, аны күн алыс суу менен жышып туруучу). Терек бир айда кургайт. Ээр арчадан чабылып, капталбаса кадимкидей жыттанып турат. Аны чаап бүткөндөн кийин акиташтын суусун сыйпаса, бара-бара кыпкызыл болуп калат. Ээрди чебер туюк чабат. Ээрдин кашы негизи чарадан бийигирээк келет. Эткээл адамдар үчүн ээрдин моюнун кыскараак жасайт. Себеби, ичти урбайт. Негизи ээр кашы бычак менен чыгат. Ээр чабууда түз керки (кадимки керки), ийги керки (чуңкур жери жаңырган ай сымал), жеңил керки (моюну жеткен жери чабылуучу керки) өңдүү аспаптарды уста курч, серпилгич темирден өзү жасап алат. Ээр каптоодо төө тери уй терисинен 8—10 жыл бышыгыраак болот. Төө өтө азайгандыктан, көбүнчө уй териси менен каптайт. Аны жыдытуу үчүн бетине акиташ сепсе ички кыртышы жумшарат, жүнү жыдыйт. Жумуру жыгачты тамга жөлөп, ага жыдыган терини арта салып жүнүн орок менен шыпырып таштайт. Кайра ички бетин сыртына каратып, челин сыдырат. Анан эки-үч күнү таза сууга салса акиси кетет. Ансыз жылаңач ээрди каптаганда чап кармай албайт. Асанакундун мындай тери менен каптаган ээрин «там тешээр ээр» деп коюшат. Анткени, ат жыгылып үч-төрт ала салсын, ээр оңко турсун эч сынбайт. Ээрин көбүнчө Ат-Башы өрөөнүндө өскөн бака теректен чабат.

Асанакун устанын өрүмчүлүк өнөрүндө жон өрүмдү 15 талдан алат, аны бул жергеде «беш кашка» деп коёт. «Кош өрүм» эки өрүм жанаша түшөт. Аны 16 талдан тандайт. Ал кайыкчы катары да белгилүү. Жез, мис менен ат жабдыктарын шөккөттөп, атты дароо токуп кеткидей кылып ат жабдыктарынын бир бүтүмүн бир колдон чыгарат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Ат жабдыктары менен катышкан.

## ЗЕРЕТБЕКОВ ЧОЛПОНБАЙ

Жыгаччы. 1947-ж. Тоң районундагы Кызыл-Туу айылында төрөлгөн. Каракол пединститутун бүтүрүп, он сегиз жыл мугалимдик кесипти аркалаган. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узануучу чебери болуп эмгектенет. Жаш чагынан эле жыгаччылыкты кесип туткан. Кийин боз үйдүн жыгачы менен кара темирчиликти кош кабат кармоого машыккан. 60, 75, 80, 100 баш боз үйлөрдү кармоого ылайыкташкан атайын устаканасы бар. Чыңгызхандын ордо үйүн (110 баш) колдон чыгарган, Манастын ордо үйүнүн жыгачын кармаган. Манастын ордо үйү 120 баш. Төрт канаттан турат. Ага маталуучу жыгачы ак талдан, көк талдан, кара талдан келет. Мунун иштетүү сырларына Исмаил уулу Токон уста нускалаган. Ордо үйүнүн уугунун узундугу 4 *м*, кереге баштарынын бийиктиги бир *м* 70 *см*, түндүгү сөгөт талдан ийилип, узундугу 2,5 метрден болуп, уук учтарына шайкеш келет. Босого-таягынын туурасы 1 *м* 20 *см*, бийиктиги 1 *м* 70 *см*. Төрт канаттын бир канатынын узундугу 6 *м* 40 *см*, үйдүн диаметри 9 метрден ашат. Бул ордо үйүнүн көлөмүнө карата ички жасалгалары аныкталат. Ордо үйүндө коломто болбогондуктан шырдагы үйдүн энине карата

тегерек келет. Үйгө төрт канат чырмак чий каланат. Ордо үйүнөн төрт эшик чыгып, өргөө үйлөрүнө өтөт. Ал эми өргөө үйлөрү аркылуу ордо үйүнө кирүү андан бетер салттуу-наркттуу туюлат.

Чолпонбайдын шекити Дооронов Бектур анын нускасын алууда.

## ИБРАЕВА САЛИМАН



Оймочу, өрмөкчү, чырмакчы, шырдакчы. 1931-ж. Ат-Башы районундагы Жаңы-Күч айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Пограничник колхозунда (азыркы Казыбек айылы) кыйла жылдары эмгектенген. Узчулук нусканы энеси Шайымбүбү Шайылда келининен алган.

Салиман узчулукту саймачылыктан баштаган. Сайманын «басма сайма», «жөрмөмө сайма», «илме сайма» өңдүү түрлөрүн кармап, туш кийиз, кийим жапкыч, керебет аяк, сүлгү ж. б. салттуу буюмдарды колунан чыгарган. Шырдактарынын четтиги бычак учуланып, «жарым кыял оюму» жээк оюмун түзөт. Кайрадан «бычак учу» «аламыч» болуп, жалпы оюмдун ортолугунда (борбордук) төрт «кочкор мүйүз оюмунун» башынан төрт «карга тырмак оюму» өзөк катары чыгат. Ал табакчанын жарымы тумарчаланып «колтук оюму» болот. Элдик оюмдарга өзүнүн «кыял оюмдарын» кошумчалайт. Анын айрым чакан шырдактары дубал бетине туштук катары тартууга ылайыкташтырылган. Өзүнүн кийизчилик узчулугунда ал «бадам оюмун», «мүйүз оюмун», «жарым кыял оюмун» негиз тутуп боз үй көтөргөн. Анын жабык башында буюм четине «тап бердирип», жээк (четтик) оюмуна «бадам оюмун» алып, ал «жарым кыял оюму» менен тутумдашып, ак-кызылдан турган ак этеги «жагалмай канат оюмун» элестетет. Учу тор чачыкталат, топ чачыкталат.

Уздун чырмакчылыгы да өзүнчө бааланат. Канат чийиндеги «ийректери» адаттагыдай карадан берилип, аралары ачык «ала мончоктолгон» «мүйүз оюмдарынын» түрлөрү сындырылып, төптүктү, тактыкты жана көркөм каражаттардын ич ара шарттуу катыштарын талаптагыдай сактап, буюмда салттуулуктун илеби урат. Ал эми ак өргөөнүн ички-сырткы боо-чуулары терменин «бир жүздүүсү», «эки жүздүүсү» аркылуу бүткөрүлгөн. Анда «чычкан изи» аркылуу «тап бердирмелер» арбын. Ортолук (борбордук) көчөттөрдү бөлүп, «тегиричтеги» табакчалар бири-бири менен улай согулган көркөм каражаттарга бай таар термелери — эски буюмдарды кайрадан салттуу түрдө кармоонун, кийинки муундарга дал өзүндөй калтыруунун ойдогудай үлгүсү. Мында «жарым кыял», «бото моюн», «омуртка», «комуз тил», «чымын канат» сымал көчөттөр ич ара шартташкан. Салиман ичик, тебетей, өпкө кап ж. б. кийимдерди, көлдөлөң, жер төшөк өңдүүлөрдү да салттуулукта кармайт.

Уз келиндери Шарипа Бакир кызы (Бишкек), Чынар Мажит кызы, Асыл Бакир кызы (Нарын), Бактыгүл Осмонкул кызы, кыздары Бейшекан Кадыр кызы, Аидаларга (Ат-Башы айылы) уздук нускасын берүүдө.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1974-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына карата боз үйлөрдүн республикалык ат майданында өткөрүлгөн көргөзмөсү. Ак боз үйү тигилген.

1982-ж. СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик уздардын жана устаттардын кароо-сынагы». Кийиз килемчеси үчүн Нарын облаткомунун III даражадагы дипломуу.

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата республикалык ат майданындагы салтанатка боз үй тигип келгендиги үчүн ЭЧЖРКнүн II даражадагы дипломуу.

## ИБРАИМОВ АЛМАЗ ТОКТОГУЛ УУЛУ

Жыгаччы. 1963-ж. Сокулук районундагы Жыламыш айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Устачылык нусканы атасынан алган. Кыргызстан театрлар коомунун өнөрканасында комуз чабуу менен өзүнүн устачылыгын баштаган. Негизинен аваздык аспаптар, ээр, бешик, сандык жасоо боюнча узанат. Комуздун жердиги үчүн букту, өрүктү пайдаланат. Аларды даярдоонун ыкмалары башка чеберлерден анча айырмаланбаган менен өрүк жыгачын табы менен кургатууда Алмаздын өзүнүн ички сыры бар. Даярдаган буюмдары жайма базарларга түшүп турат. Ал азыр өздүк өнөрканасында узанууда.

## ИБРАИМОВ ЭРКИН ТОКТОГУЛ УУЛУ

Зергер. 1970-ж. Сокулук районундагы Жыламыш айылында төрөлгөн. Бишкек политехникалык институтунда билим алган. Зергерчиликти кесип тутууда атасынын таасири чоң.

Эркин ат жабдыктарын, алардын асем жасалгаларын, темир комуз кармоодо өзүнүн чеберчилигин баамдатат. Түстүү металлдардан шөкөттөрдү чабууда атасынын буюм-тайымдарды кармоо таалими аркылуу уста Кошаалы Кызгара уулунун стили сезилет. Андай сапат камчы алаканынан, сабынан, чүкүрттөөлөрүнөн көрүнөт. Зергерчиликтин чапкылоо — чегүү (түрдүү чапкылар менен чегүү) ыкмасын колдонот. Асем буюмдардын жердигине нейзильбер, мис, жез өңдүүлөрдү арбын пайдаланат. Өздүк өнөрканада узанат. Нускалары дайыма сатууга чыгат.

## ИБРАИМОВ ТОКТОГУЛ

Зергер. 1940-ж. Сокулук районундагы Жыламыш айылында төрөлгөн. Бишкектеги № 1 кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүргөн. Суусамыр машина мал чарба станциясында, Токтогул, Шопоков атындагы колхоздо ферма башчысы, айыл чарба бригадасынын бригадири, клуб башчысы болуп иштеген. 1970-жылдан узана баштаган. Айылдашы, зергер Кошалы Кызгара уулунун таалимин алган.

Уста түстүү металлдардан (жез, мис, коло, нейзилбер, датчалбас болот, мельхиор) кыз-келиндердин жасалгаларын (билерик, сөйкө, шакек, бой тумар, төөнөгүч), ат жабдыктарын (өрүп, кайып) жасоодо. Мында ал устачылыктын «чапкылоо» ыкмасын колдонот. Зергердин өзү жасап алган чапкылары (аспап-куралдары) бар. Ал «Кошалы оюм-чийимдеринин» негизинде темирге түшүрүүчү көркөмдүктөрдү стилдештирип берет.





Ал элдик аваздык аспаптардын ичинен темир комуз жасоонун жана аны кагуунун чыгаан чебери. Комуздун жаагын жумшак темирден (5 *мм* зымдан) тандайт. Аны отко салып төрт кырдуу кылып чаап, ийгиси аркылуу бир калыпта баарын бирдей ийип, ар бирин өзүнчө жонуп, өгөөлөп түспөлүнө келтирет. Комуз тилин беките турган жерин тилге тууралап өгөөлөп, анан тилин даярдайт. Уста комуз тилине көбүнчө чалгы менен патефондун пружинасын тандайт (пружина туурасынан кайчыланат, чалгы темир кескич менен узунунан кесилет). Аларды таптап жукартат. Андан кийин көбүнчө өгөөлөп, чарыкка салып ийине келтирет. Комуз тилинин узундугун 75—80 *мм*ге чейин алат. Тилин жаагына түзүнөн бекиткенде комуз 65—70—75 *мм* болот. Демек, 65 *мм* өзүнчө, 70 *мм* өзүнчө, 75 *мм* өзүнчө үн берээри байкалат. Ошого карата уста ширеңкенин бир тал жалынына кармап учун иет. Үндүн чыгышына жараша кыскартат же ичкертет.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Зер жасалгалары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы.

## ИЛИЯЗОВА ИБАДАТ

Бычмачы-тикмечи. 1950-ж. Кара-Кулжа районундагы Чалма айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. 1969-жылдан райондук турмуш-тиричилик комбинатында эмгектенет. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Кийиз жасоодо энеси Мактумдун, калпак тигүүдө Календерова Сырганын нускасын алган.

Ибадаттын узчулугу кыргыз калпагын тигүүдөн көрүнөт. Калпакка Алай коюунун, козунун айрыкча күзгү жүнүн керектейт. Эгер ал аз болсо жазгы жүндү белгилүү өлчөмдө кошот. Жүндү тазалап, кылдап, майда тытып, кайчы менен жүндү 5 *см*дей узундукта кырчат. Табылгы сабоо менен сабайт. Жүндүн 1, 2, 3 тарамы болот. Эң биринчи тазасы үстүңкү бетине тарамдалат. Аны уютууда абалы ысык суу чачып, чийди оройт да анан тоголото баштайт. Уютулганы билингенден кийин ал оң-сол болуп басылат. Кийизди кургатып дагы жууйт жана оң-сол басат. Дагы кургатып, кайра да басат. Көп басуу — кийизди катуу уютуунун шарты. Бордоо үчүн тоодон бор казып келип, корго көөмп бышырат. Сыртын кырып таштап, тоскоктой майдалап, ысык сууга чылайт. Анын тунмасын кийизге сүртүп, дагы оң-сол эки жолу басып, ачык күнгө жайып кийизди кургатат. Андан кийин калпактын жердигин бычат. Мисалы, 59-өлчөмдөгү (25 *см*) калпактын бир талаасын уз 28 *см* кылат. 18 *см*, 12,5 *см* кыюусу болот. Анан төрт талаанын ичин кыйып алат. Ал 2 *см* болуп, тигилип бүткөндө 1 *см* келет. Калпактын чогу (чачыгы) 6,5 *см*ге, боосу 8 смге өлчөнөт. Чебердин калпагынын төрт талаасына 8 секиртме (тап бердирме) саймалары түшөт. Анын аралары 1,5 *см*ден 25 сайма элементтери бар. Уз буюмду кармоодо абалы анын эскизин кагазга түшүрөт. Катуу салфетканы кагаз эскиздин үстүнө жаткырат да, ошол түшкөн оюм-көчөт боюнча чегип алып, кийизге түр түшүрүүдө тигүүчү машинанын майына малып, кийиздин кыркындысы менен ээзип, ага ошол чегилген из боюнча кайрадан чегип алат. Ибадат ат, айгырдын туу куйругун тартып алып, аны муздак сууга чылайт. Калпактын төрт талаасын бири-бири менен жип аркылуу бириктирип, төрт тал кылды ийнеге саптап, ичин чыраштайт. Уздун нускасын алган сиңдиси Илиязова Жыпар уз менен бирге узданат. Ал өрмөкчү-термечи. Ибадат «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалынын ээси. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Ак калпактары менен катышкан.

## ИМАНАЛИЕВА ЖУМАКАН

Уз. 1938-ж. Кочкор районундагы Кара-Күңгөй айылында төрөлгөн. Жогорку билимдүү. Кыйла жылдары советтик аткаруу кызматында эмгектенген. Уста-уздардын узануу-уздануулары жан дили менен уюштурууучулардын бири.

Жумакан көркөм оюмдарды кийизге да, кездемеге да түшүрөт. Алардын элестүүлөрүнүн бири эски оюм айкалыштарын даана алат. Буюмдарында жеке төрт «кочкор мүйүз оюму» табакча түзөт да, анын ичинен өзүнчө табакча пайда болот. Уз караны кызылга, жашылды малa сарыга, көктү кызылга, акты карага беттеп, алардын ортолоруна «аламычсыз» жээк оюмдарын өз ара төптөштүрүп бергенде жалпы оюмдагы түр шырдакты же туштукту элестетип, көбүнчө тушка тартууга ылайыкташат. Бир табакчанын төрт четинде төрт «кочкор мүйүз



оюму» чыгат да, берки табакчаларга жиксиз катышат. Уз шырдактык милтени кылчык жүндөн кош кабат чыйратып алат. Кездемеден жаралган жасалгаларга атайын чыккан басыткы тасмаларды да пайдаланат.

## ИСАЕВ БОЛОТБЕК

Жыгаччы жана сүрөтчү. 1957-ж. Нарын районундагы Куланак айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздо жыгач уста болуп иштеген. Азыр Куланак орто мектебинде сүрөт, кол эмгек боюнча атайын курстан сабак берүүчү мугалим-лаборант. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Болотбек жыгачтын сырын билген, ага жан киргизе алган таасын чеберлерден. Анын өнөрканасында жыгачтын дүмүрүнөн, бутактарынан, тамырынан, агындыларынан алынып жаралган (сүрөтчү — флористтик) айбанаттардын, канаттуулардын, адамзаттын кейипкерлери көркөмдүктү аңдап билүүсүнүн маанилүү шарты боло алат. Чебердин жыгаччылыгындагы чыгармачылык үч бөлүктөн турат. Биринчиси, жыгачтан сөлөкөт түзө алат. Ал жыгачтын текстуралык табиятына шайкеш келет. Экинчиси, жыгач бетине композициялык көркөм чыгарма жаратат. Демек, маанилүү бир бүткөн ойду берет. Ага анын тактай бетине берген таланттуу чыгармалары «Соң-Көл», «Менин айылым», «Эс алуу» сыяктуу тушка тартууга шарттан аянттуу (эндүү) эмгектери кирет. Үчүнчүсү, анын кырмачы катары журтка таанылуусу. Ал турмуш-тиричиликке аздектеп колдонулган челек, үкөк, табак, кашык, сүзгү, аяк, чөйчөк өндүүлөрдү жасоонун кылдаты. Чебер алардын жердиги үчүн жергиликтүү мырза теректи пайдаланат. Аны күзүндө кыркат. Кабыгы менен көлөкө жайга коюп, мелүүн кургаганда четинен араалап, чаап, кырып ар бир буюмду (идишти) өз түспөлүнө келтирет. Иштөөдө ийги менен бычакты арбын пайдаланат. Чебердин жараткан кырма идиштеринде өзүнө гана таандык түспөл, түр бар. Мындай касиет анын чыгармачылыгын, буюм-тайым кармоодогу чыныгы жүзүн баамдатат. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, карoo-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык карoo-сынагы». Жыгач буюмдары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин диплому;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Кырма идиштери үчүн ЭЧЖРКнүн медалы, диплому;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Жыгач үлгүлөрү менен катышкан.

## ИСАКОВА АЛМАДАЙ (АЛМАГУЛ)

Уз. 1951-ж. Жети-Өгүз районундагы Барскоон айылында төрөлгөн. Бишкек жеңил өнөр жай техникумун бүтүргөн. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк өнөрканасында калпак чыгаруучу жайдын жетекчиси. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. «3-даражадагы эмгекке даңк» орденинин ээси.

Алмадай баш кийим үлгүсүн жараткан. Анын бири жаштардын калпагы. Аны өзү «Жаштык» деп атайт. Мында сайманын көркөм көчөттөрү калпактын эки талаасына гана берилет. Баш кийимдин этегине сайманын жүрүп турган каны болуп «суу» түшөт. Мында негизги «мүйүз оюмдары» кооздуктун каражаты катары каралат. Уз асем калпак да кармайт. Аны той, майрам, айт, салтанаттарда, куда тосууда, куда-га барууда, күйөө баланы отко киргизүүдө, баш куттуктоодо, айтор той-тополоңго, жакшылыктарга кийип чыгууга болот. Мында «кыял оюмунун» учкай элементтери кооздукту жара-



тып, жалтырак жипке (барча жиби) ак жип чыйрала чыраштала түшүп, калпактын эки талаасы гана көркөмдөлөт. Бул кыргыз атанын куттуу конушун элестетип турат. Анын калпагынын үчүнчү түрү өспүрүмдөр калпагы. Мунун эки капталындагы көркөм оюмдары сайма көчөт катары түшөт. Кайырмасы (кыюусу) кооздолуп, капталдарындагы сайма көчөттөрдөн төрт чачык төгүлүп турат. Мында уз аралаш оюмдарды ич ара кыйыштырып берет.

Алмадай азыр сайма өнөрүнө байкоо жүргүзүүчү өнөрканада уздануудa. Бишкектеги № 92 элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүрүшкөн шакирттери Жакишева Бегайым, Байтемирова Таалайгүл, Сатылганова Элита өңдүүлөр уздун нускасын алышууда. Алмадайдын уз кыздары «Камбаркан» элдик фольклордук ансамблинин катышуучуларына алтын саймалап баш кийим тигишкен. Чебердин чий жана сайма буюм-тайымдары Португалия, Турция, Италия, Япония, Корея сыяктуу өлкөлөрдөгү көргөзмөлөргө катышууда. Алмадай тиккен «Күлчоро калпагын», «Канчоро калпагын» артисттер сахнага кийип чыгышууда.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата «Эл чеберлеринин республикалык көргөзмөсү». Баш кийимдери менен катышкан;

1991-ж. «Кыргызстан Эл чеберлеринин уюштуруу көргөзмөсү». Ак калпагынын үч үлгүсү менен катышкан.

## ИСАКОВА КҮЛҮЙПА

Өрмөкчү, саймачы. 1942-ж. Кара-Буура районундагы Көк-Сай айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Соода тармагында эмгектенген. 1977-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Таластагы бөлүмүндө үйдөн узданууучу чебери. Ага 1989-ж. Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин буйругу менен «II сынаптагы чебер-сүрөтчү» деген наам берилген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Күлүйпа абалы өрмөкчү (термечи) катары бааланат. Тегирич согуп, ага көркөм көчөт түшүрөт. Өрмөкчүлүгүндө ортолук (борбордук) көчөт көк-кызылдан тандалып, четине өзүнчө жети жип кара-ак болуп жупталат. Себеби, өрмөктөгү эриши эркек (үстүңкүсү), ургаачысы (астыңкысы) боюнча саналып түшөт. Мына ушулардын ортолоруна «токо көз» келсе, алардын экөө тең экиден байланып, терилбей тик согулат. Мисалы, ортосу «мүйүз оюму» көчөт болуп түшсө, анын четтерине «мүйүз оюму» өзүнчө табакча болуп, чети «кыял оюмунан» түшөт. Анын этегине уз «кереге көз» чачыгын берет.

Күлүйпанын саймачылыгында табак-табакчалар бири бирине канаттуулардан («куш оюм», «жагалмай канат оюму», «карга тырмак оюму») таралган элементтер басымдуулук кылат. Анын туш кийиздеринде 6 табакчадан 13 табакчага чейин болот да, ич ара шартташтырууда уз чаташпайт. Чебердин кийиз оюмдарында да бөтөнчөлүктөрү бар. Анын шырдактарында ортолук оюмдун чети «жагалмай канат оюму», чети «куш оюму», төрт табакчадан эки «карга тырмак оюму», эки «мүйүз оюму», кайра «карга тырмак оюму» чыгат. Ал табакчалардын төрт жеринде «куш оюму» пайда болот. Мунун экинчи түрү — бир табакчада төрт «мүйүз оюму» «карга тырмак оюмдун» ортосунда, «мүйүз оюмдун» башы (таластыктардын аныктамасы боюнча) «ачкыч оюму» (кадимки бурамаларды бекитүүчү) болуп чыгат. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Боз үйдүн терме боо-чуу-

лары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Таар, сайма буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1989-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Терме тегиричи үчүн диплом;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Шырдак, сайма, таар буюмдары менен катышкан.



## ИСАКОВ АМАН

Жыгаччы. 1925-ж. Кочкор районундагы Май-Чыбыр айылында төрөлгөн. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, согушта ал уста жана уз катары таанылган. «Кызыл жылдыз» орденинин жана бир нече күжүрмөн медалдардын ээси. Отуз жылдан бери Кыргыз театр ишмерлер коомунун чеберканасында комуз чабат. Комузду эмενден тандайт. Өрүктү иштетүүнүн ички касиеттерин мыкты туят. Оркестрде ойноло турган «альт прима» аттуу комузду да арбын кармаган. «Альт прима» комузуна үндөш-түгөйлөш «альт прима» кылкыягын да жасоодо. Жыгаччы аваздык аспаптын түспөлүн берүүчү, ченөөчү үлгүсүн алуучу, ичин оюучу курал-аспаптарын өзү жасаган. Ал тогуз кумалак да жасайт. Ага кадимки карагайды керектейт. Узанууда улам кургаган сайын кичинеден чаап, улам чаап, кайра токтотуп чаап, жыгач кийин урунууда жарылбагыдай сапатка ээ кылат.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Аваздык аспаптары жана тогуз коргоолдун үлгүсү үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык көргөзмө-сынагы». Аваздык аспабы үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин II даражадагы диплому, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы.

## ИСАКОВ КОЙЧУКЕ

Жыгаччы. 1932-ж. Кемин районундагы Кызыл-Суу айылында төрөлгөн. Бишкектеги айыл чарба техникумун бүткөн. 1980-жылдан казак-кыргызга таанымал ээрчи Казактын нускоосу менен жыгаччылыкка узанат. 1991-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Ал ээр үчүн жергиликтүү талды тандайт. Аны жыл мезгилин тандабай кыят да, бир учурда 15—20дайын дароо сомдоп, жаткан жайында кургаганын четинен чабат. Ал ээрди сомдоого, чабууга илгерки бай тешелерди (атайын Ташкенден алдырып) пайдаланат. Байтеше кетмен менен жер чапкандай болуп жыгачка жабыша түшөт. Андан кийин балтаны, керкини, ал эми ээрдин кашы, алдыңкы жана арткы акталары үчүн бычакты пайдаланат. Уста ээрди тулюк чаап, бодонун териси менен каптайт. Анын ээрин кардарлар токтотпой алат. Ал кырма идиштер: табак, аяк, сузгу, чөйчөк, кашык өндүүлөргө да кызуу узанууда.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1991-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Ээр үлгүлөрү менен катышкан.

## ИСАКОВ ШАЙДЫЛДА

Уста. 1937-ж. Кочкор районундагы Талды-Булак айылында төрөлгөн. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. Бишкектеги Н. Крупская атындагы мектеп-интернатта, Аламүдүн районундагы Кой-Таш орто мектебинде, Кочкор районундагы Ленин атындагы мектепте мугалим болуп иштеген. 1975-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде кыргыз аваздык аспаптарын жасоочу уста. Усталык нусканы Ыйманаалы устадан алган.

Ал комуз, электр комуз, кыл кыяк, чоор, добулбас, сыбызгы жасайт. Чебер өрүк жыгачын сууга кайнатат, андагы кошундулар бөлүнүп чыгып жыгач тазарат. Аны акиташтын суусуна дагы кайнатат. Комуз чабылуучу жыгачтын төрт тарабы (чыгыш, батыш, түндүк, түштүк) болот. Түштүк тарап бөлүгүнүн жарыш сызыктары майда келип, үндү мыкты берет. Шайдылда жиктери түз жарыш кеткен жыгачтарды комузга тандайт. Бул ачык үн берип, комуздун тулкусунун резонансын — термелүүсүн күчөтөт. Комузга көбүнчө Тянь-Шань карагайын пайдаланат. Анткени, анын чайыры аз, резонансы — термелүүсү күчтүү. Алардын көбү кыраңда, таштак жайда өсүп, ал «мары карагай» деп да аталат. Ал урунууга чыдамдуу, черткенде комуз капкагы түлөбөйт. Үндүн чыгышын текшерүүчү атайын аспабы да бар. Комузду бир нече бөлүктөн курап да жасайт. «Мездробный» деген жыгач желимине эски талпакты, мүйүздү, туякты аралаштырып, кайнатып желим жасайт. Комуздун чарасы сантиметр менен өлчөнүп, ал үчкө бөлүнөт. Мунун үчтөн бир бөлүгүнө комуздун тепкегин коёт. Ал эми үчтөн эки бөлүгүндөгү чекитке капкактагы көзөнөгү келет. Тепкектен моюн босогого чейинки аралыкты комуздун жумушчу бөлүгү деп атайт. Ал аваздык нота боюнча алганда 19 береке (ладка) барабар. Ошондо аваздык мыйзамдуулук сакталат. Комуз 1 градуска жакын, 7 *мм* кайкалап турууcу керек. Бул эрежени сактаганда аспаптын жыгачы да жарым-жартылай үнөм болот. Комуздун чарасынын капталдары кийинчерээк ийрейип, формасын жоготпошу үчүн атайын калыпка салат. Белгилүү градуста ысытып, ийилтип кургатат.

Чебер кыл кыяктын узунун үч карыш эки эли кылат. Эки кулак чыгарат. Анын мындай чоң болушунун себеби, аттын туу куйругунан тандалма токсон талын буроо үчүн ал токтомдуу болот. Кыяктын арты томпок, маңдайы айыш — өңкөгөйрөөк келет. Бетин түз кылса үй мөөрөгөндөй үн берип калат. Тепкеги ачакей бутактан жасалып, тайтайыңкы буту аспаптын четин басып турганда гана үн ойдогудай чыгат. Кыл кыяктын бетине төө тери каптайт. Азыр төө тери табуу кыйын болгондуктан, капкагын карагайдан да тандайт. Аспаптын жаасын табылгыдан тандап, 65—70 *см* узундукта жасайт. Жаанын кармай турган жагына булгаары каптап, колдун төрт салаасы ага баткандай учун тешип, буга кылдын учун түйүп коёт. Ат, айгырдын туу куйругунан 120—130 тал кыл керектейт. Тал кылдар бири-бири менен буралбай, чырмалышпай текши тагылат. Кыл кыяктын үнүн чыгаруу үчүн карагай менен чайыр куурайдын чайыры керектелет. Аны сууга кайнатып, датын кетирет да, аспаптын кылына сүртөт. Кыл кыяктын моюн менен чарасыныны ийилүү тереңдиги 2,5 *см* болот. Мында тепкектин, капкактын басуу күчү азаят да, капкактын эркин термелүүсүнө ойдогудай шарт түзүлөт. Жоондугу бирдей 60 тал кыл астында, 82 талды үстүңкү кулакка тагат. Астыңкы кыл жогорку нотаны (жоон үн) берет. Кылдарды шакар, «айна» менен таза жууйт. Төө тери табуу кыйын болгондуктан кыл кыяктын капкагын карагайдан да жасоодо.

Шайдылда үй жыгачын да кармайт. Үй жыгачы үчүн талды калемчесинен өзү өстүрөт. Анын үч жылдыгын 60 баш үйгө, беш жылдыгын 80—100 баш үйлөр үчүн керектейт. Боз үйдүн бардык устачылык иштерин бир колдон чыгарат. Анын боз үй кармоодогу негизги аспаптары: тез (аны эки ача жоон өрүк жыгачынан жасайт), матоо жыгач, түрпү, кобул салгыч, үшкү ж. б. Түндүктү Шайдылда эки-үч бөлүктөн ийип, кынап, кадап бириктирет. Түндүккө, босого таякка, эшикке жыгаччылыкка таандык оюм-чийим түшүрөт. Шайдылданын үндөктөөсү менен уулу Сагындык түрдүү жыгачтардан кооз буюмдарды, элдик музыкалык аспаптарды жасоодо. Сүрөтү жана эмгектери түстүү баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Элдик аваздык аспаптары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин I даражадагы диплому, республикалык кароо-сынактын лауреаты;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Аваздык аспаптары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1985-ж. Кыргыз ССР Маданият министрлигинин «Элдик аваздык аспаптары боюнча республикалык кароо-көргөзмөсү». I даражадагы диплом;

1989-ж. «Элдик чеберлердин республикалык союзунун уюштуруу курултайына карата чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Аваздык аспаптары (комуз, чоор, кыл кыяк, сыбызгы) үчүн I даражадагы диплом.

## ИСМАИЛ УУЛУ ТОКТОСУН

Жыгаччы. 1928-ж. Тоң районундагы Ак-Терек айылында төрөлгөн. Устакерчиликти элүүнчү жылдары баштаган. Атасы уста болуп, барасы оң-тетири айланган кош тегирмен чуркаткан таш чеккич аталган. Токтосун жыгаччылык боюнча «Кыял» көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинде үйдөн узданууучу чебер болуп иштеген. Токтосун (Токон) жыгаччылыкка жергиликтүү сөгөт, турпан талды пайдаланат. Анткени, жапайы тал оролуп өсүп, керегеге бышык келет, өзөгү жок болот. Өзөгү ичкерээк актал турпан талдан өзөгү жоонураак көрүнүп, уукка жарашат, матоодо түзөлөт. Алты канат ак өргөө көтөрүүдө уста түндүктөн 85—87 көз чыгарат. Жердиктери түгөл даярдалса, айына бир боз үйдүн сөөгүн жеке бүтүрөт. Ал болжолдо 150дөй үй жыгачын даярдаган. Ага Кочкор, Жумгал, Нарын, Кара-Кужур, Тоң аймактарынан кардарлар көп. Чебер үй жыгачына узануу боюнча үйрөнчүктөрдү өстүргөн. Аларга Ч. Зеретбеков, М. Тыныкеев, Б. Бейшекеев өңдүүлөр кирет.

## ИСМАИЛОВ САПАР ТОКТОСУН УУЛУ

Жыгаччы. Тоң районундагы Ак-Терек айылында төрөлгөн. Атасы Токтосун устанын таалимин алган. Сапар жыгачтын жердигине жапайы талды, колдо өстүргөн талды пайдаланат. Аны чала кургатып, түзөтүү үчүн кызытуу ыкмасын колдонот. Койдун жаңы кыгына улам текши суу сээп турганда ал болжолдо 8—9 сааттардан соң ысып чыгат. Ага 4—5 талды сойлотот. Жаңы кыктын курамында түрдүү заттар болгондуктан жыгач ойдогудай жашыйт. Андан кийин талдарды ирээти менен бирден тезге коёт. Кереге-ууктук талдардын матоосу жанбашы үчүн өзүнчө жатак колдонот. Чебер Кара-Кужур кыштоосунун Ичке-Төрүндөгү жошо топурагын алып, ага малдын канын аралаштырып аябай эзет. Аны менен уук-кереги боёсо ал колго жукпайт. Жошо жыгачтын ички касиеттерине жараша түрдүү түстү пайда кылат.



## ИСМАИЛОВА САЙРА

Саймачы. 1938-ж. Тоң районундагы Ак-Өлөң айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ысык-Көл шаарындагы филиалын уюштурууга жандуу катышкан. Анын жигит калпагы, балдардын калпагы, туштук боюнча өзүнчө жараткан үлгүлөрү көркөм кеңештерден өтүп көп нускаланган. Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлиги «II сынаптагы чебер-сүрөтчү» деген наам берген.

Уз жердикти өзү жасайт да, көбүнчө эки табакчаны алат. Ар бир табакчанын ичинен төрт «кочкор мүйүз оюмунун» төбөсүнөн шарттуу «карга тырмак оюмун» чыгарат. Ал төрт жүрөкчөнү элестетет. Ал табакчанын төрт жеринен төрт «карга тырмак» оюму чыгырыкташып орун алган оюм элементтерине шайкештелет. Табакчанын ичинен пайда болгон жүрөкчө оюмдары жарыш жээктелет. Бир бүтүмдү түзгөн эки табакчанын алдынан беш жеринен топ чачык (чок, папик) төгүлүп турат. Табакчалардын сыртынан «жагалмай канат оюмунан» кыялданта алкак (жээк оюм) берет. Негизи кара жердикке ачык (сары, ток сары) түстөгү жипти илме сайма (шибеге сайма) аркылуу төп, так берүүсү уздун өтө кылдаттыгын билдирет. Чакан туштуктарынын

этек кулакчындары сөзсүз төкмө чачыланат. Сайрабүбү кийизден жердик жасап, ага көркөм көчөттөрдү ийне сайма менен «илме сайма» ыкмасында «куш оюмунун» алдынан «карга тырмак оюмун», «кочкор мүйүз оюмдарын» берет. Башка саймачылардай шырдак оюмдары менен көркөм көчөттөрдү бири бирине айкаштыруу арасында коозлуктарды жаратпай, жалаң оюмду коозлуктун каражатына пайдаланат. Ал «Жайлоодо» аттуу туштугунан көрүнөт. Жердиги кийизден жасалган бул эмгекте кыргыздын жашоо-тиричилиги элестейт. Анда түстөрдүн касиети менен толукшуп, нөөмөтүнө келип турган кадимки жай ыракаты көз алдыга тартылат. Аны керектелүүчү гана буюм эмес, утилитардуу (жасалга-колдонмо), уникалдуу (чанда жолугуучу) чыгарма катары да кароого болот.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Сайма буюмдары үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1988-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Баш кийими, сайма буюмдары үчүн «Кыял» Бирикмесинин Ардак грамотасы.

## ИСРАИЛОВ ИСЛАМБЕК САДЫК УУЛУ

Зергер. 1966-ж. Кемин районундагы Жон-Булак айылында төрөлгөн. Бишкектеги элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайынын таш чегүүчүлүк бөлүмүн бүтүргөн. 1992-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Устакерчилик таасирди аталары Сыдык жана Садыктан алган.

Исламбек ат жабдыктарын кайып жасайт. Ага жезден, мистен шөкөт чабат. Анын формасын кыз-келиндердин илгерки ат жабдыктарына үндөштүрүп жасайт. Ал жүгөнгө, көмөлдүрүккө, басмайылга, куюшканга тогоо, чагармак, сүзмө (жүзмө), купа, кошунду, солондор жана жардамчы шөкөттөрдү чаап, чапкылоо аркылуу «айчык», «тоок көз» сымал түр түшүрөт. Куюшкандын солондоруна «мүйүз оюмун» чегип, жагалмай канаттантат. Анын кошундусу «купадан» болот. Басмайылга «каз таңдай өрүмүн» жаткызып, акак ордуна кызыл булгаарыдан «тогуз төбөлөө» түрүн түшүрөт. Шөкөттөр үчүн жука, калыңыраак жезди, мисти бирдей пайдаланат. Көмөлдүрүк жүрөкчөсүн



тумарча кылат. Чабылуучу түстүү металлдарды мис ордуна, адатта, темир ак мык аркылуу карматат да, анын арткы бетине бөрк коёт.

Исламбек камчыга «жылан боор» өрүмүн түшкүн кылат. Алакан ордуна «көзчө» берип, сабын табылгыдан тандайт. Ээр да чабат. Анын жердигине талды пайдаланат. Ээрди жумуру чаап, үстүнүн сынбашы үчүн тарамыш «ичирип», ичи-сыртын булгаары менен каптайт. Анын ат жабдыктарынын толук бүтүмү Казакстан менен Кыргызстандын жайма базарларына дайыма сатууга түшүп, колго токтобойт. Желдик, тердик тигүүдө, ак кайышка булгаарыны беттеп кайып кармоодо энеси Нуруйланын кол кабышы бар.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1992-ж. «Кыргызстан Эл чеберлеринин III сатуу көргөзмөсү». Ат жабдыктарынын толук бүтүмү үчүн I даражадагы диплом.

## ИСРАИЛ УУЛУ САДЫК

Ат жабдыктарынын чебери. 1937-ж. Кемин районундагы Жылтыр айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбада чабан, ветсанитар болуп иштеген. Анын устакерчиликке кызыгуусуна агасы Сыдыктын, айылдашы, зергер



Мажит Өмүрзак уулунун таасири зор болгон. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун жана Башкармасынын мүчөсү.

Чебер ат жабдыктарынын бөлүктөрүн кайык ыкмасы менен кармайт. Өрүмдүн жөнөкөй түрүн кайык менен айкалыштырып, буюмдун жүзүн ачат. Шөкөттөрү үчүн сары жезди пайдаланат. Жүгөндүн ооздугун темирден, чагарагын, суулугун колодон жасайт. «Сүзмө», «купаларын» сары жезден чабат. Ал «чорбусу» деп аталат. Сары жезди иштетүүгө ийкемдүү жердик катары баалайт. Жезди иштетүүдө өгөөлөө ыкмасын пайдаланат. Шөкөттөрүнө өздүк чыгармачылыкта түспөл жана кооздук таба билет да, аны кыялданта өзгөртөт. Буюмдун колдонмолук да, жасалгалык да бөтөнчөлүктөрүн айра кармай алат. Шөкөттөрүнүн өзүнө таандык көркөмдүгү — четтериндеги тиш-тиш түр берүүсү. Зергер «сүзмө», «купа», «тогоо» өңдүү негизги кооздуктардан сырткары кошумча формаларында элдик «мүйүз оюму», «карга тырмак оюму», «кыял оюму» өңдүү элементтери көрүнгөн шөкөттөрдү кайыш бетине чабат. Ал эми куюшкандын «солондорлору» жазыраак көрүнөт да, шөкөттүн ичинен шөкөт чыгып, андан «көзөнөк чыгаруу» аркылуу көркөмдүк пайда болот. Жалпы алганда Садыктын ат жабдыктары — «Садыктын шөкөттөрү» шаан-шөкөттөр үчүн токунууга шартташкандай баамдалат. Мында көчмөн доордогу узанылган каркыралуу көч баштаган кыз-келиндердин ат жасалгаларынын мүнөздүү белгилери бар. Бул басмайылынан да көрүнөт. Анын тогоосу үчүн калыңдыгы 2,5 *мм* жез же коло керектелет. Тогоонун туурасы 2 *см.* Анын жарым айлана түспөлүндөгү темиринин четтери жон-жон келип, ич жагынан оюм-чийим түшүрүлөт. Мында темир бетин тешип коюу, ачык коюу, көзөп коюу, чегелеп (мыктап) коюу өңдүү чапкылоо жолдору аркылуу басмайылдын тогоосу көркүнө чыгат. Андай кооздук кайышта да чабылат.

Ээр үчүн күзүндө талды кыйып, 55 *см* узундукта араалап, кабыгын аарчыбай бетине гудро (кара май) сыйпап, көлөкөгө коёт. Эки-үч айдан кийин кургаганда аны чаба баштайт. Уста «чоң ээр», «орто ээр», «кичине ээр» деп көлөмү боюнча үчкө бөлүп узанат. Садык ээрдин ак каңкы фомасын чабууга дилгир. Бул чоң ээр «эр ээри» деп аталат. Ага тердик менен желдикти шайкештентет. Ага жубайы Нуруйла жардам берет. Ал кийизди катуу уютуп, дермантин менен тыштаса кооз жана бышык көрүнөт. Ага оюм-чийим илме шибеге же жөрмөмө аркылуу түшөт. Ээрди туюк чабууда чебер талды пайдаланат. Ал ээрдин кадимки нускасын чабуу үчүн эски ээрлерди иликтеп, алардын үлгүлөрүн так алууга аракеттенет. Ээрди курап да жасайт. Ал «курама ээр» деп аталат. Мындайынан алганда «курап жасоо — усталык, туюк чабуу жөнөкөй эле өнөр». Куранды ээр кармоо — татаал, түйшүктүү. Мунун сыры желимди «ичире» жана жасай билүүдө. Садык тарамышты тарап, желим аркылуу аны курандыларга «ичире» билүүнүн устаты. Садык «анжиян ээр» да жасайт. Сынган ээрлерди кайра калыбына келтирет.

Ат жабдыктарынын бөлүктөрүн ал жылына эки курдай майлап, чабылган шөкөттөрүн кургак кийизди бензинге салып сүртүп турат. Тери буюмдары үчүн балык майды, сорпонун майын колдонот. Жылкынын майы кайышты кыпкызыл кылып, ага наар түшүргөндөй өң берет. Каштын башын булгаары менен каптоодо чоң чеберчилиги бар. Садыктын ат жабдыктарына чабылган шөкөттөрүндө усталык татым, буюмдук жүз жана салттуулук байкалат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык II кароо-сынагы». Ат жабдыктары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Ат жабдыктары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы.



## ИСРАИЛ УУЛУ СЫДЫК

Ат жабдыктарынын чебери. 1924-ж. Кемин районундагы Чоң-Булак айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Кыйла жылдары эсеп-кысап жаатында эмгектенген. Айылдашы Мажит зергерден таасир алган.

Сыдык эркек-аялдардын эски ат жабдыктарынын эски үлгүлөрүнүн негизинде ортодон өзүнчө сыйда түр жараткан. Устанын көмүркөйүндөгү ар кандай аспап-куралдарынын ичинен ойлоп тапкан чүмөк шибегеси кайыш менен булгаарыны беттеп кайып жатканда бошотпой чымыратып тартып турат. Сыдык жезге пластмасса чөгөрөт. Жабдыктын шөкөттөрүнө сары жезди пайдаланат. Акак таш, каухар таш ордуна айнек менен буюм-тайымды «тогуз төбөлөйт». Жалатылган күмүш нускаларга «сыя төгүүнүн» (зоот, зооткер түшүрүү), себеттөөнүн, ыроонун, коргошундун, күмүштүн, жездин үлүшүн биринен бирин кем өлчөп эритип (кайнатып), катырып алып, кайра сууга чылап, чийин шибегеси аркылуу түшкөн көркөм оюмдарга өз калакчасы менен этиет салып, кайра тапка коюп, жугузуунун жолдорун мыкты билет. Устадан иниси Садык нуска алган.

## ИСРАИЛОВА ЕЛИЗА

Чырмакчы жана оймочу. 1963-ж. Тоң районундагы Ак-Терек айылында төрөлгөн. Бишкектеги көркөм окуу жайынын колдонмо өнөрү боюнча бөлүмүн бүткөн. Азыр Караколдо шаардык байланыш бөлүмүндө сүрөтчү. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Энеси Бурмакан Мамбет кызынын («Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узданууучусу) таалим-тарбиясын алган.

Елизанын чеберчилигинде чий чырмакчылык башкы орунда турат. Ал көркөм каражаттарды адам менен айбанаттарды тыгыз стилдештирип адис сүрөтчү катары берүүгө дымагы бар. Уз аны кийиз, кездеме буюмдарында көркөм оюм-кочөттөр менен айкалыштыра алат. Ал белек-бечкекке шартташат да, ар бирине ат коюп композиция түзүүгө аракеттенет. Мисалы, бүркүтчөн карыя кымыз ичип отурат. Боз үйдөгү майрам тынчтык, күнөстүү гүлдөгөн Кыргызстандын элесин тартуу, күүнүн сыры — чоор, комуз сымалдарды ич ара стилдештирип, жандуу образ жаратууга дилгирлиги баамдалат. Сатуу көргөзмөлөрүндө кардар адамдарын табат.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Чий туштуктары үчүн ЭЧЖРКнүн III даражадагы диплому;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Чий туштуктары, ала кийиздери менен катышкан.

## ИТИКЕЕВ ЭСЕНБЕК

Ат жабдыктарынын чебери. 1933-ж. Жумгал районундагы Сары-Булуң айылында төрөлгөн. Бүтпөгөн орто билимдүү. Ат жасалгаларынын шөкөттөрүн кармоосу башкалардан анча айырмаланбайт. Ал эми үзөңгүнүн кооз түрүн чоюндан, жезден, колодон сомдоп, буюмдун өзүнө гана таандык бөтөнчөлүгү жана сыйдалуулугу билинет. Үзөңгү куюда эки бөлүктөн турган жекече калыбын колдонот. Чөйчөккө калайды салып, көмүр менен эритет.

Аны көркөм калыбына куюп, датчалбас болот аркылуу карматып, өгөөлөп жымсалдайт. Өзүнчө түр таап жараткан жез үзөңгүлөрүнө жана «кошунду», «сүзмө» (жүзмө), «купа», «солондор», «тогоо», «чагармак» өңдүү өрүм менен кайыкка бирдей көркөм кынапталып түшүүчү шөкөттөрүнө калк кардар.



## ИШЕНОВА АСИЯ

Саймачы, чырмакчы. 1943-ж. Куланак районундагы (азыркы Нарын) Куланак айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Бишкектеги «Кызыл тикмечи» фабрикасында уздук жолун баштаган. Андан соң Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун алдындагы көркөм фондуга которулуп, чий цехинде чырмакчылыкты өздөштүрөт. 1982-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде саймачылык боюнча узданган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Асиянын өнөрканасында чий жана сайма буюмдарына көркөм көчөт түшүрүү аракеттери тең тизгинде барууда. Анын жараткан чакан үлгүлөрүндө адис прикладник сүрөтчүлөрдүн иштерине зор таасирленгени байкалат. Узда толук ойду түшүндүргөн ырааттуу чечмелөөгө ылайык бир бүтүн чыгарма катары берүү ыкмалары арбын жолугат. Негизи ал чий чырмакчылык боюнча көрүнүктүү сүрөтчү-прикладниктердин тапшырмалары анын уздануусуна ого бетер жол ачты. Ал В. И. Лениниден тартып көп инсандардын портретин чийге түшүрүүгө машыккан. Алардын алкагына чырмакчылыкка таандык көчөттөрдү төп түшүрөт. Уз чий чырмак, сайма буюм үлгүлөрү боюнча атанган ири тапшырмаларды аткарган.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1978-ж. Москва. «Элдик жасалга өнөрүнүн Бүткүл союздук көргөзмөсү». Ала кийизи үчүн Ардак грамота;

1979-ж. Москва. «Элдик колдонмо-жасалга өнөрүнүн Бүткүл союздук көргөзмөсү». Ала кийизи үчүн Ардак грамота;

1988-ж. Багдад. Эл аралык көргөзмө. Сайма кийиз текчеси менен катышкан;

1990-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин «Корея элдик демократиялык республикасындагы көргөзмөсү». Сайма кийиз туштугу менен катышкан;

1990-ж. Орто Азия жана Казакстан союздук республикаларынын «Ташкенттеги колдонмо өнөрү боюнча көргөзмөсү». Сайма текчелеринин өзүнчө бир бүтүмү менен катышкан;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Сайма жана чырмак буюмдары менен катышкан.

## КАДРАЛИЕВ САДЫБАКАС

Оймочу. Кыргыз Республикасынын маданиятка эмгек сиңирген ишмери (1993). 1922-ж. Чүй районундагы Кең-Булуң айылында төрөлгөн. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде көркөм оюм-чийим чыгаруучу уз. Өнөркана ага «Биринчи сынаптагы чебер сүрөтчү» деген наам ыйгарган. Апасы Төлөн кызы Айшанын нускасын алган. Ал да учурунда оозго алынган уз болгон

Оймочу кандай гана буюм-белек болбосун, канча нускада оюм-чийим жасабасын ал көркөмдүктөр бири бирине түк коошпойт. Улам оюм-чийим чыгарган сайын анын чыгармачылык чабыты кеңейип, чеберчиликтен чеберчиликке, көркөмдүктөн көркөмдүккө көтөрүлүүдө. «Садыбакас оюму» кийизчиликтен да, кездемечиликтен да, теричиликтен да, өрмөкчүлүктөн да, чырмакчылыктан да, таш чегүүчүлүктөн да, зергерчиликтен да, мүйүзчүлүктөн да, карапачылыктан да, пластмасса-эмаль буюмдарынан да, жыгаччылыктан да, мүйүз-сөөктү иштетүүдөн да бирдей көрүнөт.

Көркөм оюму жердик тандабайт. Садыбакастын оюм-чийиминде таасын тактык жана оюм төгөрөгүндө төптүк бар. «Садыбакас оюму» автордун жекече кыялы. Натыйжада, ал эски элдик көркөм оюмдардын элементтерин таасын өздөштүрүп, ич ара кыйыштырып, анын негизинде азыркы талап-муктаждыктарга жооп берүүчү оюм-чийимдин каражаттарын жарата билгендиги баркка ээ кылат. Бул көркөм оюмдарды негиз тутуп, утилитардуу (буюм колдонмолук да, жасалгалык да милдетти аткарат), уникалдуу (аз гана жарала турган баалуу, көөнөрбөс чанда уз-усталардын колунан тамган буюм-тайым үлгүлөрү) нускаларды жаратууга ойдогудай жагдай түзөт. Чеберсүрөтчүнүн түзгөн композициялык эмгектери чакан буюм-белектерди кармоочу уздар жана усталар үчүн зор нускага айланды. Анын кооз үлгүлөрү чет өлкөлөргө экспонатталууда. Садыбакастын басмадан чыккан китеп-альбомдору улуттук оюм-чийим аркылуу балдарга эстетикалык тарбия берүү менен балдардын коздукка табити артылып, кол эмгек сабагы үчүн жардамчы окуу куралы да болууда.

Садыбакастын оюм-көчөт жаратууда өзүнчө ыкмасы бар. Мисалы, бир барак кагазды бүктөп, ага «мүйүз оюмдун» бир бөлүгүн (сыңар мүйүзүн чийип) кайчы менен кайчылаганда бүтүн «кош мүйүз оюму» пайда болот. Ал эми ал төрт бөлүк болушу үчүн кагаз дагы бүктөлөт. Мындан төрт табакчадан төгөрөк бурчтуу «табак оюмдары» жаралат. Кагазды дагы бир бүктөгөндө ал сегизге бөлүнөт. Мында табак оюмдардан бутак-бутактанган көркөм оюмдар бөлүнүп чыгат, ал сегиз бутактуу табак оюм болуп көрүнөт. Айтылган ыкмалар менен үч бурч, сегиз бурч, төрт бурч оюмдарды оңой эле жасоого болот. С. Кадралиевдин «жээк оюмдары» элдик кийим-кечектерге: кемсел, чепкен, чапан, бешманттын өңүрүнө, этекжеңинин учуна, жакаларына түшүрүлөт. «Садыбакас оюмдары» жөнөкөйдөн татаалга, татаалдан жөнөкөйгө өтөт. Оюм-чийимдеги жөнөкөй-татаалдыктар ич ара ширелишет. Алар табакчаларга бөлүнүп, көркөм оюм кийиз кармоодо жүзүнө чыгат. Шырдакта «жалпы оюм» үчүн эки өңдөгү (кызыл-көк) кийизди алат. Ал эми «курама оюмду» эки бурчтуу, төрт бурчтуу кылып жайгаштырат. Мындан анын «курама», «туюк» оюмдары келип чыгат. Кийизчиликке жапырт пайдаланыла турган «тегерек оюмдары» да бар. Төрт бөлүмдөн тегерек шырдак пайда болот. Мындай шырдактар илгери боз үйгө чакталган, коломтосу оюк келип, бир бөлүгүн алып коюуга шартташкан. Чебердин коздук жаратуу каражатына негизинен элдик оюмдар жапырт кирет. Анда «мүйүз оюмдары» бардык буюмтайымдарга жалпы катыш жасайт. Анын «кочкор мүйүз оюму», «сыңар мүйүз оюму», «кош мүйүз оюму», «бармак боочу оюму», «карга тырмак оюму» өңдүү негизги көркөм каражаттары бири-бири менен кыналышат, кыйышат, шарттуу айкалышат. Кээде «жагалмай канат оюмунун» алдынан же үстүнөн «кош мүйүз оюму» тарамдала чыгат. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Эмгектери:** Кадралиев С. «Боз үйдүн жасалгасы». «Кыргызстан аялдары» (журнал), 1978-ж., № 9; Кадралиев С. «Балдар үчүн» (альбом), «Мектеп», 1984-ж.; Кадралиев С. «Өзүң боё» (альбом), «Мектеп», 1982-ж.; Кадралиев С. «Узорный сказ Садыбакаса». I—II том, Москва, 1985-ж.; Кадралиев С. «Көркөм оюмдар», «Кыргызстан», 1989-ж.; Кадралиев С. «Оюмдар», «Адабият», 1991-ж.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». «Кыял» элдик кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы, Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Кийиз оюмдары түшкөн буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы.

## КАДРАЛИЕВА ГҮЛБАЙРА

Саймачы жана куракчы. 1928-ж. Ысык-Ата районундагы Кең-Булуң айылында төрөлгөн. Жети жылдык мектепти бүтүп, Бишкекте фабрика, комбинат, ательелерде бычмачы-тикмечи болуп эмгектенген. Узчулукту апасынан үйрөнгөн.

Кол өнөрчүлүктү сайма («таңдай сайма», «жөрмөмө сайма», «басма сайма», «илме сайма», «терс кайык») саюудан баштаган. Анын колунан ак жердикке сайылган (айбанат, канаттууларды көчөт кылган) керебетке тарткыч, кийим жапкыч, сүлгү, терезе пардоо, бетаарчы, туш кийиз, туштук өңдүү буюмдары азыр да көөнөрбөй, уздук үлгү катары сакталууда. Саймачылык менен түймөчүлүктү (тор чачыкчылыкты) эриш-аркак аткарат.

Куракчылыкта агасы Садыбакастын көркөм оюмдары аркылуу чебер аткаруучу катары да таанылган. Гүлбайранын өздүк үлгүлөрүнө курак-өөндөрүн майда алып, алты-сегиз өңдү (кызыл, көк, жашыл, сары, күрөң, мала, ак, кара) ич ара чаташтырбай айкалыштырып, жал-

пысынан коңур түстү пайда кылып, сүрөтчүлөрдүн живопистери сымал маанайды элестете билүү мүнөздүү. Уз көбүнчө чий куракты, каттама куракты арбын кармайт. «Чымын канат көчөтүн», «калдыркан канат көчөтүн» берет. Эки көчөттү бири-биринен айырмалоо-бөлүү үчүн «каркыра канат көчөтүн» «аламыч» катары такай колдонот. Төрт бурчтуу майда бир табакча жаралып, өзүнчө өзөгү бар «үйдү» түзгөн көчөттөрүнө туштук (туш кийиз), текче, күзгү кап, куржун, көпчүк, кайчы кап сыяктуулары кирет. Кооз буюм-тайымдары С. Кадралиевдин автордук музейине түбөлүккө илинген. Эмгеги түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары**

1988-ж. С. Кадралиевдин жекече көргөзмөсү. Курак буюмдарынын түрлөрү, туш кийизи коюлган.

1992-ж. Кыргызстан эл чеберлер Союзунун сатуу көргөзмөсү. Туштугу, көпчүгү, алты каты, күзгү кабы, текчеси, кайчы кабы коюлган.

## КАДЫР КЫЗЫ ЖУМАБҮБҮ

Шырдакчы жана бычмачы-тикмечи. 1924-ж. Ак-Талаа районундагы Саз айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. 1941-жылдан эсепчи, дүкөнчү болгон. Керек-жарак союзунда, МЖСте, турмуш-тиричилик комбинатында эмгектенген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Анын салттуулукту аркалап кармаган кийиз буюмдарында «мүйүз оюму» узчулугунун негизи болот да, жиксиз жалпылай берилген көркөм каражаттарында «араа тиштен» турган «аламыч» ортолук (борбордук) оюму менен жээк (четтик) оюмунун араларын аттын кашкасындай ачып, төрт «мүйүз оюмунун» үстүнөн төрт «карга тырмак оюмун» шарттуу түрдө чыгарып, жашыл-кызыл түстү арбын алып, жашыл шырдакты пайда кылат. Мында жээк (четтик) оюм «жарым кыял оюмдалып», ага уз көк-кызылды өңдөштүрөт. Жумабүбүнүн элдик кийимкечектерди бычып-тигүүдөгү чеберчилиги көбүнчө тебетейден, элечектен, беш белден, белдемчиден, кементайдан баамдалат да, анын айрымдарына шарттуу түрдө сайма көчөттөрүн илме сайма (шибеге сайма) аркылуу түшүрөт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Баш кийимдери менен катышкан.



## КАЗАКОВА БЕЙШЕКАН

Кийиз буюмдарынын (шырдак жана шырдамал) чебери. 1951-ж. Аксы районундагы Крупская айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Тестиер чагынан уз аталган Бейшекан абалы сайма саят, өрмөктүн кара терме, кажары терме, беш кеште — үч көркөм түрүн бирдей согуп, кийин кийиз буюмдарын такай кармоого өтөт. Ал шырдамалында (эндей кийизге ыскытмилте басып көркөм оюм жаратуу менен пайда болгон кийиз буюм) эки табакчадан колтук оюм жаратат. Анда төрт кош «чагармак мүйүздүн» башынан «ачкыч оюму» пайда болот да, ичинен төрт «ачкыч оюму» өзөккө биригет. Мында жээк оюму «жарым чагармак оюму» же «ит куйрук оюму» менен оюм учтары бармак боочуланып кетет. Кара кийизге милтени ак-кызыл жиптен тандайт. Ал эми шырдактарынын жалпы көрүнүшүн сары күрөңдөнтүп берет. Мындай жагдай анын терме шалчаларына да шарттуу көрүнүш. Төрт табакчаны бир буюм бетине сыйдырып, анын ар биринде төрт «кочкор мүйүз оюмунун» башынан төрт «ачкыч оюмун» чыгарат. «Аламычы» ак-кара, сары-кара, араа тиштенген (бычак учуланган) шырдак жээги «жарым кыял оюмунун» же «кош канат оюмунун» элементтери толук сакталат. Негизи шырдамал менен шырдактагы (алар

шырдакты «оймо теке» дешет) көркөм каражаттар бири бирине абдан үндөшкөнү Бейшекандын жекече уздук белгисин билдирет.



## КАЗАБОЛОТОВА ДАМИРА АСЕК КЫЗЫ

Чырмакчы жана саймачы. 1963-ж. Бишкек шаарында төрөлгөн. Орто билимдүү. Кинопрокатта фильмдерди көзөмөлдөөчү, Бишкектеги балдардын эстетикалык борборунда, Сүрөтчүлөр союзунун көркөм фондусунда чебер болуп узданган. Таянеси Батыркандын, энеси Шакендин таасиринде кичине чагынан эле өкмөттүк ири заказдарды аткарууга катышкан. Ага «Кыргызстандын герби», «Казакстандын герби», «Өзбекстандын герби», «Тажикстандын герби», «Молдавия республикасынын герби», Ш. Мамбетаипованын «Төө жетелеген кыз», «Мейман күтүү», «Бий», «Ак кеме» өңдүү чий чырмак эмгектеринин кагаз үлгүлөрү кирет. Дамира чебер аткаруучу катары абалы таанылып, кийин өз алдынча чыгарма түзүүгө бет бурат. Мында анын туштуктарга композиция түзүү ропорт (табакча) берүү аркылуу өзөктүү көрүнгөн ондогон чыгармалары бар. Анын «Конуш», «Төө жүгү», «Жылдыздуу түн», «Түгөлбай Сыдыкбеков» (портрет) өңдүү чий, сайма туштуктарында «жарым бадам», «калемпир көчөт», «карга тырмак», «тумарча», «айчык» өңдүү көчөттөрдү көбүнчө сары, ак, көгүш түстөрдү шурулата алып чыгат, ал иштери чакан белек-бечкекке шарттащат. Ал тоолуктардын көчмөндүү жашоо-турмушун элестетет.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «СССРдин ЭЧЖКнүн көргөзмөсү. Чакан чий чырмак үлгүлөрү үчүн ЭЧЖКнүн күбөлүгү;

1988-ж. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук фестивалына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Сайма туштугу үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу кароо-сынагы». Сайма, чий туштугу үчүн ЭЧЖРКнүн дипломy, медалы.

## КАЙБЫЛДАЕВ АСАН

Жыгаччы, абаз изилдөөчү. 1929-ж. Ак-Суу районундагы Боз-Учук айылында төрөлгөн. Жогорку билимдүү филолог. Устачылык шыкты аталаш агасы Абдылда Дөнөнбай уулунан алган. Ал чоң комузчу жана комуз уста болгон. Өз атасы да комуз черткен.

Асандын чапкан комузу башкалардан айырмаланат. Жердигин жергиликтүү өрүктөн тандайт. Аны кыш айларында кыркат (себеби, декабрь, январь айында жыгач «уйкусурап» турган чагы, февралдан тамыры ойгоно баштайт). Ак-Суудагы Түргөн суусунун жээгиндеги «кайың боз карагайдан» комузга капкак жасайт. Жыгач тарамы күдүрөйүп көрүнүп, ал комуз капкагы үчүн табылгыз материал. Асан устаты Абдылданын айтуусу боюнча комуз капкагынын ичине ага тийбегидей кылып гитаранын үч кылын тагат. Комузду капкактап, кылын тагып черткенде ал жагымдуу жардамчы үн чыгарат. Бул ыкманы башка эч ким колдоно элек. Ал комуздун тулкусуна коодоо, куранды жолотпойт. Анткени комуздун добушун качырат. Комуз чабууда уста жыгачты кыйып, каны-сөлү кача электе дароо чабат. Улам муздак сууга салып турат. Ал жарака кетирбей, жумшартат. Комуз бетин түптүз кылат (бети аз эле дөмпөк же кайкалак болсо добуш бузулат). Мындан сырткары устанын байкоосу боюнча комуздун чарасы менен моюнунун узундугу тепетең болушу керек. Эгер моюну узун болсо манжалар кылды басууга жетпей, басуу аралыгы алыстайт. Чарадан кыска келсе манжалар бүрүшүп калат. Комуздун моюну жоон





болсо беш манжа бүт ойной албайт. Бармак жетпейт. Моюн өтө ичке болсо, манжалар ийилип калат. Асан күү чертүүдө баш бармакты иштете билет. Ал Ыбырай Туман уулунун ичегиден кыл жасоо ыкмасын өздөштүргөн. Атактуу комузчу беш манжасын түгөл иштете билген. Калган комузчулар кылды басууда көбүнчө үч манжасын гана кыймылдатат. Асан комуз чабууда көл кылаасындагы комузду өтө чебер жасаган Жансерке, Кузьма, Чалагыз сыяктуулардын ыкмаларын өздөштүргөн. Ал усталар учурунда Карамолдо, Ыбырайларга комуз чаап берип турушкан. Алардын аспап-куралдары балта, чот-керки, үшкү, балка, маки гана болгон.

Асан сүрөтчү-флорист дагы. Ал жыгач дарактарынын бутактарынан, тамырларынан, дүмүрлөрүнөн оңтоюна жараша сөлөкөттөрдү кылдат жасайт.

## КАЙЫПОВА ЖУМАБҮБҮ БАЯЛЫ КЫЗЫ

Саймачы уз, бешинчи сынаптагы саймачы. 1949-ж. Ат-Башы районундагы Пограничник (азыркы Казыбек) айылында төрөлгөн. Кыргыз кыз-келиндер институтун бүтүргөн. Ага ак өргөө көтөргөн апасы Ажыбек кызы Алтынбүбү, аталаш эжеси Асыл насаатчылык кылган. Тестиер чагынан узчулугу башталып, абалы түймө түйүүнү, тор чачык чалууну, бычмачылыкты үйрөнөт. Кийинчерээк саймачы, чачыкчы катары таанылат. Ал 1982-жылдан Мураскер элдик көркөм кол өнөрчүлүк окуу жайында мугалим-чебер, 1991-жылдан Кыргыз мамлекеттик педуниверситетинин маданият факультетинин узчулук бөлүмүндө окутуучу-чебер болуп иштейт. Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзунун президиуму ага «Элдик чебер» деген наам берген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Жумабүбүнүн чеберчилигине өз колунан жаралган кийиз, тери (жаргак), таар өңдүү табигый жердиктер кирет. Көбүнчө чакан туштук (панно) өңдүү үлгүлөрдү кармайт. Жараткан көркөм көчөттөрүнө өзүнчө композиция түзөт. Мында анын салттуу буюм-тайымдардын негизинде жекече чыгармачылык изденүүсү баамдалат. Элдик нукту профессионалдык прикладниктердин жолдору менен айкалыштыра кармайт. Ар бир чакан буюм үлгүсү белекбечек үчүн ойдогудай шартташып, аларга түшкөн коозduктар түсү, жердиги жагынан бири-бири менен ич ара айкалышат. Ар бир туштугуна ат коюп узданат. Мисалы, үч табакчанын ар биринде төрт «карга тырмак көчөтү» эки «бүркүт канат көчөтү» менен ичи-сыртынан

бирдей алынып, жээк мүйүз оюмдары көркөм көчөткө айланат да, топ чачыланып кетүүлөрүндө уздук татым бар. «Көөкөр» аттуу туштугунда «бүркүт канат оюмун» «мүйүз оюмдары» аркылуу тутумдаштырса, «Ала Тоо» дегенинде жээгине «куш тырмак көчөтүн» кыялдаңга берип, чок ортодон орун алган боз үй табакчасына төрт «бүркүт канат көчөтүн» келтирип, алдынан «карга тырмак көчөтүн» түшүрүп, жалпы алганда жээк көчөттөрү негизи «кыял оюмдарынан» жаралган кооздуктарга үндөшүп кетет. Уз түстөрдү живопистик маанайда алганда көгүш күрөң, кызгылт кочкул өңдөрдүн өз ордун таба билүүдө ойлоп табуучулук касиеткеээгедер. Ар бир буюм-тайымы төкмө чачыланат, топ чачыланат, тор чачыланат. Уздун Бостериева Орозокан, Иманбекова Замира, Сулайманова Толкун, Чалбаева Батина сыяктуу ишенимдүү үйрөнчүктөрү бар.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Сайма туштуктары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Сайма белек-бечкектери үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1986-ж. «Жасалга-колдонмо өнөрүнүн республикалык жана Бүткүл союздук көргөзмөсү». Териге, таарга түшүргөн көркөм буюмдары үчүн Ардак грамота;

1989-ж. «Элдик чеберлердин Бүткүл союздук жана эл аралык Москвадагы, Италиядагы, Индиядагы көргөзмөсү. Буюмдары экспонатталган.

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Көркөм сайма буюмдары менен катышкан.

## КАКИШЕВА БУРУЛЧА

Саймачы. 1922-ж. Кемин районундагы Жол-Булак айылында төрөлгөн. 6-классты бүткөн. 1939-ж. Москвадагы Бүткүл союздук олимпиадага катышкан. Китепканачы, Кыргызстан мамлекеттик опера жана балет театрынын ырчысы, Чүй колхоз-совхоз театрынын артисти, 1940-жылдан Токтогул Сатылганов атындагы мамлекеттик филармониянын ырчысы болуп иштеген.

Узчулуктун учугун абалы энеси Калыйдан үйрөнгөн. Бурулчаны энеси сайма саюуга жүк маанекетe баштаганда анын ырчылык шыгы тутанып, элдик атактуу таланттар Калык, Осмонкул, Алымкул, Шаршен, Адамкалый Байбатыров, Бектемир Эгинчиевдердин тобуна кошулат. Айыл аралап, оюн коюуга чыгат. Талаа-түстө жүргөндө анын узчулук шыгын байкаган артисттер эркелетип, сайма саюуга үндөктөйт. Осмонкул жердик, жип-шуу таап берет, Калык атайын устага барып кергич жасатат, Байбатыр эки шибегени бир жасатат. Ошол учурларда бош боло калганда эле сайма саюуга отуруп, баш-аягы 62 туш кийиз сайып белектейт.

Бурулчанын сайма жердиктери момосуйдан, трайкеден, баркуттан турат. Буюмду илме сайма аркылуу жүзөгө ашырат. Жалбырактардын сабактарын кыялдата ичке жана суйдан алып, ар бир табакчанын (үйдүн) ортолорунан бардекчеленген көчөттөрдү чыгарып, алты табакчадан бир буюмду жаратат. Мында «карга тырмак көчөтү» «куш канат көчөтү» «кыял көчөтүнө» чабалекейдей катыш жасайт. Өсүмдүктөрдүн жалбырактары, бутактары жана гүлдөрдүн таажылары көркөм көчөттүн элементтери болуп эсептелет. Борбордук көчөт менен жээк көчөттөрүнүн ортосуна жүргүзүлүүчү «суу» ак жип менен сайылып, «ит куйрук» оюмдан туруп, ортосунан сарыдан тегеректе (көзчө) берилет. Уз кызыл, көк, сары, мала, ак өңдөрдү ич ара жагызып, көк менен сары жипти алдыга алып чыгат.

## КАКЫБАЕВА РАБИЯ

Оймочу жана чырмакчы. 1915-ж. Жумгал районундагы Кызарт айылында төрөлгөн. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда колхоздо эмгектенген.

Рабиянын боз үйү Бишкектеги ат майданында, Ленин атындагы спорт сарайында, Кыргыз республикасынын 50 жылдык салтанатында тигилген. «Бекбекей» телеконкурсуна тартылган. Боз үйүнүн түрдүү үлгүлөрү бар. Жабык башынын ортосуна уз көбүнчө шырдакка таандык «табак оюмунун» жана «түр оюмунун» бирин ирээти менен салып, аны шырыйт. Боз үйдүн аянтына карата тегерете бычылган буюм эки же төрт бөлүктөн турат. Кош жабык башта кызыл-көк айкалышат. Ошол эки түс үйдүн ички көрүнүшүн өзүнө оодарып турат. Уздун тегиричинин чачыктары, боо-чуулары канат чийи, чыгдан чийи менен үндөшөт. Мында жалпы өң-түс пайда болот. Буюмдарына «табак оюмун», «кош кыял оюмун» маңдай-



тескейлетип берет. Көк-кызыл, кара-кызыл түстөгү оюмдар ортолук оюм менен четтик оюму үчүн бирдей карым-катыш жасай алат. Мунун «ак этегине» (жээк оюм) уз көк-кызылды, жашыл-караны кадимкидей жупташтырган. Канат чийи менен чыгдан чийине «ашкана көчөтү» менен «килем көчөтүн», «кыял көчөтүн», «омуртка көчөтүн» алат. «Аламончогун» аксары түс аркылуу берет. Чебер өзүнчө узчулук мектебин уюштуруп, өнөрканасында келиндери: Анар, Майрамкүл, Чилде анын узчулук нускасын алышат. Кыз-келиндери өрмөк үстүндө терменин «кыял оюмун», «карагай бутак көчөтүн», «илбирс тырмак оюмун» түшүрүшөт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1974-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын көргөзмөсү». Боз үй тигип келгендиги үчүн Ардак грамота;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн райондук, областтык көргөзмөсү». Боз үйдүн жасалгасы үчүн Обкомдун жана Облаткомдун «Алтын колдуу чебер» деген дипломдору; «Канат чий», «Чыгдан чийи» үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы.

## КАЛКАБАЙ КЫЗЫ ТОЛГОНАЙ
(1882—1986)

Чебер жана нускоочу. Жети-Өгүз районунун Шалба айылында төрөлгөн. Бугу элинен чыккан Тилекмат баатырдын кыздарынан. 104 жашында Тоң районунун Оттук айылында дүйнөдөн кайткан. 19-кылымдын 2-жарымындагы кыргыз элинин салттуу жашоо-тиричиликтерин, шаан шөкөттөрүн даана көрүп, алардын чордонунда жашаган уз кыз-келиндерге таандык көркөм кол өнөрчүлүктүн түрлөрүн түгөлү менен кармаган. Өз чөлкөмүндө ички-сырткы жасалгалоонун сыйкырдуу коздуктарын нускалаган. Анын алтымыш жылы мурун көтөргөн боз үйү атактуу чебердин кийинки кыз-кыркындарына, келин-кезектерине калтырган асемдүү мурасы. Сайган туш кийизи, чырмаган чыгданы небере келини Зарылкан Дүйшакун кызында азыр да көөнөрбөй сакталууда. Анын туш кийизи уюткулуу кыргыз элинин көчмөн турмушун чагылдырат. Мында мал чарбачылыгына байланыштуу көркөм көчөттөр жаратылыштын ажайып көрүнүштөрүнө шайкештенет. «Мүйүз оюму», «ит куйрук оюму», «карга тырмак оюму», «бармак боочу оюму» өсүмдүктөрдүн сабактары, жалбырактары, бутактары менен символикалык катыш жасаган. Чыгдан чийинде Толгонайдын ой толгоолору берилет. Үч табакчадан ашкана көчөтү көрүнөт. «Омуртка оюму» чок ортодон орун алып, «жарым кыял оюмунда» элдик сырдана «мүйүз оюмунун», «куш оюмунун», «жагалмай канат оюмунун» элементтери тарам-тарам болуп түшөт. Андан Зарылкан шык алат. Ал «Кыял» өнөрканасынын үйдөн уздануучу чебери. Бул уз чий буюмдарына (чыгдан чий, канат чий, эшик чий) сырдана көчөттөрдүн «ала мончок» ак этектеринен Толгонайдын «кыял чабыттарын» берүүдө. Толгонайдын кызы Төлөбүбү уз (Тоң району, Коңур-Өлөң айылы), небереси Аймончок (Кочкор району, Кочкор айылы), чөбөрөлөрү Салкын, Кымбаткүл да анын көркөм дүйнөсүн улантышууда.

## КАЛКАНОВА АСЕЛ

Саймачы, чырмакчы. 1973-ж. Ак-Суу районундагы Боз-Учук айылында төрөлгөн. Бишкектеги элдик көркөм кол өнөрчүлүк окуу жайын бүтүргөн. Ошол окуу жайында чебер-мугалим болуп узданат. Уздук таасирди Жапарова Макенден алган. Анын көркөм оюм-көчөттөрү





менен белек-бечкектик үлгүлөрдү жасоого машыккан.

Асел «илме сайманы» (шибеге сайма) учуктуу ичке ийне аркылуу жүзөгө ашырат. «Илме дос саймасы», «чыраш саймасы», «басма саймасы» менен бүткөрүлгөн көркөм буюмдары бар. Анын андай үлгүлөрү сатууга дүкөндөргө чыгарылат, белек-бечкекке жөнөтүлөт. Аселдин чыгармачылыгы чакан туштуктарды, изденүү менен пайда болгон композициялык чыгармаларды түзүүгө шартташкан. Ал «Манас-1000ге» карата чырмак буюмдарынын серияларын жараткан.

## КАЛЫК УУЛУ ЭШЕНКУЛ

Зергер. 1906-ж. Ноокат районундагы Кара-Най айылында төрөлгөн. Он төрт жашынан зергерчиликти кармайт. Жолдош, Жапар, Айтмат аттуу усталардан үлгү алган.

Зергер сары талдын жана кара талдын көмүрүн пайдаланат. Жез билерикти тазалоо үчүн адегенде сууну кайнатып, ага туз менен ачык ташты салат. Анан муну тазалай турган көк жашыл бөтөлкөдөн майдалап алат. Аны «заркун» деп атайт. Билерикти ошол майда заркун менен сүртөт. Ошондо жез билерик жүзүнө чыгат. Уста күмүш кармоодо да мына ушундай өзүнүн жекече ыкмаларын колдонот. Ал муну менен катар зергерчиликтин жалпы элге маалым түрлөрүн да кармай билет. Зергер буюмду шөкөттөөгө, сынпостоого көбүнчө жезди (сары жез, кызыл жез жана коло) жана калайды такай пайдаланат.

## КАНТАШ УУЛУ КАПАР
(1898—1985)

Зергер. Кочкор районунун Кара-Күңгөй айылында төрөлгөн. Аталаш Санташ, Балташ усталардын нускасын алган. Чоң атасы Оттукташтан берки устачылыктын улуу жолун ыйык тутуп, мурас катары уланткан. Ага Балташ жана Шамшидин устанын таасири бөтөнчө тийген. Тянь-Шандын № 53 жылкы заводунда устакана уюштуруп, анда кырк жыл узанган. «Капардын макиси», «Капардын үзөңгүсү», «Капар кадаган идиш» өңдүү сөздөр кеңири тараган. Капар курч темирден бүргү жасап, ак бараңга алты сай чыгарган уста. Ат жабдыктарынын бардык түрүнө узанган. Ага күмүш, жез, мис, калайды пайдаланган. Зергерчиликте узануунун эң кылдат ыкмасы — буюмду «сиркелетүү» менен көркөмдөөнүн чеберчилигин мыкты билген. Сиркелетүү, таруулатуу, чыбырчыктатуу, жүгөрүлөтүү, коноктотуу — элдик зергерчиликтеги эң эски ыкма-

лардын бири. Жыгач көмүрдүн бетин кестик менен этиет жонуп, тегиз жалпактап, үшкүлүү шибегеси менен (учу тоголок) көмүрдүн бетин сыйда оюп, аны кыдырата койгон. Күмүш зымды үшкүгө ченеп кесип, аны көмүрдүн ошол чуңкурчаларына чымчуур менен салып, көмүрдүн үстүнө ошондой жалпак көмүрдү каптактаган. Ошол тапта эриген күмүштүн өңү жашыл түскө өзгөргөн чакта үстүндөгү көмүрдү шилеп жалпак темирдин үстүнө төккөндө топтоголок «кызыл таруулар» мөлт-мөлт этө түшкөн. Күмүштөн «сирке», «таруу» пайда болгон. Уста данакерди чөйчөккө чылаган. Куткундап чыгарган билериктин оюмуна ошол майда күмүштү данакерге малып, тизип чыгып, аны көмүрдүн табына койгон. Күмүш күйүп кетпегидей тутанган чокту жез түтүкчөсү менен үйлөгөн. Күмүшкө аралашкан данакер жалтырап эрип, ал чыбырчыктаган «таруудай күмүштү» чап кармаган. Кыз-келиндердин зер буюмдарына (билерик, сөйкө, шакек, желбирөөч, оймок, топчу) узанган. Зергер буюмду «тогуз төбөлөгөн». Күмүшкө акак, айнек, асыл таш чөгөргөн. Акакты, айнекти, зумуратты, инжини буюмга чөгөрүүдө эки ыкманы пайдаланган. Биринчиси, күмүш билериктин үстүн оюп, кызыл жалын болуп эриген айнекти ага куюну колдонгон. Күмүштөн ага «жатак» кылып алып, күмүш менен данакерди аралаштырат да, билерик үстүнө коюп, каухар, жакут, акак таштардан шуру жасап, сөйкө, билерик, чач учтук, чолпу, күбөк, желбирөөч, шакек өңдүүлөрдүн беттерин жалтылдатып кооздогон. Беков Көчөрбай, Сыдыкбеков Шайып, Эсенбаев Торсон, Абдыбеков Сыдык өңдүү усталар Капардын шекиттери.

## КАНЫМЕТОВ БЕШКҮРӨҢ

Жыгаччы. 1931-ж. Ак-Талаа районундагы Кара-Булуң айылында төрөлгөн. Азыр Баетов айылында турат. Саякаалы устадан таасирленген. Ачкычты бир көрүп жасаган. Кош-Дөбөлүк Нурбай уста мылтык согуп, кош жаак капкан жасап, кара темирди сугарганы Бешкүрөңдү таң калтырган. Анын көөрүгүн басып, күжүсүн күйгүзгөн. Бешкүрөң кийин үй жыгачын (уук, кереге, түндүк, босого-таяк) кармаган. Ал ээрчи катары да элге таанылган. Ак каңкы ээрдин 15—20дайын бир убакта чапкан. Мурунку чапкандары кургаганча чабылуучу ээрлер менен иштегендиктен, уста айына 20—25 ээрди бир колдон чыгарып турган. Ээрге теректи пайдаланган. Аны августта кыйып, аарчып, жайында бир ай сулк жаткырган. Сомдолгон ээрлерди көлөкөдө кургатып, жарыла баштаса же катууланып баратса солидол сыйпаган. Чоң уйдун терисин 14—15





ээрге каптоочу тыш бычкан. 11 ээрге сегиз килочо мык керектеген. Нанбаш ээрин алты бөлүккө бөлүп кармаган. Анын айырмач ээри 18 бөлүктөн турат. Кушбаш ээрди туюк чабат. Ээрди жалпы чабууда, кашын чыгарууда керкини гана этият колдонгон. Бешкүрөң өтүк да ултарат. Аны чоң атасы Сарымырзадан үйрөнгөн.

Боз үй жыгачын ноябрь, декабрь айларында кыйып, аны Кара-Сууга 15 күнчө салат. Керегенин жыгачын кыяры менен кабыгын аарчып, бекем таңып (үч жеринен курчап), кургак жерге жөлөп коёт. Бешкүрөңдүн керегелери 12 көктүү келет. Жыгаччы кайың түндүк кармайт. Аны кыйып келээри менен кабыгын аарчыйт. Анын ар бири жеңден ичке 1,5 метр жыгачтан турат. Ал жара бөлүнөт. Үч бурчтуу жыгачка аны жатак алдырганда ал жаа болуп калат. Түндүктүн көзүн чыгаруу үчүн уста төрт кырдуу шишин күжүгө коюп ысытат.

## КАНЫМЕТ УУЛУ ААЛЫ

Жыгаччы. 1909-ж. Ак-Талаа районундагы Кара-Таш конушунда (Жалын-Арык) төрөлгөн. Мугалимдик курсту бүтүп, кызыл педагог аталып, мектеп уюштурууга, элдин сабатсыздыгын жоюга жандуу салымын кошот. Кийин бириккен чарбанын активдеринен болот.

Тайган агытуучулук менен жыгаччылыкты кош тизгинде кармаган анын кол өнөрү үй жыгачын (уук-кереге) жасоодон башталган. Уста Нарын дарыясынын жээгиндеги таштакка өскөн бутактуу талды буюмдун жердигине алат. Аны матоонун ички сырларын таасын өздөштүргөн. Жыгачты октябрь, ноябрь айларында кыйып алып, тап менен кургатып, «көккө коюу» (кыкты кызытуу) ыкмасы аркылуу жашытып (жибитип), теске коюп октой түз кылган. Бутактуу, ийрилиги чыканактай талды сындырбай матай билген. Керегени көктөөдө төөнүн, өгүздүн жон терисин пайдаланган.

## КАПСАЛАҢ КЕЛИНИ ИЗААТ

(Туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Оймочу, өрмөкчү жана чачыкчы. Нарын районундагы Жан-Булак айылында төрөлгөн. Чоң-Кара-Кужурду жердеп, Лахол айылында дүйнөдөн өткөн. Ал айылда кийинкилер үчүн узчулукту үйрөтүүнүн мектебин түзгөн. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин көркөм кол өнөрчүлүктү жандандырып кармоо нускасы Кара-Кужур кыштоосунда Изаат байбичеден башталат. Ал бул чөлкөмгө анча тааныш эмес, Ат-Башылыктарга гана мүнөздүү болгон «Салбай оюмду» таратып үйрөтөт. Өрмөк үстүндө терменин ондон ашуун түрүн жатка көкүрөккө түйүп жүргөн уз боз үйдүн боо-чуулары жана кылдырооч, тегирич өңдүү жасалга таар буюмдарына «омуртка», «чымын канат», «кыял», «жарым кыял», «бото моюн», «ийрек», «жарым ийрек», «тумарча» өңдүү көркөм көчөттөрдү түшүрө турган өрмөктү куруп, аны күзүктөп, кыз-келиндерди тегерегине топтоп, өзү көрсөтүп, аларды «термечи» кылып чыгарган. Анын өрөөндө биринчи жасалгалап көтөргөн боз үйүндөгү кийиз, таар, сайма, чий буюмдары кийинки уз болуучулар үчүн нуска. Изааттын чеберчилик мектебинен чыккандар — келиндери: Сыдыкова Калыйча, Акматова Калыйча, кызы Сыдыкова Марипа, айылдаштары: Качаганова Зыйнат, Көйкөлова Калыйча, Абдыгазиева Апал, Акунова Сатыгүл, Жаныгулова Кенжеке сыяктуулар термечи жана шырдакчылар. Изааттан айылдаштары ич курду, кол башында чалууну, тор чачыктарды түйүүнү, чий чырмакта «омуртка көчөтүн», «мүйүз оюмун» берүү ыкмаларын үйрөнүшкөн.

## КАРАБАЕВ ТААЛАЙБЕК КӨЧКӨНБАЙ УУЛУ

Зергер жана жыгаччы. 1963-ж. Ак-Талаа районундагы Кош-Дөбө айылында төрөлгөн. Бишкектеги көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайынын зер нускаларды жасоонун ыкмалары боюнча бөлүмүн бүтүргөн. 1991-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Ал көбүнчө түстүү металлдардан жасалга буюмдарын кармоодо чапкылоо (чегүү) ыкмасын пайдаланат. Ага стилдештирип элдик оюм түшүрөт. Өзүнө гана таандык чапкылары бар. Күмүш буюмдары: сөйкө, билерик, шакек, төөнөгүч өңдүүлөрдү бензинди күйгүзүү аркылуу азот кислотасын күкүрт кошунду ак хлордун аралашмасы менен 1603°та кармап, бурага аралашмаларын чайкап алат. Уста жыгач үлгүлөрүнүн ичинен бешикти арбын кармап, сатууга чыгарат. Сентябрь — октябрь айларында жердигин тилип, мешке кургатып, сүрөт. Үч бөлүктөн (эки башы, тулкусу) турган буюмду ун желими (бат) менен бириктирип, кызгылт боёк менен сүрткөндө жыгач эң эски үлгүлөрдүн элесин жагымдуу тартуулайт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Зер



нускалары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Жыгач үлгүлөрү үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1991-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Бешиги жана зер жасалгалары экспонатталган.

## КАРАКОЙЧУ УУЛУ ТОРУТАЙ

Жыгаччы. 1909-ж. Токтогул (Кетмен-Төбө) районундагы Толук айылында төрөлгөн. Колхоз кыймылына жандуу катышкан, артелдин дүкөнүн уюштуруп, кара уста болуп узанган.

Торутай темирчилик менен жыгаччылыкты бир тизгинде алып келген. Кийин ал жалаң жыгач буюмдарын жасоого басым жасаган. Буга узануунун ички касиеттерин уста он беш жашынан тартып туя баштаган. Кырма идиштерин түгөл кармап, чебердик жүзү ачылган. Кесе (аяк), сузгу (чөмүч), кашык, табак, чөйчөк өңдүүлөрдү колдон чыгарган. Жердик катары кайыңды көп кармаган. Кайыңды кыркып, сөмдөп, өз дүкөнүнө койгон. Бул аймактагы Торутайдай чеберлер кырма идиштерин жалынга тосуп алышат. Жыгач идиштерди колдон чыгарып бүтөөрү менен дароо уруна баштоо керек. Анткени, суюктук куюлганда өзүнөн өзү бекемделип, урунууга мыкты болот. Идиш күнгө калса гана какжырап кетүүсү мүмкүн. Жыгач идиштери үчүн кара жыгач табылгыс жердик. Дарыя жээктерине өскөн кара жыгачтарды иштетүү оңой болгондуктан уста көбүнчө ошону кармаган. Чебер кол менен айланта турган кырма чыгырык жасап алган. Мунун туткасы болот. Буюм жасалуучу азуу жыгачка кагылып, чебер өзү кыргычты кармап, бирөө кол менен бара сыяктуу айлантып берет. Эмгеги баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн көркөм буюмдарынын республикалык I кароо-сынагы». Кырма идиштери үчүн Обкомдун жана Облаткомдун дипломy.

## КАРАЧОВА БАТЫЙ БАЙГАБЫЛ КЫЗЫ
(1912—1987)

Уз. Кант районундагы Жер-Казаар айылында төрөлгөн. Айыл чарба артелинде эмгектенген. Батыйда уздуктун көп кырдуу учугу болгон. Оймочу да, бычмачы да, саймачы да аталган. Туш кийиз, аяк кап, күзгү кап, текче (секичек), кайчы кап өңдүүлөрдү такай кармаган. Анын түймөчүлүк өнөрү саймачылыгын ээрчиген. Анткени, саймага тор чачыктар ого бетер кооздук ыйгарган. Ал түймөчүлүктү өзүнчө көркөм үлгү катары эмес, кооз буюмдарга аралаш кармоо менен гана маанисин арттырган.

Батыйдын көркөм көчөттөрү эки-үч элементтен айкалышат да, ич ара курулушунан турган бул түр менен сөлөкөттү ирээттүү түрдө жердикке чаташтырбай алмаштыра бере алат. Ушундан улам көчөт алмак-салмак окшоштурулбай орун алмаштырылат. Мындан бир бүтүм ой чыгарып, анын ички туюнтмаларын сармерденден чечмелейт. Туш кийизинде анын уздугун айкындоочу көркөм көчөттөрдүн өзүнчө чыйыры дароо сезилет. Ал туш кийиздин ортосун четинин өңүнө карата тандайт. Чети кандай жердиктен болсо, ошол эле жердиктен анын дал ортосуна (кээде эки бурчуна) тумарча (ортолук) коёт. Эгер туш кийиздин жердиги



кара баркут болсо, мунун эң четине кызылдан бир кат жол түшүргөн. «Бычак учу оюмун» көчөт кылып, сары менен сайып, аны да кара жердиктен кызыл жип аркылуу айырмалаган. Туш кийиздин четтик көчөтүнө «жарым бадам», «жарым кыял», «бармак боочу» өңдүү оюм элементтерин бутактантып, тарам-тарам кылып, аларды кызыл, сары, көк аркылуу анча коюлантпай, бир сыйра ирээттүү көчүргөн. Буюмдун четки саймасы менен ортолук саймасын айырмалай турган эндүүрөөк «ала мончок», өзүнчө «жээк» түшүрөт да, анда кызыл, сары өңдөрдү «тап бердире» гана саят (саймачылыкта «тап бердирүү» көчөттү коюу эмес сейректете саюу). Күзгү каптын көркөм көчөттөрү туш кийизден айырмаланып, капкагы, этеги тор жана топ чачыланат. Кылыч байлоо менен да коздолот. Ага түшкөн ар кандай көчөттөрүнүн чекесин уз ак сары жип аркылуу «ала мончоктойт». Негизинен көркөм көчөттөр кызыл жип менен сайылып, дагы даана ачыш үчүн анын четинен сары, ак өң курчайт. Көчөттүн эки булуңундагы кызылдын ичи эки курдай сары, ак менен алмак-салмак айландырылат. Уздун түшүргөн «кыял көчөтүнүн» ортосунда да «суу» жүгүртүп, өңдү ача билүүсү көрүнөт. Күзгү кабы менен текчеси бир бүтүмдү түзөт.

Батый тогуз-он жашынан узданууга отурган. Энеси Айша кызын нускалап, кийимкечектерди бычып-тигүүгө шыктандырган. Батый ботонун уяң жүнүн кылдай ичке ийрип, чыйрак чыйратып, түрдүү түзгө боёп, таарга да, териге да, кийизге да, кездемеге да элдик көчөттөрдү көчүрүү аракетин мыкты өздөштүргөн.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Жасалга өнөр чеберлеринин республикалык кароо-сынагы». Күзгү кап, текче сайма буюмдары үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин III даражадагы дипломy;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Шырдак жана туш кийизи үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Шырдагы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы.

## КАРИЕВА УМСУН

Саймачы жана куракчы. 1938-ж. Ноокат районундагы Найман айылында төрөлгөн. Кыйла жылдары малчылыкта иштеген. Азыр Темир-Корук айылында жашайт. Ал саймачылыгында көбүнчө балыш, жаздык, туштук өңдүүлөргө назар таштайт. Анда «илме дос», «илме сайма» басымдуулук кылат. Тагыраак айтканда бир табакчанын ортосунан өзөк чыгарып, аны «суу» же «секиртме сайма» аркылуу бөлүп, табакчанын төрт бурчунан «кайкалак көчөтүн» (мүйүз оюму), «жарым бадам көчөтүн» же «калемпир көчөтүн» берет. Ошондо төрт табакча буюмдун ортолук көчөтүн түзөт да, алардын жарым табакчалары колтук көчөт болот. Умсун «суу» жүргүзүүнүн ордуна көбүнчө «секиртме сайма» менен негизги көчөттөрдүн араларын бөлөт. Уздун курактары сайма буюмдарына эриш-аркак түшөт же өзүнчө буюм-үлгү катары каралат. Анын «кымжат курагы» баткендиктердин «кунаба курагына» үндөшөт. «Кара көз курагы» (торпок кирпик, музоо кирпик) өңдүү курактары майда түшөт. Сайма менен сайылгандай баамдалат. «Каттама курак», «турна курак» өңдүүлөрүн балыш, жаздыктарга арбын пайдаланат. Эмгеги баттамада.

## КАРЫМБАЕВА ГҮЛАЙ

Саймачы. 1942-ж. Кочкор районундагы Кочкор айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чолпон совхозунда эмгектенген. Узчулукту кыз кезинен баштаган. 1985-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде уз-данат. 1989-ж. ага Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлиги «Биринчи сынаптагы чебер-сүрөтчү» деген наам ыйгарган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Гүлайдын саймаларында табакча көчөттөрү буюмдун (туш кийиз) өзөгүн түзөт. Эки «кочкор мүйүздүн» башы «карга тырмакталат». Эки «карга тырмак оюму» өзүнчө түшөт. Алар ич ара тутумдашып, араларынан эч кандай үзүлкесил баамдалбай берилет. Ал бир өңчөй көк жердикке кызыл же кызыл жердикке көк түстөн тандайт. Ак өңдү «жээк көчөтү» катары алат. «Бычак учтарын» ачууда ак түстү жээктей «суу» чыгарат. Буюм чети чыраштала т, сеңселген төкмө чачы чыгат. Туш кийиздин ортолугуна да төрт мүйүз оюмун бир табакча кылып, көбүнчө кызыл, көк түстөрдү жагызат. Кийиздин көлөмүнө жана түспөлүнө карата көркөм оюм түшүрөт. Кийиз аянттуу болсо, оюмдары чоңураак көрүнөт. Ал үлгүсүз оёт. Оюм көбүнчө «жүрөкчөлөнүп», «бутактанып» кетет. Анын четин «бадам оюмдантып» алат. Уз борбордук оюмду сары-жашыл, четтигин кызыл-жашыл, «араа тиш» (бычак учу) ак-карадан чыгарууга маш.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-конкурсу». Сайма күзгү кап, текче, комуз кабы үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы;

1989-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Сайма буюмдары үчүн «Кыял» Бирикмесинин Биринчи даражадагы диплому;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Сайма буюмдары менен катышкан.

## КАСЫМААЛЫ КЕЛИНИ БАТЫЙ

Оймочу. 1939-ж. Кант районундагы Карагай-Булак айылында төрөлгөн. Жети жылдык мектепти бүткөн. Кайын энеси Жаманкыздын шырдакчылык нускасын алган. Боёкту кийизге сиңирүүдө ички касиеттерин таасын билген уз абалы аларды ачык суу (уксус) менен коруштайт. Кээде эрменди кайнатып, ачуу суусун тундуруп, ага боёкту аралаштырып коруштайт. Сүзмөнүн суусу менен коруштоону да мыкты билет. Боёктор кийизге кынадай жагып, өмүр бою өңү өчпөйт. Оймочу шырдактын үч түрүн бирдей кармайт. Алардын бири жалпы оюм. Мында буюмдун «аламычы» чыкпайт. Бул кыргыздын кызыл шырдагына шарттуу келет. Негизи «мүйүз оюмдарынын» түрлөрүнөн турат да, алар ич ара тирелишип, оюм элементтери ичи-сыртына бирдей айкалышат. Уз аларды өзүнүн кыял чабытына карата пайдаланат. Оюм-чийимдин тактыгына жана төптүгүнө назар таштаган Батый «төрт кочкор мүйүз оюму» «сегиз сыңар мүйүз оюму» менен айкалышканда ичинен кайра «мүйүз оюмунун» элементтерин жаратат. Түр шырдак кармоодо ал борбордук оюмга беш табакчаны алат, ошондой табакчалардын төртөөнү колтук оюм катары алып, ар бир табакчаны ак-кара «аламыч» аркылуу алкактайт. Ага түшкөн ыскыт (милте) жалгыз аяк жол сымалданат. Уздун кыздары Рапа, Динара, Анара — анын ишенимдүү үйрөнчүктөрү. Эмгеги баттамада.

## КАСЫМАЛИЕВА АЙМОНЧОК

Шырдакчы. 1947-ж. Тоң районундагы Оттук айылында төрөлгөн. Бишкектеги кооперативдик техникумду бүтүргөн. Азыр Кочкор нефтьбазасында иштейт. Узчулукта чоң энеси Толгонайдын нускасын алган.

Аймончок кийиз буюмдарын арбын кармоодо. Ага кооз шырдактары, түр шырдактары кирет. Уз салттуу буюмдарды өзүнүн узчулугунун башаты кылып алат. Шырдактарынын жээк оюмуна «кочкор мүйүз оюму» менен «карга тырмак оюмунан» турган «жарым кыял оюмун» жаратып, ак-карадан «бычак учу түшүрүп», үч табакчадан бир буюмду пайда кылат. Төрт «жарым кыял оюмунун» башынан «ачкыч оюму» чыгып, дал ортосунда ошончо «карга тырмак оюму» жаралат. Берилген «жалпы оюмдун» жарымы «колтук оюм» болушу шарттуу көрүнүш. Аймончок четине «мүйүз оюмунан», «карга тырмак оюмунан» «шахмат оюму» сымалдантып берет. Табакчаларында (ортолук оюм — борбордук оюм табакчаларынан турат) төрт «мүйүз оюмунун» алдынан «карга тырмак оюму» «жагалмай канат оюму» менен беттешет. Ичинен «карга тырмак оюму» чыкса буюмдун көркөм оюму ойдогудай төптөшөт. Бир аянттуу шырдакка он табакча биригет да, оюм-чиймдер бири-бири менен жиксиз тутумдашат.

## КАСЫМАЛИЕВА ОЛЬГА АКИМААЛЫ КЫЗЫ

Саймачы жана куракчы. 1956-ж. Нарын районундагы Бас-Кыя айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. 1984-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Нарындагы бөлүмүнүн үйдөн узданууучу чебери. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Ольга тестиер кезинен «басма сайма», «чыраш сайма», «секиртме сайма» сыяктуу ыкмаларды кармоо аркылуу өзүнүн чеберчилигин өнүктүрүүдө. Көркөм көчөттөрдү негизинен кийиз оюмдарынан жана бак-дарактардан, мөмө жемиштерден өзүнүн кабыл алуу дараметине шартташкан элестери аркылуу сайма бетине түшүрөт. Анын «төрт көз курактары», «кереге көз курагы», «омуртка көз курагы», «бөрү көз курагы» өңдүү жөнөкөй курактарынын өң-түсүн ич ара ширете берүү жагынан анын уздук татымы баамдалат. Андай кооз буюмдарына: жер төшөк, туш кийиз, керебет жапкыч, сыналгы жапкыч ж. б. үлгүлөрү кирет.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Курак буюмдары үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Курак үлгүлөрү, сайма буюмдары менен катышкан.

## КАСЫМАЛИЕВА ТОКТОЖАМАЛ

Оймочу, бычмачы-тикмечи. 1923-ж. Кемин районундагы Кичи-Кемин айылында төрөлгөн. 43 жыл мугалимдик кесипте эмгектенген. Апасы Машактын нускасын алган.

Токтожамал узчулукту бычмачы-тикмечиликтен баштап, кийин кийиз уютуп, оймочулукка өткөн, шырдак буюмдарын арбын кармаган. Ал ала кийиздеринин ортолук табакчаларынын ичинен кош «жүрөкчө оюмун» берип, андан үч «карга тырмак оюмун» төп, так чыгарат. Ошондо алардын жарымы «колтук оюм» болуп көрүнөт. Анын араларын бөлүп турууучу «аламычы» ала кийиздерге таандык нукуралыкты билдирет. Уз кызыл өң менен жашыл өңдү бири биринен айырмалоодо актан жээк алат. Анын шырдактарына ичкерээк алынган «жарым кыял оюму» мүнөздүү келет. Анда «мүйүз оюмдарынын» ич ара шартташкан



элементтери бар. Шырыксыз түшкөн шырдактарында көк-кызылды арбын колдонот да, негизи кыргыздын кызыл шырдагына үндөшүп кетет. Айыл ичине үлгү берүүчү бул уздун кызы Жумагазиева Айнура, келини Светлана, Кызжибек өңдүүлөр анын ишенимдүү шакирттери. Азыр Кемин районундагы Кызыл-Октябрь айылында жашайт.

## КЕБЕК УСТА
(1850—1932)

Уста. Ат-Башыдагы Черик элинен чыккан. Зергерчиликти жана темирчиликти бирдей кармаган. Көрүкчүсү Жумаш Асанбай уулунун айтуусуна караганда Кебек уста колхоз кыймылынын учурунда Ак-Суу районундагы Ичке-Жергез айылына ортолук устакана уюштуруп, ошол жерде узанып турат. Уста 1916-ж. кыргыздардын көтөрүлүшүндө Кытайга чейин барат. Өз жеринен тентип, тербип, азап-тозокко урунган калктын жан айласы үчүн жез, мис өңдүүлөрдөн «алтын жамбы», калай колодон «күмүш жамбы» уютуп, Кашкардын базарына чыгарып, кызыл кулактарга сатып мал алып турган. Анын мындай эл баккан амалы туюлуп калып, Кашкардан качып чыккан. Кебек устанын кармаган буюмдары керемет катары

көрүнөт. Ал ак бараңды сайлаган, мылтыктын найын жиксиз кепшерлеген, камчы сапка тапанча орноткон, түстүү металлдардан «алтын жамбы», «күмүш жамбы» өндүүлөрдү «уютууда» алардын сугаруусун тапкан. Зер нускаларды жасоодогу жекече ыкмаларын эч ким билбеген. Зергер Нарын бөксөлөрүндө да, Чүй өрөөнүндө да, Көл кылаасында да узанган. Улуу уста баймапаптардын жөкөрү, алардын талабын көздөп узанган уста катары куугунтукка алынат. Акыры ал Текеске качып болжолдо 1932-ж. 82 жашында дүйнөдөн кайтат. Ал Ат-Башылык Токтогул, Нурмамбет деген усталардын шекити болгон экен.



## КЕБЕКЧИ УУЛУ ОНКЕН
(1908—1979)

Зергер. Кара-Кулжа районундагы Кан-Коргон айылында төрөлгөн. Кыйла жылдары чарбанын устаканасында узанат. Накта жамбы күмүштү иштеткен чебер зер буюмдарынын бардык түрлөрүн кармоого жетишкен. Ал өмүрүнүн акырына чейин өз устаканасында көмүр өчүрүп, көмүркөй кармап көөрүк басып, күжү күйгүзүп, Алай-Куу тараптагы усталардын атактууларынан болуп, «чыктуу усталардын» (салттуу узанган) жолун тутуп келген. Ал көмүрдүн табына карата түстүү металлдарды иштетүүнү билген. Андан темир үзөңгүгө күмүш жалатуу ыкмасы жазылып алынган. Торчолонгон темирге үлбүрчөктөй күмүштү жаткызып, аяр таптоосу башка зергерлерден анча айырмаланбаганы менен ага түшүрүлгөн оюм-чийимдеринде өзүнө таандык бөтөнчөлүктөр баамдалып турат.

## КЕКЕЧ УСТА
(Атасынын аты, туулган-өлгөн жылдары белгисиз)

Зергер. Элдин айтымында Кемин тараптан чыгат. Эл үркүндө ал Нарын, Ат-Башы тарапка барып туруп калат да, кызуу узанат. Айыл арасында сакталган нускалар «Кекеч устаныкы» деген атта таралган. Ал зергерчиликтин «согуу», «чегүү», «сиркелетүү» ыкмаларын таасын өздөштүргөн. Көбүнчө зергер кара темирди торчолоп, ага үлбүрчөктөй жамбы күмүштү жалатуу аркылуу «сыялоо» (зооткерлөө — сыя төгүү) ыкмасына кийиздин көркөм оюм-чийимдерин берип («сыяны» — себетти кандай жасаганы белгисиз), ал ушул күнгө чейин боёгу өчпөй сакталышы анын кереметтүү усталардан экенин күбөлөндүрөт. Үч канаттан турган чолпуларында «айчик көчөтү», «карга тырмак көчөтү», канаттууларды, айбанаттарды символдоштурган көркөмдүктөр зергердин жекече стилин баамдатат. Мындай нускаларды ал көбүнчө моңголдор эли жайлашкан жерлерде арбын узанганы билинет.

## КЕНЖЕЕВ ТОКТОКАДЫР

Жыгаччы. 1942-ж. Кара-Кулжа районундагы Алайкуу өрөөнүндө төрөлгөн. Орто билимдүү. Бишкектеги 8-март фабрикасында иштеген. 1969-ж. театрлар коомунун өндүрүштүк өнөрканасына кирип, комуз чабат. АнданОштогу «Мурас» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесине которулат. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Токтокадыр пландуу тапшырмаларды аткарып, көп нускалап, дүкөндөргө чыгарат. Комуздун үнүн табуу үчүн талаптанып, жекече байкоолорду жүргүзүп, ал аракетинен натыйжаларды көрөт. Бул боюнча өнөркана ага «Алтын колдуу чебер» деген наам ыйгарган. Уста комуз үчүн жергиликтүү өскөн жыгачтардын көпчүлүк түрүн негизги жердик катары пайдаланат. Жыгачтан комуз чабууда ич ара бөтөнчөлүктөрүн таасын туя билген чебер бир нече ыкмаларды колдонот. Комуз чабууда анын жердигин «кыкка көмүү», «солидол сиңирүү» сыяктуу мүнөздүү



кургатуу жолдорун талаптагыдай өздөштүргөн. Уста өрүк жыгачын сары жалбырак болуп ширеси кеткен кезде кыят. Аны 2—3 ай жаан тийбеген көлөкөдө сактайт. Тең экиге бөлүп, жарып сүргөндө өзөгү өзүнөн өзү кетет. Аны чебер үлгүсүнө, жон-капталдарын чаап, кесип-жонуп, ичин оюп, комуз түспөлүн бергенден кийин калыбына салып, дагы бир айча кургатат. Мында жыгаччынын буюм-тайымдын түспөлүн таба билүүсү анын чеберчилигин жана чыгармачылыгын даана аныктайт.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Элдик аваздык аспабы үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн областтык кароо-сынагы». «Көөкөр» аттуу белеги үчүн «Мурас» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин II даражадагы дипломуу;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Аваздык аспаптары менен катышкан.



## КЕНЧИНБАЕВ ОРОЗОБАЙ

Уста-музыкачы. 1943-ж. Ысык-Көл районундагы Он Жети Карагай (Семеновка) айылында төрөлгөн. Кыргыз ССР Маданият министрлигинин көркөм студиясын бүтүргөн. Кичине кезинен эле сүрөт тартууга, модель жасоого ышкыланган.

О. Кенчинбаев кыргыз, казак элине тел уста. Эки элдин аваздык аспаптарын жасоо үчүн өз алдынча байкоо аракеттерин жүргүзүүсү ойдогудай натыйжаларды берген. Ал элдик аваздык аспаптардын ондон ашуун түрүн жасап, тогузуна автордук укук алган. Алар Кыргыз филармониясынын «Камбаркан» оркестринде колдонулууда. Комуздун беш-алты түрү боюнча иликтөө-изилдөөлөрү бар. Тенордон баштап контробаска дейре жүргүзгөн байкоолору ийгилик алып келүүдө. Узанууда ал комуздун жердиги үчүн өрүктү, алмурутту, арчаны, жаңгакты пайдаланат. Өрүктөн комуз чабуу үчүн өзөгүнө суу чуркабай турган учурда (кышта) кыйып, ошол замат тилип, сомдоп, ичин оюп, аны жарым саат кайнатып, аба анча таасир этпеген туңгуюк бөлмөгө бир жылча сактайт. Анан көлөкө жайга коёт. Үчүнчү жылы гана чабууга-жасоого жарайт. Ансыз ийрейип-мыйрайып баштапкы абалына кетет. Ошондуктан убакытты так сактайт. Орозобай

үндүү аспап — добулбас да жасайт. Аны цилиндр түрүндө да, казан түрүндө да (түбү казандай тоголок) кармайт. Акыркысына авторлук укук алган. Ага жоон теректи (көк терек, бака терек) кышта кыйып, аны суу бойдон сомдоп, ичин оюп, кайнатып, жылуу жайга (18—20°) эки-үч ай кургатат. Андан кийин сомдоо, чабуу, кыруу, жышуу, түспөл түшүрүү аракеттерин баштайт. Ага төө терисин гана колдонот. Аны челдеп, жыдытып алат да, ар түрдүү үндөргө (тонналист) салат. Жалпы аваздык аспаптардын катарына кошууга, жоон (бастан) баштап теннор-примага чейинки үн боюнча Орозобай изденип, муну оркестрге кошууга жетишти. Кыл кыяк жасоодо да автордук укук алган. Анын кылын тирүү айгырдын туу куйругунан жулуп алат. Ал жоон да, чыйрак да, кайраттуу да келет. Капкагын төөнүн жон терисинен, жыгачын арчадан, жаасын тобулгудан же ийилгич жыгачтан тандайт. Керней аспабын тоо текенин мүйүзүнөн жасаган. Ал музыкалык аспаптардын катарына кошулуп, айрым окуялардын ызы-чуу, айкырык-кыйкырык жеринде (мисалы, элдик эпостордогу) пайдаланылууда. Уста чоор аспабы боюнча да өзүнчө байкоолорунан натыйжа чыгарды. Анын жердигин алгач куурайдан (түтүк куурай), кийин өрүк менен алмурут жыгачынан тешип жасоодо. Муну да кадимкидей нотага түшүрүп, оркестрге кошту. Ал чопо чоор да жасаган. Чопону кол менен эбине келтирип, мешине күйгүзүп, ага хроматикалык үн салды, нота боюнча ар бир үнгө келтирип, оркестрге кошту. Орозобай урма аспап Азатаякты (Аза-Музаны) да оркестрдин сабына кошту. Илгерки шалдырак, думаналык аспапка чебер жаңы өмүр берди. Жердигин жыгач таяктан, шалдырагын түрдүү түспөлдөгү жезден жасап, автордук укук алды.

Темир комуз жасоодо зор чыгармачылыгы билинди. Ага Кыргыз Театр ишмерлер союзу автордук наам ыйгарды. Анын комузунда тонналистика боюнча он эки үн бар. Бир дагы чебер-музыкант эч качан мынча үндү бир эле аспап аркылуу бере алышкан эмес. Шубин атындагы балдар музыкалык мектебинде ушул темир комуз менен оркестр уюшулуп, натыйжада республикабыздын «Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты» деген наам алды. Эл чыгармачылыгынын эл аралык, союздук фестивалдарынын баш байгелерине татыктуу болду.

Уста үй жыгачын да кармайт. Эчки талды тоодон кыш айларында кыйып келип, дароо кабыгын аарчып, сыртка кургатып, төрт-беш айдан кийин теске коёт. Жошону Кожоярдын башындагы «Кырчын» деген жерден алып, эритиндиси менен боз үйдүн сөөгүн боёп, сыртынан түссүз олиф, лакты билинер-билинбес сүйкөйт. Устанын биринчи шакирти өмүрдөшү Жүрсүн жыгачтан жана чийден ар түрдүү белек-бечкектерди Орозобайдын жараткан үлгүлөрү менен ийине келтире жасайт. Андай артыкчылык уулу Бактыбекте да бар.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан КПнын түзүлгендүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Аваздык аспаптары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1984-ж. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук көргөзмөсү. Аваздык аспаптары үчүн СССРдин ЭЧЖКнүн диплому, күмүш медалы;

1985-ж. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук фестивалы. Аваздык аспаптары үчүн «Фестивалдын лауреаты» деген наам;

1989-ж. Москвадагы эл аралык жайма базар. Аваздык аспаптарынын 9 түрү менен катышкан.

## КЕРИМБАЕВА БАКИШ
(1926—1992)

Уз. Бакай-Ата районундагы Түйтө айылында төрөлгөн. Саймачылыкты, оймочулукту, бычмачылык-тикмечиликти тең кармаган. Телегей, Чакей, Түр деген эжелеринин нускасын алган.

Бакиштин туш кийиз буюмдарында үч тумарча, ортодон эки булуңча чыгып, илме саймасы эндүү берилет. Кыргыздын көркөм оюму көчөт болуп түшөт. Четтик оюмдары «карга тырмак оюму» менен айкалышат. Бир буюмда алты оюм бири-бири менен алмашып, ортолоруна «суу» жиберилет. Ал бир табакча болуп көрүнөт. Ошондо кызыл-көк, сары-жашыл түс ич арада ирээти менен алмаштырылат. Борбордук көчөттөрдө кыргыздын негизги көркөм оюмдары бай каражат болот. Уз жалбырактан оюм чыгарып, аны шырдак оюмдарына, сайма көчөттөрүнө бай каражат кылып алган. Уздун курактары негизинен — «керегe көз курагы», «тер көз курагы», «турна канат курагы». Ал бычып-тиккен тебетей, калпак, кементай ж. б. кийим үлгүлөрү жергиликтүү шартты аныктап, кийим бычуу бөтөнчөлүктөрүнө шартташат. Анын Ч. Айтматовдун



60 жылдык маарекесине карата уюшулган үй-музейине, Оштогу Сулайман тоосундагы тарыхый-этнографиялык музейге белекке берген үлгүлөрүндө Талас жергесине таандык кол өнөрчүлүктүн нукуралыгы бар.

## КЕРИМКАНОВА ГҮЛАЙЫМ

Шырдакчы. 1955-ж. Таласта төрөлгөн. Орто билимдүү. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Таластагы филиалын уюштуруучулардын бири. Ал сары шырдак жасоого назар таштайт. Уз сары менен караны беттейт да, ачык сарыны чечүүчү түс кылып чыгарат. Гүлайым борбордук оюмду жалпы алат да, эки табакчанын ичинен «карга тырмак оюму» «кочкор мүйүз оюмунун» башынан чыгып, араларына колтук оюму жагалмай канатталып, бычак учу аркылуу жээк оюму менен тутумдашканда оюм ичке келип, төрт бурчунда үзүлкесил чыкпайт. Ал шырдактарын чакан жасайт да, кийизди кылчык жүндөн уютат. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы.

## КЕРМАКУНОВ БЕКБО

Жыгаччы уста. 1945-ж. Тоң районундагы Бөкөнбаев айлында туулган. Орто билимдүү. Тоң районундагы Ленин атындагы колхоздо колхозчу, склад башчысы болуп иштеген. Устачылыкты 13 жашынан баштаган. Мамбет, Зарына, Базарбай өңдүү усталардын нускасын алган. Ээр чабат, бешик, ашкана шкафы ж. б. үй буюмдарын жасайт. Боз үйдүн жыгачын (кереге, уук, босого-таяк, каалга), сандык, үкөк, жүк такта, бишкек, ниша, чарпая, челек, сузгу ж. б. кармайт. Комуз да чабат, бедиз жонот. Жыгач бетине күйгүзүү, оюу ыкмалары менен түрлөнтүп оюм-чийим түшүрөт.

## КОЙЧУЕВА ЖЫЗҮМКАН

Уз. 1925-ж. Ысык-Көл районундагы Чоң-Сары-Ой айылында төрөлгөн. Чарбада эсепчи, ферма башчысы, колхозчу болуп иштеген.

Чеберчиликти сайма өнөрүнөн баштаган. Кийин оймочулукка ооган. Апасы Улчанын нускасын алган. Кийизге чийбей, абалы жип менен жасап, аны кайра-кайра оңдоп-түзөп, анан кийизге түшүрүүгө кылган аракети оймочулугуна башат болгон. Эски шырдактардан алып, айрымдарын өзгөртүп, алымчалап-кошумчалап кармап оюм-чийим салган. Айтор эски оюмдан багыт алган.

Жүзүмкан элдик кийим-кечектерди бүтүндөй кармаган. Төтөн анын шырдагы туштук катары дубалга тартууга шарттташкан. Анда «кош мүйүзү» бар «капкан оюмун» пайдаланат. Анын жекече кыялы аркылуу түшүргөн четтик оюмдары ортодогу «гүл», «түр», «табак оюмдарын» өзүнө жагызып алат. Башка аймакта учурабаган кооздук чынында жаңылыктай туюлат. Уздун «жеке кыялынын» (өзүнө таандык оюм элементи) учкулдугун, курч ойлоп табуучулук касиетин баамдоо анча кыйын эмес. Анын «жеке кыялы» аркылуу бүткөн буюму эки эле өңдөн турат. Буюмдун аламычы «араа тиш» өңдөнүп берилет. «Сыңар мүйүз оюмун» арбын колдонгон Жүзүмкандын айрым үлгүлөрү элдик узчулукта табылга катары бааланат. Ал көбүнчө түр жана бир түрдөгү шырдактарынан

байкалат. Мында бир буюмдун негизи төрт жүрөкчөдөн турат. «Табакча оюмунун» элементтери бөлүнүп, бир эле буюмда эки табакчанын өзөгү чыгат. Ошентип, катар табакчалардын ичиндеги көркөм элементтер оюмдун өзөгүн түзүп, аларды төрт тарабынан төп келиштире берүүсү аркылуу анын жараткан кийиз буюмдары көпчүлүктүн көңүлүн бурат. Жүзүмкан ондогон уздардын нускоочусу. Эмгеги баттамада.



## КОЙЧУЕВА РАБИЯ

Чырмакчы. 1911-ж. Кочкор районундагы Кум-Дөбө айылында төрөлгөн. Узчулукту чоң энеси Анардан үйрөнөт. Ал абалы сайма саюу аркылуу көркөм кол өнөрчүлүктүн сырдуу учугуна кызыга баштаган. Кийин чий чырмак кармап, бул өнөрдөн баар тапкан. Аны түбөлүктүү кесип туткан. Боз үйдү жасалгалоодо анын «канат чийине», «чыгдан чийине», «эшик чийине» түрлөнтүп чырмак үчүн көчөт тандайт. Кардарлары чырмакчыга жердик даярдап беришет. Рабия чий буюмдары үчүн үлгүнү өзү жаратат. Чийге түшүргөн көчөттөрүнүн негизги каражаттарына «табак оюмун», «туура мүйүз оюмун» алат. Жылына бир үйдөн бүтүндөй чий буюмдарын ойдогудай көркөмдүктө бүткөрө алат. Мында уз чырмакчылыктын эски ыкмаларын пайдаланат. Чийдин аяк-башын так эсепке алат да, ошол аралыкта түшүүчү көркөм көчөттү ийне аркылуу тырс чегип алат. Ал үзгүлтүксүз үч табакчадан бир канат чий, эки табакчадан бир чыгдан чий, жалгыз табакчадан бир эшик чий жасайт. Жээк менен борбордук көчөттү «ала мончок» бөлүп турат. Эгер көчөттөрү кызыл-жашыл түстөн түшсө, анын «ала мончогун» уз сарыдан тандайт. Кызыл-көк түс үчүн «ала мончогун» актан берүүсү анын уздук татымын билдирет. Чырмак буюмдарына ойдогудай өң тартуулап, үлгүнүн түбөлүктүүлүгүн баамдатат. Натыйжада, чырмакчынын чыгдан чийи Кыргыз мамлекеттик сүрөт музейине экспонатталган.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Чыгдан чийи үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы, Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Чий буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы.

## КОЙЧУЕВ ЖАМАЛДИН

Жыгаччы. 1953-ж. Базар-Коргон районундагы Карл Маркс айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздун курулуш бригадасында, Кыргыз ССР театрлар коомунда, № 19 кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайында, «Кыял» көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде эмгектенген. 1985-жылкы Жаштардын жана студенттердин Бүткүл союздук фестивалынын катышуучусу. Чебер Карагулов Сардарбектин, өзгөчө Кульматов Канаттын таалим-тажрыйбасын алган.

Ал өрүк жыгачын чилде айында кыят. Бул учурда өсүмдүктүн өзөгүнөн суусу качып, жылуулукту араң сактап, аны кургатууга жана жарылууга ыңгайлуу болуп турган учуру болот. Жыгачты башка мезгилде кыюуда балта тиери менен жыгач нуксуз бүт жарылып, буралып түшүп калат. Уста кыйылган өрүктү салкын жайга тигинен жөлөп коёт. Бул «табигый кургатуу» деп аталат. Үч-төрт айдан соң анын өзөгүнүн тең ортосунан дааналап жарат да, өзөк бетин жана сырткы бетин этиеттеп чаап алат.

Ушундан кийин Жамалдин комуздун өз үлгүсүнө салып, жалпы түспөлгө келтирет. Чарасына керектүү калыңдыктан өйдө өлчөмдө ашык калтырып, ичин оёт. Ушул абалында дагы үч-төрт айча көлөкө жайга кургатат. Өрүк жыгачы табына таасын келген тапта комуздун моюнун, сырткы түзүлүшүн өз кейпине келтире баштайт. Сырткы-ички жактары толук бүткөндөн кийин комуз кулагын жана тээгин коюп, кайышын тартып, лад (кылды көтөрүп туруучу жоондугу ширеңкенин чийиндей, узундугу анын жарымындай — 2,5 *см* жыгач, ал үч кулактын алдында болот) коет. Комузга чебердин пикири боюнча Тянь-Шань карагайы (мари карагай), анын ичинде Чоң-Кеминдин Баш-Кайыңдысындагы, Жети-Өгүздүн Чоң-Жарылчагынын башындагы көп жылдар бою өскөн, жоон, карт (80—90—100 *см)* карагайлар гана комуз үчүн ойдогудай капкак боло алат. Алардын бутагы жоон, шоолдоп түз өскөн жери керектелет. Жыгачтын узундугун 50 *см*ден кем эмес араалап, бутактарын жайланышканына карата уюлдан жарылган таза жерин бөлүп алып, кайрадан кадимки тактай сыяктуу сүрөт. Капкактын калыңдыгын 5—6 *мм* кылып, кыр менен тилет да, табигый кургатууга коёт. Аны комуздун тулкусуна жабыштыруу үчүн жыгач желимин колдонот. Андан кийин сыртын жылмалап, үнүн текшерет. Өрүк комузду лактабайт. Лакты ал өзү да жакшы кабыл албайт. Жамалдин чапкан аспаптын көөдөн-көкүрөгү кененирээк келет да, үндүү чыгат.

## КОҢКАЙТИЕВА ДАРЫЙКА

Уз, бычмачы, тикмечи. 1912-ж. Бакай-Ата районундагы Победа колхозу жайгашкан аймакта төрөлгөн. Сабатсыздыгын жойгон.

Анын уздугу элдик кийим-кечектерди бычып-тигүүдөн, кийиз буюмдарын кармоодон көрүнгөн. Уздун ала кийиз уютуу ыкмасы өз чөлкөмүнө тараган. Ал адегенде козунун жүнүнөн жука кийиз уютуп алып, аны боёп, кийизге энине карата төрт-алты кабаттап оюм түшүрөт. Анан жашыл, сары жүндөн чийге тарамдайт да, үстүнө оюлган кийизди жаткызат. Туш тараптан беш-алты адам чоюп, арткы кара жүнү көрүнбөскө араларына жашыл, сары жүндөн коюп кычыктайт. Болжолдо 6 чакадай ысык сууну кийиздин четинен бир адам сээп, экөө чийди түрө баштайт. Ала кийизге түшүрүлгөн көркөм оюмдун түрлөрү ийкемдүү келип, өзүнүн фонуна живопистик артыкчылыкты берет. Ала кийиз кармоодо, ак, кара, жашыл, сары, кызыл түстөрдү ич ара ойдогудай жагыза алат. Дарыйка карыялар көөлбүп кийүүчү тондун жа-





калык көрпөсүнүн жүнүнүн узундугун эки-үч элиден ашырбай, ичиктин өңүрүнө, этекжеңине жүнү кыска кара көрпөдөн тандайт. Кара кыжымыдан, чийбаркуттан энин карыштай кылып «көбөө» коёт. Көрпө көбөөлөнсө, ага кыжымыдан жээк коюлат.

## КОЧКОРОВА РАШ

Оймочу. 1937-ж. Чаткал районундагы Курулуш айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздо иштеген. Он эки баланы тарбиялап өстүргөн Баатыр эне. Энеси Маткулова Майраштын нускасын алган.

Раш айыл ичинде шырдакчы катары бааланат. Чаткал өрөөнүндөгү элдер шырдакты «шырдамал» дешет. Шырдамал — эндей кийиз бетине ыскыт басуу. Ал эми шырдакты алар «оймо теке» деп аташат. Уз шырдамалды да, оймо текени да жогорку узчулукта кармайт. Раш шырдамал жасоодо жүндү тытып, сабап, чийге чабактап алат да, болжолдоп ысык суу куят. Тепкилеп, билектеп, кийизди киргизгенден кийин муздак суу менен кийизди жууп, тазалап кургатат. Шырдамалдын ыскытын басуу үчүн жипти үч кабаттап чыйратып, боёп алат. Мында боёкту да ич ара бөлүп пайдаланат. Адатта кара кийизге кызыл (ток кызыл — коюу кызыл), пушту (гүлгүн кызыл — ачык кызыл), сары (ток сары — коюу сары, ачык сары), көк (ток көк — коюу көк), көк (ачык көк) жана жашыл өңдөр тандалат. Боёлгон жип келеби менен кургатылат да, тоголок түрүлөт. Аны «бир сурп» (эки тоголок) деп коёт. Муну кийиз бетине басыш үчүн койдун күзгү жүнүнөн (төө жүнүнөн) ийрип, чуу жип (чууда жип) кылып алат. Шырдамалдык кийиз эки кат болот. Анын биринчи бети тандалма кара жүндөн уютулат. Экинчи каты ар кандай өңдө боло берет. Жээктик жип бири оңго, бири солго чыйратылганда таңдай болуп түшөт. Раштын шырдамалынын четине «кош мүйүз оюму» (үч элидей) берилет да, анан ага «суу» түшөт. Ыскыттын боёгу өзүнчө өңдү берет. Ал ортолук оюм менен четтик оюмду бөлүп көрсөтөт. Раштын четтик оюмуна «чоң теке оюму» мүнөздүү. Ортолук оюмдун араларында өзүнчө «суу» (аламыч) бар. Ал алты элидей эндүүлүктө болуп, «кош мүйүз оюму», «ит куйрук оюмунун» элементтеринен турат да, көбүнчө сары өңдө берилип, оюмдун жүзүн ого бетер ачат. Көлөмдүү шырдамалында ортолук оюм үч тактадан болуп, аны «табак оюм» дейт. Үч тактанын ар биринде ич ара алтыдан ички оюм бөлүнүп чыгат. Аны уз «алты оюм» деп атайт. Кээде «гүл оюм» деп да коёт.

Раштын «оймо текесинин» чети тумарча болуп түшөт. Ар бир тумарча «сыңар мүйүз оюмунун», «кош мүйүз оюмунун», «кочкор мүйүз оюмунун» элементтери аркылуу айкалышат. Анан аламыч жүргүзүлүп, ортолоруна көбүнчө «такта оюм» келтирилет. Бул «туташ оюм» (жалпы оюм) менен чечилет. Уздун шырдактарында төрт «кочкор мүйүз оюму» туташ оюмдун бир табакчасын түзгөндө «мүйүз оюмдарынын» баштары ачакейленет да, андан экинчи мүйүз башы бөлүнүп чыгат. Ал эми бир эле табакчада төрт «жүрөкчө оюмунун» элементи болсо, анын ар биринин ичи «кочкор мүйүз оюмунан», сырты кош «ит куйрук оюмунан» тутумдашып турат. «Каркыра канат оюмунун» башы «сыңар мүйүз оюмунан» келет да, анын чети «ит куйрук оюмдан» болсо, ортосуна «бармак боочу оюм» мүнөздүү. Бул көркөмдүк шырдактын четки оюмдары үчүн берилет. Туш кийизге да «жүрөкчө оюмду» табакчалантып берет. Раш көркөм оюмдары аркылуу буюм-тайымдарына адам менен айбанаттардын, жаратылыш менен жаныбарлардын бири бирине болгон катыштарын жана ажырагыс байланыштарын сезимтал көрсөтө алат. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Шырдамалы үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы.

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Шырдагы үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы, Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы. Буюму тарых музейине экспонатталган;

## КОЧКОРОВ КАЛЕНДЕР

Кырмачы. 1919-ж. Базар-Коргон районундагы Көк-Алма айылында төрөлгөн. Айыл чарбасында эмгектенген. Кырмачылык өнөрү жер-жемиш бактарынын түптүү мекени Арсланбаб, Ачы, Чырбак, Жарадар, Бел-Терек, Көк-Алма, Кызыл-Үңкүр, Кызыл-Алма сыяктуу жерлерде күчтүү өнүккөн. Ал нускалуу өнөрдү Календер чеберчилик менен улап, Улуу Ата Мекендик согуш учурунда жана кийинки жылдарда колхоздун атайын тапшырмалары менен токойго кол дүкөнүн орнотуп, жайы-кышы кырма идиштерине узанат. Ал айылдашы Акматаалы устанын нускасын алган. Календердин кырган идиш-аяктары салт катары тараган. Ал Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр

жай министрлигинин Борбордук көркөм эксперимент лабораториясында ишканаларга чыгаруу жана дүкөндөргө берүү максатында үлгү катары идиш-аяктын ондон ашуун түрүн жасаган. Чебер «кер аяк», «май челек», «бал челек», «татымал салгыч» жана табактын түрлөрүн кол дүкөнүндө атайын тепки аркылуу узанат.

Чебер абалы жасалуучу буюмдун же идиштин түспөлүн жана ыңгайына карата жыгачын тандайт. Сомдошко керки менен балта керектелет. Идиш-аякты жасоодогу анын кол дүкөнү — бир учу түркүккө такалып, экинчи учу кырууучу жыгачка кагылган, беш темир мыктан азуусу бар ок жыгач. Ал «кырма» (дүкөн) деп аталат. Анын кырууучу куралы «ийги» бир метрдей таяктын учуна бекитилет. Кыруу учурунда таянычка ийгини басып турган жыгачты «туур» дейт. Кырманы (дүкөн) айлантып турган кош жыгачы «тепки» делет, эки бутун алмак-салмак эпилдетип, тынбай баскан адамды «кырманын тепкичи» дешет. Кырма идиштерине түшкөн коздук «кеште» деп аталат. Кырылып бүткөн буюмду чебер өз кырындысы менен жылмалайт. Календер кырган идиш-аяктар бара-бара өңүн өзгөртүп, убакыт өткөн сайын кызгылт көрүнүп, өңүнө чыккан. Азык ачытууга арча челекти да жасаган. Ал жасаган буюмдардан кыргыз жергесинин ашкере чырайлуулугун, түгөнгүс түптүү байлыгын, ал эч бир жайда кайталангыс экендигин, андай жыгачтардан уникалдуу нерселерди көп жасоого ойдогудай жагдай түзүлүп жаткандыгы бул чеберден даана байкалат. Азыр жаңгак токойлорунда иштетилип, чет өлкөлөргө дейре жөнөтүлүп жаткан нускалар өтө арбын.

## КОШАЛИЕВА ТОТУЯ

Саймачы жана куракчы. 1936-ж. Лейлек районундагы Бешкент айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Уз сайма менен куракты эриш-аркак кармайт. Ал буюмдарына көбүнчө кара сатинден жердик тандап, ага төрт өңдү: кызыл, жашыл, сары, акты көркөм көчөттүн ич ара айкалышына алат да, кызыл өңдү көтөрүп чыгат. Ошондо бир табакчада төрт «карга тырмак оюму», төрт «жарым кыял оюму» көчөт ордуна алынат. Ага актан байчечекейди өзөк кылып берет. Тегерегине түшкөн «кунаба курак» аламычтык милдет аткарат. Ар бир табакчанын жартысы аралык көчөт болуп түшөт. Тотуя топу саймасына балыш көчөттөрүн ак учук аркылуу кештелеп, өтө майда алат (түштүк кыргыздардын топуларынын кештелеринен айырмаланат).





## КӨБӨНОВА ЖИЙДЕГҮЛ

Оймочу. 1929-ж. Чүй районундагы Алга айылында төрөлгөн. Бишкектеги педагогика окуу жайын бүтүргөн. 1982-жылга чейин Чүй районундагы Он-Бир-Жылга орто мектебинде мугалим болуп эмгектенген.

Анын оймочулугу «Жийдегүл оюму» деген атта тараган. Анын «мандалак оюму» көбүнчө шырдактын чекесине түшөт. Оюм жоогазын гүлүн элестетет. Ал жекече чыгармачыл кудуретине байланыштуу табияттын көрүнүштөрүн өз буюм-тайымына чагылдырууга чебер. Муну кийиз оюмдары аркылуу берүүгө дилгирленет. Анын «шак оюму» да мына ушундай шартта пайда болот. Мында бак-дарактардын мөмөжемиштүү бутактары, шактары, сабактары символдошот. Айрыкча, алма шактарын элестетет да, анын натуралай сүрөтүн түшүрбөй, көркөм оюмдун табиятына шайкеш келтирет.

Саймачылыкты баштоодо өсүмдүктөрдүн, жан-жаныбарлардын сүрөттөрүн, кейиптерин дал өзүндөй басмалоо табити тартса, ал кийин сайма көчөттөрүн түшүрүүдө өзүнчө түр ойлоп табууга куштарланат. Анын «Кымкар көчөтү» мына ушундай шартта пайда болгон. Жаңы жаап келе жаткан, төтөн, кыш чилдесинде кымкарлап турган учурду элестетип берүүгө уз дымактанат. Жийдегүлдүн колунан тамган аянттуу туш кийизиндеги ушундай көркөм көчөттөрдү «түр оюм» катары кийизчиликке колдонсо да жарашат. Уз оймочулугунда да, саймачылыгында да борбордук көчөттү жалпы алат. Башка уздардай эле жашыл түстү арбын пайдаланат. Оюм көчөттөрдү тукулураак алып, өзүнчө стилдештирүүгө дарамети зор. Чебердин кармаган шырдактары чакан. Аяк кап, күзгү кап, текче, туштук, куржун сымал буюмтайымдары күндөлүк турмушка колдонууга өтө шарттташат. Сүрөтү жана эмгектери түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Туш кийиз, шырдагы үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык I кароо-сынагы». Туш кийизи үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук II фестивалы. Шырдагы үчүн ЭЧЖРКнүн дипломy.

## КӨПӨЕВА РЫСКАН

Уз. 1939-ж. Ат-Башы районундагы Ак-Талаа айылында төрөлгөн. Он төрт баланы тарбиялап өстүргөн баатыр эне. Өмүрдөшү Көпөев Азиз менен авторлукта ак өргөө көтөрүп, анын уздук жасалгаларын бир колдон чыгарат. Мында чырмакчылык (канат чий, чыгдан чий, эшик чий), өрмөкчүлүк (тегирич, боз үйдүн боо-чуулары, үзүк боо, туурдук боо, жел боо, жабык баш боо, кереге чалгыч, уук тизгич, саканак чалгыч), түймөчүлүк (тор чачык, топ чачык, кылыч байлоо), саймачылык (туш кийиз, күзгү кап, текче, кайчы кап) өңдүүлөр Рыскандын аруу колуна таандык. Чебер мында элдик салттуу өнөрдү улантууга, ага өзүнүн жүзүн берүүгө, көчөттөрдү кайрадан жаңыртып кармоого назар таштайт. Белдемчи, кемсел, кементай, чыптама өңдүүлөрдү бычып-тигип, аларга көркөм көчөт келтирет.

Рыскан өмүрдөшү Азиз уста экөөлөп жасаган жана жасалгалаган ак өргөө Москва шаарында ЭЧЖБСКүндө да тигилген. Ичине идиш-аяк, тамак-аш коюлуучу чыгдан боз үйдүн эпчи жаккы бөлүгүндө болот. Ага уз чакмак оюм салат. Ал уруңтуктуу болсун үчүн уз аяк-башына 10—15 *см*че кездеме менен каптап, өйдө жагындагы жердикке жарашыктуу сайма көчөтүн түшүрөт. Ага мончоктолгон топ чачык тагат. Чыгданга «мүйүз оюмун» берет. Чыгдан чийдин аягын кара жүн менен чырмап, ийректейт. Эгер көчөттөрүнүн «ала мончогу» сары болсо, анда кызыл, көк өңдөр буюм бетине үстөмдүк кылат. Мында да четтери «бадам оюму», «мүйүз оюму» өңдөнөт. Буюмдун ортолугу табакчаланып, анын ичине келтириле турган көчөттөрү жарым ийректелет. Табакча-табакча болуп түшкөн көчөттөрдүн четтери шарттуу түрдө башка ылайыктуу көчөттөр менен бутактанат. Табакчанын төрт тарабын «ала мончоктойт».

Рыскан өрмөктө Ат-Башы, Нарын уздарына таандык көчөттөрдү түшүрүүдө. «Чымын канат көчөтү», «Омуртка көчөтү», «Мүйүз оюмдары» анын таар буюмдарынын табакчаларын түзөт. «Ийрек», «Жарым ийрек» түрлөрүн уз эни тайкы боо-чууларга пайдаланат. Ал эми жабык башта жалпы оюм шарттуу көрүнүп, андан «ак этек» чыгат. Ал ак-кызылдан турат. Такта оюм катары берилген шырдактар уздун эски буюмдарды дал өзүндөй пайдалана билүүсүн баамдатат. Сүрөтү, боз үйү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1974-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына карата боз үйлөрдүн ат майдандагы көргөзмөсү;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көл өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Боз үйдүн ички-сырткы жасалгасы үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломy;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Боз үйдүн ички-сырткы жасалгалары үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломy;

1990-ж. Киевдеги фольклорчулардын эл аралык II фестивалы. Боз үй тигип барганы үчүн лауреаттык медаль.

## КӨПӨЕВ АЗИЗ

Уста. 1927-ж. Ат-Башы районундагы Кара-Булуң айылында төрөлгөн. Тестиер чагынан агасы, атактуу зергер Асандын нускасын алган. Асан Улуу Ата Мекендик согушка аттанганда 14 жашар Азиз колхоздун устаканасында анын ордун басып узанып калат. Ошондон бери зергерчиликтин, жыгаччылыктын ички касиеттерин таасын өздөштүрүп, эскиче узануунун мыкты үлгүлөрүн көрсөтүп келүүдө. Азиз уста — эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук I, II, III-фестивалдарынын лауреаты. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Азиз темирдин «ак курч», «кара курч» жана «жашык темир» деген үч түрүн билет. Ак курчтан кесүүчү, миздүү керки, кескич, өгөө, балта, бычак, капкан өңдүү буюм-аспаптарды, калып темир жасайт. Булар эң эле өткүр келип, муңайынкыраак болуп, чорт сынбайт. Кара курч катуу жана морт келет. Ага өгөө өтпөйт. Мындан буюм жасоодо көбүнчө чарык колдонот. Уста анын сугатын таба билип, ак курчтан да өткүр кылат. Жашык темирден көбүнчө ат така жасайт. Бирок, ал таштак жайда эки-үч айдан ашпагандыктан, мындай жерге ат таканы кара курчтан жасайт. Жашык темир ийкемдүү, жумшак болгондуктан, андан калак, кычкач, кыпчуур, аткуур, депкир, үзөңгү жана ат жабдыктарынын башка шөкөттөрүн, түндүктүн чулгуурун (түндүктүн көздөрүн төрт чарчы кылып көзөй турган аспап) жасайт. Араба, трактор, тырмоолордун бузулган, сынган тетиктерин ондойт.

Уста ак курчту сууга катуу сугарат. Темирдин учун сууга дароо малат. Ошондо ал тез чыйралып, өңү бордой агарып, курчтукка айланат. Анан беш-он минута тышта кармап турса, кужүдөн чыккан кызыл темир бат эле жашылга айланып, миздеги ак бордой курчту сарыкер түскө алып келгенде гана сугарылган темир табына келген кези болот. Ушундан кийин сууга кайрадан малып, курчун ошол бойдон калтырат. Ал ак курчту эки курдай сугарат. Уста карышкыр, илбирс, аюу, кулжа, теке сыяктуу айбанаттардын ички мүнөздүү жагдайларына карата көлөмдүү капкандарды жасаган. Анын жаагы ак курчтан жасалып, айрымдарынын жаактарын эки-үч адам араң басат. Уста капкандын тышкы катмарын жашык, ички катмарын курч бойдон сугаруу үчүн көрүктүн жалынына тышкы бетин бир аз кармап жашытып, сыртын кургак бетеге менен жоруптап сүртүп турат. Бетеге чала күйгөн убак — темирдин табына келген кези. Ал эми кара курчтун учун сууга акырындан тийгизип, өлчөөсүн баамдайт. Кара өң жашыл болгон тапта же кара күрөң өңгө келген кезде темирдин курчуган учуру болот. Ал мындан молоташ, тегирмен, жаргылчак өңдүү таш буюмдарга көзөөч жасаган.

Жездин сары, кызыл түсүнөн Азиз ат жабдыктарынын шөкөттөрүн, аялдардын өздүк буюмдарын, мистабак, аптама, чөөгүн, чайнек өңдүү буюмдарды жасайт. Жезди, колону эритүүнүн өздүк ыкмасы күмүштүкүнө окшош. Анын жезге калай чайкоосу (мистөөсү) төмөнкүчө: торко электен өткөн майда кум менен жездин ичин жалтырата тазалап, андан кийин жездин бетине калайды жука-жука кесип, көрүктүн жалынына кармап эритет. Ага нашатыр сээп, кебез куургуч аркылуу сүртөт. Ошондо калай жездин бетине жабышып, ак түскө айланат. Кара темирге жез чайкоосу да ушул сыяктуу. Калайды ошондой эле топчунун сабагын, шакек, оймок өңдүүлөрдүн кошунду жерлерин кандоо үчүн керектейт.

Уста чоюн казандын сыныктарын көрүккө коюп эритип, калыбына салып, андан буурусунга же сокоо тиш куя билет. Колону ат жабдыктарын, кишен жана кыз-келиндердин асем буюмдарын жасоого пайдаланган. Коргошундан өгөөгө калып жасаган, салмактуу болушу үчүн чоң бычакка толто жасаган. Ак бараңга бытыра жасап, ийикке баш куйган.

Азиз ат жабдык, чолпу, чач учтук, шакек, билерик, төөнөгүч, сөйкө өңдүү жасалгаларды, ооз комуз, темир комуз ж. б. кармайт. Ал темир комуздун жердигин темирдин акурач деп аталган түрүнөн тандайт. Тилин өткүр чалгынын кырынан созот. Тилдин иймегин 3 *см*ге ийип, учуна калай жабыштырат.

Үй жыгачына узануусунда өзүнчө бөтөнчөлүктөр байкалат. Ал үй жыгачы үчүн атайын бак тигет. Үч жылдан кийин бир түбүн кыйса, анын түпкү бутактарынан отуз-кырктай майда

чырпык шоолдоп өсөт. Кыйылган талдын жыйырма-отуздайын төрт жеринен зым менен боолап, аны көлөкө жайга он-он беш күндөй кургатат да, аны кайрадан чөөткө салып жашытат. Талды теске коёрдун алдында корго сойлотуп жашытат. Жыгаччы тал аттууларды «көк тал» жана «ак тал» деп экиге бөлүп узанат. Жумшак келип, бат эле матоосунан жанып кеткендиктен көк талдан боз үйдүн жыгачын кармабайт. Түйүлгөн кереге көгүн көрсөтпөйт, ага атайын коолдук келтирүү үчүн жука жез менен күмүштөн көрчөгөлөйт. Зергерде ар бир көрчөгө — топчунун калыптары бар. Ал көк арасынан өткөрүлө кагылат.

Чебердин түндүккө узануу дүкөнү — тегерек дөңгөлөк. Анын 4—5 жеринде чынжыры, башы иймектей үч лому болот. Ал жаактык жыгачты корго салып кызыткандан кийин дөңгөлөккө чынжыр, ломдун жардамы менен жаадай кылып керип бекитет. Жаткан жеринде бир айча кургатылат. Түндүктүн калган жаагын да (экиүч бөлүктөн турушу да ыктымал) ушул ыкма менен жасайт. Андан кийин чамгарагын салып, уук көздөрүн көзөйт. Түндүктүн төрт талаасына коолдук үчүн шакек коюп, ага түрлөнтүп оюмчийим түшүрүү нускасы бар. Түндүк көздөрүнөн ууктун башы чыкпас үчүн бөрктүү төбөлөмө коёт. Эмгектери түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1974-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына карата көргөзмө. Ат майданына боз үй тигип келгендиги үчүн Ат майданынын Биринчи даражадагы дипломy;

1982-ж. СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Боз үй тигип катышкандыгы үчүн ЭЧЖРКнүн Биринчи даражадагы дипломy;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Боз үй тигип катышкандыгы үчүн ЭЧЖРКнүн Биринчи даражадагы дипломy;

1990-ж. Киевдеги фольклористтердин эл аралык II фестивалы. Боз үй тигип баргандыгы үчүн лауреаттык медаль;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Зер буюмдары менен катышкан.

## КӨПӨ УУЛУ АСАН
(1922—1944)

Уста. Ат-Башы районундагы Кара-Булуң айылында төрөлгөн. Атасынын кесибин тестиер кезинен өздөштүрүп, ортолук устакана уюштурушуп, узана баштаганда Улуу Ата Мекендик согушка аттанат. Ордуна 14 жаштагы иниси Азизди машыктырып калтырат. Өзү согушта курман болгон.

Асандын кармаган зер жасалгаларындагы «сыя төгүүсү» (зооткер түшүрүү), кургак чегелөөсү, кара темирди иштетүүсү, калайлоо, кандоо, чайкоо, темир комуз ийүү, капкан чаптыруу сымал ыкмалары өзгөчөлөнүп турат. Алар учурунда өз оозунан жазылбай, сүрөткө тартылбай калган. Мындай ыкмаларды иниси Азиз дал өзүндөй өздөштүргөн.

## КУБАТБЕКОВА АЛТЫНАЙ
(1901—1988)

Оймочу. Кемин районундагы Тар-Суу айылында төрөлгөн. Колхоздо эмгектенген. Узчулукту бычмачылык-тикмечиликтен баштаган. Европалык жана элдик кийим-кечектердин бардык түрүн бычып-тиккен. Кийин саймачылык, оймочулукка өтөт.

Алтынай кызыл-көк, кара-сары, кара-ак түстөрдү бирдей колдонот да, көркөм оюмдарды курак бетиндей ала чакмактантпайт («ала чакмактоо» — буюмда ак-кара өңдү арбын колдонуу, башка өңдөрдүн өздүк касиеттерин бет алдыга даана алып чыгарбоо, бүткүл түстү өзүнө оодарып алуу). Уз аны «аламыч» катары эле эмес, башка оюмдардын — түстөрдүн өңүн бөлүп турууга, ача алууга пайдаланат.

Уздун шырдактарында эки «кочкор мүйүз» эки «карга тырмак» менен бир тактаны түзөт. «Табакча» өзүнчө буюмдан турат. Ал жалпы оюм менен ортолук оюм катары берилет. «Аламыч» оюм араларында эмес, жээктей коюлат. Алтынайдын шырдактары түр шырдак жана бир түрдөгү шырдак болгондуктан мунун «такталарын» алып салууга, чоң шырдак кылса кайра ортолук оюмга кошуп коюуга жарактуу. Ал эми «табак оюмду» антип өзгөртүүгө болбойт. Анткени, «табак оюм» кийиз бетине туташ түшөт. Мында «кочкор мүйүз оюмдун» башында «карга тырмак оюму» түшөт. «Карга тырмак оюму» менен «кош мүйүз оюму» биригип, «карга тырмак оюмунан» «карга тырмак оюму» чыгат. Шырдактарында «карга тырмак оюму», «бармак боочу оюму» ич ара уйкашат. Такталардын «аламычтары» кара-актан «араа тиш», «бычак учу» болуусу аркылуу буюм өзүнүн коолдук чегине жетет. Мында «аламыч» «четтик оюм» менен «ортолук оюмду» бөлүп турат. Уз ортолук оюмду элдик оюмдун элементтеринен тандайт. Ал четтик оюмдарда анын жеке кыялдарынын жарым-жартылай



түспөлдөрү түшөт. Ал «жолборс тырмак оюму» түрүндө берилет да, оюмдар кызыл-көк менен беттешет. Мында сары менен кызыл ак-кара «аламыч» аркылуу айырмаланып, өзүнүн көркөм оюмдук жүзүнө чыгат.

Уздун кармаган буюмдарына өзүнүн жараткан «жарым кыял оюму» үстөмдүк кылат. Оюм элементтери ичке оюлат да, буюмдун такта給ларынын ички оюм элементтери сырткы оюмдары менен түс жагынан өзүнчө катышат. Мында мала кызылга жашыл оюм түшүп, караактан бычак учу берилип, анын четине жашылдан өзүнчө «жолчо» түшөт. Мындай оюм мала кызыл, күңүрт кара түрүндө көрүнөт. Бул көрүнүш өзүнчө табакчаны түзгөндөй баамдалат. Мында «четтик оюм» жазы берилип, анын четиндеги «аламыч» өзгөрүлбөйт. Анда «кочкор мүйүз оюмдун» оюм баштары «жагалмай канаттанат». Алтынай бир эле түр шырдакта ток кызылды, мала кызылды, ток жашылды, ач жашылды алып, бири бирине беттештире берет. Жалпы алганда «бадал оюмдарын» элестетет. Мында сары-көк, кызылжашыл, ак-кара менен ич ара айкалышат да, буюмдун түрүн түр «ыскыт» ачат. Тактап айтканда, коюу көктүн жээги (ыскыт — милте) сары, кызылдын (коюу кызылдын — ток кызылдын) жээги сары, «аламыч» жээктери кызылдан ыскыт болот. Уз кызыл шырдактарды да арбын жасаган. Мында кызыл менен кара өң өз ара беттешет. Анын «аламычы» ак-карадан болот. Четтик оюм «жолборс тырмак оюмдан» тандалып, ал оюмдар жарым кызылдана берилип, ортолук оюм «кочкор мүйүз оюму» менен «карга тырмак оюмдан» турушу шарттуу. Мында кийиз жалпы оюмдан оюлуп, ортосуна көркөм оюмдун такталарына «жылдызча» түшүрүүсү аркылуу Алтынайдын буюму экенин баамдатат.

Сайма өнөрүндө да Алтынайдын жеринен уздук татымы бар. Анын сайма туш кийиздериндеги «илме сайма» аркылуу түшкөн көркөм көчөттөр элдик салтка жатат. Ал нукура үлгүнү баамдатат. Негизги көркөм көчөт каражаттарын тоо гүлдөрүнөн, чөптүн түрлөрүнөн, мөмө жемиштин сабактарынан алат. Илме саймада мерчемдүү көчөт (ортолук көчөт, борбордук көчөт) «суу» аркылуу ажырайт. Аны уз актан жүргүзүп, эндүү, «каркыра канат көчөтү» сымалданта берет. Келини Чүңкалаева Насип кайын энесинин таасиринде узданууда.

## КУБАТОВА АЙША

Уз. 1924-ж. Талас районундагы Калба айылында төрөлгөн. Чоң энеси Айымдын, кайын энесинин нускасын алган. Колхоздо катчы, кызыл үйчү, сатуучу, колхозчу болуп иштеген. Айшанын жаш кези Улуу Ата мекендик согушка туштугуп, узчулугу мүмкүнчүлүгүнө жараша кийиз уютуп чокой жасоодон, майдандагы жоокерлерге жылуу кийим камдоодон башталган.

Чебердин оймочулугу «Айшанын шахмат оюму» деген атта жергеге таанылган. Ал бир эле шырдакка бир нече оюмдардын табакчаларын берип, түр шырдак кылууга дилгир. Тактап айтканда, төрт «үй» төрт оюмдан турат. Анда «жүрөкчө оюм» ичтен төрт «кочкор мүйүз оюму» болуп билинет. Төрт «кочкор мүйүз оюмунун» башында «карга тырмак оюму» чыгып, кайрадан төрт «кочкор мүйүз оюму» пайда болот. «Кочкор мүйүз оюмунун» башына «карга тырмак оюму» шарттуу чыгат да, андан «ачкыч оюму» пайда болот. Ошол эле шырдакта «куш оюмдун» алды «карга тырмак оюмунан» келет да, ал «көөкөрчө оюму» (тумарча) «кочкор мүйүз оюмунун» башына «карга тырмак оюму» келет. Ошондо ар бир үй өзүнчө «аламычтанат». Уз көбүнчө кызыл-жашыл, жашыл-кара түстөрдү пайдаланып, буюмду жашыл өң чечип тургандай туюлат. Айша кийиз үлгүлөрүнүн четине (жээк оюму) көбүнчө «сыңар кыял оюмун» пайдаланат. Уз — кийиз уютуунун чыгаан чебери. Ал кийизди «Айна» күкүм самыны

менен жууп, кайра аябай бышырып, кайра басып, буюмдун тазалыгы үчүн бөтөнчө кам көрөт. Келини Батышайым Сүйүнбекова, кызы Жыпар Добулбекова уздун өнөрүн улантуучулар.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Шырдак буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Биринчи даражадагы диплому;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Шырдагы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы.

## КУДАЙБЕРГЕНОВ БУЛАН

Жыгаччы. 1924-ж. Бакай-Ата районундагы Күмүштак айылында төрөлгөн. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Бишкек педагогия институтунун филология факультетин бүтүргөн. Көп жылдары Ключевка атындагы орто мектепте эмгектенген.

Жыгаччылыкка узануудa атасынын нускасын алган. Атасы өз учурунда боз үйдүн жыгачына узанып, жыгачтын сырын терең билген уста болгон. Буландын адам түспөлдөрүн жумурулап жасаган жыгач бедиздери басма сөз, көргөзмө, кароо-сынактар аркылуу учурунда өнөр күйөрмандарына таанылган. Жыгаччы өзүнүн өткөргөн сабагына көргөзмө курал даярдап, белгилүү жазуучу-акындардын жана атактуу адамдардын портреттеринин негизинде анын кебете-кейпин берүүгө умтулган. Буландын айрым иштери сүрөттү өз алдынча сүйүүчү катары элдик чеберлердин союздук көргөзмөлөрүнө чейин катышкан. Көбүнчө ал кара тал жыгачты пайдаланат. Чебер аны суусунда чаап, бүтөрүндө туздуу суугa кайнатып алат. Туз аны чыйралтат да, тарамыштай катуу кылып таштайт. Үч-төрт ай тал-теректин кабыгын аарчыбай маңызын өзүнө сиңирет. Себеби, биринчиден жарылбайт, экинчиден салмагы сакталат. Кара тал бекем болуп, сулуу чабылат. Талды убагында чаап, шамал жана күндүн шооласын көрсөтпөй, көлөкөдө сактайт. Анын бутактуу жерлерин түрпү, ийги аркылуу кетийт. Антпесе, ал кийин чордонуп, буюмдун абалын бузуп, жарака чыгарат. Уста көбүнчө он беш жылдык талды пайдаланат. Ал кайыңды да көп кармайт. Кайың оор, катуу келет, бирок кара талга караганда аны иштетүү оңойдой сезилет. Кайың суу кезинде шамалга бат жарылат. Муну чаап болуп, жымсалдоо мезгилинде эле туздуу сууга кайнатат. Кайыңда бутак аз болот. Ак түскө айланып, андан кармалган буюмдар — аяк, сузгу, кашык, табак, чөйчөк өңдүүлөр көрктүү көрүнөт. Кургагандан кийин да салмактуу болот. Көк терек анча чирибейт. Иштетүүдө суйкайып сыйда түшөт. Кыйып келгенде муну иштетүү жеңил. Убагында кургатылып, убагында чабылат. Кургатылган чакта жиксиз кынапталып, бириктирүүгө, кураштырууга жана желимди кармоого жакшы келет. Майда буюм-тайымдар үчүн липа ойдогудай жердик боло алат. Сууга да, күнгө да, ысык-суукка да чыдамдуу, жарылбайт. Бутаксыз өсүп, жонууга жумшак, иштетүүгө жеңил. Ар бир жыгачтын жекече касиеттерин билип, «суусун ичкен» Булан салттуу буюмдар: ашкана идиштерине, асемдүү аваз аспаптарына да узанат. Комуз да, ээр да чабат. Булан элдик чебер гана болбостон, чебер аткаруучу дагы.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын II кароо-сынагы». Жыгач буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы.

## КУДАЙБЕРГЕНОВА ЗАРЫЛ

Шырдакчы жана саймачы. 1936-ж. Жумгал районундагы Багашан айылында төрөлгөн. Азыр Сокулук районундагы Күнтуу айылында жашайт. Бишкектеги кооперативдик техникумду бүтүргөн. Соода тармагында эмгектенет. Узчулуктун башатын энеси Жоомарт кызы Зуурабүбүдөн (Ак-Талаа району, Ак-Кыя айылы) алган.

Керебетке тарткыч, терезе пардоо, кийим жапкыч, сүлгү өңдүүлөрдү жөрмөмө сайма, көптүрмө сайма, басма сайма, таңдай сайма аркылуу гүлдүн, куштардын, айбанаттардын, чөптүн, бак-дарактардын сүрөттөрүн чебер түшүрүү менен сайып, саймачылыгын баштаган.

Узчулук чеберчилиги кийиз буюмдарынан даана байкалат. Шырдактарында жалпы оюмду ортолукка эндүү алып, жазыраак көрсөтүп, анын аламычын толкундата алып, «салбай оюмга» көбүрөөк назар таштайт. Шырдакты, ала кийизди өңдөштүрүүдө сары-кара, сары-жашыл, жашыл-кызыл түстөрдү бири-бирине жуп-таштырат, мында кара-ак өң аламыч үчүн чечүүчү орунга чыгат. Ошондо жээк оюму «жарым кыял оюму», жагалмай канаттанып,

аламычы «ит куйрук оюму» менен ачылып, бир буюмдагы төрт такта оюму «бычак учу» аркылуу бөлүнүп, «карга тырмак оюму», «мүйүз оюмдары» ичтен-сырттан айкалышып турат. Анын ала кийизине түшкөн көркөм каражаттар живопистик маанайда чечилип, үч-төрт түс бири-бирине сиңип кеткендей баамдалат. Зарыл көбүнчө кыздын себине узанат.

Кыздары Гүлайымды, Маалайбүбүнү, келини Керимди узчулукка нускалоодо.

## КУДАЯР УСТА

Жыгаччы. Таластын Кара-Буура аймагынан чыккан. Ал таластыктар үчүн жогору бааланууучу көккашка ээрди арбын чапкан. Мунун кашы жалпак келип (калак баш), аны казак-кыргыз бирдей урунушкан. Өзү өзгөртүп чапкан ээрди эл «Кудаяр ээри» деп аташкан. Өзүнүн үйүндө үйрөнчүктөрдүн мектебин түзгөн устанын ээри төрт бөлүктөн болуп, ошол төрт бөлүктү төрт баласы чаап, Кудаяр өзү аларды бириктирип кадап турган. Чебер ээр үчүн кара талды, кайыңды тандап, ээрдин алдыңкы акырегине жана кашына ача жыгач коёт. Арткы кашына өзүнчө жыгач туурасынан чабылып түшүп, ээр бөлүктөрү бири-бирине жиксиз ашталат да, ал урунууга бышык келет. Мындай ээрди ичмек менен токунса да, аттын белин баспайт.

## КУЛАНБАЕВА УРПАЙ

Тери идиштеринин чебери. 1913-ж. Ысык-Көл районундагы Чоң-Өрүктү айылында төрөлгөн. Чарбанын ар кандай өнөктүгүндө иштеген.

Урпай көөкөр, көнөк сабаа, көнөчөк, көңдаал өңдүү шири идиштерин кармоодо абалы шар сууга бастырып, жыдытуудан кийин төөнүн, бодонун терисинин эки капталынын тегиз жеринен тырмак издери түшкөндөй алашем кылып кургатып бычат. Мунун сырткы кыртышын өзүнчө, ички кыртышын өзүнчө темене аркылуу тигет. Көөкөр, көнөк өңдүүлөргө кум, топурак шыкап, чапкылап, моюнун, ийинин, булуң-бурчтарын ийри шиш менен көркүнө, эбине келтирет. Уз көөкөрдүн ичин 5 литр, көнөктү 8—10 литр сыйымдуулукта жасайт. Ошондо чоргосу 16—18 *см*, оозу 3—4 *дм* келет. Ага эки элидей жыгач өрмө боо тагат. Көөкөргө, көнөккө Урпай тери коңур кургак кезинде «чийме сынпос» түшүрөт. Теке мүйүздөн «чийим шибегеси» менен жаралган ал көркөмдүктөрү тери идиштерине таандык кабыргаланып, карчыга канаттанып, ичке түшөт да, «жарым кыял оюмдарынын» учкай түрүн түшүндүрөт. Андан кийин бул идиштерин ыштыкка коёт. Уздун айрым шири идиштери мамлекеттик музейлерге экспонатталган. Эмгеги баттамада.

## КУЛБОЛДИЕВ МУКАМБЕТ

Жыгаччы, жыгач бетине коoздук түшүрүүнүн чебери. 1954-ж. Кемин районундагы Бейшеке айылында төрөлгөн. 1984-ж. «Мураскер» көркөм кол өнөрчүлүк окуу жайынын устачылык бөлүмүн бүтүргөн. Ошол окуу жайында жыгаччылык боюнча улук чебер-мугалим болуп эмгектенет.

Уста көбүнчө табак, аяк, чөйчөк, сузгу, кашык өңдүү кырма идиштерге жана үкөк, сандык, төр ала бакан, такта сыяктуу буюм-эмеректерге, күзгү, сүрөт, терезе алкактарга узанат. Жердик катары Чүй өрөөнүнүн тал-терек, кайыңын пайдаланат. Аларды март-октябрь айларында кыят. Тилип алып, мелүүн жайга кургатат.

Жыгач бетине «чыгармак оюму», «кочкор мүйүз оюму», «кыял оюму», «жарым кыял оюму» сымалдарды ичке, учтуу алат. Жыгачтын жүзүн буруу үчүн ышкын түптү жошого аралаштырып сүртөт. Жыгачтын өз өңү да боёктук милдет аткарат. Тал, теректен кашын өзүнчө чыгарып, туюк ээр чабат.

### Катышкан кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1989-ж. Прикладник сүрөтчүлөрдүн жана элдик чеберлердин Кыргызстан мамлекеттик сүрөт музейинде өткөн республикалык көргөзмөсү. Үкөк, күзгү алкактарына түшүрүлгөн көркөм оюмдары менен катышкан.

1990-ж. Кыргызстан мамлекеттик сүрөт музейинде өткөн элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү. Үкөк, такта өңдүү салттуу буюмдары коюлган.

1992-ж. Мамлекеттик тарых музейинде өткөн элдик чеберлердин республикалык сатуу көргөзмөсү. Кырма идиштери жана салттуу жыгач буюмдары экспонатталган.

## КУЛЖАБАЙ КЫЗЫ МАРЖАНБҮБҮ

Зергер. 1921-ж. Талас районундагы Көк-Кашат айылында төрөлгөн. Чарбада техник-осеменатор, эсепчи, тамеки талаасында эмгектенген. Атасы эски чебер Кулжабай колхоз устаканасын уюштурат. Кара темирге талбай узанган анын өздүк көмүркөйү жалгыз кызы Маржанбүбүгө калат. Аял-зергер катары атасынын ордун басат. Көрүгүн үйлөтүп, кү-

жүсүн күйгүзөт. Атасынын аспап-куралдарына эгедер болуп, өнөрүн улантат.

Зергер байбиче кыргыздын көркөм кол өнөрчүлүгүнүн бардык түрүнө кол тийгизип келүүдө. Ал саймачылыкты, оймочулукту, чырмакчылыкты аркалап, боз үй көтөргөн. Анын узчулугунда башкалардан айырмалана турган бөтөнчөлүктөр баамдалбайт.

Ал темир комуз жасайт. Анын жаагын жумшак темирден тандайт. Кээде күмүштөн, жезден, колодон да кармайт. Ал эми комуз тилин сөзсүз курч темирден алат. Аны өгөөлөп, табына келтирип сугаруу менен үнүн табат. Маржанбүбү чалгыдан да, өгөөдөн да, магниттен да тил жасоого аракеттенет. Тили ойдогудай чыккан аспапты калыбына салып өгөөлөп, жылмалайт. Зергер өзүнүн аваздык аспабын көп нускалап жасап, маданий мекемелерге көмөктөшүп, шайыр кыз-келиндер менен чыгармачыл байланышта болууда. Темир комузда өзү да мыкты ойнойт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Аваздык аспаптары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Темир комузу үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы.

## КУЛМАТОВ КАНАЙ

Жыгаччы, аваздык аспаптардын чебери. 1948-ж. Сокулук районундагы Жыламыш айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. 1967-жылдан Кыргыз театрлар коомунун өнөрканасында узанат. Ал зергер Кызгара Турдубай уулунун устакерчилигинен зор таасир алган.

Устачылыгын комуз жасоодон баштаган. Анын өнөрканасында прима комузу, альт комузу, секунтамер комузу, добулбас, темир комуздун өзү кармаган үлгүлөрү бар. Комуз жасоодо жыгачтардын жердигине байкоо жүргүзөт. Арчадан, чынар теректен жасалган комуз үндү орточо, жаңгак жыгачы бийик, кара өрүк жыгачы пас чыгарат. Алмурут жыгачы үндүү, кара жыгач добуштуу болот. Ошентсе да комуз, кыл кыяк үчүн өрүктөн өтөрү жок. Канай комузга көбүнчө бук жыгачын пайдаланат. Анын жердигин Румыниядан, Батыш Украинадан, Армениядан алат. Бук байкоолорго караганда башка жерлерде андай сапаттуу өсө





албайт. Ал атайын барып жыгачты тандап келет да, электр-мешинде кургатат. Андан кийин чала оюп, аспаптын түспөлүн берет да, калтырып коюп, бир жылдан кийин гана кайра кармап, биротоло бүтүрөт.

Кырма идиштерин жасоодо жергиликтүү жыгачтарды пайдаланат.

**Катышкан кароо-сынактары, көргөзмөлөрү**

1987-ж. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук II фестивалы. Аваздык аспаптары үчүн диплом, коло медаль.

1989-ж. Эл чыгармачылыгынын республикалык кароо-сынагы. Аваздык аспаптары үчүн ЭЧЖРКнүн дипломү.

## КУЛУКЕ УСТА
(Туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Уста. Кетмен-Төбөдөн чыккан. Анын узануудагы жекече ыкмалары жазылбай калган. Кулуке уста көркөм буюмду төп келтире кармаган. Эркектер үчүн, аялдар үчүн зер жасалгалары, асемдүү үй буюмдары, ат жабдыктары Кулуке устаныкы экени дароо таанылган. Азыр да айыл арасында жолугат. Анткени, андай баалуу мурастарды калк өзү барктаган. Элдик өнөрдүн өткөндөгү эстеликтери катары өз ордун тапкан. Бул устанын колунан чыккан буюм-кечелерге түшкөн сыйкырдуу көркөмдүктөр улам убакыт өткөн сайын жүзүнө чыгып, анын бул өнөрү өзүнө тургузган эстелиги катары туюлат. Кулуке устанын уулу Момункул ата өнөрүн улаган. Көмүр өчүрүп, көмүркөйүн кармап, күжүсүн күйгүзүп келген. Булардын өнөр үрөнү тереңге сиңип, текши өнүп, калктын жүрөгүндө турган. Кайран тиричиликтин өкүм зордугу менен кара жандарын карч уруп калк үчүн кажыбай узануулары кары тарыхтын биринчи барагынан берки мыйзамдуу көрүнүш экенин эч ким тана албайт. Улуу акын Токтогул Кулукенин усталыгын:

«Кулукедей уста бол,
Кыргыз элдин ичинде
Өлбөй турган нуска бол», — деп баалаган.

## КУЛНАЗАРОВА БАКБҮБҮ

Шырдакчы. 1937-ж. Аксы районундагы Жаңы-Жол айылында төрөлгөн. Атайын орто билимдүү. Соода тармагында эмгектенген.

Бакбүбүнүн шырдактарында аксылыктарга таандык өңдөштүрүүдөгү бөтөнчөлүктөр би-



линет. Төрт бурчтуу аянттуу жасалган шырдактарында төрттөн табакчанын ар бири төрт «мүйүз оюмдарынын» түрлөрүнөн жаралат да, «аламычы» «ача оюмдарынан» турат. Негизи түр шырдакка ал сары милтени — ыскытты арбын пайдаланат. Башынан «ачкыч оюму» бар эки «мүйүз оюму» «карга тырмак оюму» менен биригет. Ошондо төрт бурчунан төрт «кочкор мүйүз оюму» чыгат. Ак-карадан «бычак учу», жээк оюму «бадам оюмунан» арбын берилет. Уздун шырдамалына түшкөн көркөм оюмдары өтө жыш, бирок, айылдаштарынын үлгүлөрүнө үндөшөт. «Аламычы» бар бир табакчанын ичинен төрт табакча, анын ичинен төрт табакчага «кочкор мүйүз оюмун» чыгарып, табакчанын төрт четине «ачкыч оюму» менен кайрадан «мүйүз оюмдарын» жупташтырат. Анда кара өң буюмдарды өзүнө бурат. Демек, көбүнчө «мүйүз оюму» «ачкыч оюму» менен көбүрөөк биригет.

## КУРАЛОВА МАРАПАТ

Бычмачы-тикмечи, саймачы. 1948-ж. Ала-Бука районундагы 1-Май (Айрык-Там) айылында төрөлгөн. Бишкектеги № 8 кесиптик-техникалык окуу жайын бүткөн. 15 жыл ательеде бычмачы-тикмечи болуп иштеген.



Агыбаева Күлүйпа



Апышов Рыспай

Чий туштукча (Асанбаева Зулета)



Сынпоз ээр (Асанбаев Абдыкадыр)



Бекешов Асек менен өнөр таануучу Амантур Акматалиев





Ээр (Беккелдиев Бекмамбет)



Борбук келини Мисирбүбү





Сайма туштукча (Дыйканбаева Хамида)

Бектурганов Кочкор



← Дүйшөкеев Дөөткул

Көркөм оюм (Дыйканбаева Хамида





Түр шырдак (Жусубалиева Зуура)



Жусубалиева Зуура



Ибраева Салиман



Исаев Болотбек



Илиясова Ибадат





Исаков Шайдылда

Аваздык аспаптар (Исаков Шайдылда)



Кадралиев Садыбакас



Исакова Күлүйпа



Керимбаева Бакиш





Аяк кап (Кѳбѳнова Жийдегүл)

Кѳбѳнова Жийдегүл

Көпөева Рыскан



Зер буюмдар (Көпөев Азиз)



Чакан шырдак (Кадралиева Гүлбайра)





Кыдырмышева Гүлнара



Топ чачыктар (Матанова Оңол)



Матанова Оңол



Күзгү кап. Текче (Матанова Оңол)

Момунбаев Сүйүнаалы





Ат жабдыктар (Мокеев Ишен)



Ат жабдыктар (Момунбаев Сүйүн-аалы)



Мырзакматова Анаркан шакирти Гүлкан менен



Муслимова Сейнегүл

Орозаалы уулу Ысмайыл



Орунтай уулу Шарше



Осмоналиев Мекенбек



Осмонкулов Сагыналы



Осмонова Созулкан



Туш кийиз (Садыбакасова Ажар)



Сариева Калыйча



Телтаев Карыпбек





Султанова Жамал

Сайма туштукча (Тургуналиева Турарглүл)





Туш кийиз (Усуп кызы Айым)



Килем туштуктар (Эргеш келини Умсунай)



1979-жылдан Т. Сатылганов атындагы Кыргызстан Мамлекеттик Филармониясында улуттук кийимдерди бычып-тигүүчү, буюмга көркөм көчөттөрдү түшүрүүчү чеберканада узданат. Марапаттын узчулугуна апасы Бүбүайша Нурумбет кызы (Ала-Бука району, Көк-Таш айылы) таасир эткен. Ал илме сайма, ийне сайма, илме дос сайма, кажары таар, беш кеште таар, курак, шырдамал, шырдак (оймо теке) жана башкаларды түгөл жүзөгө ашырган. Анын үлгүлөрү Шакаптар, Көк-Серек, Терек-Сай, Ала-Бука айылдарына кеңири тараган. Ал үлгүлөрдүн көпчүлүгүн Марапат кармай билет. Уздун Карамолдо Орозов атындагы ыр-бий ансамблинин артистерине, башка артистердин сахналык кийим-кечектерине пайдаланган «шырдак оюмдарын», «кыял оюмун», «карга тырмак оюмун», «бармак- боочу оюмун» ичкертип, кыялдантып, ал кооздуктарды ич ара кыйыштырып, бири бирине бутактантуу, үчтөрт түстү пайдалануу аркылуу берүүсү, сайма көчөттөрүн жыш алуусу мүнөздүү. Мындай кооздук Марапаттын колунан «Ак марал» ансамблинин бийчилери жана Эстебес Турсуналиев, Тууганбай Абдиев, Замирбек Үсөнбаев, Нурак Абдыракманов, Саламат Садыкова, Дарика Жалгасынова, Гүлзат Батырканова, Лира Райымбекова, Тамара Исабекованын театрдык кийим-кечектерине түшкөн. Марапаттын Чынара Осмонова, Айгүл Токторбаева, Калбүбү Алиева Садык кызы, Эрке Таргылова өңдүү шакирттери бар.

## КУРМАНКУЛ УУЛУ БЕЙШЕНААЛЫ
(1896—1980)

Зергер. Азыркы Манас районундагы Май-Дөбө деген жерде туулган. Киров районундагы Бейшеке айылында 82 жашында дүйнөдөн өткөн. Кезегинде табыпчылык да кылган. Түйтө элинен чыккан Нурбек деген зергердин устачылыгына таасирленген.

Уста даана күмүш менен узанган. Анын өнөрканасына кыз-келиндердин зер буюмдарын кармоонун көптөгөн ыкмалары таандык. Шакек, оймок, билерик, сөйкө, күбөк, желбирөөч өңдүү асем жасалгаларга «тогуз төбөлөп» айнек акак жана башка таш чөгөрө билген. Ар буюмунун көркөм калыбы, тоо текенин мүйүзүнөн бири бирине окшобогон жатагы болгон. Бир эле буюмга «сыя төгүү», «тогуз төбөлөө», «чапкылоо» ыкмаларын бирдей кылдаттыкта кармай алган. Бейшеналынын «себетти» (күмүшкө төгүүчү сыя) жасоодо өзүнө гана таандык ыкмасы болгон. Тактап айтканда, өзү таасиндеп жасап, кургатып алган. Ал чопо чөйчөгүнө мисти (кызыл жез), жезди (сары жез) өлчөп салып кайнаткан. Бул эки затты бириктирип эритиш үчүн белгилүү өлчөмдө коргошун кошкон. Кайнатып жатканда утуру күкүрт салып, аралаштырып отурган. Кайноосу жеткилең болгон суюктук жылтылдап чыккан-да аны чыгараар замат жука темирге куйган. Ал катаары менен кийизге салып талкалап, майдалап алган. Зергердин күмүш бетиндеги жараткан оюмдары бири биринен айырмаланган. Ал жасап алган себетти (сыяны) күмүш бетиндеги оюм-чийимге берер алдында ага суу кошуп эзген. Кичинекей калакчасы аркылуу этиет куюп, кайра оттун табына кармаган. Ошондо себет агарып ысып чыгат. Аны чычырканактын көмүрүнө кошот да, кол көрүгү менен жай басат. Карайган себет төгүлгөн буюмга ыроологондо ал кашкая түшкөн. Оюмга зергер дагы «жандама чийим» түшүргөн.

Уста ат жабдыктарына да кылдат узанган. Анын бөлүктөрү: жүгөн, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан, камчынын кайыш-көгүнүн жердигин бүтүндөй колдон жаратып, ага чабылган, «сыя төгүлгөн» шөкөттөрү кашкая түшкөн. Айлакер уста мергенчиликке, мүнүшкөрчүлүккө, элдик оюндарга өтө ышкылуу болгон. Бүркүтүнүн баш бармагын түлкүгө чайнатып, бармагынын мүрү

гана калганда ага жезден тырмак жасап, кыраан бирдемелерди чеңгелдегенде чоюла-кериле тургандай кылып, алгырын кыйла жылдары ууга салып жүргөн. Азыр зергердин асем нускалары айыл ичинде арбын сакталган. Айрымдары тарыхый-этнографиялык музейлерге экспонатталган. Бейшеналынын таалиминде зергер айылдашы Доорoнбеков Жакшылык кызуу узанууда. Эмгектери баттамада.

## КУРМАН УУЛУ КЕРИМБЕРДИ (САРЫ УСТА)
(1897—1980)

Зергер. Тоң районундагы Дөң-Талаа айылында төрөлгөн. Кийин Жети-Өгүз районундагы Барскоон айылында жашап өткөн. Өңү сары чийкил болуп, бала күнүнөн устакана кармагандыктан айыл арасында «Сары уста» аталган.

Кийинки чактары Сары уста кайык ат жабдыктарына сары жезди өзүнүн куйма калыптарына эритип куюп, шөкөт чаап жасаган. Ага түшүрүлгөн кооздуктар мурунку зергерлердикинен анча айырмаланган эмес. Ага атактуу Кебек уста күмүшкө мина коюуну үйрөтөт. Мында түшкөн оюм-чийимге минаны мыскалдап салып, отко кармайт. Мина мөлт этет да, чийимдин ичинен жатак алат. Аны кургак чүпүрөк же кийиз менен сүртсө, көркөм оюм бадырая түшөт. Муну «сыя төгүүнүн» бир түрү катары пайдаланган. Аны зергер пайдаланаарда абдан күлмайдалап же сууга чылап, кадимки «сыядай» кылып алат. Күмүш бетине түшкөн элдик оюм-чийимди минтип сыялоону «мина төгүү» же «мина коюу» деп атайт. Сары уста кийинки чактары аны ат жабдыктарынын шөкөттөрүнө да арбын колдонгон. Эмгеги баттамада.

## КУСКАКБАЕВА МАЙРАШ

Шырдакчы. 1924-ж. Тоң районундагы Туура-Там айылында төрөлгөн. Башталгыч мектепти бүткөн.

Ал абалы сүрөт тартууга кызыккан. Кийин илме шибеге аркылуу туш кийиз, күзгү кап, текче саюга машыгат. Уз аталган кызды кийин кайын энеси оймочулукка үндөктөйт. Ал ак өргөө көтөргөн. Ички-сырткы жасалгаларында өзүнүн чеберчилик жүзү бар. Шырдактарында «куш оюмунун» эки четинен «мүйүз оюму» чыгып, арасынан «карга тырмак оюму» «аламычтүшүп, ал ортолук оюмдун табакчалары бирибири менен жиксиз уланат да, «аламычы» ак-



карадан болот. «Бадам оюмдан» да берилип, шырдактын кызыл, көк түстө болушу салттуулукту аныктайт. Ал шырыктык жипти кылчык жүндөн ийирет. Шырыкка бир гана жол чыгарат. Уздун Шаарканова Ыпый, Ордобаева Үкөн өңдүү үйрөнчүк-шекиттери өнөктөш узданышууда.

## КУСКАКБАЙ УУЛУ БАЙГАЗЫ
(1889—1961)

Жыгаччы жана ат жабдыктарынын чебери. Жети-Өгүз районунун Тосорундагы Сүйүнбай-Булак кыштоосунда төрөлгөн. Нарындын Теке-Секиригинде кадимки акын-демократ Тоголок Молдодон (Байымбет Абдракман уулунан) төрт жыл окуган. Тарыхчы Ишеналы Арабаевдин жолдомосу аркылуу Алма-Атадан мугалимдердин эки жылдык курсун бүтүп, Саз деген жерде мектеп ачып Тосордун, Тамганын балдарын окутат. Мамырбай деген устанын талими менен ал ошол тапта ээр чабат. Ага талды пайдаланган. Башка усталардан өзгөчөлүгү ээрди сомдоп, уйдун жампасын шыбап, көлөкөдө кургаткан.

Кырма идиштерине, үй жыгачына да узанган. Үй жыгачын кармоо үчүн тамаркага тосордун талын тигип, жердик катары пайдаланган. Ат

жабдыктарын өрүп да, кайып да жасаган. Ал үчүн бодонун терисин малмага салып, талкууга коюп көн, ак кайыш жараткан. Байгазынын уулу Дордош аркылуу неберелери Кабылбек, Батабек, Таалайбек чеберчилик кылышат.

## КҮЛБЕК УСТА
(Атасынын аты, туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Ал Ысык-Көлдүн Ак-Суу тарабынан чыккан. Күлбектин чоң аталарынан бери атактуу усталардан аталган. Күлбектин устачылыгын эл жогору баалаган. Анын бирин уста Жумаш Асанбаев (Ак-Суу району, Боз-Учук айылы) төмөнкүчө баяндайт. Ак-Сууда «кырк байталдын кылычы», — деген сөз бар. Кийин ошол кылыч ортосунан чорт сынат. Жасаткандар зергердин тукумунан кун доолашканда муну Күлбек уста жиксиз кепшерлейт. Анын кепшерди эмнеден жасаганы, курч болот аны кандай кабыл алганы, жиктерин алтынга кандайча буулантканы, данакер кантип кармаганы сыяктуу устакерчилигинин сырлары айтылбай, жазылбай калган.

Күлбектен Көлбай уста туулат. Көлбайдын уулу Чекир да болжолсуз зергер чыгат. Анын уулу Карабекке да устакерчилик жугат. Алар түпкү аталарынан калган көмүркөйдү, көрүктү колдон колго өткөрүп келишет.

## КҮМҮШБЕК КЫЗЫ АЛТЫН
(1886—1977)

Оймочу. Сокулук районунун Жыламыш айылында төрөлгөн. Үй-бүлөсү жапырт көркөмдүк дүйнөсүнө умтулат.

Алтын уздукка өтө жаш кезинен талаптанат. Төтөн, анын жүзү кийиз оюмдарынан ачык билинет. Анын уздугу «Алтын оюму» деген атта тараган. Жасаган буюмдары Сокулук, Аламүдүн райондорундагы Жыламыш, Кара сакал, Шалта, Асылбаш, Таш-Дөбө, Жаңы-Арык өңдүү айылдарда көп жолугат. Учурунда баса отуруп узданган. Анын уздук өнөрү кийиз оюму менен кездеме көчөтүнө тең жаралгандай сезилет. Алтын өзүнүн бүт ыкмасында көбүнчө «кочкор мүйүз оюмду» негиз тутуп, оюм учтарын укмуштай так, таза, дал өзүндөй көрктүү чыгара алган. Уздун оюмдарынын бөтөнчөлүктөрүнүн бири — ал көркөмдүктү төптүштүрө, ич ара айкалыштыра берип, анда бир бүтүм ой, ыргактуу обон жарата билгендигинде. Анын эч жерде учурабаган кийиз оюмдарына атактуу зергер Кызгараев Кошалы да тең берген. Чынында эле «Алтын оюм» кубулма сызыктанып кетет. Аны «айкаш оюм» десе да болот. Учурунда уздун атасы Күмүшбек да чоң өнөрпоз болгон. Ал балдарына атайын өнөр жугузуш үчүн элдик таланттарды чакырып, аларды үйүнө байырлатуучу экен. Алтындын бир тууганы Сыдыктын жалпы эле көркөм кол өнөрчүлүгү, анын ичинде көркөм оюм жаратуу кудурети замандаштарына беш колдой дайын. Анын андай чыгармачылыгы күмүш бетине түшүрүүгө да шартташкан. Сыдыктын оймочулугун бүгүнкү муундар үчүн зергерчиликтин өзүнчө мектебин түзүп кеткен улуу уста Кызгара Турдубай уулу да баалаган экен. Алтындын шакирти Күлүкан уз жараткан шырдактар айыл ичинен азыр да арбын жолугат.



## КҮСӨНБЕК УУЛУ ШАЙБЫР
(1848—1933)

Жыгаччы. Кочкор районундагы Чоң-Булак деген жерде төрөлгөн. Калыгул олуя өлгөндө анын бейит-коргонун бир күндө жапырт эл катышып тургузганда жети жашар Шайбыр да кол кабыш кылат.

Келини Мария уздун айтымында боз үйдүн сөөгүнө (уук, кереге, түндүк, босого-таяк, каалга) бүтүндөй узанат. Аларга түс берүүдө абалы жылкынын жылуу канына «ичирип», анын үстүнө жошо сүрткөн. Бул майлуу кан сиңимдүү келип, жыгач чирибеген. Уста кырма идиштерине да узанган. Чиенин кабыгын майдалап, жылуу сууга чылап, жаңы жасалган идиштерди ага үч күн койгондо саргыч кызгылтым түс берген. Аны ыштыкка койгондо күрөң кара өң пайда болгон. Ал тамактын даамын бузбаган, даамына келтирген. Эл жыгачтан түймө түйгөн (топчу түйгөн) уста деп эң жогору баалашкан.

## КЫДЫРАЛИЕВА ЖИБЕК

Саймачы. 1939-ж. Жумгал районундагы Багашан айылында төрөлгөн. Жети жылдык мектепти бүткөн. Үй ичин бай жасалгалаган (шырдак, ала кийиз, жабык баш, канат чий ж. б.) ал уздун туш кийиздери башка буюмдарынан өзгөчөлөнөт. Анда Жибек үлгүнүн ортолук көчөтүнүн табакчаларын башкараак түрдө алат. Мында кийиз оюмдарына караганда өз өзүнчө бөлүнбөй, жалпы көчөт катары берилген табакчалары эндүү берилип, жарыш түшкөн «чычкан изи» сымалданган «суусу» ачык болуп турат. «Мандалак сымал көчөтү»



Устанын кылдаттыгы мына ушундан баамдалган. Толук тарапта Токтогул нускалаган экинчи комуз уста, комузчу Стамкул уулу Эшенбай экөө өнөктөш узанган.

## КЫДЫРМЫШЕВА ГҮЛНАРА

Чырмакчы, уз-сүрөтчү. 1953-ж. Тоң районундагы Бөкөнбаев айылында төрөлгөн. Бишкектеги С. Чуйков атындагы сүрөтчүлөр окуу жайынын колдонмо-жасалга бөлүмүн бүтүргөн. Көркөм фондуда, «Ысык-Көл правдасы» газетасында, Балкаштагы тоо-кен башкармасында сүрөтчү болуп эмгектенген. 1986-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде үлгү түзүүчү болуп иштөөдө.

Автордун «Чыгыш календары», «Ысык-Көл», «Кызыл гүл», «Курак», «Куюн», «Ашкана чий», «Көңүл ыргактары» өңдүү стилдештире берген эмгектери бир нече нускаланып дүкөндөргө, жайма базарларга түшкөн.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Чий буюму үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Экинчи даражадагы диплому;



ортолук табакчалардын өзөгүн түзөт. Андагы коздукту туш кийиздин капкалдырыгы кайталайт. Уздун айрым туш кийиздерине капкалдырык түшпөйт. Жибектин энелеринен калган кундуз бастырган туш кийиздер азыр да бар. Жибектин сайма көчөттөрү ошолорго үндөшөт.

## КЫДЫРАЛИЕВ КАЗАК
(Туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Уста. Кетмен-Төбөдөгү Толук айылынан чыккан. Абалы ал кара уста катары таанылган. Ал темирди да, күмүштү да, жыгачты да кармаган. Өзү комуз чаап, черте да билген. Улуу Токтогулдун окуучуларынын бири катары бааланат. Кара устанын мыктысы гана темир комуз кармаган. Казак темир комуз жасаган, оймок, шакек, чачмончок жасап зергерчилик да кылган. Жыгачка көбүрөөк үңүлгөн. Жыгаччы катары, жыгач комуз жаратууда өзүнүн жекече ыкмасы болгон. Негизи анын капкагы үчүн карагай, бутагы жок бака теректин тунугунан керектеген. Анын комузунун узундугу өзүнүн карышы аркылуу төрт-төрт жарым болгон. Чарасын карыш алып, комуз кылына койдун ичегисин чыйраткан. Ичеги кыл жоон ийрилсе комуздан долдурак үн чыгат, ичке ичеги кыл чыңкылдап калат.

1988-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Неопалдагы көргөзмөсү». Курак буюмдары менен катышкан;

1989-ж. Орто Азия жана Казакстандын колдонмо-жасалга өнөрүнүн көргөзмөсү. «Куюн» аттуу чий буюму үчүн ЭЧЖРКнүн дипломү.

## КЫДЫРОВА ТУРСУН

Бычмачы, саймачы. 1924-ж. Жети-Өгүз районундагы Желдең айылында төрөлгөн. Энеси Бүбү уз, атасы Кыдыр санжырачы, комузчу, таятасы зергер адам болгон. Турсун кыйла жылдары Караколдогу тигүү фабрикасында бригаданын бригадири, цехтин башчысы болуп эмгектенген. Азыр тигүү фабрикасында жаштардан үйрөнчүктөрдүн мектебин уюштуруп, уздуктун сырлары менен тааныштырууда.

Уз кыз-келиндер кийүүгө өтө көрктүү кийим болгон кемселди «Беш бел» деп узданат. Анын этеги төгүлүп, бели кыналып турат. Мындай беш жеринен бели кыналып, этеги жайылып турган кийим тизеден беш эли узун болот. Кийүүчүнүн жаш өзгөчөлүгүнө жараша сайма көчөттөрү түшүрүлөт. Байбичелерге куп жарашкан үлгүлөрүн да уз өзүнүн алтын колунан сарысаптоодо. Кийимдин жердигине карай ага берилүүчү кооздуктарды аныктайт. Эгер буюмдун жердиги кара, күрөң өңдөрдөн турса, анын өңүнө түшүүчү көчөт үчүн ал ак менен кызылдан «суу» салып, мунун ортосуна жашыл түстү чуркатат. Ошондо «суу» түшүрүлүп жаткан көркөм көчөттөрдүн араларын ачып, ажарына чыгарып турат. Анан сары өң аркылуу «чабалакей канат» сымал көчөттү берип, андан кийин анын учуна көк жана кызылдан «суу» жүргүзөт. Көпчүлүк учурда төрөп-түшкөндөн кийин белден төмөн тартылуучу аялдардын сырткы кийими белдемчини илгертен эле келиндин өз энеси кызынын «жээн көрүү» тоюнда тартуулаган. Көчмөн кыргыз аялдары үчүн белин бекем бууп, жылуулукту, тазалыкты жана ден соолукту сактоочу бул кийимди той-тамашаларда кооздукка тартынгандыктан уз да саймалап, этегине суусар, кундуздун терилеринен жээк кармап кооздойт. Белдемчинин саймасын түрдөнтүп да жиберет. Ал анын жердигин сары күрөң баркуттан тандайт. Ага жашыл түстө түшүрүлгөн сайма талаптагыдай жупташат. Ошондуктан жашыл жиптен эки жолу «суу» салып, ага актан «ийрек» берет. Анан «куш канат көчөтү» сайылат же «секиртме» (сирке төктү) түшөт. Белдемчиге сайылган көркөм көчөттөрдүн жалпы эни уздун болжолунда беш элидей (7—8 см) келип, анын четине бир-эки элидей кундуз же башка аң терилерин карматуу ылайыктуу. Булуңчасына жашылдан сайылган «кош мүйүз» оюмунун элементи жалпы кооздукту өзүнө оодарып алат. Уз жасаган белдемчисинин жээгине милте коёт, мунун боосу чалма болот. Чалманын төрт учун «топ чачы» менен чоктойт. Белдемчинин бешманты туюк жакалуу, тегерек жакалуу болот. Жеңинин учуна гана көркөм көчөттөр сайылат.

Турсун балдар үчүн баш кийим да жасайт. Уз үй буюмдарына да назар таштап, күзгү кап менен секичекти (текче) бир бүтүмдө кармайт. Мында алты өңдү айкалыштырат. Бул буюмда тоодон башталган жол кыялай кетип, «уй мүйүз көчөтү», «бугу мүйүз көчөтү», «кулжа мүйүз көчөтү» өз ара тиреше айкалышат. Жердиги кара баркутка сайылган бала куржунуна уз композиция түзүп, бир бүткөн ойду берүүгө дымагы бар.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I карооо-сынагы». Сайма буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Элдик кийимкечектери үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы, Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Сайма кийим-кечектери үчүн ЭЧЖРКнүн дипломү, медалы.

## КЫЗГАРАЕВ КОШАЛЫ
(1923—1983)

Зергер. Сокулук районундагы Жыламыш айылында төрөлгөн. Көркөм өнөргө эң кичине чагынан умтулган. Атасы Кызгарадан комуз чертүүнү, кыл кыяк тартууну, көрүгүн басып берип, зер буюм жасоону үйрөнгөн. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Кыйла жылдары мергенчилик кылган. Кийин устакерчиликти түп туткан уста Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун алдындагы көркөм фондусунун үйдөн узануучу чебери болгон. Бул өнөркана ага «Элдик чебер» деген наам берген. 1972-ж. ВСЦПСтин «Эмгек жана эс алуу» павильонун



жасалгалоого жандуу катышкандыгы үчүн СССР ЭЧЖКнүн Ардак грамотасы менен сыйланган.

Кошалы ата мурасын уланткан жана өрчүткөн зергер уста да, кара уста да, кыл кыякчы да, комузчу да, мүнүшкөр да болгон. Зергердин алтын колунан тамган: сөйкө, билерик, шакек, оймок, чолпу, топчу өңдүү кыз-келиндерге арналган аруу буюмдары Москва, Санк-Петербург, Ташкент, Киев, Париж, Берлинге чейин жеткен.

Уста буюмдан канча нуска жасаса да, анын оюм-чийими бири бирине окшошпойт. Бул «Кошалы кыялы», «Кошалы чабыты» болгон. Ага даяр үлгүнү көчүргөндөн оюм-чийимди дароо чийүү алда канча оңой туюлган. Зергер жалаң чапкы менен узанган. Чапкыны атасы Кызгара да такай кармаган. Ал темирге күмүш жалаткан, ага сыя төгүп мөөр түшүргөн, күмүш созуп, аны сиркелетип-таруулатып, тордоп, чапкылап, ийип, толгоп буюмду ийине келтирген. Кошалыга ата алдыртан күмүш эритүүнү, темир бетине жалатып, ага чийим түшүрүүнү үйрөтөт. Абалы жаш зергер чолпунун он алты тегерегине өзүнүн «кыял оюмун» чегелейт. Чолпу башындагы эки чоң канатка «карга тырмак» түрүн түшүрөт. Затты эритүүдө жыгач көмүрдүн ички касиеттерин туят. Кошалыга карасакал деген элден чыккан Чал уста темирдин сугатын үйрөткөн. Ал дагы кара темирди камырдай жууруп, кайыштай ийлеген, темир тегинин сугатына укмуштай улукман уста болгон. (Чалдын уулу Ырайке күмүш уста, зер буюмдарынын бетине «зоот» түшүрүү ыкмасын таасын билген. Экинчи уулу Касымбай такай кара темир кармаган).

Бетине ар түркүн издерди түшүрүү аркылуу буюм кармоодо «чапкылоо» ыкмасы аркылуу Кошалы жез, коло, дат чалбас, нейзильбер, калай сымал түстүү заттарды иштеткен. Ал өзү жасаган аспап-чапкыларынын көп түрү менен темир бетине даана чаба билип, буюмга кайталангыс кооздук ыроологон. Ал ар бир аспабын жасоодо өзүнүн «кыял оюмдарын» негиз кылган. Мисалы, «айыш чапкысы» буюмга жээк салган. Оюм-чийимдин кичине-чоңуна карата «ат туяк», «тай туяк» дегени бар. Учун беш кыр чыгарган, кичине-чоң мыктан жасаган «жылдызчасы» нусканын үч түрүн чырайлаган. «Чаар чапкысы» оюмдун тегерегине көп чекит түшүргөн. «Чуңкур такта», «тоок көз», андан да майда «чымчык көз» сыяктуу тегерек өңдүү чапкыларынын өз алдынча, бири бирин кайталагыс кооздуктары бар. Зергердин «кар чапкысы» чилдеде кымкарлап жааган кардын кандайдыр жылдыз кейиптенип кеткенин элестеткен. «Кайчы кулак», «кыял ачаке» чапкыларынын да өз милдеттери бар. Чеберде үч бурчтук менен ар кандай түр бере турган аспаптардан он чактысы болгон. Кээде бир эле буюмга бул чапкылардын баарын жаземдебей колдонгон.

Зергер абалы болочок буюмдун эскизин (кагаз үлгүсүн) дааналаган. Анан жердигин даярдап, ага божомол боюнча сызык түшүрүп, анан аспаптары аркылуу кылдат чегелеген. Тоо-таштын булуң-бурчтары, алардагы иймечиймелер, жардын ураган-кулаган кемерлери, тал-теректердин бутактары, уктаар алдындагы ар кандай элестер жүрөккө дароо шык берип, андан көркөм оюм-чийим жараткан.

Булгаарыга чапкан шөкөттөрү алмак-салмак өзгөрүп, өтө кооз көрүнүп, бул сыяктуу үлгүлөрү борбордук жана республикалык мамлекеттик музейлерге экспонатталган. Кошалы камчынын эки түрүн шөкөттөөнү жүзөгө ашырган. Тобулгу (табылгы) сап камчысын «жигит камчысы» деген. 32 талдан камчыга өрүм өргөн. Камчы башын нейзильберден чапкан, ага кадимкидей оюм берип, камчы чачысын кооздук үчүн чукурттөгөн. Камчы алаканына да оюм түшүрө шөкөттөгөн. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1972-ж. «Өздүк көркөм чыгармачылыгынын чеберлери менен сүрөтчүлөрүнүн жасалга-колдонмо өнөрүнүн Бүткүл союздук көргөзмөсү». Зер жасалгалары үчүн ВСЦПСтин I даражадагы диплому;

1976-ж. «Уста жана уздардын республикалык кароо-сынагы». Зер жасалгаларынын мыкты нускалары үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин I даражадагы диплому;

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Жасалга өнөр чеберлеринин республикалык көргөзмөсү». Камчы шөкөттөрү үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин II даражадагы диплому;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Зер жасалгалары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин II даражадагы диплому, республикалык кароо-сынактын лауреаты.



**КЫЗГАРА УУЛУ БЕРДААЛЫ**
(1921—1990)

Зергер. Сокулук районундагы Жыламыш айылында төрөлгөн. Баштапгыч класс билим алган. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, Устакерчилик, мергенчилик кылган. Өнөрдү атасы Кызгарадан үйрөнгөн.

Бердалы буюмдун жердиги үчүн таза күмүштү эритип уютуп алууда «Николай тыйынын» колдонгон. Аны иштетүүнүн сырларын мыкты билген. Бир сомдук жана таза көрүнгөн илгерки күмүш 15, 20 тыйындыктар күмүштүн үчүнчү, азыркы түстүү металлдар төртүнчө сортуна кирип, аларды ич ара касиеттерине карата пайдаланган. Зергер сары жезди иштетүүгө ийкемдүү таза жез катары караган. Илгерки самоор, чылапчын, чайнекти эриткен. Абалы жашыл түтүн чыгып (ал заттын чала эригени), анан даана эригенде үстү ак күлгө (карагайдын күлүнө) айланган чакта «чий көбүгүн» (үстүндөгү ыпласын) алып, аны өзүнүн калыбына куйган. Ал мисти да бир нече түргө бөлүп, аны ат жабдыктарынын шөкөттөрүнө пайдаланган. Анын эки түрүн: кызыл мисти жана мала мисти бирдей иштете алган. Колодон үзөңгүнү бүтүндөй же бөлүп куйган.

Бердаалы билерик, сөйкө, чолпу, шакек жана чакча сыяктуу зер буюмдарын кармоодо чапкылоо ыкмасын (чегүү) колдонгон. Анын металл бетине түшүрүүчү аспап-куралдары, көркөм оюмдары зергер Кошалынын жараткан нускаларына үндөшөт. Ал кийин жалаң ат жабдыктарына узанган. Ага казактар көбүрөөк кардар түшүп турган. Зергердин устачылыгы уулу Дүйшөнкулга өткөн.

**МАКЕЕВ САДЫРБЕК**

Сүрөтчү-жасалгалоочу. 1954-ж. Кочкор районунун Ак-Талаа айылында төрөлгөн. Бишкектеги № 3 техникалык окуу жайын (1971), Сүрөтчүлөр окуу жайынын карапа-скульптуралык бөлүмүн (1979) бүтүргөн. «Айнур», «Сетунь» заводдорунда иштеген. 1979-жылдан сүрөтчүлөр фондусунда иштейт. Устачылык нусканы аталаш агасы Көбөлөв Асандан алган. Ал жүгөн, куюшкан, камчы өрүп, боз үй көтөргөн уста болгон. Садырбектин атасы Макей да колунан көөрү төгүлгөн уста болуп, боз үйдүн жыгачын кармаган, ээр чапкан, ат жабдыктарына узанган.

Садырбек майда бедиздерди шамоттон, карападан, чоподон жасайт. Чапкылоо-согуу (чеканка) өнөрү менен аткарылган Жети-Өгүз курортунун кире беришиндеги, Оргочор айылынын эки башындагы скульптуралык композициялары бар. Балыкчы шаарынын спорт комплексин спорт темасындагы чеканкалар менен жасалгалаган. Кыргыздардын ичинен алгачкылардан болуп медаль жасоо (гальваникадан, бронзадан) темасына кай-





рылган. 1979-жылдан көптөгөн республикалык көргөзмөлөргө, кароо-сынактарга катышкан. Көргөзмө-дүкөндөрдө иштери сатылып, сүрөтчүлөр музейине иштери экспонатталган. Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү (1992).

## МАКЕЙ УУЛУ ТОКТОГУЛ

Кара уста жана таш чеккич. 1909-ж. Түп районундагы Тасма (Сухой-Хребет) айылында төрөлгөн. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Атасы Кыдыр акенин кызынын зер себин камдаган зергер болот. Токтогул атасынан темирчиликти даана үйрөнүп, Жети-Өгүз районундагы Үгүт айыл чарба артелинин устаканасын уюштуруп узанат.

Ал ат жабдыктарын жасоодо атадан калган, формасы башка усталардыкынан айырмаланган куйма калыптары бар. Ага жезди, мисти, колону эритип жатак алдырат. Ал темир комуздун жаагын күмүштөн да, жезден да, кара темирден да тандай билет. Жаагы менен чорт сынбай турган кобулуна муңайым (жумшак), тили менен иймегине болоттун өтө курчун керектейт. Муну жасоодо ал аспаптын ондон ашуун түрүн колдонот. Уста өзү темир комуз аркылуу «так теке» ойното алат. Токтогул тегирмен, жаргылчак чегүүдө анын ташын жаткан жайынан тандайт. Ага узануусу башкалардан анча айырмаланбайт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1974-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Аваздык аспабы үчүн ЭЧЖРКнүн II даражадагы дипломү.

## МАЛЕНКУЛОВ АБАКИР СЛАН УУЛУ

Тери буюмдарынын чебери. 1956-ж. Тогуз-Торо районундагы Арал айылында төрөлгөн. С. А. Чуйков атындагы кыргыз мамлекеттик сүрөтчүлөр окуу жайынын прикладдык бөлүмүн бүтүргөн.

Абакир китеп тыштарын, куттуктоо папкаларын, кыздардын кол баштыктарын, бел кур өңдүүлөрдү арбын жасоодо. Тери чебери негизги аспап-куралдары болгон чийим шибеге, шибеге менен жекече сериялуу эмгектерди жаратууда. Чебердин «Мергенчинин өздүк буюмдары» аттуу ишинде басма ыкмасы бар. Ага мылтык кабы, ок чонтою, баштыкчалары, бычак кабы, шыралга илгичи, тери малакайы, чокою өңдүү өз өзүнчө милдет аткара турган буюмдары кирет да, алардын ички



коозduктары бири бирине тутумдашып, бир бүтүн чыгарманы түзүп турат. Мында наар түшүрүүдө «мүйүз оюмун», «бармак боочу оюмун», «кыял оюмун» негиз тутуп, булгаарынын табияты кабыл алгандай аларды майда, үзүлкесилсиз берген. Оюмдан оюм жаратып чөптүн сабактарын, гүлдөрдүн бутактарын жана таажыларын, бак-дарактардын жалбырактарын символдоштурган. Териге түшкөн коозdукту башка жердиктер кайталай албайт. Төтөн, күрөң сары булгаарыга өң сиңирүү ал өзүнчө чеберчилик. Бул жагынан Абакирдин жердиктин негизги касиеттерин таанып билүү артыкчылыгы байкалат.

Терини боёдо боёк жугузуу үчүн теринин сырткы бетин тазалайт. Тери майын чыгарат. Аны «козу кулак кислотасы» менен жууйт. Тери күйүп кетпесин үчүн өз өлчөмүн так алат. Боёлгон теринин үстүнөн жылтыратууда мом менен сүртөт. Ал боёкту актайт, суу жуктурбайт. Абакир «Чабандын өздүк буюмдары» деген үлгү жараткан. Мында куру, дүрбү салгычы, радио кабылдагычтын тышы, бычак кыны, камчысы, чокою өңдүүлөрдү ал көркөм планда чагылдырган.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1983-ж. «Прикладниктердин Бүткүл союздук көргөзмөсү». Мергенчинин өздүк буюмдары үчүн ЭЧЖКнүн коло медалы;

1987-ж. Октябрь революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Тери буюмдары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин I даражадагы дипломy;

1988-ж. Чыңгыз Айтматовдун 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин жана сүрөтчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». «Кызыл алма», «Солдат элек» китептеринин булгаары тышынын жасалгасы музейге экспонатталган;

1989-ж. Токтогул Сатылгановдун 125 жылдыгына карата Токтогул китебинин тышынын жасалгасы Токтогул музейине экспонатталган.

## МАМАДАЛИМОВА АНАРА

Өрмөкчү. 1952-ж. Ноокат районундагы Жар-Коргон айылында төрөлгөн. Атайын орто билимдүү. Китепканачы болуп иштеген.

Анын үй жасалгасында сайма төшөк, терме таарлардын ондогон үлгүлөрү, кептакыя өңдүү нускалуу үлгүлөрү этнографиялык бай маалыматтарды берет. Өрмөк согуунун чебери шалча таарларын эндүү (3 *м* х 85 *см* х 2 м) жасайт. Мунун өрмөгү 28,5 *см* болот. Абалы 4 *см* «сыра көчөтүн» келтирет. 13+13=26 тал аркылуу «чычкан изи» (суу), араларын ажыратуучу «такта» берилет. Анан 8 *см* «тогуз дөбө көчөтү» түшүп, анын четтерине «суусу», тактасы келтирилет. Ал 1—1,5 *см*ден 4 *см*ге дейре болот. Башкача айтканда, буга тогуз жиптен он жип келет. «Карга тырмак көчөткө» 13+13=26 тал жип берилсе, ал 4,5 *см*ди түзөт. Четки тактасы «суусу» (чычкан изи) менен кайрадан чалынат. Буга 22+22=44 жипти зарптайт. «Ийрек» (кочкорек) 5 *см* түшүп, ага 13+13=26 тал жип керек. Анын четине «суусу» менен «тактасына» 4,5 *см* (22+22=44) түшөт. Уз азыр кызуу узданууда.

## МАМБЕТАИП КЫЗЫ ШАКЕН
(1936—1995)

Уз, прикладник сүрөтчү, Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү, Кыргыз Республикасынын маданиятка эмгек сиңирген ишмери. Тоң районундагы Туура-Там айылында төрөлгөн. Бишкектеги сүрөтчүлөр окуу жайын бүткөн. Энеси Бытыкандын нускоосу менен жаш чагынан узчулукка жана сүрөтчүлүккө умтулган. Шырдак оюмдары — «мүйүз оюму», «кыял оюму» жана «бармак боочу оюмунан» өзүнүн «Шакен оюмун» жараткан. Анын таасири менен «Макен оюму» пайда болгон. Ал «Кыргыз орнаменттери», «Оюмдагы обондор» аттуу





альбомдорду колдонмо катары чыгарган. Анда чийге, кездемеге, кийизге түшүүчү көркөм каражаттар арбын. «Төө жетелеген кыз», «Ак кеме», «Мейман күтүү», «Ашкана», «Кыз куумай», «Ак куу» сымал колдонмо-жасалга туштуктары республикалык, союздук, дүйнөлүк көргөзмөлөргө катышып, тарых-этнографиялык музейлердин экспонаттарын байыткан. Шакен өз үйрөнчүктөрүнүн мектебин уюштурган. Андан Дамира Касаболотова, Жыргал Касаболотова, Макен Жапарова өңдүү ишенимдүү шакирттер өсүп чыккан.

## МАМБЕТАЛИЕВА КАЛЫЙБҮБҮ

Шырдакчы. 1932-ж. Нарын районундагы Миң-Булак айылында төрөлгөн. Нарын шаарындагы медициналык окуу жайын бүтүп, кыйла жылдары медакушерка болуп иштеген. Бишкек калаасында жашайт. Уздуктун сырларын айылдашы Маркатай Эсенаалы келининен үйрөнөт.

Ал бир түр шырдакты да, түр шырдакты да бирдей кармайт. «Мүйүз оюмунун» үстүнөн «мүйүз оюмун», анын үстүнөн «карга тырмак оюмун» чыгарганда төрт оюм айкалышынан «жарым кыял оюму» пайда болот. Негизи ал оюмду ичкерээк алат. Ал бутактанып кеткендей баамдалат да, кармаган буюмдары нускоочусу Маркатай уздун үлгүлөрүнө үндөшөт. Жээк оюмуна «куш оюмунун» алдынан «карга тырмакты» «кыялдата» берүүсү, ортолук оюмдагы төрт табакчаны «аламыч» — «араа тиш» аркылуу курчашы көркөм оюмдун салттуулугун сактоо менен чыгармачылыкты өзгөртүп кармоосу анын уздугун далилдейт. Анын бир гана оюм түшүрүп, четине «бадам оюм» салган бир түр шырдагы, ар бири бөлөк-бөлөк табак-табак оюлуп, «аламычы» курчалган бири бирине окшошпогон түр шырдактары дубалга тартууга ылайыкташкан. Түр шырдактагы табакчаларды «аламычы» менен алып же кошуп коюга — шырдактын аянтын чоңойтуп-кичирейтүүгө узда ойдогудай мүмкүнчүлүгү болот. Уздун кызы Күлүсүн эне таалимин алган.

## МАМБЕТАЛИЕВА НУРУЙЛА
(1920—1989)

Оймочу. Кочкор районундагы Кара-Суу айылында төрөлгөн. Сабатсыздыгын жойгон. Чарбанын ар кандай өнөктүгүнө жандуу катышкан. Узчулукту өз алдынча үйрөнгөн.

Нуруйланын кийиз үлгүлөрүндө төрт «кочкор мүйүз оюмунун» үстүнөн төрт «карга тырмак





оюму» чыгып, ал жүрөкчөнү түзүп, мунун төртөө бир табак оюмун пайда кылган. Анын жээгине «ит куйрук оюмунан» «аламыч» берип, карага кызылдан милте (ыскыт) койгон. Ошондо шырдактарынын көбүнө жээк оюмдары түшпөйт да, жалпы оюм аркылуу түшкөн көркөмдүктөр илгерки салттуу жасалган бир түрдүү шырдактарды элестетет. Уз оюмдарды «жарым кыялданта» алган. Алар бири-бири менен айкалышат. Ала кийиздеги оюмдарды шырдакка, шырдак оюмдарын ала кийизге так, төп түшүрө алган. Кара, кызыл, күлгүн түстөрдү арбын пайдаланган. Төрт «жарым кыял оюму» бир табакчаны жаратып, аралары «бычак учуларына» бөлүнгөн.

## МАМБЕТОВ АСАНАКУН

Зергер. 1931-ж. Нарын районунун Дөбөлү айылында төрөлгөн. Колхоздо темир устачылыкта узанган. Тайчик уулу Көпөстүн нускасын алган. 1947-жылдан кыз-келиндердин зер буюмдарын кармоодо. «Кыял» көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн иштөөчү чебери. Жасаган буюмдары дүкөндөргө чыгууда.

Зергер күмүштү ийип, чоёт. Ага зооткер түшүрөт. Ал бурага казандын кара көөсүн аралаштырып, отко коюп, чала кызарган чакта жылмакай калагы аркылуу күмүш бетине сүртүүнү өздөштүрөт. Кемер курду «чегелөөнү», ошондой эле «сиркелетүүнү» жүзөгө ашырат. Мында ал эски ыкмаларды пайдаланат. Анын үлгүлөрү Айтмамбет уста жараткан жана тараткан үйрөнчүктөр мектебинен анча бөлүнүп чыга албайт. Асанакундун чоң атасы Найманбайдын устачылыгы көпчүлүккө дайын. Нарын дарыясынын эски көпүрөсү «Найманбайдын көпүрөсү» деп аталат. Мурунку календарга Найманбайдын көпүрөсүнүн сүрөтү түшкөн. Ал Эки-Нарындын куймасына да көпүрө салган. Анын көмүркөйү жана устакерчилик өнөрү уулу Мукашта калат.

Асанакун уста ат жабдыктарын көбүнчө кайып кармайт. Ал кара булгаарыга ак кайышты беттеп, шибеге аркылуу кайып тигет. Буга жез чаап, шөкөттөйт. Ал шөкөттөргө «чагарак», «сүзмө», «купа», «тогоо», «солоңдор», «жүрөкчө», «кошунду» өңдүүлөр кирет да, жүгөндүн, көмөлдүрүктүн, басмайылдын, куюшкандын кооз топчулары болуп калат. Жезди эритүүнүн, кара темирди ширетүүнүн касиеттерин уста таасын билет. Асанакундун башка усталардан өзгөчөлөнгөн көрүгү «асма көрүк» деп аталат. Көмүркөйүндөгү ар түрдүү курал-аспаптары тигил же бул шөкөттөрдү жасоого шарттайшкан. Кийинки кезде көмүркөй кутуу, көмүр өчүрүү, күйгүзүү жөрөлгөлөрү чанда усталарга гана таандык көрүнүш. Ат жабдыктарын ал куйма ыкмасы аркылуу жүзөгө ашырат.

Зергердин байбичеси Абакирова Зыябүбү устанын шакирти катары кызмат өтөйт. Ал эми уулу Байыш ата өнөрүн ишенимдүү улап, устакерчиликтин мектебинен ойдогудай өтүүдө. Уста үй-бүлөсү менен «Кыял» көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узануучу чеберлери болуп эсептелишет. Нарын шаарында жашашат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Ат жабдыктары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Ат жабдыктары жана зер буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин дипломy.

## МАМБЕТОВ МОМБЕК

Ээрчи. 1937-ж. Чаткал районундагы Каныш-Кыя айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбанын ар кандай өнөктүгүндө эмгектенген.

Момбек ээрди кайыңдан чабат. Бир жак тарабын тегиз тактай кылып, анын бир жак башынан 31 *см*ге, артын 37 *см*геченеп, сызгыч менен сызып, калган ашык тарабы чабылып алынат. Анан ортосун оёт. Алдыңкы каш жагынын тереңдигин 14 *см,* арт жагын 11 *см* тереңдикте алат. Чабууга татаал үстүңкү бет байтеше менен алынат. Орто жери аталгы керки аркылуу жыгачтын каршысынан чабылат. Ээрдин чарасынын калыңдыгы бир гана *см,* эндүүлүгү 37 *см*ге барабар келет. Ээрдин алдыңкы актасы 4—5 *см,* мунун калыңдыгы 1 *см,* арткы актасы 15 *см,* мунун калыңдыгы 1,5 *см*дей. Ээрдин эки капталы 20 *см*дей болот. Ошондо ээрдин узундугу (жаздыгы) 40 *см* келип, каштын бийиктиги 25 *см,* чаранын жаздыктан бийиктиги 15 *мм*ди түзөт. Уста ээрди кайыңды кыйаары менен дароо чабат. Аны анан чоң казанга бир сааттай кайнатат. Ошондо кайыңдын сары суусу чыгып, жыгач бышык болот. Суусу бат кургап, кийин урунууда жарылбайт. Токунууда жешилип-кадыбайт. Устанын ээр кашын бүркүт томогосундай чыгаруусу көрктүү көрүнөт. Ээрдин коюздугу көрпөчө салбай, басмайыл тартканда ойдогудай оюлган каптырга соорусунан караганда аттын кош кулагы шамдай көрүнөт. Таптаза чаап бүткөн ээрине Момбек «веретонка» майын сыйпайт. Ага автол сүйкөсө да жарайт. Суу жыгач жарылбайт. Боюна тартып, кайра мүйүздөй катып, мыкты кургайт. Чабылган ээрди жылмалоо үчүн ал түрпү менен бычак керектейт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Ак каңкы ээри үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Ат жабдыктары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы.

## МАМБЕТОВ ТААЛАЙБЕК

Зергер. 1954-ж. Тоң районундагы Оттук айылында төрөлгөн. Бишкектеги сүрөтчүлөр окуу жайынын прикладдык бөлүмүн бүтүргөн. Нарын шаарында саясий-агартуу үйүндө сүрөтчү, Бишкектеги № 92 элдик көркөм кол өнөрчүлүк кестиптик-техникалык окуу жайынын зергерчилик бөлүмүндө чебер-окутуучу, пластмассадан буюм жасоочу заводдо сүрөтчү болуп иштеген. 1986-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин ага сүрөтчүсү. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Таалайбекке мектепте окуп жүргөндө айнектен көркөм жасалгаларды жаратуучу сүрөтчү Чернуховдун таасири таасын тиет. Апасы Айым оймочу жана саймачы болот. Айылдашы Эрмек Борбуковдун ат жабдык кармаганын көп көрөт. Металл кармашына Кара Шаар айылында жашаган Жуматайдын нускоосу зор. Идиш каңдоо, чайнек чайкоо, буюмду кепшерлөө, үшкүлөө өңдүү түйшүктөрдү ушул устадан билип-туят. Зергерчилик таасирди Кошалы Кызгараев калтырат. Ал Таалайбекке чапкыларды (аспап-куралдарды) жасоону, жердикти буюм жасоого даярдоону, нейзильбер, мельхиор, дат чалбас, жез, мис, коло, калай ж. б. металлдардын ички бөтөнчөлүктөрүн, аларга «чапкылоо» ыкмасы аркылуу оюм-чийим түшүрүп, көркөмдөөнү ж. б. үйрөткөн.

Таалайбектин кемеринин жүзү анын калканында. Ал нейзильбер бетине айбанаттардын сөлөкөттөрүн «бармак боочу оюму», «кыял



оюму», «куш оюму» аркылуу стилдештирип берет. Мында Таалайбек чыныгы профессионалдык негизде стилдештирүүгө багыт алып жатканы баамдалат. Нусканы жүзөгө ашырууда устанын өзү жасаган «айчык», «тоок көз», «ачакей», «жылдызча», «кар» өңдүү аспап-чапкыларын колдонот. Кемер куруунун туурасы 12 *см*ге, эки калканынын узуну 28 *см*ге барабар. Буюмдун калган бел курчоо шөкөттөрү мына ушул кемер калкандын фрагменттери (үзүлкесили) болуп эсептелет. Ошондо буюмдун ички компоненттик байланышы ойдогудай болот да, бир бүтүм ойду түшүндүргөн чыгарма — үлгү катары бааланат. Бир орто кемерге он шөкөт (чеге) чабат. Зергер комплекти (буюмдун бир бүтүмү) менен узанат. Анда асем буюмдардагы стилдештирүү кемер, чакча өңдүүлөрдөн айырмаланат. Мында жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн ич ара айкалыштары символ катары көрсөтүлөт. Ошондо бир билерик, эки шакек, бир оймок, эки сөйкө зер буюмдун бир бүтүмүн түзөт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн жана сүрөттү өз алдынча сүйүүчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Зер жасалгалары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин II даражадагы диплому;

1988-ж. «Багдаддагы эл аралык көргөзмө». Эр кемери коюлган;

1988-ж. «ЭЧЖКнүн павильонундагы Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун көргөзмөсү». Кемер куру үчүн Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун Ардак грамотасы;

1988-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Зер буюмдары үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин II даражадагы дипломы;

1989-ж. Бишкек шаарынын күнүнө карата чеберлердин көргөзмөсү. Зер буюмдары үчүн Кыргызстан ЛКЖС БКнын Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Зер буюмдары менен катышкан.

## МАМЫРОВ ИШЕКЕ

Жыгаччы. 1928-ж. Кочкор районундагы Кызыл-Дөбө айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Айылдык Советтин алдындагы китепкананы башкарган. «Кыргыз ССРинин Эң жакшы китепканачысы» деген наамга ээгедер.

Ишеке боз үйдүн уук-керегесин кармайт. Керегеси он үч көктүү, эң мыктысы он беш көктүү болот. Чебер кереге талын 15 көктүү кылса 14 жолу, 13 көктүү кылса 12 жолу үшкүлөп үй жыгачына кызуу узанат. Үй жыгачынын негизги жердигине ал турпан талды тандайт. Аны атайын тигет. Мунун чырпыгын болушунча узун кыркат. Аарчып туруп, түбүнөн тутам калтырып иет. Болбосо тал жарылып кетет. Аны көбүнчө март, апрель айларында кармайт. Талды иштетүүнүн биринчи ыкмасы — койдун таза сары кыгын кырдап төгүп, ал тегиз коңур күйүп чыккандан кийин, үстүнө нымдуу кылып дагы кык төгөт. Кык чоктонгон отко жетпей ысыганда ага талды сойлотот. Көтөрүлгөн буу сыртка чыгып кетпеси үчүн күрөктүн сырты менен кыкты таптап турат. Болжолу 15—20—30 минутада (чай кайнамда) жыгач ойдогудай жашыйт. Экинчи ыкмасы — жылкы менен кой-эчкинин кыгын аралаштырат. Жыгач бойлогудай узата төгүп, кырдап, суу сээп таптап койсо, бир бир жарым күндө кык өзү эле кызыйт. Ага сойлотулган жаш талды бир бир жарым саатта, кууруган талды үч төрт саатта матоого алат. 75 баш үйдөн жогоркулардын керегеси 15—17 көктөн турат. Болбосо керегенин эриши кыска болот да, үй шоңшоюп же жалпайып калат.

## МАМЫТОВА АЙЫМ

Оймочу. 1915-ж. Аксы районундагы Таш-Дөбө айылында төрөлгөн. Сабатсыздыгын жойгон. Айыл ичиндеги ар кандай өнөктүктөргө арбын катышкан.

Аксыдагы көрүнүктүү оймочу-шырдакчы катары анын көркөм үлгүлөрүн алыс-жакындан алып кетип турушат. Уз кара, ак түстөрдү арбын пайдалануусу анын кылчык күзгү жүндөн кийиз уютуусуна шартташат. Ал көркөм оюмдарды так, төп, түстөрдү даана тандагандыктан «жүрөкчө оюму» «Айым оюму» катары таанылат. Ошондо жиксиз ичинен табакчаланган «кочкор мүйүз оюмунун» башындагы «карга тырмак оюму» оюмдарынын табакчаларынын сыртынан төрт бурчунан төрт «ачкыч оюму» чыгат. Андан төрт табакча пайда болот. «Аламычы» берилип, «жагалмай канаттанган» «жарым кыял оюму» жээк оюму болуп көрүнөт. Уз «кош кайкалак көчөтүн» жээкке түшүрүп, үч табакчанын ар бирин ичинен «ачкыч оюмун», «карга тырмак оюмун», «куш оюмун», «мүйүз оюмун» беттештире оюп, «бычак учу» аркылуу короолоп, бул табакчанын жарымын колтук оюм кылат. Албетте, мында уз кылдаттыкта төптөштүрөт.



## МАТАНОВА ОҢОЛ

Уз. 1935-ж. Ысык-Көл районундагы Он-Жети-Карагай айылында төрөлгөн. Кыйла жылдары айыл чарба өнөктүгүнө катышкан. Баатыр эне.

Уздукту тестиер чагынан баштаган. 1979-ж. Чолпон-Атадагы этнографиялык музейди уюштуруучулардын бири катары жандуу катышып, ага уста иниси Орозобай экөө боз үй жасалгалап өткөрүшкөн. Улуу жибек жолу боюнча узданууучу уз катары киного да тартылган.

Оңол өздүк чеберчилигинде өнөрдүн бардык түрлөрү боюнча кармайт. Анын кийиз оюмдары «кыял оюмун», «жарым кыял оюмун», «Ала-Тоо оюмун» түзөт. Мында колтук оюмдары «кыял оюму» болуп түшөт. Жээк оюмдарында (ак этеги) «кочкор мүйүз оюму» орун алат да, ал «кыял оюмдун» бир элементи катары көрүнөт. Айрым учурда анын ордуна «чымын канат оюмун» берет. Ал боз үйдү уздукта жасалгалоодо кылдырооч, бел кырчоо, уук боо, аяк кап, текче, жабык баш өндүүлөрүндө көркөм каражаттарды так, төп алат. Буюмдарында, мисалы, аяк кап, текчесинин «аламычына» «ит куйрук оюму» «жээк оюму» катары түшөт, капкалдырыгынын ортолугу «кыял оюмунун» «бугу мүйүз оюму» сымал бутакташкан түрүн алат. Анда «мүйүз оюму», «карга тырмак оюму», «бармак боочу оюму» өңдүүлөрдүн элементтери бириreт. Ага тор чачык менен топ чачык тагат, чачык менен «аламычынын» ортосуна кол чалма жиптен милте басылат. Канат чийине, чыгдан чийине, эшик чийине «жагалмай канат оюмун» этек көчөт, баш көчөт катары берет. Анын термелеринде элүүдөн ашык көркөм көчөттөр орун алат. Ал өзүнчө таар көчөттөрүн кыйыштыра алат. Чебер үйрөнчүктөрдүн жолун улантууда. Кыздары Айнура, Гүлнура, Айымкүл, кенже келини Нургүл Оңолдун уздугун улантуучулар. Эмгектери түстүү баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын түзүлүшүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Боз үй тигип баргандыгы үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломy;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Боз үйдүн жасалгалары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак Грамотасы.





**МАТАН УУЛУ МААМЫТ**
(1875—1962)

Зергер. Тоң районундагы Коңур-Өлөң айылында төрөлгөн. Устанын кайыш ийлөө, шири ыштап, ага «наар», «чийме сынпос» түшүрүү, көн даярдоо ыкмалары учурунда жазылып алынган эмес. Маамыт учурунда ат жабдыктарын жана кыз-келиндердин зер буюмдарын арбын кармаган. Өтүк, маасы, кепич, мөкү, кете өңдүү бут кийимдерди ултарган. 1916-жылкы Улуу Үркүндө Маамыт уста узанган он эки зер буюмун, он эки үйдүн асем эмеректерин өрө кийизге ороп, үңкүргө катып, эл менен кошо Турпанга кетет. 1918-ж. качкындар туулган жерине кайтат. Бай-манаптар атактуу устага өчөгүшүп, үйүн өрттөп, аны аябай кыйнайт. Алиги салыкты алууга, элге таратып берүүгө эч мүмкүнчүлүгү болбойт. Кийин каткан жери белгисиз болуп кала берет. Небереси Элебес кызы Какиш — «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде тери буюмдары боюнча үлгү жараткан үйдөн уздануучу чебер.

**МЕДЕТБАЙ УУЛУ ДҮЙШӨНБАЙ**

Жыгаччы. 1904-ж. Ысык-Көл районундагы Кара-Ой айылында төрөлгөн. Дыйканчылык, тегирменчилик кылган. Таш чеккен. Улуу Ата Мекендик согуштун учурунда жумушчу дивизиясына барып, Боом капчыгайында жыгач уста катары темир жол салууга жандуу катышкан.

Дүйшөнбай үй жыгачын жасайт. Ал үчүн талды кыйып, эки учун кыркып, так ченеп, кабыгын аарчып кургатат. Жалаң жылкынын кыгына суу сээп үйүп койсо, ал үч күндүн ичинде өзүнөн өзү кызып чыгат. Ошондо ортосун ачып, уук-керегелик жыгачтарды эки бөлүп жаткызат. Кызытылган кыкта ал күнү-түнү болот. Ушундан кийин четинен суутуп, теске коёт. Анын айтымында чыканактай ийри жыгачты да октой түз кылууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Маталган жыгачты кырып-жышып, кобулун алып, сырдайт. Боёгуна Ачык-Таштуу-Булак деген жердин жошосун пайдаланат. Уук-керегеге сүртүлгөн жошо кургагандан кийин, үстүнөн койдун боорун же көк боорун сүрткөндө жошо жыгачка сиңет. Сырдоодон ушундай ыкма менен чыккан керегенин баш аягы өлчөнүп, темгек салынат (Темгек салуу — көзөлүүчү жерди белгилөө). Муну көзөөчү чебердин атайын үшкүлөрү бар. Жерге казык кагып, бирөө кайыш менен тартат, чебер өзү керегени улам кыдыртып кармап турат. Көзөлгөн керегелер экиден кошоктоло жыйылат да, көктөө аракети башталат. Көк үчүн уйдун терисин жыдытып, жүнүн кырып пайдаланат. Уста түндүк да иет. Ага турпан талды тандайт. Кыркып, жара чаап

## МАМЫТОВА АЙЫМ



Оймочу. 1915-ж. Аксы районундагы Таш-Дөбө айылында төрөлгөн. Сабатсыздыгын жойгон. Айыл ичиндеги ар кандай өнөктүктөргө арбын катышкан.

Аксыдагы көрүнүктүү оймочу-шырдакчы катары анын көркөм үлгүлөрүн алыс-жакындан алып кетип турушат. Уз кара, ак түстөрдү арбын пайдалануусу анын кылчык күзгү жүндөн кийиз уютуусуна шартташат. Ал көркөм оюмдарды так, төп, түстөрдү даана тандагандыктан «жүрөкчө оюму» «Айым оюму» катары таанылат. Ошондо жиксиз ичинен табакчаланган «кочкор мүйүз оюмунун» башындагы «карга тырмак оюму» оюмдарынын табакчаларынын сыртынан төрт бурчунан төрт «ачкыч оюму» чыгат. Андан төрт табакча пайда болот. «Аламычы» берилип, «жагалмай канаттанган» «жарым кыял оюму» жээк оюму болуп көрүнөт. Уз «кош кайкалак көчөтүн» жээкке түшүрүп, үч табакчанын ар бирин ичинен «ачкыч оюмун», «карга тырмак оюмун», «куш оюмун», «мүйүз оюмун» беттештире оюп, «бычак учу» аркылуу короолоп, бул табакчанын жарымын колтук оюм кылат. Албетте, мында уз кылдаттыкта төптөштүрөт.

## МАТАНОВА ОҢОЛ

Уз. 1935-ж. Ысык-Көл районундагы Он-Жети-Карагай айылында төрөлгөн. Кыйла жылдары айыл чарба өнөктүгүнө катышкан. Баатыр эне.

Уздукту тестиер чагынан баштаган. 1979-ж. Чолпон-Атадагы этнографиялык музейди уюштуруучулардын бири катары жандуу катышып, ага уста иниси Орозобай экөө боз үй жасалгалап өткөрүшкөн. Улуу жибек жолу боюнча узданууучу уз катары киного да тартылган.

Оңол өздүк чеберчилигинде өнөрдүн бардык түрлөрү боюнча кармайт. Анын кийиз оюмдары «кыял оюмун», «жарым кыял оюмун», «Ала-Тоо оюмун» түзөт. Мында колтук оюмдары «кыял оюму» болуп түшөт. Жээк оюмдарында (ак этеги) «кочкор мүйүз оюму» орун алат да, ал «кыял оюмдун» бир элементи катары көрүнөт. Айрым учурда анын ордуна «чымын канат оюмун» берет. Ал боз үйдү уздукта жасалгалоодо кылдырооч, бел кырчоо, уук боо, аяк кап, текче, жабык баш өңдүүлөрүндө көркөм каражаттарды так, төп алат. Буюмдарында, мисалы, аяк кап, текчесинин «аламычына» «ит куйрук оюму» «жээк оюму» катары түшөт, капкалдырыгынын ортолугу «кыял оюмунун» «бугу мүйүз оюму» сымал бутакташкан түрүн алат. Анда «мүйүз оюму», «карга тырмак оюму», «бармак боочу оюму» өңдүүлөрдүн элементтери биригет. Ага тор чачык менен топ чачык тагат, чачык менен «аламычынын» ортосуна кол чалма жиптен милте басылат. Канат чийине, чыгдан чийине, эшик чийине «жагалмай канат оюмун» этек көчөт, баш көчөт катары берет. Анын термелеринде элүүдөн ашык көркөм көчөттөр орун алат. Ал өзүнчө таар көчөттөрүн кыйыштыра алат. Чебер үйрөнчүктөрдүн жолун улантууда. Кыздары Айнура, Гүлнура, Айымкүл, кенже келини Нургүл Оңолдун уздугун улантуучулар. Эмгектери түстүү баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын түзүлүшүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Боз үй тигип баргандыгы үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломү;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Боз үйдүн жасалгалары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак Грамотасы.





**МАТАН УУЛУ МААМЫТ**
(1875—1962)

Зергер. Тоң районундагы Коңур-Өлөң айылында төрөлгөн. Устанын кайыш ийлөө, шири ыштап, ага «наар», «чийме сынпос» түшүрүү, көн даярдоо ыкмалары учурунда жазылып алынган эмес. Маамыт учурунда ат жабдыктарын жана кыз-келиндердин зер буюмдарын арбын кармаган. Өтүк, маасы, кепич, мөкү, кете өңдүү бут кийимдерди ултарган. 1916-жылкы Улуу Үркүндө Маамыт уста узанган он эки зер буюмун, он эки үйдүн асем эмеректерин өрө кийизге ороп, үңкүргө катып, эл менен кошо Турпанга кетет. 1918-ж. качкындар туулган жерине кайтат. Бай-манаптар актуу устага өчөгүшүп, үйүн өрттөп, аны аябай кыйнайт. Алиги салыкты алууга, элге таратып берүүгө эч мүмкүнчүлүгү болбойт. Кийин каткан жери белгисиз болуп кала берет. Небереси Элебес кызы Какиш — «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде тери буюмдары боюнча үлгү жараткан үйдөн уздануучу чебер.

**МЕДЕТБАЙ УУЛУ ДҮЙШӨНБАЙ**

Жыгаччы. 1904-ж. Ысык-Көл районундагы Кара-Ой айылында төрөлгөн. Дыйканчылык, тегирменчилик кылган. Таш чеккен. Улуу Ата Мекендик согуштун учурунда жумушчу дивизиясына барып, Боом капчыгайында жыгач уста катары темир жол салууга жандуу катышкан.

Дүйшөнбай үй жыгачын жасайт. Ал үчүн талды кыйып, эки учун кыркып, так ченеп, кабыгын аарчып кургатат. Жалаң жылкынын кыгына суу сээп үйүп койсо, ал үч күндүн ичинде өзүнөн өзү кызып чыгат. Ошондо ортосун ачып, уук-керегелик жыгачтарды эки бөлүп жаткызат. Кызытылган кыкта ал күнү-түнү болот. Ушундан кийин четинен суутуп, теске коёт. Анын айтымында чыканактай ийри жыгачты да октой түз кылууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Маталган жыгачты кырып-жышып, кобулун алып, сырдайт. Боёгуна Ачык-Таштуу-Булак деген жердин жошосун пайдаланат. Уук-керегеге сүртүлгөн жошо кургагандан кийин, үстүнөн койдун боорун же көк боорун сүрткөндө жошо жыгачка сиңет. Сырдоодон ушундай ыкма менен чыккан керегенин баш аягы өлчөнүп, темгек салынат (Темгек салуу — көзөлүүчү жерди белгилөө). Муну көзөөчү чебердин атайын үшкүлөрү бар. Жерге казык кагып, бирөө кайыш менен тартат, чебер өзү керегени улам кыдыртып кармап турат. Көзөлгөн керегелер экиден кошоктоло жыйылат да, көктөө аракети башталат. Көк үчүн уйдун терисин жыдытып, жүнүн кырып пайдаланат. Уста түндүк да иет. Ага турпан талды тандайт. Кыркып, жара чаап

(узундугу 3 м) жогоркудай ыкма менен кыкка көмөт. Жыгач эки күндө былкылдап жибийт. Аны теске коюда чебер менен эки-үч адамдын колу тиет. Тестен чыккан түндүктү жер казыкка кагып жатак алдырат. Андан кийин тегиздеп чаап, бурама аркылуу карматып көзөйт. Муну ысытып көзөөчү куралы «чулгуур» деп аталат. Уста жыгаччылыкты айылдашы Ураалы Жакыпбай уулунан үйрөнгөн.



## МЕЙМАНАЛИЕВ ЫЙМАНБЕК (Казакбай)

Уста. 1940-ж. Сокулук районундагы Кашка-Суу айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбада жумушчу, Ак-Суудагы жемиш бактарынын көчөттөрүн өстүрүүчү совхоздо суу техник, кийин мектепте кол эмгек сабагынын мугалими болуп иштеген. 1984-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн уздануучу чебери.

Ал көбүнчө ат жабдыктарына узанат. Ээр чабат. Ээр чабуу үчүн тарамыштуу, катуу болгондуктан жердикке бакты тандайт. Аны күздө кыйып, ылайыктап ченеп, балта менен сомдойт. Анан керки менен майдалап чаап, ээр жаралгандан кийин жарылып кетпесин үчүн чоң казанга салып тузга кайнатат. Бул учурда ичиндеги заттар сууга чыгып, бактын тарамыштары бири бирине жабышып биригет. Жыгач тузду өзүнө сиңирет. Анан малдын майы же вазелин сыйпаса ээр өмүрү жарылбайт. Тузга кайнап бүтөөрү менен күн көргөзбөй дароо каптайт. Ошондо ат оонаса да, оңко турса да ээр жарылбайт. Улак тартууда жампага басууга оңтойлуу болсун үчүн устанын үзөңгү боосун өйдө тагууга ылайык ээрлери бар. Ал жылып турат. Ыйманбек ээрди туюк чабат. Аны уй териси менен каптайт. Терини сыйрып алары менен жылуу кезинде түгүн сыртына чыгара ороп коёт. Ичине жел кирбей жылуу жерде турса, төрт күндө жыдыйт. Ички челин, тери этин кырып салып, ээрге каптайт. Кооздоо үчүн бөрктүү мыктарды пайдаланат.

Ыйманбектин экинчи өнөрү — өрүмчүлүк. Ал жүгөндү, көмөлдүрүктү, басмайылды, куюшканды, камчыны өрүм ыкмалары аркылуу кармайт. Анын өрүмчүлүгү көк даярдоодон башталат. Ага эчкинин терисин пайдаланат. Тери сыйрылары менен бодонун терисиндей жылуулай ороп койгондо үч күндө жыдыйт. Аны челдейт. Челин, этин чалгы менен кырып таштайт. Бучкактарын алып, түз жерге керип кургатат. Чоң эчкинин териси он беш камчыга жердик болот. Камчы өрүмү 8 талдан 30 тал өрүмгө чейин тилинет. Өрүм үчүн тилинген талдар сыдыргыга салынат. Ал көктү жылмалайт. Мына ушундай жекече ыкмаларды аркалап, Ыйманбек камчынын «жылан боор өрүмүн», «терме өрүмүн» өрөт. Аны саптап, белек-бечкек катары сатууга дүкөнгө чыгарат. Уста 8—16 тал аркылуу пайда болгон өрүмдү жөнөкөй өрүм, 16—36 тал менен пайда болгон өрүмдү татаал өрүм деп эсептейт. Уста ат жабдыктарынын калган бөлүктөрүн да өз алдынча кармайт. Аларды айыл ичиндеги кардарлар колго токтотушпайт.

## МОЙДУНОВ ТУРГУН

Ат жабдыктарынын чебери. 1934-ж. Өзгөн районундагы Заргер айылында төрөлгөн. Орто билимдүү.

Ал ат жабдыктарынын татаал өрүмүн жүзөгө ашырат. Өрүмчүлүктү Кутургу айылындагы Бабик уулу Үмөттөн үйрөнгөн. Уста эчкинин, кийиктин терисинен тасма көк жасайт. Анын челин алып, этинин сары суусун өзүнүн аспабы аркылуу кысып чыгарып, тегиз жайга кургатып тилип, өрүмдүн жердигин даярдап алат. Тургун камчы өрүмдү он талдан баштайт. Ал бешбештен эки жакка бөлүнөт да, бирден көтөрүлүп, бирден басылат. Ондон тең бөлүнүп, экиден көтөрүлүп, бирден да басылат. Камчы 12—14—16—18—20—22—24—28—32 тал тасма

менен токтойт. Мурда 32 тал өрүмдү арбын өргөн. Өрүмчү камчынын түшкүнүн «бурама басты», «илме басты» жана «буудай басты», — деп үчкө бөлүп узанат.



## МОКЕЕВ ИШЕН

Ат жабдыктарынын чебери. 1931-ж. Ат-Башы районундагы Ак-Талаа айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Калинин атындагы колхоздо чарбанын ар кандай өнөктүгүндө иштейт. Анын ат жабдыктарын жана жыгаччылыкты кармоо чеберчилигине айылдаш уста Төлөнбай багыт берген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Ишен ээр чабат. Анын жердигин Баш-Кайыңды, Орто-Кайыңды деген жерлердин жапайы теректеринен тандайт. Анткени алардын жарылышы жеңил, ийилчээк, чоюлчаак, иштетүүгө оңой. Аны күзүндө (октябрь, ноябрь) кыйып, дароо аарчыйт. Ээрди туюк чабуу үчүн узунун 52—55 *см*, туурасын 40—45 *см* кесип алат. Аны чабууда биринчи балта, экинчи чот, үчүнчү керки, төртүнчү аталгы керки (мизи ийри), араа, бычак пайдаланат. Ээрди төө тери менен да, уй тери менен да каптайт. Ээрдин кашын эң артында каптайт. Каптоодо 1,5—2 *см* мык керектейт. Анан кара булгаары менен сынпостойт. Уста ат жабдыктарынын калган бөлүктөрүн кайып да, өрүп да кармайт. Өзүнө таандык шөкөттөрүнүн түрлөрүн жасоодо абалы калыпка куюу ыкмасын пайдаланат. Ал 12 талдан турган жээк нөкөрү өрүмүнө көбүрөөк назар таштайт. Жазы ак кайыштын бетине кара булгаарыдан энин тайкы тилип, беттей коюу аркылуу ат жабдыктарынын бөлүктөрүн — жүгөндү, көмөлдүрүктү, басмайылды, куюшканды коолоо чеберчилиги өнүккөн. Уста андайга чабуучу шөкөттөргө дат чалбасты же кой куутта пайдаланылуучу күзгүнүн калдыгын көркөм калыпка куят.

Ишен жыгаччы катары да таанылган. Анын жайлоо буфети бир нече бөлүк үкөктүн турат. Урунууга оңтойлуу, көчкөндө жыйналат. Чебер комуз жасап, өзү да ойной билет. Комуз үчүн тоо арчаны октябрь, ноябрь айларында кыйып, кабыгын аарчып, үч жыл таштап кургатат. Аны чабууга балта, керки, чот, сүргү, бычак колдонот. Ичин оючу ийги чоту да бар. Комуз капкагын бутагы жок, дабыркайы аз тунук карагайдан тандайт. Устанын уулу Рыспек атанын ишенимдүү шакирти. Эмгеги түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Кайык ат жабдыктары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Ат жабдыктары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун дипломуу, Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Ат жабдыктары менен катышкан.

## МОКЕ УУЛУ МОЛДОЖАН
(1904—1989)

Ат жабдыктарынын чебери. Түп районундагы Жылуу-Булак деген конушта төрөлгөн. Үч күндөн кийин энеси, жети күндөн кийин атасы өлүп, таенесинин колунда чоңойгон. Көркөм кол өнөрчүлүктү 40 жаштарга келгенде кармап, кийин бул устачылыкты түбөлүктүү кесип тутат.

Ал ээр чапкан. Чебер ээрдин астыңкы тарагын эки жарым эли, арткы тарагын үч эли, ээр каптыргасына чейин сөөм кылып кармайт.

Мында ээр далынын күзгүсүнө бирдей жатып, арты аттын бөйрөгүнө кынаптала түшөт. Ошондуктан, анын чапкан ээринин мыктылыгын айылдаштары айың кылып айтышат. Ат жабдыктарына мыкты узануусу устакерчиликтин даңазасын чыгарган. Ага кардарлар алыстан аттанып келип түшкөн. Ээрлеринин алды Кавказга жеткен. Казакстандан, Ысык-Көл, Тянь-Шань дубандарынан атайын кардарлар келип турушкан.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын областтык II кароо-сынагы». Кайык ат жабдыктары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы.

## МОЛДАКМАТ КЫЗЫ АЗИМА (КАСЫМБЕКОВА АЗИМА)



Саймачы. 1944-ж. Чүй районундагы Кегети айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Бишкектеги көркөм буюмдарды жасоо фабрикасында, 1966—70-жылдары Москва шаарындагы сайма фабрикасында, 1973-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде эмгектенет. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жайынын отличниги. Узчулукту 1975-жылдан баштаган.

Ал кол сайма менен машинада илме сайманы тең аткарат. Туш кийиз, белдемчи, чепкен, чыптама, кемсел, аяк кап, текче, чыны кап өңдүүлөрдү арбын кармап, ага ылайыктуу көркөм көчөттөрдү өзүнүн уздук татымында так бере алат. Уз «бадам оюмун», «мүйүз оюмун» сайманын көркөм каражаттарына төптөштүрөт. Азимада боёкторду ич ара кабыл алууда жердикке шартташтырат. Уз көбүнчө кочкул кызыл, күрөң, боз түстөрдү буюмдун ажары деп эсептейт. Аянттуу буюму — туш кийизи жалпы коoздукту өзүнө имерет. Ага актан аламычтантып «суу» берет. Кызылдан жээги бар кара тукабага же чий баркутка сайылган сайма көчөттөрүнүн өзүнчө жүзү бар. Уз сары, ак, жашыл, көк өңдүү гүлдүн, чөптүн жана башка өсүмдүктөрдүн жалбырактарын көркөм көчөткө элемент кылат. Өңдү ич ара ойдогудай айкалыштырат. Уздун буюмдарында шырдак оюмдарынын элементтерине караганда нукура саймачылыкка таандык көчөттөр көбүрөөк көрүнөт. Ал көчөттөрдүн ар бири төрт көчөт элементтеринен турат. Ал өз өзүнчө табакчаланат. Ошондой эле жердик карадан тандалса, ортолугу кызыл көрүнсө, буюмдун жүзү ого бетер ачылат. Көчөт четтерине да «суу» жүргүзүлөт. Азима — атайын көркөм үлгүлөрдү чебер аткарууга жаралган уз.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин түзүлүшүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Элдик кийимдери үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Биринчи даражадагы диплому;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Туш кийизи үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1988-ж. Кыргыз ССР Маданият министрлигинин, Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин жана Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун биргелешкен «Элдик чеберлердин республикалык көркөм көргөзмөсү». Туш кийизи Мамлекеттик этнографиялык музейге экспонатталган;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Туш кийиздери, сайма туштуктары менен катышкан.

## МОЛДОКАБЫЛ КЕЛИНИ ЫРЫСБҮБҮ
(1905—1976)

Өрмөкчү, оймочу. Ат-Башы районундагы Кара-Коюн деген жерде төрөлгөн. Саймачы, термечи аталган энеси Уулбүбүнүн таасиринде Ырысбүбү 8—9 жаштарында өрмөккө отуруп, терме таарларга көркөм түр түшүрүүнү үйрөнгөн.

Ал үзүк бооГо 41 тал жип аркылуу «чымын канат көчөтүн» берүүдөн өз өнөрүн баштаган. «Чагармак көчөтү», «тумарча көчөтү», «сыңар мүйүз көчөтү» түшүрүлгөн таар буюмдары сакталган.

Ырысбүбү уз шырдакчылыкта көк-кызыл түстү арбын беттеп, шырыкты ширете алган. Анда Ат-Башы өрөөнүнө мүнөздүү «Салбай оюмду» арбын пайдаланган. Аяк каптын көркөм үлгүсүнө ортолук оюму үчүн бир табакчага төрт «кочкор мүйүз оюмун», төрт «карга тырмак оюмун» алып, анын астынан ошол коздуктар кайрадан кайталанып, анын чети «жарым кыял оюмдалып», жээк оюмуна ак-кара «бычак учу» түшкөн. Буюм чети колдо чачылатган. Уздун Абдыкеримова Анипа, Калбаева Мария, Бейшенбаева Мөөркан, Какиналиева Бүбүрайым, Аалиева Райка, кыздары — Уулкан, Тынымкан сыяктуу үйрөнчүктөрү бар.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1974-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Таар жана шырдак буюмдары үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы диплому.

## МОЛДОКАБЫЛ УУЛУ АБДЫЖАПАР
(1896—1981)

Зергер. Ат-Башы районундагы Кара-Коюн айылында төрөлгөн. Кызыл-Туу колхозунда темир уста болуп иштеген. Ага Шатен уулу Жакып устанын чеберчилиги таасирин тийгизген. Ат-Башы ГЭСиндеги «Шайтан көпүрө» да ошол устанын колунан чыккан. Ал кездеги атактуу ээрчи усталар Кулжабай Назар уулу, Таштан Сарымсак уулу, Супалардан зор таасир алган. Өтүк ултарууну Таштандан үйрөнгөн. Таштан өтүктү кеп жыгачсыз эле бетеге тыгып ултарып, кашыктай кургаткан уста болгон. Молдокабылдын балдары жыгачтан кештелеп, патнос жасаган усталар болгон.





Абдыжапар ээрге жердик катары жергиликтүү карагайды, мырза теректи, жапайы талды тандаган. Кыйылган жыгачты дароо чапкан, анткени терек жаңы кыйылганда жумшак болуп, иштөөгө жеңил. Аны көлөкөгө коюп кургаткан. Терек-тал менен карагайдын ич ара айырмасын жатка билген. Чабылган ээрге сорпо менен малдын майын «кана ичирип», анан откo кайсап алган. Карагай ээрди арбын кармаган. Байтеше менен сомдоп, андан кийин балта, керки колдонгон. Кем-карчын бычак менен жонуп, өгөө менен жымсалдаган. Ээрдин кашын бүркүттүн томогосундай жасап, мурда күмүш жалаткан темир топчу, кийин чемодандын мыгы, жез менен шөкөттөгөн. Муну «көрчөгө» деп атаган. Ээрдин алдыңкы, арткы каптыргасын чыгарышка ал абдан чебер болгон. Үстүңкү чарасын жээктей темир уруп чегелеген. Абдыжапардын «кумач ээри» эр жигит ээри болгондуктан, аны «Эр эңиш», «Көк бөрү», «Ат чабыш» өңдүү улуттук оюндарга токунушат. Ал айырмач ээрди көп кармаган. Мунун алдыңкы, арткы кайчылашкан кашы болот. Анын кыз-келиндерге арналып жасалган айырмач ээри өзүнчө айырмаланып, бурчтарынан бери чегеленген. Көчкөндө булгаары тердик, муз желдик коюп, суу чайпалбас жорголорго токулган. Ыңырчак ээрди жасоодо ал бир нече бөлүктөргө бөлүп, аны көк менен бириктирип койгон. Жигит ээринин эки капталынын этегине ак жип (илгери жибек тарамыш) аркылуу энин жарым элидей кылып, «жээк» койгон. Ага эни эки элидей кош жарыш ичке балык жон «наар» келтирип, мунун ичинен чийим шибегеси менен «ийрек» сымал тиш-тиш түшүрүлгөн «чийме сынпос» кооз көрүнгөн. Чебер муну өзүнүн «кыял оюму» менен да наар кылып түшүрө алган. Анын «жылдызча», «тоок көз», «тегеректе», «толкун» сыяктуу аспаптары кол булгаарыга көркөмдүк ыроологон. Бул көркөм көчөттөрдү эки капталына бирдей түшүргөн. Ээрдин кашы оюмчийим түшкөн моюнунан өйдө өзүнчө капталып, алкымынан булгаары чачы чыккан. Ээрге түшүрүлгөн чийме сынпостору бири бирин кайталабай, түрлөнүп кеткен. Айтор уста терини колдо иштетүүнүн асемдүү сырларын мыкты билип, көн буюмдарды да таасындап кармаган. Тери буюмдарын кепичке чейин жасаган. Кеңичти адегенде бычып, анан кара териден ашкыт жасап, таманына кайыш же көн койгон. Аны эки ууртунан тигип туруп, кыркалай кыйган. Андан кийин кеп жыгачка кериш кургаткан. Көпич-маасынын жибин жылкынын тарамышынан чыйраткан. Тери идиштерин тигүүдө төөнүн чуудасына тарамышты аралаш чыйраткан. Антпесе, жалаң тарамыш чирип кетиши, жырылып жана суу кирме болушу ыктымал. Бычып-тигилген идиштин ичине топурак шыкалган. Көөкөр, көнөчөк, көнөк ооздоруна тегерек жыгач коюп, аны алкак деп атаган. Шири тери орточо кургап, абдан ката электе ага ийгек аркылуу чийим түшүргөн. Ийгини отко ысытып алып, чийимдин үстүнөн катуу басканда оюм кашкая түшкөн.

Абдыжапар мүйүздү да, сөөктү да кармаган. Аялдардын мүйүз тарагына майда жана кезек тиш чыгарган. Буга кунаажындын, топоздун мүйүзүн тандаган. Мүйүздүн ичине жумуру жыгач салып, малдын майын сыйпап, оттун табына кактаганда ал былпылдап жумшарган. Муну суутпай, дароо эки жыгачтын ортосуна коюп, кайыш менен беттей таңып, үстүнө оор нерсе бастырган. Мүйүздүн чет-бучкагын чебер араалап, кадимки тарак түспөлүн бергенден кийин, тиштеринин ордун кылдат сызып алып, араа жүргүзгөн. Абдыжапардын байбичеси Ырысбүбү айыл арасындагы чыгаан өрмөкчү. Уулу Сайналга ата жышааны толук жуккан. Ал азыр Нарын шаарындагы Токтогул атындагы орто мектепте кол эмгеги боюнча мугалим. Небереси Каныбек да чебер. Эмгектери баттамада.

## МОМУНБАЕВ СҮЙҮНААЛЫ

Зергер. 1958-ж. Тогуз-Торо районундагы Казарман айылында устанын үй-бүлөсүндө туулган. МСОдо кыш кыноочу, жыгаччы болуп иштеген. Бишкектеги № 19 элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайынын зергерчилик бөлүмүн бүтүргөн. Азыр «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узануучу чебери. Ага Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлиги «Биринчи сынаптагы чебер-сүрөтчү» деген наам берген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Сүйүнаалы ат жабдыктарын жасайт жана түстүү металлдардан зер буюмдарын кармайт. Ага атасы Сүйүнаалынын зор таасири тийген. Уста зер жасалгаларга өзүнчө, кара темирчиликке өзүнчө көмүр өчүрүп, көөрүк басат, көмүркөй кармайт, кужу күйгүзөт. Аспап-куралдарын бүтүндөй өзү жасайт. Кара темирдин сугатын мыкты билет. Темирдин курчун иштетүүдө, чарыкка тартууда, ширетүүдө күрч темирлердики шыпылдап тоголок тартаарын, муңайым темирлерди ширетүүдө жалын чыгаарын узануу учурунда туюндурат. Ошого жараша жасалуучу буюм-тайымына жараша темир тандайт. Анын ээрге чапкан шөкөттөрүнүн көркөм түспөлү өзүнчө айыр-

маланып, ал эркектер токунууга шартташат. Шөкөт жазыраак алынып, ал сары жезден турат да, кайыкка кынаптала түшөт. Шөкөттөрүнүн көркөм калыптарын өзүнүн чыгармачыл туюму менен жасап алган. Ат жабдыктарын көбүнчө кайып кармайт. Сүрөтү жана эмгеги түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1983-ж. «Кол өнөрчүлөрдүн борбор шаардык көргөзмөсү». Табак, кумура идиштерин түстүү металлдан чеккендиги үчүн диплом;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Ат жабдыктары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун II даражадагы дипломy;

1984-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин кароо-сынагы». Аялдардын зер буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун дипломy, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Ат жабдыктары жана зер буюмдары менен катышкан.

## МОМУШЕВ АСКАР

Ат жабдыктарынын чебери. 1937-ж. Жети-Өгүз районундагы Ак-Терек айылында төрөлгөн. Айыл чарба окуу жайын бүтүргөн. Кыйла жылдары чарбада башкаруучу болуп иштеген. Айтылуу усталар: Дыйкан уулу Абдыгалый, тосордук Токсон уулу Касым, айылдашы Борсук уулу Абдылда, кичи-жаргылчактык Жаманак, барскоондук агаинилер Турдумамбет, Мукамбеттердин нускаларын алган.

Аскар ээр чабууну көк теректи бүрдөй электе кыйып келүүдөн баштайт. Көлөмүн болжолдоп чаап, сомдоп, эки айча көлөкөгө кургатат. Жарылып кетпеси үчүн жыгач желим сүйкөйт. Бүткөн ээрди уйдун же топоздун териси менен каптайт. Ээрди чабууда адегенде ат өркөчүн баспагандай кылып үстүн чаап алат. Эң аягында кашын чыгарат. Ээр чарасы үчүн чүпүрөктөн бычып алган үлгүсү бар. Ал өлчөм катары колдонулат да, эки түрдүү ээрдин чабылышына чакталат. Ээр чарасынын кездеме үлгүсү эки бүктөлгөндө тепетең болуп, төптүктү жана тактыкты сактап турат. Ээрдин бир актасы 45 *см*, арткы актасынын куюшкан бекитээр жери 11 *см*, өркөч үстү 16 *см*, мунун арты 21 *см*, жалпы алганда 36 *см*, асты 30 *см*, анын асты 19 *см*, чарасы 38 *см*, анын айланасы 32 *см*ге барабар. Ээрдин кашынын моюну 16 *см*, каш башынан алдынкы актанын учуна чейин 31 *см* болууга тийиш. Анын калыңдыгы 1,5 *см*, чарасынын калыңдыгы 1 *см*дей болот. Ээр кашы эки кулактан турат да, айланасы 15 *см*ди түзөт. Аскар чапкан ээрдин ички бети 17 *см*ден башталат да, бели (отуруучу ортосу) 15 *см*ге барабар болот. Ээр бөлүктөрү так өлчөнөт. Чебер алардын өзүнчө схемаларын түзүп чыгат. Ээр көкүрөгүнүн калыңдыгы 4 *см*, кашынын моюнунун айланасы 17 *см*ге өлчөнөт. Эр ээринин уч түрү боюнча узанат.

Ал ат жабдыктарынын калган бөлүктөрүн кайып кармайт. Аларга: жүгөн, көмөлдүрүк, куюшкан, басмайыл жана камчы өндүүлөр кирет да, буларды жүзөгө ашырууда өз өзүнчө ыкмаларды колдонот. Тердик, желдик, көрпөчө жана өрүмдү жубайы Момушева Аралкан кармайт. Натыйжада булар ат жабдыктарын түгөл кармап, атка токугудай даражага жеткиришет.

Уста булгаарыга чабылуучу шөкөттөрдүн түспөлдөрүн өзгөртүүгө аракеттенүүдө. Ал сыныпостун топчуларынын жердигин жезден тандап, ага өгөөлөө аркылуу көркөмдүк түшүрөт. Эски үлгүлөрдү негиз тутуп, ага чыгармачылыкта өзгөртүү киргизет. Эмгеги баттамада.

## МОҢОЛДОРОВ ШЕЙШЕНБЕК КЕБЕК УУЛУ

Уста. 1954-ж. Тоң районундагы Бөкөнбаев айылында төрөлгөн. Тоң МСОсунда уста, айылдык № 84 кесипчилик-техникалык окуу жайында уста-сүрөтчү болуп иштеген. 1984-ж. Бишкектеги көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүп, Тоң районундагы Бөкөнбаев атындагы орто мектепте сүрөт, кол эмгеги сабагынан мугалим, Бишкектеги «Ак-Тилек» Бирикмесинде сүрөтчү-жасалгалоочу, 1987-жылдан көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайында териден көркөм буюм жасоо бөлүмүндө чебер-окутуучу болуп эмгектенүүдө.

Чебер шири идиштерин кармоодо уйдун туздала элек терисинин жүнүн кырып, жумшак кезинде (мисалы, көөкөр үчүн) бычат. Аны беттеп кармап, ички бетин сыртын көздөй каратып, эки беттин орто жерине кебез чүпүрөктү бүктөп бастыра темене менен тигет. Ал идишке суюктук куйганда аны сыртка өткөрбөйт. Тигиш жиби үчүн аттын туу кылын колдонот. Бышык жибек жип менен да тигет. Ага ныдуу кум аралаш топуракты аябай шыкап, идиштин түспөлүн берет. Көөкөрдүн ийиндерин ийри шиш менен чыгарат. Тери тоборсуганда чийин шибегеси аркылуу «кыял



оюмун», «мүйүз оюмун» түшүрөт. Анын үстүнөн кайра-кайра катуу басуу аркылуу түбөлүктүү «чийме сынпос» калтырат. Шейшенбек шири идиштеринде эски салттуу буюмдардын түспөлүн өзүндөй сактай алган. Алардын сыйымдуулугу да ар кандай. Анын кепкегин жыгачтан кырып, ага кайыштан боо тагат. Шири идиштерин ыштыкка коюп, өңүнө чыгарат. Шири идиштеринин, мисалы, көөкөрдүн ийинин, моюнун, кепкегин түстүү металлдар менен шөкөттөйт. Чебер кур, мергенчинин өздүк буюмдарына, чыны капка, кутучаларга наар түшүрүүнүн жаңы ыкмаларын мыкты билет. Эмгеги баттамада.

**Эмгектери:** А. Акматалиевдин «Ат жабдыктары жана тери буюмдары» аттуу китебинин сүрөттөрүн графика ыкмасы аркылуу көркөмдөгөн;

Этнограф-искусство таануучу М. В. Рындиндин «Кыргыздын элдик оюндары» деген альбомунун баш сөзүн кыргызчалап, оюм-чийим сүрөттөрүн тарткан.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1989-ж. Мамлекеттик сүрөт музейиндеги «Кыргыздын элдик көркөм кол өнөрчүлөрүнүн сатуу көргөзмөсү». Көөкөр, мергенчинин өздүк буюмдары жана калкан, булгаарыдан жасалган дубал жасалгалары менен катышкан. Көркөм үлгүлөрү Сахалинде уюштурулган Бүткүл союздук көргөзмөгө жөнөтүлгөн.

## МОҢОШ УУЛУ АБЫКАЙ
(1898—1955)

Уста. Тоң районундагы Бөкөнбаев айылында төрөлгөн. Үч бир тууганы менен бирге ата-энесинен эрте томолой жетим калып, ар кимдин улагасында күн көргөн. Жаш күнүнөн өнөрпоздорго үйүр алып, алардын таалим-тарбиясын алууга куштарланган. Агасы Карасарт чебер өтүкчү чыккан. Абыкай абалы агасынын нускасын алган. Зергерчиликке, темирчилик менен жыгаччылыкка узанган. 1916-жылкы үркүндө Турпан тарапка барып, чоң зергерлерге шекит болгон. Эл-жерине кайткандан кийин өзүнчө өнөркана кармап, баса узанууга өткөн. Бириккен чарба уюшулган учурда ошол кездеги Кызыл-Чек колхозунун устаканасын уюштуруп, айыл чарба шаймандарын, арабасын жүргүзүп, тегирмен, жаргылчак, моло таш чегип, ат така ийип, бүлүнгөн-сынган техниканын тетиктерин кайра жасап-оңдоодо кара темирди камырдай ийлеп, темирчи аталган. Кийин чарбалар ирилешкенде Ленин колхозуна узанууга өткөн. Тоң, Жети-Өгүз тарапта ал чапкан ээр «Абыкайдын ээри» делет. Анын ат жабдыкты сынпостоо даңазасы бийик айтылат.

Абыкай устачылыктан сырткары санжыра, «Манастан» үзүндү айткан. Комуз черткен. Чапкан комузу өтө үндүү болгон. Териден элдик кийимдерди жасаган. Бодонун терисинен жасаган көн булгаары буюмдары, шири идиштери айыл ичинде азыр да сакталган. Бул анын атак-даңкын, жасаган буюм-тайымдарынын баалуулугун билдирет.

Абыкайдын өз чөйрөсүндө устачылыкты үйрөтүү мектеби болгон. Андан Мамбет Адигине уулу, Базарбай Токтосун уулу, Зарына Токтосун уулу, Токтосун Кылдоос уулу, Касым Талыпбай уулу өңдүүлөр таалим алышкан.

## МУКАНОВА КАШЫМКАН САМАТ КЫЗЫ

Саймачы. 1949-ж. Тоң районундагы Ак-Сай айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Бишкектеги физприбор заводунда радио аппаратын жөндөөчү болуп иштеген. 1986-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узданууучу чебери. Ага Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлиги «II сынаптагы чебер-сүрөтчү» деген наам ыйгарган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Кашымкан саймачы катары «илме сайманы» (шибеге сайма) мыкты өздөштүргөн. Ал мурун сайма үлгүлөрү үчүн көбүнчө шырдак

оюмдарын көркөм көчөт ордуна пайдаланса, кийин ал алкактан чыгып, көчөт каражаттарын ич ара кыйыштырып, прикладник-сүрөтчүлөрдүн нугунда ропорт түзүү касиеттерине айрыкча назар таштайт. Чөптөрдөн, гүлдөрдөн пайда болгон элестерди символикалык түрдө көрсөтүүгө аракеттенет. Кара боз, күрөң, кызыл жүндү ийирип, кара жердикке түшүргөн кооз көчөттөрү анын уздук үнүн айкындай алат. Уз ар бир буюмуна ат коюп, атына карата затын сайма өнөрү аркылуу түшүндүрөт. Анын «Эңилчек», «Мандалак», «Бугу — Эне» өңдүү эмгектери буюм эле эмес өзүнчө изденүүнүн натыйжасы болуп эсептелет. Уз өз колунан жердик жаратат да, кара кочкул, кызыл кочкул, боз өңдөрдү кенен пайдаланат. Көпчүлүк үлгүлөрү элдик оюмдардын элементтери менен даана айкалышат. Мында бир табакчадан «карга тырмак көчөтүн», ичи-сыртына чыккан «тумарча көчөтүн», «жүрөкчө көчөтүн» келтирип, жээк көчөттөрүн «ит куйрук оюму» өңдөнтүп берет да, көркөм оюмдан жаралган сайма көчөттөрүн эндүү алып, оюм-көчөттөрүндөгү чыгармачыл касиеттер төптөшүп турат.

Ал оймочу катарында да бааланат. Уз көбүнчө туштук, туш кийиз, шырдак, аяк кап, көлдөлөң өңдүү буюмдарды арбын кармайт.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Сайма туштугу жана көлдөлөңү үчүн ЭЧЖРКнүн дипломy, Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзунун Ардак грамотасы;

1989-ж. Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзунун «Уз-усталардын топтук көргөзмөсү». Туштук, текче, сайма буюмдары үчүн III даражадагы диплом;

1989-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Кийиз жана сайма буюмдары үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Сайма буюмдары менен катышкан;

«Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Канадада, Анголада, Кытайда, Исландияда, Малайзияда, Суданда, Италияда, Грецияда, Турцияда, Иракта, Конгодо, Тунисте ж. б. эл аралык жайма базарларда, көргөзмөлөрдө уздун сайма иштери көрсөтүлгөн.

## МУРАТААЛЫ УУЛУ КАМЕРДИН
(1904—1988)

Ат жабдыктарынын чебери. Жумгал районундагы Чаек айылында төрөлгөн. 16 жашынан айыл чарба артелинде иштеген.

Камердин ээр чапкан, аны каптап, кара булгаары менен тыштаган. Анын жекече ыкмасы төмөнкүчө: теректи кыйып келээри менен чаап, аны соляркага салган. Ал жыгачтын сары суусун, шорун жана чайырын өзүнө тартып алат. Солярка ойдогудай сиңгенден кийин жыгач өтө какшып кургап, урунганда кажыбайт. Чебер ээр кашын өзүнчө чаап чыгарып, аны «Уй туяк», «Шалпык кулак», «Төө таман» өңдүүлөргө бөлүп узанган. Бул устанын кармаган ээринин кашын «Көкөр каш» деп айта алабыз. Анткени, каштын эки уурту кадимки көөкөрдүн бурчундай, мындайча айтканда ийиндүү болуп, же ийиндүү кишидей имериле көрүнүп турат.

Уста ээрдин чарасынын астын «актырга» деп атайт. «Тыйын эңмей», «эр эңиш», «улак тартыш» өңдүү элдик оюндарда согончок мына ушул жерге чап илине түшөт. Ошондуктан, уста атайын улут оюндары үчүн ээр чапкан. Анын көчүк басаар чарасы жайыгыраак келет да, актыргасы кенен болот. Ээрдин моюну жапыс болсо, бир моюндай көрүнүп калат. Ал эми кашы узунураак, өзүнүн ченемине келип суйкайыңкы болуп турса, аргымак аттын же туурда таранып отурган кыраан куштун моюнун элестетет. Ээрдин эки капталындагы үзөңгү илээр жерин дөңүрөөк чыгарат. Ал аттын эки далысынын чуңкурчаларына кынаптала кирип, аттын бөйрөгү жоорубайт. Ээрдин аяк-башы аты жок менен карышталып, чыканак аркылуу өлчөнөт. Ал «чыканак чен» деп аталат. Ээрдин чаты (арткы актасы) туура карыш болсо, аттын белин баспайт. Ээрдин алдыңкы сээри (алдыңкы актасы) сөөм болушу максатка ылайыкташат. Ээрдин үстүңкү эки капталы устанын өлчөмү менен туура эки карыш болот. Камердин уй терисинен чылгый капталган ээрине нымы али кете электе наар түшүрүү үчүн тегерек тиш-тиш аспапты колдонот. Ал кооз көрүнөт, түшкөн наары эч качан кетпейт.

Уста өтүк ултаруу өнөрүн да мыкты өздөштүргөн.

Устанын шакирттери Сулайманкулов Кубатбек, ушул райондогу Көк-Ой айылында жашоочу Арзыгулов Рашитбек, уулу Күлчоро Мураталиев уста өнөрүн талаптагыдай улантышууда. Устанын байбичеси Балбаева Мистекан да мыкты чеберлердин катарында, кыздары Насикат менен Камийгат эне-ата өнөрүн улоодо. Эмгеги баттамада.

## МУРАТАЛИЕВ ТОЛТОЙ

Кыл кыяк устасы жана кыякчы. 1939-ж. Кемин районундагы Кайынды айылында төрөлгөн. Бишкектеги музыкалык окуу жайын бүткөн (1964). 1961-жылдан Эмгек Кызыл Туу ордендүү Т. Сатылганов атындагы кыргыз мамлекеттик филармониясында эмгектенет. Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген артисти (1991).

Кыл кыяктын жалпы түзүлүш жердигин арчадан, өрүктөн, жаңгактан ж. б. алып, капкагына төө же торпоктун өтө кургаган терисин тандаган. Жылкынын туу куйругунан жулунган 65 талды тегиздеп, аспаптын ичке кылынын башкы учун үч оролмо түйүндөп, экинчи учу кыл кыяктын сол кулагынын тешикчесинен жана моюн тешикчесинен өткөрүлгөндөн кийин кыл кыяктын түпкү куткунуна үч оролмо түйүн аркылуу бекитет. Уста эки-үч жылы такай күүлөнүп тургандай кайраттуу кылдарды тандайт. Кыл кыяктын тепкесинин жердигин карагай, арча, тобулгу, четин, өрүк өңдүүлөрдөн алат. Ага үч ача өскөн жыгач керек. Тепке (бийиктиги 3 *см,* тик турган сол буту 4 *см,* оң буту 3 *см*) аспаптын капкагы теринин бетине коюлат. Кыл кыяктын жаасынын узундугун 60 *см* табылгыдан кылат. Жылкынын туу куйрук кылын тобулгунун башына бекитип, кылдарды бири бирине чаташтырбай тегиз жаанын учундагы кайыш куткунга бекитет. Аспаптын авазын күчөтүү үчүн чебер Тянь-Шань, Ысык-Көл, Чоң Кемин тоолорундагы карагайлардын кызыл түстөгү чайыры аркылуу анын кылын чыйратып алат.

**Эмгектери:** Т. Мураталиев. Кыл кыяк (методикалык колдонмо). «Кыргызстан». — 1984.

## МУРАТОВА КАСИЕТ

Куракчы жана саймачы. 1913-ж. Баткен районундагы Рават айылында төрөлгөн.

Касиет балыш, жаздыкты «илме дос» саймасы аркылуу сайып, ага куракчылыкты эриш-аркак пайдаланат. Узга тигүү машинасына караганда ийне менен кездемелерди кыюусу жеңилдей, нарктуудай туюлат. Ал буюм кечелеринин жердигине ак сурп менен кара иласты тандайт. Мындан сырткары кочкул кызыл, ачык кызыл иластан «колтук», «маңгыз» жана «көз» салат. Бул элдик куракчылыктын көчөттөрүнөн сырткары Касиеттин «кунаба курагы» («тажатма курагы»), «айырма курагы», «бөрү көз курагы», «турна курагы», «тогуз дөбөлө көчөтү», «допу дөбөлө көчөтү», «жылдызча көчөтү» кошумча кооздук катары түшөт. Мында төрт табакча бир үйдү түзөт да, майда куррактар





жээк көчөтү катары милдет аткарат. Сүрөттө Муратова К. шакирти менен.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Сайма, курак буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Курак балыштары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы.

## МУСАЕВА НУРБҮБҮ

Уз. 1951-ж. Жумгал районундагы Чоң-Дөбө айылында төрөлгөн. Бишкектеги финансы-экономикалык техникумду бүтүргөн. 1983-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Кочкордогу бөлүмүн уюштурган. Азыр Кыргыз Эл чеберлер союзунун «Белек» чакан өнөрканасынын башчысы. 1991-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Энеси Насиптин, кайын энеси Мариянын уздук таасирлерин алган.

Ал салттуулукта кармаган шырдак буюмдарындагы борбордук оюмга көк-кызылдан «мүйүз оюмдарынын» ичи-сыртынан «карга тырмак оюмдары» менен айкалыштырып, өзүнчө үй (табакча) берет. Жээк оюмдарына «бадам оюмун», борбордук оюмдун табакчаларынан жарымын пайдаланат. Шырдакты беттеп оёт, четтик оюмдан үзүл-кесил өөн чыкпайт. Ал буюмдун «аламычына» нарындыктарга мүнөздүү «бычак учу оюмун», «ит куйрук оюмун», «сыңар мүйүз оюмун» ак-кара өңдө алат. Жээк оюмдарынын эки четине «аламыч» чыгаруу салтын да Нурбүбү мыкты өздөштүргөн.

Уздун туш кийиздериндеги башкалардан айырмаланган бөтөнчөлүгү «көчөт табакчаларынын» четтеринде жүргүзүлгөн «суусу» буюмдун кош капкалдырыктарындагы көркөмдүктөргө үндөшөт. Ал туш кийиз фонуна күрөң-кызыл, көк-жашыл, сары-ак түстөрдү ич ара бирин бири жеңбегендей алат. Сайма, кийиз буюмдарынын айрымдары этнографиялык, тарыхый музейлерге экспонатталган.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Кийиз үлгүлөрү үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1991-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Сайма туштугу жана чакан шырдагы менен катышкан.

## МУСА УУЛУ ДҮЙШӨКӨ

Жыгаччы. 1926-ж. Нарын районундагы Учкун айылында төрөлгөн. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Колхоздо темир уста болуп иштеген.

Ээр чабууда жергиликтүү теректи кеч күздө же эрте жазда кыйып, анын он чактысын бир учурда сомдоп алып, көз өлчөм менен четинен чаба баштайт. Үй терини (мурда төө терини) чылгыйлап каптайт. Дүйшөкө комуз да чабат. Анын жердигине тоо арчасын кыйып, кыраңга өскөн карагайдын бутаксыз, сызыктары жыш кеткен жерин тандап капкактайт. Уста тегирмен да чуркатат. Ташты жаткан жайынан тандап чегет. Ал көбүнчө жердикти Нарын дарыясынын жээгинен алат. Чебердин кызы Жумабүбү (1950-ж. т.) оймочу.

## МУСЛИМОВА ЗАЙНАП

Саймачы жана оймочу. 1908-ж. Жети Өгүз районундагы Кызыл-Суу (Покровка) айылында төрөлгөн. Уздукту тестиер чагынан баштаган.

Зайнаптын ак өргөө жасалгаларындагы кийизчиликке түшкөн өсүмдүктөрдүн бутактарынан, сабактарынан алган коолдуктар даана көркөмдүк катары кабыл алынат да, ал сайма үлгүлөрүнө да үндөшөт. Туш кийиз көчөттөрүнөн эки капкалдырык чыгарып, эки жээгине «суу» түшүрүп, ортосуна «куш канат оюму» менен «мүйүз оюмунан», «жарым кыял оюмунан» көчөт жаратып, ал көчөт табакчаларынын четин ала мончоктото көрсөтөт. Көчөттүн өзөгүнө элдик эски оюмдарды «кыял көчөтү» кылып, татаалданта, өңдү ачык алат. Уз негизи адеми жердиктерге коолдукту жыш берет. Ошондой ондогон түстүү жиптерден жаралган көркөм көчөттөр бири-бири менен чатышпайт. Кезегинде кол өнөрчүлүктөгү даанышмандык катары мамлекеттик гербдерди чеберчиликте сайып, чет өлкөлөргө белек катары жөнөтүү учурунда уз чоң тапшырмаларды аткарган. Ал көп боёктордун ичинен кызылкөк түстөрдү бөлүп чыгат да, сайма буюмдары кызылдуу болуп көрүнөт. Уз Шарипкан Алдашовага уздук таасир берген.



### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1970-ж. «Өздүк көркөм чыгармачылыктын чеберлери менен сүрөтчүлөрдүн жасалгалык-колдонмолук өнөрүнүн Бүткүл союздук көргөзмөсү». «Тынчтык» аттуу туш кийизи үчүн ВЦСПСтин дипломү.

## МУСЛИМОВА СЕЙНЕГҮЛ

Оймочу жана саймачы. 1934-ж. Кочкор районундагы Ороо-Башы айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Ал дүкөнчү, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн уздануучу чебери, Чоң-Туз курортологиясында жумушчу болуп эмгектенген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Узга энеси Төрөкабылова Зыйнат зор таасир берген. Зыйнат байбиче кезегинде кыргыздын кызыл шырдагын арбын кармаган. Анда «куш оюму» буюмга негиз болуп, ал он эки табактан түшүп, ага «жүрөкчө оюму» биригип, четине «кыял оюму» берилүү аркылуу көркүнө чыгат. Зыйнат Сейнегүлдү жөнөкөй эле узданууга эмес, чыгармачылык мамиле жасап, ар бир буюмду табы менен кармоого машыктырган.

Сейнегүл сайма көчөттөрү түшкөн туш кийиздеринде поэзия менен көркөмдүктүн ыргактарын шайкештире чечмелейт. Өзү ооз учунан ыр жамактатууга шыктуу. Ал саймадагы коолдукту ырга, ырдагы көркөмдүктү саймага оодарат. Техниканын жетишкендиктерин көркөмдүктө сезип, илме сайма аркылуу жүзөгө ашырган туш кийизин «Тынчтык» деп атаган. Табигаттын жандуу көрүнүшүн элестеткен көркөм көчөттөрдү шибеге сайма аркылуу чачырата берет. «Достук» аттуу аянттуу жасалган туш кийизи да көркөм планда чечмеленген. Сайма буюмдарына түшүрүлүүчү көчөттөрдү жүзөгө ашырууда чебердин кылдаттыгы өтө бааланат.

Зейнегүлдүн саймачылыгы менен катар чырмакчылыгы, оймочулугу, бычмачылыгы бирдей чыгармачылыкта өнүгүп, көркөм көчөттөр менен оюм-чийимдер бири бирине алмак-салмак өтүп турат. Анын оюмдары майда берилет да, тактыгы менен төптүгү даана көрүнөт. Уздун бир шырдагында (3,8 x 1,8 *м*) көк-кызыл беттешет да, негизги оюм менен четтик оюмдун ортосунда «аламычтын» милтеси кызылдан чалынып, ак-карадан «бычак учуланат». «Аламычтын» четтик жана ортолук оюмдарынын четинде сарыдан «жээк» бар. Анын «аламычы» комуз кобук болот. Эки четинде актан «бычак учу» «араа тиш» түшүп, ортосунда төрт бурч толкун өңдөнүп кетет. Ушундай эле «аламыч» шырдактын четинде да бар. Буюмдун четки оюму «жолборс тырмак оюмуна» шайкештенет. Сүрөтү түстүү баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Сайма буюмдары менен катышкан.

## МЫРЗАКМАТОВА АНАРКАН

Уз. 1954-ж. Анжиян облусундагы Фергана районунун Жабагы айылында төрөлгөн. Анжияндагы мединститутту бүтүрүп, райондо тери оорулары боюнча дарыгер болуп эмгектенет. Уздук нусканы апасы Марифаттан алган.

Анаркан уздукту саймачылыктан баштаган. Саймаларында айрыкча туштук, балыш, жаздык сымал буюмдарынын жердигин таардан (кебезден ийрилип согулган бөз), тукабадан, кийизден тандайт да, «кош аяк кеште», «турна канат кеште», «кочкор мүйүз көчөтү», «кош аяк көчөтү», «теке мүйүз көчөтү», «куш канат көчөтү» өңдүүлөрдү «илме дос», «илме сайма», «чалма сайма» аркылуу ичин толтура илип саюу менен жүзөгө ашырат. Ал «ыспыты көчөтүн»

түндүктүн жел боосуна, элечек кыргагына, тегирич сымал үлгүлөргө арбын пайдаланат. Уз өрмөкчүлүктүн кара термесин согот. Өзүнүн чеберчилигин сиңдиси Гүлканга жугузган. Ал кийиз буюмдарын да арбын кармайт. Сүрөтү түстүү баттамада.

## МЫРЗАКМАТОВА МАРИФАТ

Оймочу, өрмөкчү, килемчи, саймачы. 1920-ж. Кара-Кулжа районундагы Каманчы айылында төрөлгөн. Кытай Эл республикасынын Котон облусунда орто мектепти окуп, татар тамгасында уйгур тилиндеги институтту бүтүргөн. Мектепте мугалим, директор болуп иштеген. 1944-ж. Кытай революциясы башталганда жолдошу Мырзакматов Тайирбек менен кошо партизандык ишке өтөт. 1946-ж. СССРге келишет. (Азыр Фергана районунда Мырзакматов Тайирбек айылы бар). Марифат 33 жыл чарбада эмгектенген. «Ардак белгиси» ордени, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» ж. б. медалдар менен сыйланган. 1974-жылдан «Мурас» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узданууучу чебери. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Марифат абалы жүл килемин токуп, ага 96 жип менен «Миң бир түн» көчөтүн түшүрөт. 116 жип менен «күйдүргү» (гүлдөп турган кооздук) көчөтүн түшүрөт. «Кажак көркөм көчөтүнө» 19 жип керектейт. Мында килем четине «кош кайкалакка» 24 жип кетет.

Марифат сайма буюмдарын бүтүндөй кармайт. Ал жел боону эндей бөз кылып согуп, жердик кылып, ага «ыспылы көчөтүн» (түндүктөн чыккан түтүн сымал көрүнөт да, эң көп колдонулган кеште) түшүрөт. Мында жердикке кызыл-жашыл түстү шартташтырат. Ал «кош турна көчөт» (турналар катар учкандай тырмак-тырмак болуп көрүнөт), «кунаба көчөт», «бүркүт тырмак көчөт» сыяктууларды ойдогудай бере алат. Уз «кажары», «кара терме» ыкмасы менен боз үйдүн боо-чуусун, кереге таңгычын, тегиричин согот. Анын тегиричинде «кылыч байлоо чачысы» бар. Кажары термедеги «кош чагармак» уздун мыкты өрмөкчү экенин далилдейт.

Анын оймочулугу боз үйгө чакталган тегерек шырдактан билинет. Анда жалпы оюмду табакча-табакча аркылуу ич ара жиксиз бириктирет. Мында төрт «кочкор мүйүз оюму» бир табакчаны түзөт да, ортолук оюм менен четтик оюмду ак-карадан турган «ит куйрук оюму» ажыратып турат. Анын чети «жарым кыял оюмун» түзөт да, буюм жалпы алганда «Марифаттын кыялы» болуп билинет.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Боз үйдүн оюмдан, термеден, саймадан, тор чачыктан турган бай жасалгасы үчүн ЭЧЖРКнүн III даражадагы дипломү, медалы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Боз үйдүн ички-сырткы жасалгалары менен катышкан.



## МЫРЗАКУЛ КЕЛИНИ АЙКАН
(1885—1978)

Килемчи. Ноокат районундагы Бел-Өрүк айылында төрөлгөн. Айылдаштарынын айтымында Айкан Ноокат тараптан чыккан улуу чебер уздардын бири. Анын соккон жүл (түк)килемдери түрүнө карата төптүк элестерге жоомарт. Төтөн, килемдеринин ортосу чатыраш же ромб, болбосо сегиз бурчтук түрүндөгү көркөм көчөттөргө толот. Килемдеринде кызыл түс көк менен беттешип, ак жана карадан «ала мончогу» түшөт. Кайкач бармактуу Айкандын үлгүлөрү бүгүн Жатан, Ак-Чабуу, Колдой, Учкай, Мурзалар, Ата-Мерек, Баргы өңдүү майда айылдарда көп учурайт. Учурунда,

анын кызыл килеми өзбек, тажик базарларында үстөмдүк кылып турган. Боёкторунун ачыктыгы, көчөттөрүнүн бири бирине шайкеш келгендиги, жердиги, койдун кылчык аралаш жүнүнөн болгондугу жана аянтынын кеңдиги көрүүчүлөрдү да, алуучуларды да өзүнө тартып, буюмдун баасын жогору көтөргөн. Килемде кыргыз көчөттөрү так түшүп, бир бүтүм ойду туюндурган. Уз араби килемди да арбын токуган. Бул чыныгы килемден токулуш ыкмасы жагынан кескин айырмаланган. Буга уз жүндү абдан аз чыгымдап, жиптен таштанды чыгарбаган. Таар сымал согуп, килемдикиндей аркак салбаган. Чебер бир жумада орточо аянттагы арабы килемди өз колунан эркин чыгарган. Буюмду төргө төшөөгө шарттап, эришине аркакты санап гана өткөрүү аркылуу көчөт түшүргөн. Буга да жүл килемге түшкөн көчөттөрдү тандаган.



## НАМАЗАЛИЕВА ЖИЙДЕГҮЛ
(1924—1980)

Оймочу жана тор чачыкчы (түймөчү). Нарын районундагы Эчки-Башы айылында төрөлгөн. Атайын орто билимдүү. Эсепчилик ишинде жана агартуу майданында эмгектенген.

Жийдегүл тестиер чагынан көркөм кол өнөрчүлүктү аздектеп, узчулуктун наарын энеси Токтокандан алган. Жийдегүл өзү көтөргөн боз үйдүн жабык башына «мүйүз оюмун» негиз тутат да, анын ортолук оюмундагы ошол коздук четтик оюмдарына «мүйүз оюмдарынын», «жагалмай канат оюмдарынын» элементтерин ич ара кыйыштырган «жарым кыял оюму» жалпы оюм катары кызыл-көк түстө берилет. Ага тегирич ошол өңдө үндөшөт да, аягына «тор чачык», «кылыч байлоо» сымал түймө ыкмаларын он манжасы аркылуу чалат.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1974-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына карата жасалга-колдонмо өнөрүнүн республикалык көргөзмөсү. ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломү.

## НАРЫНБАЙ УУЛУ КАШКАР
(туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Зергер. Кочкор районундагы Чолпон айылында жашап өткөн. Зергер Тегинбай уулу Темиркан (Кочкор району, Ак-Учук айылы) устакерчиликти Кашкардан үйрөнгөнүн айтат. Алардын кармаган үлгүлөрү көркөм калыпка куюлуп жана чабылып, даана салттуулукту билдирип турат.

Кашкар устанын мөөр шакектери, билериктери, топчулары, сөйкөлөрү жана оймоктору элге тарап кеткен. Бул боюнча жүргүзүлгөн кол өнөрчүлүк экспедициялары алардын айрымдарын сүрөткө тартып алган. Мында зергер күмүштү кара темирге жалатып, буюмдун сабагын кызыл мистен алып, ыроо (коргошун) куюп, кепшерлегени билинип турат. Ага «сыя төгүү» (зооткер) ыкмасы аркылуу узанган зер нускаларынын бетине түшкөн көркөмдүктөрү, адатта «мүйүз оюмдарынын», «карга тырмак оюмунун», «кыял оюмунун» көчөттөрүнө таандык белгилери билинет. Бирок, зергер «сыяны» кандай жасаганы, анда кайсы заттардын үлүшү бардыгы алиге белгисиз. Мында устанын жекече узануу ыкмаларында күмүштү эритүү, күмүштү уютуу, күмүштү кайра жашытуу, нусканын түспөлүн табуу, торчолонгон кара темирге аны үлбүрчөктөй кылып жалатуу, чийин шибеге аркылуу оюм түшүрүү, ага «сыя төгүү», күмүштү сактоо, күмүштү ийүү өңдүү чеберчиликтери, өзгөлөрдөн айырмаланган жагдайлары сезилет. Мындай кереметтер зергердин ичинде жашыруун сыр катары кеткен.

## НИШАНОВ АНАРБАЙ

Зергер. 1960-ж. Ош облусунун Кара-Суу районунда төрөлгөн. Көркөм кол өнөрчүлүк окуу жайынын зергерчилик бөлүмүн бүтүргөн. Азыр ошол окуу жайында узанат. Ал көрүнүктүү зергер усталар Таалайбек Мамбетов, Таалай Назарбековдордун (Бишкек шаары) өнөрканаларынан таалим алган.

Анарбай кыз-келиндердин асем жасалгаларын, ат жабдыктарынын шөкөттөрүн кармоодо «чегүү ыкмасын», «чапкылоо ыкмасын», «тогуз төбөлөө ыкмасын« жана «көркөм калыпка куюу ыкмасын», «темир бетин оюу ыкмасын» пайдалануу аркылуу элдик оюм-көчөттөрдү түшүрөт. Кара темирчилигинде оздук, үзөңгү куят, депкир, аткуур, кычкач, калак өңдүү ашкана буюмдарын кармайт. Уста көрүк үйлөтүү менен кургак узанууну тең тизгинде алып барат.

### Катышкан көркөм көргөзмөлөрү жана кароо-сынактары

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата ЭЧЖРКнүн көргөзмөсү. Зер буюмдары үчүн ЭЧЖРКнин дипломү.

## НИЯЗАЛИЕВА АНАР

Оймочу жана саймачы. 1934-ж. Чүй районундагы Дөң-Арык айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздо иштеген. 1979-жылдан Токмоктогу кийиз уютуучу фабриканын «Кийиз» аттуу кооперативинин үйдөн иштөөчү чебери. Узчулуктун башатын энеси Жумагүлдөн алган.

Анар кийиз жана сайма буюмдарынын үлгүсүн жаратат. Шырдактарынын ортолугуна төрт «жолборс тырмак оюмунун» башынан «карга тырмак оюмун», четтерине «куш оюмунун» алдынан «карга тырмак оюмун» алат. Башка оюмчуларда кездешпей турган кооздукту айылдаштары «Анардын жарым кыялы» деп аташат. Уз кызыл шырдагында «жагалмай канат оюмунун» алдынан «кочкор мүйүз оюмун» жалпы оюм катары берет. Эки-үч табакча бири-бири менен жиксиз тутумдашат. Табакчалардын ичиндеги «кочкор мүйүз оюмунан» жүрөкчөлөр пайда болот. Алардын араларына «аламыч» түшпөйт. Буюм четтери гана «бычак учуланып», «Анардын жарым кыялдарынын» «борбордук оюму» эки табакчадан болсо, эки «бармак боочу оюмунун» ичинен «кочкор мүйүз оюму» чыгат. Жалпысынан алганда анда «табак оюмдун» да элементтери сакталган. «Жарым кыял оюму» четтик оюм катары түшүп, кийиз беттей оюлгандыктан буюмдун бурчтарынан үзүл-кесил чыкпайт. Уз «ит куйрук» оюмун «бычак учу», «аламыч» катары пайдаланат. Ал азыр кызыл шырдакты арбын кармоодо. Уз Мамытова Шамбүбү (оймочу), Кожокматова Жамыйла, Ыйманова Кайырбүбү, Чаланова Саадат (оймочу), Ыймакеева Кенже, Султаналиева Мейилкан, Жунушалиева Батыйма өңдүү үйрөнчүк чебер аткаруучуларды өзүнүн чеберчилик мектебинен өстүрүп чыгарган.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Шырдагы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Шырдагы, аяк кабы үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы;

1988-ж. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук фестивалына карата көргөзмө. «Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук II фестивалынын лауреаты» деген наам;

1989-ж. «Эл чеберлеринин шаардык көргөзмөсү». Шырдагы, аяк кабы, чыны кабы музейге экспонатталган.

## НИЯЗОВ БОЛОТ

Жыгаччы. 1935-ж. Чүй районундагы Кош-Коргон айылында төрөлгөн. Педагогиялык билими бар. Орто мектепте көркөм кол өнөрчүлүк мугалими-чебери болуп иштейт.

Болот үйдүн салттуу эмеректерине арбын узанат. Андайларына: боз үйгө шартташкан эскиче үкөк, идиш-аяк буфети, дубалга тирелген текче өңдүүлөрү кирет. Булар фабрика, комбинаттардан чыккандардан айырмаланып, салттуулукка оошуп, мурунку элдик кырма идиштердин туундусу болот. Мындай буюмдарды жасоодо ал тактайдын чирибеген бутаксыз таза, тунугун тандайт. Салкын жайга кургатып, сүрүп, жылмалап даярдоодон өткөрөт. Андан кийин өзү даярдаган үлгүсү боюнча кестиги менен жыгач бетине түр түшүрөт. Аны кум кагаз (наждак) менен жышып, жыгачты марганцовка менен сүртөт. Ал тактай бетине сиңип өңүн өзгөртүп жибергендиктен, кара боёкко кызыл боёкту аралаштырып, ортодон күрөң боёкту чыгарып боёп, анан кичине лактап коёт. Уста түстүү металлдарды согууну-чегүүнү да жакшы өздөштүргөн.



**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Салттуу жыгач үлгүлөрү үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы.

## НОГОЙБАЕВА АЛТЫНАЙ

Уз. 1938-ж. Жумгал районундагы Багашан айылында төрөлгөн. Бишкектеги медициналык окуу жайын, кыз-келиндер институтунун филология факультетин бүтүргөн. Ооруканада, райондук элдик театрда директор, Чаектеги Мидин Алыбаев атындагы, Москва орто мектептеринде мугалим болуп иштеген. Алтынай апасы Маасымканова Кенженин уздук нускасын алган.

Алтынай элдик маанайдагы көркөм өнөрдүн оюм-чийимдерин көркөмдөөдө «табак оюм», «жүрөк оюм», «бадам оюм» өңдүүлөрдү пайдаланат. Тушка тартууга ылайыкталган (узундугу 2 *м* 20 *см*, туурасы 1 *м* 80 *см*) шырдакка тынчтыктын символу болгон көгүчкөн оюмду тиктештирип, төрт бурчуна музыка арфасынын сөлөкөтүн түшүргөн. «Жүрөк оюму» эки бөлүнүп түшүрүлүп, анын жээги эч качан үзүлбөйт. Оюмчу көп нерсени чечмелейт. Мисалы, бөлөк түшкөн көркөм оюмунун бир жибин ак, экинчисин сары түс басат. Демек, ак жип — ак тилек, сары — кусалык, сагыныч. Ал эми жээгиндеги оюмдун үзүлбөгөнү — жүрөк жүрөккө дайым тартылып турганы. Көгүчкөндөрдү көгүш менен басып, канаттарынын тарамдарын майда шыруу аркылуу да түшүрөт. Төрт бурчуна чок салып, килем катары тушка тартууга ылайыктайт. Ала кийиздин бетин жалпы кара кылып, үстүнө ачылган, ачылып келе жаткан, жаңы түйүлгөн гүлдү жалбырагы менен түшүргөн. Ал кадимки табият көрүнүшүн элестетет. Ушундай эле ыкма менен эни тайкы жолго төшөгүч да жасаган. Алтынайдын жасаган буюм-тайымдарында жасалма-колдонмо өнөрүнүн профессионалдык бөтөнчөлүктөрүнө умтулуусу сезилет. Мында уз «табак оюмун» буюм белек-бечкектерине өзөк кылып алат. Элдик оюмдарды өз бетинче, деңгээлине жеткире, турмушту чагылдырган оюм-көчөттөрдү арбын берип, буюмдун көркөмдүк каражаттарын баютууга өбөлгө түзүүдө.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1974-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына карата кыргыздын колдонмо өнөрүнүн областтык көргөзмөсү. Кийиз буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Шырдагы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы»;

1985-ж. Колдонмо жасалга буюмдары үчүн СССРдин ЭЧЖКнүн коло медалы.

## НУРМАТ УСТА

(Туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Таластын Үрмарал аймагынан чыгып, илгерки Суран устанын таалимин алган. Айрыкча жыгаччылыкка арбын узанган. Курандылап чапкан сүйрүбаш ээри Таластын аяк-башына бирдей таралган. Анын ээри беш бөлүктөн (чарасы, эки каптыргасы, кашы, акыреги) туруп, аларды жалпы бириктирген. Жыгачты мезгил тандабай кыйып, чаап, табы менен кургаткан. Ээр чабуучу негизги куралы аталгы керки болуп саналган. Ал өз өмүрүндө эки жүз-



дөй ээр чапкан. Ал сузгу, кашык, табак, аяк, чөйчөк, челек сыяктуу кырма идиштеринин чыгаан чебери аталган. Анын жекече узануу ыкмалары өз учурунда иликтенип-изилденип жазылбай калган.

## ОМОРОВА ДАРЫКА

Саймачы. 1922-ж. Талас районундагы Саз-Булак айылында төрөлгөн. Атайын орто билимдүү. Педагогикалык кесипте кыйла жылдары эмгектенген. Узчулукту тестиер кезинен баштаган.

Дарыка сайма буюмдарын аянттуу (4,5 *м* х 2,5 *м*) кармоого машыккан. Ал туш кийиз көчөттөрүндө майда табакчаларды арбын алып, ар бир табакчанын ичинен табакча чыгарып, өз өзүнчө ортолук, жээк көчөттөрүн берет. Көркөм каражаттарды жаратылышынан өзүнүн жекече кыял чабыттарына сезимтал кабыл алганын дал өзүндөй так, даана берет. Ага айбанаттарды, техниканын жетишкендиктерин ич ара мазмун бергендей, өзөк коюп кыйыштырат. «Карга тырмак оюму», «ит куйрук оюму», «кайкалак көчөттөрүн» арбын алып, үлгүнүн жүзүн ачууда кызыл түстү уз алдыга чыгарат. Мында тирсигий чокулар, арстан тиш аскалар, бөктөрүлгөн адыр-белестер, имерилген кырандар көз алдыга тартылат. Буюмдар илме сайма аркылуу жүзөгө ашат. Дарыканын көтөргөн ак өргөөсүнүн ички-сырткы жасалгалары таластыктарга мүнөздүү коолдуктун чыгаан үлгүсү болуп саналат.

## ОРМОНКАНОВА СЫРГАБҮБҮ

Өрмөкчү. 1933-ж. Кара-Кулжа районундагы Кызыл-Жар айылында төрөлгөн. Билими толук эмес орто. Узчулукту 14 жашынан колго алган.

Кара терме, кажары (букары) терме, беш кеште термени согот. Шалчага, ат жабууга, көпчүккө тай туяк көчөтүн түшүрүүдө жыйырма алты талды өрмөккө күзүктөп, ал жиптер он үчтөн асты-үстүнө чыгат. Мисалы, эриш жиптер кызыл менен кара болсо, абалы бир кара жипти өйдө терип, бирөөн алдына калтырат. Экинчи кылычты көтөрүүдө үч кара жипти үстүнө чыгарып, бирөөн алдына калтырат. Үчүнчүсүндө төрт кара жипти өйдө терип, төрт кызыл жипти алдына коёт. Ал беш, жети, тогуз кара жиптен алты кызыл жипти алдына калтырат. Дагы он кара жип үстүнө, кызыл жиптен беш тал алдына түшөт. Мындан кийин төрт кара, эки кызыл жип үстүнө, дагы төрт кара, беш кызыл жип үстүнкү кештеге түшөт. Ошентип, кажары түрү түшкөндөн кийин анын четинин секиртмеси («чычкан изи») үчүн үч ак, үч кара жипти күзүктөп кеткенде кажарыда үстүнкү бети термедей түр түшүп, жылма болот да, экинчи бетинин жиптери калкып чыгат. Сыргабүбү терме таар согууда мала сары (ач сары) өңдү арбын пайдаланат. Эмгеги баттамада.

## ОРОЗААЛЫ УУЛУ ЫСМАЙЫЛ

Жыгаччы. 1917-ж. Жети-Өгүз районундагы Кичи-Жаргылчак айылында төрөлгөн. Атасы кош тегирмен жүргүзгөн уста болгон. Ысмайыл Бишкектен курулуш боюнча курсту бүтүрүп, жыгаччылыктын сырын түшүнгөн. Бозумбай, Усуп өңдүү эски усталардын нускасын алган.

Ысмайыл боз үйдүн сөөгүн жергиликтүү эле карагайдын бутагы жок түп жагынан ичке рейка тилип, аны ийге салып, жонуп жасайт. Башка усталардан анын буюм жасоо ыкмалары айырмаланат. Үч темир чапчакты курап аштап, аны кемегеге орнотуп, үстүнөн ооз чыгарып, туш тарабын цементтейт. Алдында от жаккычы бар. Чапчакка суу куюп, кырк градуска ысытат. Уук-кереге болуучу жыгачты ага шыкай салат. Аны эт бышымча (эки сааттай) кайнатат. Мында жердиктин маңызы, чайыры чыгып, тарамыштай чыйралып, ийленип бышат. Аны андан ары иштетүү оңой. Ийилгич болуп калган жыгач өз-өз дүкөнүнө коюлат. Устанын

«уук матагыч», «кереге матагыч», «түндүк-чамгарак ийгич» деген ар биринин өз өзүнчө дүкөнү бар. Уста согуш учурунда жана согуштан кийин арабанын дөңгөлөгүнүн жыгачын ийип жасоо үчүн ушундай ыкманы колдонгон.

Уста ийри-муйру жыгачты кызуу кезинде темир тесине салып түзөтөт. Андай дүкөндөн кийин жыгач жарылбай, он күнчө күнөскө как кургатылат. Устанын тарткысы (көлдө «кобул» деп аташат) жыгачты жылмалайт, быдыр жана түр түшүрөт. Керегенин талын бириктирүүдө көктүн ордуна шифер мыгын колдонот. Эки жагына эбелек салып, бөрк чыгарат. Кереге тор көз жана жел көз болуп экиге бөлүнөт. Анын жел көзүнүн бир тал менен экинчи талынын аралыгы 20 *см*. Ал эми тор көзүнүкү 16 *см*. Ысмайылдын жасаган тор көз керегесиники 18 *см*ден ашып-кемибейт. Өтө катуу шамалда анын боз үйүнүн эч жери ийрейип-кыйрайбай өз огунда туруп, эки метр аралыкка жылып кете алат.

Ысмайыл түндүк да жасайт. Абалы жаа түспөлүндө цемент куюп, жыгачты аны айланта иет. Ал жарым айда кургайт. Түндүктүн жарым үлүшү үч метр болот. Түндүктүк талдын ичке башы 8—10 *см*ге барабар. Анда эки жарым үлүш жаа болот. Андагы эки жаанын биригишинде бир метрдей жыгачтын учу эки жаанын катталышы үчүн пайдаланылат. Ошондо эки биригиштин ортосу он *см* болот. Баарын эсептегенде 30 *см* ичинен бириге. Сүрөтү түстүү баттамада.

## ОРОЗАЛИЕВ МАРАТ ЖУМАКАДЫР УУЛУ

Жыгаччы. 1958-ж. Жети-Өгүз районундагы Кичи-Жаргылчак айылында төрөлгөн. Окуучулук курагында жыгаччылык менен зергерчиликке үйрөнөт. Чеберчиликке чоң атасы Ысмайыл уста таасир этет.

Мараттын ээр чабууда өзүнө таандык тактыктары, ыкмасы көрүнүп турат. Чабылуучу ээрдин узундугун 54 *см* кыят. Бир тарабын түз чабат. Аны чалкасынан салып туруп, арткы актасын 36 *см*, алдын 32 *см* кылып, ошол сызык боюнча эки капталын түптүз алат. Ошондо каштын башы менен алдыңкы актасынын учуна чейин 28 *см* болот. Ээрди чалкасынан салып, чарасынын учунан 6 *см* таарып салса, аркы актанын башы чыгат. Каштын башы 6 *см* келсе, алдыңкы актанын башы көрүнөт. Мында актанын узундугу 42 *см*ди түзөт. Алдыңкы актанын туурасы (көмөлдүрүк бекитилүүчү жери) дагы 6 *см* болот. Арткы акта менен чаранын түбүнө чейин 19 *см*ге барабар. Демек, мунун борбору 18 *см*, туурасы 36 *см*, кашынын туурасы 8 *см*дей болот. Марат көбүнчө орточо ээрдин үлгүсүн алат. Орточо ээрдин калыңдыгы 1,5 *см* болот. Чаап бүтөөрү менен актасына дароо рейка урат. Ал тайтайып да, куушурулуп да жибербейт, көлөкөдө тап менен кургайт. Марат уйдун терисин бир жума чылгый коюп, ошону менен ээр каптайт.

Ал зергер катары түстүү металлдарды сомдоп, кыз-келиндердин зер жасалгаларын да жасайт.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Ээри үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1989-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин «Асем көргөзмөсү». Көркөм үлгүсү үчүн «Кыял» Бирикмесинин Ардак грамотасы.

## ОРОЗМАМБЕТОВА МАЙРАМБУБУ

Өрмөкчү. 1951-ж. Ат-Башы районундагы Терек-Суу айылында төрөлгөн. Нарын шаарындагы педагогиялык окуу жайын бүтүргөн. Областтык ооруканада, эт комбинатында эмгектенген. Азыр «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин өрмөкчүлүк боюнча үйдөн уздануучу чебери. Майрамбүбүгө Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлиги «Биринчи сынаптагы чебер-сүрөтчү» деген наам берген. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук II фестивалынын лауреаты. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Майрамбүбү атайын пландуу тапшырмалар менен боз үйдүн ички-сырткы жасалгалары үчүн салттуу колдонула турган: кылдырооч, тегирич, кереге таңгыч, кереге чалгыч, жел боо, түндүк боо, саканак таңгыч, уук тизгич, жабык баш боо, үзүк боо, туурдук боо өңдүү таар үлгүлөргө элдик көркөм көчөттөрдү бай түшүрүп берип турат. Анын термечилигинде бул буюмдардагы кооздуктар бирин бири кайталабайт. Үзүк боого «казан кулак көчөтүн», «толук беттүү чагармак көчөтүн», «ит куйрук оюмун», чекелерине «чычкан изин» же «тоок көз көчөтүн» түшүрөт. Ал эми туурдук боого атайын «ит таман көчөтүн», «аламычты» алат да, кереге чалгычка көркөм көчөт салбай туруп эле жердигин кызыл, «араа тиш», «тоок көз көчөтү», «ала мончок» кылып күзүктөп кетет. Майрамбүбү өрмөктө көркөм көчөттөрдөн тышкары өзүнчө түр көчөт-оюм берүүгө да маш. Ал

уук тизгичине «чагармак көчөтү», «ит куйрук көчөтү», «аламыч» өңдүүлөрдү такай берет да, бардык боо-чуулардын четтерине ак-карадан «чычкан изин» берип, андан кийин жердиги кандай болсо «кыргагын» ошондой жиптен алат. Тегиричине «кыял көчөтү» менен «казан кулак көчөтүн» аянттуу берип, «кыял оюму» менен «жарым чагармак көчөтүнүн» ортосунан дагы бир көркөм көчөт чыгарат. Буюмдун чачыгына уз «кылыч байлоону» тандайт. Кызыл жердикке караны көчөт катары, ак-караны четтик «суусуна» пайдаланат. Ал көк менен кызылдын мала, кочкул, ачык түстөрүн тегиз колдонот. «Ат жабуу» деген кара термеси негизи эки өңдөн (кызыл-көк) күзүктөлөт. Анда аттын соорусуна келүүчү «тогуз төбөлөө» көчөтү бар. Ал аны төмөнкүчө жүзөгө ашырат. Жуп 65 талдын жарымын кызыл, жарымын көк кылып күзүктөп алат. Абалы «чагармак көчөт» чыгарып, «аламыч» ортолорунда «араа тиштери» түшөт. Ат жабуунун соорусуна «тогуз төбө көчөтүн» атайын берүү үчүн 24 тал жуп кызыл жиптен башталат. Эки чет жагына алты жуп жиптен төрт курдай утуру сыртка бир жип өтүп, төрт жолу кайталанат. «Тогуз төбөнүн» алты жуптан кийин кайра алты жуп көк карамакаршы келет. Анын ортосунда үч жип бар. Көк жиптин алтыдан эң четки жагына сегиз жиптен алынат. Ал четти карай кайра кайталанат. Анын ортосундагы экиден төрт жип ичти көздөй кирет. Ошондо көркөм көчөттүн башкы «чагармак көчөтү» пайда болот. Мына ушул терип-чалуулар дал өзүндөй кайра кайталануусу аркылуу аттын эки соорусуна түшө турган «тоғуз төбө» аттуу таар кооздугу жаралат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Таар буюмдарындагы көркөм көчөттөрү үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Терме ат жабуусу үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин I даражадагы дипломy;

1989-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Тегиричи үчүн «Кыял» Бирикмесинин II даражадагы дипломy;

1989-ж. «Элдик чеберлердин Областтык чыгармачылык конкурсу». Терме таар буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Терме ат жабуусу үчүн ЭЧЖРКнүн II даражадагы дипломy, медалы;

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Терме таар буюмдары менен катышкан.

## ОРУНТАЙ УУЛУ ШАРШЕ

Ат жабдыктарынын чебери. 1919-ж. Тоң районундагы Күн-Чыгыш айылында төрөлгөн. Кийинки чейрек кылымдан бери талбай узанат.

Устада ат жабдыктарынын бөлүктөрүнүн шөкөттөрүнүн куймалары бар. Үзөңгүнү сары жезден уютат. Ал нарктуу баага өтөт. Чебер «беш кашка өрүмүн» жети талдан тилет. Ал үчтөн алып басылат да, бирөө аркак болуп түшөт. Аны басмайылга тагат. Чебердин уулу Нурлан зергер. Нурлан кыз-келиндердин зер жасалгалары: сөйкө, билерик, шакек, оймок, топчу, бой тумар, төөнөч, желбиреөч жана башкаларга узанууда. Усталар азыр Тоң районунун Кажы-Сай шаарчасында жашашат. Сүрөтү түстүү баттамада.

## ОСЕЙ УУЛУ СЫЛАНБАЙ

Жыгаччы. 1901-ж. Базар-Коргон районундагы Көк-Алма айылында төрөлгөн. Колхоз кыймылына жандуу катышкан жана ал жаш кезинен жыгаччылыкты кесип тутат. Арстанбабтык уста Өмүрзактын шекити. Өзгөчө өнөрдүн кырмачылыгына назар таштайт. Ал «Сыланбайдын кырма идиштери» деген атта тараган. Уста көбүнчө жаңгак жыгачтарын иштетет. Өнөктүк учурунда токойго кол дүкөнүн артына барып, баса жатып узанат. Табак (чара табак, тайпак табак, депкир, табак), кесе (аяк), чөмүч (сузгу), кашык, чөйчөк, күү-күү (каймак бышкыч), челек (май челек, бал челек, каймак челек) өңдүү кырма идиштерди кармайт. Бүткөн буюмду өзүнүн кырындысы менен сыйдалаган. Анан аны сорпого «ичирип» алган. Аны көлөкөгө бир аз коюп, майсинди болгондон кийин урунууга жараган. Идиш бозомук өңүн өзгөртүп, кызгылттанып, барабара карайып кеткен да, ичиндеги тамак-аштын даамын мыкты сактаган. Сыланбайдын кырмалары кооз көрүнүп, азыр да Кара-Алма, Могол, Көк-Алма, Ачы, Чарбак, Арстанбаб,





Кызыл-Үңкүр, Ак-Булак, Кызыл-Ой, Акман өңдүү айылдарда арбын учурайт. Айрым идиштери элдик көркөм кол өнөрчүлүк экспедицияларында сүрөткө тартылып алынган. Сыланбайдын Жунусалиев Карыбек, Борончиев Камал өңдүү шекиттери бар.

## ОСМОНАЛИЕВА АЙГҮЛ САРЫГУЛ КЫЗЫ

Саймачы, өрмөкчү. 1956-ж. Нарын районундагы Ак-Кудук айылында төрөлгөн. Чарбада чабан болуп иштеген. 1974-ж. Бишкектеги № 3 кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүп, Нарын шаарындагы басмаканада иштеген. Азыр «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде эмгектенүүдө. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Айгүлдүн чеберчилиги мектеп жашынан башталган. Ал абалы чий чырмакчылыкты, анан өрмөчүлүктү үйрөнгөн. Анын таар буюмдары боз үйдүн боо-чууларынын четине «чычкан изи», «торк көз», ортолоруна «аламыч», «ит куйрук», «ит таман», «төнкөрүк», «тумарча» сыяктуу көчөттөрдөн турат. Алардын өңдөрүн жупташтырууда кызыл-көк, кызыл-жашыл түстөрдү тандайт.

Айгүлдүн саймачылыгы башка уздугун өзүнө оодарып турат. «Илме сайма» аркылуу белдемчи, чепкен, бешмант, жүк жабуу, кементай, көшөгө өңдүүлөрдү тигет. Бешиктин төшөнчүлөрүн саймалоодо уздун табылгалары зор. Анда кызыл, жашыл, сары өңдөрдү бири-бири менен илме сайма, басма сайма аркылуу ойдогудай берип, ал буюмдар наристедей назиктикти ыроолоп турат. Уз адаттан сырткары гүлдүн, чөптүн, бактын жалбырактарын, бутактарын салттуу көчөттөргө аралаштырып, ич ара катыштырып кармап көчөт катары пайдаланат.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Тердик жана сайма буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун дипломуу;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Сайма буюмдары үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Элдик кийим кечектери жана сайма буюмдары менен катышкан.



## ОСМОНАЛИЕВА ПЕРИЗАТ

Шырдакчы, оймочу. 1939-ж. Жумгал районундагы Кызыл-Жылдыз айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Анын энеси Кашка кызы Зейдегүл кезегинде кездемеге ойгон көчөттөрү менен шырдак оюмдарына жан киргизген уз болгон.

Перизат жалпы оюмдун негизинде такай шырдак жасайт. Мындан ыргактуу «табак оюм» пайда болот. Буюмдун жалпы танабы килем сыяктанып, бирок, уздун учкул кыялдары кийиз бетинде кереметтенип кетет. Мында оюмдун элесинде курч ойлоп табуучулук, нагыз чыгармачылык айдан ачык айкындалып турат. Шырдактары бири бирине такыр окшобойт. Аны айылдаштары «Перизат оюму» деп аташат. Уздун шырдактарында оюм жүрөкчөлөнүп, кабыргаланып, оюмдагы элдик салттуулук таасын сакталат. Борбордук оюмдагы табакчалар жээк оюм менен аламычсыз берилет. «Мүйүз оюмдарын» буюмдун негизги көркөм каражаты катары карайт. Көбүнчө кызыл-көк түстөрдү тандайт. Перизат «жарым кыял оюмдарын» сарысаптоо аркылуу ортодон өзүнчө кооз түр жаратат. Ал түп тамырынан бери өзгөрүлгөн оюм-чийим болбосо да, Перизатка таандык чыгармачыл мамиле экени баамдалат.



## ОСМОНАЛИЕВА СЫЛЫЙ

Шырдакчы жана чырмакчы. 1920-ж. Жети-Өгүз районундагы Барскоон айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Биргелешкен чарбанын өнөктүктөрүндө, бала бакчада эмгектенген. Ал узчулук таалимди энеси Уска менен атасы Байылды уулу Алакундан (жыгаччы, өтүкчү) алган.

Сылый 100 баш ак өргөө көтөргөн. Анын жабык башындагы, кылдыроочундагы кийиз оюмдары, канат чийиндеги, таар жасалгаларындагы көркөм көчөттөрүндө өзүнчө үлгүлүк таалим билинет. Уз уулу Мекенбектин үлгүлөрүндөгү «кыял оюмун» негиз тутат. Буюмдарында түшүрүлгөн ал кооздуктарда ачык түс, даана төптүк-тактык бар. Чебер ушундай жолду аркалап, салттуулукта ак өргөө үчүн коломто шырдак, коломто ала кийиз жасап, ага түр оюмдарын пайдаланган. Ал эми боо-чулары менен тегиричине чалган терме көркөм көчөттөрү башкалардан анча айырмаланбайт. Уз чырмак буюмдары: канат чийине, эшик чийине «кыял», «жарым кыял», «мүйүз», «сыңар мүйүз» өңдүү сарысаптаган көркөм көчөттөрүнө кагаз үлгү колдонот. Алар шырдак оюмдары катары сындырылбай түшүрүлөт. Чыгдан (ашкана) чийин стилдештирип берүүсү уулу Мекенбектин түзгөн үлгүлөрүнүн таасири болуп саналат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1989-ж. Орто Азия өлкөлөрүнүн республика аралык жасалга-колдонмо өнөрүнүн көргөзмөсү. Көркөм буюмдары үчүн Ардак грамота.

## ОСМОНАЛИЕВ МЕКЕНБЕК

Жыгаччы жана зергер. 1958-ж. Жети-Өгүз районундагы Барскоон айылында төрөлгөн. Бишкек шаарындагы № 19 көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайынын жыгаччылык бөлүмүн бүткөн. 1991-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Мекенбектин бешик, жүк такта жана кырма идиштери, зер жасалгалары кезегинде көргөзмөлөргө коюлуп, сыйлыктарга татыган. Энеси Сылый экөөлөп жүз баш ак өргөө көтөрүүдө, анын ички-сырткы салттуу буюмдарын кармоого чыгармачылыкта түгөлү менен кол тийгизген. Анын даана чеберчилиги боз үйдүн жыгачын кармоодо зер жасалгаларына узанууда байкалат. Түндүктү теректен, талдан тандайт. Уук-керегелик жыгачка балаты кыйып, суу чагында анын кабыгын аарчып, сары суусун, чайырын кетирүүдө эт бышымча кайнатып, теске коёт. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Эл чеберлеринин II фестивалы». «Кыргыз белектери» аттуу буюму үчүн «Кыял» Бирикмесинин II даражадагы дипломy;

1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Эл чеберлеринин көркөм буюмдарынын кароо-сынагы». Зер үлгүлөрү үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1989-ж. «Орто Азия республика аралык жасалга-колдонмо өнөрүнүн көргөзмөсү». Зер буюмдары үчүн Ардак грамота;

1985-ж. Улуу Ата Мекендик согуштун 40 жылдыгына карата «Өз алдынча сүрөтчүлөрдүн чыгармаларынын Бүткүл союздук көргөзмөсү». Зер нускалары үчүн Ардак диплом;

1991-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун көргөзмөсү». Зер буюмдары менен катышкан.

## ОСМОНКУЛОВ САГЫНАЛЫ

Зергер. 1928-ж. Кемин районундагы Кара-Булак айылында төрөлгөн. Пишпек темир жол окуу жайын, Ташкент индустриялык техникумун, Москва политехника институтунун 3-курсун бүтүргөн. ФТУда чебер болуп иштеген. Азыр Тоң районундагы Кажы-Сай электр-техникалык заводдо устачылык кылат. «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалынын ээси. Анын кыз-келиндерге арналган асыл нускалары, ат жабдыктары, эр кемери, бешик, Манастын жоо жарактары өңдүү үлгүлөрү мамлекеттик жана тарых-крайлык музейлерге экспонатталган. Зергердин устакерчилиги он беш жашынан башталганы менен 1972-жылдардан бери кандайдыр көөрү төгүлгөндөй сезилет. Ал «кургак уста». Анткени, көмүр өчүрбөйт, көрүк үйлөтпөйт, зер буюмдарын кармоодо электр кубатын пайдаланат.

Сагынаалы ат жабдыктарынын шөкөттөрүнө узанат. Ат жабдыктарынын бөлүктөрүнө чабылуучу андай коздуктардын бир нече түспөлүнүн өзүнчө түркүмүн түзгөн. Чебердин андай түрдүү «ооздуктары», «чагармактары», «тогоолору», «купалары», «кошундулары», «солондорлору», «жүрөкчөлөрү» ж. б. шөкөттөрү зергерчиликтин наркы жерде тапталбоочу изин сездирет. Зергер жаңы шөкөттөрдү жаратууда кагаз үлгүлөрүн пайдаланат. Шөкөттөрү бирдей, төптүгү менен топчулардын пропорциялуулугу шайкеш келип, ич ара бири бирине айкалышып, тактыкты сактап турат. Ал ат жабдыктарына таандык он эки түр көркөм зер шөкөт кармаган. Алар бири бирине жалпысынан үндөшөт да «Сагыналынын жекече нускалары» болуп саналат. Зергердин «беш көкүл кыздар үчүн», «аялдар үчүн», «улуттук оюндар (ат чабыш, жорго салыш) үчүн», «саяпкерлер жана мүнүшкөрлөр үчүн», «эркектер үчүн», «тестиер балдар үчүн» өңдүү атайын арналып жасалган шөкөттөрүн бөлүп кароого болот. Зергер көркөм оюмдарга караганда көчөттү көбүрөөк түшүрөт. Жердигине күмүштү алмаштыра ала турган нейзильбер, датчалбас, мельхиор өңдүүлөрдү алат. Зергердин буюмдарында өзүнчө стили, чеберчилик изи даана көрүнүп турат. Ал «желбирөөчтү» асем жасалгаларынын башкы нускасы катары карайт. Сагыналы асем жасалгалары үчүн «тогуз төбөлөө» (жалтырак зат чөгөрүү), «эшүү», «чапкылоо», «тордоо» өңдүү ыкмаларды пайдаланат. Уста сөөктү, мүйүздү зер менен айкалыштырат, мүйүз буюмдарында да салттуулугу көрүнөт. Анын нускаларынын колдонмолук эмес, жасалгалык, белек-бечкектик мааниси бар. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1976-ж. «Уста жана уздардын республикалык кароо-сынагы». Зер шөкөттөрү үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Зер буюмдары жана ат жабдыктарынын шөкөттөрү үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин II даражадагы дипломy;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Ат жабдыктарынын шөкөттөрү жана зер буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин I даражадагы дипломy, «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагынын лауреаты» деген наам;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Зер нускалары үчүн ЭЧЖРКнүн III даражадагы дипломy, медалы.

## ОСМОНОВА САЙНАБҮБҮ КЕРИМ КЫЗЫ

Бычмачы-тикмечи, саймачы. 1958-ж. Нарын районундагы Дөбөлү айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк

Бирикмесинин Нарын шаарындагы филиалын уюштуруучулардын бири. Филиалдын көркөм буюм-белектерин бычып тигет. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Сайнабүбүнүн узчулугу баш кийим тигүүдө баамдалат. Анын «балдар калпагында» төрт талаасы чыраштaлып, «жигит калпагында» эки талаасында «мүйүз оюмдары» көчөт болуп түшүп, «жаштык калпагында» тынчтыктын белгиси катарында эки көгүчкөн символдоштура берилет. Калпактар көркөм кеңештерден өтүп, көп нускаланып, жайма базарларга, дүкөндөргө чыгып, кардарларын дайыма таап турат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Ак калпагынын көркөм үлгүлөрү үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Ак калпак үлгүлөрү менен катышкан.

## ОСМОНОВА СОЗУЛКАН

Кийиз буюмдарынын чебери. 1934-ж. Тоң районундагы Көл-Төр айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбанын ар кандай өнөктүктөрүндө иштеген. Азыр Темир-Канат айылында жашайт. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук III фестивалынын лауреаты. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Уздун шырдактарында үч табакча жиксиз ич ара катыш жасап, анын ар биринде кочкор мүйүз оюмунун алдынан «карга тырмак оюму» чыгып, ал экинчи табак оюму менен жалпы оюмда катышат. Тоо кыркалары сымал аламычы аркылуу аралары бириккен. Мында «колтук оюму» «четтик оюмга» төп, так тутумдашат. Бир өңчөй түстөр берилгендиктен (кызыл-көк) кыргыздын кызыл шырдагынын бүгүнкү үлгүсүн билдирет. Уздун уюткан ала кийизинде айбанаттардын жашоо-тиричиликтерин стилдештирүү баамдалат. Албетте, ал көркөм оюмдарды өз ара айкалыштырып, бир бүтүм табакчаларды жаратууга караганда мындай ыкма элдик салттуу өнөрдүн түпкүлүгүн анча айыктай албайт. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. «Эл чеберлеринин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Кийиз үлгүлөрү үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин дипломуy;

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Ала кийизи жана шырдагы менен катышкан;

1991-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун II сатуу көргөзмөсү. Ала кийизи сатылган.



## ОСМОНОВ ИЛИЯС

Зергер. Кыргыз Республикасынын маданиятка эмгек сиңирген ишмери (1993). 1940-ж. Жети-Өгүз районундагы Даркан айылында төрөлгөн. Бишкек политехника институтунун курулуш факультетин бүтүргөн. 1992-жылдан Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү, 1990-ж. Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзу ага «Элдик чебер» деген наам ыйгарган. Зергерчиликке Абдыгалый Рахматуллаев үндөктөгөн. Кошалы Кызгараевдин да таасири тийген.

Илияс өз өнөрүн «чапкылоодон» баштаган. Ал күмүш бетине көркөмдүк түшүрүүдө мельхиорду, нейзилберди, жезди, мисти колдонууда. Анын негизги узануу чабытына желбирөөч, сөйкө, күбөк, билерик, шакек, бойтумар, таш мончок, төөнөч, оймок өндүүлөр кирет да, булардын баары биригип келип, зер

жасалгасынын бир бүтүмүн түзөт. Анын зер жасалгалары көркөм салонго тез-тез түшөт. Мындан сырткары көргөзмө-фестивалдардын урматына кыргыз элинин чеберчилигин сыпаттаган анын улуттук буюм-тайымдары Москвадагы көркөмдүк салонго, дүкөндөргө, айрымдары башка чет өлкөлөргө да жөнөтүлгөн.

Буюм жасоодо колдонулуучу аспап-куралдарын да өзү жасап алган. Уста зер буюмдарын жасоодо көрүктү, электр кубаты менен металл эритүүнү, аны кандоочу аспапты пайдаланат. Илиястын жекече ыкмаларынын бири буюм бетин «сиркелетүү» («таруулатуу») деп аталат. Ал улам майда болуп, буюмга жыш түшкөн сайын үлгүнүн ажары ачылып, жүзүн кубултат. Бул тыкыр ыкма. Мөлт эткен таруудай «сымаптар» ойноктоп турат. Майда тоголок таруудай бөлүктөрдү жасалып жаткан буюмга ширетүү үчүн аны бурага чылап, отко коюп, анан данакерлейт. Чыйратылган күмүш зымды нускаларына кармап «торчолоо» ыкмасын колдонууда зергер салттуу нуктан жандырбай узанат.

Металлга көркөмдүк түшүрүү үчүн Илияс зергерчиликтин көптөгөн ыкмаларын колдонот. Асем үлгүлөрүнө көбүнчө «ай», «жарым ай», «шөкүлө» өңдөнгөн түспөлдү арбын кармайт. Аларга шуру, маржан чачыктарын чыгарат. Мындан майда гүл өңдүү калакчалар пайда болуп, зергердин устачылык бөтөнчөлүктөрү көрүнөт. Асемдеген буюмунун азыркы жаштардын талабына ылайык, жарашык берүүчү жагдайларын көбүрөөк эске алууда. Чакан, сыйда, колдонууга ыңгайлуу түспөл табууга аракеттенүүдө.

Жаштардын жана студенттердин Бүткүл дүйнөлүк XII фестивалына катышкан Ак-Суу райондук «Боз салкын» ыр-бий ансамблинин зер жасалгалары да Илиястын колунан жаралган. Бишкектеги «Жениш аянтынын», «Барчын» ресторанынын зергерчиликке байланыштуу көркөм жасалгаларына да узанган. Зергердин шакиртинин бири Имербек Эрназаров азыр буюмга «тогуз төбөлөө» коозлугун түшүрүүгө машыгууда. Дагы бири Изат Айткулов кара темирчиликти жыгаччылык менен айкалыштырып кармоодо. Эмгеги баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1986-ж. Эрфурттагы эл аралык көргөзмө. Зер буюмдары менен катышкан;

1986-ж. «Сүрөтчүлөр жана колдонмо-жасалга өнөрүнүн республикалык көргөзмөсү». Зер жасалгалары менен катышкан;

1988-ж. «Эл чыгармачылыгынын II фестивалына карата Кыргыз ССР Маданият министрлигинин, Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун биргелешкен көргөзмөсү». Зер жасалгалары музейге экспонатталган;

1989-ж. «СССР Сүрөтчүлөр союзуна өтүүгө талапкерлердин көргөзмөсү». Зер буюмдары менен катышкан;

1990-ж. «Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзундагы «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Зер буюмдары менен катышкан.

## ОСМОНОВ МАЛИК

Мүйүз уста. 1957-ж. Бишкек шаарында төрөлгөн. Бишкектеги № 19 кесипчилик-техникалык, сүрөтчүлөр окуу жайынын жасалгалоо бөлүмүн бүтүргөн. 1977—90-жылдары «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде чебер-сүрөтчү болуп иштеген. Азыр монументтик скульптура Бирикмесинин директору.

Малик мүйүз, сөөк буюмдарын жаңы шартка байланыштырып кармоонун бөтөнчөлүктөрүн түйган чебер. Анын даяр буюм белек-бечкектери ларек, дүкөндөргө түшүп, жайма базарларга чыгып, чет өлкөлөргө дейре экспонатталууда. Анын чеберчилигиндеги мүйүз буюмдарына кыз седептери кирет. Ал эми айбанаттардын өсүмдүктөрдүн көзгө көрүнгөн жана башка сөлөкөттөрдүн фазасын кармоо бүгүн белек-бечкектик эле мааниге ээ болууда. Аларга: сөйкө желбирөөч, төөнөгүч, тарак, чолпу, билерик, шакек, оймок өңдүүлөр кирет. Булардын бардыгы биригип бир бүтүмдү түзүп, кыз-келиндердин мүйүз жасалгасы деп аталат. Мындан сырткары чебер ат жабдыктарынын бөлүктөрүнө да мүйүз менен сөөктүн түрлөрүн талаптагыдай ширете алат. Чебердин кармаган буюм-белектеринде өзүнчө чыгармачылык изденүү, үлгүнүн бүгүнкү күнгө ылайык түспөлүн таба билүү бөтөнчөлүктөрү сезилет. Мында өнөрдү кармоодо бардан мурда элдик салттуулукту сактоо касиети бар. Ал буюмдун мүйүзүн тандап, ар бир мүйүздүн кандай буюмга ылайыкташкан ыңгайын баамдагандан кийин, аны электр араасы менен кесип мүйүздү сүрүүчү дүкөнүнө түшүрөт. Андан кийин буюмга өзүнчө калып-аспабы менен оюм-чийим ыроолойт. Анан тегерек кийизге бышкан кирпичти чыла кылып, буюмду ага сүрүп, жалтыратат. Мүйүзчүнүн мындай көркөм буюмдары Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин көркөм советинен ийгиликтүү өтүп, өнөр жайлык негизде көп нускада чыгарылууда.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик

чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Мүйүз жана сөөк буюмдары үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин I даражадагы диплому;

1989-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Мүйүз жана сөөк буюмдары үчүн «Кыял» Бирикмесинин I даражадагы дипломү.

## ОСМОН УСТА

(Туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Ат-Башы, Нарын аймагында дүңү чыккан уста болгон. Эки-Нарындык моңолдор элинен. Айтымбет зергердин өз тукумунан болот. Колхоздошууга чейин тынбай узанып, эл ичинде «Осмон уста камчы сабына тапанча (наган) орнотуп, кадимкидей камчыланып жүргөн», «Бай-манаптар, болуш-бийлер үчүн узангансың», — деп аны куугунтукка алышкан», «Кийинчерээк кара жаның ала качып жүрүп калган», «Көл бетине да ооп барган», — деген өңдүү сөздөр азыр да айтылат. Кармаган буюм-тайымдары өз учурундагы усталардан анча таанылбай калган. Токтобай Токтоболот уулунун (Ат-Башы району, Өзгөрүш айылы) айтымында, ал Осмон устанын шекити болгон, андан сырткары Мукаш уста, Көпөс уста (Тянь-Шань району, Дөбөлү айылы) өңдүүлөрдү нускалаган.

## ОТТУКТАШ УУЛУ БАЛТАШ

(1878—1935)

Зергер. Кочкор өрөөнүндө төрөлгөн. Атасы Оттукташ, агасы Санташ атактуу усталардан болгондуктан, ал жаш чагынан алардын нускоосунда узана баштаган. Замандаштары: Балташ устанын «кыял чегелөөсү күнгө чагылышып, көз тайгылтып, кубулуп турар эле», — деп айтышчу. Балташтын күмүш чегелери кыз-келиндерге таандык асем буюмдарына, ат жабдыктарына жана үй эмеректери — төр ала бакан, жагдан, сандык жана башкаларга бирдей түшкөн. Ал буюмду торчолоо (тордоо) — чыйратылган күмүш зымды асем нускалоого айрыкча көңүл бөлгөн. Мында зымды түрдүү жоондукта чыйратып, зым улам ичкертилип, чыйратылган сайын чеберчилик да артыла берет. Зергердин зым тарткычтары отуз беш тешигинен (эң ичкеси 0,3 *мм*, эң жоону 0,6 *мм*) улам өткөн сайын ичкерип отурат. Ар бир тешиктен өткөн сайын зымды отко кызытып алган. Ансыз ал үзүлүп кетет. Ал эми зымды чыйратууда аны атайын түрө жана эше турган туткасы айлантууга эптүү дүкөнү болгон. Муну да зергер буюмдун түспөлүнө жана колдонушуна карата кынаптап, түрдүү «оюмчийимдеп» данакерлеген. Ал зер буюмдарын «тогуз төбөлөөгө» (асыл таш, айнек чөгөрүү) да чебер болгон. Аны зер буюмдардын бардык түрүнө колдоно билген. Эмгеги баттамада.

## ОТТУКТАШ УУЛУ САНТАШ

(Туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Санташ замандаштарынын айтымында чоң уста болгон. Анын зер буюмдары Нарын, Көл тараптан учурайт. Тарых, сүрөт, этнография-лык музейлерге экспонатталган. Ал кармаган нускалардын үлгүлөрүн иниси Балташ, Шамшидин чыгармачылыкта өнүктүрүшкөн. Уста атасы Оттукташтын стилинде узанган. Анын Жети-Өгүз районунун Покровка айылындагы Ысагаалы кызы, Барскан келини Чүйтүнүн себине узанган желбирөөчүндө күмүштү темирге жалатуу, ага «сыя төгүү», ичке созулган күмүштү чыйратуу аркылуу калакчаларын шурулоо өңдүү жекече ыкмалары байкалып турат. Желбирөөчтүн өзү бир аттык баага татыйт. Ал 1974-ж. Кыргызстан мамлекеттик музейине экспонатталган. Эр кемерине күмүш алкак жалаткан. Өзү Ормонкандын чеберэсү болгондуктан куугунтукка да алынган.

Санташтын бүгүнкү шакирти Сыдыкбек уулу Шайыптын (Тянь-Шань району, Лахол айылы) айтуусунда Санташты жоро-жолдоштору кыйнап, усталыгын даана билүү үчүн кылыч жасатышкан. Санташ жолдоцторунун өтүнүчүн аткаруу үчүн аларды туш тараптан каратып коюп узанган. Бүткөндөн кийин арыктагы жылжып аккан кичинекей суунун үстүнө үлпүлдөк кийизди агызып, ага кылычтын мизин тосуп сууга сайып койгон. Кийиз кылычка жеткенде жара тилинип кеткен. Демек уста темирдин сырын, уузун укмуштай билген уста болгон. Эмгеги баттамада.

## ОТТУКТАШ УУЛУ ШАМШИДИН

(1888—1968)

Зергер. Кочкор районундагы Үч-Булак айылында төрөлгөн, өзүнүн улуу агалары Санташ, Саңташ, Миңташ, Канташ, Балташ, Култаш жапырт уста аталышкандыктан Шамшидин боорун жерден алаары менен алардын үндөктөөсүндө болот. Ал жалаң күмүш кармаган. Күмүш эритүүнү, көркөм калыпка куюну, күмүшкө зоот түшүрүүнү, күмүш жалатууну, күмүштү сиркелетүүнү (таруулатууну), күмүштү куткундоону, күмүшкө тогуз төбөлөтүүнү, күмүштү

сомдоону, шөкөттөрдү көркөм калыпка куюуну ж. б. зергерчиликке таандык өнөрдү түгөлү менен кармаган.

Шамшидин «Айчүрөк» операсы адеп сахналашканда Айчүрөктүн зер жасалгаларын бир колдон чыгарган. Ал сынган, бүлүнгөн идиштерди калыбына келтирүүдө да көп эмгектенген. Чайнек менен чай чынынын түрдүү сыныктарын өгөөлөп, бири бирине кынаптап, жиксиз үшкүлөп, кайрадан кооз көрүнүүчү идиш кылган. Устанын эритилген затты (күмүш, коло, мис, жез) куючу жатагы чопо болгон. Чопону Кажы-Сай аймагындагы «Чопо-Булак» деген жерден атайын алып келип, күл майдалап, торко электен өткөрүп, ага жүн, тыбыт жана кылтак кошуп, жеткире ийлеп, аны чөйчөкчө кылып кургаткан. Ал идишке зергер жердикти эритип, ага каалагандай оюм-чийим түшүргөн. Эритиндини калыпка куюу үчүн эритилүүчү затты эритүүчү чөйчөкчөгө салып, тапка кармаганда ал бат эле көлкүлдөп эрип, көк жашыл түскө келген. Анын үстүнө ак данакерди сепкенде эритинди бир аздан кийин кара күрөң түскө айланган. Мында бөлүнүп чыккан кирлер үстүнө калкып чыгат. Эритиндинин температурасы өзгөрүлө электе калыпка тез куйган, антпесе калыптын ичинде аба боштугу түзүлүп, чуңкурчалар пайда болот, куюлуучу көркөмдүк сыйда түшпөйт. Эритиндинин үстүндөгү ыплас калдык чөйчөктүн бетине жабышып калат. Шамшидиндин устакерчилик мектебинен Капар, Өмүраалы, Жумалы, Кашкар деген усталар өсүп чыккан.

## ОТТУКТАШ УСТА
(Туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Уста. Сарбагыш уруусунан чыккан. Небереси уста Канташ уулу Капардын баяндоосу боюнча болжолдо Ысык-Көлдүн көңгөйүндө (Чоң-Сары-Ой) төрөлгөн. Уста Кашкардагы Ак үйлүгө (элчилигинде) кызмат өтөп, ошол тараптан устачылыкты, табыпчылыкты, серчиликти, дарыгерчиликти, темирчиликти үйрөнөт. Оттукташ Дөөтүнүн ишенимдүү шекити катары бааланган. Туубастын дарысын ийлеген, жайында жоро-жолдоштору менен бастырганда, эли көчкөндө төбөсүндө булут пайда болуп, көлөкө кылып жүргөн. Бир атактуу адамдын кызы өлгөндө арчадан табыт жасап, анын устачылыгына ошол улуктун көзү тийип өлгөн деген сөз уламыш катары айтылып жүрөт. Оттукташ сайлаган барандын огунун учуу ылдамдыгы отуз тайлактын күчүнө барабар болгон дешет. Устанын жекече узануу ыкмаларынын айрым кереметтерин эч ким үйрөнө албай, өзү менен кошо кеткен. Анын устачылык мектебинен уулдары Санташ, Балташ, Шамшидин ж. б. тарбияланып чыгышкан.



## ӨМҮРААЛЫ УУЛУ МАКЫЙ (ЫСМАЙЫЛ)

Уста. 1922-ж. Нарын районундагы Куланак айылында төрөлгөн. Педагогика институтун бүтүп, мугалимдик (математик) кесипте кырк жыл эмгектенген. Кыргыз Республикасынын эл агартуу отличниги. Устачылыкты атасы Өмүраалыдан үйрөнгөн.

Макый Нарын дарыясынын жээктерине өскөн жоон теректерди кыйып, бастырманын көлөкөсүнө коюп, бир четинен сомдоп, ээр чабат. Жүз баштуу боз үйдүн сөөгүнө узанат. Жыгачтын пропорциясын так эсептөөдө анын математиктиги өбөк болот. Үйдүн эптүү тигилишин аныктайт. Үй жыгачын Кошойдун кара тоосунун этегиндеги токойдон, Нарындын, Жылаан-Арыктын токоюнан алат. Керегe үчүн талды да пайдаланат. Көбүнчө четин менен кайыңды баалайт. Анткени, айдама тал морт келет. Аска-зоолордо, заңгилерде, көлөкөдө, тескей, кырандарда шоолдоп шыңгалана өскөн жыгачтарды көбүнчө күздө кыят. Бышык жана салмактуу болуш үчүн түндүктү тоо арчасынан кармайт. Жыгачты кыйып келээри менен суу кезинде иштетет. Кээде

суунун ичине таңып таштап коёт. Жыгачты жашытууда сууга кайнатуу ыкмасын колдонот. Түндүктү ийүүдө айлантма бетон куюп, ага ийип, шынаа аркылуу ийине келтирет. Трактордун дөңгөлөгүнө суу кезинде таңып да жасайт. Анын түндүгү эки жаадан (кулак) турат. Үй жыгачына узануучу курал-аспаптарын да өзү жасайт.

**Катышкан кароо-сынактары, көргөзмөлөрү жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата республикалык ат майданында ак өргөөсү тигилген. Кыргыз ССР маданият министрлигинин Ардак грамотасы.

1992-ж. Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк курултайында республикалык ат майданына ак өргөөсү тигилген. II-даражадагы сыйлык.

## ӨМҮРАЛИЕВА АНИПА

Оймочу. 1925-ж. Ысык-Ата районундагы Тогуз-Булак айылында төрөлгөн. 25 жыл бою Тогуз-Булак, Эпкин, Кеңеш, Искра мектептеринде мугалим болуп эмгектенген.

Анипа оймочулугунда «жүрөкчө оюмун» негиз тутат. Ал кийизди каттай ойгондо жалпы оюмдун ичинде төрт «жүрөкчө» бир табакчаны түзүп, андагы ар бир «жүрөкчө» ичинен мүйүзчөлөнүп, балаты өңдөнүп кетет. Шырдак оюмдарынын ортосун мындай төп келтирип берүүдө буюмдун ажарын көк-кызыл чечет, ак-кара ачат, жашыл чачат. Жашыл өң оюм ыргагына кошулбай, башкача «обонду созуп тургандай» туюлат. Көк боёкту ал сыя көк жана жөнөкөй көк деп экиге бөлөт. Сыя көгү анча оңбойт, жөнөкөй көгү оңот. Жашыл боёкту көккө кармаарда кандайынан караса да беттеринде жагым бар. Уздун көркөм кол өнөрчүлүгүндө жасаган буюмдарында чыйрактык, башталган иштин буюм болуп бүтүшү үчүн өтө өжөрдүк туюлат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык экинчи кароосынагы». Шырдагы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата ЭЧЖРКнүн көргөзмөсү.

## ӨМҮРЗАК КЕЛИНИ ЗАРЫЛ
(1924—1987)

Ат жабдыктарынын чебери. Кемин районундагы Жылтыр айылында төрөлгөн. Бүтпөгөн орто билимдүү. Кыйла жылдары мурапчылык кылган.





Татаал өрүмдөр: «жылан боор өрүмүн», «терме өрүмүн», «суйсал өрүмүн», «музоо тиш өрүмүн» жүзөгө ашырган. Ал өрүмдөргө канча тал тасма (көк) керектегендиги учурунда жазылбай, иликтенбей калган. Ал мыкты кайыкчы да аталган. Өмүрдөшү зергер Мажит менен өнөктөшүп узанган. Узчулукту, оймочулук менен саймачылыкты да кесип туткан.



## ӨМҮРЗАКОВА МӨӨРКАН

Оймочу. 1940-ж. Ат-Башы районундагы Ача-Кайыңды айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Апасы Бүбүштүн уздук таасирин алган. Айылдашы Жаңылкан экөө өнөктөш узданат. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун Башкармасынын мүчөсү.

Ал өзүнүн чеберчилигинде негиз туткан бир табакчадагы «жагалмай канат оюмунун» үстүнөн «ачкыч оюму» берилгенде ичинен «мүйүз оюму» пайда болуп, ар бирин араа тиш (бычак учунун тиш-тиш көрүнүшү, муну уздар кийинчерээк жаратууда) бөлүп, ал ак-карадан берилүүдө. Мөөркандын «капкан оюмунун» тундусунда төрт бурчунан төрт «карга тырмак оюму» чыгат да, анын ичинен өз ара тирелишкен «жагалмай канат оюму» жаралып, алардын «колтук оюмдары» «жагалмай канат оюмунун» «жээк оюму» үчүн асты-үстүнөн «карга тырмак оюму» шайкештенет. Түр шырдактарынын башкача жасалышында «куш оюмду»негиз тутуп, асты-үстүнөн «карга тырмак оюму» менен бир табакчаны жаратат. Уз кийиз буюмдарында «гүл оюмун» көбүрөөк алат да, стилдештирип буюм-тайым кармайт. Төрт «гүл оюмунун» ортосунан төрт «ача оюм» чыкса, оюм өзөгү байчечекей болуп көрүнөт. Ал түстөрдү тандоого байланышат. Көбүнчө кызылды сыя көк менен алат. Анда милтеси жашыл, кызыл-жашыл болсо милтесин сарыдан жүргүзөт. Мөөркан — түр шырдак жасоонун чыгаан чебери. Анысы көбүнчө керегеге тартууга шартташат. Уз ала кийизди кара кылчык жүндөн катуу уютуп, бетине көркөм оюм түшүрөт. Буюмдун ортолугунун эки башына «куш оюмдун» алдынан «мүйүз оюму» аркылуу «жүрөкчө оюму» жаралып, эки табакчадан чакан үлгү жаралат. Ала кийиздери живописттик көрүнүшкө эгедер. Кыздары Дамира, Замира, келини Гүлжан анын ишенимдүү шакирттери. Эмгеги баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Шырдагы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук II фестивалы». Шырдагы үчүн лауреаттык диплом;

1989-ж. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук III фестивалына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмө кароо-сынагы». Кийиз үлгүлөрү үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин I даражадагы дипломy (ошол эле учурда чий буюмуна өзүнчө III даражадагы диплом ыйгарылган).

## ӨМҮРЗАК УУЛУ МАЖИТ
(1904—1981)

Ат жабдыктарынын чебери. Кемин районундагы Кара-Ой айылында төрөлгөн. Атасы да, чоң атасы Эркинбай да чоң усталар болгон. Мажит он үч жашынан чеберчиликти колго ала баштаган. Колхоз кыймылына жан дили менен катышып, ортолук устакана уюштурган. Өзү кара уста аталган. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Колхоз башкармасынын төрагасынын орун басары, ферма башчысы болуп

иштеген. Кийинчерээк устачылыкты биротоло кесип туткан. Анын көмүркөйүндөгү аспап-куралдарынын арбыны чоң аталарынан бери сакталып, колдонулууда.

Мажиттин ээр чабышы башка усталардан айырмаланат. Ал адегенде жапайы талды кыйып, үч жылга кол тийгизбей кургатат. Тал мүйүздөй болуп катат. Ага тарамышты кошуп ширетет да, аларды жыгач желими менен бириктирет. Ал арыктап өлгөн койдун этин, талпакты, бугунун, эликтин мүйүзүн казанга аралаштыра абдан кайнатып, андан илээшме желим чыгарат. Мажит жалаң жыгачтын чамындыларынан желимдеп жасаган ээринин араларына атайын коздук үчүн мүйүз, сөөк, акак таш коёт. Мындай ыкма чанда гана усталарга таандык. Анын куранды ээри тарамыш, желим аркылуу арчындалып, урунууда ийрейбейт, өзүнүн баштапкы түрүн дайыма сактайт. Уста кыргыздын «ак каңкы» деген ээрин да куранды кылып жасайт. Анын кашын, каптыргасын, чарасын түрдүүчө коздойт.

Ат жабдыктарынын бөлүктөрүн уста кайыкчылык аркылуу жүзөгө ашырат. Жүгөндүн, көмөлдүрүктүн, басмайылдын, куюшкандын шөкөттөрүн жезден сомдойт. Элдик өрүмчүлүк өнөрүнө байбичеси Зарылкандын да зор салымы бар. Алар камчы өрүмү үчүн тайдын терисин колдонгон. Абалы тайдын терисин жыдытып, челдүү эти менен жүнүн алат да, аны керип таштайт. Калдайып катып калганда суу бүркүп туруп, тилет.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1967-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Ат жабдыктары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы;

1976-ж. «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Кайык ат жабдыктары үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Ат жабдыктары үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы.

## ӨМҮРКАНОВА АЙНАКАН

Саймачы. 1932-ж. Жумгал районундагы Кызарт айылында төрөлгөн. Орто билимдүү.

Айнакандын айыл ичиндеги, төтөн колхоздошууга чейинки нукура салттуу кийиз,





терме таарлары менен саймалары ага уздук татым берет. Ал туш кийиздеринен, көтөргөн ак өргөөсүндөгү ички-сырткы жасалгаларынан билинет. Уздун туш кийиздери алты-сегиз табакчадан турат да, шырдак оюмдарынан көчөт жаратат. Мында ар бир табакчанын пайда болгон «мүйүз көчөттөрүнүн» араларынан «жарым бадам оюму» көрүнүп, колтуктарына «куш оюму», «жагалмай канат оюму» түшөт. Табакча көчөттөрүнүн ак түстө болушу ачык маанайды билдирет. Айнакандын жээк көчөттөрүнүн ичинен байчечекей гүлүндөй өзөк жараткан илме саймалары абдан кооз көрүнөт. Капкалдырыгында борбордук көчөттөр, жээк көчөттөр жана ага түшүрүлгөн «суу» дал өзүндөй кайталанат.

## ӨМҮРКАНОВА АЙЫМБҮБҮ

Уз. 1934-ж. Ат-Башы районундагы Ак-Талаа айылында төрөлгөн. Өмүрдөшү, ат жабдыктарынын чебери Ишен Макеев экөө чарбада эмгектенишет. Ал кыз кезинен тартып кийиз буюмдарын, сайма өнөрүн үзбөй кармайт. Өз колу менен ондогон сеп даярдаган.

Айымбүбү барыдан мурда шырдак жасоонун, ага көркөм оюм-чийимди сарысаптап, түрдүү түс менен айкалыштыруунун чебери. Мурда жалпы оюмдагы төр шырдактарды салттуу нукта кармап келсе, азыр аны менен катар түр, бир түрдүү шырдактарды бири-бирине кооштурбай, узга гана таандык маанай берүүчү үлгүлөрдү арбын жаратууда. Алсак, негизги оюм элементине ал «мүйүз оюмун» көңүлдүн борборуна, көңүлдүн чордонуна коёт. Ошондо төрт «мүйүз оюму» түр шырдакка жалпы оюм катары берилет. «Мүйүз оюмдун» үстүнөн да, астынан да «карга тырмак оюму» түшкөндө ичинен көбүнчө «кочкор мүйүз оюму» пайда болот. Уз «токол мүйүз оюмун» арбын колдонот. Айымбүбүнүн узчулугунда Ат-Башы, Нарын элинде арбын жасала турган аянттуу шырдактардын талаптагыдай оюм-чийим ыргактары жолугат. Мында уз «жээк оюм» менен ортолук оюмдун ортосундагы аламычты үзүл-кесилсиз, өзүнчө бычак учу чыгарбай туташ оюп, чеберчилигин көрсөтөт. Мында милте гана алардын араларын ачык бөлүп турат. Уздун кийиз буюмдарында «куш оюму», «жагалмай канат оюму» көбүнчө «жээк оюмунун» милдетин аткарат. Ал «жарым кыял оюмун» арбын алат. Бул бир гана өзүнө таандыктай сезилет. Көркөм үлгүлөргө түстөрдү колдонууда кызыл, көк өңдү ортолук оюмга шарттуу жупташтырат. Сары түстү кызыл менен жашыл өңдүн ортосун ачууда гана керектейт. Уз кыздарын өз өнөрүнө үндөктөгөн. Кызы Роза баш кийим бычып-тигет, курак курайт. Турганы сайма буюмдарын кармайт.

## ӨМҮРОВА БҮБҮЖАМАЛ

Уз. 1920-ж. Нарын районундагы Эки-Нарын айылында төрөлгөн. Толук эмес орто мектепти бүткөн. Чарбанын ар кандай өнөктүгүндө иштеген.

Бүбүжамалдын көтөргөн боз үйүнүн ички жасалгаларында чеберчиликтин шарттуу ыргактары бар. «Бачайы көчөт» менен «мүйүз оюмдары» айкалышкан чий чырмактары көккызыл түстөн төкмө чачыланып колдо чалынган. Уук боо, кылыч байлоо менен тор чачыкталган эни тайкы тегиричинде эстетикалык татым бар. Мында жалпы табакчанын жарымы «кыял түрүндө» берилген. Ошондо «мүйүз оюмдарынан» турган көчөттөрдүн арасынан «ит куйрук оюму» көчөт болуп, кызыл-көк ички жалпы жасалгаларга жагымдуу жагдай түзөт. Жабык башынын ак-кызыл «кочкор мүйүздөн» турган ак этеги ортолук оюмдагы жарым кыялдын оюм элементтерине шайкештенет. Эшик чийинде көчөт «омуртка оюмунан» түшүп, анын ичи сарыдан «аламончоктолуп», кызыл уук менен терме боо-чууларга түсү анча «жутулбайт». Ал элпек ачылып-жабылышына тасма көк аркылуу токулган. Эмгеги баттамада.

## ӨМҮР УУЛУ МАМБЕТААЛЫ
(1871—1924)

Зергер. Ат-Башы өрөөнүндөгү Ача-Кайынды деген жерде төрөлгөн. Токтогул, Нурманбет аттуу усталардын нускасын алган.

Ал зергерчиликтин «күмүштү ийүү», «күмүштү жашытуу», «күмүштү эритүү», «күмүшкө зооткер түшүрүү», «күмүштү сомдоо», «күмүштү согуу», «күмүштү куткундоо», «күмүштү тогуз төбөлөө», «күмүштү сиркелетүү», «күмүштү жалатуу» өңдүү ыкмаларын таасын билип, өз чөйрөсүндө үйрөнчүктөрдүн мектебин уюштурган. Анын зергерчилик ыкмалары жазылып калган эмес. Мамбетаалы зергердин көрүнүктүү шакирттерине: Кебек уста, Осмон уста, Байбөрү уста, алардын шакирттери Айсыракун уста, Токтобай уста кирет.

## ӨТӨМ КЫЗЫ АНАР
(1922—1991)

Уз. 1922-ж. Баткен районундагы Самаркандек айылында төрөлгөн. Чарбада эмгектенген. Уздукту алты жашынан сарысаптаган. Энеси Карим кызы Шарапаттын нускасын алган.



Анар куракчылык, саймачылык, өрмөкчүлүк жана килемчиликти бирдей өнөр тутат. Анын саймачылык өнөрүндө бир эле жаздыкка беш табакча көчөт түшкөн. Ал «мүйүз көчөтүнөн» турат. Алардын арасында «жарым чагармак көчөтү» орун алган. Ар бир табакчалардын арасын «аламишек» бөлөт. Көчөт араларын бөлө турган чуркатылган «сууну» Баткен тараптагы уздар «аламишек» деп аташат. Мындай көркөм көчөттөр жең учунан алынган. Илгери жеңдин жарымына ушундай мүрзөк коюлган (мүрзөк жеңенин жеңи сайма экен деген түшүнүктү берет). Узда көптүрмө саймага узануунун бөтөнчөлүктөрү да байкалат. Муну белге байланууучу жоолукка көркөмдөп түшүрөт. Буга түшкөн четки сайма «күнүрө» деп айтылат. Ал бир аз жоонураак берилет да, көчөт «суу» катары көрүнөт. Уздун негизги саймачылык өнөрү «илме дос» саймасынан алынат. Ал илме шибеге саймадан айырмаланат. Басма саймага «жүрөк көчөтү» шартташса, буга «чагармак көчөтү» мүнөздүү келет. Анда беш көчөт табакчалары бир буюмдун жалпы коoздугун түзөт да, ошол көчөттөрдүн жарымы бурч көчөтү болуп түшөт. Андагы «аламишек» ак-кызыл өңдө берилет. Мында көчөттөр сайма түрлөрүнө ич ара алмаша берет да, бири бирине өтөт.

Уздун курак өнөрүндө «кунаба курагы» анын таасын чеберчилигин аныктайт. Мунун көчөтү өтө эле майда, ичкелиги теменедей келет. «Чий курак», «тал курак», «каттама курак» дегендери биринин көркөмдүгүн бири толуктайт. «Турна курагында» турналар катар учуп бараткандай элестейт. «Бөрү көз курагы» жогоркулардан айдан ачык айырмаланып, төрт чарчы болот да, бир аз чоңураак көрүнөт. «Сегиз пара курагы» тегирмендин парасынан улам пайда болгон. Мында эки өң беттешет, мисалы, ак-кара, ак-сары, кызыл-кара өңдүүлөр бири-бири менен кыйышат. Мунун араларын «.бөрү көз курагы» бөлүп турат. Ал «он эки пара курагын» да көп кармайт. Муну боз үйдүн жабык башы ордуна тартууга болот. «Шапалак курак» дегени алакандын отундагы кыйма-чийме издерден пайда болгон. Муну менен тон, жер төшөк бычып, текче, жапсар баштык, күзгү каптарды жасаган. Мындан сырткары куракты́н «калит курак» («кулпу курак»), «төл курак» деген түрлөрүн да кармаган.

Уз калы килемди түгү жок токуйт. Анын четине «казан кулак көчөтүн» түшүрөт. Бул жарты болуп берилсе казан кулак үч бурчтук өңдүү көрүнөт. «Жээк көчөтүнө» «жарты омуртка көчөтүн» тандайт. Килемге «пара көчөтүн» арбын түшүрөт да, мунун ортолук көчөтү бүтүн «омуртка көчөтү» болуп көрүнөт. Бул бири бирине эриш-аркак көркөмдүктөрдү «суу» бөлүп турат. Көчөт араларындагы жарым табакчаларды алар «колтук» деп айтышат. Анын буюму үчүн кара-кызыл өңдөр мүнөздүү да, буюмдун жердиги такай кылчык жүндөн болот. Жүл килеминин көчөттөрүн арабы килеми да кайталайт.

Уз өрмөкчү катары да белгилүү. Өрмөктөрүнүн борбордук көчөтүндө «91 жиптүү тор көчөт», ичинде «кайкалак көчөтү», анын ичинде «жолборс көз көчөтү» бар. Табакчалардын ортосунда «колтук» болот.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1988-ж. Республикалык эстетикалык борбордогу «Чебер Өтөмова Анардын жекече көргөзмөсү». Республикалык эстетикалык борбордун Ардак грамотасы;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Терме шалчасы үчүн ЭЧЖРКнүн дипломy, медалы.

## РАКМАТЫЛДАЕВ АБДЫГАЛЫЙ

Зергер. 1937-ж. Жети-Өгүз районундагы Даркан айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Заводдо слесарь болуп иштеген. Кийин Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзунун көркөм фондусундагы зергер өнөрканасына узануусуна Акимжан Капаров багыт берген.



Абдыгалый нейзильбер, мельхиор, датчалбас, жез, мис сымал жалтырак металлдарды кармайт. Чолпу жасоодо темири жука болсо анын эки тарабын өз өзүнчө чегелеп, кепшерлейт. Ичке зымдын бир нече талын чыйратып, «чаян түйүш» кылып, чолпунун таман иликтерин ошол аркылуу илиништирет. Чолпу тамандары бул учурда бир бетинен экинчи бетине тегеренип турууга мүмкүнчүлүк болот. Анан жалтыратылган нейзильбердин оюм-чийимин мөөрдөөдө (сыялоо) шпосульфиттин эритмесине күкүрт кислотасынан бир аз кошуп, чолпунун таманын ага салып, болжолдуу кайнатканда сыя темирдин оюм-чийимине жатак алат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1967-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 50 жылдыгына карата «Сүрөттү өз алдынча сүйүүчүлөрдүн жана жасалга өнөрүнүн чеберлеринин республикалык көргөзмөсү». Зер буюмдары үчүн Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзунун Ардак грамоталары.

## РАХМАНБЕРДИЕВ ЖАЛАЛ

Ат жабдыктарынын чебери. 1922-ж. Кара-Суу районундагы Хаус айылында төрөлгөн. Чарбада эмгектенген. Кийинчерээк ээр чаап, аны каптоону, ат жабдыктарынын калган бөлүктөрүн сынпостоону өзүнө түбөлүктүү кесип туткан.

Бул жергенин ээрчилери буюмдун жердигине бака теректи, сай теректи, көк теректи, кара жыгачты жана тоо кайынды көп пайдаланышат. Жоон долоно, акчечек өңдүү жыгачтардын ийин тапса ээр үчүн табылгыс жердик. Жалал көбүнчө бака теректи пайдаланат. Аны кыйып, суу кезинде төрт-беш ээрдик жыгачты бир учурда сомдоп, казанга үч-үч жарым саат кайнатат да, көлөкөдө кургатат. Ага адегенде байтешенин мизи тиет. Байтешенин «чуңкур теше», «узун теше» («кара теше») ж. б. түрлөрүн пайдаланат. Мисалы, чоң тешенин сабы күрөктүкүндөй узун, өзү чот кетмендей болот да, кудум керкидей көрүнөт. Ээрдин түспөлүн аны менен туруп чабат. Кайноодон чыккан ээрге жарылбасын үчүн солидол сыйпайт. Жыгач солидолду сиңирип, кургаганда суу өтпөйт, капталган теринин ичиндеги жыгач чирибейт. Жалал ээрди туюк чабат. Мында хожент ээринин түспөлүн сактайт. Ээр чоң, карчыттуу жана чаралуу келип, кашы кичине, ачакейи жана моюну бүкталуу көрүнөт. Ээрдин кашын чыгаруучу «кош кыргы» деген аспабын уста өзү жасаган. Ал иштөөгө оңой, ичинде кыргысы бар. Ээр чабууда Жалал өлчөм бирдигин сактайт. Чүркөнүн узундугу 60 *см* кыйылса, анын 2 *см*и чамындыга кетип, 58 *см* ээрге чакталат. Ээрдин туурасы 40 *см*, кашы менен алдыңкы актасы 38 *см*ге барабар болот. Мунун кобулу 18 *см*дей, кобулдун арты 22 *см*дей келет. Ээрдин чарасы менен тээги (арткы актанын), башы жана чаранын алды бирдей өлчөмдө болот. Ээрдин актасынын (тарагынын) узундугу 42 *см*ди, анын эндүүлүгү 10 *см*ди, ички кобулунун асты 7 *см*ди, аркасы 5 *см*ди түзөт. Ээрчи аттын жонун (кыр жон, кой жон болуп аттардын жондору бири биринен өзгөчөлөнөт) эске алып узанат. Ээр каптоодо да чебердин өзүнө таандык ыкмалары бар. Ал өгүздүн жана топоздун терисин челекке муздак сууга жибитип, жүнүн бычак менен алат. Кайрадан туздап, челекке эки күнчө салып таштаса, тери чыйралат да, калыңдыгын да, сапатын да сактайт.

## РЫСАЛИЕВА КАДИЧА

Шырдакчы жана куракчы. 1939-ж. Кара-Буура районундагы Кара-Суу айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Кыйла жылдары тамекичиликте эмгектенген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Кадича узчулугун куракчылыктан баштаган. «Чий куракты», «каркыра куракты» бири би-

рине кыйыштыруу аркылуу туш кийиз, жаздык, куржун, жер төшөк, күзгү кап, текче (баштык) өңдүүлөрдү колунан арбын чыгарат.

Анда ал күрөң, сары, кызгылт, көк түстөрдү ич ара жупташтыруу аркылуу курак табакчаларын майда алат, ал экинчи табакчага «көзчө» (аламончок) менен катыш жасайт. Уз шырдактарында айрыкча жашыл-кызыл түскө назар таштайт. Боёгун жакшы коруштайт. Ал четине таластыктарга мүнөздүү «жарым кыял оюмун» үзүл-кесилсиз берип, ак-карадан «аламычты» бычак учулап, төрт «мүйүз оюму» төрт табакчасы менен бир буюмдун ортолук оюмун түзөт. Ал «жолборс тырмак оюмун», «бадам оюмун» четтик оюмга арбын колдонот. Мында колтук оюмдары жарым кыялданып кетет. Уз көк-сары, кара өңдөрдү ич ара жупташтыруу аркылуу кийиз буюмдарын төп, так кармап, атайын кыз себин даярдаган. Андан кызы Гүлнар, келини Ажаркүл өңдүүлөр таалим алган.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү, Кийиз буюмдары менен катышкан.

## РЫСАЛИЕВ ӨКӨНААЛЫ

Жыгаччы-сүрөтчү. 1935-ж. Кара-Буура районундагы Бейшеке айылында төрөлгөн. Бишкек шаарындагы сүрөтчүлөр окуу жайынан билим алган. Отуз жылдан ашуун чарбада сүрөтчү-жасалгалоочу, мектепте сүрөт мугалими болуп эмгектенген. Кийин жыгаччылыкка биротоло өткөн.

Жергиликтүү карагайдын, талдын, теректин, кайыңдын жекече касиеттерин таасын туйган чебер «ак жыгаччы», «кызыл жыгаччы» аталат да, жыгач буюмдарынын эмеректерин түгөл кармайт. Аларды иштетүүдө жаңычылдык касиетке эгедер. Уюштурган чакан өнөрканасы да бар. Ээр чабууда Кайнар тоосунун бака терегин кыйып келип, алма, өрүк, жаңгак арасындагы көлөкөдө кургатат. Кургаган жердик өзү жарака бергенде, ошол нук боюнча бөлүп, кыштата чабат. Уста калак баш (кокон ээри), куш баш ээрлердин үлгүлөрүн сыйда келтирип, аларга түстүү металлдарды чаап, зер оюм-чийимин түшүрөт. Ага кардардар алыстан келишет. Өрүктөн комуз чаап, ага жыгач оюмдарын берет. Тал-теректен жараткан кырма идиштери жана бөбөктөр бешигинин формалары салттуулукту баамдатат. Чебердин өнөрканасынан Нуркан, Мукан, Нурин өңдүү үйрөнчүктөр өсүп чыккан.

## РЫСКУЛОВ ТАБЕЛ

Жыгаччы. 1934-ж. Талас районунун Үч-Эмчек айылында төрөлгөн. Айылдык башталгыч мектептен окуган. Атасы жыгаччы да, темирчи да, мергенчи да болгон. Чоң атасы Сарт уулу 36 тал менен камчы өргөн, таш чеккен, тегирмен жүргүзгөн, өтүк ултарган. Көркөм кол өнөрчүлүк укумдан-тукумга астектелип улаштырыла кармалып келе жаткан бул үй бүлөдө устакерчиликтин мектеби колдон колго өтүүдө. Табелдин уулу Кабай (1964-ж. туулган, атайын техникалык орто билимди Харьковдон алган) 1981-жылдан өзү менен бирге узанат.

Табел 12 канат үй көтөрүүдө. Анын уугунун узундугу 5 метр. Жергиликтүү токойдо узундугу, жоондугу туура келген жыгач табылбагандыктан, уукту эмен менен ак чечек өсүмдүгүнөн жасоодо. Керегесине самби талды пайдаланууда. Ар бир канатка 12 башты так эсепке алган. Керегe жазылганда 1,8 метр, анын эриши 1,5 метр келет. Табелдин жекече узануу ыкмалары бар. Мисалы, самби талды иштетүүгө жеңил болсун үчүн кыйып келээри менен аарчып, анан көлөкө жайда табы менен кургатат. Тезге коюуда суугa таштап, жибитип алуусу илгертеден берки таластык чеберлердин жалпы буюм-тайым кармоолоруна окшошот. Уста жердик жыгачты качан кыюу, кандай кургатуу, кантип матоо өңдүү ыкмаларды мыкты билет. Жасап жаткан үйүнүн түндүгүнүн диаметри 2,2 метрге (алкагы 6,6 метрге), үйдүн айланасы болжолдо 32—36 метрге, бийиктиги 6 метрге барабар. Үй жыгачын сырдоодо Таластын Орто-Ата, Кең-Кол-Атасынын жошосун пайдаланат. Аны чылап, суюлтуп кайнатат. Анан ага эмендин боёгун кичине кошот. Чебер жердик жыгачка өтө этиет мамиле кылат, анткени жыгач нымды да, күндү да анча сүйбөйт.

## РЫСПЕКОВ СҮЙҮНДҮК
(1950—92)

Ат жабдыктарынын чебери. Тоң районундагы Бөкөнбаев айылында төрөлгөн. Колхоздо жардамчы малчы болуп эмгектенген. Бишкектеги көркөм окуу жайын бүтүргөн. 1980—87-жылдары «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узанууччу чебери болгон. Алма-Ата шаарындагы ат жабдыктарын жасоо боюнча өнөрканада эки жылча узанып, «Казак ССРинин элдик чебери» деген наам алган. 1985-жылдагы жаштардын жана студенттердин Бүткүл дүйнөлүк II фестивалынын катышуучусу. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.



Сүйүндүк ээр сынпостойт. Өздүк узануусунда айрым зергердик өзгөчөлүктөрү баамдалат. Мында булгаарынын үстүнө ээрди коюп, каптоодо анын кашын өзүнчө, чарасын өзүнчө, капталдарын өзүнчө алат да, кара булгаарыга «прессте» (атайын калыпка коюп ысытуу аркылуу) көркөм оюм-чийим түшүрөт. Түшкөн кооздуктардын негизги элементтерин «кыял оюму» түзөт. Ээр сынпосунун четтерине ак кайыштан «араа тиш» келтирет. Анын «кыюулары» машина менен жүргүзүлөт. Ат жабдыктарын шөкөттөөдө, мисалы, куюшкандын кошундусундагы «сүзмөсүнө» (жүзмө) кадимки «кыял оюмун» металлга түшүрөт. Демек, куюшкандын кошундусу эки бөлүктөн турат. Уста үстүнө томпок шөкөт (металл топчу) жаткырат. Анда өзүнчө сайланган кооздук болот. Кошундунун эки канатындагы түшүрүлгөн «кыял оюмунан» улам зергер «чегелөө», «чапкылоо» салтын-наркын сактоону мыкты өздөштүргөндүгү көрүнөт.

Устанын негизги узануу ыкмасы — «чапкылоо». Металлды өгөөлөө, чабуу, чегелөө, өзүнчө калыпка уруу, эшүү, чыйратуу сыяктууларды кармайт.

Сүйүндүктүн атасы Рыспек өз учурунда оозго алынган уста болгон. Сүйүндүк малчылардын суроо-талаптарын эске алып, ат жабдыктарынын бүтүндөй түрүн өз бетинче сатууга чыгарууда. Ал азыр күмүш кармоонун ички сырларын да таасын өздөштүргөн. Казак агайындардан шири жана жыгач идиштерин жасоонун ыкмаларын үйрөнгөн. Уста уйдун чылгый терисинен көөкөр жасоо үчүн абалы өзүнүн калыбына түспөлүн келтирип, ага мүнөздүү оюм-чийим берип, аарынын чөбөгөсү менен малдын майына аралаштыра кайнатканда өзгөчө суюктук пайда болот. Мына ошону майлаганда ыштагандай кызыл өңдүү түс жаралат. Ошондон кийин ыштыкка коёт. Сүйүндүк иниси Турсунбек экөө өнөктөш узанган.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. «Казакстан элдик чеберлердин көргөзмөсү». Ат жабдыктары үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы диплому;

1988-ж. Эл чыгармачылыгынын «Венгрия — Казакстан» аттуу көргөзмөсү;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Ат жабдыктары жана зер буюмдары менен катышкан.

## САБИРДИНОВ АЙЫЛЧЫ

Жыгаччы. 1947-ж. Кочкор районундагы Шамшы айылында төрөлгөн. Бишкектеги № 19 элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайын бүткөн. «Кыял» Бирикмесинин Ысык-Көл шаарындагы филиалында уста, орто мектептерде мугалим болуп иштеген.

Айылчы жасаган төр алабакандын, бешиктин, чыгырыктын, телефон койгучтун үлгүлөрү жыгаччылыкка узануунун жаңычылы (новатору) катары жогору бааланып, көп нускалануга мүмкүндүк алган. Ал жумуру жыгачты, чийди, фанераны бир мезгилде табында кургатып, үчөөнү бир буюмга эриш-аркак пайдаланат. Кооздуктун мыкты үлгүсүн таба билген. Алабаканынын жыгачын күрөң боёкко алат. Мында жыгач кир көтөрүмдүү болот, ага түшкөн көркөм оюмдардын ачык фонун берет. Ала бакандын муунак-муунактарына чебер ак чийден пилдин тишиндей кооздук ыйгарат. Илгичтерин (6—8) фанерадан жумуру жыгачка (тулкусуна) аштайт. Кара сыр аркылуу ага өздүк көркөмдүгүн «жарым кыял» кейпинде так, төп түшүрөт. Мындай үндөштүктөр, узануу стилдери автордун башка буюм-тайымдарында да даана билинет.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Салттуу жыгач буюмдары үчүн

Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССРинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык II кароо-сынагы». Бешиги, ала баканы, чыгырыгы (балдар басуучу) үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 60 жылдыгына карата "Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы". Жыгач үлгүлөрү, оюм түшкөн бешиги үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы.

## САДЫБАКАСОВА АЖАР

Саймачы, оймочу. 1919-ж. Кочкор районундагы Кара-Күңгөй айылында төрөлгөн. Бала бакчада, соода тармагында эмгектенген.

Анын шырдактарынан элдик оюмдардын өзүнчө бир тутумдашкан туюнтмалуу мазмуну байкалат. Шырдак четине «кыял оюмун» түшүрөт, «аламычын» жана «кочкор мүйүз оюмунун» башка түрүн («козу кочкор мүйүз оюмун») келтирет. «Табак оюму» «тогуз төбөлөнүп», өзү ийрек-ийрек болуп келип, төрт мүйүздүн баштары тийишет. Ал мүйүздүн учтары чагаракталат. Төрт мүйүздүн төбөсү биригет. Шырдак бетине «жагалмай канат оюмун» берүү мүнөздүү. Ал шырдактын «ыскыт» учтарын чагармактатып коёт. Көбүнчө жабык баш үчүн жаралган көркөм оюмдарды пайдаланат. Анда «жалпы оюмдун» шарттуу бөлүктөрү бар. Уз «аламыч» жана «ыскытты» ак-карадан эшип да берет. Аларды жип менен имере тигип бириктирет. Ажар кийизди ойдогудай уютат. Андыктан боёкту жакшы кабыл алат. Кийизи манаттай, ноотудай өтө сыйда, бышык көрүнөт. Ага оюм да сулуу түшүп, «ыскыт» «чычкан изиндей» болуп көрүнөт. Аз буюм жасап, көркөмдүгүнө көбүрөөк көңүл бурат. Жасаган кийиз буюмдары бири бирине окшошпойт.

Ал даана саймачы дагы. Анын кызыл кыжымынын ортолугуна кара жердикке сайылган туш кийизи буюмдун нукура нускасын түзгөн. Анын четинде кызыл, көк, сары өңдөр өз ара айкалышкан гүлдүн, чөптүн, дүйүм жалбырактардын кереметтүү элестери бар. Сайманын ак-кызылдан берилген көркөм көчөттөрүнүн араларын бөлүп, өзүнчө түр түшүрүү салтын да жакшы сактаган. Туш кийизинин ортолук көчөттөрү жыш берилген. Алар кандайдыр бир «куш канат оюму» өңдөнүп, түрдүн ичинен түр, кооздуктун ичинен кооздук уланып, туунду катары элес тартуулайт. Мында уз кызыл-сары, күрөң, жашыл, ак, айтор саймачылыкта бүтүндөй пайдаланылуучу боёкторду ич ара ширетип, кереметтенте берет. Аларды кудум данакерлегендей жупташтырат. Андан кийин ал көркөм көчөттөрдү ачыш үчүн «ит куйрук оюму» сыяктуу «суу» жиберип, «жарым бадам оюму» кызыл жип менен торчолонуп, анын араларына кайрадан актан «суу» чуркатылат. Саймачынын буюмдагы ошончо өңдөрдүн ичинен кызыл түстүн жүзүн ача жана ага берки өңдөрдү багынта билгендиги жогору бааланат. Бул уздук уникалдуулукка эгедер. Сейрек жаралган бул сайма буюму бир гана көргөзмөлөргө коюга шарттащканы аркылуу баасы да, баркы да барган сайын артууда.

Уз кийим-кечек тигүүдө элдик үлгүлөрдү сактайт. Аны андан ары өнүктүрөт. Мында жердикти колдо иштетүүгө көңүл коёт. Кулундун, музоонун, козунун, улактын жана аң терилерин ашатуу, бордоо жана ийлөө ыкмалары аркылуу бут кийим, сырт кийим, баш кийим жасоонун талаптагыдай нускаларын кармайт. Анын тиккен тебетейлеринин түрлөрү да кароо-сынактарга катышып, көргөзмөлөргө коюлуп, байгелерге татууда. Ал баш кийимдери эркектин куту болуп жарашыктуу, так жана таза көрүнөт. Эмгеги түстүү баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Эл- дик чеберлердин көркөм буюмдарынын рес- публикалык II кароо-сынагы». Туш кийизи үчүн Обкомдун жана Облаткомдун I даража- дагы дипломү, Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин дипломү;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик револю- циясынын 70 жылдыгына карата «Элдик че- берлердин республикалык кароо-сынагы». Эл- дик кийим-кечектери үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы.

## САЛБАЙ ОЙМОЧУ

(туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Нарын өрөөнүнө кара аттын кашкасындай белгилүү көркөм оюмдардын ээси Салбай оймочу Ат-Башы районундагы Ак-Муз айы- лында моңолдор элинен чыккан. Кылым тол- тура кыдырган, калк кадырлаган оюмдардын бири «Салбай оюм» алыс менен жакынга бирдей тараган. Аны Чүйдөн да, Көлдөн да, Жумгалдан да, Ак-Талаадан да, Нарындан да

кезиктирүүгө болот. Октябрь революциясына чейин эле элге кеңири тараган анын көркөм оюмдарын чеберлер кийиз менен чий буюмдарына бирдей пайдаланышкан. Салбай өнөр даарыган даана сүрөтчү болгон. Ал бар болгон талантын жалаң ушул оюм-чийимге оодарып таштаганы өзүнөн өзү көрүнөт. Бул оюмдун нукуралыгы бөтөн көзгө да даана билинет. Башка көркөм оюмдардан анын айдан ачык айырмасы буюмга түшкөн көркөмдүк такта-такта болуп, ал ич ара омурткаланат. Мунун мүнөздүү белгилери «кыял оюму», «кочкор мүйүз оюму», «бадам оюму» сыяктуу элдик атактуу оюмдардан да өзүнчө окчун айырмаланат. Уздун аты менен айтылып калган оюмдардан бул нагыздыгы, алымча-кошумчасыз жашап, кылым бойлоп, көөнөрбөй келе жаткандыгы менен бөтөнчө бааланат. Мында чебердин ойлоп табуучулук касиети курч жана күчтүү экендиги көрүнөт. «Салбай оюмдун» ажарында кызыл жана көк өң эриш-аркак айкалышып турат. Азыр фабрикалардан, бирикмелерден чыгарылып жаткан азык-түлүк товарларынын кутучаларында ж. б. да «Салбай оюм» көп колдонулууда. Эмгеги баттамада.

## САЛЫБАЕВА ЖЕКЕНАЙ

Шырдакчы жана чырмакчы. 1923-ж. Нарын районундагы Ылайлуу-Суу айылында төрөлгөн. Бүтпөгөн орто билимдүү. Энеси Шайдактын өрнөгүн алган. Анын жасаган шырдактарында «салбай оюм», «табак оюм» басымдуулук кылат. Четтик оюмдун көркөм каражаттары буюмга «колтук оюм» болуп түшөт. Кызыл-жашыл түстү беттей жараткан үлгүлөрүнүн «аламычы» адатта ак-карадан бычак учуланат. Уздун чырмакчылыгындагы «омуртка оюм» менен «килем көчөт» канат чийдин, чыгдан чийдин, эшик чийдин ажарын ачат. Жекенай көтөргөн ак өргөөдөгү жасалгаларда түстөр бир беткей келип, жашыл үйдү элестетет. Ал элдик кийим-кечектерди да кармап, ойдогудай бычып-тигет. Келини Ибраимова Акыл — уздун ишенимдүү шакирти.

## САМАНКАНОВА САБЫРБҮБҮ

Өрмөкчү, оймочу жана саймачы. 1945-ж. Талас районундагы Талды-Булак айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. 1980-жылдан "Кыял" элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде (Талас филиалында) үйдөн узданат. Бир нече сайма жана кийиз үлгүлөрү көркөм советтен өтүп, көп нускаланып сатууга түшкөн. Анын көркөм буюмдарынын ичинен уюткан ала кийизинде төрт түстү өз ара сиңирүүсү аркылуу оюмдарды так, төп жаратуу касиети жогору бааланат. Мында боёктор сары түскө айланат да, кудум живописттик мүнөзгө эгедер болот. Мүйүз оюмдар шарттуу айкалышып, четтик оюм менен ортолук оюмдардын «аламычы» аккарадан «ала мончок» көрүнүшү уздук татымын даана далилдейт. Ал өрмөкчүлүктүн көркөм көчөттөрүн терип түшүрүүнү энеси айтылуу уз Токуштан үйрөнөт. Боз үйдүн бүтүндөй жасалгаларын бир колдон чыгарууга такай отурган уз тегиричтин, кылдыроочтун кара терме түрүн жүзөгө ашырууну мыкты өздөштүргөн.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Сайма туштугу жана ала кийизи үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Энеси Бөрүбаева Токуш менен биргелешип жасалгалап тиккен боз үйү үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы диплому;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Шырдагы жана туш кийизи үчүн «Кыял» Бирикмесинин I даражадагы диплому.

## САРДАРОВА АЙНАГҮЛ

Уз. 1948-ж. Кочкор районундагы Көл-Төр айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбада эмгектенген. 1984-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Кочкордогу бөлүмүнүн үйдөн узданууучу чебери.

Айнагүл оюм жаратууда эски коодукторды өзүндөй сарысаптап өздөштүрүп, анын мыйзам ченемдерин сактоо аркылуу билгичтикте өзгөртүп кете алат. Кадимки эле «мүйүз оюму», «карга тырмак оюму», «бадам оюму», «ит куйрук оюму», «куш оюму» өңдүү негизги оюмдардын элементтерин ойдогудай айкалыштырат, төптөштүрөт. Коодукторды өз ара кыйыштырат. Бирөөлөргө окшошпогон көркөмдүктөрдү жаратуу менен буюм-тайым жасоосу анын уздук жүзүн ачкан. Айнагүл тердиктин элдик үлгүсүн кармаган. Мында буюм жөнөкөй көрүнөт. Анын ичин шырык ээлейт. Аны оюмчийимдейт. Ал кербенди, жайлоого көчкөн

кадимки жүктүү төөлөрдү элестетет. Уз азыр кат кийизди жалпы сом аркылуу табак оюм (үзүл-кесилсиз) берүү менен салттуулукту сактоого дымактанат. Мында табак оюмду такта оюмдан ажыратат. Айрымдардай кийизди бырчылдатып майдалабай, аны «аламычтап», кийиз оюмдарынын салттуулугунан тайбай түр шырдак жасайт. Мында кийиз өөн-бучкакка айланбайт. Шырдактарына «милтени» пайдаланса, башка жука жердикке чыраш сайманы тандайт. Кызыл-көк, сары-кара, кызыл-кара борбордук оюмду түзөт. Ал эми ак-кара «аламыч» болот. Бул эки өң кийиз буюмдарына чабалекейдей катыш жасайт. Уз көбүнчө «ит куйрук оюмун», «бадам оюмун», «бычак учу оюмун» алат. Анын кийиз, нооту, баркут өңдүүлөргө түшкөн көркөм оюмдары менен көчөттөрү ич ара айкалышып, топ (табакча, үй) өзүнчө бир ойду түшүндүрөт, мазмун берет, ачык чачырап көрүнөт. Айнагүлдүн кызы Чалбаева Батыйна (Бишкектеги № 92 көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайын бүткөн) азыр боз үй көтөрүүдө. Ага эшик чий чырмашкан, өрмөк буюмдарын түгөлү менен жүзөгө ашырышкан. Мында түшкөн терме, чырмак көчөттөрүндө түстөр мыкты тандалып, көркөмдүктүн элдик салты сакталган. Уздун кармаган буюмдары колдонмолук да, жасалгалык да мааниге ээ.

**Катышкан көргөзмөлөрү, карoo-сынактары жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Ат жабуусу жана тердиги үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1989-ж. «Кыял» Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Кийиз, нооту буюмдары үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы.

## САРИЕВА КАЛЫЙЧА

Шырдакчы. 1924-ж. Жайыл районундагы Сары-Булак айылында төрөлгөн. Ата-энесинен эрте ажыраган. Узчулукта чоң энеси Батыйманын нускасын алган.

Калыйча адегенде жүндөн, териден таар, тон, чокой өңдүүлөрдү жараткан. Анаң көркөм оюмкөчөттөрдү үйрөнүп, шырдак жасап, туш кийиз сая баштайт. Кийинки кезде анын кооз буюмдары сатууга көп түшүүдө. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.



Калыйча кызыл шырдактын мурунтан белгилүү үлгүлөрүн арбын кармайт. Мында «аламыч» түшпөйт. Буюм көбүнчө төрт чарчы келет да, «жалпы оюм» менен берилип, кызыл-көк түс буюмдун бүтүндөй танабын өзүнө алат. Кызыл боёк бери чыгат. «Жээк оюм» «жарым кыялдашп», ичинен «ит куйрук оюмунан» «карга тырмак оюму» көрүнөт. Анын четтери төп көрүнүшү үчүн төрт бурчунан «куш оюмунун» алдынан «карга тырмак оюму» чабалекейдей катыш жасайт. Ал мындай көркөм оюмдарды кыйыштырып, элүүдөн ашык шырдак жасап, кардарлардын мүдөөсүнө татыган. Калыйча түр шырдактарында «жээк оюму» (четтик оюм) үчүн «кыял оюмун» такай колдонот. Мында төрт такта бир шырдактын жалпы негизин түзүп, эки «кочкор мүйүз оюмунун» башында «карга тырмак оюму» бир бүтүм ойду берет. Анын ичинен төрт «ит куйрук оюму» өзүнөн өзү пайда болот. Ар бир такта ак-кара «бычак учунан» турган «аламыч» аркылуу бөлүнөт. Ошондой эле уздун өнөр канатында төрт «куш оюму» «ачкыч оюму» менен да биригип, ошол бир табакчанын ичинен «кочкор мүйүз оюму» болуп да көрүнөт. Шырдактарынын «колтук оюмуна» бир тактанын жарымы алынат. Азыр уз сатууга өтүмдүү болушка шырдактарын бир, бир жарым табакчаларга чактап оюп бүтүрүүгө айрыкча маани берүүдө. Ал кийизди бышык уютууга бөтөнчө шартташат. Уздун кыздары Замира, Зинура, небереси Индра уздукту талаптагыдай үйрөнүшүүдө. Сүрөтү түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, карoo-сынактары жана алган сыйлыктары**

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Кийиз буюмдары менен катышкан.

## САРНОГОЕВ САТАР

Мүйүзчү, зергер. 1945-ж. Кемин районундагы Ак-Түз айылында төрөлгөн. Ата-энесинен эрте ажыраган. Ал Ак-Түз шахтасында эмгектенген. Элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн ичинен мүйүз, сөөк, зер буюмдарын жасоого дилгир. Мунун ичинен анын устакерчилик жүзүн мүйүз жана сөөк буюмдары айдан ачык көрсөтүп турат. Бул өткөн өнөрдү кайрадан калыбына келтирүүдө жасаган жышааны. Ал көркөмдүктөр белектик да, буюмдук да маанини берип турат. Чебер зер буюмдарын да коздоп жасай алат. Бирок, мүйүзчүлүк өнөрү аны өзүнө тартып тургандай көрүнөт. Анткени, мүйүз аттуунун ички сырларын уста мыкты туят. Сатар азыр мүйүзчүлүк менен зергерчиликти айкалыштыра кармоодо. Мунун үлгүлөрүн өнөр жай

негизинде көп нускалап, дүкөндөргө жана ларектерге чыгарууда. Уста кадимки элдик салттуу буюмдарга да бөтөнчө көңүл бөлүүдө. Аларга: кезек жана майда тиштүү тарак, чакча, кыз-келиндердин асем буюмдары (сөйкө, шакек, оймок, куткундап жасалган билерик, желбирөөч, учтук) кирет.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Мүйүз белектери үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы.

## САРТОВ ЖАНУЗАК

Таш чеккич. 1954-ж. Тоң районундагы Тогуз-Булак айылында төрөлгөн. Бишкектеги сүрөтчүлөр окуу жайын бүтүргөн. 1979—90-жылдары Нарын педагогикалык окуу жайында, Пржевальск көркөм фондусунда, Бишкектеги № 92 кесипчилик-техникалык окуу жайында эмгектенген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Жанузак ташты көлөмүнө карата аныктайт. Жаргылчак, тегирмен чегет. Өтө жумуру таштарды эстелик, моло таш, майдараактарын ийик таш, бүлөө, таш жарык, кайрак таш ж. б. шартташтырат. Таман алдында тапталган эле таштарды иштетип жалтыратса, абдан кооз көрүнүп, табигий касиетинде кубула түшөт. Андан чебер буюм-тайым жасайт. Андан эч нерсе менен алмаштыра алгыс көркөмдүктү алып чыгат. Жергиликтүү гранит таштарынын өңү ар кандай. Баалуу таштардан алмаз таш, топаз таш, ялма таш, оникe таш өңдүүлөрдү кармайт. Устанын дүкөнү — «таш кесүүчү дүкөн» деп аталат. Техника аркылуу да иштетет. Аларга кескич, тешкич, жылмалоочу дүкөндөрү кирет. Жанузак таш чегүү үчүн балка, кескич, чукулдукту гана керектейт. Кескичти жаруу-тилүүдө, чукулдукту жаргылчак менен тегирмендин жылмасын чегүүдө колдонот. Жаргылчакка көгүлтүр чаар, кайрак сымал таштарды чегет. Жанузактын Нурдин Арзыматов, Тарас Сулайманов, Абдулла Арзиев, Темирбек Итикеев өңдүү таш чеккич шакирттери бар.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1988-ж. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук III фестивалына карата «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү». Жаргылчагы үчүн Ардак грамота;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Таш буюмдары менен катышкан.

## САРЫБАЕВА БЕЙШЕКАН

Шырдакчы. 1925-ж. Жети-Өгүз районундагы Барскоон айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздо эмгектенген.

Бейшекан узчулукка келин кезинен кызыгып, айыл арасында шырдакчы аталган. Анын колунан эки жүздөй шырдак чыккан. Кайкач бармак уз кийиз буюмдарын жалпы оюм аркылуу берет да, анын борбордук оюм табакчалары колтук оюму же четтик оюму «аламычтары» менен жиксиз байланышат. Ал эми колтук, четтик оюмдар шырдак четиндеги «аламычтары» (тоо кыркалары сымал) менен так ошондой төө өркөчтүү жасалат. Мында төрт табакча бир шырдакты пайда кылат. Анын ар биринде «төрт кочкор мүйүз оюмунун» алдынан төрт «карга тырмак оюму» чыккан төрт «кочкор мүйүз оюму» пайда болот. Негизинен Бейшекандын «колтук оюмдары» «жарым гүл» оюмун элестетет. Уздун түшүргөн «аламычтары» бармак башы болуп көрүнөт. Ал шырдактарына эки гана өңдү «аламычы» менен алганда (кара-ак, кызыл-көк, кара-сары) колдонот.

Уздун өзүнчө үлгү дептерчеси бар. Жакшы чыккан шырдак оюмун ага түшүрөт. Аны кайрадан карап чыгып, аны оңдоп-түздөп оюм жаратат. «Бейшекандын жарым кыялы» ушундайча пайда болгон. Ал башка оюмдарды да бири-бири менен салыштырып, жаккан оюм айкалыштарын кыйыштырат. Шырдакчы башаты элдик оюм болгон оюмдун айрым элементтерин өзүнүн жекече кыял чабыттары аркылуу өзгөртө алат. Ал шырдактарын шырык аркылуу ийине келтирет. Кийизди бышык уютуу үчүн күзгү жүндү арбын колдонот. Уздун кызы Роза эне өнөрүн улоодо. Өнөктөшү Токон Сатыбалдиева да уз, алар бири бирине үлгү тандайт. Биринин уздугун бири толуктайт. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1980-ж. Эл чыгармачылыгы боюнча республикалык телеконкурс. Уздун шырдактары тартылган;

1982-ж. ССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык ка-

роо-сынагы». Шырдагы үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Кийиз буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы.

## САРЫБАЙ УУЛУ ҮРКҮМБАЙ

Зергер, жыгаччы. 1910-ж. Алай районундагы Кичи-Каракол айылында туулган. 13 жашынан узанууга отурган. Зер буюмдары менен катар эле ээрди курап да, туюк да чабат. Боз үйдүн уук-керегелерин матайт. Уста учурунда жамбы кесе да жасаган. Жыгач идиштерин кырып, элдин мүдөөлөрүнө жараган. Ат жабдыктарын кайып да, өрүп да кармайт. Ал элечек, кеп такыя, чач кап, чолпу сымал кийимдердин күмүш нускаларына узанууга «чапкылоо», «тордоо» ыкмасын арбын пайдаланат да, «тумарча» төрт бурч түспөлүн берген. «Күбөкчө» түспөлүн да колдонгон. Зергердин чоң атасы Кадыркул (Кара уста — өңү кара болгондуктан), бир тууганы Эшкул (Сары уста — өңү сары болгондуктан) кадимки Курманжан датканын ат жабдыктарына, зер жасалгаларына баса отуруп узанышкан. Үркүмбай устанын уулдары Турдубек (мугалим), Муратбек (уста), Кадырбек, кызы Калбү ата өнөрүн улап келишүүдө.

## САТЫБЕКОВ ТААЛАЙБЕК

Мүйүзчү жана сөөк буюмдарынын чебери. 1957-ж. Жумгал районундагы Багашан айылында төрөлгөн. 1982-ж. Бишкектеги № 19 көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайынын сөөк жана мүйүздөн буюм-тайым жасоо бөлүмүн бүтүрүп, ошондон бери «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде узанууда. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Таалайбек жердиги мүйүз жана сөөктөн турган бир нече чыгармачылыктагы үлгүлөрдүн автору. Мүйүз менен сөөктү тең тизгинде кармайт. Ал көбүнчө кыз-келиндердин жасалгаларын: сөйкө, желбирөөч, билерик, шакек, оймок, чолпу, тарак, чач бастыргыч, түймө-тор токуучу иймек, төөнөгүч, бой тумар, ачкыч илгич, бут кийим кийүүчү кашыкча, чакча өңдүүлөрдү жана шахмат, дойбуларды төрт-беш түрлөнтүп кармайт. Түспөлдөрү бири бирине окшошпойт. Буюмдун жана белек-бечкектердин үлгүлөрүн өзү ойлоп



табат. Чакча жасоодо буканын мүйүзүн тандайт. Ал кыска, ичи көңдөй, калың, катуу жана тунук болот. Аны талаптагыдай кургатып, анын сырткы бүкүр бетинен баштап узунунан араалайт. Атайын мешине коюп ысытып, жумшартып, өзүнүн бастыргычына салып тегиздейт да, ысык калыбына салып басат. Ошондо мүйүз ысып, калыпка дал өзүндөй түшөт. Калыптын эки бети болот. Ошондо эки мүйүздөн бир чакча жасалат. Эки бетти бириктирүүдө жыгачтын «ПВА» маркасындагы даяр желимин колдонот. Чакчаны кум кагаз менен жылмалайт. Атайын жасалган тегерек кийиз менен жалтыратат.

Асем буюмдарынын көрүнүктүүсү сөйкө-желбирөөчтү чебер мүйүз менен сөөктөн бирдей коздукта кармай алат. Буюмдун жердигине уйдун шыйрак сөөгүн тандайт. Сөөктүн калыңдыгына жараша атайын араасы аркылуу узунунан бөлөт. Анан сөйкөнүн формасын кагазга же сөөктүн өзүнүн үлгүсүнө түшүрүп, ашык жерлерин чарыкка салат. Андан кийин медициналык бор машинасына отурат да, дарыгерлер кадимки тиш салгандай аракеттерди жүргүзөт. Дарыгерлер колдонуучу аспап-куралдарды колдонуп, буюм жасалчу сөөктүн сыртын сомдойт. Андан кийин майда сыйдалоолорду жүргүзөт. Ошондон кийин оюм-чийим түшүрөт. Кум кагаз менен сыйдалайт. Сөйкөнүн темир, күмүш илмектерин

бириктирип жалтыратат. Чебер жалтыратууда жана жылмалоодо тиш жуугуч күкүмдү, борду, кол аарчы кагазды колдонот. Жылмалоодо ошол эле мүйүздүн таарындыларын да пайдаланат. Чебер тарак жасоонун ыкмасын да мыкты өздөштүргөн. Оюм түшүрүүдө да нукуралыктар баамдалат. Буюм бетине «тап бердирип» коюу жөрөлгөлөрү да көрүнөт. Муну майдалата, «кыялданта» берүүгө маш. Көркөм оюм улам майдаланып барган сайын чебердин кылдаттыгы артууда. Таалайбек устакерчиликке ышкысы артылып, элге керектүү буюм-тайымдар менен чектелбей уникалдуу үлгүлөрдү да жаратууга дымактанууда.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Сөөк, мүйүз буюмдары үчүн Шаараткомдун Ардак Грамотасы, Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Мүйүз жана сөөк буюмдары үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин дипломy;

1989-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Мүйүз, сөөк үлгүлөрү үчүн «Кыял» Бирикмесинин дипломy;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Мүйүз, сөөк буюмдары менен катышкан.

## СЕЙДЕЕВ БАКАЙ
(1929—1988)

Ат жабдыктарынын чебери. Тоң районундагы Ак-Сай айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбада чабан, жылкычы, кийин мектепте кол эмгек сабагынын мугалими болуп иштеген. Бакай мектепте кол эмгегине байланыштуу ар кандай ийримдерди уюштуруп, окуучуларды ракета, самолёт, пароход, катер өндүү автоүлгүлөрдү жасоого машыктырган.

Бакай өрмөчү катары жүгөн, көмөлдүрүк, куюшкан, басмайыл жана нокто өрүмдөрүн жүзөгө ашырат. Өрүмчүлүккө эски жабдыктардын өрүмдөрүн жандырып көрүп, кайра жиги менен өрүп машыккан. Айрыкча ал үч кыр өрүмдү ийине келтирген. Бул өмүрчүлүктө «жом өрүм» деп аталат. Кайыш 12, 14, 16 талга чейин тилинип, жупталып өрүлөт. «Жом өрүм» жүгөн, көмөлдүрүк, куюшканга жарашык берет. Бакай өргөндө көк астыңкы бетинен каз таңдай болуп, бири-биринен өтүшөт. Мында өрүм үзүлүп же талы кесилип калса да жанбайт. Анткени, «жом өрүм» үч кыр келип, ар бир тал көк (кайыш) үч кырдан кезек-кезек өтүшүп, б. а. айланып турат. Ошол себептүү «жом өрүм» бышык жана кооз көрүнөт. Бакай «жырым өрүм» деген да өргөн. Ал тогуз талдан өрүлөт, буюмга карата жазы, ичке тилиниши мүмкүн. Өрүмү жеңил, жомго караганда жөнөкөй көрүнөт. Чынында өрмөчүлүк камчы өрүмдө сыналат. Бул чеберчиликтен чеберчиликке өтөт. Бакайдын колунан жаралган он алты талга чейинки жуп өрүм аркылуу жүзөгө ашкан «жылан боор өрүмү» жана «суйсалма өрүмү» биринин кооздугун бири толуктайт. «Жылан боор өрүм» шахмат түрүнө келип терилип, урунууга абдан бышык келет. Ал эми «суйсалма өрүмүнүн» көгү экиден басылып, өрүмү кесегирээк болот. Ноктону «түйүм өрүм» менен жасаган. Мындан өрүмдүн «калмак байлоо» деген түрү келип чыгат. Бул учурда тилинген көктү жумурулап, тоголок эшип алат. Аны өткөрүштүрүп байлап турат. Анын «өткөрүп түйүү» дегени да кездешкен. Мунун көгү эки бүктөлүп, бири бирине каршы өткөрүлүп түйүлөт. Өрмөкчүлүктө камчынын түшкүнүн бекитүү үчүн Бакайда өзүнчө ыкма болгон. Камчы түйүүдө ал түшкүндү чачынын алдына, ортосуна жана учуна түйгөн. Мындай камчы камчылануугa бышык болгон. Кайышты колго жасаган. Анын мал терисинен кайыш-көк жасашы башка усталардан түп тамырынан бери айырмаланган. Уйдун чылгый терисин бир күнгө тузга коюп, анан ички бетине керосин сыйпаган. Чоң уйдун терисине бир жарым литрге чейин суумай төккөн. Аны бүктөп таштап койсо, түгү өзү эле жыдып калган. Күнгө көргөзбөй, улам сызга таштап талкууга сала берген. Качан өзүнүн нымы кургаганда эле ал даяр ак кайыш болгон. Ийленип бүткөндөн кийин автол майын сыйпап, нымга таштаса, кайыш иштөөгө жумшак болгон. Кайыш баш аягы эки-үч күндө эле даярдалган. Чебер күдөрү кайыш да ийлеген. Ал союлган теринин дароо эле түгүн алып чылгый боюнча ийлеген. Бакайдын өмүрлөшү Зина уз, бир уулу Нарынбек ата нускасын алган уста.

## СЕЙИТ УУЛУ КАНЫМЕТ

Жыгаччы. 1922-ж. Ак-Суу районундагы Жаңы-Арык айылында төрөлгөн. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан.

Каныmет ээр чабат. Анын жекече ыкмасында жердигин тал, теректен тандаган. Терек, кара

талдан чапкан ээрлери кийин урунууга өтө бек келет, кажып кетпейт. Уста терек ээрди утурутетири чабуунун ички бөтөнчөлүктөрүн таасын билет. Тал-теректи кыйып келээри менен дароо сомдойт. Анан ээрди биротоло бир жайда кургатат. Кургоо учурунда жарылып кетпеси үчүн солидол сыйпайт. Анан биротоло чабылып бүткөн ээрди уйдун чылгый териси менен каптайт. Анын ээри «кушмач ээр» деп аталат да, кашын таранып отурган куштун томогосундай өтө көркөм чыгарат. Ээринин узундугу 55 *см*, карчыттуу, токунууга ойдогудай шарттээшат. Уста ушундай узануу аркылуу өз колунан жүздөй ээр чыгарган.



## СЕЙТАЛИЕВА КҮЛҮШАРЫ

Оймочу жана саймачы. 1926-ж. Жумгал районундагы Чаек айылында төрөлгөн. Мектепте мугалим, чарбада чабан болуп эмгектенген. 1947-ж. Бишкектеги № 17 кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүргөн. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде көркөм оюм менен үлгү жаратуучу чебер-сүрөтчү болуп иштейт. Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлиги ага «Жогорку сынаптагы чебер-сүрөтчү» деген наам ыйгарган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Ал чеберчиликти тестиер кезинен колго алган. Энеси Аныйпа, эжеси Дүрдананын оозунан ыры, колунан көөрү төгүлгөн уздардан болгон. Күлүшары окуучу кезинде эле сайган «Кыргыз ССРинин герби», «Беш жылдыз», «Буудайыкчан киши» өңдүү саймалары менен эл чыгармачылыгынын олимпиадаларына катышып, райондордо, областтарда баш байгелерге татыган.

Уздун кийиз оюмдарында өзүнүн чыгармачылык мамилеси бар. Элдик кийимкечектердин бүтүндөй түрүн быча да, тиге да, ага көркөм каражаттарды пайдалана да алат. Үлгүгө карата боёкторду шайкеш пайдаланат. Көбүнчө кызыл, көк, сары-кара түс анын буюмтайымдарынын ич ара айкалыштырган оюм элементтеринин ажарын ачат.

Уз коомдук көркөм өнөрканалар үчүн үлгү даярдап берет. Анын буюм-кечелери «Күлүшары оюму» деген атта таанылууда. Уздун буюмду көркүнө чыгаруу каражаты «элдик бадам оюмдун» элементине «мүйүз оюмдарын» тутумдаштыруу. Колдонмо-жасалга өнөрүнүн бүтүндөй түрүнө кол тийгизген жез оймокчон, кайкач бармак көп кырдуу уздук Күлүшарыга да таандык көрүнүш. Ал кийизге оюм, кездемеге көчөт түшүрөт, көркөм оюм ыкмасы аркылуу курак курайт. Аруулата жасалган кийиз жана сайма буюмдары дүйнөлүк, Бүткүл союздук жайма базарларга чыгат. Уздун бычмачылыктикмечилик өнөрү да жогору бааланат. Ал кыргыз калпактарынын жердигинен өөн чыгарбай кармайт. Ар кандай формадагы калпактын сегиз түрүн бычып, тигип, ага көркөм оюмдарды жана көчөттөрдү түшүргөн. Аларга: карыялардын, улгайгандардын, күлгүн жигиттердин, өспүрүмдөрдүн, тестиер балдардын, кыздардын кийүүчү «чоктору», шуруланган кызыл-жашыл калпактары кирет. Мындай үлгүлөрү өнөр жайлык негизде көп нускада чыгарылган. Өнөрү көп кырдуулугу аркылуу өлчөнүп, буюмдарынын үлгүлөрү жакын-алыска бирдей тарап, өз чыгармачылыгында өзүнчө жол таап, жаңыны жаратып, ага түр жана мазмун берүүдө. Үйлөрдү жаңыча жасалгалоодо өзүнө тартуучу көркөмдүк берүү күчү бар. Буюм-тайымдары көп кароо-сынактарда жана көргөзмөлөрдө бай экспонаттарынын ичинен акак чөгөргөн зер нускалардай ачык туюлат. Оюм чектерин кеңиткени, көркөм буюмга кадимкидей жан киргизгени менен сүйкүмдөлөт.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1976-ж. «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Кийиз буюмдары үчүн

Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин III даражадагы дипломy;

1978-ж. Фрунзе шаарынын 100 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Шырдактары үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин II даражадагы диплому;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Кийиз, сайма, элдик кийимдердин өзүнчө бир бүтүмү үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин диплому, республикалык кароо-сынактын лауреаты наамы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын кароо-сынагы». Шырдагы, аяк кабы, текчеси жана элдик кийим-кечектери үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин диплому;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлеринин уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Кийиз буюмдары үчүн ЭЧЖРКнүн III даражадагы диплому, медалы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Кийиз, сайма буюмдары, элдик кийим-кечектери менен катышкан.

## СОКУБАШ УУЛУ СЕЙИТКАЗЫ

Зергер. 1903-ж. Аламүдүн районундагы Бек-Тоо айылында төрөлгөн. Жаштайынан жетимдиктин зардарын тарткан, дудук болгон. Ал Акир Тентимиш уулунан (Кант району, Сары-Жон айылы) жөнөкөй өрүмдөрдү үйрөнүп, ага түстүү металлдардан жаралган шөкөттөрүн чапкан жана устанын «жылан боор өрүм», «терме өрүм», «каз таңдай өрүм», «нокору өрүм» өңдүү татаал өрүмдөрүнүн шөкөттөрүн чаап, өнөктөш узанган.

Сейитказы мурун кыз-келиндердин зер буюмдарын кужу күйгүзүү менен кармаган. Кийин ортолук устакана уюштуруп «кара уста» аталган. Көбүнчө ат жабдыктарынын шөкөттөрүн кармаган, ээр да чабат. Ал жука жезди же колону, мисти чабылуучу өрүмдүн, кайыктын энине жараша өлчөп, кайчылап кесип алат да, аны кыпчытып, өгөөлөө аркылуу өзүнүн түспөлүнө келтирүү менен «купасын», «тоголок төгөнөгүн», «чагармагын», «сүзмөсүн» (жүзмөсүн), «кошундусун», «солоңдорун» сүйрүрөөк, өзүнчө устанын жекече чеберчилик табын таа-



ный билдиргендей өзгөчөлөп жасайт. Сейитказы устанын чакчасы алыстан таанылат.

## СОЛТОНКУЛОВА ШАМШИ

Саймачы. 1941-ж. Жумгал районундагы Кызыл-Ой айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Мектепте лаборант, турмуш-тиричилик үйүндө бычмачы-тикмечи болуп иштеген. Анын уздук шыгы эрте ойгонгон. Ага таекеси Сулаймандын бүктөп жараткан кагаз оймолору зор таасир берген. Куурчак оюндары да, ага бычып-тиккен кийимдери, үлгү боюнча сайган сайма көчөттөрү, апасы Айшанын аруу буюмтайымдары Шамшинин уздук чыгармачылыгына шык берген.

Шамши айыл ичине оюм-көчөттүн үлгүсүн таратат. Туш кийизине кара жердикти тандайт. Саргыч күрөң түс көркөм көчөттөрдү өзөк катары бери алып чыгып турат. Ортолук түрдү эндүү (60—65 *см*) алып, көчөттөрүн анча майдалабай жүрөкчөлөнтүп оюмдан оюм, чийимден чийим чыгарып, алардын сыртынан жээк көчөттөрдү «жарым кыялданта» чыгарат. Ар бир табакчада «жагалмай канат оюмун» «колтук көчөт» катарында түшүрүп, ал «четтик көчөттүн» «куш оюмунун» ичинен атайын ак түстө берилген «кочкор мүйүз оюму» бар «куш





оюмуна» үндөшөт. Көчөт араларындагы «суусу» эндүү көрүнгөн көчөт табакчаларына шайкештенет. Туш кийиздери жалаң илме сайма (шибеге сайма) аркылуу түшкөндүктөн улам эскирген сайын чыйратылганы дааналанып кумай чөптөрүндөй көрүнөт. Кош капкалдырыктуу туш кийиздеринин ортолуктары ойдогудай тандалат. Кайын сиңдиси Жанбүбүгө анын саймачылык шыгы ооган.

## СООРОНБАЕВА СОНУНБҮБҮ

Зергер. 1923-ж. Талас районундагы Козучак айылында төрөлгөн. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда колхоздо механизатор, кийин чарбанын түрдүү жумуштарында эмгектенген. Устачылык менен узчулукту тең тизгинде алып келет. Андай касиеттүү өнөргө чеберчиликти ардактуу кесип тутушкан чоң атасы Мамырат, өз атасы Султанаалы өрнөктүү жол көрсөтүшкөн. Зергер уста аталып калуусу үчүн ал өзүнө талаптагыдай мүмкүнчүлүктөрдү түздү. Буюмду асемдеп кармоодо чебер чыгармачылык ышкысын, өзүнүн ички оңтоюн дааналап алды.

Сонунбүбүнүн жасаган уук учтугу күмүштөн турат. Күбөктөлө жасалганы аркылуу көргөндүн көз отун чачыратат. Конус түспөлүндөгү бир нече күбөктөр (күмүш буюмдарынын бир түрү, өзүнчө мындай көркөмдүктөр менен сөйкө, чач учтук өңдүүлөр кармалат) бири бирине илиштирилип, алардын араларынан кызыл, ак, көк, жашыл топ чачыктар төгүлүп турат. Күмүш күбөк беттерине чийим шибегеси менен түр көчөт түшүрөт. Ал «мүйүз оюму», «бармак боочу оюму», «ит куйрук оюму» өңдүүлөрдүн төп келишкен көркөм элементтерин өзүнчө «кыялдантып» берет. Ал «уук учтукка» жагымдуу жылаажын үн берүүчү коңгуроо жасап таккан. Аны курч темирден жасаган. Анын ичине тил салып, төбөсүнө бүлдүргө таккан. Коңгуроонун түбү ачык. Ал эми тай-кулунга тага турган коңгуроонун түбүн зергер туюк жасайт да, кичине тешигинен жел кирип, ал ойдогудай үн алып турат. Зергер уз катары боз үй көтөргөн. Анын ички жасалгалары Сонунбүбүнүн чыныгы чеберчилигин айгинелейт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Зер буюму үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы, Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы.



## СООРОНКУЛОВА ФАТИМА

Оймочу. 1930-ж. Бакай-Ата районундагы Өзгөрүш айылында туулган. 1954-ж. Кыргыз Мамлекеттик Университетинин кыргыз тил жана адабият факультетин бүтүргөн. Мектепте мугалим, айыл советинин төрагасы, бала бакчанын башчысы болуп иштеген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Уз энеси Бочон Эшарт кызынын уздук нускасын алган.

Фатима сеп кармоо (күйөөгө чыгуучу кыздын буюм-кечелери) аракети аркылуу өзүнүн чеберчилигин өнүктүргөн. Уздук «Фатиманын шырдак оюмдары» деп аталат. Буюм арасындагы көркөмдүктөр башка уздардан бөтөнчөлөнүп, ал оюм элементтерин элден алып, ич ара кыйыштырып, алымчалап-кошумчалап, төптүктү жана тактыкты сактайт. Демек, өзүнчө оюм-табакчалары пайда болуп, оюмдун баштапкы аталышы сакталбай, ал Фатима оймочуга таандыктай сезилет. Мында кадимки «бадам оюму» буюмдун четине түшөт. Уздун шырдагында кээде «канат оюм» (жагалмай канат) «мүйүз оюм» (кош мүйүз) аркылуу биригип, четтик оюмду түзөт. Анын татаал оюмдары буюм ортолугуна табак-табакча болуп берилет да, алар «колтук оюмду» пайда кылат. Бул табак оюмдун жарымын түзүп, колтук оюму үчүн «карга тырмак оюму» эки «сыңар оюмдун» төрт так ушундай оюмуна тутумдашат. Кээде уз муну өзгөрмө түспөлгө келтирүү үчүн ошол «карга тырмак оюмдун» ордуна «ачкыч оюмун» салат. Андан ары шырдак оюмдары өзгөрүлүп, түрдөнүп, бир түрдүүлүктөн түр шырдакка өтөт. Жээгине жогорудагыдай «кош бадам оюмун» чыгаруу менен (анын үстү кадимки «бадам оюму», алды «мүйүз оюмунун» чалкасынан көрүнүшү, ошол «багжагай оюму», «мүйүз-чагармак» же «кош мүйүз оюму» болуп көрүнөт) «ит куйрук оюму» «аламыч» аркылуу бөлүнүп, буюмдагы үч табакчанын четтери «колтук оюму», «сыңар мүйүз оюму», «кочкор мүйүз оюму», «бармак боочу оюму», сыңар оюм» катары түшүрүлөт. Татаал оюм-чийимдерди шырдак бетине төп, так сыйдырган Фатима ушул эле көркөм оюмдарды ич ара өзгөртүү аркылуу шырдактын бөлөкчө түрүн пайда кылат. Алсак, кийиз буюмун чечмелей келгенде «жээк оюму» үчүн адаттагыдай «бадам оюму» түшөт. Анан бычак учу (араа тиш) «аламыч» катары келет. Колтук оюму үчүн «куш оюму» бар, чети төрт «ачкыч оюмун» ичинен «кош мүйүз оюму» аркылуу үч табакчага биригип, шырдак пайда кылат. Абалы бири-бири менен ич ара айкалыша турган оюмдардын шарттуулугун билип, ага карата өңдү тандайт. Четтик оюмдардын көбү ортолук оюмга түшпөйт. Мисалы, «карга тырмак оюму», «мүйүз оюмдарынын» үстүнө чыгып, «карга тырмак оюму» ошол мүйүз («кош мүйүз оюму») менен ичтен айкалышса, ошондо табакча пайда болот. Мында сары, кара, кара-кызыл өңдөр беттешип, уз өнөрдүн нукуралыгын көрсөтөт. Фатима уздун шырдактары Талас жергесинин кол өнөрчүлүгүнүн өзөгүн түзөт. Өнөрдүн аймактык бөтөнчөлүктөрүн толук камтыган көргөзмөлүк да, жасалгалык да, колдонмолук да мааниси бар үлгүлөрдүн өзүнчө жарык дүйнөсү көрүүчүлөрдүн түңгүюктагы сезимдерине дүрт берип, жанып турат. Ошондуктан ал Таластын аяк-башына «Фатима Сооронкулованын үлгүсү», «Фатима оюму», «Фатима көчөтү» деген атта таанымал. «Фатима оюмунда» ошол «кош мүйүз» оюмунун элементтери арбын учурап, табакчалардын өзөгүндө төрт «кочкор мүйүз оюму» ич ара тирелишип, алар өз өзүнчө «сары шырдак» үчүн көркөм каражат болууда. Анда сары-кара өң берилет да, сары өң чечет. «Кара шырдактын» бетин кара-кызыл түстө кара өң өзүнө оодарып турат. Ал эми кыргыздын кызыл шырдагы жасалса, көк-кызыл өң берилип, анын «ала мончогу» ак-карадан тандалат. Мында кызыл түс ноомотына келет. Азыр уз жашыл шырдакты да арбын кармоодо. Сүрөттө Сооронкулова шакирти менен.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Шырдак буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Шырдак буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук II фестивалынын лауреаты;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлеринин уюштуруу көргөзмөсү». Кийиз үлгүлөрү менен катышкан.

## СОПУБЕКОВА ДҮЙШӨКАН АСАНБЕК КЫЗЫ

Өрмөкчү жана саймачы. 1965-ж. Нарын районундагы Лахол айылында төрөлгөн. Кыргыз Мамлекеттик Университетин бүтүргөн. Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын аспиранты. Энеси Кенжештин уздук нускасын алган.

Дүйшөкан эки жүздүү термени, бир жүздүү термени бирдей согот. Анын тегиричинде төрт «мүйүз оюмдарынын» табакчаларынын жарымы колтук көчөт болуп түшөт да, «чычкан издери» ак-кара, кара-сарыдан жүрүп, көбүнчө ортолук көчөтүнө, колтук көчөтүнө көк-кызыл, кызыл-кара түстөрдү тандайт. Уз кереге чалгыч, үзүк боо, туурдук боо, тегирич боо, жабык баш боо өңдүү терме боо-чууларынын көркөм үлгүлөрүн энесинен алып, дал өзүндөй коолдукта түшүрөт.

Анын саймаларында илме сайма (шибеге сайма) басымдуулук кылат да, ортолук табакчалардын көркөм каражаттарын «мүйүз оюмдарынан», «жарым кыял оюмдарынан», «бармак боочу оюмдарынан» алат. Саймаларында да энесинин, таенесинин таасири зор.

## СОПУБЕКОВА КЕНЖЕШ

Өрмөкчү-термечи. 1942-ж. Нарын районундагы Лахол айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Энеси Кымбаттын, кайын энеси Гүлсайымдын нускаларын алган. Мындан



сырткары анын узчулугуна Изат Капсалаң келини, Ажыбүбү Көкүмбай келини өңдүү термечи уздардын таасири зор болгон. Кенжешке 1989-ж. Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлиги «Биринчи сынаптагы чебер-сүрөтчү» деген наам берген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Кенжеш эки жүздүү терме (буюмдун эки бетине тең көркөм көчөт түшөт) согуунун чыгааны. Ал желбоо үчүн 14—14 (28 тал) жипти алат. Аны өрмөк кылыш үчүн күзүктөөдө биринчи көк жип келет, андан соң кызыл, кайра көк алмашып түшөт. Эми муну эки жүздүү кылып терүүдө ал тал жиптер үстүнөн терилет. «Чагармак көчөтүн» түшүрүүдө үстүнө чыкчу тал жипти тергич аркылуу илип алып, астынан терилүүчү жипти колу менен басып аркак салат. Ошондо уз кызыл, көк, кара жиптерди күзүктөйт да, анын аркагы ак болгондо «чычкан изи» түшүп, «чагармагы» кызыл болуп калат. Ал эми кереге баш чалгычты бир жүздүү терме менен согуу үчүн уз күзүктөөдө четине кара жиптерди жүгүртөт. Ал «тап бердирүү» деп аталат. Андан кийин түгөйлүү ак жип «суусу» болот. Мындан «тоок көз» көчөтүн берүү үчүн күзүктөөдө «эки тап» бир түшөт. Ошондо ургаачы жип (астыңкы жип) күзүктөлүп, эркеги (үстүңкү жип) күзүктөлбөйт. Термечи өрмөк үстүндө «чагармак», «кош чагармак көчөтү»,

«кумурска бел көчөтү», «бадам көчөтү», «таңдай көчөтү», «жарык мүйүз көчөтү», «гүл көчөтү», «жарым чагармак көчөтү» өңдүүлөрдү арбын түшүрөт, тетири тарабы көрүнүп турат. Натыйжада, эки жүздүү терме согулат. Анын жөнөкөй сызмадан, кара таардан же эшме жиптен бүткөрүлгөн үлгүлөрү да бар. Уз саканактарды бириктирип бекитүүчү сызманын энин уук тизгичтей алат. Аны бир жүздүү, эки жүздүү терме же жөнөкөй сызма түрүндө жасайт. Ууктун оң-тетири тарабы көрүнүп тургандыктан уук тизгичти жети тал жип чалып, көбүнчө көркөмдүк үчүн эки жүздүү терме кылып согот. Сызма түрүндө да жасайт. Үзүк боону туурдук боо, кереге чалгыч, жабык баш боодой кылып, энин бирдей алат. Эриш жиптерин өрмөккө бирдей түшүрөт.

Кенжеш бетине ун-талкан, таруу, конок сыяктуу майдаланган эгин-тегинди элөөдө жана камыр жаюуда зарыл болгон буюм — супура да жасайт. Чебер буга жандыктын терисин жыдытат. Терини алешем кылып кургатып, керипчоюп аябай ийлейт. Анан бучкактарын кесип, өңдөйт — бордойт. Ал төрт бурч же тегерек болуп бычылат. Четтерин жарашыктуу жээктейт. Супураны төрт бүктөп, сыртынан тагылган боосу менен байлап, кереге башына илип коёт. Буюм урулгулуктуу болуш үчүн койдун териси алгылыктуу. Супурадагы ун-талкан эч качан сүрсүбөйт. Кенжештин үйүндө үйрөнчүктөрдүн мектеби бар. Кыздары Күлүкан, Дүйшөкан, Асылкан, келини Багдагүл мыкты өрмөкчү-термечилерден.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык көргөзмөсү». Терме шалчасы, куржуну үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрдын 70 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Терме таар буюмдары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы;

1988-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Терме куржуну үчүн «Кыял» Бирикмесинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Терме таар шалчасы, терме таар куржуну, терме таар тегиричи менен катышкан.

## СУБАНААЛЫ КЫЗЫ АЛЫМКАН

(1918—1981)

Саймачы. Кочкор районундагы Сөөк-Каракол деген жерде төрөлгөн. Сабатсыздыгын жойгон. Энесинин уздук нускасын алган. Ал киши да учурунда боз үй көтөрүп, ички-сыртки жасалгаларын нукура салттуулукта кармаган уз болгон.

Алымкандын саймачылыгы анын башка чеберчилигин өзүнө оодарып турат. Саймаларынын ортолук оюмунун бир табакчасында чөптөрдүн, гүлдөрдүн, айбанаттардын, канаттуулардын сөлөкөттөрү символдоштурулат да, алар ич ара өзөктөш катыш жасап, биринин көркөм табити бирине өтүп, көркөм оюмчийимдер аларга үстөмдүк кылат. Ошондо төрт «мүйүз оюмдарынын» башынан чыккан эки-үч «карга тырмак оюмунун» ортосунан төрт «карга тырмак оюму» менен «мүйүз оюму» көркөм көчөттүк милдет аткарат. Экинчи табакчада өсүмдүктөр көркөм каражаттык мааниге ээ. Алардын араларына «суу» түшпөйт. Чебердин четтик көчөттөрүндө «куш оюмунун» ортосунан «карга тырмак көчөтүн» чыгарып «суу» жүргүзүү шарттуу. Экинчи «жээк көчөтүндөгү» гүлдүн түрлөрүнөн турган толкундала «суу» берилген. Көчөт табакчаларынын өзөгүн көбүнчө сары-актан бергенде байчечек гүлдөрү бери чыгат. Ал алты түстү бири-бирине ойдогудай жагызат. Туш кийиздеги сайма көчөттөрү күзгү капка, текчеге бир табакча болуп түшөт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1966-ж. Кыргыз ССРинин 40 жылдыгына карата республикалык ат майданында боз үйү тигилген. ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломү;

1974-ж. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгына карата республикалык ат майданында боз үйү тигилген. ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломү.

## СУБАНКУЛОВА КҮЛЖАМИЙЛА

Уз. 1937-ж. Кемин районундагы Кичи-Кемин айылында төрөлгөн. Соода техникумун, стенографисттердин курсун, кийим тигүү курсун бүтүргөн.

Күлжамийла элдик кийим-кечектерди бычып-тигүүгө бөтөнчө назар таштайт. Ал баш кийимдин, шөкүлөнүн бир нече түрүн жасоо аркылуу кароо-сынактардын жана көркөм көргөзмөлөрдүн жүзүн ачууда. Уз бул үлгүсүнүн жердигин ак барчадан тандайт. Анын маңдайы жашыл жалтырак жип менен тасма сайталанат. Ичи кийиз менен ичтелет. Анын

кырбуусуна (кыюусу) төрт элидей суусар карматылат. Ошондо бөркү жарым метрдей шөкүлөнүн коодугу 56—57-өлчөмдө тигилип, турмушка аттануучу кыздын тоюнун шаңын чыгарат. Буюмдун жаак шурулары жана кулакчындарында кабатталган (8—10) шурулар төгүлүп турат. Анын үлпүлдөк желбирөөчү 1 м 80 *см*дей болот.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлеринин уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Салттуу буюмдары үчүн ЭЧЖРКнүн дипломү, медалы.

## СУКАЕВА ЖҮЗҮМКАН

Уз. 1929-ж. Тоң районунун Коңур-Өлөң айылында төрөлгөн. Колхоздо эмгектенген. 1971-жылдан узчулугу жанданып, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Тоңдогу боз үй жасоочу устаканасында үйдөн узданууучу чебери. СССР ЭЧЖКнүн күмүш медалынын ээси. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Жүзүмкан боз үйдүн жалпы жасалгалары: жабык баш, түндүк жабуу, эшик жабуу, кылдырооч, канат чий, чыгдан чий, эшик чий, тегирич, үзүк боо, туурдук боо, жабык баш боо, керege чалгыч, жел боо, уук тизгич, саканак боо, керege таңгыч сымал жасалга-колдонмо буюмдарын түгөлү менен кармайт. Мына ушундай көп кырдуу, терең сырдуу уздукту аркалоонун натыйжасында тиккен боз үйү райондук, областтык жана республикалык кароо-сынактарга катышууда. Уздун көркөм үлгүлөрдү сарысаптап жаратууда, уздук маанайда ич ара ар кандай түстөрдү бири бирине жалгаштыруу-да анын чыныгы чыгармачылык татымы бар.

Жүзүмкан көркөм каражаттарынын ичинен шырдак оюмдары үчүн «куш канат оюмун», «чабалекей оюмун» көк-кызыл түстө айкалыштырган шартта «ак белги» (ак этеги) «омуртка оюмду» берет. Негизи уздуктун кан жолунда ал көлдүктөргө таандык оюм-көчөттөрүн таар, сайма, түймө, чий буюмдарында бири-бири менен эриш-аркак үндөштүрө алат. Ал боз үй көтөрүүдө өнөрканалардын атайын өтүнүчтөрү боюнча жүздөгөн боз үйлөрдүн ички-сырткы жасалгаларына узанган. Ал ак өргөөлөр колхоз-совхоздорго ортолук үчүн, Монголия, Казакстан өңдүү жерлерге атайын экспонатталган.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**



1982-ж. СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Боз үйдүн жасалгалары үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломү;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Боз үйү үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломү;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин областтык көргөзмөсү». Ашкана чийи үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Шырдак, ала кийизи менен катышкан.

## СУЛТАНАЛИЕВА КАЛДЫКЕ

Уз. 1933-ж. Нарын районундагы Жалгыз-Терек айылында төрөлгөн. Педагогдук кесипте эмгектенген.

Колдонмолук жана жасалгалык мааниге ээ болгон чебердин боз үйүнүн жабык башынын четтик оюму «бычак учунан», «ит куйрук оюмунан», «бадам оюмунан» турат. Тиш-тиш

болуп, «мүйүз оюмунан», «жарым кыял оюмунан», «кочкор мүйүз оюмунан» айкалышкан ортолук оюму «аламычтаныш» кетет. Ал кызылжашылдан болуп, жасалганын бир беткей келүүсү жагымдуу көрүнүш. Анын ак этегинин (жабык баштын «ала мончогу») ак-кызылдан берилиши терме тегирич менен жабык башты шарттуулукта бири-биринен бөлүп турат. Мындай көрүнүш эшик чийдеги чырмакчылыкка (анда «мүйүз оюмунун», «бадам оюмунун» жупташуулары бар) үндөшүп, жалпысынан чымчык чаарланбай, бир беткей, «жашыл үйгө» чаап турушу уздук татымды билдирет. Калдыке үйүндө үйрөнчүктөрдүн жолун улоодо. Кыздары Венера — өрмөкчү, Роза — чырмакчы.

## СУЛТАНОВА ЖАМАЛ

Оймочу. 1928-ж. Ат-Башы районундагы Дыйкан айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздо эмгектенет. Энеси Бүбүбатманын (анын кармаган буюмдары да айыл аралаган), атасы Султандын (жыгаччы аталган) нускаларын алган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Жамал үлгү жаратып, ал көркөм нускаларды айыл ичине таратат. Жамалдын накта чарбачылыкты, тоолуктардын турмуш-тиричиликтерин элестеткен табакча-табакча, майда да, ири да, бири-бири менен жиксиз тутумдашкан оюм-көчөттөрү бар. Анда «жагалмай канат оюмунун» ичинен алты «куш оюму» жаралып, анын «колтук оюмунда» «жагалмай канат оюмунун» ичинен «карга тырмак оюму» ачык көрүнүп туруусу уздун кийиз үлгүлөрүндө ачык билинет. Анын буюмдарын айырмалай турган жагдай «кыял оюму» үстөмдүк кылат. Ирээттүү оюм-чийимдерди алмаштыруу-кыйыштыруусу узчулугунда өзүнчө изденүүсүнө жол ачкан. Сүрөтү түстүү баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Кийиз буюмдары менен катышкан.

## СЫДЫГААЛЫ УУЛУ ЖУНУШ
(1884—1978)

Жыгаччы. Кочкордун Орток тоосунун этегиндеги кыштоодо төрөлгөн. Өспүрүм кезинен жыгаччылыктын кырмачылыгын, салттуу буюмдарды (такта, алабакан, сандык) кармаган. Кийин колхоз устаканасын уюштуруп, анда узанган. Кийин көпчүлүктүн өтүнүчү боюнча ээр чабууга өткөн. Анын чапкан ээри «Жунуштун ээри» деген атта өрөөн ичине кеңири тараган. Жунуш ээр жердигин кайыңдан тандаган. Аны кыйып келээри менен каны-сөлү кача электе ээрдин бөлүктөрүнө бөлүп чаап, көлөкө жайда кургаткан. Белгилүү өлчөмүндө ээр кашын, алдыңкы-арткы актасын, чарасын бирибири менен кынаштырган. Талпакты, тайдын туягын, арык торпоктун этин аралаштыра кайнатып, кол желим жасап, аны менен ээр бөлүктөрүнө тарамдалган жылкынын жибек тарамышы аркылуу желимди ичирген. Ээр өтө бекем болгон. Демек, Жунуштун ээри курама ээр болуп эсептелет. Ээрди өтө жука, жеңил кылып чапкандыктан, ал сыйда болуп, токунууга ойдогудай шарттташат. Айылдаштарынын айтымында, Кочкор ичинде Жунуштан өткөн ээрчи болбоптур. Ал өз өмүрүндө үч жүздөй ээр чаап, аны бодо териси менен каптап, желдикти кошо жасаган.



## СЫДЫК КЕЛИНИ КАЛЫЙЧА

Өрмөкчү. 1929-ж. Кочкор районундагы Кара-Күңгөй айылында төрөлгөн. Ал уз катары 1946-жылдан тааныла баштаган. Ага Кара-Кужур өрөөнүнө чеберчиликтин нускасын жайган ка-

йын энеси Капсалаң келини Изаат баса отуруп узданууга багыт берип, нускалаган.

Калыйча өрмөкчүлүгүндө-термечилигинде эки «кочкор мүйүздөн», төрт «сыңар мүйүздөн» турган табакчалардын жарымын колтук көчөт кылып, аны кылдырооч, тегирич, кереге таңгыч кылууга шартташтырат. Ар бир табакчанын ортосунан төрт бурчтуу өзөк пайда болот. Ал эми ортолукка «чымын канат көчөтүн» «тумарча көчөтү» менен алмаштыра түшүрүп, алардын жээгине беш катар «чычкан изин» аламончок катары алып, андай термеден шалча жаратат. Мында өрмөк энине «чымын канат көчөтү» туура келет. Азыр Кара-Кужур кыштоосунда жашаган Калыйча уздан өрмөкчүлүктү Алымбүбү, Дарыка, Калыйпа, Зина, Бурул өңдүү өнөр дилгирлери үйрөнүп чыгышкан.

## СЫРДЫБАЕВА ГҮЛБАЙРАМ

Саймачы жана шырдакчы. 1920-ж. Жумгал районундагы Көк-Ой айылында төрөлгөн. Мектептин 9-классын бүтүргөн. Көпчүлүгү үй кызматында болгон. Узчулугуна чоң энеси Сыпайынын жасаган буюмдары шык берген.

Гүлбайрам узчулугунда көбүнчө түр шырдак жасоого назар таштаган. Шырдактарынын окшош кызыл-көк түстөн турган төрт табакчанын ар биринин сырты ак-кызыл «бычак учу» аркылуу «аламычтанып», ар биринин төрт мүйүз оюмунун ичинен төрт «кочкор мүйүз оюму» же адаттагыдай эле төрт мүйүз оюмунун үстүнөн төрт «карга тырмак оюму», төрт «кочкор мүйүз оюму» чыгат. Уз колтук оюму үчүн «куш оюмунун» үстүнөн «карга тырмак оюмун» берет. Ал эми «жээк оюмунун» да өзөгүнөн «кочкор мүйүз оюму» чыга турган «жарым кыял оюмдарын» төп берип, эки оюмдун ортолорун чырмакчылыктай «аламончоктойт».

## ТАЖИЕВА САГЫНБҮБҮ

Оймочу. 1937-ж. Талас районундагы Ынтымак айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбада эмгектенген. Апасы Мунатайдын нускасын алган.

Сагынбүбү ак жана кара кийизге түрдүү түстөгү ыскыттарды (милте, жээк, басыткы) басуу салттарын такай улап келе жаткан уздардын бири. Шырдакты да көркүнө чыгара кармайт. Шырдамалды көбүрөөк жасайт. Уз кийиз бетине көбүрөөк өңдүү ич ара айкалыштыруу аркылуу жалпы оюмдун бир бүтүм ыргагын жаратууда узчулуктун жүзүн көрсөтөт. Кара кийиз бетине кызыл, ак, көк, сары, жашыл, күлгүн түстөрдүн ар биринин бөтөнчөлүктөрүн өзүнчө талдап, тактап жана ачыктап, бири-бири менен кыйыштыра берүүнүн натыйжасында жараткан буюмдары баркталуууда.



Анын бир шырдагы (2х4 *м*) буюмдун бетине үй-үй (табакча-табакча) болуп, «мүйүз оюмдарынын» түрлөрү түшкөн. Жердигин кара кийизден тандайт. Уяң жүндү «айнага» жууп (мурда шакар самынга), ийирип, кайра оң жипти бөлөк, сол жипти бөлөк үч кабаттап чыйратып, анан боёкко кандырып алат. Мында жүндү боёнун өзүнүн жол-жобосу сакталат. Жүндү боёк менен кошо кайнатат. Түнөтүп койсо, ал муздаганда жүн боёкту боюна тартат. Ошондон кийин соруктуруп жаят. Ал эми кийиз жасоодо жүндү тытып, жууп, чийге чабактайт. Айтор, эски ыкмаларды сактайт. Түр кийизге «ыскыт» басууну, беш-алты өңдүү өз ара кыйыштыруу аркылуу көркөм оюмду сарысаптоонун накай сырларын апасынан үйрөнгөн. Сагынбүбү кара кийизге түрдүү түстөгү ыскыт түшүрүп, төө жүнү менен шырып, аны шырдамалга айландырып, өзүнчө уздук нук таап, чыгармачылыкта өнүктүрүп жатканы даана байкалат. Эгер шырдактын четине «кош кайкалак оюму» түшсө, андан кийин эндей кийиздин өзүнө баскан «бадам оюм», «ит куйрук оюм», «араа тиш оюмунан» кийин буюм ортолугуна төрт «табак оюмдун» тегереги «ит

куйрук оюму» менен курчалат. Ошондо негизги «табак оюм» төрт бөлүктөн келип, анын ар биринде «кош мүйүз оюмунун», «кочкор мүйүз оюмунун» элементтери айкалышат. Мында ыскыттын боёгу сары-карадан, кара-актан, кызыл-карадан болушу даана узчулугун далилдейт. Таласта, Чаткалда, Жаңы-Жолдо, Кетмен-Төбөдө шырдамалдын четтиги үчүн кийиздин «жагалмай канат оюму» берилип, ортосуна «эндей ыскыт» басылган буюмдары көп жолугат. Сагынбүбүнүн өздүк узчулугунда бул кооздуктар негизги каражат катары пайдаланылат да, ага өзүнчө өзгөртүүлөрдү киргизет. Буюмдарындагы кооздуктун мерчемдүү үлүшү шырдак ыкмалары аркылуу бүткөн үлгүлөрүнөн өзгөчөлөнүп турат. Сагынбүбү узчулугунда буюмдун эң чекесине «милтелик» жип катталган жээк түшүрүп, анан аны бир гана өңдө (кызыл-көк, кызыл-кара, кара-сары, кызыл-жашыл, кара-ак) эки кийизди жалпы оюм аркылуу каттай оюп, шырдактын аянттуу түрүн жасайт. Мисалы, мунун четине «жарым кыял оюму» менен «жагалмай канат оюмун» алат. Шырдактын четтик (айрым жерлерде жээк оюму деп аталат) оюмун берет. Муну менен катар туташ балаты кейиптенген үч бурчтук оюмдун («жарым кыял оюму» десе да болот) ичинен өзүнчө оюмдар чыгып, алар бирибирине шарттуу тутумдашып отурат. Шырдактарынын узунунан борбордук (ортолук) оюмунун кийинки четине тарам-тарам «жагалмай канат оюму» түшүп, анын ортолугу жалпы алганда ромбик болот. Мындай шырдактарга аламыч түшпөйт. Уздун андай көркөм оюмдары кызыл шырдакка да мүнөздүү. Ал шырылбайт. Уздун өнөктөшү Кебекбаева Чукум да кийиз буюмдарын ойдогудай кармайт. Алар бирибирине үлгү беришет, узчулуктун сырларын айтышып, эриш-аркак узданышат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Шырдамалы үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы, Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы. Шырдамалы музейге экспонатталган.

## ТАЙЧИК УУЛУ КӨПӨС
(1900—1982)

Зергер. Нарын өрөөнүндөгү Эки-Нарында төрөлгөн. Атактуу Айтмамбет устанын чөбөрөсү. Чеберчилигин эрте баштаган. Устачылыкты агасы Осмондон үйрөнгөн. Кийин Нарын районунун Ленин атындагы колхозунун устаканасын кармаган.



Көпөс учурунда күмүш буюмдарынан сырткары кара темирчиликти ийине келтирген. Анын тулга, үч мара, депкир, кычкач, бычак өңдүү буюмдарынан сырткары каңдаган, чайкаган, жалаткан, кепшерлеген идиш-аяктары айыл ичинде сакталган. Патефон жасаган. Кадимки фанерадан же жыгачтан жонуп тегиздеп, патефондун сандыгына узанган. Анын пружинасы үчүн чалгынын мизин чыңап, аны ширелте ороп олтуруп, өз ийине келтирген. Көпөс уста темир тегин жана анын ички касиеттерин, баарынан да аларды сугарууну, таптоону, ширетүүнү мыкты билген. «Көпөс устадай темир комуз жасоо чанда гана усталардын колунан келээр эле», — дейт шекити Мамбетов Асанакун. Көпөс кийин жалаң ат жабдыктарын кармаган. Анын шөкөттөрү менен сыңпостору эки-нарындык моңолдор элине гана таандык өзүнчө түспөлдү түзүп, уста ошол бабаларынын салттуу өнөрүн изден тайбай улаган чебер катары эли-журтуна таанылган. Ал шөкөттөрүн куйма аркылуу жасаган. Көңгө, булгаарыга наар түшүргөн, шири идиштерине чийме-сыңпос берген. Мындай касиет Дөөтүнүн кан жолун билдирген.



Курак текче (Арпачы келини Сакиш)



Лейлек килеми (Абылбекова Гүлжан)



Калы килем (Ашыр келини Макмурат) →

Килем (Айдар келини Суксур)





Аяк кап (Өмүрзакова Мөөркан)

Кесе (Дөөлөталиев Чотый)



Аяк (Алымбеков Умарбек)





Чыны кап (Куланбаева Урпай)

Чыны куту (Азаматов Төлөгөн)



Кырма идиштер (Каракойчу уулу Торутай)



Өрмө ат жабдыктар (Курманкул уулу Бейше- →
наалы)



Чыны кап (Алымбай кызы Сейдеке)

Көн буюмдары (Моңолдоров Шейшенбек)











Күмүш тердик (Таштан уста)

← Сынпоз ээр (Момушев Аскар)

← Сынпоз ээр (Молдокабыл уулу Абдыжапар)



Жүгөн (Курман уулу Керимберди)



Болот үзөңгү (Ыбраим уулу Назар)

Жылан боор өрүм (Муратаалы уулу Камердин) →

Элик сап камчылар (Ыйманалы уулу Абыш) →







Өрүм ат жабдыктар (Алымкулов Асанбек)



Үч (жом) өрүм (Тентимиш уулу Акир)

Күмүш кемерлер (Оттукташ уулу Балташ)





Өрүм ат жабдыктар (Алымкулов Асанбек)

Үч (жом) өрүм (Тентимиш уулу Акир)



Күмүш кемерлер (Оттукташ уулу Балташ)





Чолпу (Турдубай уулу Кызгара)

Күмүш чолпу (Байбөрү келини Бурушбүбү)

Билериктер (Кызгараев Кошалы)

Желбирөөч (Осмонов Илияс)

Төшкө тагынма зер буюм (Оттукташ уулу Санташ)











Калпак (Үркүмбаева Калбү)

Элечектер (Балиева Батма)



## ТАМАНБАЕВА КАБИЙРА

Саймачы жана оймочу. 1934-ж. Чүй районундагы Он-Бир-Жылга айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чоң-Алайдагы Күлчө, Корумду, Сабай мектептеринде кызыл үйчү (китепканачы), кийин колхоздо эмгектенген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Кабийра оймочу катары көбүнчө «куш оюмду» ич ара айкалыштырууда жогорку чеберчилиги баамдалат. Мында төрт оюм биригип бир табакчаны түзүп, ал табакчалар үзүл-кесилсиз биригип, алардын аралары төп айкалышат. Уз көбүнчө кочкул кызыл (ток кызыл), кочкул көк (ток көк) өңдөрдү тандайт. Ортолук оюму жалаң «куш канат оюмунан» тургандыктан «аламыч» түшпөй, «милте» (ыскыт) басылгандыктан, ал кыргыздын кызыл шырдагынын энин алган. Жээк оюму үчүн «жагалмай канат оюмун», «ит куйрук оюмун» арбын пайдаланат. «Жагалмай канат оюмунун» үстүн карга тырмактатып же байчечекейлетип, мүйүздөнтүп берет. Жогорудагыдай оюмдарды ич ара сарысаптап берүү, аларга боёк тандоо анын аяк кап, «текче», «күзгү кап» өңдүү буюмдарына да мүнөздүү. Мында оюмга чалынган, түйүлгөн тор чачыктар селкилдеп, жарашык берет жана үндөшүп турат.

Кабийранын саймачылыгы да өзүнө таандык. Колориттик артыкчылык берет. Кемсел, чыптама, кош этек, белдемчи өңдүү нарктуу кийимкечектерди бычып-тигет. Аларга көркөм көчөт түшүрүүдө кызыл жипти саймачылыктын каны катары карайт. Анда үстүнөн «мүйүз оюмуна» «карга тырмак оюмун» түшүрөт. Ал эми туш кийиз, күзгү кап, текче сыяктуу салттуу буюмдарынын көркөм көчөтү башкачараак чечилет. Мында ток сарыны (коюу сары) өңдү чечүүчү түс катары карайт да, өзүнүн саймачылык жүзүн ушул өң аркылуу көрсөтүүгө дилгир. Ал «жылдызчаланган элести» кадимки мал чарбачылыктан пайда болгон оюм-көчөттөргө айкалыштырат. Түшүрүлгөн көркөмдүктөрдүн жердик бетине жутулбай, ачык, даана, так болушуна аракеттенет. Оймочулугу, саймачылыгы, бычмачы-тикмечилиги өз ара жупташып, бул өнөрлөрдү тең тизгинде алып баратканы анын уздугун бийиктете көрсөтөт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Сайма буюмдары үчүн Райкомдун жана Райаткомдун дипломy;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Шырдагы, туш кийизи үчүн райкомдун жана райаткомдун дипломy, Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамоталары;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Шырдагы, туш кийизи үчүн ЭЧЖРКнүн III даражадагы дипломy, медалы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Кийиз, сайма буюмдары менен катышкан.



## ТАПАЕВА ГҮЛАЙ

Өрмөкчү. 1933-ж. Нарын районундагы Эки-Нарын айылында төрөлгөн. Нарын педагогия окуу жайын бүтүрүп, мугалимдик кесипте эмгектенген.

Гүлайдын узчулугунда терме таар согуусу башкалардан айырмаланат. Түгөйлүү жиптерден тегиричтей эндүүлүктө эришти күзүктөйт да, өрмөктүн аркагын кылчык жүндөн ийирип, өзүнчө түр чыгарууга машыккан. Негизги жиптери эки өңдөн — кара-актан, кы-

зыл-көктөн турат да, курулган өрмөктүн бир эришине үч катар терме көчөттөрүн чыгарат. Анда көчөттөр анын фонунан бери чыгып, өрмөкчүлөрдөн бөтөнчөлөнүп, эндей таарга «омуртка көчөтүнүн» туундусун кол менен тарткандай элестетет. Кара жипке ар түр түшүп, араларына эриш жиптер эки түстө сызыкча болуп көрүнөт. Ал «суу» (чычкан изи) жүргүзүлгөндөй сезилет. Гүлай мындай терме таардан ат жабуу, шалча, куржун өндүүлөрдү жасап, анын «милтесин» кызыл, кара жиптен тандайт.

## ТАШИЕВ ЖУМАГУЛ МААТКАЗЫ УУЛУ

Карапа чебери. 1956-ж. Ат-Башы районундагы Кара-Коюн айылында төрөлгөн. Бишкек шаарындагы сүрөтчүлөр окуу жайынын колдонмо-жасалга бөлүмүн бүтүргөн. 1992-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Чебер-сүрөтчүнүн үлгү жасоодогу жердиги — топурак. Ага Өзгөндүн, Ивановканын кызыл топурагын, Украинанын ак топурагы менен Кара Кеченин ак топурагын арбын пайдаланат. Абалы топуракты торко электен өткөрөт. Эки-үч күнү чылап ачытып-кычытат. Аябай эзилгенден соң аны калыбына куят. Суусу соругуп, нымдалып, топурак ийине келет. Анан кол менен ийлеп, көркөм калыпка салат. Калып топуракттын нымын соруп, акырын көмкөрсө, өзүнөн-өзү аңтарылып түшөт. Кургатып, мешине от жагып, 800°ка чейин ысытып, бышырат. Суугандан кийин аны боёп, кайра 1000—1200° температурада ысытканда үлгү жалтырап чыгат. Мындан ар түрдүү чыгармалар жаралат. Ал үйгө илүүгө шартташкан интерьерге, кызкелиндердин жасалгалары ж. б. бедиздер. Анын «Таш табак», «Саймалуу таш», «Жыл сүрүү», «Тогуз коргоол» (анын ташы — коргоолдору үчүн жапайы жаңгакты Тогуз-Тородогу Саймалуу таштан терип келген), «Символикалар» («Умай эне», «Тумарча», «Түрк ата») сыяктуу эмгектери — жасалга буюмдары сатуу көргөзмөлөрүнө коюлуп, калк кардар түшүүдө.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1988-ж. Токтогулдун 125 жылдыгына карата прикладник сүрөтчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү. «Кошой-Коргон», «Ит жолу», «Кептеш» аттуу үлгүлөрү менен катышкан;

1990-ж. Сүрөтчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү. «Саймалуу таш», «Жер айдоо» деген эмгектери коюлган;

1991-ж. Сүрөтчүлөрдүн Москвадагы Бүткүл союздук көргөзмөсү. «Кептеш» деген иши коюлган;



1992-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун сатуу көргөзмөсү. «Символикалар», «Тогуз коргоол», «Таш табак», «Саймалуу таш» деген үлгүлөрү менен катышкан.

## ТАШМАТОВ КАДЫР

Зергер. 1937-ж. Ноокат районундагы «Ленинизм» колхозунда төрөлгөн. Толук эмес орто билимдүү. Колхоздо эмгектенген.

Кадыр зер буюмдарын кармайт. Темир комуздун жаагын жезден, чоюндан тандап, аларга жамбы күмүштү жалата билет. Комуз тилине болот зымды (пружина) алып, ченеп кесип отко кармайт. Ал кызыл тап болгондо өгөөлөп, жаагына түздөп ченеп кесет. Өгөөлөп жымсалдап кайрадан отко салып, тилин ийип, аны жаакка кынаптап уруп бекитет. Комуздун жердигин тандай билүүсү аркылуу Кадыр зергердин баркы артылып, ага кардарлар арбын.

## ТАШТАН УСТА
(Туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Уста. Негизи Куланактык болгон экен. Ат-Башыда арбын узанган. Ат-Башы, Нарындык усталардын көпчүлүгү Таштандан таалим-таасир алышкан. Зергер Молдокабыл уулу

Абдыжапардын айтуусу боюнча Таштан устанын кеп жыгачсыз эле ичине бетеге тыгып ултарган өтүгү кашыктай сыйда көрүнгөн. Бүлөө болуучу таштарды Таштан устадан таанып, курч, муңайым темирлердин ар биринин өз өзүнчө курчуткучу болорун билгенин кара темирди жалантып укмуштай курчуткан Касымалы уста айтар эле дешет. Таанымал жыгаччылар: Эсиркемич, Аманбай, Жолдошбай (Кара-Коюн айылы) өндүүлөр Таштан устанын үйрөнчүк мектебинен өтүшкөн. Булардан Мадис, Мамбетаалы, Ташы, Дүйшөн сыяктуу чеберлер өсүп чыгышкан. Айтымдарында, Таштан устакерчиликтин бүтүндөй түрүн жогорку кылдаттыкта кармаган. Анын өздүк чеберчилиги өз учурунда жазылбай калган. Эмгеги баттамада.



## ТЕЗЕКБАЕВА МУНАР

Шырдакчы. Ат-Башы районундагы Ак-Муз айылында төрөлгөн. Колхоздоштуруу учурунда атасы кулакка тартылып, куугунтукталгандыктан, сабатсыздыгын жоюуга мүмкүнчүлүгү болбогон. Баатыр эне. Азыр Нарын шаарында жашайт. Апасы Кенженин узчулук нускасын алган.

Узчулукту сайма сайып, ала кийиз уютуудан баштаган. Кийин «салбай оюмду» пайдаланып бир түрдөгү шырдакты, андан түр шырдакты кармоого өткөн. Андай шырдактарына үч көздүү «табак оюмду» түшүрөт. Шырдак жээгине «бычак учун» коюп, «жээк оюмунун» башынан «кочкор мүйүз оюмун» алып, анын башынан «карга тырмак оюмун» алганда арадан «ачкыч оюму» (ача оюм) жүрөкчө болуп көрүнөт. Кайрадан «бычак учунан» аламыч түшүп, «ортолук түр оюм» үчүн эки «кочкор мүйүз оюму» эки «карга тырмак оюму» менен беттешет да, ал табакчалардын ар бири адаттагыдай «аламычтанат». Ошондо алардын жарымы «колтук оюм» болуп калат. Шырдак ичи кара кийизден ичтелет. Көркөм оюмга эки жолдон шырык түшөт. Шырык жиби үчүн кара койдун чууда жүнүнө кыркынчы жипти аралаштыра ийирип алат. Мунардын кызы Салянова Калыйча — ишенимдүү шакирти, ал мектепте көркөм кол өнөрчүлүктөн сабак берет. Сүрөттө Тезекбаева М. шакирти менен.

## ТЕЗЕКОВ ТИЛЕК

Чебер. 1965-ж. Жумгал районундагы Өрнөк айылында төрөлгөн. Педагогия окуу жайын бүтүрүп, Өрнөк орто мектебинде кол эмгек мугалими, колхоздо ферма башчысы болуп иштеген. Кийин КМУну бүтүргөн.

Тилек элдик өнөрдүн бир түрү — жыгаччылык, ташчылык менен узанат. Ээр чабат. Ак каңкы ээрге наар түшүрүп, өзү каптайт. Жыгач идиштеринен табак, аяк, сузгу, чөйчөк, кашык өндүүлөрдү кырат. Зергер, кайышчы жана өрмөчү дагы. Ат жабдыктарынын бөлүктөрүнө атайын көркөм куюу аркылуу жез чөгөрөт.

Камчынын түшкүнүн өрүүгө 16 тал тай көгүн тилет. Түшкүн өзөгүнө ак кайышты жумурулатат. Бир көктү үстүнөн, бир көктү астынан алат. Буга сай түшпөйт. Өрүм өзөктү айланта алып отурат. Өрүмдүн эң жөнөкөй түрүнө 10 тал тилип, аны беш-бештен экиге бөлүп, астынан бирден көктү алып үстүнө басып отурат. Анын терме өрүмүндө бир тал көк үзүлсө, ал талды жиги менен табууга мүмкүн эмес. Камчысы башкалардыкына караганда камчылануууга бышык жана сокмоктуу келет. Терме өрүмдө 16 талды сегизден экиге бөлөт. Бул талдар жиги аркылуу карама-каршы басылып, текши боорсок көз чарчы болуп отурат. Камчы башына калай кадайт. Түшкүнүн бекитүүчү камчынын алаканына көбүнчө кара булгаары каптайт. Муну да зергер чеберчиликтин күчү менен чегелейт. Жезден жана калайдан тумарча же төрт бурчтук, тегеректе урат. Камчы алаканына сеңселген чачы чыгарат. Жылан боор өрүмүндө өзөктү ичке

алып, ага да 16 талдан көк тилет. Мында 16 тал сегизден бөлүнөт да, эки көктү бирден басып отурат. Буга сегиз сай түшөт. Ал эми камчы өрүмдүн дагы бир сыйда түрү суйсалма өрүмү жылан боор өрүм сымалданып, айырмасы үч көктү бир көк басат да, алты сай түшөт. Буга 10, 12, 14 тал көк тилинет.

Камчы саптык табылгы (тобулгу) Жумгалдын Кабагында арбын өсөт. Жака боюндагы табылгылар каралжын тартып, бодуракай болот. Тескейдеги көчкүлүү жерлерде, бийик чокуларда, дабандарда кыпкызыл табылгылар учурайт. Ал — жыгачтын табигый боёгу. Жумгалдыктар камчы сапты кызыл, каралжын, таргылала деп өңү боюнча үчкө бөлүшөт. Кара табылгы ысык чөлкөмдө, суук өзөндөрдө кабыгы карарып-бозоруп, башка жыгачтардан айырмасы жоктой сезилет. Мындан алар шапалак сап жасашат. Бийиктеги кызыл табылгылар бутактары шыпыргыдай барпайып, учунда, боорунда бутактары сейрек кездешет. Торала табылгы өтө сейрек кездешет, түз өскөнү, камчы сапка жарактуусу чанда жолугат. Камчы сап жасоодо чебер элдик өлчөмдү сактайт. Жоондугу ортон колдой, андан ичке да болот. Кыздардыкы өзүнүн ортонундай келет. Элик камчы сап да жасайт. Ал үчүн эликтин шыйрагын 10 *см*ге (бир тутам) өйдөрөөктөн араалайт. Бул кыска көрүнөт. Ошондуктан, уста терини узун алып, ичине жыгач улап, учуң тигип бүтөп коёт. Жыгач кошулган жерине коездук жана бекемдик үчүн түстүү булгаары сырттайт. Антпесе, кол тийген жердин шыйрак жүндөрү түлөйт. Сууга тузду чылап, эт бышым ага шыйракты салып койсо жана чүпөрөк менен сүртсө жүн жылмаланат, ал чыйралат. Ал кургай электе жалпак түз жыгачка шыйракты таңып коёт. Тилек мүйүз сап камчы да кармайт. Буга текенин беш-алты карыш мүйүзү жарайт. Аны сууга кайнатып, улам жумшартып, жонуп, камчы сап түспөлүнө келтирет.

Тилек эзрди көбүнчө кайындан, бака теректен чабат. Бака теректи колго тигип өстүрөт. Ал эми кайынды кыярдан мурда кандай жерде чыкканына назар таштайт. Мурда саз жердеги кайың сары өзөк болот да, бат жарылат. Каксоо жердин кайыңы абдан катуу, бутактары аз, иштетүүгө да, пайдаланууга да ойдогудай ууз кайың келет. Андай кайыңдар Жумгалдын этек жагында, Кабактын тоо арасындагы өзөндөрдө, булактардын айланасында арбын чыгат. Жыгачты кыярдан мурда жыл мезгилине карайт. Тянь-Шань тарапта өскөн жоон жыгачтардын тоңу марттын аягы апрелдин башында чыгып, кайрадан өзөгүнө суу жүгүрүп бүрдөй баштайт. Ага чейин Тилек кыйып, үстүртөн сомдоп чаап, даярдап алат. Анан көлөкөгө же жел жүрбөгөн жерге коёт. Же кыкка, же оттун күлүнө көмөт. Кабыгын аарчыбай, арааланган эки башына автол, солидол сыйпайт. Суу кесилген кайыңдан жакшы буюм жаралбайт. Тилек өңдүү жыгаччылар терек, кайың, өрүк өңдүү жердиктерди сугарууну жай мезгилинен тартып кескин токтотот. Ошондо жыгач каксоо келип анча жарылбайт.

Тилекте сөөккө оюм-чийим түшүрүү чеберчилиги да бар. Ал ага көбүнчө «кыял оюмун» түшүрөт. Тилек комуз чертет, кыяк тартып, оболото обон созот. Сүрөт да тартат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Мүйүз, өрүк буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы; Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы, ЭЧЖРКнүн дипломy.

## ТЕЛТАЕВ КАРЫПБЕК СЫДЫГААЛЫ УУЛУ

Жыгаччы. 1960-ж. Токтогул районундагы Өзгөрүш айылында төрөлгөн. Кесиптик-техникалык окуу жайын бүтүргөн. Экскаватор-бульдозерчу, ГЭСте электр-слесарь, ширетүүчү болуп эмгектенген. 1988-жылдан устакерчиликте. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Ага чоң аталары эзрчи, жыгаччы Момунаалы, апасы Сейилкан, комуз уста Төлөбеков Табылды (Сокулук району, Шалта айылы) таасир беришкен.

Карыпбек комуз чабат. Абалы аспап болуучу жыгачты тандайт. Өз үлгүсүндө араалап, ичин бургусу аркылуу оюп, бир сыйра тазалап (тазалоо үндүү болууга шарт түзөт), моюн, желкелерин келтирип сомдогон комузун кеминде 20—30 күнчө кургатат. Мында көөдөн жагына караганда баш жагын калыңыраак кылуусу чертүү учурунда үндү көөдөн тарапка тээп турат. Комуздун баш жагын тайпайтпай жазы кылат. Кыл жатуучу жерин черткенде тийип калбоо үчүн кылдаттыкта сүрөт. Капкактык карагайды Чоң-Кеминден алып, аны жукараак кылат. Кулакты тешүүдө кулактын бурооcу жагын жоонураак, уч жагын ичкерээк жасайт. Бул көп буралганда жешилбейт, сынбайт. Комуздун кулак түбүндөгү ширеңкенин талындай сөөктүн комуз башына 0,8 *мм* бөлүшу зарыл. Комуздук жыгачты «Бейц» аттуу кара күрөң боёк менен сырдап, комуз бетине көркөм оюм-чийим түшүрүүдө «Гуаш» сырын пайдаланат.

Карыпбек кырма идиштерин да кармайт. Сүрөтү тустүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун I уюштуруу көргөзмөсү. Комуздун эки үлгүсү (бала комуз, комуз) менен катышкан;

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун II сатуу көргөзмөсү жана кароо-сынагы. Комуздун эки үлгүсүн койгон.

## ТЕНТИМИШ УУЛУ АКИР
(1906—1980)

Өрүмчү. Кант районундагы Сары-Жон айылында төрөлгөн. Кичине чагынан эле элдик талант катары таанылып, олимпиадаларга катышкан, Токтогул атындагы Кыргыз Мамлекеттик Филармониясында иштеген. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Кийин чарбада эмгектенген. Өрмөкчүлүк нусканы атасы Тентимиштен алган.

Акирдин өрмөкчүлүккө ышкысы 1950-жылдардан баштап айрыкча жанданат. Адегенде жети-тогуз тал менен «жөргөм өрүм» өрөт, жүгөнгө ооздук салат. Өрүмү жанып кеткен жүгөндү эби менен кармап, өрүмүн үйрөнөт. Кийин «беш кашка өрүмүн», «жети кашка өрүмүн» ийине келтирет. Акир «Кыял» көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесине камчы өрүп берип турган. Айына 10—15 өрмө камчы өткөрүп, ал чыгарган буюм көркөмдөлүп, чет мамлекеттерге чейин жөнөтүлгөн. Мыкты өрүмдөрдөн Акир «терме өрүмүн» жакшы билген. Ал камчы өрүмдөрдүн атактууларынан болуп саналган. Буга 24 тал көк сарпталып, бирден басып, бирден өрүп, төрттөн тал жупташып, сегиз жолу терилген. Акир уста 16 тал көк аркылуу бир эле камчыга өрүмдүн төрт түрүн: «терме өрүмүн», «каз таңдай өрүмүн», «суйсалма өрүмүн» жана «жарым суйсалма өрүмүн» табышмактуу кылып бере алган. Ал сегиз талдан «жөрмөмө өрүмүнүн» түрүн да өргөн. Уста көбүнчө жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүк, басмайыл өрүмдөрүн да таасын өргөн. Алсак, «жон өрүмүнө» өзүнчө жон чыгарган. Ага он, он эки тилим кайыш кеткен. Чүйлүктөргө мүнөздүү «беш кашка өрүмү» Акирдин колунан көп чыккан. Чебердин өрмөчүлүгүндө «каз таңдай өрүмү» деген өрүмү бар. Буга тогуз тал көк тилинип, өрүүдө бир жагы төрт, бир жагы беш тал басылат. Ал эми бешинчи тал ар дайым алмашып, тегеренип, айланып турат. «Беш кашка өрүмгө» беш тал, «жети кашка өрүмгө» жети тал кайыш зарпталат. Өрмөчүлүк негизинен көк менен кайышты чебер тилүү менен бааланат. Өрмөчү көктү көбүнчө эчкинин терисинен жасаган. Сыйрылган терини тоборсутуп, үч күнү сууга бастырып койгон. Аны жибитип жүнүн бычак менен шыпырган. Анан аны тегиз жерге керген. Кургагандан кийин муну кийиз алдына таштап койгон. Көк нымдуулукту сактап, тилүүгө оңой болуп калган. Адегенде «керме» же «жаа» деген аспапка кайыш өзөктү керген. Анан суу сыйпап ак самын менен кайышты жибитип, жыгач сыдырмага күч менен кырдыргандa керилген өзөк жымылдап калган. Анан көктүн талдарын тилип алып өрө баштаган. Акир көктүн бир мезгилде 24 талын бирдей жоондукта тиле билген. Көктү көз өлчөм менен тилүүчү. Ага колу да маш болгон. Акирге байбичеси Сагынбүбү жардамчы катары кызмат кылган. Чебердин уулдары Назарбек, Турдубек, кызы Гүлазык өрмөчү. Ал эми Андабек Тентимишов өнөрчүнүн нускасын алган. Акирдин өрүмүн шөкөттөөнү кары уста Сейитказы Сокубашов жүзөгө ашырган. Ага жез же темир чөгөрүп, Акирге эриш-аркак узанган. Ал азыр Аламүдүн районунун «Ала-Тоо» совхозунда жашайт. Эмгеги баттамада.

## ТИЛЕБАЛДИЕВ НУРААЛЫ
(1941—1986)

Жыгаччы. Өзгөн районундагы Яссы айылында төрөлгөн. Жалал-Абаддагы курулуш окуу жайынан окуган. Мугалим болуп иштеген. Комуз чабуусуна атактуу уста жана комузчу Чалагыз Ыйманкул уулунун таасири зор.

Нураалы аспаптын жердигин өрүк, тыт, алмурут жыгачтарынан тандап, анын сымбатына назар таштаган. Өрүктүн сөңгөгүн тең бөлүп, аны эки жылдан ашуун көлөкөдө, шамалда кармап какшыткан. Андыктан аны тамдын чатырына чыгарып курбатууну чебер «куу чеке мезгилге жетиптир», — дечү экен. Жыгач кургаган сайын толгонуп ийилип, узанууга шарт түзгөн. Ал сөңгөктүн бутаксыз жерин иштеткен. Отуз жылдан ашуун түркүк болуп турган торсулдү кармап, коңулдарын жакшы оюп, ичи-сыртын ойдогудай жылмалап, андан шаңкылдап угулган аспап жараткан. Уста Эл артисти Самара Токтакуновага эки комуз чапкан. Анын бирин атайылап оркестрге кошулуп чертүүгө, экинчисин жеке чертип чыгууга шартташтырган. Акын Токтосун Тыныбековдун, Болуш Мадазимовдун комуздарын да Нураалы чапкан.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн I кароосынагы». Комузунун түрлөрү үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин III даражадагы дипломү;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын II кароосынагы». Элдик аспаптары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин II даражадагы дипломү.



## ТИЛЕГЕНОВА БҮБҮТАЛИП

Бычмачы-тикмечи. 1933-ж. Жумгал районундагы Илаке айылында төрөлгөн (уруусу төлөк). Атасы жин ооруларды айыктырган чоң молдо болгон. Балдар үйүндө тарбияланган. Көркөмдүк дүйнөсүндө (комуз чертүүгө) кичине кезинен кызыккандыктан композитор Акмат Аманбаевдин сунушу боюнча Бишкектеги Күрөңкөев атындагы окуу жайына кирип, хор-дирижёрлук бөлүмүн бүтүргөн. Кыргыз мамлекеттик академиялык А. Малдыбаев атындагы опера жана балет театрында гримдөөчү болуп эмгектенет. Театрда «Ажал ордуна», «Айчүрөк», «Опричник», «Пиковая дама», «Ак мөөр», «Курманбек» өндүү опералык чыгармаларга жардамчы-режиссёр, режиссёрдук кылуу менен аларда ойноочу персонаждарга орус-кыргыз кийим-кечектерин тигет. Анын колунан жаралып, көркөм көчөттөрү ойдогудай түшүрүлгөн баш кийимдер: топу, шөкүлө, тебетей, элечек ар бир сахнада ойногон персонаждардын мүнөздөрүнө, аткарган партияларына шайкеш келет. Алардын жердигин баркуттан, шурудан, жиптен, кылдан, үкү канатынан, аң терилеринен тандайт. «Ак мөөрдөгү», «Курманбектеги», «Айчүрөктөгү» негизги образ-кейипкерлердин кийип чыккан асем кийимдеринен сырткары 40 чоронун жоого аттануучу зоотторунун, 22 кыздын шөкүлөсүнүн ж. б. үлгүлөрдүн автору.

## ТИЛЕКМАТ КЕЛИНИ РАПИКА
(1892—1966)

Оймочу. Кемин районундагы Кары-Булак айылында төрөлгөн. Он беш жашында Кочкордогу Кызыл-Дөбө деген жерге турмушка чыккан. Ал каада-салтты мыкты билген, кызкыркындарын, келин-кезектерин узчулукка үндөктөгөн.

Рапиканын кийиз, кездеме, чий, тери бетине жараткан көркөм оюм-чийимдери жана көркөм көчөттөрү кеңири белгилүү. Анын бири болгон «Рапика оюму» Кочкор өрөөнүнүн Чолпон, Ак-Учук, Ара-Көл, Кызыл-Дөбө, Мантыш, Орток, Кара-Мойнок сыяктуу жерлеринде жашаган калктын кармаган шырдактарынан, ала кийиздеринен даана баамдалат. Уз өздүк чыгармачылыгында жалпы кийиз оюмунун негизин түзүп, буга «мүйүз оюмдарынын» элементтерин көбүрөөк пайдаланууга көңүл бурган. Оюмдан оюмду бутактантып, келки калтырбай төптөштүрүп берүүдө уздун өзүнө таандык бөтөнчөлүктөрү бар. Натыйжада анын жараткан үлгүлөрү бүгүн көөнөрбөй, өткөндүн баалуу мурасы катары бааланат. Ал айыл ичиндеги уздардын узчулуктары үчүн даяр каражат болуп келүүдө. «Рапика оюмунун» көптөгөн көрүнүктүү өкүлдөрү бар. Алардын катарына Атагулова Жуканды, Тилекматова Салыйманды, Өмүралиева Салыйманды, Мамырова Сагыйпаны, Сулайманова Гүлжанды, Жумалиева Марипаны, Жумалиева Алманы кошууга болот.

## ТОЙТУК УУЛУ МОЛДОКАЛЫЙ
(1901—1984)

Ат жабдыктарынын чебери. Ысык-Көл районундагы Таштак айылында төрөлгөн. Чарбанын ар кандай өнөктүгүндө иштеген.





Молдокалый өрүмчү катары таанылган. Жүгөнгө, көмөлдүрүккө, куюшканга он эки тал кайышты төрткө бөлүп, эки талын өрүмдү тегеретип келип, бирде басып, сегиздин үстүнө чыгарып, экөөнү кайра имерип өрүү боюнча чебер болгон. Муну «окорчо» (нокор өрүм) деп атаган. Уста атайын механикалаштырылган көрүк үйлөтүп, өргөн ат жабдыктарына шөкөт үчүн жез чөгөргөн. Анын ар бир шөкөтүнүн өзүнчө куймалары болгон.

## ТОЙЧИНОВ КАЗАК

Аваздык аспаптарды жасоонун чебери. 1946-ж. Сокулук районундагы Жыламыш айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Мектепте окуп жүргөндө эле жыгач буюмдарын жасоого кызыккан. Ага айылдашы Кызгараев Кошалы зергердин, шалталык Кайназаров Токтогулдун таасири зор болгон. Зер буюмдарын кармаган. Кийин бир гана комуз жасоого өткөн, анын үнүн табууга өзүнчө байкоо иштерин жүргүзгөн. Ушул максатта уста Кыргыз ССР Театрлар коомунун өнөрканасындагы комуз жасоо бөлүмүндө, Б. Бейшеналиева атындагы өнөр институтунун эксперимент лабораториясында эмгектенет. Мында ал айтылуу уста Исаков Шайдылда менен таанышкан.

Казак абалы комуздун сырдуу үнүн капкактан издейт. Капкактын жыгачын тандоодо өзүнчө чыгармачылык мамиле кылат. Мунун түз кеткен жарыш сызыктарынын аралыгына өзгөчө маани берет. Капкак бетиндеги сызыктар түз жана жарыш, бири-биринин аралыгы жакын болушу чебер үчүн шарттуу көрүнүш. Жакшы үндүү комузду сактоого да ал өзүнчө маани берет. Уста боз үйдөгү үн, ысык үйдөгү үн, талаадагы үн, түнкү үн, күндүзгү үн, кышкы үн, жайкы үн, ачык күндөгү үн, бүркөк күндөгү үн ж. б. үндөрдү айрып тааный билет. Аваздык аспаптардын үнүн табуусу анын жекече байкоо иштерин жүргүзүүсүнө тыгыз байланышуудa. Казактын жараткан «Мир» (Тынчтык) аттуу комузу коңурдуулугу, мукамдуулугу, етө угумдуулугу, ачыктыгы аркылуу айырмаланып, оркестрде түрдүү аспаптарды жетектей турган касиетке ээ. Натыйжада, комуз 1967-ж. Канададагы Монреал шаарында өткөн Кыргызстандын көргөзмөсүнө катышкан. Бул аспаптын артыкчылыгы манжалар кылын баскан сайын электр батареянын жардамы менен моюнундагы кыргыз картасынын эмблемасы жана «Мир» деген жазуусу түрдүү түстө жаркылдайт. Устанын жетектөөсү менен оркестр үчүн «Альт прима насекунда» комузу да электрлештирилген. Мындан башка үнү бийик «Кулкипир» аттуу комуз да жасаган. Булар Кыргыз филармониясынын Карамолдо

Орозов атындагы эл аспаптар оркестринде ойнолот. Уста Шайдылда Исаков менен бирдикте транзистордук электр комузун чыгарган. Бул аспап атайын малчыларга арналган. Үндүү комуз ат үстүндө чертүүгө шарттаашат. Аны электр эсептегич же кол батареяга туташтырып чертет. Аваздык аспаптары Бүткүл союздук, Эл аралык көргөзмөлөргө коюлган.

## ТОКОМБАЕВА БАТМАКАН
(1897—1982)

Саймачы. Ысык-Көл районундагы Бостери айылында төрөлгөн. Сабатсыздыгын жойгон. Кызыл үйчү болуп иштеген.

Батмакан чий баркутка, баркутка илме шибеге аркылуу салттуу түр түшүргөн. Туш кийиздеринин четине жээк «ийрегин» түшүрүп, анан четтик оюмга «ит куйрук оюмун» берип, анан борбордук оюмдун негизги көчөттөрүнө «мүйүз оюмдарын», «карга тырмак оюмун», «куш канат оюмун», «жагалмай канат оюмун» «кыял оюмдары» менен ич ара кыйыштырып, бирөөсүн өзөк катары ак-сары түс аркылуу бери чыгарып, калган өңдөрдү алачакмактатпай коңур маанайда жагымдуу жагдай пайда кылган. Ал сайма көчөттөрү түшкөн белдемчи, туш кийиз, текче, күзгү кап өңдүү көркөм буюм-тайымдарына нарктуулукта кундуз бастырган. Алар Мамлекеттик музейлерге экспонатталган.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1977-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Сайма кийим-кечектери үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин II даражадагы дипломy;

1978-ж. Фрунзе (Бишкек) шаарынын 100 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Сайма буюмдары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы.

## ТОКТОБОЛОТ УУЛУ ТОКТОБАЙ
(1904—1986)



Ат жабдыктарынын чебери. Ат-Башы районундагы Босого деген жерде төрөлгөн. Усталыкты 11—12 жашында баштаган. Ал ошол кездеги атактуу уста дөбөлүлүк Осмондун таалим-тарбиясын алган. Колхозду уюштурууга жан-дили менен катышып, анын устаканасын ачып, өзү кыйла жылдары ага кара устачылыкка узанган. Өзү менчик өнөркана да уюштуруп алган. Ал анда көмүр өчүрөт, асма көөрүк үйлөтөт, күжү күйгүзөт. Өзү кара темирден жасап алган аспап-куралдары ат жабдыктарынын шөкөттөрүн көркөмдөп жасоого шарттаашат. Ал ат жабдыктарынын бөлүктөрү — жүгөндүн, көмөлдүрүктүн, басмайылдын, куюшкандын тогоолорун, кошундуларын, солоңдорлорун, үзөңгүлөрүн сары жезди эритип, өзүнүн жатагына куюп, салттуулукту сактап жана элдин өтүнүчүн эске алып узанган. Ал «моңолдордун сынпосун» негиз туткан. Колдо кайыш ийлеп, өрүм өргөн. Терини жыдытып, малмага салып, талкууга койгон. Аны көн булгаарыга айлантуу үчүн кайышка кара темирди сүртүп, өңүн өзгөрткөн. Ал кол булгаарыдан өтүк, маасы, кепич ултарып, ат жабдыктарынын бөлүктөрүн беттей кайып жасаган. Мурда жылкынын тарамышын кургатып тарап, кол учуна имере чыйратып кайып тиккен, ал абдан бышык болгон. Кийин чебер фабриканын атайын булгаары тигүүчү жибин пайдаланган. Ал кезегинде күмүш кармаган. Зергер катары да узанган.

## ТОКТОГУЛ САТЫЛГАН УУЛУ
(1864—1933)

Жыгаччы — аваздык аспаптардын чебери, айтылуу төкмө ырчы. Кетмен-Төбөдөгү Сасык-Жийде кыштоосунда төрөлгөн. 1898-ж. «Ан-

жиян козголоңуна катышты», — деген жалаа менен 62 адамдын ичинде Сибирге айдалып, мөөнөтү бүтө электе элине кайра качып келет (1908-ж.). Жаш чагынан комуз чапкан. Айдоодо карагай кесип жүргөндө карагайдан комуз чаап, чертип ырдап, өзү өңдүү муңдуулардын көңүлүн ачкан. Ага «балта менен чапкылап, зомдоп алган комузум» — деген саптары күбө.

Токтогул комуздун жердигин көбүнчө өрүктөн тандаган. Комузуна күңгөйдүн чөбүн оттогон боз койдун ичегисин жылуулай өзү ийрип, кыл кылып тага турган. Комуз капкагына уста Кичи-Арыктын кырында өскөн карагайын күздө кыйып, абалы зомдоп, оттун табына коюп кургаткан. Бетин майда кумдуу кийиз менен жылмалап жукартып, чайыр аркылуу капкактаган. Токтогулдун комузу сүйрү баш (калак баш) келип, узундугу 63 см гана болгон. Ал атчан жүргөндө тепкегин алып, чепкен ичинен кургакыстарып коюуга шартташкан.

Кара-Суу районундагы Катта-Талдык айылында жашаган Чалы Үсөнбай уулунун үй-бүлөсү Токтогулдун комузун ыйык буюм катары сактап келе жатат. Улуу акын бул комузду өзүнүн досу Үсөнбай Кулбай уулуна 1911-ж. падышачылык жасоолдордон жашынып Кичи-Алай өрөөнүндө бир аз мезгил жашап калган учурда тартуулаган. Кыргызстан театрлар коомунун өнөрканасында Токтогулдун комузунун үлгүсү көп нускаланган. Өзү чапкан комузунун бир түп нускасы Б. Бейшеналиева атындагы мамлекеттик искусство институтунун эксперимент лабораториясында сакталууда.

## ТОКТОГУЛ УУЛУ БАБАЖАН
(1927—1990)

Комуз уста жана комузчу. Кетмен-Төбө (азыркы Токтогул) районунда төрөлгөн. Жалал-Абад театрында, Кыргыз филармониясында солист болуп иштеген. Жаш чагынан комуз чертүүгө ышкысы артылат. Ага атасы улуу акын жана композитор Токтогул Сатылган уулунун табигый таасири зор шык берген. Бабажанда Токтогулдун өз колу менен чапкан комузу (узундугу 63 *см*) калган. Чалагыз Ыйманкул уулунун да комуз жасоо нускасын алган. Ал жасаган комузунда атасынын комузунун кейпин так сактаган. Бабажан — Кыргыз ССРинин театрлар коомунун өндүрүштүк өнөрканасынын комуз чабуу чеберканасын уюштуруучулардын бири. Ал комуздук жердикти дубдан тандап, кылына жилканы пайдаланып, массалык түрдө белгилүү үлгү менен чабууга жол көрсөткөн. Чебер өрүктөн да комуз чапкан.

## ТОКТОМАТ УСТА
(Туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Кетмен-Төбөдөгү Кара-Суу айылында төрөлгөн. 105 жашында каза болгон. Ал ушул чөлкөмдөн чыккан Сары уста, Кулуке уста өңдүүлөрдүн катарында таанылган. Айтылуу акын Токтогул экинчи курдай Наманган абагына түшкөндө анын төрөсүнүн мөөрүн бир көрүү менен дал өзүндөй жасап, актай кагазга басып, эл-журтка таратып, ошолор аркылуу үндөп, Калык ырчынын тегерегине топтолуп, калың букаралардын нааразылыгын билдирип, Токтогулду абактан чыгарууга белгилүү салым кошкон. Көпчүлүктүн көз кырында турган устаны көрө албастар да чыккан. Анын көзүн тазалоо үчүн «үчилтик» (үч адам бириге коюп, арыз жазып, бетине чыгуу) уюштуруп, «тоголок арызчы Токтомат» деп карматышкан. Жалгыз кызы Жумагүл Бишкектеги улуктарга дейре жөө-жалаңдап келип жүрүп бошотуп алган. Ошондо «кызым, ыраазымын, сөөгүм агарды. Эркек бала ордуна кудайдан тилеп, Ак эшендин этегине салып, ак тайлак берип, алла-тааладан сурап алдым эле. «Уул» деп тилейбиз, уулдан өтүп кеттиң», — деген экен. Уста кармаган нускалар айыл арасына сиңип кеткен.

## ТОКТОМАТ УУЛУ БАЙДА

Кетмен-Төбөнүн Кара-Суу айылынан чыккан. Атасы Токтоматтын таасири менен дүңү күчтүү зергер аталган. Ал каза болгондо кошокчу Жумагүл Токтомат келини «Көөрүгү көк өгүздөй өкүргөн, Балкасы тоо текедей секирген, Мунун суусун кантип сугарам, чачысын кантип чыгарам»,— деп кошкон экен. Анын зер нускалары элге сиңген. Айрымдары таберик катары кыз-кыркындарында, келин-кезектеринде сакталган.

## ТОКТОСУНОВ САМАГАН

Ат жабдыктарынын чебери. 1956-ж. Панфилов районундагы Чолок айылында төрөлгөн. Бишкектеги сүрөтчүлөр окуу жайынын колдонмо-жасалга бөлүмүн бүткөн. Ага айылдашы Мамбетаалы устанын, Кум-Арыктагы Ашымкул устанын таасири зор. Чоң энеси Салыйманын, өз энеси Батыйдын (булар терини колдо иштетип, андан сырт кийимдерди бычып-тигишет, өздөрү негизинен шырдакчылар) айтуусу аркылуу төө, уй, топоз, жылкы терилеринен көн, шири, күдөрү, кайыш өңдүүлөрдү кармоону үйрөнгөн. Кол булгаары жасоо үчүн чылгый терини челдеп, жыдытып, андан кийин малмага

салат. Мында теридеги өлүү суу сорулуп, химикатка караганда терини өзүнөн өзү иштетип чыгат. Аны бирдей жыуулукта кармап, малманы (ашаткыны) 5—10 күндө бир алмаштырып турат. Себеби, кычыган ашаткы малмадагы терини, жандантат (чыйралтат). Ойдогудай салынган малмадагы тери бир, бир жарым айда алынат. Андан кийин терини жайып, калган челин тазалайт. Алашем кургатат. Терини талкууга койбой, кол күчү менен бурап-толгоп ийине келтирет. Ийлөөдө өтө кургатпай, нымдуулугун кетирбей турат. Эгер ийлөөсү купулуна толбосо, малмалга кайра салат. Териге кара күрөң боёкту сүртүп, ийлөө жолу менен сиңдирет.

Самаган кучмач ээрди талдан туюк чабат. Мурун төө терисин, кийин уй, топоздун терисин туздабай жыдытып ороп коёт, жылуу жерде ал кургабай кичине бүкшүбүрөөк тургандыктан, тырышпай чоюлма болуп калат. Ал ат жабдыктарынын бөлүктөрүн кайып да, өрүп да жасайт.

**Катышкан кароо-сынактары, көркөм көргөзмөлөрү жана алган сыйлыктары**

1987-ж. Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы. Ат жабдыктары үчүн ардак грамота.

1988-ж. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук II фестивалы. Ат жабдыктары үчүн ал фестивалдын лауреаты болгон.

## ТОКТОСУН УУЛУ БАЗАРБАЙ

Зергер, ат жабдыктарынын чебери. 1926-ж. Тоң районундагы Туура-Там айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. 13 жашынан айыл чарба артелине кирген. Шахтер, кийин колхоздо уста, ширетүүчү болуп иштеген. 1955-жылдан өсүнчө устакана кармап, кара темирге узана баштаган. Айыл чарба шаймандарынын тетиктерин жасаган. Дөңгөлөктүн баллонун дискадан чыгарууга оңтойлуу аспап жараткан. Агасы Зарына зергерден жана айылдашы Шаймерден устадан үлгү алган.

Базарбай үзөңгү куят. Аны туюк куйганда жез муздаганда кысылып, үзөңгү сынма болорун баамдайт. Ал жездин, колонун, мистин ич ара айырмачылыктарын айра таанып, иштетүү сырларын өздөштүргөн. Сары жез эски таза жез болуп, күмүштөй чоюлуп элпек, жеңил иштетилгендиктен үзөңгүнүн туюк куюлушу үчүн анын жердигин жезден тандайт. Ал бат эрип, бат муздайт. Сары жез чоюлуп сынбайт, коло сынат. Коло жез, мис өңдүүлөрдүн аралашмаларынан турат да, чоюлбайт, катуу, бирок, морт



келет. Уста коло үзөңгүнү бир куюуну да, бөлүп-бөлүп куюуну да мыкты билген. Коло кепшер боло албайт. Мистин касиети сары жезге окшошот, кечирээк эрийт. Алсак, сары жез 10 минутада, мис 18—20 минутада эрийт. Мис бат жешилет. Дат чалат, өз өңүн өзгөртүп жиберет.

Базарбай ат жабдыктарын кармоодо адегенде үлгүсүн жасап алат. Үлгүгө салыштырып, ийне учундай да кемтик кетирбей, так жана таза кармайт. Шөкөттөрдү куюу калыптарын ал темирден өзү жасайт. Чөгөрүлө турган темирди өлчөп чаап, өгөөлөө, көркөм куюу ыкмасын тең колдонот.

Базарбай колдон тери иштетет. Уйдун терисин сыйраары менен акиташ сээп, жүнүн жыдытат. Бычак тийгизбейт. Анан терини «малмага» салат. «Малма» ун, айран, улпактардын кошундусунан жасалат, ал кадимкидей ачып, жыттанган кезде ага салынган тери өзү эле калыңданат. Малманы жылуу жайга коёт. Убактысы жеткенде (20 күндөй) алып, көлөкөдө эки күнчө сергитип (күн көрсө дароо курушат), эки күнчө талкууга алат. Ийине келип, тери канчалык жумшак болсо, аны пайдалануу ошончолук жеңил келет. Мындан ак кайыш пайда болот. Ат жабдыктарын жана бут кийим жасоо үчүн ал ак кайышты көнгө (кол булгаары) да айланта

алат. Жаз айларынан мурдараак тоо талдын кабыгын кургатып, жаргылчакка тартып, аны кайнатат. Тери күйбөгөндөй сууганда ал кайнатманы теринин бетине төгүп ороп коёт. Анан аны талкууга бир аз ийлегенде териге кол боёк сиңип, мала кызыл өң берет. Ал жаанга калса да, күнгө турса да эч качан катпайт. Иштетүүгө да өтө ийкемдүү болот. Муну кара өңгө айландырыш үчүн уста ачыган кара жарманын үстүңкү тунган суусун куюп алып, ага дат баскан темирди салат. Темир «кузуп» (темир жарманын суусунун түсүн өзгөртүп) тери каракөк өңгө бурулат. Бир аз талкууга алганда өтө кара болбосо да, өңүн өчүрбөгөн түстүү булгаары пайда болот. Базарбайдын устачылык жолун уулу Таалайбек улоодо.

**ТОКТОСУН УУЛУ ЗАРЫНА**
(1910—1973)

Зергер. Тоң районундагы Тоң ашуусунда төрөлгөн. Асан чакыргандагы аты Кудайберген болгон. Колхоз кыймылына жандуу катышкан. Атасы улуу усталардан болгон. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, согушка чейин айыл чарба артелинин башкармасынын төрагасы, согуштан кийин «Туура-Там» колхозунун башкармасынын төрагасы, Тоң басмаканасынын директору болуп иштеген.

Зарына ак бараң сайлаган. Капкан ийип, аңчылык куралдарын жасаган. Мүнүшкөрдүк да кылган. Куш үчүн коңгуроо (жылаажын), томого, темир комуз үчүн күмүш менен кара темирди айкалыштыра кармаган. Бүркүтү тырмагын түлкүгө чайнатып, тырмагы түшүп калганда, ага темирден тырмак жасаган. Бүркүтүн айбанаттарга саларда тырмакты мээлейге киргизип, боосун бүркүттүн билегине байлап койгон. Темир тырмак мокосо өгөөлөп курчутуп, эскирсе кайра тырмак жасап турган.

Зарына 30-жылдарда «Туура-Там» колхозунда узанган уста Турдуке уулу Шаймерден экөө суу аркылуу чуркай турган эгин бастыргыч жасашкан. Бул кадимки тегирмендин «барасы» сымалданып, арыктан ноо аркылуу беш-алты метрдей аралыктан шар суу келип «бараны» урганда чуркаган, анын тышында жазы курду илүүчү барасында өзүнчө эгин бастыргыч жайлашкан. Анда өзүнүн курду илүүчү барасы болгон. Эгинди элеп кызылы астына калып, саманы үстүнө чыккан. Анын калбырларын уста эмен өңдүү катуу жыгачтан тандаган.

Уста жырткычтардан тартып кемирүүчүлөргө чейин ар бирине өзүнчө капкан жасаган. Темир капканы үч бөлүктөн турат: жаагы, түндүгү жана серпөөрү. Жырткычтарга текөөр берүүчү бул куралды жасоодо уста жаагы менен түндүгүнө жашык темирди, ал эми серпөөрүнө курч темирди керектеген. Ал болоттон жасалып, пружинадай серпилме болгон. Серпөөрүнүн калыңдыгы 3 *мм* келет. Сугаруусу жетишкен капкан чапканда бир карыш өйдө секирет. Аны биринчи сугарууда 15 градус ысытат да, аны суу тал менен улам жышып сугарат. Улам эки кычкач менен ийип, күчүнө келгенин байкайт. Темир сынбай турган болгондо сууга ширетип, мелүүн муздатат (сугаруу — курчутуу деген эле түшүнүк). Уста тап жылдырбай сугарган капкан узакка чейин айбанаттарга салынган. Ал капканды бир жаак, эки жаак тиштүү да жасаган. Эки жаак капкан өтө катуу келип, аны карышкыр, аюу, илбирске салган. Бир жаак капкан менен түлкү, суур, коён өңдүүлөрдү кармаган. Эки жаак капкандын тишине кийиз койгон. Антпесе, курч капкан жырткычтын сөөгүн талкалай кыя чаап, айбанат бутун жулуп кетет. Капкан тээкти, күлтүктү (тегерек кийиз, бул капкандын түндүгүнө чак келет), чынжыр, казык, сойгокту да өзү жасап алган.

Чебер заттарды эритүүдө алардын ич ара айырмачылыктарын мыктап билген. Кызыл мис коюу келгендиктен ысыкка өтө чыдамдуу болот. Ал көптө эрийт. Болжолдо ал колону 400—500 градуста (20 минутада), сары жезди 600 градуста (25 минутада), кызыл жезди 800—900 градуста (отуз минутада) эриткен. Үзөңгүнү чоюп, жезден сомдоп туруп, никелдештирип коздогон. Ага күмүш жалатып, анын үстүнө күмүш зым аркылуу кооз оюм түшүрүү салтын Зарына уста мыкты сактаган.

**ТОЛУБАЙ КЫЗЫ ШААРКАН**
(1903—1978)

Оймочу. Сокулук районундагы Күнтүү айылында төрөлгөн. Кант районундагы Чоң-Далы айылында жашап өткөн. Кийиз жана сайма буюм үлгүлөрү Сокулуктун, Аламүдүндүн, Канттын Көнөк, Карасакал, Күнтуу, Кара-Шалта, Чоң-таш, Арашан, Кой-Таш, Ичке-Суу, Чоң-Далы, Боз-Бармак, Үч-Эмчек ж. б. айылдарына таралган. Ал айрыкча шырдак үлгүлөрүн арбын жараткан. Ага түшкөн көркөм оюмдары, ага түстөрдү жагымдуу алыстан таанылуучу уздук бөтөнчөлүктөрү бар. Ал төтөн, мала жашылды гүлгүн сары, акты кара, кочкул көктү кызыл өң менен айкалыштырууда даана билинет. Эңдүү жасалган шырдактары алты табакчадан турат. Ал түр шырдак болуп көрүнөт. Табакчалар «ит куйрук оюму», «бычак учу оюму», «бадам оюмдары» менен аламычталат. Ар бир табакчада «кочкор мүйүз оюму»

«кочкор мүйүз оюму» менен же «карга тырмак оюму» менен түшүп, ичтен төрт «сыңар мүйүз оюму» чыгып, анын кызыл түстө болушу эстетикалык татым берет. Алардын жарымы колтук оюмга шартташат. Ал «көөкөр оюму» болуп көрүнөт. Ал эми жээк оюмдарында баш-калардан анча окшоштукта жолукпай турган оюм элементтерин «кыял оюмдантып» берген өзүнүн чыгармачыл түшүмү — «Шааркандын оюму», «Шааркандын кыялы» билинип турат. Мында уз кочкул кызыл (ток кызыл), кочкул көк (ток көк) түстөрдү бери алып чыгат.

## ТОРУТАЕВ АНАРБЕК

Жыгаччы, таш чеккич. 1950-ж. Токтогул районундагы Токтогул шаарчасында төрөлгөн. Бишкектеги № 19 элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайынын жыгач-чылык бөлүмүн бүтүп, райондун борборунда жыгач буюмдары боюнча өнөркана уюштурат.

Анарбектин идиш-аяк кыруучу дүкөнү бар. Кол менен жасалуучу идиштин ичин оёт. Мисалы, чөмүч (сузгу) үчүн ал кайыңды кый-ып, үч-төртүн дароо эле сомдоп, сууга салып коёт. Арадан күн өткөрүп, бир баштан алып, ичин оюп кирет. Идиш биротоло бүткөндөн кийин кайрадан суруга салып кайнатат. Мында жыгачтын сары суусу, чайыры чыгат. Андан кийин май сыйпап «бышырат» (май сиңгенде урунууга нап берет). Мына ушундай жолду аркалап ашкана буюмдарын жасайт. Узанууда өзү жасап алган керки, аталгыларын колдонот. Жарым айлана түрүндөгү ийгиси жыгачтын ичин оюшка оңтойлошкон. Анарбектин жарат-кан жыгач-үлгүлөрү «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин көркөм кеңеште-ринен жактырылып, көп нускаланып дүкөн-дөргө сатууга чыгууда.

Анарбек таш чегүүчү катары да белгилүү. Ал сай таштарынын түзүлүшүн, кандай таштан эмне жасаларын туя билет. Адамдын айкелин дал өзүндөй чеге алат.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Кырма идиштери үчүн Ардак грамота.

## ТУРГУНАЛИЕВА ТУРАРГҮЛ

Саймачы. 1962-ж. Бишкек шаарында төрөлгөн. Жогорку билимдүү. Экономист. Ал узчулукту 1985-жылдан баштаган. Аны энеси атактуу уз Жеңилдик нускалаган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Турарүл саймачылыгында көбүнчө «кыял оюмдарын» үлгүлөрүнүн көркөм каражаты катары пайдаланат да, ошонун тегерегинде өзөк чыгарып, тематика коюп, композиция түзүүгө аракеттенет. «Ала мончокту» — «сууну» арбын жүргүзүү аркылуу көркөм көчөттөр түшкөн табакчалардын жүзүн даана ачат. Уздун аздектеген экинчи көркөм каражаты «бадам оюму» болуп саналат. Аны «жарым элемент көчөт» да, «толук көчөт» катары да өзгөртүп, аны өзөк кылып, андан өзүнчө изденүү аркылуу көчөт-оюм чыгарат. Уз буюм-үлгүлөрүнө «илме дос» саймасын, «илме саймасын» учуктуу ийне аркылуу жүзөгө ашырат.

Турарүл бычмачылык-тикмечиликти саймачылык менен эриш-аркак узданат. Ал көбүнчө баш кийим тигет. Аларга түшкөн көркөм көчөттөр туштуктарына, баштыктарына окшошот. Эмгеги түстүү баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1989-ж. Орто Азия менен Казакстандын «Сүрөттү өз алдынча сүйүүчүлөрдүн жана элдик жасалга-колдонмо өнөрүнүн Бишкек шаарындагы көргөзмөсү». «Бөдөнө», «Үкү», «Өзөн» аттуу тематикалуу сайма буюмдары үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы диплому;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Сайма аркылуу бүткөн көркөм үлгүлөрү менен катышкан;

1991-ж. Элдик кийим-кечектердин жана зер буюмдарынын республикалык кароо-сынагы. Баш кийимдери (3 тебетей, малакай) үчүн Кыргызстан Маданият министрлигинин I даражадагы диплому.

## ТУРГУНБАЕВ КАЛЫГУЛ

Зергер. 1932-ж. Чаткал районундагы Айгыр-Жал айылында төрөлгөн. Толук эмес орто билимдүү. Кыйла жылдары жаратылышты коргоо коомунда эмгектенген.

Калыгул жез, мис, калай, мельхиор, датчал-бас өңдүү түстүү металлдардан кыз-келиндер-дин зер жасалгаларын жасайт. Ал зергерчиликтин чегүү (чапкылоо аркылуу из түшүрүү), куткундоо, «тогуз төбөлөө» сымал ыкмаларын пайдаланат. Ага ал айнек, пластмасса өңдүү кызыл, жашыл, сары, күрөң, көк түстөрдү колдонот. Калыгул буюм четтерине «айчык», «ийрек», «тоок көз», ортолоруна «жылдызча» сыяктуу зер буюм-чийимдерин түшүрөт.

## ТУРДУБАЙ УУЛУ КЫЗГАРА
(1880—1965)

Зергер. Сокулук районундагы Жыламыш айылында төрөлгөн. Атасы Эшкожо уулу Турдубай табып да, мүнүшкөр да, уста да болгон. Улуу сурнайчы Тураптын таасири менен беш уулунун кенжеси Кызгара комуз чертүүгө, кыяк тартууга назар таштайт. Анын зергер болушуна айылдашы Чал уста себепкер болгон. Чал устанын таалими менен кара темирди сугарууну мыкты билген.

Кызгара комуз жасап черткен, кыяк жасап тарткан. Ал жыгаччылыкты, мүйүзчүлүктү, таш чегүүчүлүктү бирдей даражада өздөштүргөн. Мергенчиликти, мүнүшкөрдүктү, тайган агытуучулукту таасын билген. Бул өнөрлөрдүн баардары таасын улашкан. Мындай көп кырдуу шыктарынын ичинен анын зергерчилиги жогору турган. Уста өчүрүлгөн көмүрдүн табын мыкты туйган. Алаа көөрүгүн үйлөткөн, күжү күйгүзгөн. Анын узданууcунда зер буюмдарын «тогуз төбөлөө», «чапкылоо», «тордоо», «себет төгүү» өңдүү ыкмалар болгон.

Зергер абалак жасоодо көп кар баскан карт текенин мүйүзүн тандап, кол араа менен араалап, тегиздеген. Ага малдын майын калың сыйпап, таптуу отко кактаган. Мүйүз былпылдап жумшарганда суутпай туруп үстүңкү бетине бир аз чуңкурча болушу үчүн ага шынаа сымал жыгач коюп, тегиз эки жыгачтын ортосуна кыпчытып, кайыш же зым менен таңып, оор ташты үстүнө бир топ күнгө бастырган. Ошол калыбын сактаган мүйүздүн чеке-белдерин араалап, өгөөлөп, жонуп абалак түспөлүн берген. Чүкөнү атууга эптүү болушка мунун баш бармак, сөөмөй, ортон кармай турган эки четин араа, бычак менен «торчологон». Абалакты ар кандай өлчөмдө жасаган.

Тарак жасоодо тоо текенин мүйүзүн кордолгон кыкка салып, аны бир күндөн кийин алганда, анын сырты күйүп, ичи былпылдап, бычак менен тилүүгө өтө оңтойлошуп калган. Мунун серт жерлерин кайрак таш менен жылмалап, учтарын чыгарган. Мүйүз тарактын чоңу 6×12 *см*ге барабар. Тарак тиштеринин узундугу болжолдо 1,5 *см*дей болгон. Мүйүздүн чет-бучкагын чебер араалап, кадимки тарак түспөлүн бергенден кийин темир сызгычы аркылуу тарактын майда жана кезек тиштерин этиет сызып, ага кичинекей арааны кылдат жүргүзгөн. Ал таракты жеке эле мүйүздөн эле эмес, жаңгак, өрүк, арча өңдүү катуу жыгачтардан да коздоп жасаган. Кызгара устанын мектебинен уулдары Кошалы, Бердалы, небелери Дүйшөнкул, Бейшенкул таалим-тарбия алышкан. Эмгеги баттамада.

## ТУРДУКЕ КЕЛИНИ МИЛИЯ

Өрмөкчү, бычмачы-тикмечи. 1914-ж. Талас районундагы Үч-Кошой (Талды-Булак) айылында төрөлгөн. Апасы Нурбүбү — термечи, кайын энеси — Сейилбүбү — иштүү («машиначы апа» деп тергешкен) аталат да, узга алар таалим-тарбия беришкен. Уз азыр Талас районундагы Чат-Базар айылында жашайт.

Милиянын чеберчилигинде өрмөкчүлүк (кара терме, бир жүздүү терме, эки жүздүү терме) башкы орунда турат. Үлгү катары буюмдун эки тарабына бирдей көркөм көчөттү татаалдаштырып берүүдө ал өрмөктү күзүктөөдөн баштайт. Эки жүздүү термеге көркөм көчөт берүүдө кара жип эки курдай күзүктөлүп, анан бир курдай күзүктөлбөйт. Кийинкисинде ошол ак жип күзүктөлөт. Андан кийин кара жип эки ирет күзүктөлбөй өтөт да, эми ак жип кайра күзүктөлөт. Ошол эле ак жип кийинки жолу кайрадан күзүктөлбөй калат. Мына ушундай ирээт каалаган өлчөмгө чейин кайталанат.

Милия уук тизгичти, керегe чалгычты, саканак таңгычты, эшик боону эки жүздүү терме кылып согот. Эмгеги баттамада.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1976-ж. Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Терме шалчасы үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин II даражадагы диплому;

1978-ж. Фрунзе (Бишкек) шаарынын 100 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Чаян түйүш чачыгы үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жайынын II даражадагы диплому.

## ТҮЛӨКАБЫЛОВА ЖАҢЫЛКАН

Өрмөкчү, оймочу. 1937-ж. Кочкор районундагы Кум-Дөбө айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Кочкор, Кум-Дөбө айылдарында китепканада, соода тармагында иштеген. Шырдакчылык менен өрмөкчүлүктү бирдей кармап, 1982-жылдан «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Кочкордогу чеберканасында үйдөн узданат. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Жаңылкан негизи өрмөкчүлүк аркылуу бүткөрүлүүчү боз үйдүн ички жасалгалары — тегиричке, жабык баш боого, туурдук боого, керегe баш чалгычка, уук тизгичке, керегe таңууга, саканак таңгычка, жел боого, кылдыроочко көркөм көчөт келтирип согот. Уздун

тегиричи 61, 69, 49, 59 жуп жиптерден эришке күзүктөлүп, ага түшкөн түр табакчаланып, «кыял оюмунун», «мүйүз оюмунун», «омуртка оюмунун», «чымын канат оюмунун» элементтеринен турат. Боз үйдүн боо-чууларына «ийрек көчөтүн», «жарым ийрек көчөтүн» арбын пайдаланат. Жаңылкандын буюм бетине жараткан көркөмдүктөрү башка элдик буюмдардан анча айырмаланбаганы менен түстөрдү берүүдө уздук бөтөнчөлүктөрү таанылат. Ал кызыл-көк өңдөрдү алдыңкы планга алып чыгат.

Уз кийиз буюмдарынын борбордук оюмуна «кочкор мүйүз оюмун» негиз кылат. Ошондо төрт «кочкор мүйүз оюмунун» ичине ар бир табакчаны түзүп төрт «кочкор мүйүз оюму» чыгып, жалпы оюм түрүндө алынып, үзүл-кесилсиз төптүктө, тактыкта төрт бурч пайда болот. Мында жээк оюм менен борбордук оюмду «бычак учунан» турган «аламыч» бөлөт да, шырдак чети жээктелет. Уз кызыл көктү беттештирет, ал кыргыздын кызыл шырдагын элестетет.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Терме тегиричи үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин диплому;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Терме таары жана шырдагы менен катышкан.

## УРМАМБЕТОВ ҮСӨН

Ат жабдыктарынын чебери. 1926-ж. Жети-Өгүз районундагы Даркан айылында төрөлгөн. 14 жашынан зергерчиликти кармаган. Кызыл уста деп аталган, мылтык соккон уста, аталаш агайы Эркинбайдын таалимин алган.

Үсөн күмүш, жез, мис, калай өңдүү түстүү металлдарды түгөлү менен кармап, учурунда СССР Илимдер Академиясынын Тарых институтунун этнография бөлүмүнүн кызматкерлери үчүн баалуу материалдарды берген. Кийин ат жабдыктарын кармаган. Мында уста анын шөкөттөрүнө жалаң сары жезди колдонот. Анын ар биринин куймалары бар. Көмүр үйлөтүп, күжү күйгүзгөн устанын ал калыптары аталарынан мурас катары калган. Кайыш менен булгаарыны беттей, кайыгын өзөктөп, чычкан изиндей өтө сыйда берип, ага үзөңгү, тогоо, кошунду, сүзмө (жүзмө), купа өңдүү жезден турган кооздуктарды кынаптай чаап, өзүнчө түр (форма) таба билүүсү аркылуу айырмаланат. Уста ак каңкы ээр чабат. Анын кашын көбүнчө бүркүт томого чыгарат. Сынпостолгон ээрдин эки капталына сындырык аркылуу наар түшүрөт. «Беш кашка», «жети кашка» өрүмдөрүн басмайылга колдонот. Ал салттуулукка эгедер.



**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1974-ж. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгына карата уюштурулган көргөзмө. Ат жабдыктары үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломү;

1974-ж. Москвада өткөн «Колдонмо өнөрүнүн жана өз алдынча сүрөттү сүйүүчүлөрдүн Бүткүл союздук көргөзмөсү». Зер буюмдары үчүн ЭЧЖБСКнүн Ардак дипломү.

## УСУБАЛИЕВА ТУРДУКАН

Чырмакчы. 1961-ж. Кочкор районундагы Ороо-Башы айылында төрөлгөн. Орто билим-

дүү. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Балыкчыдагы, Кочкордогу бөлүмдөрүндө узданган. Уздук таасирди чоң энеси Токторбай кызы Калыйчадан, энеси Ысакмат кызы Анардан алган.

Турдукан канат чий, чыгдан (ашкана) чий, эшик чий өңдүү боз үйдүн ички чий чырмак жасалгаларынан сырткары белек-бечкекке берилүүчү чакан туштуктарды (панно) такай кармайт. Салттуу буюмдарында эски көркөм оюм-көчөттөрдү арбын пайдаланат. Көбүнчө көчөттү ичке, жарым кыялданта алат. Эки же бир эле өң аркылуу үлгүнүн жүзүн ача алат. Боёкко караганда койдун табыгый жүнүн чырмакчылыкка пайдаланат да, ал татым берет. «Куш оюмунун» башынан, ичинен «карга тырмак оюмун» берип, ортодон «кочкор мүйүз оюмун» жаратат. «Омуртка оюмунун» араларына «мүйүз оюмдарынын» элементтерин жарым жартылай түшүрүп, ала мончокту ак, сарыдан берген чыгдан, канат чийлери сатууга түшүп турат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I-кароосынагы. Чий буюмдары үчүн «Алтын колдуу чебер» дипломy.

1989-ж. Кыргыз эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Ашкана чийи коюлган.

## УСУПБЕКОВ ТАЛИПБЕК

Өрүмчү. 1936-ж. Кочкор районундагы Ак-Кыя айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Маданият мекемелеринде иштеген, музыкант.

Талипбек ат жабдыктарын кармоого жаш чагынан куштарланат. Татаал өрүмдөргө көбүрөөк узанат. Алардын бири «терме өрүмүнө» ал 10—12 тал көк тилет. Бир көктү үстүнөн, бир көктү алдынан алат. Буга сай түшпөйт. Анан тал көктөрдү айланта алып отурат. Ал он тал көктү бештен экиге бөлүп, астынан улам бир көктү үстүнө басып отурат. Ал эми «жылан боор өрүмүнө» он алты талды сегизден бөлүп, астынан бирден көктү үстүнө чыгарат. Ошондо өрүмгө сегиз сай түшөт да, кооз көрүнөт. Талипбектин «суйсалма өрүмү» да «жылан боор өрүмү» сымалданат. Бирок, мындан айырмасы бир көктү бир көк басат. Ошондо алты сай түшөт. Ага 10—12—14 тал көк тилинет. Ал ээр да чабат. Анын кармаган көркөм буюмдары айылдаш усталар Кулжабек, Көчөрбайлардын үлгүлөрүнө окшошот. Булар биринин чеберчилигин бири толуктап турат.



## УСУП КЫЗЫ АЙЫМ
(1930—1979)

Саймачы жана оймочу. Тоң районунун Кызыл-Дөбө айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздо эмгектенген. Уздукту негизги кесип тутушуна чечен, шайыр, кошокчу катары таанылган ата-энеси бирден бир себепкер.

Айымдын колунан тамган туш кийиздери, шырдактары айыл ичинде кыйла жолугат. Туш кийиздерине беш табакча алынган. Анын ар биринен кийин өзүнчө «көөкөр оюм» менен «кыял оюмун» алмак-салмак эриш-аркак берген, капкалдырыгы ортолук көчөттөргө үндөшөт. Көркөм каражаттардын араларын берүүчү «суусуна» «ит куйрук оюмун» тандаган. Саймачылыкка таандык түрдү түр жиптери аркылуу сарысаптаган. Мында буюм эскирген сайын анын саймалары жалтылдап, жүзүнө чыгып, ал өнөрү менен түбөлүктүүдөй сезилет. Чечмелей келгенде «көөкөр көчөтү» аркылуу уз токчулукту, «кыял көчөтү» менен сезимди, көңүлдү, маанайды билдирген. Айрым шырдак оюмдарын берүүдө өзүнүн кыял чабытын кошумчалап, кээде кутүүсүз өзгөртүп, көркөмдүктөрдү ич ара кыйыштырууга шарттуу бөтөнчөлүктөрдү түзгөн. Ал «Айымдын кыялы» катары таанылган. Мында «куш оюму» «мүйүз оюмдарына» (көбүнчө кочкор мүйүз),

«карга тырмак оюмуна», «жарым кыял оюмуна», «жагалмай оюмуна» (ал көбүнчө четтик оюм катары билинет) «колтук оюм» катары катыш жасайт. Айымдын туш кийиз көчөттөрүндө (шырдак оюмдары) бул байланыш сакталат. Демек, уз тоолуктарга мүнөздүү коздуктарды саймада ичке алат да, көркөм көчөттөрдү кыялданта берип, ал өсүмдүктөрдүн бутактары, жалбырактары, тамырлары, сабактары аркылуу шарттуу тутумдашып турат. Мында уз көркөм оюмдардан сайма көчөттөрдү туунду катары чыгарат. Ошондуктан уз үчүн шырдак жасоодогу же туш кийиз саюудагы сары саптоочу изденүү жеңилдей туюлган. Анын буюм-тайымдарындагы оюм-көчөттөрү бири бирине жеңил-желпи өтөт. Айым коздук жаратууда төкмөчүлүк (провизатор) касиетке эгедер уз болгон. Эмгеги түстүү баттамада.

## УСУПОВА АЛЫЙМАН

Бычмачы-тикмечи-технолог. 1933-ж. Кемин районундагы Кичи-Кемин айылында төрөлгөн. Москва текстиль институтун, КМУнун экономика факультетин бүтүргөн. 42 жыл Октябрдын 40 жылдыгы атындагы фабрикада тигүүчү, мастер, цехтин начальниги, профкомдун төрагасы болуп иштеген. Эки Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Эл достугу ордендери жана медалдар менен сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин, СССР Жогорку Советинин, бир нече жолу Бишкек шаардык советинин депутаты болуп шайланган. Аялдардын эл аралык конгрессине катышкан.



Алыймандын узчулугу белек-бечкектерди жана кийим-кечектерди ар бир адамдын жаш өзгөчөлүгүнө жараша кылып эптүү, жарашыктуу элдик үлгү тигүүдөн билинет. Алыйман менен уз Эрке Жапарова эриш-аркак узданат. Бирөө үлгүнү бычып-тигет, экинчиси ага көркөм оюм-көчөт түшүрөт. Алыйман «Бакай калпак», «Кошой калпагы», «Семетей калпагы», «Жаштар калпагы», «Карыялар калпагы», «Сейтек калпагы», «Кан калпагы» өңдүүлөрдүн өзүнчө серияларынын үлгүлөрүн жаратты. «Манас—1000» маарекесине карата ал жүздөгөн кийиз, кездеме, таар буюм-тайымдарын, белек-бечкектерин жасап, сатууга чыгарды. Анын өзүнчө узчулук ыкмалары аркылуу жараткан ичик, чепкен, кемсел, бешмант, кементай, шым, чыптама, кош этек сыяктуу кийимдеринин үлгүлөрү «Манас 1000» маарекесине кийип чыгууга шартташкан.

**Катышкан кароо-сынактары, көркөм көргөзмөлөрү жана алган сыйлыктары.**

1993-ж. Көркөм кол өнөрчүлөрдүн Бишкектеги (Военно-Антоновка) кароо-сынагы. Кийим үлгүлөрү үчүн 1-орун, диплом.

1993-ж. Көркөм кол өнөрчүлөрдүн жана сүрөттү сүйүүчүлөрдүн Бишкекте өткөн республикалык кароо-сынагы. Белек-бечкектери үчүн 1-орун.

## ҮМӨТААЛИЕВА ДИЛДЕ

Өрмөкчү, термечи. 1938-ж. Талас районундагы Чат-Базар айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзунун фондусунда өрмөкчүлүк боюнча узданат. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Дилденин энеси Милия Турдукеева (Талас району, Чет-Базар айылы) — көрүнүктүү термечи, оймочу, түймөчү. Ага айылдашы Нурбүбү уздун да таасири зор болгон. Дилде узчулукту тестиер чагында абалы туш кийиз саюдан баштаган.

Дилденин терме көчөттөрү ар кыл, геометриялык кештелердин негизи менен сөлөкөттөрүн (фону) дааналап түшүрөт. Боз үйдүн жасалгасына карай анын терме таарлары 4 *см*ден 70 *см*ге дейре эндүүлүктө токулат. Ал уук тизгич (тизгич, уук чалгыч), кереге чалгыч (кереге баш чалгыч), эшик боо, үзүк боо, түндүк боо, туурдук боо, кереге таңуу өңдүүлөрдүн кө-



чөттөрүн согууга маш. Алардан башка шалча, баштык, ат жабуу (дикак) да кармайт. Тегирич согот. Аны кураштырып, шалча кылып жерге салууга, дубалга тартууга ылайыктайт. Көчөт четине өзүнчө түр түшүрүүгө өтө уз. Андай түр көчөт «бычак учуна», «араа тишке», «аламончокко», «чычкан изине», «бадам оюмга» ж. б. үндөшөт. Термечи тегиричинде түгөйлүү 44 жипти өрмөктүн эки четине келтирип, аны «тумарча көчөтү» деп атайт. Анын ортосуна «кыял көчөтүн» салат. Муну «мүйүз кыял» деп атайт. Бул көчөт айрым айылдарда «чагармак көчөтү», «мүйүз оюму» деп да аталат. Дилде ушул мүйүз сымалданган көчөттү терип чалууда көк менен кызыл тал жиптин теңин эриштин артына (ургаачысы), теңин үстүнө (эркеги) чыгарып күзүктөйт. Дилденин бир өзгөчөлүгү — көпчүлүк өрүмчүлөрдөн айырмаланып, өрмөктө көркөмдүк түшүрүү ыкмасында көчөттүн ортосунан бир кызыл жипти чалып терүүдөн баштайт. Анан жуп жети жиптин төртөө, мурунку беш жиптин үчөө гана терилет да, жогорудагыдай симметрия сызыгы пайда болот. Дилде жүл жана арабы килемдерин да токуйт. Килем дүкөнүн курууну коңшулаш казак туугандардан үйрөнгөн. Ал өрмөктүн букары (кажары), беш кеште өңдүү кооз түрлөрүн түгөйү менен кармайт. Өрмөктүн көркөм көчөттөрүнүн элүүдөн ашык кооз түрүн жатка терет. Мисалы, өрмөкчүлүктө көркөм көчөт түшүрүүнүн татаал түрү болгон эки жүздүү термени согот. Мында буюмдун эки жагына тең көркөм көчөт түшүрүлөт. Бул ыкма менен боз үйдүн жел боосун (түндүк боо) согуу үчүн өрмөктөгү күзүк байланбаган жипти — сол жип (ургаачысы) деп, күзүк байлаган жипти — оң жип (эркеги) деп сого баштайт. Бир жүздүү термеде ак жипти жүгүртө баштаса, ал сол жип деп аталып күзүктөлөт. Демек, эки жүздүү термеге көркөм көчөт берүү-чалуу керек болсо кара жип күзүктөлүп, анан бир курдай күзүктөлбөйт. Кийинкисинде ошол ак жип күзүктөлөт. Андан кийин кара жип эки ирет күзүктөлбөй өтөт да, эми ак жип кайра күзүктөлөт. Ошол эле ак жип кийинкисинде бир жолу кайрадан күзүктөлбөй калат. Ушундай ирээт каалаган өлчөмгө чейин кайталанат. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, карoo-сынактары жана алган сыйлыктары**

1976-ж. «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык карoo-сынагы». Терме таар шалчасы үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин II даражадагы дипломy;

1978-ж. Фрунзе (Бишкек) шаарынын 100 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык карoo-сынагы». Таар буюмдары үчүн Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык карoo-сынагы». Таар шалчаасы жана майда терме буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык карoo-сынагы». Терме таар буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССРинин Ардак грамотасы;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Таар буюмдары үчүн ЭЧЖРКнүн III даражадагы дипломy, медалы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Терме таар үлгүлөрү менен катышкан.

## ҮМӨТААЛЫ КЕЛИНИ АНЫЙПА
(1912—1984)

Өрмөкчү. Кара-Кулжа районундагы Кызыл-Жар айылында төрөлгөн. Атасы Жусуй чоң мечиттеги атактуу казылардан болгон.

Аныйпадан өрмөкчүлүктүн бир түрү болгон — беш кеште термеси жазылып калган. Ал бул ыкманы жүзөгө ашырууда ак жүндөн жипти ичке ийирип, чыйрак чыйратат. Өзү каалагандай эндүүлүктө өрмөктү куруп, анын эришин актай согуп баратканда кызыл-көк жиптин бирөөсүн үстүңкү жипке илип тыкан байлаганда, «көптүрмө саймадай» түр түшүрүлөт. Мында адыргыны көтөрүп, кылычты согуп, аркакты кайра өткөрүп, берки түр жипти үстүңкү жипке байлап отурат. Чакан куржунду беш кеште ыкмасы аркылуу согууда чебер буюм бетинин ортосун «тандай саймасындай» көрсөтө алган. Куржундун эки четине «бака баш», ортосуна «айырмач» келип, бурчуна башы топ чачылынган «чаян түйүштү» берген. Ал эми анын килитин төрт кырдуу чалып, анын жээгине «имергич» менен «суу» (чычкан из) түшүргөн куржуну, жапсар баштыгы республикалык кароо-сынактарга катышып, байге алып турган. Эмгеги баттамада.

## ҮРКҮНБАЕВА КАЛБҮ

Термечи, өрмөкчү. 1942-ж. Алай районундагы Кичи-Каракол айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. 1961—80-жылдары дүкөнчү, кийин мектепте китепканачы болуп иштеген. Калбү



уздукту 12 жашынан баштаган. Апасы Ашиева Сара чыгаан өрмөкчү, атасы Сарыбай уулу Үркүнбай айтылуу зергер болгон. Калбү 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Калбүнүн жасаган үлгүсү жалгыз нуска катары көрүнүүдө. Анын бөтөнчөлүгү өрмөктү өтө эндүү курат. Муну өрмөкчүлүктүн жогорку чеги катары кароого болот. Андан керегe таңгыч менен шалча жасалат. Буюмдун эни 70 *смге* жетет. Калбү терменин ортолук көчөтү үчүн түгөйлүү жүз жипти кара-кызыл өңдө кузүктөйт. Четине «кырк шак көчөтүнүн» бир жагы түшөт. Анда түгөйлүү он алты жип болот. Мунун экинчи тарабы да он алты тал жиптен турат. Көркөм көчөттөрдү ич ара бири биринен айырмалай турган «суусуна» («чычкан изине», «ала мончогуна») үчтөн алты тал жуп жип кетет. Анан ак жип менен кара жиптен «секиртме» түшүрөт. Алай аймагына мүнөздүү көркөм көчөттөр «тээкче» (кулундун ноктосунун учуна тагуучу мүйүз того), «сыңар ийин» (түгөйү менен бирдей эле жип бир из менен терилет) болуп саналат. Ал эми «тээкче көчөтү» жана «бото мойнок көчөтү» үчүн он үчтөн жип тандалат. Калбү эки жүздүү терме да согот. Мында ал чеберчиликтен чеберчиликке көтөрүлөт. Алайлыктар термени «кеште» дешет. Ал «кооз түр түшүрүү» дегенди түшүндүрөт. Эки жүздүү терме үчүн «ит таман көчөтүнө» тогуз жипти керектейт. Анан жалпы эле таар көчөттөрүнө «баргекче көчөтүн» көбүрөөк колдонот. Аны көбүнчө туурдук боо, үзүк боо, жабык баш боо өңдүүлөргө берет. Баш чалгычка (керегe чалгыч) он үч жип, жел боого (түндүк боо) 25 тал жип кузүктөйт. Жел боонун бетинин энине чачы төгүп, седеп тагуу аркылуу көркөмдөйт. Калбү кажары ат жабуу да согот. Ага «кыйдым» деген кештени түшүрөт. Мында көркөм көчөт кыйгач келет да, ага беш-жети тал жип керектелет. Муну шалча катары согуп, дубалга тартат, керебетке, жүккө, диванга жабат, жерге төшөйт. Ал түксүз килем катары баалanat. Буюм жалаң жүндөн ийрилип, согулуп урунууга бышык келет.

Калбү боз үйдүн терме боо, кажары боосуна «боорсокчо, »кыйдам», «айры гүл» жана түрдүү көчөттөрдү түшүрөт. Кара боо — жүз жиптүү кырк шак. Бул боз үйдүн керегe-таңуусуна колдонулган. Уз. «60 жиптүү ай нуска» (кырк шактын бир шагы), «кочкор мүйүз», «кош кочкорок», «бото мойнок», «сыңар ийин», «тогуз төбө», «баргекче», «тээкче», «чөмүч баш», «седепче», «тоок көз», «ит тапан» ж. б. көчөттөрдү түшүрө билет. Андан башка эки жүздүү терме менен эки бетине тең кеште түшүрүп,

баш чалгыч жана жел боо согот. Кештелердин баарына кызыл, жашыл, көк, сары, кара, ак түс колдонот. Мындан тышкары териден түрдүү кийим-кечектерди: тон, тебетей, ичик, кол кап, бостек жасайт. Чийден боз үйдүн ашканасын, канат чийин согот, чий баштык, териден тулуп, супура, баштык жасайт. Шырдак, ала кийизге узданат, килем токуйт. Аяк кап, туштук, жаздык, керебет жапкыч, туш кийиз, ат жабдыктарын саймалайт. Куракты «торпок көз», «каптама», «кыйдам», «беш жылдыз», «кайчылаш» өңдүү көчөттөрүн билет. «Жылан боор өрүмүн», «оң-сол өрүмүн», «бетме-бет өрүмүн», «чатыраш өрүмүн» аткарат. Шырдакта ар бир оюмдун аралыктарына «бармак бооч» коюп, ага «араа тиш» тартып чыгат. Бул ыкма башкаларда кездешпейт. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. «Областтык кол өнөрчүлөрдүн кароо-сынагы». Таар буюмдары үчүн I даражадагы диплом;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Кереге таңуу, аяк кап, терме боолору үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин диплому;

1985-ж. Жеңиштин 40 жылдыгына арналган Бүткүл союздук кароо. Терме боолору үчүн ВЦСПСтин, Маданият министрлигинин жана Сүрөтчүлөр союзунун ардак дипломду;

1987-ж. СССР ВДНХсында өткөн «Кыргыз ССРинин колдонмо өнөрүнүн көргөзмөсү»;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук экинчи фестивалы», Лауреаттык диплом, алтын медаль;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». ЭЧЖРКнүн III даражадагы дипломy, медалы;

1990-ж. Республикалык «Жаш таланттар» фестивалы. Кол өнөрчүлөрдүн ийриминин жетекчиси катары Ардак грамота;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Таар буюмдары менен катышкан.

## ҮРҮСТӨМОВА ЛАХИЯ

Өрмөкчү, саймачы жана куракчы. 1928-ж. Баткен районундагы Рават айылында төрөлгөн. Билими 5-класс. Узчулук нусканы кайын энесинен алган.



Лахия узчулуктун бардык түрлөрүн кармайт, айрыкча кара терме таарын арбын согот. Андан көбүнчө шалча кылат. Буюму терменин бир нече көркөм көчөттөрүнөн турат да, алар тегирич энинде согулган муну бири-бири менен бириктирет. Лахия «омуртка көчөтүн», «чымын канат көчөтүн», «жарым кыял көчөтүн», «ийрек көчөтүн», «ит куйрук көчөтүн», «кайкалак көчөтүн» ж. б. жасалуучу үлгүнүн көркөм каражаты катары алат. Ал акты — кара, кызылды — көк менен үндөштүрөт. Ошондо буюмдун түрдөнүп турушу үчүн жээк көчөттөрү, «чычкан издери» түшпөйт. Кийиз тердик уютат. Анын жердиги көбүнчө карадан, боздон алынат да, жээктерине кыркалай сайма түшөт. Ага айрыкча жээктери ичке берилген, четине суу түшкөн «кыял оюмунун», «жарым кыял оюмунун» бир ирээти алынып, секиртме саймалар жарашык ыйгарат.

## ҮРҮСТӨМ УУЛУ АДЫШ

Жыгаччы. 1922-ж. Нарын районундагы Жерге-Тал өрөөнүндө төрөлгөн. Башталгыч мектепти бүткөн. Адыштын нускоочусу Мусаалы деген уста кашыктай кылып ээр чапкан. Үй жыгачын ойдогудай кармаган. Мындан сырткары Ысрайыл устанын (Ысык-Көл району, Көк-

Мойнок айылы) чеберчилиги аны узанууга бөтөнчө шыктандырган.

Адыш жапайы талды кыйып, аны дароо аарчып, ошол бойдон кургатып, анан кыкты кордоо аркылуу матоого алат. Боз үйгө жыгачтык жердикти күзүндө сентябрдан баштап кыят. Ошол мезгилде тал бышып, өсүүсүн токтотот (талды андан мурун кыйса, ичи көңдөйлөп калат. Анда тал көөп турган мезгил болот да, тезге койгондо бортулдак болот). Боз үйдүн сөөгү үчүн суу жээгиндеги талдар бышык келет. Адыш уста отуз жылдан ашык буюм кармап узанууда. Ага аталары Орозаалы Олжобай уулунун да таасири тийген. Ал ашкана буюмдарына узанып, кайыш ийлеп, өтүк ултарган, капкан салган адам болгон. Эмгеги баттамада.

## ҮРҮСТӨМ УУЛУ САИТ

Зергер. 1925-ж. Чоң-Алай районундагы Жар-Башы айылында төрөлгөн. Азыр Дароот-Коргон айылында жашайт. Кыйла жылдары райондук камсыздоо бөлүмүндө эмгектенген. Жети атасы Дүңкөдөн баштап, чоң атасы Элчи, анын атасы Кал, өз атасы Үрүстөм айтылуу усталардан болгон. Атасы Үрүстөм күмүшкө узанган, кийин шартка жараша темир кармаган, кара уста аталган. Ортолук чарбада узанган. Бүлүнгөн-сынган айыл чарба шаймандарын оңдоп, аларга тетик жасаган. Жыгач көмүр ордуна көбүнчө таш көмүр үйлөткөн. Саит атасынын устачылык нускасын алган.

Саит сынган темирлерди карматууга өзүнчө кепшер кылуу үчүн ак калай (олобо) менен бухары күмүштү белгилүү өлчөмдө кошуп, данакер сээп эритет. Ошондо өзүнчө катуу бир ак зат пайда болот. Аны майдалап туруп, ага дагы данакер кошуп, кичине нымдап, сынган же жарака кеткен жерге данакер сүртүп, үйлөмө көрүк менен аны кармаганда жылт-жылт эрийт. Эригенде суу себет. Ошондо данакер бекем кармайт. Тез кепшерде сары жез данакер менен бирге жасалат.

Саит Алай, Чоң-Алай тараптагы оозго алар зергер катары кыз-келиндердин жасалгаларынын теңинен көбүнө узанат. Анын жекече ыкмасында темирге күмүштү жалатуу, күмүштү согуу-сомдоо, күмүштүн бетин чегүү (чапкылоо) аркылуу оюм-сай түшүрүү өңдүүлөрү башка зергерлерден айырмаланат.

## ҮСӨНОВА ЗААРЫ

Куракчы, саймачы, килемчи, өрмөкчү. 1956-ж. Кадамжай районундагы Тамаша айылында



төрөлгөн. Оштогу технологиялык техникумду бүтүргөн. «Мурас» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узданууучу чебери. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Уздук нусканы апасы Турдубай кызы Турдудан, таенеси Ырысбүбүдөн алган.

Заарынын балышындагы беш үйлүү кунаба курагынын тегереги «чымын канат көчөтүнөн» берилип, анда жети элемент бир «үзүлдү» (оюм көчөт) түзүп, алардын араларын (көз) төрт бурчтук бөлүп турат. Анын татаал курактарында төрт үйдүн (табакча) ар биринде дагы төрт үй пайда болуп, ар бири өзүнчө табакчаны түзөт. Төрт кара-актан ал каттама курактын өзөгү кызылдан берилет. «Кош чымын канат көчөтү» же «каркыра көчөтүнөн» турган анын жээктери актан алынышы салттуулукту билгизет.

Заарынын балыш (жаздык) саймалары төрт табакчадан берилет. Анын ар биринин короологон сегиз кайкалагы (кочкор мүйүз) ичинен «кош кайкалак көчөттөрү», «карга тырмак көчөтү» аркылуу биригип, алар ак түстүү кызыл жээк менен курчалып, төрт ошондой көчөттөр биригип, аралары аламончоктолуп бир табакчаны түзөт. Кийиз жердикке сайманын «илме дос сайма», «басма сайма», «илме сайма» өңдүү түрлөрүн такай кармаган уз килем токуйт, өрмөк согуп, шалча жасайт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Балыш жаздыктары жана сайма текчеси үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Сайма үлгүлөрү менен катышкан.

## ЧААРОВА МОЙДУМКАН
(1935—1990)



Оймочу жана саймачы. Ат-Башы районундагы Ак-Муз айылында төрөлгөн. Нарын шаарындагы бир жылдык айыл чарба мектебинин ветеринария бөлүмүн бүтүп, мал чарба жана ветеринария мекемелеринде иштеген. Уз таенеси Айымбүбү, энеси Абия, кайынэнеси Аныйпалардын нускаларын алган. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Нарын филиалын уюштуруучулардын бири катары таанылган. Анын үйдөн уздануучу чебери. Узчулукту кыз кезинен баштап, өз себин өзү камдашууда энелин оң колунда олтурган. Кийиз уютууда, жүн тытууда, жүн сабоодо, жүн чабактоодо, ала кийизге оюм түшүрүүдө, жүн ийирүүдө, чыйратууда, челдөөдө, түйдөктөөдө Мойдумкан эненин нускоосу алдында көпчүлүгүн өзү бүтүргөн.

Мойдумкан «Салбай оюмду» арбын пайдаланат. Бул оюм ала кийиз, шырдак буюмдарына мыкты түшөт. «Кочкор мүйүз оюмунун» башына «карга тырмак оюмун» келтирип, кош кийизди беттей оёт. Аламычын актан «бычак учулантат». Мында өз өзүнчө табакчаланбай, үзүлкесилсиз жалпы оюм болуп түшөт. Уздун балаты бутактанып кеткен бул буюмдарынын боёгу кызыл-көктөн тандалат. Ал шырдак оюмдарына «милте» коёт жана мизилдете шырыйт. Мойдумкан боз үй көтөрүп, аны жасалгалаган, шырдак оюмда, туш кийиз саймада, өрмөктө, чыгдан чырмакта өз чыгармачылык жүзүн көрсөткөн. Анын ичинен шырдактары, ала кийиз буюмдары өзүнчө «кызыл поэма» болуп көрүнөт. Шырдактарында ортолук оюмдар төрт табакчалардан берилет да, ар биринде төрт мүйүз оюму бир бүтүмдү түзөт. «Мүйүз оюму» мында да чебер үчүн бай көркөм каражат. Борбордук оюмдун четинде жарыш табакчасы колтук оюм болуп көрүнөт. Уз кийизди калың уютат. Сыртталган (кара кийиз) кийизге шырык түшөт. Өз ара ширетилгендей болуп, урунууда кийиз көпшөктөлбөйт. Оюмдар көлөмдүү алынып, шырдак эндүү жасалат. «Ит куйрук оюму», «бадам оюму», «бычак учу» (араа тиш), «кочкерек оюму», «аламычтык» милдет аткарат. Уз «аламычын» «бадам оюмдан» берет да, ар бир табакчада эки «кочкор мүйүз оюм» эки «карга тырмак оюм» менен биригип, чети жагалмай канат болуп көрүнүшү шарттуу. Ортолук оюм менен четтик оюмдун араларына «ит куйрук оюму» «аламычтык» катыш жасайт. Шырдак чети чалынган жээк милтесинен кийин «аламыч» түшөт. Уздун жалпы оюмунда «колтук оюм» түшпөйт да, кийизде жалпы оюм салттуулукту жана шарттуулукту билгизет. Табак оюмдарында да так ушундай үзүл-кесил берүүсү аркылуу уз салттуу үлгүнү сактап жана аны андан ары өнүктүрүп, үйрөнчүктөрүнө нускалоодо.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Шырдак буюмдары үчүн III даражадагы диплом;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын областтык кароо-сынагы». Шырдак буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

Мойнок айылы) чеберчилиги аны узанууга бөтөнчө шыктандырган.

Адыш жапайы талды кыйып, аны дароо аарчып, ошол бойдон кургатып, анан кыкты кордоо аркылуу матоого алат. Боз үйгө жыгачтык жердикти күзүндө сентябрдан баштап кыят. Ошол мезгилде тал бышып, өсүүсүн токтотот (талды андан мурун кыйса, ичи көңдөйлөп калат. Анда тал көөп турган мезгил болот да, тезге койгондо бортулдак болот). Боз үйдүн сөөгү үчүн суу жээгиндеги талдар бышык келет. Адыш уста отуз жылдан ашык буюм кармап узанууда. Ага аталары Орозаалы Олжобай уулунун да таасири тийген. Ал ашкана буюмдарына узанып, кайыш ийлеп, өтүк ултарган, капкан салган адам болгон. Эмгеги баттамада.

## ҮРҮСТӨМ УУЛУ САИТ

Зергер. 1925-ж. Чоң-Алай районундагы Жар-Башы айылында төрөлгөн. Азыр Дароот-Коргон айылында жашайт. Кыйла жылдары райондук камсыздоо бөлүмүндө эмгектенген. Жети атасы Дүңкөдөн баштап, чоң атасы Элчи, анын атасы Кал, өз атасы Үрүстөм айтылуу усталардан болгон. Атасы Үрүстөм күмүшкө узанган, кийин шартка жараша темир кармаган, кара уста аталган. Ортолук чарбада узанган. Бүлүнгөн-сынган айыл чарба шаймандарын оңдоп, аларга тетик жасаган. Жыгач көмүр ордуна көбүнчө таш көмүр үйлөткөн. Саит атасынын устачылык нускасын алган.

Саит сынган темирлерди карматууга өзүнчө кепшер кылуу үчүн ак калай (олобо) менен букары күмүштү белгилүү өлчөмдө кошуп, данакер сээп эритет. Ошондо өзүнчө катуу бир ак зат пайда болот. Аны майдалап туруп, ага дагы данакер кошуп, кичине нымдап, сынган же жарака кеткен жерге данакер сүртүп, үйлөмө көрүк менен аны кармаганда жылт-жылт эрийт. Эригенде суу себет. Ошондо данакер бекем кармайт. Тез кепшерде сары жез данакер менен бирге жасалат.

Саит Алай, Чоң-Алай тараптагы оозго алар зергер катары кыз-келиндердин жасалгаларынын теңинен көбүнө узанат. Анын жекече ыкмасында темирге күмүштү жалатуу, күмүштү согуу-сомдоо, күмүштүн бетин чегүү (чапкылоо) аркылуу оюм-сай түшүрүү өңдүүлөрү башка зергерлерден айырмаланат.

## ҮСӨНОВА ЗААРЫ



Киракчы, саймачы, килемчи, өрмөкчү. 1956-ж. Кадамжай районундагы Тамаша айылында төрөлгөн. Оштогу технологиялык техникумду бүтүргөн. «Мурас» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин үйдөн узданууучу чебери. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Уздук нусканы апасы Турдубай кызы Турдудан, таенеси Ырысбүбүдөн алган.

Заарынын балышындагы беш үйлүү кунаба курагынын тегереги «чымын канат көчөтүнөн» берилип, анда жети элемент бир «үзүлдү» (оюм көчөт) түзүп, алардын араларын (көз) төрт бурчтук бөлүп турат. Анын татаал курактарында төрт үйдүн (табакча) ар бириндe дагы төрт үй пайда болуп, ар бири өзүнчө табакчаны түзөт. Төрт кара-актан ал каттама курактын өзөгү кызылдан берилет. «Кош чымын канат көчөтү» же «каркыра көчөтүнөн» турган анын жээктери актан алынышы салттуулукту билгизет.

Заарынын балыш (жаздык) саймалары төрт табакчадан берилет. Анын ар биринин короологон сегиз кайкалагы (кочкор мүйүз) ичинен «кош кайкалак көчөттөрү», «карга тырмак көчөтү» аркылуу биригип, алар ак түстүү кызыл жээк менен курчалып, төрт ошондой көчөттөр биригип, аралары аламончоктолуп бир табакчаны түзөт. Кийиз жердикке сайманын «илме дос сайма», «басма сайма», «илме сайма» өңдүү түрлөрүн такай кармаган уз килем токуйт, өрмөк согуп, шалча жасайт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Балыш жаздыктары жана сайма текчеси үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Сайма үлгүлөрү менен катышкан.

## ЧААРОВА МОЙДУМКАН
(1935—1990)



Оймочу жана саймачы. Ат-Башы районундагы Ак-Муз айылында төрөлгөн. Нарын шаарындагы бир жылдык айыл чарба мектебинин ветеринария бөлүмүн бүтүп, мал чарба жана ветеринария мекемелеринде иштеген. Уз таенеси Айымбүбү, энеси Абия, кайынэнеси Аныйпалардын нускаларын алган. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Нарын филиалын уюштуруучулардын бири катары таанылган. Анын үйдөн узданууучу чебери. Узчулукту кыз кезинен баштап, өз себин өзү камдашууда эненин оң колунда олтурган. Кийиз уютууда, жүн тытууда, жүн сабоодо, жүн чабактоодо, ала кийизге оюм түшүрүүдө, жүн ийирүүдө, чыйратууда, челдөөдө, түйдөктөөдө Мойдумкан эненин нускоосу алдында көпчүлүгүн өзү бүтүргөн.

Мойдумкан «Салбай оюмду» арбын пайдаланат. Бул оюм ала кийиз, шырдак буюмдарына мыкты түшөт. «Кочкор мүйүз оюмунун» башына «карга тырмак оюмун» келтирип, кош кийизди беттей оёт. Аламычын актан «бычак учу-лантат». Мында өз өзүнчө табакчаланбай, үзүлкесилсиз жалпы оюм болуп түшөт. Уздун балаты бутактанып кеткен бул буюмдарынын боёгу кызыл-көктөн тандалат. Ал шырдак оюмдарына «милте» коёт жана мизилдете шырыйт. Мойдумкан боз үй көтөрүп, аны жасалгалаган, шырдак оюмда, туш кийиз саймада, өрмөктө, чыгдан чырмакта өз чыгармачылык жүзүн көрсөткөн. Анын ичинен шырдактары, ала кийиз буюмдары өзүнчө «кызыл поэма» болуп көрүнөт. Шырдактарында ортолук оюмдар төрт табакчалардан берилет да, ар биринде төрт мүйүз оюму бир бүтүмдү түзөт. «Мүйүз оюму» мында да чебер үчүн бай көркөм каражат. Борбордук оюмдун четинде жарыш табакчасы колтук оюм болуп көрүнөт. Уз кийизди калың уютат. Сыртталган (кара кийиз) кийизге шырык түшөт. Өз ара ширетилгендей болуп, урунууда кийиз көпшөктөлбөйт. Оюмдар көлөмдүү алынып, шырдак эндүү жасалат. «Ит куйрук оюму», «бадам оюму», «бычак учу» (араа тиш), «кочкерек оюму», «аламычтык» милдет аткарат. Уз «аламычын» «бадам оюмдан» берет да, ар бир табакчада эки «кочкор мүйүз оюм» эки «карга тырмак оюм» менен биригип, чети жагалмай канат болуп көрүнүшү шарттуу. Ортолук оюм менен четтик оюмдун араларына «ит куйрук оюму» «аламычтык» катыш жасайт. Шырдак чети чалынган жээк милтесинен кийин «аламыч» түшөт. Уздун жалпы оюмунда «колтук оюм» түшпөйт да, кийизде жалпы оюм салттуулукту жана шарттуулукту билгизет. Табак оюмдарында да так ушундай үзүл-кесил берүүсү аркылуу уз салттуу үлгүнү сактап жана аны андан ары өнүктүрүп, үйрөнчүктөрүнө нускалоодо.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата «Элдик кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Шырдак буюмдары үчүн III даражадагы диплом;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын областтык кароо-сынагы». Шырдак буюмдары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Шырдак буюмдары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы;

1989-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин 20 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Сайма туштугу үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы.

## ЧАЛАНОВ ИШЕН

Көнчү уста. 1958-ж. Кочкор районундагы Теңдик айылында төрөлгөн. Бишкектеги көркөм окуу жайын бүтүргөн. № 92 көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык, кийин Чуйков атындагы сүрөтчүлөр окуу жайында мугалим-чебер болуп иштейт.

Ишен териге басма кылып көркөмдүк түшүрөт. Мында элдик ыкманын аздыр-көптүр бөтөнчөлүктөрүн сактайт. Басма ыкмасы — чийим шибегени колдонуу. Анын экинчи узануусу — бир сызык аркылуу чийим түшүрүүсү. Бул түр да элдик мүнөзгө эгедер көрүнөт. Чеберде «чаптама ыкмасы» бар. Ал — басмырлап түшүрүү (бастыруу). Ал бетине боёк жабуу ыкмасын да билет. «Кайып тигүү» ыкмасын кол учунан аткарат. Ал кадимки «көктөө жолу» болуп көрүнөт да, чыраштalып тигилет. Теричиликти кармаган чебер жарым-жартылай зергер да аталат. Ал тери бетине күмүш, нейзильбер, мельхиор, датчалбас, жез, мис, коло сыяктуу металлдарды чабуу чеберчиликтерин да үйрөнгөн. Анын «тогуз төбөлөө» (айнек, акак таш, пластмасса чөгөрүү) сыяктуу салттуу нускаларды кармай билиши — узануунун кан жолун нарктуу тутушу. Ишен териге көркөмдүк түшүрүүдө анын бетин жылтыратуу үчүн момду (аары балынын шакели, чөбөгөсү) пайдаланат. Ал суу өткөрбөйт. Теринин касиетин узакка сактайт. Мом менен таза теринин бетин сүртөт. Булгаары бетине кооз оюм-чийим түшүрүүдө ныктоочко басуу менен чебер клише жасайт. Аны кармоодо цинк темирдин бетине басмаканалык боёктор аркылуу оюм-чийим түшүрөт. Анан азот кислотасына салып, темирди жедирүү жолу менен жүзөгө ашырат. Мында темирдин боёгу бар жери өйдө чыгып, боёк тийбеген жери азот кислотасына сүртүлүп жоюлат. Натыйжада, рельефтик (бетине түшкөн коздук) оюм-чийимдер пайда болот. Андан кийин ныктооч белгилүү өлчөмдө ысытылып, алдына жумшак резина төшөлөт. Буюмга ченеп бычылган тери коюлат да, үстүнө клише катуу кысуу жолу менен бастырылат. Ысыктыкта бир нече секунда турган тери бетиндеги оюмдар кашкаят. Чебер аппликация ыкмаларын да колдонот. Аппликация — курандылоо, кол өнөрчүлүктө «курак». Түрдүү түстөгү терилерди кесип, ирээти менен чаптап чыгат. Бул — булгаарынын өөн-бучкактарын кайра иштетүүнүн сыйда жолу.

## ЧАЛБАЕВА БАТИНА ЖАМАЛБЕК КЫЗЫ

Саймачы. 1969-ж. Кочкор районундагы Кара-Суу айылында төрөлгөн. Бишкектеги № 92 «Мураскер» элдик көркөм кол өнөрчүлүк окуу жайынын саймачылык бөлүмүн бүтүп, «Кыял» Бирикмесинде узданат. Кыргыз педагогикалык институттун маданият факультетинин узчулук бөлүмүндө окуйт. Ага энеси Айнагүлдүн кармаган чий, сайма, кийиз буюмдары зор багыт берген. 1992-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Батина буюмдарына композиция түзүп, бир туюнтманы берүүгө оңтойлошкон мазмунду көчөт табакчалары аркылуу элестүү берет. Анын туштуктарында илме сайма, илме дос саймасы эриш-аркак түшөт да, негизи кара жердикке кызыл-көк түстү алып, бир табакчада жалпылап, төрт оюм көчөттү бере алат. Көгүчкөн канаттанып, тынчтыкты даана элестеткен жээк көчөттөрүнөн ачык айырмалоо үчүн ак түстө «суу» жүргүзөт.

Батина элдик кийимдердин ичинен чыптама, чепкен, кемсел, белдемчинин жердигине көбүнчө баркутту, чийбаркутту кочкул көк өңдө алып, мулина жип менен «кыял оюмунун» негизинде өзүнүн жарым көчөтүн кыйыштырат. Уз кызыл-көктү алдыга чыгарып, сарыны аларга жагызып, жээк көчөтүнө жашылдан «суу» түшүрөт. Аны ачыгыраак көрсөтүү үчүн «араа тиш» (саймада муну «ийрек» деп да коёт) жүргүзүп, ортолорун илме дос саймасы аркылуу көк-кызыл түстө толтурат. Ал чий буюмдары үчүн күңүрт, мала күрөң, боз, көгүш өңдөрдү тандап, бири бирине табыгый өткөрүп турат. Чырмак көчөттөрү күз маалын баамдатат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзун уюштуруу курултайынын көргөзмөсү». Сайма үлгүлөрү үчүн ЭЧЖРКнүн дипломү, медалы;

1992-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун сатуу көргөзмөсү». Сайма, чий туштуктары менен катышкан.



## ЧЕКИРОВА ГҮЛБАЙРАМ

Оймочу жана бычмачы. 1917-ж. Жумгал районундагы Таш-Дөбө айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда колхоздо уй фермасынын башчысы, кийин бала бакчада тарбиячы болуп иштеген. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Гүлбайрам элдик кийим-кечектерди бычыптигүү жагынан бөтөнчө айырмаланат. Атайын өтүнүчтөрдү аткарат. Сайма да саят. Ал кумарлануу менен көркөм элементтерди кыйыштырып, бири бирине ойдогудай улаштырып, оюмдан оюм чыгарат. Мында кыргыз жеринин жаратылышын, элинин наркын даана берет. Анда кийиз буюмдарына көркөм оюмду кыябына келтирип кынаптоодо өзүнчө жаңычылык бар. Андагы коздук «кыял оюмдан» турат. Ал оюм өзүнчөлүктү баамдатып, жалпы окшоштукка карабай, жекече чыгармачылык туюмун түшүндүрөт. Узда оюмдан оюм чыгаруу, ойдон ой жаратуу кудурети зор. Негизги оюмдан туунду оюм жаратуу өзгөчөлүгү бар. Шырдактарында четтик оюм жекече кыялдан жаралса, ортолук оюмдары табакча-табакча болуп түшүп, «кочкор мүйүз оюмдардан» турат. Кара-актан берилген «чагармак» шырдактын «аламычы» болот. Уздун ортолук менен четтик оюмунун ич ара көркөмдүк катышында так ыргак, ачык ыраң, оюм-чийимдеги тең салмак өзүнчө жупташуу касиетине эгедер. Демек, «чагармак оюм» «кочкор мүйүз оюмдун» бир түрү катары сезилип, ала кийиз, шырдактарында «аламыч» катары ак-кара, сары-кара, сары-ак түстү түзөт. Ушундай шартта гана кызыл-көк, кызыл-жашыл өңдөргө жупташкан кийиз оюмдарынын буюмдук жүзү ачылат.

Уз ала кийиз уютууда ак, жашыл, кызыл, сары өңдөрдү ич ара жупташтырат. Четине «чагармак», «ит куйрук оюму», ак-кызылдан «аламыч» түшүп, буюм ортосунда төрт табакча үзүлкесилсиз берилет. Жердиги кызыл өңдүн ичинде «кош мүйүздүн» үстүнөн «кайкалак оюму» орун алат. Ал «карга тырмак оюму» менен да айырмаланат. «Кош мүйүз оюму», «карга тырмак оюму» бир табакчаны түзсө, экинчисинде тик берилген «ит тырмак оюму», «кош мүйүз оюму» аркылуу биригет. Ошентип, буюмдун ортолук табакчалары ирээти менен келет. Ал эми төрт бурч берилген бул табакчалардын эки четинде үч бурч (тумарча) «жарым табакча оюмун» элестетет да, ал жашыл жана ак түстө беттеп берилгенде жарашат. Уз шырдак менен ала кийиз оюмдарынын негизги элементтерин бири бирине алмак-салмак колдонот. «Салбай оюмун» шырдактын ортолугуна берсе, четки оюму үчүн «бадам оюмун» пайдаланат. Аны «кыял оюму» менен алмаштырса да болот. Ошондо ортолук жана четтик оюмдун чекелерин аттын кашкасындай айырмалоо үчүн «аламычты» «бычак учу» (араа тиш), «чагармак» өңдүүлөрдөн түшүрүүсү буюмду жарашыктуу көрсөтөт. Эгер ортолук оюм менен четтик оюму «кыял оюму» менен «мүйүз оюмдарынан» турса, алардын араларына «аламыч» катары «бадам оюмун» пайдаланат.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1990-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү. Кийиз буюмдары, баш кийимдери менен катышкан.

## ЧОКОЕВА БУРУЛ

Чырмакчы, өрмөкчү. 1940-ж. Кара-Кулжа районундагы Кан-Коргон айылында төрөлгөн. Билими толук эмес орто. Уздук таалимди абысыны Үмөтаалы келини Анынпадан алган.

Бурул ак өргөөнүн ички-сырткы жасалгаларына байланыштуу кара терме, кажары терме, беш кеште терме өңдүүлөргө арбын уздана. Анын чыгармачылык жүзү чий чырмакта бөтөнчө көрүнөт. Анын чыгданынын (ашкана) боёктору ток көк менен ток кызыл ортолук кө-

чөттүн эки табакчасын түзүп, анда мүйүз оюмдарынын («кочкор мүйүз оюму», «кош мүйүз оюму», «сыңар мүйүз оюму») ичинен кайрадан «мүйүз оюмдары» бетме-бет өзөк катары көчөт болуп берилет. Ошондо ток сары — ток кара, ток сары — ток көк түстөр да бири бирине айкалыша берет. Актан «аламончогу» бар табакчалардын колтук көчөттөрүн ал «жарым кыял оюмдарынан» алат. Жээк оюмунун ак жердигине уз ток карадан, ток кызылдан, ток көктөн «кыял оюмун» берет. Чыгдан башына кездемеден жээк алып, «илме дос саймасы» аркылуу балышка, жаздыкка түшүрүлүүчү көркөм көчөттөрү өз-өзүнчө үй (табакча) болуп түшүрүлөт. Уз сайма көчөттөрүн чий чырмак көчөттөрүнө үндөштүрө алат. Эмгеги баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Боз үйү үчүн ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломy;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык II кароо-сынагы». Чыгдан чийи, беш кеште таары үчүн Кыргызстан КП БКнын Ардак грамотасы. Чыгданы мамлекеттик музейге экспонатталган.

## ЧОЛПОНБАЕВ ЭРГЕШ

Уста. 1923-ж. Бакай-Ата районундагы Кең-Арал айылында төрөлгөн. Улу Ата Мекендик согушка катышкан. Кызыл жылдыз ордени, ондогон медалдар менен сыйланган.

Жыгаччылыкта кырма идиштерин кармайт. Ээр чабат. Ээри абдан бышык келет. Анын жекече ыкмасындагы бөтөнчөлүк — ээрди тамеки тизе турган жибек жип менен желимдеп, уйдун чийки териси менен каптайт. Булгаары менен сынпостойт. Желдикти ээрге кынапталгандай тигет. Темир комуз, жыгач комуз да кармайт.

## ЧОТОНОВ АБДЫРАКМАН

Өрүмчү. 1915-ж. Бакай-Ата районундагы Үрмарал айылында төрөлгөн. Чарбанын ар кандай өнөктүгүнө жандуу катышкан. 1948-ж. шартка байланыштуу Өзбекстандын Наманган областындагы кыргыздарга ооп, малчылыкты кесип туткан. 1972-ж. туулган жерине кайтып келген. Райондук турмуш-тиричилик комбинатында үйдөн узануучу чебер болуп иштеген. Ат жабдыктарын өз бетинче сатууга күбөлүк алган. Уста тапшырма боюнча буюм-тайымдарды элге эң керектүү товар катарында тез чыгарууга мүмкүнчүлүк алган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.



Абдыракман устанын жараткан үлгүлөрү Таластын аяк-башына чабыттап, токулуп, ат жасалгаларынын мыкты нускаларына айланууда. Ал Жаңы-Жол районунун Кызыл-Жар айылында жашоочу бажасы Доскеев Нурдин устанын нускасын алган. Нурдин ары өрүмчү, ары зергер, жыгаччы-ээрчи, азыр да табында узанып, ат жабдыктарын Үч-Коргон базарына чыгарууда. Нурдинден «беш кашка өрүмдү» (беш тал кайыш жоонураак тилинет), «жети кашка өрүмдү» (кайышы саал ичкерээк тилинет) үйрөнгөн. Эки өрүмдө тең бир тал кайыш аркак болуп, өтө сыйда да, жөнөкөй да көрүнөт. Анын «он өрүм» дегени да бар. Аны өзү «куран төш» деп атайт. Анын төбөсүндө саал жал сымал кыры болгондуктан, айрымдар «жон өрүм», «жом өрүм», «жал өрүм» деп да аташат. Мындан да татаалыраак он бир тал аркылуу өрүм жаратып, аны «котур өрүм» же «он бир өрүм» деп атайт. Бул соода-сатыкка да өтүмдүү келип, талдары ичкерээк тилинет. Талдын жоондугу «жети кашка өрүмүнүн» жарымындай болуп, талдар экиге бөлүнүп, бир жагы беш, бир

жагы алты тал келет да, алты талдын бирөө бешөөнү карай өтүп турат. Ошентип, бир тал өрүм аркак болуп түшөт. Өрүмгө байланыштуу кайыштын, көктүн, тасманын жердигин абалы тандап, тегиз тилип алат. Он беш талдан кармалса «нокору өрүм» дейт. Кайышты тандоосун да, тилүүсүн да, өрүмүн да «он бир өрүмдөй» кылат. Мунун талдары да экиге бөлүнүп, бирөө аркак катары оңдон солго, солдон оңго өтүп турат. Мисалы, жүгөнү бир нече бөлүктөн турат. Анын узун жаагына чебер өз колу менен алты карыш, кыска жагы беш карыш, тумшугу төрт карыш, сагалдырыгына беш карыш тал тилет. Куюшканды «жети кашка өрүм» кылат. Алты карыш тилсе, өргөндө беш карыш болот. Өрүлбөй турган жери бир карыш келет. Тизгинди тилип, бир жагына бурап, керип коёт. Анын учу «чаян түйүштөлөт».

Союлган серкенин терисин дароо тасма кылат. Үзөңгүнүн көзүнө сабы жумуру ыргайдын учталган учун өткөрүп, бир адам кармап берет. Экинчиси терини эки элидей тилип, үзөңгүнүн жылчыгынан өткөрүп чирене тартат. Ошондо теридеги чели да, суусу да, майы да сыгылып чыгып, жалаң кыртышы калат. Аны Абдыракман камчы өрүмүнө пайдаланат. Ал таза, сыйда келип, андан жаралган өрүм кооз болот. Көк жыдытылат, тасма жыдытылбайт. Анын камчыларына он беш тал тилим аркылуу «жылан боор өрүмү» берилет. Өрүм үчүн узундугу үч карыш тасма тилинет. Ал өрүлгөндө эки карыш болуп калат. Камчынын түшкүнү үчүн өзүнчө тасма тилип, шибеге менен ичиндеги өзөккө каттай сайып бекитет. Камчыны шөкөттөөдө жез колдонот. Ал өз колунан 300дөй ат жабдык чыгарган. Небереси Кумар Оморов анын нускасын алууда. Ал өрүмдүн бир нече түрүн үйрөнгөн. Көмөлдүрүктүн, куюшкандын, басмайылдын, жүгөндүн, камчынын шөкөттөрүн жасайт.

Уста тери иштетүүчү атайын талкуу жасап алган. Кайышты ага коюп ийлейт. Колдон көн, шири, кайыш чыгаруусу анын даанышман өнөрү. Башкалар да Абдыракман устадан таалим алышууда.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Ат жабдыктары үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Өрүм ат жабдыктары үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Ат жабдыктары менен катышкан.

## ЧӨЛӨКӨ УУЛУ МОМУНБАЙ
(1909—1979)

Уста. Ак-Талаа районундагы Ак-Шыйрак тоосунун Кең-Кырчын жайлоосунда төрөлгөн. Төрөлгөнү он беш күн бою бала үн чыгарып ыйлабагандыктан асан чакыргандагы аты өчүп Момунбай аталган. Момунбай устакерчиликтин уусун аталарынан алган. Абалы таш чегип, тегирмен чуркаткан. Устакана уюштурган. Мергенчилик кылган. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда тегирменчилиги, мергенчилиги, устачылыгы аркылуу бир айыл элди багат. Атасы Чөлөкө камчы өрүмүн мыкты билген, Саяк ичинен чыккан Коңур уругун бириктирип, өзүнчө эл кылган адам болгон.

Момунбайдын устакерчилигинде куйма калып менен узануу шарттуу көрүнгөн. Түстүү металлдарды (күмүш, жез, мис, калай) эритүүдө алаа көөрүгү болгон. Анын топчу калыбын, оюм калыбын, мүйүз калыбын, ат жабдыктарынын шөкөттөрүнүн калыбын азыр устанын



уулу Сүйүнаалы ата мурасы катары тутууда. Ал түгүл чоң атасы Чөлөкөнүн бүлөөсүн да сактоодо. Момунбайдын аталары Эмилден калган мисти бастырып, оозунан оңой атылуучу алма баш мылтыгы болгон. Ителги жемсөөлөгөн дөшүсү, түрдүү түспөл берүүчү чапкылары бар. Таракты өзүнүн калыбына ысытып басып, түспөл берип, анан кезек, майда тиш чыгарган. Уулу Сүйүнаалынын уста чыкканына жетине албай:

«Алып бычак курчутар,
Атасынын бүлөөсү.
Кулагында шамы бар,
Ак калтар, суусар сүлөөсү»,—деп ырдаган.

Өзү шайыр, кең пейил адам болгон. Ал көптөгөн чеберлерге нускасын берген. Кош-Дөбөдөн Нурбай уста, Дөрбөлжүндөн Бешкүрөң ээрчи, Илияс уста, уулу Сүйүнаалы усталыкка таандык өнөрдүн бүтүндөй түрүн кармай билишет.

## ЧЫНЫБЕК КЫЗЫ ТЕЛЕГЕЙ

(Туулган, өлгөн жылдары белгисиз)

Оймочу жана саймачы. Тоң районунун Ак-Терек айылында төрөлгөн. Айтылуу Тилекмат уулу Чыныбайдын байбиче аялы болгон. Сөөгү Жети-Өгүз районундагы Сүттүү-Булакка коюлган.

Телегейдин уздугу ак өргөөлөргө тартылган жабык баш, туш кийиз, күзгү кап, текче, чыгдан, канат чий, эшик чий өңдүү көркөм оюм менен көчөт түшкөн үлгүлөрүнөн билинип, айрым буюм-тайымдары айыл ичинде сакталган, мамлекеттик, этнографиялык музейлерге экспонатталган. Уз кийизге «куш оюмун», «куш канат оюмун» кыялдата ичкерээк алып, ага өңдөш милте баскан. Ал эми жабык башынын ортолук оюмунун ичинен «кочкор мүйүз» чыгарып, анын ак этегине кара баркуттан «бадам оюмун» берип, кадимкидей чыраш аркылуу бекиткен. Шырдак оюмуна кочкул кызылды кочкул көк менен беттештирип алган, ал коңурдуулукту баамдаткан. Анын чебер колунан жаралган боз үйлөрү (ак өргөөлөрү) кийин жайлоо кеңештерине тигилген.

## ШАБДАНБАЙ КЫЗЫ БЫТЫКАН

(1912—93)

Чырмакчы. Жети-Өгүз районундагы Тосор айылында төрөлгөн. Апасы Зыяданын үндөктөөсү аркасында ал абалы чий чырмакчылыкты, анан саймачылыкты, кийин кийизчиликти колго алган.



Бытыкан тор чачык түйүп, анын учун төкмө чачылоонун чыгаан чебери. Кийин тебетей, калпак, топу өңдүү элдик баш кийимдерди бычып-тигип «иштүү» аталган. Мында ал козулактын көрпөсүн, суур, түлкү, коён өңдүү аң терилерин баш кийимдерине негизги жердик кылып алат. Аларды колдо иштетип (ашатып, ийлеп, өңдөп), адамдын жаш өзгөчөлүктөрүнө карата «карыялардын тебетейи», «орто жаштагылардын тебетейи», «күлгүн куракт агылардын тебетейи», «беш көкүлдүн тебетейи» сыяктуу түргө бөлүп, өзүнчө алардан үлгү чыгарып узданат. Мында баш кийимдин жердигинин түгүнүн узун-кыскасы, адими-жөнөкөйү, арзан-кымбаты, анын табылышы, иштетилиши сыяктуу бөтөнчөлүктөрдү узданууда эске алат. Уздун чий буюмдарында эски салттуу көркөм көчөттөрдү кайталоо, табакча-табакча аркылуу берип, төрт табакчаны буюмга борбордук көчөт, алардын жарымын колтук көчөтү үчүн түшүрүү уздун уздук негизги ыкмасы. Ал «омуртка оюмун», «мүйүз оюмдарын» үлгүнүн негизги каражаты катары карайт. Уздун андай касиети анын кийизчилигине да таандык. Бытыкан мурун энелеринен көргөндөрүн анча-мынча өзгөртүп жасаса, кийин кызы Шакен Мамбетаипованын (ал жөнүндө өзүнчө макала бар) кагазга түшүргөн үлгүлөрү аркылуу такай өкмөттүк ири тапшырмаларды аткарган. Аларга «Тынчтык»,

«Ашкана чий», «Мейман күтүү», «Кыргызстандын мамлекеттик герби», «Өзбекстандын мамлекеттик герби», «Казакстандын мамлекеттик герби», «Тажикстандын мамлекеттик герби», «Молдавия ССРинин мамлекеттик герби», «В. И. Ленин» өңдүү башка уздар менен биргелешип бүтүргөн саймачылык, чырмакчылык аркылуу чебер аткарган иштери кирет. Б. Шабданбаева — узчулуктун мектебин түзүүчүлөрдүн бири. Анын неберелери Дамира, Жибек, Шайгүл, Жыргалдар өз бетинче узданышууда.

## ШАЙЫЛДАЕВ КУБАНЫЧБЕК

Тери буюмдарынын чебери. 1964-ж. Нарын шаарында төрөлгөн. 1988-ж. элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайынын көркөм буюм кармоо бөлүмүн бүткөн. Азыр Нарын шаарындагы «Нуска» чакан чеберканасында узанат. 1991-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Кубанычбек көргөзмөлөргө алгач «калмак өрүмү» аркылуу катышкан. Өрүм үчүн 16—24 тал көктү арбын пайдаланат. Мында сегизден экиге бөлүп, бирөөн жети кылып, ортодон аркак чыгарат. 12 талдын өрүмү оңдон солго өтүп отурат.

Кубанычбек көөкөр, шири чыны кап жасоодо элдик ыкмаларды пайдаланат да, формасын жана чийме сынпосун кагазга түшүрүп, аларга айырмалуу көркөмдүк берет. Ал үчүн чебер өзү ойдогудай жасап алган аспаптары, чийим шибеге, сындырыктары бар.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1991-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Шири буюмдары менен катышкан.

## ШАЙЫМОВ ОБОЛБЕК КАПАР УУЛУ

Мүйүзчү жана сөөк буюмдарынын чебери. 1958-ж. Ак-Талаа районундагы Баетов (Дөрбөлжүн) айылында төрөлгөн. Райондук маданият үйүндө эмгектенген. Бишкектеги № 19 көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүргөн. Азыр «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде узанууда. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү.

Оболбек мүйүздөн, сөөктөн буюм-тайымдарды белек-бечкектик мааниде жасоодо. Ал көлөмдүү, рельефтүү көрүнөт да, бир нерсенин сөлөкөтүн, түспөлүн берет. Кыз-келиндердин зер жасалгаларын жердиги мүйүз, сөөк, пластмасса өңдүүлөрдөн кармайт. Анын «Боз үй», «Комуз күүсү», «Бүркүтчү» өңдүү кутучалары-вазалары бар. Сөөктүн ички касиеттерин мыкты өздөштүргөн. Тарактын жердигин чакча сыяктуу өзүнүн баскычына тегиздейт. Үлгү боюнча анын эки бетин кум кагаз менен тазалап, жылмалайт. Тиш түшө турган жерлерин белгилеп, бир эле тарактын бир четине кезек, экинчи жагына майда тиштерди чыгарат. Бетине көркөм оюм түшүрөт. Анан оюм-чийим түшкөн жезди ысытып туруп тарактын бетине басат. 65 тиштүү механизм аркылуу жүргүзүлгөн атайын араасы менен майда таракка 70 тиш чыгарат.

Оболбек сөөктөн шахмат жасаган. Шахмат таштарынын түспөлүн тандап, сөөктү туурасынан кесет. Ал адамдын сөлөкөтүн — тебетейчен карыяны элестетет. Чети-белин сомдоп чарыкка алат да, анан бор машинага отурат. Ал машинанын көзөй жана кесе турган ийнеси бар. Аны менен сөөктү көзөйт, жол салат, оюм-чийим түшүрөт. Сөөктү боёдо, айрыкча шахматтын сөлөкөттөрүн бири биринен айырмалоодо атайын боёк колдонот. Сөөктү төмөнкүчө да боёйт. Ыкчам чайдын чамасына уксус (ачык суу) кошуп, сөөктү ага бир сааттай салат. Ошондо сөөк күрөң жана кызгылт тартып, ышкын түп өңдөнүп калат. Пияздын кабыгына ачык суу кошуп да сөөк боёйт. Мүйүзгө жана сөөккө күмүш, жез, мис, нейзильбер, мельхиор, дат чалбас өңдүү түстүү металлдарды чабат. Буларга элдик көркөм оюм берет.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык II кароо-сынагы». Сөөк, мүйүз буюмдары үчүн шаар-комдун жана шаараткомдун Ардак грамоталары;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин республикалык кароо-сынагы». Мүйүз жана сөөк үлгүлөрү үчүн «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин дипломи;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Сөөк, мүйүз буюмдары менен катышкан.

## ШАКИРОВА ГҮЛЖАМИЛА

Уз. 1955-ж. Ак-Талаа районунун Жаңы-Тилек айылында төрөлгөн. 1987-ж. КМУнун филология факультетинин журналистика бөлүмүн

бүтүргөн. 1983—87-жылдары «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинде үйдөн узданууучу чебер, 1988—89-ж. эл чыгармачылык үйүндө илимий кызматкер, 1989—91-ж. Токтогул атындагы адабият музейинде илимий кызматкер, 1991—94-ж. «Эне тил» гезитинде редактор, 1994-жылдан улуттук мамлекеттик телерадиокомпаниясында улук редактор болуп иштейт. Узчулук нусканы чоң энеси Атымбүдөн алган.

Гүлжамила узчулукту мектепте окуп жүргөндө сайма саюу менен баштаган. Саймачылыгында көбүнчө ийне саймага басым жасап, буюм-тайымдарын сайманын көптүрмө, басма, ит тапан, чыраш, илме дос ж. б. түрлөрү менен көркөмдөйт. Сайма көчөтүн көбүнчө өзү ойлогондой кыялданта алып, түрдү да өзү тандайт. Ошондой эле чий чырмап, шырдак оёт, ала кийиз жасайт. Көбүнчө узчулук менен алектенип, калпактын түрлөрүн саймалайт. Белдемчи, кемсел, деги эле улуттук кийимдерди тигүүдө көп узданат. Кездеме өөндөрүнөн куурактын омуртка курак, жылдызча курак, чымын канат гүл курак ж. б. түрлөрүн курайт. Гүлжамиланын сайма (текче, панно ж. б.), курак буюмдары, балдардын толук улуттук кийими ж. б. көптөгөн буюмдары эл аралык жайма базарларга сатууга чыккан (мисалы, 1988, Москва ж. б.), көптөгөн көргөзмөлөргө, кароосынактарга катышкан. Ал узчулук өнөрдү акындык менен шайкеш жүргүзөт.

## ШАМАТОВ АБДЫГАНЫ
(1926—1988)

Кырмачы. Ноокат районундагы Кыргыз-Ата айылында төрөлгөн. «Тельман» атындагы колхоздо шофер, механизатор, электрик, тегирменчи, куруучу болуп иштеген. Чарбанын экономикалык күч-кубаты үчүн ондогон пайдалуу сунуштарды киргизгени аркылуу «Ардактуу колхозчу» деген наамга эгедер болгон.

Абдыганы өзүнчө электр-механизми бар устакана-дүкөн уюштурган. Анын өнөрканасынан чыккан идиштерге бал челек (мунун өзүнчө сүйрү-тегерек түспөлү бар. Беш литр суюктук сыят. Ага каймак-май салууга да болот), жыгач чайнек (мунун да көлөмү, ичтүүлүгү ар кандай. Мында кичине таш чайнектин көлөмү да сакталган. Ага сүт, кымыз куюлат), туз салгыч, мурч салгыч (бал челектин формасы сакталган) өндүүлөрү кирет. Абдыганынын кармаган аягында жана чөйчөгүндө элдик идиштердин көркөмдүгү өзүнөн өзү баамдалып турат. Алардын көлөмү — ичтүүлүгү ар кандай. Муну кештелөөдө бөтөнчүлүгү бар. Кооздугу, колго токтомдуулугу менен идиш ба-





алуу көрүнөт. Чебердин ар түрдүү түспөлдө жасаган табагында да салттуу узануучулук туюлат. Мында электр-механизм пайдаланылып жаткандыктан ага ылайык кырмачы да өзүнчө түспөл табууга изденүүчүлүгү билинет. Анын колунан жаралган буюмдар айыл ичиндеги турмуш-тиричиликке кирүүдө.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Жыгач буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын областтык кароо-сынагы». Кырма идиштери үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Кырма идиштери үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы.



## ШАРШЕЕВ ЭЛЧИБЕК

Карапачы. 1955-ж. Жумгал районундагы Кайырма (азыр Байзак) айылында төрөлгөн. Бишкек сүрөтчүлөр окуу жайынын колдонмо-жасалга бөлүмүн, КМУнун тарых-этнография факультетин бүткөн. 1978-ж. Бишкектеги элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесиптик-техникалык окуу жайын уюштурууга жигердүү катышып, сөөк, мүйүз, карапа бөлүмдөрү боюнча мугалим-чебер, директордун орун басары болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын кесиптик-техникалык билим берүү отличниги.

Элчибек карапачылык өнөрдү колго алып, 1973-жылдан кароо-сынактарга, көркөм көргөзмөлөргө катышууда. Ал карапа буюм-тайым жасоодо, чыгарма түзүүдө жердикке абалы Жумгалдагы Кара-Кеченин ак топурагын арбын пайдаланса (ал топурак азыр Сокулуктагы фарфор заводунда иштетилет), кийин Ивановканын топурагын, Таластын сары топурагын, Көлдүн Кажы-Сайынын көгүш топурагын да пайдаланууда. Чебер адегенде жасалуучу буюмунун үлгүсүн (эскизин) кагазга түшүрөт. Анан топуракты жууруп, ийлеп, калыпка түшүрүү, дүкөнүнө коюп иштетүү, чаптоо (тоголоктоп чаптоо), кургатып боёо, топуракты бышыруу, сыртын суу өтпөгүдөй жылтыратуу (глазурлоо) сыяктуу жолдорунан өткөрөт. Мындан колдонмо-жасалга вазалары, идиштер (челек, табак, көөкөр, аяк, кесе, чай чыны), дубалга илинүүчү кооздук буюмдар жаралат. Ал сөөк, жыгач, мүйүзчүлүктү да мыкты өздөштүргөн. Элчибектин устакерчилик таасирин алган Сатыбеков Таалайбек (мүйүз, сөөк чебери), Кылычбеков Эрмек (өзү менен бирге узанат), Кулуев Канат (айнек заводунун карапа цехинде уста), Бейшебаев Садык, Адылов Марат (жыгаччы, окуу жайынын директорунун орун басары) өңдүү шекиттери бар.

**Катышкан кароо-сынактары, көркөм көргөзмөлөрү жана алган сыйлыктары**

1985-ж. Эл чыгармачылыгынын Дүйшөнбүдө өткөн Бүткүл союздук I фестивалы. Карапа жасалгалары үчүн II орун, диплом.

1987-ж. Эл чыгармачылыгынын Москва шаарында өткөн II фестивалы. Сөөк шахматы, вазалары, фигуралары, идиштери үчүн II орун, күмүш медаль, диплом.

1989-ж. Эл чыгармачылыгынын Бишкекте өткөн көркөм көргөзмөсү (кесиптик-техникалык билим берүү системасынын). Көркөм карапа буюмдары үчүн 1 орун, диплом.

## ШАРШЕЕВА САКИН

Чырмакчы, шырдакчы. 1941-ж. Кочкор районундагы Кум-Дөбө айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Кара-Кулжа кыштоосундагы турмуш-тиричилик комбинатында узданат. Уздук таасирди Тапа кызы Сагынбүбүдөн алган.

Сакиндин чеберчилиги ак өргөө көтөрүүдөн билинет. Ал канат чий, чыгдан чий, эшик чий чырмактарында эки жагына «тап бердирме», «чыбыктоо» аркылуу чийден түрдүү түс түшүрүп, анын ортолугуна «омуртка көчөтү» менен «мүйүз көчөттөрүн» айкалыштырып, ал негизинен кызылды көк, жашылды кызыл, сарыны ак өңдө ачат. Ошондо ак «аламончок» көчөт араларына берилип, көркөм көоздук ачык көрүнөт. Карадан «ийрек» түшүрүп, ал кызыл көктөн турган «жээк көчөттөрү» ортолук көчөттөргө үндөшөт. Уздун кийиз буюмдары негизинен түр шырдакка түшүп, түрдүү түс берген оюм айкалыштарынан кийин «аламыч» ак-карадан көрүнүп, анда «мүйүз оюмдары» («кочкор мүйүз оюму», «кош мүйүз оюму», «сыңар мүйүз оюму») алды-үстүнөн «карга тырмак оюму», «бармак боочу оюму», «ачкыч оюму» менен эркин жупташат. Жабык баштын, шырдактардын жээги үчүн оюмдары «аламычтан» кийин «куш канат оюмун» бергенде алдынан «кочкор мүйүз оюму» чыгып, ортосунан «карга тырмак оюму» пайда болуп, жалпысынан «жарым кыял оюмундай» туюлат. Уз кызыл, көк, ак түстөрдү бери алып чыгат. Кызы Нурбүбү анын жардамчысы. Эмгеги баттамада.

## ШАРШЕМБАЕВ ЖЫЛКЫЧЫ

Зергер, жыгаччы, өрүмчү. 1944-ж. Ысык-Көл районундагы Кароол-Дөбө айылында төрөлгөн. Мектепте киномеханик, чарбада механизатор-малчы болуп иштеген. Бишкектеги сүрөтчүлөр окуу жайын бүтүргөн. Кинотеатрларда рекламачы-сүрөтчү, кийин «Кыял» көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде, № 19 элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесипчилик-техникалык окуу жайында чебер-мугалим, Кыргыз ССР көркөм фондусунда кырмачы болуп узанган. Москвадагы мамлекеттик ат спортуна, ат каскадоруна ээр жасоого да жандуу катышкан. Азыр Бишкектеги ат майданынын алдында «Тулпар» аттуу ишкананы ачып, көркөм кол өнөрчүлүк боюнча буюм чыгарууда.

Жылкычынын өнөрканасында бүтүндөй элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн устакерчиликке таандык түрлөрүн жуп кармаганы баамдалат. Жекече чеберчилигин жана чыгармачылыгын нукура салттуу буюмдарды кармоо менен тутумдаштырып келгени көрүнөт. Ал таш чеккичтигинен, бедис жасоосунан, жыгаччылыгынан даана байкалат. Айылындагы чоң ээрчилер Абакир Ысмайыл уулунун, Мусабектин нускасын алган.

Уста ээр чабууда ар бир аймактын токунган ээрин байкап чыккан. Ээрлердин сүрөтүн тартып, өлчөмдөрүн алган. Талас өрөөнүнөн «Кудаяр ээринин» (бул «кокон ээри» деп да аталып, кашы жалпак келет), сүйрү калак баш сымал кашы бар ээрдин (ага кооз шөкөттөр, гүлмыктар чабылат. Зергерлердин ээр кашына жука металлдарды чаап, бетине оюм-чийим түшүрүү салты азыр да сакталган), «анжиян ээринин» үлгүсүн алган. «Куш баш ээрдин» үлгүсүн да тапкан. Андан сырткары чоң атасы Токтосундун жүз жылы мурда чабылган ээрин сактоодо. Бул ээрди чоң атасы үркүндө Кулжадан алган экен. Жылкычы ээрдин накта үлгүсүн табуу үчүн аттын үстүнүн калыбын гипс менен алат. Ээрди ага тууралап чабат. Жылкычынын ээринин эки актыргасы орточо алганда 43—45 *см*, өркөчүнүн үстү 15—16 *см* болот. Ээрдин арткы бел басаары 20—22 *см*, чарасынын туурасы 40 *см*, кичи олтуруучу жеринин алды 12 *см*, эки актырганын ортосу 30—32 *смге* барабар. Арт жагы 34—35 *см*, чарасынын жукалыгы 15—18 *см* болот. Уста ээр кашын өзүнчө жасайт. Мында жыгач үнөмдөлөт. Ээрге кашты аштап, желимдеп коёт. Бул чебердин өтө кылдаттыгын баамдатат. Ээрдин жердигин көбүнчө теректен тандайт. Теректи көлөкөдө кургатып, ичин оюп, үстүн сыйдалайт. Ошондо жыгач мелүүн кургайт. Улам чаап, улам коюп отуруп өз өлчөмүнө келтирет. Чабылган ээрди сууга кайнатып, сары суусун чыгарганда тарам-тарам болгон тарамышы калат. Куранды ээр чабууда ага 40—50 *мм* тактайды жаратат. Аны атайын үлгүлөрү менен кесип алып, ээрдин бөлүктөрүн даярдайт. Эки каптыргасын өзүнчө, чарасын, эки акырегин, кашын өзүнчө кармайт да, куранды ээр негизинен жети бөлүктөн турат. Алар бирибири менен жиксиз кынапталып, желимге «ичирилет». Желим жасалма чайыр, химиялык жолдор менен даярдалат. Чабылган ээрди чылгый тери менен каптайт да, аны «сынпостойт».

Жылкычы ат жабдыктарынын бөлүктөрүн өрүп да, кайып да кармайт. Камчы өрүмү «суйсалма өрүм» деп аталат. Ага сегиз тал кайыш тилет. Анын талдары сыйда болот да, экиден басылып, бири үстүнө чыгып отурат. Түшкүн аягы «чаян түйүлөт». Өрүмдүн учуна 5 *см* калганда талдар бирден астына калып, бирден үстүнө чыгып, «суйсалма өрүм» башка түргө өтөт. Бул кийин түшкүн жанып кетпесин үчүн жасаган чебердин жекече ыкмасы. Кам-



чынын алаканына эки кат калың булгаары тандайт. Ал өзүнчө үлгүгө салынып бычылат да, четтери кайылат. Анын ортосунан камчы өзөгү өткөрүлөт. Алакан камчы сапка шакекчелер же көк аркылуу бекийт. Камчы алаканына күмүш, нейзильбер, жез чабат. Анын бетине оюмчийим түшүрөт, себет төгөт, көрчөгө урат. Капчы сапка көбүнчө бук жыгачын пайдаланат. Камчы көгүнө тоо текенин терисин тандайт. Аны жыдытпай челдейт. Камчылык көктү тартканда 20 тал бир эле учурда тилине тургандай аспапты чебер өзү жасап алган. Өрүмдүн кырктан ашуун түрүн өздөштүргөн.

Жылкычынын зергерчилигинде күмүшкө көп түстүү «сыя төгүүнүн» жан адам билбес сырлары бар. Ошондой эле «чапкылоо ыкмасында», «гүл», «жылдызча», «көз», «үч бурчтук» өңдүү чапкы-аспаптарынан түшкөн кооздуктар көбүнчө өсүмдүктөрдү символдоштурат. Үзөңгү, ооздук да куят. Устанын чеберчилигинде жез, мис, коло, нейзильбер, мельхиор, датчалбас, калай бирдей колдонулат. Булгаарыга оюм-чийим («наар», «чийме сынпос» түшүрүү) бедерлөө үчүн тактай бетине оюмду оюп-чийип алат да, чел жагын эликтин, текенин, сайгактын мүйүзү менен басат. Шириге көркөмдүк түшүрүүдө бетинде оюмчийими бар эки бөлүктөн турган жыгач калыпка кептөө жолу менен басат. Ал кургаганда тигүүчү жерин жибитет. Мындай кеп көп нускалоого шартташат.

Устанын автордук наамдагы авиаздык аспабы кыл кыяк, «Кошой» шахматы (1977), «Чубак» шахматы (1979), «Сынпоос ээри», «Түркмөн ээри» (1983), «Комуз», «Чабан ээри» сыяктуу буюмдары, белек-бечкектери өнөрканалардан көп нускаланган. АКШнын мурдагы президенти Рейганга арнап ээр-токум жасаган.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Сандыгы жана комузу үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык II кароо-сынагы». Сынпос ээри жана жыгач челек сабаасы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин дипломy;

1985-ж. Жеңиштин 40 жылдыгына карата Ялтадагы «Элдик чеберлердин Бүткүл союздук көргөзмөсү». Сандыгы, ээри, ала баканы, көөкөрү үчүн ВЦСПСтин, СССР Маданият министрлигинин, СССР Сүрөтчүлөр союзунун Ардак грамотасы;

1988-ж. Орто Азия жана Казакстан элдеринин колдонмо-жасалга өнөрүнүн ЭЧЖРКндөгү көргөзмөсүнө ат жабдыктары коюлган;

1989-ж. «Элдик чеберлердин Москвадагы Бүткүл союздук көргөзмөсү». Стилдешкен ээри коюлуп, музейге экспонатталган.

## ШЕРМАТ УУЛУ МУРЗА

Жыгаччы. 1904-ж. Ноокат районундагы 1-май колхозунун аймагында төрөлгөн. Айыл чарба артелин уюштуруу учурунда сабатсыздыгын жойгон.

Мурза кырмачы катары таанылып, ашкана буюм-идиштерине узанып, табак, аяк (кесе), чөйчөк, кашык, челек, табак өңдүүлөрдү дайыма жайма базарларга чыгарып турат. Жердикти уста өз тамаркасына тигип алат. Оңтоюна карата талды кыркып, сомдогон идиштерин көлөкөдө кургатып, четинен чаап, кайра коюп, бир эле буюмду кырмачы үч-төрт жолу кармайт. Анын негизги аспап-куралдары — бычак, ийги, балта, араа. Эки сузгулук жыгач төрт кашыкка, эки аяктык жыгач төрт чөйчөккө, эки чара табак төрт тайпак табакка өлчөнөт.



## ШОПОК КЫЗЫ БӨПӨ КЕЛИНИ ТИЛЕН

Шырдакчы, саймачы. 1928-ж. Москва районундагы Чоң-Арык айылында төрөлгөн. Токмоктогу маданий-агартуу окуу жайын бүтүргөн. Айылдык китепканада китепканачы, Чоң-Арык айылдык кеңешинин төрайымы болуп эмгектенген. Кыргыз ССР Маданият министрлигинин китепкана отличниги наамын алган. Узчулукту элүүнчү жылдары баштаган. Кооздукка имерилүүсү сүрөт тартууга ышкыбоздугунан баамдалат. Ага апасы Канымбүбүнүн, кичи энеси Мөөркандын, таенеси Айжандын нускоочулугу зор.

Тилен топу, боркок сымал буюмдарды көптүрмө сайма, басма сайма, жөрмөмө сайма аркылуу кармайт. Туш кийиз саят. Илме сайма аркылуу көчөт түшүрүүдө апасынын кандагай, кементайдын өңүрү, кандагайдын багалегин кештелөөчү көркөм каражаттары чоң таасир берген. Сайма буюмдарында кийиз үлгүлөрүнө түшүүчү кооздуктарды (оюм-чийим) өсүмдүктөрдүн бутактары, жалбырактары, сабактары өңдүүлөр менен айкалыштырып, ичкерээк алып, ага «сууну» аламончоктото берет. Кара күрөң жердикке жашыл түстү басмырт маанайда берүүнү сүйгөн чебер белдемчи, бешманттарга да кызыл-көк түстөрдү алдыга алып чыгат. Мындай уздук татым Тилендин тиккен элдик кийим-кечектерине да мүнөздүү.

Уздун шырдакчылыгында табак оюм шарттуу. Шырдактарында төрт «кочкор мүйүз оюмунун» ортосунан төрт «кочкор мүйүз оюму» чыгып, алардын араларына «аламыч» түшпөй, туташ берилип, үзүл-кезил, оош-кыйыш элементтери билинбейт. «Жарым кыял оюмдатып» берген шырдактарында бугу мүйүздөнүп бир нече элементтерден турган көркөмдүктөрдү жээк оюмуна, «мүйүз оюмдарынын» ичинен «карга тырмак оюмун» же «мүйүз оюмун» борбордук оюм кылат. Учу ичке, «бычак учулантып» алып, үч табакчадан бир буюмду жалпы оюм аркылуу берүүсүндө «Алтын оюмдун» (Күмүшбек кызы Алтын, Сокулук району, Жыламыш айылы) чыгармачылык өрнөгү бар. Аны Тилен өзүнүн оңтоюна алып, «буруп кетүү», «аяк-башын өзгөртүп коюу» касиетине эгедер. Уз көк-кызыл, кызыл-жашыл, кары-сары, кара-ак түстөрдү билгичтик менен жупташтырат. Кийизди бири-бирине беттей ойгондо, алардын аламычы көбүнчө «куш тырмак оюму», «бармак боочу оюму» болуп түшөт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата эл чеберлеринин республикалык кароо-сынагы. Кийиз буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы.

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы. Шырдагы үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин грамотасы.

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу курултайына карата эл чеберлеринин республикалык көргөзмөсү. ЭЧЖРКнүн дипломy.

1991-ж. Кийим-кечектердин жана элдик зер буюмдарынын республикалык кароо-сынагы. Баш кийимдери үчүн Кыргыз ССР Маданият министрлигинин Ардак грамотасы.

## ЫБРАИМ УУЛУ НАЗАР
(1907—1986)

Зергер. Кара-Буура районундагы Маймак айылында төрөлгөн. Ал ат жабдыктарын өрүп да, кайып да кармап, көрүк үйлөтүп, кужу күйгүзүү менен аларга куйма ыкмалары аркылуу шөкөттөрдү чапкан. Колдон үзөңгү куйганы, ага

дат чалбас болоттон тандаганы, ага форма, түр тандай билгени анын усталык жүзүн көрсөтүп турат. Аялдардын зер буюмдарына узанууусунда күбөк жасоо ыкмасы башкалардан айырмаланган. Ал учурунда жазылып алынбай калган. Эмгеги баттамада.

## ЫЙМАНАЛЫ УУЛУ АБЫШ
(1901—1986)

Ат жабдыктарынын чебери (өрүмчү, ээрчи). Кемин районундагы Кайыңды айылында төрөлгөн.

Абыш колдон кайыш ийлеп, жаңгактын терилеринен татаал өрүмдөр үчүн тасма (көк) жараткан. «Суйсалма өрүмгө», «терме өрүмгө» 12—16 тал көктү текши тилип, өрүмүн өтө кооз чыгарган. Кош түшкүн берген (кош өрүмдүү). Анын жасаган камчылары айыл арасында көп жолугат. Ээр чабуу ыкмалары учурунда жазылбай калган. Эмгеги баттамада.

## ЫЙМАНКУЛОВА ТИЛЕБАЛДЫ

Уз. 1932-ж. Ат-Башы районундагы Кара-Суу айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Кыйла жылдары колхоздо эмгектенген.

Анын шырдакчы, саймачы, өрмөкчү, чырмакчы, түймөчү экендиги көтөргөн чакан ак өргөөсүнөн баамдалат. «Кочкор мүйүз оюмун», «карга тырмак оюмун», «бадам оюмун» уз буюмга негизги көркөм каражат кылып алат. Атбашылык уздарга мүнөздүү такта-такта болуп түшкөн бир түрдөгү шырдакты, түр шырдакты арбын кармайт. «Аламычын» араа тиштентип берет (ак-карадан). Кээде калпактын өөнүн чааралекейлеп, түрдөп, «аламыч» кылган учурлары бар. Ал шырдак оюмдарын беттештирүүгө кызыл-жашыл түстү арбын пайдаланат. Чырмакчы катары буюмга көркөм көчөт түшүрүүдө элдик оюм-чийимдерди стилдештирет. Жан-жаныбарлардын сөлөкөттөрүн көркөм оюмга айлантып символдоштуруп жиберүүгө чебер. Анын жасалгалары көбүнчө белек-бечкек үчүн шартташат. Тилебалды уз Салкын Бегалиева менен ар дайым өнөктөш узданат.

## ЫЙМАНКУЛ УУЛУ ЧАЛАГЫЗ (ЧАЛАГЫЗ ИМАНКУЛОВ)
(1889—1980)

Комуз уста жана комузчу, акын. Ысык-Көл районундагы Корумду айылында төрөлгөн. Өз аты Абдылда болгон. Жаш чагынан эле комуз чертүүгө куштарланып, комуз чаап, ага таандык жыгачтардын жердиктерин мыкты билген. Уста өрүк комузду арбын кармаган. Анын капкагына Жети-Өгүздүн, Чоң-Жаргылчактын, Кичи-Жаргылчактын өрдөшүндөгү кыраңда аба ырайынын ар кандай өзгөрүүлөрүнө туруштук берген карагайдан тандаган. Комуздун жыгачына Күңгөй-Ала тоосунун, Чүйдүн Кемин, Ысык-Ата тарабынын өрүгүн алган. Мари карагайдан да комуз чапкан. Комуз кылына күңгөйдүн кургак чөбүн көбүрөөк оттогон семиз жайдары боз койлордун ичегисин артып, өзү чыйратып алган. Чалагыз Карамолдо Орозов, Калык Акиев, Осмонкул Бөлөбалаев, Алымкул Үсөнбаев, Адамкалый Байбатыров, Муса Баетов, Атай Огонбаев, Шаршен Термечиков өңдүүлөргө өтүнүчтөрү боюнча комуз белектеген. Ал Кыргыз ССРинин маданиятка эмгек сиңирген ишмери болгон, күү чыгарган, китеп жазган, мүнүшкөрлүк да кылган. Бүркүт таптоонун купуя сырларын мыкты билген. Устанын Токтогулов Бабажан, Исаков Шайдылда, Тайчинов Казак өңдүү шекиттери бар.

## ЫСАКАН КЕЛИНИ МАРИЯ

Уз, чеберчиликтин мектебин түзүүчү. 1910-ж. Ысык-Көл районундагы Кара-Ой (Долинка) айылында төрөлгөн. Балбай баатырдын кыздарынан болот. Жаш чагында Турпанга чейин тентип барып келген. Мария энеси Канышайдын, маселчи кайын энеси Тойдуктун нускасын алган. Кайынатасы Шайбыр жыгаччы болгон.

Мариянын таарга, кийизге ботонун жүнүнөн ийирип сайган илме саймасы, басма саймасы күнү бүгүнкүдөй сакталган. Мариянын ак өргөөсүндөгү көркөмдүктүн жогорку татымы жабык башта «мүйүз оюмдарынын» «мүйүз оюмдары» менен ич ара айкалыштары бар. Мында көк-кызыл түргө ак-кызылдан «ак этек» түшөт. Бычак учу «аламыч» катары кара-ак болот. Ак жээк оюмдарынын эки четинен кош кайталанышы терме тегиричтеги түскө шарттуу үндөшөт. Мурунку уздардын көркөм табитине коошуп турган мындай үндөштүктөр терме боо-чууларында да билинет. Ак өргөөнүн канат чийдеги, чыгдан чийдеги, эшик чийдеги түшкөн көркөм көчөттөрү, аларга тагылган тор чачык, топ чачык, кылыч байлоо, төкмө чачык, кийиз үлгүлөрүндөгү жалпы ички жасалгалары ала-теле болбой, бир беткейликти — кызыл үйдү элестетет.

Уз кол боёкторду өсүмдүктөрдөн алат. Боёк берүүчү өсүмдүктөрдүн ыраңды өзүнө тарткан мезгилин тааный билет. Күүгүм чен боёкту



өсүмдүк өз боюна тартар учур,— деп божомолдойт. Ышкын түптү казып, кынаны алып, карагаттын шагын ийип, жүн боёп, териге сиңирүүнүн жолдорун уз мыкты өздөштүргөн. Анын Шайыркүл, Сабырбүбү, Жеңиш, Ыктыбай өңдүү үйрөнчүктөрү бар. Сүрөттө Мария уз кызы Бердибаева Жеңиш менен.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1966-ж. Кыргыз ССРинин 40 жылдыгына карата республикалык ат майданга уздун 105 баштуу ак өргөөсү тигилип, ЭЧЖРКнүн I даражадагы дипломy менен сыйланган.

## ЫСМАН УУЛУ БАКИР

Жыгаччы. 1929-ж. Ноокат районундагы Ленинизм айылында төрөлгөн. Билими — бүтпөгөн орто. Колхоздо эмгектенген.

Бакир — жыгаччылыкта кырма идиштеринен сырткары ээр чабуунун чебери. Оймо ээрди тоголок жыгачтан тандайт. Аштама ээри (эки каптал, кашы, чарасы) төрт бөлүктөн турат. Уста анын чарасын уюл жыгачтан тандайт. Негизи курама ээрди (пайгер ээр) «чаптама ээр» деп коёт да, аны куумач ээрине окшоштурат. Ээрдин алдыңкы кашын жазы жана тегерек кейипте чыгарып, аны «эр эңиш», «улак тартыш», «тыйын эңмей» сыяктуу элдик оюндарга токунууга шартташтырат.

## ЭГЕМБЕРДИЕВА ТОКТОБҮБҮ

Өрмөкчү жана оймочу. 1928-ж. Жумгал районундагы Чаек айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздо механизатор, дүкөнчү болуп иштеген. Уздукту 1950-жылдардан баштаган. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Ага чоң энеси Момуке, энеси Сыргатай жол көрсөтүшкөн. Алар термечи, оймочу уздардан болушкан. Жумабүбү тестиер кезинде илме сайма кармаган. Анан боз үй көтөрүүгө байланыштуу чий чырмакчылыкты, куракчылыкты колго алган.

Уз өрмөк үстүндө ондон ашуун көркөм көчөттөрдү берүүгө машыккан. Боз үйдүн тегиричи үчүн 63 түгөй жиптен эришин терет. Буюмдун жазылыгы 40—45 *см*ге барабар болот. Үзүк боону 33 түгөй жиптен 20 *см* жазылыкта, туурдук боо 27—29 түгөй жиптен 18 *см* жазылыкта, баш чалгыч (кереге чалгыч) 19—21 түгөй жиптен 15 *см* жазылыкта, тизгич (уук тизгич) 7 түгөй жиптен 3 *см* жазылыкта сызмаларды жаратат. Мындан сырткары үйдүн тышкы боочуусуна 15 түгөй жип менен 12 *см* жазылыкта бел кырчоо, тастар боо (түндүк боо, эшик боо) өңдүүлөрдү чачылайт. Уздун өрмөк аркылуу аткарылган шалча, куржун, кийиз буюмдары сатылууда, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин кооз экспонаттарына кошулуп Сирия, Багдат, Португалия, Непал, Аргентина, Япония өңдүү өлкөлөрдө уюшулган көргөзмөлөргө коюлган.

Шырдактарында черик шырдактарынын (атбашылык чеберлер кармаган шырдак үлгүлөрү) үндөштүктөрү баамдалат. Мында «түр шырдак», «баш катырма шырдак» аттуу үлгүлөрдү арбын кармайт. Мында бир табакчада алты түрдүү боёк түшүп, «аламычтуу» алты түр, «аламычсыз» төрт түрдөгү көркөм оюм элементтери түшөт. Кийиз буюмдары туташ оюмдан турат. Ал жалпы оюмдун бир түрү. Мында үч табакча шырдактын ортолук оюмун түзөт да, төрт «кочкор мүйүз оюму» ичин карай имерилип, анын тегерегинде төрт »карга тырмак оюму» чыгат. Четине «жарым кыял оюмдары» түшүп, анда «аламыч» берилбейт. Туташ «бармак боочу оюму» орун алып, жээгиндеги «жагалмай канат оюмунун» жарымы «бармак боочу оюму» шекилденет. Ал «кыялдана» берилет. Эски көркөм каражаттардын негизинде «жарым кыял оюмун» пайда кылган. Ал өз чөйрөсүндө «Токуштун (Токтобүбү) кыялы» деп аталат.



Оюмчу көк-кызыл, кызыл-жашыл, кызыл-кара өңдөрдү бири бирине беттештирет. Оюмдары толкун-толкун кейиптенип, ойдогудай төптөшүп, эч бир «бычак учусуз» алынып, кадимки «кыргыздын кызыл шырдагын» элестетет. Ала кийиздеринде шырдак оюмдары «мүйүз оюмдары» менен ич ара алмаштырыла түшүп, айрым учурда аларга «карга тырмак оюму» менен «ачкыч оюму» катыш жасап, бири бирине беттешет.

Саймачылыкта туш кийизин «илме сайма» менен жүзөгө ашырган. Мында уз көркөм каражаттарды кийиз оюмдары менен өсүмдүктөрдүн тамырларын, сабактарын, жалбырактарын өз ара катыш жасатып, кызыл-жашыл, ак, боз түстөрдү алдыга чыгарган. Эндүү жасалган саймаларында тогуз табакча бар. Биринчиден, табакчада төрт «куш оюмунун» ортосунан жылдызча өзөк пайда болот. Экинчиден, өсүмдүктөрдөн алган көркөм көчөттөрдүн «суусу» шакекчелене берилет. Мында ар бир табакчалардын араларына «тилбарки көчөтүнөн» «суу» түшөт. Үчүнчүдөн, капкалдырыгы «жүрөкчөлөнө» келип, жогорудагы табакчалар колтук көчөттөрү менен түшөт.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Таар термелери үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1989-ж. Кыргызстан Эл чеберлер союзун уюштуруу курултайына карата «Элдик чеберлердин республикалык көргөзмөсү». Терме куржуну жана тегиричи үчүн ЭЧЖРКнүн дипломy, медалы;

1990-ж. «Элдик чеберлердин областтык көргөзмөсү». Кийиз жана терме таар буюму үчүн Обкомдун жана Облаткомдун Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Терме таарлары жана шырдактары менен катышкан.

## ЭГИМБАЕВ ТЕМИРКАН

Зергер. 1936-ж. Кочкор районундагы Ак-Учук айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Чарбанын ар кандай өнөктүгүндө эмгектенет. Атасы Тегинбайдын кыз-келиндердин жана ат жабдыктарынын көркөм куйма жана чапма калыптарын, зергерчилигинин ыкмаларын пайдаланат.

Көркөм калыптарында «мүйүз оюмдарынын», «айчык көчөттөрүнүн», «гүл мык көчөттөрүнүн», «жарым кыял оюмдарынын», «жээк көчөттөрүнүн» шарттуу элементтери берилип, кайык, өрүм ыкмаларында башкалардан айырмалуу жагдайлар анча баамдалбаганы менен жезди алардын бетине чабууда, чапкан ээрлерин сынпостоодо Темиркан чеберчиликке эгедер. Уста көбүнчө кургак уста катары таанылып, ага кардар көп түшүп турат.

## ЭРГЕШ КЕЛИНИ УМСУНАЙ

Килемчи, саймачы жана термечи, 1948-ж. Кадамжай районундагы Кара-Дөбө айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздо иштеген. 1977-жылдан «Мурас» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде узданат.

Умсунай саймачылыгында балыш, жаздык, туштук өңдүү буюмдарды «басма саймасы», «илме дос саймасы», «илме саймасы» аркылуу жүзөгө ашырат да, ага «кайкалак көчөтүн», «кош кайкалак көчөтүн» негиз тутат. Ал эми килемчиликте «чавадан көчөттү», «күйдүргү көчөттү» арбын алат. Арабы (түссүз килем) согуп, ага «омуртка көчөтүн», «ашкана көчөтүн» түшүрөт. Чаваданы кызыл-сарыдан турган «жээк көчөтү» кош кайкалак көчөтүнөн туруп, төрт кайкалак көчөтү бир табакчаны түзүп, өзөгү

кереге көздөнүп, «бычак учу» менен бөлүнөт. «Күйдүргү көчөттө» үч табакчанын четинде «куш оюму» көчөт катары берилип, өзөгүнө төрт «кайкалак көчөтү» чалкасынан түшөт. Ошондо эки табакча буюмдун ортолугун пайда кылат. Ал өрмөк аркылуу килем көчөттөрүн так ошондой бере алат. Эмгектери түстүү баттамада.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык кароо-сынагы». Килем буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1984-ж. Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Таар, сайма буюмдары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы.

## ЭРГЕШОВ ТАЛАСБЕК



Зергер, элдик аваздык аспаптарды жасоонун жана анда ойноонун чебери. 1947-ж. Кадамжай районундагы Тамаша айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Колхоздо механизатор болуп иштеген. 1976-жылдан «Мурас» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Кадамжайдагы устаканасында узанат. «Ала-Тоо жазы» республикалык фестивалынын лауреаты. 1990-жылдан Кыргызстан Эл чеберлер союзунун жана анын Башкармасынын президиумунун мүчөсү. Таласбектин атасы чоң уста аталган. Таекелери Нармат, Алмамат да зергерлер болушкан.

Таласбек аваздык аспаптардын ичинен добулбас жана комуз жасайт. Комуздун үнүн муңайым темирден алат. Кара болотту отко салса жумшайт, сугарган сайын катуулайт. Ошондуктан, аны иштетүүдө уста өтө кылдат мамиле жасайт. Жаагын жезден да, чоюндан да жасайт. Кара болотту комуздун жаагынын узунуна жараша кесип, сомдоп алат да, майда тиштүү өгөө менен жукартып, жаакка бириктирип, анан үнүн текшерет. Темир комузду кагууда дем алуу ыкмасына айрыкча көңүл бөлөт. Аспаптарын асырай билет. Комуз үнүн оркестрге, б. а. темир комузду комуз менен бирге ойнотууга шартташтырууда.

Таласбек жыгач керней (музыкалык аспап) да жасайт. Ага устачылык байкоолорун да жүргүзүүдө. Сурнай, чопо чоор да кармоодо. Добулбастын ичинен жылаажыны, тай туягы бар элдик аваздык аспапты жасоого жекече байкоо жүргүзүүдө. Ал добулбастын карсканын өрүк, жаңгак, тыт, кайың, арча өңдүү жергиликтүү жыгачтардын катуусунан тандайт. Бетине (жаргагы) торпок терисинин 1,5—2 *см* калың жерин пайдаланат. Добулбастын узундугу 70 *см* болуп, эликтин туягы сыяктуу эки учтуу таягы болот. Ат үстүндө урулуучу добулбасты конус (үч бурчтук) түспөлүндө жасайт. Комуз, керней, чоор сыяктуулардын өз үнүн даана табуу үчүн жекече байкоо аракеттерин талбай жүргүзүүдө.

Таласбек камчынын «жылан боор өрүмүн» кармап, аны шөкөттөп, кардарларга берүүдө.

Жылоодон улам Таласбектин иниси Төрөкелди да уста. Кадамжай районундагы «Кадамжай» совхозунун устаканасын кармайт. Өмүрдөшү Умсунай Таласбекке кол кабыш кылат, камчы өрөт, тасма тилет. Темир комуздун жаагын согот. Чеберчилик үлгүнү алардан уулу Арпидин да алган. Устачылыкты колдон колго көөнөрбөс белек катары өткөрүп келе жаткан, ынтымак-ырысы таш жарган үй-бүлөнүн өз өзүнчө чакан өнөрканалары бар. Таласбек элдик аваздык аспаптарды жасоо жана анда ойноо боюнча үйрөнчүктөрдүн мектебин уюштурган. Мында Ашыров Абдывали, Шералиев Бердалы, Егембердиев Абдысамат, Эргешов Арпидин, Мисиров Миталип, Курманов Айдин өңдүү устачылыкка шыктуулар тарбия-таалим алууда.

**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1976-ж. «Элдик аспаптардын чеберлеринин республикалык кароо-сынагы». Кыргыз ССР Маданият министрлигинин I даражадагы диплому;

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Көркөм кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Зер буюмдары жана авездык аспаптары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин диплому;

1984-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата «Элдик чеберлердин көркөм буюмдарынын республикалык кароо-сынагы». Авездык аспаптары үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы;

1990-ж. «Кыргызстан Эл чеберлер союзунун уюштуруу көргөзмөсү». Зер буюмдары жана авездык аспаптары менен катышкан.

## ЭРКИНБАЙ УУЛУ ОРОЗ
(1904—1989)

Жыгаччы. Талас районундагы Көк-Сай айылында төрөлгөн. Айыл чарба артелинде иштеген.

Ороз устачылыкты да, узчулукту да кармай билген. Зергерчиликтин уузун таткан. Ат жабдыктарына узанып, кайыш бетине темир чаап, ага күмүш жалаткан. Ал боз үйдүн сөөгүн самби талдан тандаган. Аны атайын тигип, төрт жылда үй жыгачына жараткан. Кыйган сайын бутактары көбөйүп, ал үй жыгачына керектелет. Кыркылган талды көлөкөдө кургаткан. Тезге коёрдун алдында кабыгын аарчыган. Аны түрпүгө салган. Андай уук-керегe сулуу көрүнөт да, сыр да мыкты жугат. Сыры үчүн Бар-Тар деген жердин жошосун колдонот. Жошону четинен эзип, койдун боорун кошуп, аябай ийлеп, аны менен боз үйдүн жыгачтарын сырдаган. Жошонун өзү маламык болот, боор кошуп сырдаганда кара кочкул өңгө айланган. Уста тор көз керегелерге көбүрөөк узанган. Ал майда (төрт чарчы) келет. Мында уук жыш уланат. Отуруктуу үйдүкү тор көз, жайлоо үйлөрүнүкү желкөз болууга ылайыкташкан. Ошондуктан, уйдун терисинин соорулуу жерин көк үчүн тилип алган. Көк тилүүгө үч адам катышкан. Бири ушкүсүн «үшүп» (көзөп), бири көктү тилип, бири көктү көзөнөктөн өткөрүп берип турган. Матоодо керегe эки жерден, уук бир жерден маталган. Демек, ууктун билегин төрт кере карыш кылып койсо, үй көрктүү да, кептүү да тигилген. Түндүктүн жыгачын ал кайыңдан да, кара талдан да, өрүктөн да тандаган. Мунун жоондугу бирдей болгон. Ал эки кыйыктан (бөлүк) турган. Чылгый шири менен (малдын териси) түндүктүн эки жаагынын кошкон жерин бекиткен. Устанын байбичеси Санамбүбү — үч үйдү катар тигип, ичи-сыртын көркүнө чыгарган уз.

## ЭРМАТОВА КУНДУЗ

Килемчи жана өрмөкчү. 1939-ж. Ноокат районундагы Кыргыз-Ата айылында төрөлгөн. Чарбанын ар кандай өнөктүгүнө катышкан. Кайын энеси Атиндин үлгүлөрүн кармап, өз алдынча көркөм буюм жасоо менен узчулугун баштаган.

Кундуз аянттуу соккон килемдерине «кайкалак көчөтүн», «кырк шак көчөтүн», «ашкана көчөтүн» кара-кызыл түстө арбын алат да, ортолук көчөттөргө өсүмдүктөрдүн, айбанаттардын кейипин өзүндөй берүүгө умтулуп, жашыл, кызыл, сары түстөрдү берүүлөрү даана байкалат. Өрмөчүлүгүндө кажары терменин, кара терменин мыкты үлгүлөрүн жараткан. Аны күзүктөөдө бир өңчөй согуу менен ортолоруна «чычкан изин» түшүрүп, көркөм көчөт берүүсү аркылуу түстөрдү ачык көрсөткөн. «Тай туяк көчөтүнүн» «кош кайкалак көчөтүнүн» четтиктерине «тумарча көчөттөрү» менен шарттуу терип кетет. Ал кажары таарларда ак түстө көчөт чыгарып, аны кара, кызыл, көк, сары, күрөң, жашыл менен жагыза алат. Таар буюмдарынын жээк көчөттөрүн өзүнчө эки элидей кылып согуп алып, аны буюм четине тигет. Уз жасаган шырдакчаларынын жээктерин бычак учулап, «мүйүз оюмдарынын» ичинен «мүйүз оюмдарын» чыгарып, эки өңдө (ак — кызыл) ачык берет.

## ЭРНАЗАРОВ ИМЕРБЕК

Зергер. 1955-ж. Тоң районундагы Бөкөнбаев айылында төрөлгөн. Бишкектеги Сүрөтчүлөр окуу жайынын колдонмо-жасалга өнөрү бөлүмүн бүткөн. Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун көркөм фондусунда ондогон жылдары узанган. Имербектин зер буюм-тайымдарды кармоодогу «чегүү ыкмасы», көрүк үйлөтүү аркылуу «тогуз төбөлөө ыкмасы» алдыда турат. Бул ыкмалары менен күмүш зымды созуп, аны чыйратып, шуру, акак таштардын четин тордоо өңдүүлөргө узануусунан жаралган нускалары сатууга түшүүдө. Ал атактуу зергер Кошаалы Кызгара уулунун түстүү металлдарга чапкылоо аркылуу көркөм оюм-чийим түшүрүүсүн мыкты өздөш-

түргөн. Жасалгалоо иштери боюнча Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун, СССР ЭЧЖКнүн диплом-грамоталарына татыктуу болгон.

## ЭСЕНААЛЫ КЕЛИНИ МАРКАТАЙ

Оймочу. 1914-ж. Чүй районундагы Алчалуу айылында төрөлгөн. Айыл чарба артелинде эсепчи, дүкөнчү болуп иштеген. Узчулукка энеси Сүйүмкан үндөктөгөн. Маркатай 12—13 жашында эле өзүнчө оюм чыгара баштаган. Кийин чебер Чоң-Кара-Кужур кыштоосундагы Лахол айылында туруп калат да, узчулугу бөтөнчө көрүнө баштайт. Азыркы кезде андай чеберчилиги «Маркатай оюму» деген атта тароодо.

Ал мурун чий чырмакта «комуз тили» көчөтүнө «туура мүйүз көчөтүн», «омуртка көчөтүн» негизги каражат катары колдонсо, кийин оймочулук анын узданyy арымын кеңейтет. Ал жараткан шырдактарынан даана баамдалат. Маркатай кийиз буюмдарында «жээк оюму» (четтик оюму) үчүн «бадам оюмун» арбын алып, андан өзүнүн жарым кыял чабыттары ортолук оюму менен тарамдала чыгат. Ал шырдакты, ала кийизди жалпы оюмда берүүгө машыккан. Оюм элементтери такталанбайт, «аламыч» аларды ала чакмактата бөлбөйт. Ортолук оюм менен жээк оюмдарын гана «бычак учу» же «ит куйрук» оюму ажыратып турат. «Маркатай оюмда» үч-төрт табакча буюмдун бир бүтүмүн түзүп, «жээк оюмдары» «бадам оюмдун» элементтеринен жаралган «жарым кыял оюму» өзүнүн жекече чыгармачылык мамилеси болуп кетет. Анын ортолугуна «бармак боочу оюму», «куш канат оюму» чыгып, алардын ортосунда «карга тырмак оюму» бутакталып кеткендей баамдалат. Ошондо буюм «аламычы» «тумарча оюмдан болушу» ойдогудай жарашык ыйгарат. «Маркатай оюму» айылдаштарынан сырткары Жер-Көчкү, Дөң-Талаа, Ак-Өлөң, Ак-Кыя сыяктуу журтчулукка кенен таралган. Оюм жаратууда Маркатай болочок оюмду бор менен чиет. Өз кыял чабыттарын кийиз бетине түшүрөт. Бир түрдөгү шырдакты да, түр шырдакты да бирдей деңгээлде кармайт. Кийиз оюмда эки кийизди беттей коюу аркылуу буюмдун төрт бурчунан үзүл-кесил өөн чыгарбай, оюм элементтерин төп, так алып кете алат. Уздун ак өргөөсү ички-сырткы жасалгасы менен 1975-ж. Кыргызстан мамлекеттик сүрөт музейине экспонатталып, ал экинчи ак өргөөнү көтөргөн. Мамбетаалы кызы Калыйбүбү, анын кызы Күлүсүн, Ысак келини Сайраке, Баатыркан келини Батыйма, Ысмайыл келини Сайкал, Көйкөл келини Калыйча өндүүлөр чебердин шакирттери.



**Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары**

1966-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 40 жылдыгына карата республикалык ат майданына уздун ак өргөөсү тигилип, ипподромдун дипломy менен сыйланган;

1974-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына карата ат майданына ак өргөөсү тигилип, ипподромдун дипломун алган;

1990-ж. Төкмө ырчы Ысмайыл Борончу уулунун 80 жылдык торколуу тоюна карата «Боз үйлөрдүн кароо-сынагы». Ак өргөөсү үчүн диплом.

## ЭСЕНАМАН УУЛУ ТОКТОСУН
(1860—1934)

Зергер. Тоң районундагы Ашуу кыштоосунда төрөлгөн. Ата-энеден эрте ажырап, инилери абдан жаш болуп, аларды багуу үчүн ата кесиби — мүнүшкөрдүктү уланткан. Кийин устакерчиликке ооп, Тогуз-Булактагы уста Шайыкка көөрүкчү болгон. Андан ал өтүкчүлүктү да

үйрөнүп, айылына келип устакана уюштурган. Чоң зергер катары татаал узанууларга отурган. Ага зер жасалгалары менен элечек, такыя үчүн жаак, кыргак жасоо өндүүлөр кирген. Ал кездемеге түшкөн оюм-көчөттөрүнө үндөшүп турган. Токтосундун устачылыгын Дөөтүгө ишенимдүү шекити катары уламыш кылып айтышат. «Токтосундун дүкөнүнө ак боз атчан бирөө келип, узанып отуруптур. Бирөөлөр кирип караса, көздөн кайым болуптур»,— деген сөздөр устанын касиеттүүлүгүн арттырып турат. Улуу зергер Токтосундун артынан үйрөнчүктөр ээрчиди. Алар уулдары: Мамбетаип, Зарына, Базарбай айылдаш көөрүкчүсү Мамбет Адигине уулу. Устанын атасы Эсенаман, чоң атасы Самсалы да чоң усталардан болуптур.

## ЮСУБАЛИЕВА СААДАТ



Уз-сүрөтчү. 1954-ж. Панфилов районундагы Ойрон айылында төрөлгөн. Бишкектеги көркөм окуу жайынын колдонмо-жасалга бөлүмүн бүткөн. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде узданат.

Көпчүлүк чеберлерге кагаз үлгү чийип берген Саадаттын жердиги чийден, териден, кездемеден, таардан, териден турган көркөм үлгүлөрү чакандала жасалат да, андагы ар бир табакчаларына түшкөн көркөм оюм-көчөттөр өзүнчө композициялык түзүлүшкө эгедер болуп, «мүйүз оюмдарын» (кайкалак көчөттөрү), «карга тырмак оюмун» негиз тутат. Ал туштук (текче) түспөлүндө жаралат да, сатууга коюга, белек-бечкекке берүүгө, чет-жакаларга чыгарууга өтүмдүү келет. Автордун «Жайлоо» (чий), «Достук» (кездеме), «Эгиз» (кийиз), «Кыял» (тери) өндүү тематикалуу үлгүлөрү сюжеттүү бир бүтүм ойду туюндурат да, чечмелей алуучу мааниге эгедер. Бул эмгектери мамлекеттик, этнографиялык музейлерге экспонатталган. Анын туштуктары бир нече жолу Франция, Швеция, Монголия, Индия, Алжир, Кытай сыяктуу ири өлкөлөрдө өткөн жайма базарларга катышкан. Саадат көркөм буюмдарына «тор чачыкты», «топ чачыкты», «төкмө чачыкты», «кылыч байлоону» ж. б. түймөнүн түрлөрүн эриш-аркак пайдаланат.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Туштугу үчүн Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Эл чеберлеринин республикалык кароо-сынагы». Териге, таарга түшүргөн көркөм көчөттөрү үчүн «Кыял» көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы.

түргөн. Жасалгалоо иштери боюнча Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун, СССР ЭЧЖКнүн диплом-грамоталарына татыктуу болгон.

## ЭСЕНААЛЫ КЕЛИНИ МАРКАТАЙ

Оймочу. 1914-ж. Чүй районундагы Алчалуу айылында төрөлгөн. Айыл чарба артелинде эсепчи, дүкөнчү болуп иштеген. Узчулукка энеси Сүйүмкан үндөктөгөн. Маркатай 12—13 жашында эле өзүнчө оюм чыгара баштаган. Кийин чебер Чоң-Кара-Кужур кыштоосундагы Лахол айылында туруп калат да, узчулугу бөтөнчө көрүнө баштайт. Азыркы кезде андай чеберчилиги «Маркатай оюму» деген атта тароодо.

Ал мурун чий чырмакта «комуз тили» көчөтүнө «туура мүйүз көчөтүн», «омуртка көчөтүн» негизги каражат катары колдонсо, кийин оймочулук анын узданууу арымын кеңейтет. Ал жараткан шырдактарынан даана баамдалат. Маркатай кийиз буюмдарында «жээк оюму» (четтик оюму) үчүн «бадам оюмун» арбын алып, андан өзүнүн жарым кыял чабыттары ортолук оюму менен тарамдала чыгат. Ал шырдакты, ала кийизди жалпы оюмда берүүгө машыккан. Оюм элементтери такталанбайт, «аламыч» аларды ала чакмактата бөлбөйт. Ортолук оюм менен жээк оюмдарын гана «бычак учу» же «ит куйрук» оюму ажыратып турат. «Маркатай оюмда» үч-төрт табакча буюмдун бир бүтүмүн түзүп, «жээк оюмдары» «бадам оюмдун» элементтеринен жаралган «жарым кыял оюму» өзүнүн жекече чыгармачылык мамилеси болуп кетет. Анын ортолугуна «бармак боочу оюму», «куш канат оюму» чыгып, алардын ортосунда «карга тырмак оюму» бутакталып кеткендей баамдалат. Ошондо буюм «аламычы» «тумарча оюмдан болушу» ойдогудай жарашык ыйгарат. «Маркатай оюму» айылдаштарынан сырткары Жер-Көчкү, Доң-Талаа, Ак-Өлөң, Ак-Кыя сыяктуу журтчулукка кенен таралган. Оюм жаратууда Маркатай болочок оюмду бор менен чиет. Өз кыял чабыттарын кийиз бетине түшүрөт. Бир түрдөгү шырдакты да, түр шырдакты да бирдей деңгээлде кармайт. Кийиз оюмда эки кийизди беттей коюу аркылуу буюмдун төрт бурчунан үзүл-кесил өөн чыгарбай, оюм элементтерин төп, так алып кете алат. Уздун ак өргөөсү ички-сырткы жасалгасы менен 1975-ж. Кыргызстан мамлекеттик сүрөт музейине экспонатталып, ал экинчи ак өргөөнү көтөргөн. Мамбетаалы кызы Калыйбүбү, анын кызы Күлүсүн, Ысак келини Сайраке, Баатыркан келини Батыйма, Ысмайыл келини Сайкал, Көйкөл келини Калыйча өндүүлөр чебердин шакирттери.



### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1966-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 40 жылдыгына карата республикалык ат майданына уздун ак өргөөсү тигилип, ипподромдун диплому менен сыйланган;

1974-ж. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгына карата ат майданында ак өргөөсү тигилип, ипподромдун дипломун алган;

1990-ж. Төкмө ырчы Ысмайыл Борончу уулунун 80 жылдык торколуу тоюна карата «Боз үйлөрдүн кароо-сынагы». Ак өргөөсү үчүн диплом.

## ЭСЕНАМАН УУЛУ ТОКТОСУН
(1860—1934)

Зергер. Тоң районундагы Ашуу кыштоосунда төрөлгөн. Ата-энеден эрте ажырап, инилери абдан жаш болуп, аларды багуу үчүн ата кесиби — мүнүшкөрдүктү уланткан. Кийин устакерчиликке ооп, Тогуз-Булактагы уста Шайыкка көөрүкчү болгон. Андан ал өтүкчүлүктү да

үйрөнүп, айылына келип устакана уюштурган. Чоң зергер катары татаал узанууларга отурган. Ага зер жасалгалары менен элечек, такыя үчүн жаак, кыргак жасоо өндүүлөр кирген. Ал кездемеге түшкөн оюм-көчөттөрүнө үндөшүп турган. Токтосундун устачылыгын Дөөтүгө ишенимдүү шекити катары уламыш кылып айтышат. «Токтосундун дүкөнүнө ак боз атчан бирөө келип, узанып отуруптур. Бирөөлөр кирип караса, көздөн кайым болуптур»,— деген сөздөр устанын касиеттүүлүгүн арттырып турат. Улуу зергер Токтосундун артынан үйрөнчүктөр ээрчиди. Алар уулдары: Мамбетаип, Зарына, Базарбай айылдаш көөрүкчүсү Мамбет Адигине уулу. Устанын атасы Эсенаман, чоң атасы Самсалы да чоң усталардан болуптур.

## ЮСУБАЛИЕВА СААДАТ

Уз-сүрөтчү. 1954-ж. Панфилов районундагы Ойрон айылында төрөлгөн. Бишкектеги көркөм окуу жайынын колдонмо-жасалга бөлүмүн бүткөн. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинде узданат.

Көпчүлүк чеберлерге кагаз үлгү чийип берген Саадаттын жердиги чийден, териден, кездемеден, таардан, териден турган көркөм үлгүлөрү чакандала жасалат да, андагы ар бир табакчаларына түшкөн көркөм оюм-көчөттөр өзүнчө композициялык түзүлүшкө эгедер болуп, «мүйүз оюмдарын» (кайкалак көчөттөрү), «карга тырмак оюмун» негиз тутат. Ал туштук (текче) түспөлүндө жаралат да, сатууга коюга, белек-бечкекке берүүгө, чет-жакаларга чыгарууга өтүмдүү келет. Автордун «Жайлоо» (чий), «Достук» (кездеме), «Эгиз» (кийиз), «Кыял» (тери) өңдүү тематикалуу үлгүлөрү сюжеттүү бир бүтүм ойду туюндурат да, чечмелей алуучу мааниге эгедер. Бул эмгектери мамлекеттик, этнографиялык музейлерге экспонатталган. Анын туштуктары бир нече жолу Франция, Швеция, Монголия, Индия, Алжир, Кытай сыяктуу ири өлкөлөрдө өткөн жайма базарларга катышкан. Саадат көркөм буюмдарына «тор чачыкты», «топ чачыкты», «төкмө чачыкты», «кылыч байлоону» ж. б. түймөнүн түрлөрүн эриш-аркак пайдаланат.

### Катышкан көргөзмөлөрү, кароо-сынактары жана алган сыйлыктары

1982-ж. СССРдин 60 жылдыгына карата «Кол өнөрчүлөрдүн республикалык I кароо-сынагы». Туштугу үчүн Кыргызстан КП БКнын жана



Кыргыз ССР Министрлер Советинин Грамотасы;

1987-ж. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдыгына карата «Эл чеберлеринин республикалык кароо-сынагы». Териге, таарга түшүргөн көркөм көчөттөрү үчүн «Кыял» көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Ардак грамотасы.

## АНТОЛОГИЯГА КИРГЕН УЗ-УСТАЛАР

Аалыбай уулу Бешкүрөң
Абакирова Рабия
Абдирашитов Темиркан
Абдуллаева Арзыкан
Абдыбекова Рабия
Абдыгазы келини Апал
Абдыкеримова Мусират
Абдылдабекова Анипа Нияз кызы
Абдылдаева Татты (Каныбүбү)
Абдымаликова Татты
Абдыракман кызы Бурул
Абдыракман уулу Нурак
Абиков Жакеш
Абылбекова Гүлжан
Абылгазиева Бурул
Абышов Мусажан
Агыбаева Күлүйпа
Адигине уулу Мамбет
Адылова Ажар
Ажыбай уулу Акы
Азаматов Төлөгөн (Калдыбек)
Айдар келини Суксур
Айдыралиев Сагынбек
Айжигитова Тажы
Айтымбет уста
Акмат уулу Жумагазы
Акмат келини Батый
Акматова Нуруйса
Акымбеков Жаңыбай Усуп уулу
Аламанова Ишен
Аламанова Шаарба
Алаңкөз уулу Ысмайыл
Алдаярбек уулу Айсыракун
Алиева Гүлжан Садык кызы
Алиева Сайра
Алиев Орозбек
Алиева Калбүбү Садык кызы
Алымбай кызы Сейдеке
Алымбекова Жаңыл
Алымбеков Умарбек
Алымкулов Абилмажин
Алымкулов Асанбек
Аманова Чукун
Амантаев Тургунбай
Андаш уулу Сары
Апышова Жамал
Апышов Рыспай
Аралбаева Жеңилдик
Арпачы келини Сакиш
Арстанбекова Мистекан
Асаналиев Алмаз
Асанбаев Абдыкадыр
Асанбай келини Батый Кулатай кызы
Асанбай уулу Жумаш
Асанбекова Алымкан
Асанбекова Зулета Акылбек кызы
Асанбекова Калыйча Балбай кызы
Асанова Карачач
Асанова Нурганыш
Ашыраалы келини Касия
Ашырбаева Рабия
Ашыр келини Макмурат
Ашыров Абдыбали
Ашырова Сайракүл
Байбөрү келини Бурушбүбү
Байбөрү Шайдылда уулу

Байгабыл кызы Жумабүбү
Баймоңолова Абысайнап
Байсал уулу Назар
Байтөлөн келини Дүйшөн
Бакенеев Дөөлөтша
Балбаева Мистекан
Балзаева Латыйпа
Балиева Батма
Балтабаева Эмил
Балтабай уулу Айдыраалы
Барктабас келини Шарипа
Бегалиева Салкын
Бегалиев Орозбек
Бейшекеев Асанбек
Бейшембиев Кулжанбек
Бейшеналиева Зууракан
Бекбоева Алый
Бекешов Асек
Бекешов Кубанычбек Асек уулу
Беккелдиев Бекмамбет
Беков Көчөрбай
Бексултанов Алыбай
Бектенов Турдубек Кадыр уулу
Бектурганов Кочкор
Бердалиев Дайыр Акимаалы уулу
Бердибаева Сабырбүбү
Бердибай кызы Жеңиш
Бердибай уулу Мамыр
Бердибай уулу Ыктымал
Бийлибаев Кайнарбек Шеримкул уулу
Бирназаров Сагынбек
Болотов Кылычбек
Борбук келини Мисирбүбү
Борбуков Эрмек
Боромбаева Асылбү
Бостериева Орозокан Арзыкул кызы
Боталиева Сатымбүбү
Бөрүбаева Токуш
Букардинов Нуфтидин
Буудайчиева Разия
Быжыева Эркин
Гапарова Изат
Гапарова Саадат
Дайырбеков Шамил Асан уулу
Дейди уулу Абдыкул
Дербишалиев Уланбек
Деркембай уулу Алым
Доoронбеков Жакшылык
Досбаева Суусар
Дөөлөталиева Бакбү
Дөөлөталиев Чотый
Дөөлөтбак уулу Садык
Дөөтова Алтынай
Думанаева Кермекаш
Дунганова Гүлжамал
Дуңганова Бурул
Дүйшөева Бурулкан
Дүйшөкеев Дөөткул
Дыйканбаева Хамида
Жакып келини Бурайма
Жакып келини Дуса
Жакыпова Жумагүл
Жаманкулов Абдымомун
Жамансариева Акылжан Сапарбек кызы
Жамансарт келини Батма
Жаныбеков Мырзабек
Жаңыбаева Күлбүбү
Жапарова Макен
Жапарова Эрке
Жекенбаев Рахман
Жолдошова Сабира
Жолчуева Сабыке
Жоробекова Айкан
Жумабекова Коён
Жумагулова Эркебү Карыпбек кызы
Жумалиева Алма
Жумалиева Асылкүл
Жумалиева Кымкаш
Жумалиева Шырбүбү
Жунушбаев Мадис
Жусубалиева Зуура
Жылкычыманов Асанакун
Зеретбеков Чолпонбай
Ибраева Салиман
Ибраимов Алмаз Токтогул уулу
Ибраимов Эркин Токтогул уулу
Ибраимов Токтогул
Илиязова Ибадат
Иманалиева Жумакан
Исаев Болотбек
Исакова Алмадай (Алмагүл)
Исакова Күлүйпа
Исаков Аман
Исаков Койчуке
Исаков Шайдылда
Исмаил уулу Токтосун
Исмаилов Сапар Токтосун уулу
Исмаилова Сайра
Исраилов Исламбек Садык уулу
Исраил уулу Садык
Исраил уулу Сыдык
Исраилова Елиза
Итикеев Эсенбек
Ишенова Асия
Кадралиев Садыбакас
Кадралиева Гүлбайра
Кадыр кызы Жумабүбү
Казакова Бейшекан
Казаболотова Дамира Асек кызы
Кайбылдаев Асан
Кайыпова Жумабүбү Баялы кызы
Какишева Бурулча
Какыбаева Рабия
Калкабай кызы Толгонай

Калканова Асел
Калык уулу Эшенкул
Канташ уулу Капар
Каныметов Бешкүрөң
Канымет уулу Аалы
Капсалаң келини Изаат
Карабаев Таалайбек Кочкөнбай уулу
Каракойчу уулу Торутай
Карачова Батый Байгабыл кызы
Кариева Умсун
Карымбаева Гүлай
Касымаалы келини Батый
Касымалиева Аймончок
Касымалиева Ольга Акимаалы кызы
Касымалиева Токтожамал
Кебек уста
Кебекчи уулу Онкен
Кекеч уста
Кенжеев Токтокадыр
Кенчинбаев Орозобай
Керимбаева Бакиш
Керимканова Гүлайым
Кермакунов Бекбо
Койчиева Жүзүмкан
Койчуева Рабия
Койчуев Жамалдин
Коңкайтиева Дарыйка
Кочкорова Раш
Кочкоров Календер
Кошалиева Тотуя
Көбөнова Жийдегүл
Көпөева Рыскан
Көпөев Азиз
Көпө уулу Асан
Кубатбекова Алтынай
Кубатова Айша
Кудайбергенов Булан
Кудайбергенова Зарыл
Кудаяр уста
Куланбаева Урпай
Кулболдиев Мукамбет
Кулжабай кызы Маржанбүбү
Кулматов Канай
Кулуке уста
Кулназарова Бакбүбү
Куралова Марапат
Курманкул уулу Бейшенаалы
Курман уулу Керимберди (Сары уста)
Кускакбаева Майраш
Кускабай уулу Байгазы
Күлбек уста
Күмүшбек кызы Алтын
Күсөнбек уулу Шайбыр
Кыдыралиева Жибек
Кыдыралиев Казак
Кыдырмышева Гүлнара
Кыдырова Турсун
Кызгараев Кошалы
Кызгара уулу Бердаалы
Макеев Садырбек
Макей уулу Токтогул
Маленкулов Абакир Слан уулу
Мамадалимова Анара
Мамбетаип кызы Шакен
Мамбеталиева Калыйбүбү
Мамбеталиева Нуруйла
Мамбетов Асанакун
Мамбетов Момбек
Мамбетов Таалайбек
Мамыров Ишеке
Мамытова Айым
Матанова Оңол
Матан уулу Маамыт
Медетбай уулу Дүйшөнбай
Мейманалиев Ыйманбек (Казакбай)
Мойдунов Тургун
Мокеев Ишен
Моке уулу Молдожан
Молдакмат кызы Азима (Касымбаева Азима)
Молдокабыл келини Ырысбүбү
Молдокабыл уулу Абдыжапар
Момунбаев Сүйүнаалы
Момушев Аскар
Моңолдоров Шейшенбек Кебек уулу
Моңош уулу Абыкай
Муканова Кашымкан Самат кызы
Муратаалы уулу Камердин
Мураталиев Толтой
Муратова Касиет
Мусаева Нурбүбү
Муса уулу Дүйшөкө
Муслимова Зайнап
Муслимова Сейнегүл
Мырзакматова Анаркан
Мырзакматова Марифат
Мырзакул келини Айкан
Намазалиева Жийдегүл
Нарынбай уулу Кашкар
Нишанов Анарбай
Ниязалиева Анар
Ниязов Болот
Ногойбаева Алтынай
Нурмат уста
Оморова Дарыка
Ормонканова Сыргабүбү
Орозаалы уулу Ысмайыл
Орозалиев Марат Жумакадыр уулу.
Орозмамбетова Майрамбүбү
Орунтай уулу Шарше
Осей уулу Сыланбай
Осмоналиева Айгүл Сарыгул кызы
Осмоналиева Перизат
Осмоналиева Сылый
Осмоналиев Мекенбек

Осмонкулов Сагыналы
Осмонова Сайнабүбү Керим кызы
Осмонова Созулкан
Осмонов Илияс
Осмонов Малик
Осмон уста
Оттукташ уулу Балташ
Оттукташ уулу Санташ
Оттукташ уулу Шамшидин
Оттукташ уста
Өмүраалы уулу Макый (Ысмайыл)
Өмүралиева Анипа
Өмүрзак келини Зарыл
Өмүрзакова Мөөркан
Өмүрзак уулу Мажит
Өмүрканова Айнакан
Өмүрканова Айымбүбү
Өмүрова Бүбүжамал
Өмүр уулу Мамбетаалы
Өтөм кызы Анар
Ракматылдаев Абдыгалый
Рахманбердиев Жалал
Рысалиева Кадича
Рысалиев Өкөнаалы
Рыскулов Табел
Рыспеков Сүйүндүк
Сабирдинов Айылчы
Садыбакасова Ажар
Салбай оймочу
Салыбаева Жекенай
Саманканова Сабырбүбү
Сардарова Айнагүл
Сариева Калыйча
Сарногоев Сатар
Сартов Жанузак
Сарыбаева Бейшекан
Сарыбай уулу Үркүмбай
Сатыбеков Таалайбек
Сейдеев Бакай
Сейит уулу Канымет
Сейталиева Күлүшары
Сокубаш уулу Сейитказы
Солтонкулова Шамши
Соронбаева Сонунбүбү
Сооронкулова Фатима
Сопубекова Дүйшөкан Асанбек кызы
Сопубекова Кенжеш
Субанаалы кызы Алымкан
Субанкулова Күлжамийла
Сукаева Жүзүмкан
Султаналиева Калдыке
Султанова Жамал
Сыдыгаалы уулу Жунуш
Сыдык келини Калыйча
Сырдыбаева Гүлбайрам
Тажиева Сагынбүбү
Тайчик уулу Көпөс
Таманбаева Кабийра
Тапаева Гүлай
Ташиев Жумагул Мааткaзы уулу
Ташматов Кадыр
Таштан уста
Тезекбаева Мунар
Тезеков Тилек
Телтаев Карыпбек Сыдыгаалы уулу
Тентимиш уулу Акир
Тилебалдиев Нураалы
Тилегенова Бүбүталип
Тилекмат келини Рапика
Тойтук уулу Молдокалый
Тойчинов Казак
Токомбаева Батмакан
Токтоболот уулу Токтобай
Токтогул Сатылган уулу
Токтогул уулу Бабажан
Токтомат уста
Токтомат уулу Байда
Токтосунов Самаган
Токтосун уулу Базарбай
Токтосун уулу Зарына
Төлубай кызы Шааркан
Торутаев Анарбек
Тургуналиева Турааргүл
Тургунбаев Калыгул
Турдубай уулу Кызгара
Турдуке келини Милия
Түлөкабылова Жаңылкан
Урмамбетов Үсөн
Усубалиева Турдукан
Усупбеков Талипбек
Усуп кызы Айым
Усупова Алыйман
Үмөтаалиева Дилде
Үмөөтаалы келини Аныйпа
Үркүнбаева Калбү
Үрүстөмова Лахия
Үрүстөм уулу Адыш
Үрүстөм уулу Саит
Үсөнова Заары
Чаарова Мойдумкан
Чаланов Ишен
Чалбаева Батина Жамалбек кызы
Чекирова Гүлбайрам
Чокоева Бурул
Чолпонбаев Эргеш
Чотонов Абдыракман
Чөлөкө уулу Момунбай
Чыныбек кызы Телегей
Шабданбай кызы Бытыкан
Шайылдаев Кубанычбек
Шайымов Оболбек Капар уулу
Шакирова Гүлжамила
Шаматов Абдыганы
Шаршеев Элчибек

Шаршеева Сакин
Шаршембаев Жылкычы
Шермат уулу Мурза
Шопок кызы Бөпө келини Тилен
Ыбраим уулу Назар
Ыйманалы уулу Абыш
Ыйманкулова Тилебалды
Ыйманкул уулу Чалагыз (Чалагыз Иманкулов)
Ысакан келини Мария
Ысман уулу Бакир
Эгембердиева Токтобүбү
Эгимбаев Темиркан
Эргеш келини Умсунай
Эргешов Таласбек
Эркинбай уулу Ороз
Эрматова Кундуз
Эрназаров Имербек
Эсенаалы келини Маркатай
Эсенаман уулу Токтосун
Юсубалиева Саадат

Бул китепке фотосүрөтчү *Мамадалиев Эркинбектин* слайддары, фотограф *Шыгаев Абдымалынын* жана *автордун өзүнүн* фотосүрөттөрү пайдаланылды.

## ТИРКЕМЕ

### «МАНАС» ЭПОСУНУН 1000 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА ТИГИЛГЕН ОРДО БОЗ ҮЙЛӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫ ЖАСООГО КАТЫШКАН УЗ-УСТАЛАР

**Манастын 12 канат кан ордосу** (Таластагы Манас ордосу).

Бул 12 канат ак өргөөнүн айланасы 32—35 *м*, бийиктиги 6 *м*. Уугунун узундугу 5 *м*, бир кереге жазылганда 1,8 *м*, эриши 1,5 *м*. Түндүгүнүн диаметри 2,2 *м* (алкагы 6,6 *м*). Үйдүн сөөгүн (жыгачын) жыгаччы уста Рыскулов Табел жасаган (Т. Рыскулов жана ал жасаган 12 канат ак өргөө жөнүндө негизги текстте өзүнчө макала бар).

Кан ордонун чок ортосуна кан тактысы коюлган. Ага булгаары капталып, чеке-белдери түстүү металлдар м-н чегелене шөкөттөлгөн. Анын артына арстандын сүрөтү түшүрүлгөн калкан илинген. Үйдүн эпче-ыпча тарабына эки туш кийиз тартылган. Ага улай Манас баатырдын курал-жарактарынын, жоо кийимдеринин, ат жабдыктарынын үлгүлөрү жайгаштырылган. Төрдөгү ала баканга асем буюмдар илинген. Эшиктен төрдөгү кан тактыга дейре узун жолдомо шырдак жатат. Үйгө чулгана салынган шырдактарга караганда ал түшүрүлгөн оюм-чийими боюнча айырмаланат. Шырдактарга көрпө көлдөлөңдөр төшөлгөн. Үйдүн сырткы көрүнүшүндө кылдырооч өзгөчөлөнүп турат. Ал башкы, ортоңку, аякы кылдырооч болуп бөлүнөт. Ага ак-кара өңдө терме таар түрүндөгү көркөм көчөттөр түшүрүлгөн. Булардагы түр айкалыштары бип-бирдей болуп, биринин коздугун бири толуктап турат. Үйдүн кырчоосу ак-кара кылдан эшилген. Өргөөнүн жабык башы, тегиричи, канат чийи, эшик чийи, таар боо-чуулары бир ыргакта көк-кызыл түстө берилип, топ чачыктары, тор чачыктары, кылыч байлоолору жалаң кызыл түстө чалынган. Үйдүн өрөө кийизи Токмок шаарындагы жүн ийрүү жана кийиз уютуу фабрикасында даярдалган. Кан ордонун демилгечи-уюштуруучулары: **ЧЫНАЕВ** Жеңишбек — «Манас ордосунун» генералдык директору, **БАКИРОВ** Сүйөркул — «Манас ордосунун» генералдык директорунун биринчи орун басары, **ОТОРБАЕВ** Төрөбек — «Манас ордосунун» башкы адиси, **АКМАТАЛИЕВ** Амантур — илимий-көркөм кеңешчиси.

**Кан ордону жасоодо негизги буюм-тайымдарына узданган уздар.**

**АЛЫБАЕВА** Гүлшайыр — өрмөкчү. 1941-ж. Талас районундагы Чат-Базар айылында төрөлгөн. Азыр Талас районундагы Кара-Ой айылында жашайт. Орто билимдүү. Кыргыз жергесиндеги чыгаан уздардын катарында турат. Ал Талас өрөөнүндө уюшулган «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин бөлүм-филиалындагы алгачкы чеберлердин бири. Өрмөк согууда кара термеге көркөм көчөттүн көпчүлүк түрүн түшүрүүгө машыккан чыгаан уз. Чебердин табакчаланта алып, «омуртка көчөтүн», «мүйүз көчөтүн», «кош мүйүз көчөтүн», «сыңар мүйүз көчөтүн» айкалыштыра алып соккон таар буюмдары кезегинде көркөм көргөзмөлөргө коюлган, жайма базарларга чыккан, кароо-сынактарга катышкан, сыйлыктарга ээ болгон. Борбордук мезгилдүү басма сөздөргө дейре даңазаланган. Гүлшайыр кан ордонун терме таар жасалгаларын бүтүндөй бир колдон чыгарган. «Чычкан изин» актан алып, көк-кызылдан ортолук көчөтүн эндүүлүктө соккон тегиричи, кылдыроочу (5,0 *см*), терме боо-чуулары (эндүүлүгү 2,0 *см*) үйдүн көлөмүнө чакталган. Кан ордонун таар жасалгаларынын түймөлөрүн — «тор чачыкты», «топ чачыкты», «кылыч байлоону» жүзөгө ашырган. Анын үйрөнчүктөр мектебинен келин-кыздары Асыл, Замира, Назира эндүүлөр узчулуктун учугун саптоодо.

**ИБРАЙМОВА** Асыл — чырмакчы. 1936-ж. Талас районундагы Арал айылында төрөлгөн. Бүтпөгөн орто билимдүү. Чий буюмдарына таандык көркөм көчөттөрдү түшүрүп, кан

ордону көтөрүүдө эшик чийине узданган. Мында «мүйүз оюмун» көркөм көчөт кылып, төрт көчөттү бири бирине шартташтыруу менен бир гана көк кызыл түстөрдү айкалыштырган. Сары, ак түстөр «аламончоктолуп», буюмдун жүзүн ачып, салттуулукту көрсөтөт. Асылдын жеке өзү узданган ак өргөөсү «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине карата уюштурулган боз үйлөрдүн республикалык кароо-сынагында биринчи байгеге татыган.

**ИСАЕВА** Арзаркүл — чырмакчы. 1941-ж. Талас районундагы Чоң-Алыш (Ак-Сай) айылында төрөлгөн. Бүтпөгөн орто билимдүү. Азыр Талас районундагы Кара-Ой айылында жашайт. Баатыр эне. Ал көбүнчө «омуртка оюму» менен «кочкор мүйүз оюмуна» кызыл-көк түстү тандайт да, «ала мончогуна» ак менен көк түстү алат. Ал Манастын ордо үйүн жасалгалоого катышып, бийиктиги 1,7 метр, узундугу 31 метр канат чийди чырмаган. Анын аяк-башына кара өңдөн ийрек түшүргөн. Арзаркүлдүн кыз-келиндери Күлнара, Нуркүл эне таалиминде уз аталышууда.

**ТЫНАЙ КЫЗЫ** Кыйбат Сулайман келини — оймочу. 1934-ж. Талас районундагы Көк-Ой айылында төрөлгөн. Талас районундагы Үч-Эмчек айылында жашайт. Бүтпөгөн орто билимдүү. Ал Манастын кан ордосунун жабык башын жасоого катышкан. Буюмдун жердиги кийизден келип (өлчөмү (2,0×8,0 *м*), табакчаланып, ортолук оюму жалпы оюм түрүндө берилген. Ал жээк оюму менен мүйүз оюмунан турган «аламыч» аркылуу бөлүнүп турат.

**ОТОРБАЕВА** Зулайка Сулайман келини — оймочу. 1944-ж. Талас районундагы Кеңеш айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Талас шаарында жашайт. «Манас—1000ге», карата Манастын кан ордосунун жабык башынын (өлчөмү 2,0×8,0 *м*) үлгүсүн чийип, жасоого катышкан. Кийизи табакчаланып, «ортолук оюму» жалпы оюм түрүндө берилип, ал «жээк оюм» менен «мүйүз оюмдан» турган «аламыч» аркылуу бөлүнүп турат. Жабык башты жасоодо улуу абысыны Тынай кызы Кыйбат менен өнөктөш узданган.

**ТУРДУГУЛОВА** Оңол — саймачы. 1944-ж. Талас районундагы Үч-Эмчек айылында төрөлгөн. Талас шаарында жашайт. Орто билимдүү. Манастын кан ордосуна туш кийиз сайып катышкан. Мында жүрөкчөлөнгөн табакчалардын ичинен «куш оюмун» көркөм көчөт катары көрсөтүп, жалпысынан жээк көчөттөрү жарым кыялдана элестеп, буюмда кызыл, сары, ак түстөр бири-бири менен сырдуу айкалышат.

**ЖУМАЛИЕВА** Токтобүбү Субанкул кызы — саймачы. 1958-ж. Талас районундагы Кара-Ой айылында төрөлгөн. Орто билимдүү. Азыр Талас шаарында мугалим болуп иштейт. Анын нускоочусу — энеси Асылкүл. Ал Борбордук Көркөм эксперимент лабораториясында 1978—80-жылдары үлгү жаратуучу болуп узданган. Токтобүбү саймачылыктан тышкары өрмөкчүлүктү, чырмакчылыкты, тор чачык чалууну, чаян түйүштү мыкты өздөштүргөн. «Манас—1000ге» карата 12 канат кан ордосуна аянттуу туш кийиз (3×5,5 *м*) саюу менен катышкан. Андагы көркөм көчөттөрдүн көпчүлүгүн эски туш кийиздерден өз ара катыштыра алган. Мында эки капкалдырык бар. Көбүнчө «мүйүз оюмунун», «кыял оюмунун», «жүрөкчө оюмунун» элементтери басымдуу алынып, көк, мала өңдөр алдыңкы планга чыгуу менен живописттик маанай тартуулайт.

Кан ордонун ички буюмдарына (шырдак, көлдөлөң, жер төшөк ж. б.) биргелешип узданган:

**БЕЙШЕБАЕВА** Айша — уз. 1922-ж. Талас районундагы Шумкар-Уя айылында төрөлгөн. Талас шаарында жашайт.

**АЛАПАЕВА** Уултай — уз. 1928-ж. Талас районундагы Талды-Булак айылында төрөлгөн. Талас шаарында жашайт.

**МОЛДОЯРОВА** Калтар — уз. 1933-ж. Талас районундагы Сүттүү-Булак айылында төрөлгөн. Талас районундагы Манас айылында жашайт.

**КАСЫМБЕКОВА** Уулбүбү — уз. 1934-ж. Талас районундагы Чат-Базар айылында төрөлгөн. Манас айылында жашайт.

**МЫРЗАЛИЕВА** Кымбат — уз. 1940-ж. Талас районундагы Ак-Сай айылында төрөлгөн. Ушул айылда жашайт.

**ДҮЙШӨНАЛИЕВА** Кайнар — уз. 1928-ж. Талас районундагы Кырк-Казык айылында төрөлгөн. Манас айылында жашайт.

**ЭРКИНБАЕВА** Сананбүбү — уз. 1924-ж. Талас районундагы Үч-Эмчек айылында төрөлгөн. Ушул айылда жашайт.

**АШЫРОВА** Сайракан — уз. 1924-ж. Талас районундагы Чычырканак айылында төрөлгөн. Манас айылында жашайт.

**САТЫБАЛДИЕВА** Маанаш — уз. 1934-ж. Талас районундагы Манас айылында төрөлгөн. Талас шаарында жашайт.

**МЕДЕРОВА** Камыйла — уз. 1941-ж. Бала-Чычкан айылында төрөлгөн.

**Үч бөйрөктүү ак өргөө (Бишкек).**

Бул үй «Манас—1000» маарекесинин ачылышына карата Бишкектеги «Манас айылына» тигилген. Көркөм кол өнөрчүлүктүн нукура мурастык үлгүсүн сактаган 120 баштуу боз үй. Үйдүн автору жана демилгечиси Кыргыз Республикасынын эл артисти, маданиятка эмгек сиңирген кызматкер **БОРБИЕВ** Нуртай, илимий-көркөм кеңешчиси **АКМАТАЛИЕВ**

Амантур. Жыгачына **ЗЕРЕТБЕКОВ** Чолпонбай узанган (анын бул боз үйдү жасоодогу устачылыгы жана үйдүн жыгачынын өлчөмдөрү жөнүндө негизги текстте өзүнчө макала бар). Бул үй «Манастын кан ордосу» деп аталуучу ортодогу көлөмдүү ордо үйдөн, ага кынаптала тигилип, ордо үйдүн оң, сол ыпталарынан кирүүчү өргөө үйлөрүнөн турат. Ордо үйүнүн диаметри 9 метрден ашык, 4 канат. Уугунун узундугу 4 метр. Ага кан тактысы коюлган. Алдына тегерек шырдак салынып, төшөлгөн жер төшөк, көлдөлөңдөрдүн үстүнө үй мүйүз тартып адамдар отурууга шартташкан. Манас жоролору, чоролору жана аксакалдар менен маасылат куруучу элести тартуулайт. Ордо үйдүн оң ыптасынан Манастын өргөсүнө кирет. Мында баатырдын жоо кийимдери, курал-жарактары, ат жабдыктары илинген. Кан ордонун экинчи ыптасынан кирүүчү үй «Каныкейдин ак өргөсү» деп аталат. Бул этнографиялык жактан бай жасалгаланган. Төргө жүк жыйылып, төр ала баканга кыз-келиндердин асем буюмдары, кийим-кечектери илинген. Көшөгө тартылып, бешик коюлган. Текче, күзгү кап ж. б. буюм-тайымдар кереге баштарына илинген. Шырдак, ала кийиз, килем, шалча, жер төшөк, көлдөлөң өргөөнүн жүзүн ачат. Ордо үйүнүн үчүнчү ыптасы аш үйүнөн турат. Анда ашканага таандык буюм-тайымдар, идиш-аяктар орун алган да, шартуулукта стол, отургучтар коюлган.

Кан ордодон көк асаба, кызыл туу чыгып, мандайына арстандын сүрөтү түшүрүлгөн калкан илинген. Бул төрт үйдүн ички-сырткы көркөм жасалгалары ала-телек көрүнбөй, жыйнактуу тигилип, бир үндөштүктү билдирет. Үч бөйрөктүү ак өргөөнү көтөрүүгө усталар: **ЫСМАЙЫЛОВ** Токон, **ДООРОНОВ** Бектур, **КАРАБАЕВ** Эркинбек; уздар: **СЫДЫКОВА** Жеңишкүл, **ЫСМАЙЫЛОВА** Бурмакан, **ЖУМАШЕВА** Абат жана башкалар жандуу аракеттенишкен.

**Үч кабат кан ордо** (Таласка тигилген). Бул ак сарай деп да аталат. Манасчы Сагымбай Орозбак уулунун айтымындагы кош кабат боз үйдүн болгону эске алынган (Автору **ЖУСУП-АКМАТОВ** Лютфилла, архитектору **АЛИЕВ** Жумабай). Үч кабат үй жалпысынан 75 курамдан туруп, 100 кубдан ашык жыгач чыгымдалган. Мунун биринчи кабатында 18, экинчи кабатында 8 түркүк болуп, 18 түркүккө 18 аалам символдоштурулуп батырылган. Алардын ар бири ар кыл дүйнө таанууну камтыган. Мында «Манас» эпосундагы жомоктук окуялар сүрөт өнөрү аркылуу берилген иллюстрацияларга бай. Төтөн экинчи кабатта элдик кол өнөрчүлүк менен бүткөрүлгөн буюм-тайымдар менен кошо мифтик сүрөттөөлөр (ажыдаар, жылан, арстан, жолборс ж. б. жырткыч жан-жаныбарлардын сөлөкөттөрү) арбын кездешет. Үй жыгачтарынын дээрлик жарым-жартылайы темирден турат. Кардон кагаздан адамдардын бедиздери жасалган. Үчүнчү кабаттагы боз үй томогодой келип, жыйнактуу тигилген. Ага көркөм буюмдар арбын коюлган. Көк асаба илинген.

Акматалиев Амантур
**КЫРГЫЗДЫН УЗ-УСТАЛАРЫ**
Антология
Главная редакция Кыргызской Энциклопедии
На кыргызском языке
Редактору *Ы. Кадыров*
Сүрөтчүлөрү *Д. Чочунбаева, Г. В. Половникова*
Сүрөт редактору *У. Осмоев*
Техникалык редактору *Ж. Жолдошева*

ИБ № 100

Терүүгө 02.10.95 ж. берилди. Басууга 08.10.96-ж. кол коюлду. Форматы $70\times90^1/_{16}$. Текст Тип Таймс ариби менен терилди. Офсет кагазына офсет басма менен басылды. Көлөмү 15 накта басма табак 2 басма табак ак-кара, 1 басма табак түстүү баттама. 23,82 эсептик басма табак. Нускасы 3000. Заказ № 2070. Баасы келишим менен.

Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы
720040, Бишкек шаары, Эркиндик проспектиси, 56-үй.

Кыргызполиграфкомбинаты
720461, Бишкек, Т. Суванбердиев көчөсү, 102-үй.